
Стар
Б 72

КАМБАРАЛЫ БОБУЛОВ

ТАНДАЛГАН
ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН
ҮЧ ТОМДУК ЖЫЙНАГЫ

II



кр Скарт Б 72

Камбаралы Бобулов

ТАНДАЛГАН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ҮЧ ТОМДУК ЖЫЙНАГЫ

Экинчи том

Повесттер, жол очерки, эссе

ИНФОРМАЦИОННО-КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 471654

Бишкек
«Полиграф-ресурс»
2011

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Б 72

Б 72 Бобулов Камбаралы.
Тандалган чыгармаларынын үч томдук жыйнагы. Экинчи том: Повесттер, жол очерки, эссе: (Түз. ж-а басууга даярдаган Алакан Садык. Баш сөзүн жазган Эркебаев Абдыганы). – Б.: «Полиграф-ресурс», 2011. – 320 б.

ISBN 979-9967-446-15-1

Таанымал окмуштуу, атактуу сынчы, айтылуу акын жана прозачы, белгилүү коомдук ишмер Камбаралы Бобулов көркөм чыгармчылыктын көп түрүндө мээнет эти. Көйкашка таланттын туулган күнүн 75 жылдыгына карата атпай журтка тартууланып жаткан тандалган чыгармаларынын үч томдук жыйнагынын экинчи томуна калемгердин повесттери менен жол очерки жана эссеси топтоштурулду.

Б 4702300100-11

ISBN 979-9967-446-15-1

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
© Бобулов К., 2011.

АРМАНДУУ БИЗДИН БАЛАЛЫК

(Повесть)

КУСАЛЫК

Азыр ойлосом бул окуя согуштун үчүнчү жылынын жайында болгон экен...

Апамдын Аралдагы бир тууган сиңдиси Калбү таежем капыстан кечке жуук коргонго колуна жолдогу иттерден коргонуш үчүн арыктын боюнан жулуи алган тал таякты сүйрөп кирип келгенде эле жүрөгүм бир жаман ишти сезгендей шуу дей түшкөн... Үйдө апам да, атам да жок эле... Таежем аны сурап, муну сурап сырттагы чарпаяда отурду. Кечинде атам, апамдар келгенде, эсен-соолукту сурашкандан кийин, көз жашын төгүп арыз-муңун айта баштады: үйдө сотоюп жалгыз калдым, өзүмдүн колум тамекиден түк бошобойт, балдарым кайда экенин өзүңөр билесиңер эң чоңу Кушбак согушта, андан кичүүсү Кызыл-Кыядагы ФЗОнун окуусунда, чалы тиги жердин түбүндөгү Там- Кумда, (колхоздун күздүк буудай айдаган эгин адыры) чийне менен буудайдын жыйналган боолорун кырманга ташып жүрөт, эчкилеримди карай турган элгенчим жок айлам түгөндү дегенде эле мен эмне үчүн таяжемди көргөндө жүрөгүм болк дей түшкөнүн билдим да, анын сөзүн жактырбаган түрүмдү билгизип, башымды түк көтөрбөй, кабагымды карыш кылып, чурмуюп отурдум.

– Кенжеңди бир ай мага берип тургула, – деп келгендеги негизги максатын жашырбай ортого салды да, менин ыйлап жиберчүдөй кебетемди көрүп, таежем жойпуланып, алдап кирди: – сен бала дулдуйба, барсаң кыркырда эчки багып, ойноп жүрөсүң... Жегениң каймак менен куймак болот. Бөлөңдүн бир торбо чүкөлөрү бар, баарын сага берем...

– Баары бир барбайм, барбайм,– деп чатак салдым. Таежем Аралын канчалык апыртып мактаса да, бейтааныш жерге барууга такыр көңүлүм чаппады. Ал жерлик чоочун

балдар менен кантип тил таап, кантип кыл келем деп ойлодум. Менин кабагым бүркөлүп, ыйлап жиберчүдөй түрүмдү баамдашыппы, же өздөрү да отун-суу алып, майда оокат-тиричилигин өткөрүп турган менден ажыроону каалашпадыбы, ким билсин, билбейм, атам да, апам да жер карашып, жок же бар деп так жооп беришпей, унчугушпай отурганы мага жагып чырагыма май тамызып турду.

– Жезде эмне унчукпайсың, башыңызды төмөн салып? – Таежем ызалангандай түр менен алгач атама кайрылды. Атам апама адатынча жалт-жалт карап койду. Анысы, байбиче сен эмне үчүн унчукпайсың, айтпайсыңбы өз дартыңды дегени эле. Бир тууган эмеспи апам түрү сиңдисин да кыялбай же мени барсын дешке батынбай, ичинен чайналып, эки аңжы болуп отурду.

– Бала өзүбүзгө да куп зарыл болуп атат. Биздин ооматты өткөргөн, караганыбыз ушул болуп калды, Калбү. Жездендин абалын өзүң көрүп отурасың, бир күн оору, бир күн соо. Эжең өзүңдөй колхоздун ишинде. Алан Отуз-Адырда, Жанатжан трактордун курсунда. Кызыл уйду ким жетелейт,– деп кыжырданган үн менен сөзүн аяктады.

Калбү таежем ийменгенди жыйыштырып коюп, жаны ачышып кеттиби, атама атырылып сүйлөдү:

– Жезде кудайга карап сүйлөбөйсүзбү? Кудайга шүгүр элесиңер, мендей жалгыз бой эмессиңер. Кызыл уйду карай турган Сиз бар. Гүлмат жанымда болсо, мен силерге ушинтип күнүм түшүп, мукурап келбейт элем,– деп, көйнөгүнүн жеңи учу менен көз жашын бир-эки сыйра сүртүп, кайра сөзүн улантты. – Силердин эле балдарыңар азиз, а меники болсо ылайдан жаралган. Ал шордуулар жашынан тартып эле сиздин отунуңузду жарып, сууңузду көтөрүп жүргөнүн унутуп каласызбы?

Бул чындык эле. Согуштан мурда Калбү таежемдин эр жеткен эки уулу келип, биздин кара жумуштарга чейин кол кабыш кылып, атамын көп батасын алышкан. Калбү таежем айласы түгөнүп, ошол учурду эстегенде, атам да сөзгө жыгылып, жер карап отуруп калды. Сыягы бул айтышууда жеңиш таежем тарапта болгонуна тымтырс – өзү күбө болуп турду. Апам да ал-ахвалды түшүнө коюп, өз сунушун кескин айтты.

– Чал биз ыйлап-сыктап күн көрүп турарбыз. Сиз бар, мен бар – кудая шүгүр жалгыз эмеспиз. Калбүгө баланы бир айга беребиз,– деди чечкиндүү түр менен.

Бул өтүнүч эмес, чечим эле.

Атам байбичесинин тилинен түк чыкпаган, мүнөзү жумшак – жетелеме киши болчу, эми апамы жалт-жалт карап коюп, унчукпай калды. Бул жоош, момун түрү: байбиче өзүң бил, кийин бир нерсе болсо, өзүн. жооп бересиң, мен четте калам деген жышааны болчу. Апам атамдын бул аяр мүнөзүн жакшы билчү, эгер мен ал жакта ооруп-сооруп калсам, же кокустук болсо, анда атамдын айтар сөзү апама мурдатан белгилүү: «Мына ушундай болмок. Мен кой десем, тилимди албай, сиңдисине боор тартып»,– деп апамдын кулак-мээсин алмак. Апам да бул жолу кыйылып отуруп, тобокелге салды белем. Ошентип кичине курултай бүтүп, эртеге тан. сургөндө, мен мойнунан байлаган иттей болуп, таежемди ээрчип Аралга бир айга кетмей болдум.

Бул окуя менин балалык кезимдеги ойго келбеген, күтүлбөгөн бурулуш болду. Ушул убакка чейин башка чоочун жакты атам менен апамдын канатынан чыгып, өзүмчө көргөн жан эмесмин. Кайда барсам апамдын этегине жармашып, же атамдын артына учкашып жүрөр элем. Эми башыма мүшкүл иш түшүп, чоочун жерге бир күн эмес, бир апта эмес, бүтүндөй бир айга баратам. «Бүтүндөй бир ай!» – деп жүрөгүм зыркырайт. Бул ай мен үчүн эң кыйын сыноодой көрүндү.

Чынында мен жанылбапмын.

Эртеси тан кылайып чыгыштан сүрүлгөндө, көзүмдү жыртып ойгонуп, ата-энем менен коштошуп, Калбү таежемди ээрчип, Аралды көздөй жөнөдүм. Мындан эки жыл мурда (анда согуш баштала элек) апам менен Аралга кыз узатуу тоюна баргамын. Ошол тойдогу дасторкон толо жайнаган ак канттар, наваттар, мейиз-кишмиштер, ар түрдүү как өрүктөр, табак титиреткен палоолор кез алдыма тартылып, мурдума даамдуу буруксуган жыты келип, шилекейим агып, дагы ошондой той болор бекен, – деп эңсеп келе жаттым.

Көрсө, ал балалык кыял экен!

Арал эки кызыл тоонун бириккен жериндеги айыл, бизден он чакырымдай ыраак, жолу топурак баскан, ылай. Жолдун ортосуна жеткенде чытырман камышты араладык. Коркунучтуу. Албетте, бул калың камыштардын арасында коён гана эмес, ач карышкырлар да бар, аларды элдин уйларын, койлорун андып, кулагын түрүп, бизге жакын жерде бугуп жатканын кайдан билесиң... Жүрүп барата-

быз, жүрүп баратабыз, калың камыш түгөнбөй койду, анын баш-аягы жоктой мага сезилет. Күн чыкканда, андан суурулуп чыгып, туш тарап көрүнгөн жайдан талаа чыгып, анан Аралдын аштактуу шаты кепүрөсүнө жетип келдик. Ошол көпүрөдөн бир чакырым жогорурааkta Ноокаттын үч чоң дайрасы: Чийлинин, Кара-Койдун жана биздин Кыр-Колдун атактуу дайралары кошулуп, эн, чон айбаттуу дайрага айланат да, эки тоону тең жарып, Араванга багыт алат. Арал ошол шаты көпүрөнүн аркы бетиндеги айыл.

Шаты көпүрөнүн узундугу 15–20 метрдей, ал дайранын туурасы эң, кууш жерине атайы курулуптур. Солкулдап турган шаты көпүрөнүн туурасы бир метрдей, эки жагында зым өткөрүлгөн. Жолоочу о кудайлап, өткөн жети атасынын арбагына жалынып-жалбарып, калтырап-титиреп ошол зымды кармап өтүү керек, төмөн жакка башың айланганда кичине эле көз жибересең астында жулунуп агып жаткан Ноокат дайрасы сени соруп кетчүдөй айбаттуу ышкырат. Ошон үчүн «Аралдын шаты көпүрөсүнөн бир өткөн адам мойнунда жүктөлгөн бардык күнөөдөн биротоло кутулат» – деген биздин элде кеп бар. Эми таежем экөөбүз ошол атактуу көпүрөдөн өтүүнүн алдында акылыбызды жыйып, бир пас көчүк басып отура калдык.

Дарыя кирип, күкүктөнүп кутуруп турган учуру экен. Бет багып кароодон жүрөгүң безилдеп, баш айланат. Бул сууга адам эмес, төө түшүп кетсе, анке-маңке болуп, дареги жок, жылас болчудай. Көзүңдү бир тыным жума коюп, кулак түрсөң, дайранын тереңинде күлдүрөп агып бараткан чоң таштардын колдураган үнүн даана угасың. Ой баракелде, азоолоногон күч эмес бекен? Баатыр болсоң, эр болсон Ноокаттын ушул дайрасы менен беттешип көр.

Аралдын суусу күрпүлдөр,
Көктөгү күндү үркүтөт.
Сүшөнүм мени көралбай,
Зарыгып анда жол күтөт –

деп, илгери бир бечара, шаты көпүрө салына электе арман кылып ырдаган деп чоңдор кеп кылганын азыр эстедим.

– Камбаржан тур! – деген Калбу таежемдин үнү менин оюмду бөлүп жиберди. Менин өтүүдөн коркуп турган кебетемди көрүп. – Такыр коркпо! Бекем менин оң колумду картмап бас, асти төмөн жакты караба, башың айланат, түз, бет мандай тарапты кара,– деп, мени жетелеп жөнөдү, корккондон буттарым калтырайт.

– Бисмилла, – деп таежем кайрат кылып, жол баштады. Сыягы өзү да ичинен үркүп, коркконун мага атайылап байкатпай, калп опуза кылып жаткан окшойт. Биз акырындап жылып бараттык. Таежем оң колу менен менин колумду бекем кармап, сол колу менен чап жактагы зымды кармап акырын аяк шилтөөдө. Канчалык төмөн жагымды тиктебөөгө аракет кылсам да, бет жагымды карамыш болсом да, көзүмө асты жакта күпүлдөп агып жаткан дарыя чалынат, оп тартып кетчүдөй жулунат, корккондон денем дүркүрөйт. Жан деген ширин да, ажырап өзүм жалгыз калбайын деп таежемдин колун көпүрөнүн ортосуна жеткенде эки колдоп бекем кармап алдым. Таежемден айрылсам эле сууга түшүп кетчүдөй болом. Акырын көз кырын салсам, Аралдын суусу эмне үчүндүр тетири тарапка, арт жагына карай агып жатыптыр. Көрсө, адамдын башы айланганда асман жерге түшүп, дарыя тетири агат имиш. Аны кийин билдим. Бир убакта аппак булут төмөн жакта калып, дарыя көккө көтөрүлгөндөй болду. Мен калтырап, таежемдин артында тырмышып бара жатам. Сыягы он беш метр эмес, он беш чакырым азап жол баскандай болдум бейм. «Апам ушул кыямат кайымдын кыл көпүрөсүн билип туруп, эмне үчүн менин Аралга баруума макул болду экен? Эмне үчүн кенже уулун аяп койгон жок. Калп эле, балдарымдын баарынан жакшы көрөм дейт. Алдаганы, алдап кызыл уйду бактырганы»,– деп ичимден апама катуу нааразы болдум. Акыры аркы өйүзгө өткөндөй болдук. Корккондон, арт жагыма кароого дитим барбайт, мандайымдан кара тер агып, колдорум, буттарым калтырайт. Дагы эле жер айланат, асман астын-үстүн болуп алмашууда. Көпүрөдөн бир кыйла алыстаганда, арт жагыма кылчая карап, басып келген жолума бир сыйра көз жиберип, эми эч качан өз айлыма кайрылып барбоочудай үмүтүм үзүлүп, ыйлап жибердим.

– Ыйлаба, садагаң болоюн, – деп таежем бооруна кысып, жалынып-жалбарды. – Биз жакка да көнүп кетесиң. Эки аптадан кийин Айнаш эжем өзү да келем дебедиби? Ыйлагыдай сен кыз белең – деп көз жашымды жеңинин учу менен аарчып, соорото баштады.

– Ме, жей кой, – деп чөнтөгүнөн бир тоголок ак кант алып чыгып, мага сунду, көз жашым кургай электе ак кантты соруп, коркунучтуу түштөй болгон азабымды ошол замат

унутуп калгансыдым. Бала деген ошондой да, баарын тең унутат.

Жок, бул туура эмес, бала баарын эле унута бербейт, жүрөгүнө эң кымбат адамдарын зарыгып, кусаланып эстейт, ошонун айынан өндөн азат.

Эмки баян ошол Аралдын кызыл тоолорунун кырларын-да эчки кайтарып, кыдырып жүргөндөгү кусалык жөнүндө, сагыныч жөнүндө болот!

Таежемдин үйү кызыл тоолорго жамбаштаган дөңсөөдө, өзүнчө айылдан бөлүнүп чет жакада экен. Биз дарбазаны ачып, короого кирсек курсагы ач эчкилер көгөндө байланып туруптур. Таежемдин таң эртенден туруп, безилдеп үйүнө шашып женөгөнү да орундуу экен. Калбү таежем шашып пушуп эчкилерин чала-пучук саап алды. Мен улактарды агытып, кайрадан көгөндөп жаттым. Күн көтөрүлүп калган эле. Эчкилер саалып бүткөндөн кийин бир аяк айранга жарты катырманы туурап ичип, эчкилердин артынан түштүм. Таң каларлык нерсе, бул жерде эчкилердин эмчектерине уйдун жаңы чычкан богун шыбап, улактарын кошо коё берет экен. Шордуу улактар сугалактык менен энелеринин эмчегине жулунуп, жармашып, сасык жыттан жийиркенгендей баштарын ала качып, сумсайыңкы түр менен от издешүүдө. Бала болуп, башыма жүн чыгып, мындай шумдукту биринчи көрүшүм. Адамдан айла качып кутулбайт эмеспи! Таежем эчкилердн кошо айдап чыгып, о берки шыбак баскан таштуу жылгага дейре кошо келип, ар бир эчкилерине мүнөздөмө берип, ар биринин атын атап (тиги кыска мүйүздүү «Кашка эчки», тиги алдында бара жаткан «Сур эчки», ошондон этият бол, баарын жолдон чыгарган ошол, тиги жүнү апсыйган «Жоош эчки») жорук жоосундарын түшүндүрүп, акыл-кенештерин кулагыма куюп жатты.

Эчкилериңди бет маңдайдагы Кызыл-Жарга камагын, шыбагы жыттуу. Өзүң оозун тосуп кырда отур. Ушар болуп, эки көзүңдү булардан алба. Уктап калсаң, оозуңа жылан кирип кетет,– деп таежем коркутуп да койду. Чак түштө коргонго айдап кел, кезерип талаада жүрө бербе, ысык өтүп кетет – деп, дагы көп кеңештерди айтып, үйүнө кетти.

Мен мээ кайнаткан кызыл тоонун этегинде койчу кебетесин кийип, жалгыз калдым. Айланамды бир сыдыра карасам, урунарга тирүү жан жок. Чегирткелердин гана безилдеген үнү угулат. Эчкилерди (улактары менен он эки баш) таежем айткандай Кызыл-Жарга камадым да, өзү төө моюн тарткан кырдын башына чыктым. Биринчи кезекте, бул бейтааныш жердин өйдө-чуңкурун, коён жатыгына дейре билгим келди. Айланам бүт эле какырагап кызыл топурактуу жарлар, жылгалар, ар жерде өскөн кекире шыбак, камгак, куурайлар экен. «Кудайдын каргышына калган какыр таз турбайбы? – дедим ичимден жактырбай,– мунун жанында биздин боз адырлар тулаңы жайкалып жайлоо тура!» Те бийик, чокусун адамдын буту баспаган асканын үстүндө тарп издеп карга-кузгун жүрөт. Жылга менен коктулардын боорунда канаттуулардын уясы көп экен. «Э, ошол уялардын ичинде балапандар көп болуу керек, кармасамбы?» – деп ойлондум да, бирок ал иштен тез эле баш тарттым. Таежемдин жыландар көп деген сөзү эсиме түштү. Бүлдүркөн тергендеги окуядан кийин жылан десе денем дүрүлдөп, эсим чыгып калган эле. Эчкилериме (таежем куу да, эчкилерин десе, өзүм да кубанып, алар жеке менчигимдей компоюп калдым, о, дүйнө деген кимди кызыктырбайт!) көз салсам, бир-бирине кынашып, жайма-жай шыбактын учун үзүп терип жеп жүрүшөт. Таежем этиет бол деп атайы эскерткен «Кара сур» да эч шойконун байкатпайт, оозунан чөп аябаган койдой момун. «Таежем бекер эле мени чочуткан болуш керек. Малды башкаруу койчунун таягынан да, кана мага бирөөсү баш ийбей, жаман жорукка түшүп көрсүнчү, бутун сындыра чабам»,– деп колумдагы тал таягымдын күчүн сынагандай жерге чапкыладым.

– Эй, таягың сынат,– деген үндү угуп, ар жагымды карасам, мен теңдүү бала таягын таянып чоң ботур таштын үстүндө туруптур. Бул чоочун бала жердин астынан чыктыбы, билбей калдым. Болжоомдо, ал мени алыстан көрүп, арт жагымдагы кыр менен жашырынып келсе керек. Башында газетадан өзү жасаган жоокердик шапке, колунда укуруктай узун таяк, өнү сепкил баскан, улам эрдин жалангач – жан алгычтай неме экен...

– Эй,– деди сөөмөйү менен кезеп сүйлөп. – Мен киммин, билесиңби?

– Жок, билбейм.

– Эмне үчүн билбейсиң? – деди чыкчырылып ачууланып. – Мен бул айлананын көк жал бөрүсүмүн. – Анан баштан бутума, бутумдан башыма чейин эки сыйра каран чыгып: – Эмне үчүн менден руксатсыз Кызыл-Жарга эчкилериңди жайдың... Бул менин жайытым, айдап кет эчкилериңди өлө элегинде,– деп чон кишидей буйрук бер-

ди. Боюна, кебете-кешпирине карасам, мен теңдүү тогуз он чамасында, бою саал менден пас, өңү азгын. Опузасынан коркуп турсам да, ага тайманбай тил кайтардым.

– Жер сенин жеке менчигиң беле, элдики,– дедим.

– Тилиң тартып сүйлө, тең ата болгон тентимиш – деп, ал оозунуп эле чала муштап жиберди. Экөөбүз кармаша кетик. Бели жумшак эле экен, эми жамбашка алып, көтөрүп чабарымда, о бактым ачылбаган жаным, бутум ташка тайгаланып, чөгөлөй түштүм, ал өмгөктөп жыгылып, басып калды. Күрөшкөн жер тегиз эмес, кырдын боору болгондуктан, көп өтпөй аны оодарып жыктым, экөөбүз жулмалашып отуруп, төмөнгө кулап түштүк. Эми түз жерге жеттик да, кайрадан бел алып күрөштүк. Бул чоочун бала мен өндүү күрөштүн илелсин жакшылап билген неме көрүнөт, оңойлук менен жамбашка келбей койду. Экөөбүз күн ысыкта көпкө кармаштык, бири-бирибизди жыгалбай акактап да бүттүк. Боюбуз көл-шалдап тердегендиктен, экөөбүз бир аз эс алыш үчүн, эки таштын үстүнө бет маңдай карашып отурдук. Чоочуп бала баягысындай үстөмдүк кылбай, кичине жоошуган кебетеде отурду. Көпкө тең тайлашып күрөшкөнүбүздө менин да оңой жоо эмес экендигиме кезү жеткен көрүнөт, бир убакта мындай сунуш киргизди.

– Жеңиш меники, мага баш иесиңби?– деди.

– Жок.

– Эмне үчүн?

– Жеңиш эч кимдики эмес, ит жыгылыш.

– Тиги кырда жыгылбадыңбы, танасынбы, жаныңды сатып, – деди ордунан тура калып. Мен да ордуман ыргып туруп күрөшкө даярданып:

– Менин бутум ташка тийип, чөгөлөй түштүм. Ал эсеп эмес – дедим чечкиндүү түрүм менен. – Кел, кайра күрөшөбүз, ким жыкса, жеңиш ошонуку. Жеңилген баш иет. Чоочун бала алгач болуптур деп менин шартыма макул болгондой баш ийкеп анан ойлоно калып, мындай деди:

– Экөөбүз тең балбан экенбиз, күчүбүздү бекер коротпойлу, кол алышып жарашалы, макулсуңбу?

– Макулмун,– дедим бир аз ойлонуп туруп. Ал бала Кызыл-Жардын төр жагына көз жиберип, мага бир чоң сырдын үстүнөн чыккандай кайрылды.

– Эчкилериң кана?

Чын эле карасам, азыр эле тиги бөксөдө оттоп турган эчкилерим көрүнбөйт, жанагы тааныш кырга чуркап жетип, тегерегиме көз жиберсем эч бир жерден көрүнбөйт, көздөн кайым болгондой, жер жутуп кеткендей изи жок.

– А шордуу жан экенсин, эми эчкилериң сага куйругун карматпайт. «Сур эчки» эсен болсо, тоону ашып кетти эбак, – деп ыраазы болгондой, асканы жаңыртып каткырып күлдү. Мен кара тер басып, Кызыл-Жардын кыл чокусуна карай жугүрүп жөнөдүм.

– Эй, шордуу, ал жакта албарстылар бар,– деп тиги бала мени коркутуш максатында төмөн жактан кыйкырат. Оң жактагы коктуда жайылып жүргөн жети-сегиз жандыкты көрө коюп, таптым деп сүйүнүп кеттим. Ал эчкилерди жакшылап аңдап карасам, биздики эмес экен, кебетелери башка, арасында «Сур эчки» көрүнбейт. Тиги баланын кайтарган эчкилери экенин билдим. Үмүтүм үзү үп, жогор жактагы калпактай калдайган чоң чокуга жүгүрдүм. Төмөн жактан карасаң анчалык алыс эместей көрүнөт, бирок канчалык күчүмдү жыйнап, чымырканып жүгүрсөм да, жолум арбыбайт, чокуга жетпейм. Алдан тайып да бүттүм. Бышылдап-кышылдап чокунун башына жеттим да, дем алалбай отуруп калдым. Издеген эчкилерим аркы бетте эсен-аман баары жайылып жүргөнүн өз көзүм менен көрө коюп, кубанганымдан: «Жашасын кеңеш өкмөт!» – деп эски адатымды карматып кыйкырып жиберипмин. Эми көңүлүм тынчып, бул бийик чокудан биздин айыл көрүнөр бекен деген үмүттө, карай салсам, те алыста калдайып биздин атактуу Ак-Терек асман тиреп турган экен!

– Тигине биздин айыл! – деп үнүмдүн жетишинче айланамда эл жыйылып тургандай кыйкырып жиберипмин.

Туулган айылым – көзүмө оттой жылуу көрүндү! Эки алаканым менен көздөрүмдү күндөн калкалап, алыстан бармактын учундай болуп бүлбүлдөп көрүнгөн жашыл айылымдан кезүмдү албай карап отура бердим. «Тигине беркиси биздин үй, андан аркысы, дөңсөдөгү Арнаалыныкы!» – деп үнүмдү чыгарып кыйкырып сүйлөп, өз көзүмө өзүм ишенбей, капыстан эсепсиз сыйкырдуу байлык таап алгандай толкундадым. Жүрөгүмдө сагыныч, айтып бүткүс кусалык пайда болду. Көзүмдөн эки-үч тоголок ыпысык жаш бетимден төмөн кулады. Өз айылымдан бүгүн таң эртең менен чыксам да, бул кыска мезгилде башымдан далайды өткөргөндөй өпкөм көөп, энтигип турам...

Болжоомдо, мен ошол мунөттөн тартып, ар бир адамдын киндик каны тамган айылы өзүнө жана көзүнө да өтө кым-

бат, асыл болорун акылым менен аңдап, жүрөгүм туйганын аздап болсо да баамдадым окшойт. Менимче, адамзат кайсы жакта жүрбөсүн, атагы ааламга угулуп, асманга башы тийбесин, киндик каны тамган кымбат айылы – ар кандай учурда көңүлүнө кылт этип түшүп, жүрөктүн назик кыл тамырларын өзгөчө козгоорун, сагындырарын жаш өткөн сайын терең түшүнүп туулган айылымды эңсеп, кусалыкка жеңдирген күндөрүм да болду.

– О-о, туулган айылым – сен түгөнбөгөн берекемсиң, Ала-Тоодой кубатымсың! Мен сенин боз топурагыңдан жазгы байчечектей өнүп чыктым, күнгө умтулуп кулач жайдым, шылдырап аккан тунук булагыңдан жаным сергип, таза аваңдан кайрат алдым. Өмүрүмдүн эң бир кыйын кездеринде сен жүрөгүмдө туруп, турмушумда ишенимдүү кадам бастым, көңүлүм көтөрүңкү, сезимим таза, оюм бийик болду! Сага башым ийип чөгөлөп, таазим кы- лам! Сага ырахмат!

Айылымдан көзүмдү албай, телмирип тиктеп отура бердим. Эки канатым болсо, бир заматта учуп жетип, өзүбүздүн бийик терегибиздин бутагына конуп, атам менен апамдын эмне кылып жатканын көрөр элем. Улам «ата», же «апа» деп үнүмдү чыгарып, алардын шашкалактап, эстери чыгып, мени коргондун ар бир бурчунан издешип: атам да, апам да «Камбаржандын үнү, Аралдан качып келген го» – дешип, жүрөгү түшкөн кебетелерин көрүп, теректин бутагында табам канып, кыткылыктап отур- самчы!

Кимдир бирөөнүн таш кулаткан кадамы оюмду дагы бөлүп жиберди. Карасам, жанагы күрөшкөн бала. Таттуу кыялымды бузганына ачуум келип, аны жаман көзүм менен жактырбай карадым. Ал бала мурдагысындай атырандабай, күлүп-жайнап, жаныма жагынгандай, жойпуланып катар отурду.

– Эй, – дедим чечкиндүү ага сүйлөп, колум менен бизден айыл жакка жаңсап – тээ тетиги дөбөнүн алдындагы биздин айыл, көрдүңбү? – Ал дагы алаканын көздөрүнүн үстүнө тосуп, калп эле карамыш болду.

– Кайсы, кайсы? Көрүнбөйт,– деди.

– Тигине, асман тиреген ак чынарды көрдүңбү?

– Жок.

– Эмне, сенин көзүн, сокурбу? – дедим кыжырданып. Ал мени менен айтышкысы келбей, жоош жооп берди.

– А, көрдүм.

– Көрсөң, ошол ак теректүү айыл биздики. Ал аябаган алп чынар, он беш чоң адамдын кучагы туурасына жетпейт. Атам биздин чынардын жаны миң жыл дейт... – дедим мактана сүйлөп. Ал бала эки көзүн ак чынардан албай карап отурду да, макул болбогондой башын чайкады:

– Калп, – деди,– чынар миң жылга чыкпайт.

– Калп эмес, – дедим өжөрлөнүп – атам мага калп айтпайт.

– Атаң билип коюппу миң жашка чыкканын – деди ал билермансынып.

Мен туюкка камалып, жооп таппай калдым. Бирок мен өзүмдүн оюмдан кайткым келбейт:

– Атам билет, атама атасы айтыптыр, ага анын атасы айтыптыр. Ага да айтыптыр, – дедим туура жооп тапканыма шерденип. Чоочун бала мени таңдана карап, бул менен айтышып отурамбы дегендей унчуккан жок

– Сенин Аралында миң жылга чыккан чынар жок, ошон үчүн унчукпайсың – дедим чырагыма май таап.

– Мен Аралдык эмесмин, – деди ал күтүлбөгөн жерден. Андан ары сөзүн улантпай, кабагын салып дулдуюп отурду. Мен да кайсы жерликсиң деп сураганым жок. Бир кезде ал мага кайрылып:

– Сенин айылыңда Аралдай чон дарыя барбы? – деп капыс сурап калды.

Мен шыдыр жооп айталбай, унчукпадым. Биздин Кыр-Кол дарыясы да суу киргенде, төө болбосо да, ат агызган чоң дарыялардын бири болчу, кантсе да ал Аралга теңдеше алмак эмес. Биздин дарыя андан чоң деп апырткым келбеди. Менин сөзгө жыгылыштуу болгонума ичинен сүйүнүп компоюп отурду.

Ошол кырда отуруп, экөөбүз аны-муну териштирип, жакшылап таанышып алдык. Азыр эле чокуша кеткенибизди унутуп да койдук. Аты Эсен экен. Атасы согушта, өзү аталаш эжесинин колунда жүрүптүр. – Апаң барбы? – десем, башын сылап, жооп берген жок, мен да такып суроодон тартындым. Эсен эки жашабай жатып көп кызык окуяларды билет экен. Баарынан да ар түрдүү ырларды тоо жаңыртып боздоп ырдап, колундагы таягын комуз кылып такылдатып отурду. Эсендин ырлары мазмун жагынан ар түрдүү эле: жетимдик, жалгыздык, фронтто белинен кан кечип жүргөн атасы жөнүндө өзгөчө кумарданып, көзүн жумуп алып ырдаганда, аң-таң болуп, оозумду ачып карап отурдум: «Атаң

көрү, бу сепкил бетте ырдын кени жаткан тура!» – деп ичимден аябай суктандым. Кокус эми сен ырда деп кезекти мага берсе, эмне кылам? Мен колго тийген китептерди шар окучумун, өзүм окуп чыккан «Жаныш-Байыш», «Эр Таобылды», «Курманбек», «Олжобай менен Кишимжан» өндүү эпостордун мазмунун жатка билчүмүн, бирок Эсендей узун сабак ырларды созолонтун ырдаган өнөрүм түк жок эле. Мага ыр кезегин бере электе, бир шылтоо таап ордумдан туруп кетүүнүн айласын издедим. Менин багыма «Сур эчки» жолбашчылык кылып бет маңдайдагы кырдын белине жетип калган экен. Аларды кайрыбай, өз эркине койсом, бул желмогуздар улам шыбактын чыктуусун издеп отуруп тиги кырдан ашып андан ары жортуп кетер түрү бар. Мен ордумдан суурулуп туруп, таягымды кармап эчкилерди кайрып келүүгө жөнөдүм. Эсендин атасын сагынып ырдаган ыры кыр-кырлардан ашып, тоолордун аскаларында жаңырып жаткансыды, анын ырларында жүрөктүн тереңинен чыккан өксүктүк бар эле. «Бечара, атасын аябай сагынып, өзү ыр чыгарган экен. Атасы эсен-аман кайтып келсе уулунун арман ырын угуп, терисине сыйбай, аябай сүйүнөт экен! Ыр чыгаруу ар кнмдин эле колунан келе бербейт да. Мен аскерде жүргөн абаларымды канчалык сагынсам да бир сабак ырым жок»,– деп өзүм кемсинип, ыза болдум.

Эчкилердин алдын тосуп, төмөн жактагы жарга камап кайра келсем, Эсен баягы эле ордунан жылбай, мени күтүп отуруптур. Ал ичинде эч кири жоктой жадырап-жайнап мага карап; жанынан мага орун көрсөтүп, табышмактуу көзүн кысып койду. Бул кызыталак дагы кайдагы ойдо жок жорукту ойлоп тапты экен дегендей, ага ишенбей карап, мен да көчүк бастым.

– Сен бул жерде көпкө жүрөсүңбү? – деди ал сөздү алыстан баштап. Мен дагы анын акылын уурдап, оюнун төркүнүн билгим келип, сырымды жашырып:

– Эмне экен? – деп өзүнөн чолок сурадым.

Ал менин кууланып жатканымды түшүнө коюп, ачык сөзгө өттү:

– Досум, көпкө журсоң, кулагыңа түйүп кой. Бул айылдын балдары эки топко бөлүнөбүз. Бирөөсүн мен башкарам, экинчисин Жакып башкарат. Ал дагы күрөш дегенде ичип жаткан ашын таштаган бала, өтө чапчаң – деп, менин алабалымды байкагысы, сынагысы келгендей, бетиме үңүлө карап, сөзүн улантты: – Ал экөөбүз көптөн бери тең тайлашып жүрөбүз. Сен андан коркпо, бүткөн боюң тарамыш экен, тен келерсиң,– деп, мени кичине төмөнсүтүп койду.

– Мен бирөөдөн корккон жан эмесмин,– дедим өзүмдүн баркымды көтөрө сүйлөп. – Чоң тойлордо бөлүнүп күрөшкөндө мен теңдүү балдардан мага чыкканы болбойт.

Ал менин өтө мактанып жибергеними билгендей, күлдү да, жанындагы шыбактын учун сыдырып:

– Коркпогонуң жакшы. Балбандыгыңды көрө жатарбыз, – деди туюк сүйлөп. – Сен кайсы топко кошуласың? – деди мени тике карап.

– Мен эч кимге кошулбайм – дедим кесе сүйлөп.

– Анда досум, ишиң начар. Жолбун иттей жалгыз каласың. Эки топ тен сени жектеп, куугунга алат, – деди ички сырын жашырбай.

Мен арсар ойдо болуп, оор абалда турдум. Акырында ойлонуп туруп, оңой-олтоң жооп таптым.

– Ойлонуп көрөм,– дедим ыңгыранып.

– Сен ойлоно бербе,– деди Эсен чечкиндүү сүйлөп. – Сен бизге кошулсаң, кор болбойсуң,– деди.

Бул бир жагынан мени көз көрүнө кордогондой, экинчи жагынан коркуткандай мага угулду. Мен ага каяша айтсамбы өзүнө ылайык дегенимче, ал оозунуп:

– Бир болсок, экөөбүзгө эч ким бул айылда тең келбейт досум, – деп сөзүн оңоп, менин ызамды жандырып жиберди. Мен сыртымдан эч нерсени байкабагандай компоюп турдум:

– Биз караңгы киргенде экиге бөлүнүп ак чөлмөк ойнойбуз, күрөшөбүз, оюндун аягында «Совет жана фашист» деген ойнубуз да бар. Мен өз тобумдун командиримин. Сен менин орунбасарым болосуңбу?– деди.

Өз айлымда эч бир жанга биринчиликти бербей жүргөн жаным, орунбасарлыкка ынанбай турдум. Чоочун жерде андай ардактуу орунга тез эле жетишим орунсуз экендигин да бир жагынан эп көрүп:

– Болуптур,– дедим.

Эсен да менин мойнунан байлаган иттей араң макул болгонумду сезип, эпилдеп жиберди:

– Мага ок тийсе, кокус өлсөм, сен менин ордумду басып, жолбашчы болосуң. Макулсуңбу?

Мен макулмун дегендей ыргылжың баш ийкедим. Ошону менен биздин сөз бүтүп, ал кечкурун жолугабыз деп, таягын сүйрөп, өзүнүп эчкилеринин артынан кетти. Мен да бир аз отуруп, туш болгон экен, эчкилеримди алдыма салып

үйгө жөнөдүм. Таежем сарайдан атайы келип, кабатыр болуп күтүп отурган экен. Менин өз учурунда келгениме аябай ыраазы болуп, алдыман кубанып тосуп чыкты. «О, азаматым, адам болуп калган турбайсыңбы?» – деп, чекемден жыттап койду. Мага куймак бышырып коюптур. Мындай таттуу тамакты көптөн бери жей элек болчумун, малдаш токунуп отуруп, куп майын чыгарып катырдым окшойт. Таежем менин жаным жыргап жегенимди бет мандайымда карап отуруп, өзү жегендей ыраазы болду:

– Биздин үйдө жүрсөң, дайыма куймак жейсиң, курсагың ток болот, – деди менин көңүлүмдү көтөрүп, үйрүлүп жагынып жатты. Мен упчукпадым.

Таежеме Эсен менен таанышканымды айттым. Оюм кандай бала экенип тактап билүү эле.

– Ал шордуу тоголок жетим,– деп таежем Эсендин тарыхын кыскача айтып берди. Эсен Аралга быйыл жазында келиптир. Атасы кышында согушта каза тааптыр. Энеси эки ай күтпөй эрге тийип кетиптир. Бечара күйүтүнө чыдабай эжесинин үйүнө баса бериптир. Жетимдин, жалгыздын атасы жөнүндө боздоп ырдаган жөнү мага эми айдан ачык болуп, ага боорум ачып, ичимден аны мурдагыдан да жакшы көрүп калдым. Өзү оокатка тың, күйүмдүү, эстүү бала, – деп таежем да аны жерге сууга тийгизбей мактап жиберди.

Эртеси Кызыл-Жарга эчкилеримди камап коюп, баягы кырда отурсам таягын сүйрөп Эсен келди. Кечээ кечинде ал үйгө келип, жүр ойноп келебиз деп канчалык жалбарса да, барбай койгонмун. Чынын айтсам, чоочун балдардын сырын билбей туруп баруудан жалтанган болчумун. Бүгүн ал кечээги таарынычын такыр билдирбей, жылуу учурашты, мен кызыгып сурабасам да, кечкурунку оюндарын апыртып мактап жатты.

– Кечинде катуу кармашуу болот. Азырынча аскер сырын бир жанга айтууга акыбыз жок. Жакып экөөбүз гана билебиз. Командирбиз да – деп мактанып жатканын жашырган жок. Мен ары ойлонуп, бери ойлонуп бүгүн оюнга катышам деп убада бердим.

Кечкурун очокко от жагып отурсам, Эсен кирип келди. Таежемден уруксат сурасам, кыйылып туруп:

– Көңүлүң калбасын, барагой,– деп макул болду да, Эсенге кайрылып:–Досунду капа кылсаң, көрөсүң,– деп эскертип койду.

Эсенди ээрчип жөнөдүм. Биздин келишибизди гана балдар күтүп турушуптур. Эсен мени баары менен тааныштырып чыкты. Жакып дөң мандай кара бала экен. Ал сынады бейм, колумду бекем кысып, каруумду билгиси келгендей учураштты. Мен дагы сыр билдирбедим, өзүмдү токтоо кармап, жалтактаганым жок.

– Жаңы мейман менин оң колум, орунбасарым, эгер мен кокустан согушта өлсөм,– ал менин ордумду басат, угуп койгула, – деп Эсен угуза жарыя кылды, Жакыпка тике кайрылып: – Сенин орунбасарың ким болот?

Жакып өзүнүн балдарын кыдырата бир сыйра карап чыгып:

– Болот, – деди кыска гана. Болот арык чырай, мурду чоң бала экен. Аны караңгы болсо да жакшылап таанып карадым. Тартип боюнча экөөбүз кол алышып көрүштүк.

Оюн башталып атканда эле экиге бөлүндүк. Элден мурда күрөшөбүз деп бүтүмгө келдик. Күрөштүн тартиби боюнча жыккан тараптын баласына жыгылган тараптын экинчи өкүлү чыгып, намыс талашат, ошол тартип менен оюн улана берет, эң аягында жыгылбаган тарап жеңишке ээ болот.

Күрөш башталды.

Биздин бала бир-эки сермешип эле жыгылып калды.

Экинчи балабыз да жыгылып, биз осолдоп турдук. Эсен эми сен түш деп мага карады. Командирдин буйругун куп деп аткаруу керек.

Күрөшкө жалтактап, өзүмө ишене бербей чыктым. Чоочун жер, чоочун балдар, эч кимисинин сырын билбеймин, жанымда кыйышпас бөлөм Арнаалы болсочу, анда мен булар менен тике кармашар элем. Алар бир тарап, бир-бирине жан тартып турат, а мен жалгызмын. Тайсалдап жыгылып берсең, теңсинип койбой, башыңдан аттайт, жыгып койсон, ызаланышын төпөштөп коёт, кокус майып кылышы да ыктымал. Мени менен күрөшө турган баланын өңүн караңгыда көргөнүм жок. Кол беришип белден ыкчам алыша кеттик. Оной жоо көрүнбөйт, ошол замат эле мени көтөрүп чапкысы келип, белимди майыштыра кысууга далалат жасады, бирок белим ийилбей койгондо, деми пастап, аңдып, аяр болуп, оң келген учурду күтүп жатты. Эки тарап бизди сүрөп, кыйкырып турат. Бир убакта серпише түштүк. Жамбашыма келе калган экен, о-оп деп серпип таштадым да, кенебей туруп кеттим. Биздин топ чурулдап кубанып, мени мактап

471654

жатты. Каршыларыбыз унчукпайт, өздөрүнчө шыбырашып кириште.

– Мейманды жамбашы коркунучтуу экен,– деди каршы тараптан бирөө угулар-угулбас. Эсен атайы ортого чыгып:

– Азаматсын орунбасарым. Дагы кимиңер бар? – деди ал тигилерге кез көрүнөө мактана кайрылып.

Күрөштүн тартиби боюнча, жыккан бала ортодо бир тизеси менен чөк түшө калып өзүнүн жаңы атаандашын күтүп туруу керек. Мен да таймандай ошенттим.

– Эки орунбасар күрөшсүн, сынап көрөлү,– деген Жакыптын ызалуу үнүн уктум.

Болот менен көпкө таймашканым жок. Аны оңой эле көтөрүп чаптым. Бирок, каршы топ чалып койду деп жалаа коюшту. Кайрадан күрөштүк. Болот бул жолу өтө этият болуп, жамбашымдан оолак жүрүп алды. Балдардын баары кызууланып, бизди сүрөйт:

– Ал, жолборсум!

– Ал, арстаным! – деген үндөр угулат. Кимибиз жолборс, же арстан экени эч кимге белгисиз.

– Болот мейманды коркутуп койду – деп аркы топтон кимдир бирөө какшыктай өттү. Бул сасык какшыктын негизги максаты мени намыздандырып, эпсиз аракетке үндөө эле. Бир убакта Болот экөөбүз тобокелге салып, дагы серпише түштүк. Бул жолу жамбашка албай эле белинен бекем сыгып, так тиземе көтөрүп, даана таштадым.

Бул жолу каршы тарап да пыңк этпеди. Болот ордунан шылкыйып туруп, бутун араң эле сүйрөп, ары басып кетти. Эки тарап тең оозуна талкан салып алгандай унчугушпайт. Менин командирим Эсен ооз учунан «азамат» деп далымдан чапкылап мактамыш болду, бирок үнүндө чычалагандык даана байкалып турду. Мен атайылап жыгылып бербей, бекер кылыпмын деп ичимен коркуп да турам. «Атасынын гөрү, эмне үчүн мен жыгылып бермек элем, кыйын болсо жыгып алышсын» – деген өжөр ой денемди бийлеп, кайратана түштүм.

– Эми мейман экөөбүз күрөшөбүз, – деди Жакып шымаланып.

– Күрөшпөйм, – дедим чечкиндүү сүйлөп.

– Күрөшөсүң, – деп ал жакындап келатты. –Көзүндө ыза жаркылдайт. – Сен баарын жыгып кете бересиңби? Бул көз көрүнөө коркутуу эле: «Мен тобокелге салып, күрөшсөм күрөшөйүн» деген чечимге келдим да, анан тайсалдап:

– Командир менен командир күрөшсүн, эки башчы тең эсен-соо – дедим. Бул жолу балдардын бардыгы «туура», «мейман туура айтат» – дешип чурулдашты. Жакып кулагын тырманып, эмне кыларын билбей эки анжы авалда туруп калды.

– Бүгүн командирлер күрөшпөйбүз,– деди ал бир аздан кийин Эсенге кайрылып. Эми «совет-немец» ойнойлу.

Балдар ушуну эле күтүп тургандай, дагы чурулдап жиберишти. Мен ойнобойм деп баш тарткым келди, себеби чоочун балдар менен караңгыда сырын, аки-чүкүсүн билбеген жерде бекинмечек ойноо коркунучтуу эле, бирок коркок экен дебесин булар деп сыр алдырбадым. Дагы биз эки топко бөлүндүк. Ар бир командир тобу менен карама-каршы тарапка жылып билинбей бирин-бири андып жүрүп, биринчи болуп кайсы тарап шпион колго түшүрсө, ошол жеңмек болду. Биз Эсенди ээрчип, калың бактын ар жагындагы дубалга жашындык, тигилер суу аккан арыкты бойлоп, калың жүгөрүнүн ичине кирип кетишти.

Бүгүн да ай жарык эле. Кичинекей караан алыстан даана көрүнөт. Эсен бизди экиге бөлдү. Биринчи бөлүктү өзү башкарып, «душмандын» жолун бөгөп, тиги чоң жийденин астында жатмак болушту, экинчи бөлүк менин жетекчилигим астында жер сойлоп отуруп, тигилер быгып жаткан жүгөрүнү аралап, шпион кармап келмек.

– Мен жолду жакшы билбейм, – деп каршы болдум. Эсен айтканынан кайтпай койду.

– Урушта туруш жок. Бул буйрук, аткаруу керек, – деп дагы кесе суйлөдү. Мен кетенчиктеп туруп макул болдум да, эки бейтааныш баланы ээрчитип, дубалдын аркы жагындагы беде өскөн аңызды аралап сойлоп бараттым. Балдардын аттарын да билбейм «Жанымда азыр Арнаалы бөлөм болсо, булар менен башкача сүйлөшөр элем»,– деп ичимден арманымды айтып да коём. Жүз метрдей жылганыбызда күбүрөгөн үн угуп, өзүбүз кулак жапырып жата калдык. Демек, «душман» да бизди алыстан «көрүп» күтүп жаткан экен. Өтө сак болуу керек! Дем чыгарбай аңдып турабыз, бирок тигилер да дымып, шыбыр билгизбейт. Мен байкайын деп башымды көтөрдүм. Ошол мезгилде «колуңду көтөр» – деген үн чыгып, кимдир бирөө жаныбыздагы дубалдын үстүнөн секирип түшүп, мени басып калды. Тура калып, каршылык көрсөттүм. Карасам Болот экен. Менин жардамчыларым көрүнбөйт, качып кетиптир. Дагы бирөө

келип артымдан асылды. Мен жеңилдим деп кол көтөрдүм. Ошол мезгилде көзүмдөн от жагылып, жаагым ысып, аалам карангылай түштү. Ал жерде канча жатканымды билбейм, көзүмдү ачсам, ээн талаада жалгыз жатам. Оң жаагым күлтүктөй болуп шишип, кол тийсе ооруйт. Элден мурун бул түшүмбү деп ойлодум. Анан оюнду ойлоп, баарын эсиме түшүрдүм. Менин эсимди оодара чаап, тигилер корккондон качып жөнөгөн экен... «Иттер, акмактар, адил оюнду билбеген фашист турбайбы, булар»,– дедим ичимден ушунчалык кыжырданып, эгер кокус азыр бирөөсү көзүмө көрүнсө, мен дагы эч нерседен аянбас элем. Кимдир бирөө (албетте, Болот) катуу нерсе менен кулак аралаштыра чапса керек. Алардын баарын жек көрүп, эми бирөөсү менен ойномок тургай, сүйлөшпөйм, – деп чечтим да, үйгө карай жөнөдүм. Таежем кабатыр болуп эшигинин алдында чарпаяда мени күтүп отуруптур. Караңгыда жаагымдын шишип кеткенин байкатпадым.

– Түн жармы болду, кайда жүрөсүң караңгыда? – Издеп таппай келдим,– деди таежем нааразы болуп.

Балдар менен жашынмак ойноп жүрдүм деп эптеп шылтоо таап, кечки тамагымды шашып-пушуп ичтим да, сөрүгө салып койгон төшөгүмө жатып, башымды бекем катып, үнүмдү чыгарбай ыйлай бердим...

Керели кечке тынбай тамеки тизип жана жалбырагын үзүп катуу чарчаган таежем башы жаздыкка тиер замат коңурук тартып уктады. Мен уйкум келбей, өзүмчө план куруп жаттым. Эртеге күн чыгар менен ошол Болотту издеп таап, өчүмдү алып, экинчи мага тийишкис кылып жалынтайын деп кезендим. Бирок уйкуга алдырып жатып: «Алар көп, мен жалгыз, алар жергиликтүү, мен чоочунмун», – деп арсар ойдо калып, эртеге эчкилерди жайып чыккандан кийин эч бир жанга билинбей айлыма качып кетем деген бир чечимге келдим. Бирок шаты көпүрөдөн кантип өзүм жалгыз өтөм деген маселе жүрөгүмдүн сары суусун алып, айлам түгөнүп, дагы ыйлагым келди.

Эртеси чоң чатак күн чыкпай башталды. Таежем чулчуюп көкмөк болуп шишип кеткен оң жаагымды көрүп, түнкү окуяны айттырбай түшүндү.

– Ким урду, айт, мен ошол зөөкүрдүн колуна өлүп берейин. Айт, Эсенби, же Болотбу, ким? – деп канчалык такып сураса да, «билбеймден» башка жооп айтканым жок. Ырасында караңгыда кимдин колу тиигенин көргөнүм жок.

Кол салган үчөө эле, кимиси колундагы катуу буюм менен урганын так билбейм. Күмөнүм Болотто, бирок күмөнгө ишене бербедим. Таежем жеткен өжөр неме экен, ошол замат чоң жаңжал көтөрүп, кечээги оюнга катышкан балдардын ар биринин үйүнө барып ата-энелери, урук-туугандары менен айтышып, коркутуп-үркүтүп келди. Байкашымча, ал балдар да ата-энесинен жеме, сөккү угуп, айрымдары таяк жеп, запкы тартты бейм. Балдардын эч кимиси мен элем деп моюнга албады, башка бирөөнү айтышпады. Сыягы катуу карганышып касам ичишкендей жөнү бар.

Ал күнү таежем эчки кайтартпай үйүндө бапестеп бакты. Бака жалбырак терип келип, жаагыма таңды. Бечара таежем эчкилерин бир сааттай кырга жайып келип, бир күнгө ачкадан өлбөйт деп, улактары менен кошо сарайга камап койду. Таежем сарайга кеткенде, мен жата берип аябай зеригип, түштөн кийин шаты көпүрөгө бардым. Күрпүлдөгөн Арал дарыясынын айбатынан алыстан чочулап, көпүрөдөн алыс отурдум да, эмне кылсам? – деп ойлоно баштадым. Көпүрөдөн тобокелге салып ары жакка өтүүгө көзүм чачырайт, бирок жалтактап жүрөк даабайт, артка, таежемдин үйүнө кайтууга такыр көңүлүм барбайт. Бир чечимге келе албай, эки анжы болуп отура бердим. Ушул элдин каргышы тийген көпүрөдөн өтсөм эле, ойлогонум аткарылып, үйгө, апама, Арнаалыга заматта жетип барчудаймын. Менин жолумду кан буугандай тосуп, көкөйүмдү кескен – ушул жек көрүмчү кандуу көпүрө. Мындай солкулдаган шаты көпүрөнү кайсы акылы жок адам курдурду экен? Биздикиндей ат араба, машинелер өткөн чоң көпүрө курушуп коюшпайбы – деп ичимден аралдыктарга ызаланып жаттым.

Аралдын боюнда убакыттын өткөнүн сезбей отура берипмин. Таежем үйдөн мени таппай, дагы кечээги балдар менен ойноп кеткенби деп, ары жүгүрүп, бери жүгүрүптүр, аябай убара болсо керек, анан кимдир бирөө ал баланы көпүрө жакта жүргөн эле десе, артыман жетип келиптир. Ушунчалык корксо керек, бечара таежемде өң жок, купкуу.

– Жувармбек, сага буерде бышырып коюпбу? – деп колумдан бекем кысып, жонума чаап жиберди. Мен көз жашымды төгүп ыйладым.

– Үйгө кетем, апамды сагындым, – деп колумду сууруп качууга аракеттендим. Таежем эки колумду куушура кармап, үйүн карай дегдеңдетип ээрчитип жөнөдү. Мен да тыр-

тыштап артка тартам. Экөөбүз жүгөрүнүн арасындагы жол менен тарткылашып келатсак, алдыбыздан эшекчен сакалы аппак карыя жолукту. Карыя бизге жол бошотуп, четте күлүмсүрөп карап турду. Таежем арманын айтып арыздана кетти:

– Бирөөнүн баласына көз каранды болгондон иттин баласына жалынган артык экен. Бу Жувармбек, о билесиз го тиги өйүздөгү бир тууган эжемдин уулу. Бир айга эчкилерди тостурам деп сурап келсем, бүгүн үйгө кетем деп мына бу көпүрөнүн жанында отуруптур. – Мандайынан шорголоп аккан терин алаканы менен сүртүп алды да: – Эсим чыкканын айтпаңыз. Жаш бала эмес, чоң адам кудайга зарлап араң өтөт бул көпүрөдөн суу кирип турганда, – деп таежем мени жемеледи.

Карыя мени аягандай колдоп сүйлөдү:

– Баланын иши чала да. Уулум, бул көпүрө менен ойнобо экинчи, – деп акыл-насаатын айтып, эшегин кыдыңдатып өтө берди.

Мен айыптуудай жерди карап унчукпадым.

Ошентип качууга болгон аракетим оңунан чыкпады. Мурдагыдай бир-бирине опокшош күндөр кайрадан башталды. Ырас, үч күндөн кийин эчки жайып жүрсөм, айыптуудай үңүрөйүп Эсен келди, ал айып тигилерде, мен да алардан кол үздүм деп канчалык актанса да, жаныма такыр жолотпой кубаладым, жүзү кара чыккынчысың, сендей досум жок деп айтканымдан кайтпадым.

Эми өзүм жалгыз эчкилерди айдап чыгам да, баягы таанымал Кызыл-Жарга камайм. Бирок акыркы күндөрдө эчкилердин пейили бузулуп, мени бир азга көчүк бастырып отургузбайт. Дүйнөдө эчкидей шум, ордунда тынчып турбаган жандык болбосо керек. Отту кабалап, чүйгүндөп жейт экен. Уй, кой жаныбарлар момун да, оозуна туш келген чөптү аймап жей берет. Өзгөчө «Сур эчкинин» азабы өтүп кетти. Таяк менен майыштыра чапсам да, тоготуп койбойт. Эчкилерди жолдон чыгарып, чөптөрдүн чыктуусун издеп кырдан-кырга кетет. Күйүгүп жүгүрүп жүрүп, алдын тосуп, туюк жарга камап, эми бир пас жаным тынчысын деп, көчүгүм эми жер жыттаганда, көзүңдүн кырын салсаң, алар ээрчишип, таштан-ташка секирип өтүп, тээ бийик жалама зоолорго багыттап жөнөйт. Канчалык чычыркайың чыгып кыйкырсаң да, айбат кылсаң да, «Сур эчки» калгандарын баштап, өз билген жагына жойлойт. Ошондо жаның кашайып, эчкилердин шыйрактарын таш менен жанчып койгуң келет. Төө кайтаруудан азап жок дегендей, бирок эчки кайтаруу андан кем азап эмес. Эң оор кылмыш жасаган кишиге мына мындай жалама зоодо эчки кайтартса, өз жазасын өзү актаар эле.

Куу эчкилердин айынан таманым тешилсе да, ойлогон оюм – туулган айлым, апам, өзгөчө Арнаалы. Отурсам-турсам, анын бакыракай көздөрү элестейт, шашпай сүйлөгөн дабышы кулагыма угулат, экөөбүздүн эгиз козудай ээрчишип жүргөн ынтымак күндөрүбүз эми эч качан кайрылып келбестей сезилет. Бөлөм азыр, ушул мүнөттө эмне кылып жатты экен? Ал дагы жүгөрүнүн, же тамекинин шагында уюн жетелеп, мени качан келет деп саргарып отурат болду бекен? Же мени унутуп башка бирөө менен достошуп кеткендир. Сенин мынабу адамдын каргышына калган аскалардын арасында аны ойлоп, аны сагынып жүргөнүңдү ойлоп коюптур дейсиңби? Жок, жок! – деп өзүмө өзүм каршы болгон үнүм тереңден атырылып чыгып, анын жаңырыгы тээ бийик зоокалардан угулгансыйт... Арнаалы мени эстеп жүрөт, сагынып жол карап жүрөт, ал менин эң жакын досум – деп, өзүмдү өзүм жубатам. Баягы тааныш бийик чокуга эчкилерди тосуп жүрүп жеткенимде, айылымдан көзүмдү албай карай берем, көзүм талыгыча телмирип карап отура берем...

...Согуш жок, тынчтык кезде биздин айылда күз болор менен үйлөнүү тойлор өтүп, жигиттер, келиндер, бойго жеткен кыздар тоготмек ойношуп, ошол кечелерде не бир сонун ырлар ырдашчу. Биз балдар да чоңдордун жанынан алыс кетпей, алардын ырларын өтө кунт коюп угар элек, айрым жаккандарын жаттап да алчубуз. Ошол ырлардын бирөөсү азыр эсиме түшүп, кулагыма даана угулуп, ички сезимимди ого бетер козгойт:

Тектир бир тектир тектир саз,
Тебишип ойнойт өрдөк каз.
Тецтуштан теңтуш айрылса,
Телмирип агат көздөн жаш.„

Кубум бир кубум, курбум саз,
Кубушуп ойнойт өрдөк каз.
Курдаштан курдаш айрылса,
Куюлуп агат көздөн жаш...

Бала болсом да, ошол мага белгисиз адамдын достук, курбулук жөнүндөгү сагыныч ыры менин азыркы алабалымды, ички сезимимди, Арнаалыга болгон балалык достук сагынчымды ушунчалык толук камтыганына таң калып отурдум. Менден мурда да бирөөлөр досторунун каниет – тагдыр аларды ажыратып, мүмкүн бирөөсү капыстан мерт болуп, же башка тарапка кокустан кетип, менчилеп эчки кайтарып жүрүп, сагынычына, күйүтүнө чыдабай, достук жөнүндөгү тоонун кашка суусундай таза, өлбөс-өчпөс ырды чыгарса керек. Бул улуу күйүттүн, улуу сагынычтын, көз жаштын ыры. Бул ырды жараткан адамдын көкүрөгүндө улуу достук жана достукка ишенич бар. Ою жаман, дили бузук адамдан мындай ыр эч качан чыкпайт!

Телмирип агат көздөн жаш!
Куюлуп агат көздөн жаш!

Бул ыр – менин көкүрөк ырыма айланды. Эчкилердин артында таманым тилинип зуулдап жүрөмбү, же кырга чыгып туулган айлымды карап отурамбы, же кечинде таежемдин жанында от жагып, сүт байытып отурамбы, бул ырды угулар-угулбас кылып муңканып ырдай берем, айрым учурда анын илебине ушунчалык берилгендиктенби, көзүмдөн ысык жаш капыстан чубуруп кеткенин өзүм да сезбей калам.

Эки жума өттү. Эки жума мен үчүн эки жылдай болгонсуду! Күн кеч кирип, таң атпайт! Мезгил өз ордунда түбөлүккө тушалып, катып калгансыйт. Айрыкча, мезгилдин жылышы саратандын аптабында оттой ысыган кызыл аскалардын койнунда өтө узун жана азап. Бир гана мезгилдин өтүшүн сезип, же тоготуп койбогондор мынабу жети баштуу желмогуздай «Сур эчки» баштаган эчкилер!

Бир жолу өчөшүп, эчкилердин алдын тоспой, баштары ооган жагына бара берсин, каерге жетип токтор экен шумшуктөр деп ордумдан козголбой отуруп алдым. Эчкилердин бет алган багытын алыстан көзөмөлдөп отура бердим, көпкө отура бердим. Бешим ооганда карасам эчкилерим мага куйруктарын карматпай, тээ көз кайкыткан жалама зоолордун боорунда оттоп жүрөт. Салпактап артынан жөнөдүм. Урчуктуу аскаларга тырмышып, коркунучтуу жерлерден өтө аярлап (астымды карасам башым айланат) мен да жогорулай бердим. Кумдуу жонду бассам, кум куюлуп, сени төмөн алып жөнөйт, кайра жогору чыгууга тырышам, бут баскан жерден таш куласа, бири-бирин коштоп, күрүлдөшүп төмөн кулашат. Жогор жакты карасаң, бардык аскалар сени басып калчудай калдаят. Эптеп-септеп тар жол, тайгак ашуу менен эчкилер оттоп жүргөн бийик белге тердеп-тепчип жатып чыктым да, боюмду көк чөпкө таштап, акылдап жаттым. Тоонун жону тептегиз, ат чаап ойноп турган, көк шыбагы жышаң аянт экен. Эчкилер жашуундашып, жаш шыбактарды сугунуп оттоп жүрүшөт. Күн кечтеп, тоонун көлөкөсү коктуларда, жылгаларда коюулап бараткандыктан, караңгыда аскада түнөп азап тартпайын деп кыйкырык салып эчкилерди төмөн карай кубалап жүрдүм. Алар таштан-ташка кенеп койбой ойноп секирип өтүп, курсактары тоюп, көңүлдөрү чак окшойт, кээде бир-бири менен эркелеше сүзүшө коюшуп, мага жеткирбей кетип калышты. Бийик тоого чыгуудан көрө, андан төмөн карай түшүү өтө кыйын жана коркунучтуу экенин ошондо түшүндүм. Азыр эле оңой-олтоң жогору карай чыгып кеткен жерден, башым айланып түшө албай, аскага камалып, айлам түгөнүп, улам жаңы жолдор издеп, убактым бекер өтүүдө. Жолдун жарымына келгенде, туюк аскага туш келдим. Оң жагым бийик зоо, тик карасам башым айланат, сол жагым коркунучтуу аска, эгер бутуң тайып куласаң сөөгүңдү төмөн жактан таппайт. Төмөн жагымда эчкилер оюн салып түшүп кеткен жалама, сыйгак жолдун изи турат. Карасам, ошол жолдун астында дагы эс чыгарган жар турат. Тагдыр ушул экен, жазыксыз жаным Кожожаш мергендей туюк аскага туш келип, камалдым да калдым. Айлам түгөнүп, үн чыгарбай бышактап ыйлап да жатам, кантип амал таап түшүп кетүүнүн айласын бала болсом да издеп жатам. Аскадагы уюлчугу чыккан кара ташты эки колум менен бекем кармап, төмөн карай бутумду салаңдаттым. Эгерде бутум тиги таштагы очок кейиптенген чуңкурга жетсе, андан аркы кыя жол менен эптеп калтырап төмөн жылууга болот. Бут денем калтырап, бутум очок-чуңкурду издейт, бирок аны өз көзүм менен көрө албай, ага бутум тийбей, аскада асылып турам. Кайрадан жогору чыгып кетүүгө дарманым жок, колумду коё берсем, топтой төмөн кулачудай болом, каруум кетип, эки колум тең жылмышып, тердеп алдан тая баштады. «Адам көрбөс аскада өлүп, кузгундарга жем болот деген ушул тура! Эмне жазыгыма апам мени бул жакка жиберди экен, эми аскадан кулап өлсөм, арманында айтып жер муш-

тап отур! – деп өлөлбай жатып, апама ачууланып кекенем. О, кудай, бутумдун учу жанагы болжогон чуңкурга тийгенде дей болду, а катыгун, ал эмес, башкага тийген болсо, эмне болом? Кайрылып кароого такыр айлам жок. Корккондон көлдөп-шалдап тердеп да кетипмин. Тобокел деп колумду коё бердим!

Эки таманым жанагы чен кылган жерге тийгенде, тирүү калганыма ишендимби, бет мандайымдагы керели-кечке ысык аптапка какталган ысык асканы бекем кучактап ыйлай бердим, ыйлай бердим! Бул азаптан эсен-аман кутулуп, төмөн түшсөм, үйгө сөзсүз качып кетем деп каргандым. Мейли, шаты көпүрөдөн кулап, сууга агып өлөйүн, бирок бул жерде мусапыр болуп эчки кайтарбайм. Кетем!

Ошентип, төмөнгө түшкөн ар бир кадамым, кичине эле бут тайса, өлүмдүн кадамы эле. Жолуң оң баратып эле кантип туюкка камалганынды сезбей каласың. Улам көчүгүң менен жылмышып жылып, кээде аскага асылып, төмөн жактан бутка таяныч-тирөөч издейсиң. Кокус, ошол болжогон ташың морт чыгып, төмөн куласа, анда ошол ташменен тең жарышып тээ төмөнгө түштүм дей бер! Не бир коркунучтуу мүнөттөрдү башымдан өткөрүп, күн батарда жолумду камаган аскалардан кутулуп, Кызыл-Жарда менин жолумду карап жайма-жай оттоп жүрген эчкилерге жетип, эми жан меники дегендей, өзүм чыккан бийик зоокага карап, денем дүркүрөп коркуп кеттим, өз көзүмө өзүм ишене бербей: «Тиги жалама зоодон түшүп келдим ээ», «Жашасын кеңеш өкмөт», «Арнаалыга ушул азабымды айтсам, түк ишенбейт» – деп мактанып карап турдум. Өлүм менен өмүрдүн ортосунда жан талашып жатып, кызуу кезинде сезбей калыпмын. Көкүрөгүмдүн үч-төрт жерин асканын миздүү курч таштары тилип кетиптир, ооруганын эми гана билип жатам. Булар көп эмес, тез эле айыгып кетет, негизгиси алтын баш эсен калды, – деп өзүмдү жубаттым.

Күн батканда гана эчкилерди алдыма салып, сыр алдырбай, көңүлдүү ырдап таежемдин үйүнө көздөй жөнөдүм.

Таежем күндөгү убактан кеч кайтканыма кыжалат тартып, – дагы эмне болуп кетти балага деп дарбазанын алдында жолумду карап отурган экен. Таежем эсен-соо келгенime кубандыбы, же өз айылымды сагынып, өзүм саргарып жүргөнүмдү сездиби, үрпөйүп өсүп калган чачымды жылуу жумшак эркелете сылап, бетимден жыттап, анан кебетеме үңүлө карап:

– Сага эмне болгон каның качып. Дагы уруштуңбу?

– Жок, – дедим. – Башым ооруп турат.

Башымды кармалап көрдү да:

– Ырас, башың ысып турат. Жатагой, – деди мага сөөрүдөгү жаткан жериме төшөк салып.

...Ошол түнү бир ажайып түш көрдүм. Таежемден жашырынып, шаты көпүрөгө барсам, Аралдын аркы жээгинде Арнаалы мени кутуп турат. Экөөбүз бир-бирибизге карай көпүрө менен утурлап жөнөйбүз. Дарыянын ашып-ташып кирген мезгили экен, көбүгү көпүрөгө тиет. Биз көпүрөнү суу агызып кетпегей эле деп кооптонуп, калтырап коркуп улам жакындап келатабыз, бирок эмне үчүндүр жол арбыбайт, биздин колдор бир-бирине сунулат, бирок такыр жетпейт. Эми гана кол алышып, бекем кучакташарда, көпүрөнү суу алып, биз аркы жээкте эсен калабыз.

Ойгонсом түшүм экен, корккондон, өпкөм көөп калыптыр. Ох, түшүм экен – деп арманда калдым. Таң атып, таежем эчкилерин саап жүрүптүр. Баары бир бүгүн качам деген убадамды жүрөгүмө бекем түйүп турдум.

Күн чыкканда эчкилерди күндөгүдөй айдап чыктым, атайылап өтө алыс кеткеним жок. Чоң чашке болгучаң, алардын алдын улам чукул тосуп, Кызыл-Жарга камай бердим. Болжоомдо, таежем тамеки сарайга кеткен мезгилде, эчкилерди кайра айдап келип, коргондун ичиндеги жаткан жайына камадым да, экинчи бул үйдү желкем көрбөсүн деп шаты көпүрөгө жөнөдүм. Жүгүрүп баратам, коркуп баратам.

Арал кадимкисиндей күрпүлдөп агып жаткан экен. Артымдан таежем кубалап жетип келеби деп аябай кооптонуп, жүрөгүм түшкөн жаным, кылчактап отурбай тобокел салып көпүрөнүн оң жагында тосулган темирин бекем уштап, кадам шилтедим. Беш-алты кадам аяк шилтегенде эле дарыядан башым айланды, бул жолу көпүрө суу менен кошо төмөн жылып бараткандай болду. Мен корккондон «Апа-а!» – деп чыңырдым да, темирге жармашып, көзүмдү жумдум. Бут денемди безгек тийгендей калтырак басты. Көзүмдү ачсам эле күрпүлдөгөн Аралдын кучагына кирип кетчүдөй болом. Эми арт жагыма кайтууга да чамам келбей калды. Эмне кылсам экен? Ордумда көзүмдү жумуп отура берсем, таежем кайра жетелеп кетет да. Отуруп-отуруп амал таптым, төрт аяктап көпүрөнүн ортосу менен жөрмөлөп жөнөдүм. Көпүрөнүн солкулдаган тактасына жармашып, жылып бара

жатам, көпүрө астын-үстүн айланат, кээде жогору карай
жылып жөнөйт, кээде чыгырыктай айланат. Мандайымда
муздак тер тынымсыз шорголойт. Көпүрө өтө тез айланган
да, көзүмдү жумуп, аны бекем кучактап жатам. Астымдагы
Арал так денемди аралап аккандай жулунат, кулагыма э
нерсе угулбайт. Көзүмдү ачсам, аркы жээкке алты метрде
калыптыр. Аябай сүйүндүм! Көзүмдү ачып жумуп, ошол та
рапка жөрмөлөп баратам, жөрмөлөп баратам. Бир убакт
тизем, колдорум жерди баскандай болду. Бирок, көзүмд
ачыштан корком. Көзүмдү ачсам, көпүрөдөн беш метрде
өтүп, чандуу топурак жолдо чөгөлөп туруптмун. Азыр көпүр
эмес, буткул жер тегеренип, мени кайдадыр зуулдап уч
руп бараткандай. Тике турсам, башым айланып жыгылы
кетчүдөй болуп, жолго чалкаман түшүп жатып, көк асман
ды карап, жеңил-желпи, каалагандай кеңири дем алдым.
сенден бийик күч барбы? Азыр жер тарып, көк асманым да
сен да көз алдымда кыйрап жатпадыңбы.

О, касиетинден айланайын көк асман! Сендей тунук

Жолдо асманды карап канча убакыт жатканымды бил
бейм, ордумдан турсам, башым айланбай, жер огуна кел
ген экен. Аралга кылчайып карап койбой, келген жолум
түшүп, үйгө жөнөдүм. Артымдан куугунчу келе жаткандай
жортуп келе жатам. Жолдогу мырза теректин бир бүчүрү
сындырдым да, өзүмө таяк кылып алдым. Кокус кол салга
ит болсо, бул таяк менен жолотпой коргоном. Эки чакырым
жол жүрүп, эми таежеме оңойлук менен жеткирбесиме ише
нип, көңүлүм кичине ачык, жайдарымын. Бирок алды жак
та жүрөгүмдү беймаза кылып эзген сыноо – бир жарым ча
кырымдай чытырман камыштын арасындагы сокмо жол бар
эле. Камыш жайында өтө жана коркунучтуу көрүнчү, ара
сына төө аралап кетсе, оңойлук менен табылбайт. Кээде ай
ылдын жеке менчик уйлары жоголсо, ээлери ушул камыш
туу коруктан эки-үч күн издеп арақ табышчу. Мен ошол
камыштан өтсөм эле, андан ар жагы эл ичи, даңгыраган кең
жол, андан ары биздин айыл.

Калың камыштын четине жакындаганымда, аралап өзүм
жалгыз кете берүүге батынбай, артымдан бирөө-жарым ше
рик жолоочу чыгып калса, ошону менен эш болуп кетей
ин деген үмүттө жол боюнда бир кыйла кылчактап турдум.
Кычагандай эч ким көрүнбөйт, жол карап түңүлдүм да,
жалгыз аттана бердим. Улам камышты аралап, улам жо
лум тереңдеген сайын коркконум ашып, эсим чыгат. Эки

жагымдагы күндүн нуру көрүнбөгөн калың камыштардын
арасынан шырт эткен үн чыкса, аландап айланамды карап,
ордумда туруп калам. Корккондо кош көрүнөт эмеспи! Жа-
кын жерден шарт-шарт эткен үн чыкты да, токтоп калды.
Мен дагы колумдагы таягымды даярдап, ошол жакты аңдып
калдым. Кокус карышкыр болсо, эмне кылам деп коркуп
араң турсам, үч-төрт таргыл ала жапайы мышык камыш-
тардын арасынан ээрчишип чыга калып, таякчан менден чо-
чуп, култ коюп качып кетишти. Мышыктар эле турбайбы,
ошолордон да коркуп деп өзүмдү өзүм жемелеп, осол болуп
калдым. Кокус бул окуяны бирөөгө айтсам, мышыктан кор-
куп, ыштанын булгап алган деген кутулбас сөзгө каласың.
Акыры чытырман камыштан суурулуп чыктым да, алыстан
өз айылымды көрө коюп, «Жашасын, кеңеш өкмөт» – деп
кыйкырдым кубанып, кубанычым койнума батпай жортуп
келе жатам. Эми кереги жок деп таягымды да ыргытып
жибердим. Алыстан заңкайып көрүнгөн ак чынарга тез же-
тейин деп, буту-колум жерге тийбей жүгүрдүм. Ак чынарга
күйүгүп жетип, анын ыйык бутактарын жыттагылап, эсен-
аман көрүштүк деп, ага сыйындым, жанымдагы тунук була-
гына бетимди жууп, жата калып жутуп-жутуп алдым.

Жаныбар булактын тазалыгын, муздактыгын айта
көрбө, саратанда тиш какшатат. Кийин жетилип, окууга
кетип, өз айылымдан алыста жүргөндө да, дайыма ушул
кара суу булагын тамшанып эстейм, келген сайын, атайын
барып, жанында отуруп, бетим жубам, чаңкоомду канды-
рып, кочуштап жутам.

Тууган жердин тунук суусуна ким тоймок эле!

Атам үйүбүздүн жанында көк эшегин отко коюп, тас-
сын тартып отуруптур. Менин караанымды көрүп, алаканын
мандайына тосуп, өз көзүнө анчалык ишене бербей утур-
лап басты. Мен чымын-куюн болуп атама чуркап жөнөдүм.
Атамдын кучагына кантип жеткеним билбейм, мен эркелеп,
бек кучактап, анан мойнуна асылып, кубанганымдан ый-
лап жибердим. Атам мойнумдан, башымдан жыттагылап,
эң мээримдүү сөздөрүн айтып, ыйлаба, жигит да жашыйбы
деп сооротуп жатты. Толкундангандыктан, атама эч нерсе-
ни түшүндүрүп айталбай, күчүмдү көз жашыма чыгарып,
энтиге бердим.

– Өзүң келдиңби? Коркпой кантип жалгыз келдиң? Ой,
тообо, акыр замандын балдары,– деп атам таң калып такып
сурап:

– Качып келдиңби? – деди башын чайкап.
Мен көз жашымды кургатпай, ооба, – деп баш ийкедим.
Атам ого бетер жаны күйүп, тыбырчылап сурады:
– Ой, ит десе, көпүрөдөн ким өткөрдү?
– Өзүм.
– Өзүм? – Атамдын түк ишенген түрү жок.
– Ай-ай, шордуу балам, агып кетсең эмне болмок? Биз
ди боздотмок турбайсыңбы? – деп кейип-кепчип, мени бо
оруна кысып эркелетип: – Баланы жибербейли дегенмин,
тилди албайт иттин байбичеси. Бала жетимдей болуп өң
азыптыр. – Атам бул сөздөрдү атайы апамдын энчисине ый
гарып, өзүн актоодо.
Атам мен ыйлап басылгандан соң, үйгө ээрчитип кир
ди. Кудайга шүгүр, апам сарайда экен. Болбосо, таеженди
какшатып эмне үчүн качып баса бердиң деп синдисине жа
тартып, мени гөр жемеге алмак. Үйдө бат эле башым ооруп,
денем оттой жанып күйдү, атама: жатам, аябай кыйналып
турам дедим. Атам бечара бөйпөлөктөп, башымды укалап,
катуу ысытмаң бар деп төшөккө жаткырып, жанымдан
жылбай күбүрөп куран окуп, таспи тартып отурду. Түштөн
кийин апам сарайдан келип, мени көрүп аябай өңү өзгөрүп
чоочуп кетти. Менин ал-абалымды, көпүрөдөн өзүм калтаа
рып өткөнүмдү, калың камышты жалгыз аралап келгеним
ди атамдан угуп, аябай эси чыгып, мага кагылып-үргүлүүдө.
– Кой десе болбойт, кызталак иттин байбичеси.
Синдисине жан тартып, жаш баланы кор кылып, – деп атам
учурдан пайдаланып, апамдын болор иш болуп, боёгу кан
гандан кийин жалынып жалбарганын мурдун тырыштырып
(ошондой адаты бар эле) жактырбай, астыртан сасып коёт.
Апам атамдын кур жемесин укмамыш болуп, сыр алдыр
байт. Башка учур болсо, апам да атама моюн сунуп отурмак
эмес, азыр өзүнөн айып кеткендиктен бир жагы, экинчи
жагы мага жаны ачышып, боору ооругандыктан тултуюп
унчукпайт. Атам да жеткен куу адам, мындай учур сейрек
келерин билип, апамдын жинине улам тийип, өч алып, та
басы кангандай жалт-жалт карап коёт.
– Калп эле жалынат эми... Балага күйгөн адам бирөөнүн
эчкисин кайтартып коёбу?
Апамдын жанына батып кетти бейм, баятан берки ток
тоолугун быякка жыйыштыра коюп, атама ачууланып аты
рылды:
– Бирөөсү ким? Менин чечекейдей синдим сага бирөө
болуп калдыбы?

Атам кокустан сөзгө алдырып койгонуна өкүнүп, сага айтышып жеңилмек белем деп ордунан туруп, ары басып кетти.
Күн кечтеген сайын менин ысытмам улам күчөп, жөөлүй баштадым. Баланын эси чыгып, жүрөгү козголуп калса керек ээн жолдо – деп, атам бечара бир корозун союп, ырымдап жатканын элес-булас билем. Аскада камалып турганым, көпүрөдө калтырап жөрмөлөп баратканым көзүмө көрүнөт да, улам кыйкырып чоочуп кетсем, төшөгүмдөн секирип тууга далалат кылсам атам менен апам кучактай калып, төшөккө кайра жаткырат.
Караңгы киргенде дарбаза тараптан таежемдин корккон үнү угулду.
Сыягы атам да, апам да күйүгүп артымдан кубалап келген таежемди кабактарын салып, салкын тосуп алышты окшойт. Мен ичимден буга кубансам да, көнүлүм тынчыбай, дагы мени алып кеткени келген экен деп ого бетер эсим чыккан жаным жөөлүп жаттым:
– Атажан, мени аясаңыз түк жибербеңиз Аралга, анда өлүп калам – деп кыйкырып, ордумдан тура качууга умтулам, атамдын мойнуна бекем жабышам.
– Кулунум, жибербейм, кулунум. Атаң сенден айлансын – деп, атам мага улам жалбарат, жалынат.
Таежем менин ал-ахвалымды көрүп, өзүнүн да эси чыгып, сөөрүнүн четинде унчукпай отурду. Апам экөөнүн шыбырашып сүйлөшкөндөрү угулат.
– Чымын куюн болуп жүгүрүп, силердикине жеткенимди да билбей калдым. Бала үйдө жок болсо, жездем менен эжеме эмне жоп айтам, беттерин кантип карайм. Жаш бала көпүрөдөн башы айланып, агып кетсе шорум кайнабайт беле өмүрлүккө, эже. Эмнеге бирөөнүн баласын сурап алдым экен, ошол эчкилер багылбай куруп калсын,– деп ээн жолдо ызама чыдабай, өзүмдү өзүм башыма муштап ишенсеңиз жинди болуп кете жаздадым деген таежемдин арыз-муңу кулагыма алыстан угулуп-угулбагансыйт.
Денем күйүп, тилим кургайт. Жалбарып муздак суу сурасам беришпейт. Атам бечара жанымдан бир карыш жылбай, муздак колу менен башымды укалап, ичинен күбүрөп улам дем салып, кудайдан өмүрүмдү жалынып-жалбарып тилеп, улам бата кылат.
Түн бою жөөлүп, көзүмө эчкилердин артынан барып, жалама зоодо камалганым, айлам түгөнүп аскада саландап

турганым, көпүрөдөн калтырап-титиреп жөрмөлөп өткөнүм
улам көрүнөт да, корккондон «Апа!» – деп улам кыйкы-
рып ойгонуп, ата-энемдин эсин чыгардым окшойт. Экөө тең
үрпөйүшүп, башымда алмак-салмак отурду.
Таң атарда гана жаным тынчып, ысытмам кайтып, ка-
туу уктап кетипмин...

1980–198

АРНААЛЫНЫН ӨЛҮМҮ

Бөлөм, бөлөм
Бөлөм үчүн өлөм.
Эл ыры.

Арнаалы экөөбүз абдан ынак элек. Эгиз баладай ээрчи-
шип дайыма бирге жүрөр элек: отунга да, тезек тергенге
да бирге барып, уйларыбызды айылдын төмөн жагындагы
камыш баскан корукта бирге кайтарар элек. Мындай ын-
тымак болуштугубузга дагы бир себеп – биздин апалардын
алыскы тууганчылыгы – экөө тең ичкилик кыздары экен,
ошол үчүн аларды айылда эже-синди деп аташчу. Алар бир-
бири менен көп катташып, жакшылык-жамандыкта бир ту-
угандай тик турушуп, сырдашып, эки үй-бүлө өзгөчө ынты-
мак эле. Арнаалынын апасы Турдугүл, апамдан он жаштай
кичүү болгондуктан эже деп, апама жан алы калчу эмес,
экөө эже-синдидей бир-бирин жакшы көрүшчү, сыйлаш-
чу. Кыскасы, эки үй жакшы тамактары болсо, бир-бирисиз
ичишчү эмес. Эки үй-бүлөнүн мындай ысык мамилеси, ал-
бетте, Арнаалы экөөбүздүн ого бетер ынтымакташып, жа-
кын болушубузга түрткү болбой койгон жок. Анын үстүнө
эмне үчүндүр экөөбүздүн тең аттарыбыз уйкашып үндөшүп
турчу: Арнаалы – Камбаралы. Бул дагы кокустук эмес
экен. Апамдын айтуусуна караганда, Арнаалы экөөбүз тең
бир айда кубалаша төрөлүп, (мен бир жума мурда) эки бөлө
ынтымак болсун деп аттарыбызды бир-бирине окшоштуруп
коюшуптур... Ата-энелер атайын тилек кылгандай эле, Ар-
наалы экөөбүз коюн-колтук алышып, эгиз козудай ээрчи-
шип өстүк, беш-алты жаштан тартып эки-үч күн көрүшпөй
калсак сагынып, үйлөрүбүзгө улам издеп келе берер элек.
Биздин мындай жакындыгыбызга апалар жетине албай, те-
рисине батпай сүйүнүшүп:

– О, окшошкон жамандар, ушундай дайыма ынтымак,
бир-бириңе арка болуп өскүлө, өмүрүңөр узун болсун, – де-
шип, экөө тең жан алы калбай бизди көргөн сайын кайта-
кайта акыл-насааттарын айтып, ыраазылыгын билдиришет.
Апалардын мындай мээрими төгүлүп айтылган жылуу-
кумшак алкоолорун укканда, кыйратып, чоң иш жасаган-
дай, биздин мурдубуз дердейип: «Бөлөм, бөлөм, бөлөм үчүн
өлөм»,– деп жанаша тура калып шатырата ырдап да коёр
элек.

Бейпил кезде биз ушундай ынтымак элек. Бирок капы-
стан согуш башталып, ар бир үйгө каран түн кирди. Со-
гуш башталганына бир жылдан ашып, биздин чоң айыл
өрт тийгендей суюлдай түштү. Ар бир үйдөн аз дегенде
бирөө, болбосо эки-үч адам кан кечип жүрөт, согуш адам-
дардын кулк-мүнөзүн, пейилин, мамилелерин кескин түрдө
өзгөрткөндөй болду. Мурдагыдай айылдан оюн-күлкү угул-
байт, той-тамаша жок. Сарайга барсаң тамеки тизген аял-
дар, келиндер кара кийгендей капа, басынкы, ар биринин
жүрөгүндө чоң күйүтү козголуп жаткандай, кебетелери суз.
Секелек кыздар ичинде жаткан бугун сыртка чыгара ал-
бай, оюнкарактык кылып, кокустан үн чыгара шаңкылдап
күлүп койсо, ал шордуу эби жок кылмыш жасагандай от-
урган эл жактырбай карашат, кыздын апасы ага үнсүз алая
карап («Өлүгүңдү көрөйүн, тиги жакта атаң же абаң ажал
менен кармашып жүрсө, сен кайсы абалыңа жаркылдап
күлөсүң!»), же болбосо, элге байкатпай санын көгөртө чым-
чыйт. Согуштан мурда, тамеки сарайындай оюн-күлкүгө
баткан жай жок эле, көз илештирбей ийнеге тамеки тизип
жаткан кыз-келиндер тең жарышып ырдашып, бир-бирине
азил айтышып, убакыт өткөнү билинчү эмес. Жигиттер бой-
го жеткен кыздарды, жаш келиндерди көзөмөлдөп (же алар-
дын купуя сырлары, убадалары бардыр, аны ким билсин),
атайы түнкү тизимге сарайга келишчү. Тил билги, астыртан
ортомчу болуп жүргөн жеңелери кокустан көрө койгондой,
шыңкылдап күлүп («Уй, жигит, биз Сизди да бир жерден
көрдүк эле») жанына отургузуп, колдоруна ийне карматчу.
Боз жигит бет маңдайында тымпыйып, уялганынан бети ал-
бырып отурган кыздан, же улам көзүн сүзүп, элге байкат-
пай тымызын күлүп, ич күйгүзгөн жаш келинден сүрдөп,
улам аны толкундап карап жатып, көп учурда шашканы-
нан сөөмөйүн же ортоң колун кан жалата ийне менен сайып
алганын да аңдабай калчу. Кыз-келиндер жигиттерди ыр-

датыш үчүн, же карыз кылыш үчүн тамекинин кош жалбырагын каалаган жигитинин кулагына такчу. Кош жалбырак – тамекинин чыныгы оюну, салты болчу. Салт боюнча кулагына тамеки тагылган жигит отургандардын көңүлүн ачып, ырдап же комуз чертип бериш керек. Андай ырчылык өнөрү болбосо, уйдай мөөрөп бериш керек, мөөрөй албаса, эртеси жакшы тамак бышырып (палоо басып, же козу соёбу, өз эркн), бозосу менен сарайга келиш керек, март болсо көйнөк да кийгизет. Кош жалбырак өтө сейрек кезигет, ошол үчүн аны үзгөн кыз-келин табериктей бекем сактайт. Айрым жигиттер, каалаган кыз-келин менен мамиле түзүп, тил табыш үчүн, атайы ошонун жанына отуруп, кош жалбырак тагышын зарлап күтөр эле.

Согушка чейин тамеки сарайы кызыктуу эле!

Азыр тамеки сарайдын баягы көркү жок, куну учуп, баягы жыргал тынчтык заманда оюн-күлкү алчактап тамеки тизген кыз-келиндер, аялдар ар бир түркүктүн жанында катышып, алардын көңүлүн ачкан жигиттер аскерге аттанган.

Согуш биздин үйлөрдү да аралап өттү. Өткөн жылы күздө бир чакырыкта Мамат, Хамза абамдар, аларга удаа Арнаалынын атасы Эргеш согушка кетишти. Бакир абам согуш чыкканда Белоруссияда аскерде болчу, андан алты ай өткөндөн кийин кат келип, эсендигин, кан аккан согушта экендигин билгенбиз. Ошондо абамдын үч бурчтуу конвертте келген катын окуп, тынч амандыгын билгендеги биздин үйдөгү кубанычты айта көрбөңүз! Атам узун аппак сакалдарын улам сылап, кубангандыбы, же жаны жабыр тартканданбы, колдору калтырайт. Карасам, жаш баладай жашып, билинер-билинбес көз жашы кирпигине, карыккан үнүн бизге угузуп-угузбай күбүрөйт:

– О-о, жараткан амири бийигим, кырк жыл кыргын болсо, бейажал чымын өлбөйт деп өзүң айткансың. Ушул алаамат кыргында кан кечип жүргөн балдарымдын өмүрүн өзүңө тапшырдым, өзүң сактап, өзүн калкалай көр, менин аталык арыз-муңумду угуп, мен өндүү пендеңе ырайым эт, о жаратканым! Омиин! – деп эки алаканын жазып, бата кылганда баарыбыз, апам, Алан, Амиралы акемдер, Жаннат эжем бир ооздон кошулуп, үн чыгарып колдоп кеттик. Андан бери жарым жылдай өттү, абалардан түк такыр кабар жок, үйдөгүлөр баары кулак-мурун кескендей тунжурап капа. Арнаалынын атасынан да эсен-соомун, чон Маскөөнүн

айланасында согуштамын деп үч ай мурда куштун тилиндей кыска кабар келген, ошондон ал да дарексиз. Эки үй биэки колубуз жакабызда. Апам, Жаннат эжем тамекинин түйшүгүнөн баш көтөрүшпөйт, таң азанда тамеки үзүмгө кетишет; апам чоң шашкеде үйгө келип, кызыл уйдун сүтүн бышырып, айранга уютуп, атам экөөбүзгө тамак берип, кайрадан шашып сарайга кетет. Жайындагы менин негизги милдетим жалгыз кызыл уйду жетелеп, оттуу жерлерге алып барып багуу, ага маканын ичинен чырмоок жулуп берүү. Арнаалы да ала уюн мага кошуп бирге багат. Кээде биз уйларыбызды айылдын үстүндөгү боз адырдын коктусуна камап коюп, экөөбүз дөбөнүн чокусуна чыгып, Ош тараптан көрүнгөн жолду көзүбүз талыганча телмирип карап отура беребиз. Ушул жол менен абаларыбыз, аталарыбыз согушка кеткенин көргөнбүз, эми ошол жол менен эсен-аман, алтын баштары, алты саны соо келерин ушунчалык зарыгып күтөбүз.

– Бөлөм, – деди бир жолу Арнаалы дөбөдө отурганыбызда чон кишидей маанилүү сүйлөп,– кокус тиги келаткан машинада абаларың келсе, эмне кылар элен?

Арнаалынын суроосу капыс айтылгандыктан, мен ошол замат жооп табалбай, бир аз шашып калдым.

– Бөлө, оозуңа май! Айтканың келсин, сенин да атаң ушул жол менен эсен-аман келсин! Абаларымдын мойнуна бекем асылып, колумду коё бербей сүйүнгөндөн ыйлай- ыйлай берер элем,– дедим чын оюмду жашырбай. Ырасында аскердеги абаларымды көп ойлоп, эсендигин тилеп, жүрөгүм эзилип сагынып, аябай куса болуп жүргөнмүн. Ошол учурда алыстан-алыстан көрүнгөн машинада эч болбосо, абаларымдын бири көнүлүмдүн тереңинде бүдөмүк ишене түшкөндөй, келип калса деп чоң үмүт менен көзүмдү албай карап турдум. Бирок, көрүнгөн машина улам-улам жакындап келип, биздин үйдүн үстүнө токтобой зуулдап өтүп кеткенде, сумсайып отуруп калдым, ичимде ызаланып, өңгүрөп ыйлагым да келди.

– А мен ыйлабас элем,– деди Арнаалы узап бара жаткан машинадан көзүн албай карап,– атамдан канча немис өлтүрдүң деп сурар элем.

– Ой, кара мүртөзсүңбү, бөлө? Атаң эсен-аман келсе, кантип ыйлабайсың? Атаң капа болбойбу? – дедим анын жообун жактырбаганымды даана билдирип. Арнаалы сыр-

тынан түнт, жоош көрүнгөн менен – баарын баамдап тургандай, чондордун сөзүнө кулак салып, өзүнчө жыйынтык чыгарган зирек, эстүү бала эле. Анын жанында мен шашма, чогол болчумун.

– Жок, бөлө сен жаңыласың, мен да атамды сагындым. Бирок, – деди ал, бир чоң маанилүү нерсени ойлонуп жаткандай, башын кашылап (анын ушундай адаты бар болчу), – атам согушка кетер түнү, айбандагы сөөрүгө жанаша отургузуп, мындай насаат айткан. Экөөбүз жалгыз болчубуз, апам тамак бышырып, төркү дализде жүргөн. – Балам, мен кандуу, чоң согушка баратам. Мындай согуш эч качан болгон эмес, бул согуштан тирүү келемби – келбейимби, аны пешенеге жазган билет. Сен жалгыз, түн уулумсун, карындашың Асылкан али наристе. Апаң жалгыз, жакын туугандары да жок. Таянары, арка кылары жалгыз сенсиң, уулум! Апаң аялдык кылып ыйласа, сен кошо ыйлаба, уулум! Апаңа кайрат айтып, бел боло көр. Мен жокто, ушул үйдүн түркүгү өзүңсүн, уулум, уктуңбу? – деп, кайталап сураган. Эт жүрөгүм ззилип, муунум бошоп, ыйлагым келип турса да, атам сынып калбасын деп, чыйрала түштүм да көз жашымды билдирбей, жең учум (түн караңгы болучу) менен көз жашымды аачып, кардыккан үнүм менен: «Уктум ата, сиз жокто эч ыйлабайм, апама тирек болом»,– дедим. Атам өтө ыраазы болгондой, оң колтугуна кысып, көк желкемден, чачымдан сылап, эркелетти:

– Ошентип уулум, эр жигит кайраттуу болушу зарыл деген.

Арнаалы экөөбүз тен тунжурап унчукпай калдык. Ал бир аздан соң менин сөзүмө жооп бергендей болуп: – Атам согуштан аман-эсен кайтып келсе, кубангандын ордуна өксүп ыйласам, капа болбойбу? Убадаң кана, уулум дебейби?

Мен Арнаалынын акылдуулугуна, убадага бекем тургандыгына дагы бир жолу таң берип, ичимден осолдоп, ага кардшы сүйлөөгө анчейин жооп табалбай, дулдуюп унчукпадым. «Баракелде, бөлө! Сыртыңдан жоош болуп, болпойгонун менен сенин ичиңде көп сырлар бугуп жаткан турбайбы? Мен аңкоонун башына мындай акылдар кайдан келсин?» – дедим ичимден кылтыйып, ага билдирбей. Арнаалынын мендей акылдуу, зирек болоруна жөнү бар дедим өзүмдү өзүм соротуп. Арнаалынын атасы чоң мугалим, көзү ачылган киши эле. Ал биздин айылдан биринчи болуп алыскы борбуз Фрунзеге барып эки жылдык институтту бүтүрүп келген, орусчаны суудай билген жан эле. Мен Арнаалынын үйүнө барганда, атасынын текчедеги катар тизилген китептерин көрүп, аябай таң калчуумун. Арасында орус, кыргыз, өзбек, казак тилдериндеги биз билбеген ар түрдүү китептер, жомоктор бар эле. Бир жолу Арнаалы экөөбүз китептерин аңтарып жатканыбызда аяш атам үстүбүздөн чыгып калды. «Урушат го» деп мен чочуп кеттим. Тескерисинче, аяш атам жадырап-жайнап, биздин китепке үйүр болгонубузга жетине албай кубанып: – Балдарым, силер да чоңоёсуңар. Ааламда тынчтык болсо, силер эр жигит, же алыскы Москвага, Ленинградга, Киевге барып окуйсуңар. Дүйнөдө силер окуй турган акылдуу китептер өтө көп. Ошол үчүн азыртадан жакшы окуп, китепке дос болуу керек. Китепке кызыкпаган адам ал бечара адам, дүйнөдөгү эң жарды адам, – деп, деги биздин али акылыбыз жетпеген, кулагыбыз укпаган адамдардын аттарын, китептерин, маанилүү сөздөрүн жадабай санап өткөнү эсимде. А менин атам болсо, беш ирекет намазын үзбөй окуган, молдолордун сөзүн кулагына куйган, Ош, Фергана, Кокон, Анжияндан алыс барбаган, кат тааныбаган, жетимишке таянып калган карапайым чал. Экөөнүн айырмасы асман менен жердей эмеспи? – деп өзүмдүн аңкоолугума эптеп-септеп себеп тапканыма ичимден компоюп ыраазы болсом да, эмне үчүн менин атам кары чал, кат сабатсыз, эмне үчүн мугалим эмес? – өндүү беймаза суроолор ызамды кайрадан от алдырып, көрө албастык ыплас сезим бүткүл боюмду ууландырып жаткансыды.

– Бөлө,– деген Арнаалынын коңур, жагымдуу дабышын угуп, ички уйгу-туйгу кыялым бузулуп, ага көңүл бурдум. Арнаалы ыйламсырап мени жалдырап карап туруптур. – Кийинки кезде жаман түштөр көрчү болдум. Бир түш күн сайын улам кайталанып кирет. Атам экөөбүз ээн талаада ээрчишип жүрөбүз. Кайдан-жайдан асманды кара булут каптайт да, боз топурак көрүнгөн күүн келет. Заматта атамды таппай калам. Эсим чыгып, «ата-а кайдасың?» деп жан алымдын баарынча талаа жаңыртып кыйкырам, эч бир жооп жок, өзүм ээн талаада боздоп ыйлап жүрөм. Ойгонсом түшүм, ысык көз жашым бетимди жайып, жаздыгыма тамганын сезем... Бөлө, бул жаман түш. Атам эсен-аман келсе экен... Мейли, жарадар болсун, колу же буту жок болсо да, эсен-аман үйгө кайтып келсе, апам экөөбүз кор кылбай, алпештеп багып алар элек,– деп, Арнаалы коюу кирпикте-

риндеги мелтүрөп турган көз жашын колу менен сүртүп, унчукпай калды. Бала ызасы, таарынычы бир пастык деп бекер айтышпаса керек. Ошол үчүн ачык-айрым, ичинде арамдык сактабаган адамды эл оозунда «бала кыял» деп коюшат. Азыр менин ичимде мышыктай аймалап, жанымды кашайтып жаткан көрө албастыгым тымтыракай тарап, Арнаалы бөлөмө боорум ачып:

– Бөлө андай жаман сөздөрдү сүйлөбө. Атам айтат: ар бир пенденин сүйлөгөн сөзүнө омийин деп турган ак жана кара периштеси болот имиш. Ак периште адамдын оң кулагында, кара периште жаман сөздөргө, жаман иштерге, жосундарга омийин деп сол кулагында бата берет имиш... Ошон учун ар бир пенде жаман сөздөрдү сүйлөбөй, баарын, ошонун ичинде көргөн жаман түштү да жакшылыкка жоруп туруш да парыз экен,– дедим мен көптү көргөн аксакалдай олуттуу сүйлөп. Арнаалыга менин жообум таасир эткендей болуп, ал желкесинен дайыма ныктап басып турган оор жүктөн ошол замат кутулгандай болуп, мурдагысындай жадырап, көңүлү көтөрүлгөндөй кебетеге келди. Мен да өзүмдүн кысталыш шартта чукугандай сөз тапканыма, атамдын билимсиз болгондугуна карабай, анын диний нускалуу маселесинде адамга тарбия бере турган күч бар экендигине кубанып да, ыраазы да боло түштүм. Арнаалы жер чукулап унчукпай турду да, күтүлбөгөн жерден:

– Анда, бөлө ушул түшүмдү жакшылыкка жоруп берчи? – деп кайрылды.

Ушул чакка чейин эч качан түш жоруп көргөн эмесмин. Ырас, апам, атамдар, агаларым түштөрүн жоруп, жакшылыкка тилек кылгандарын көп укканмын. Мисалы үчүн, мен төрөлгөн түнү Алан акем мындай түш көрүптүр. Ал жазында Кыр-Колдун белинде кош айдап жүрүп, түшүндө боз турумтай кармап алыптыр. Турумтайдын ушунчалык узун ак жиптен боосу бар имиш, ошол боонун орто жеринде бир кулачтай кара жиптен уламасы бар экен. Атам бул түштү угуп, отургандарга мындайча жоруптур.

– Балам, түшүң жакшы экен! Жаңы төрөлгөн иниң көп жашап, узун өмүрлүү болот экен. Кудайым буюрса, узун боо – бул узун өмүр. Ал эми турумтай кыраан куш болот, тепсе – жаза теппейт. Турумтай кези келсе бүркүткө кол салат. Өмүрү узун болсо иниң кем адам болбойт экен. –Анан атам бир аз унчукпай отуруп: – Узун боодогу улама кара жиппи? Адам баласы өмүрүндө ар нерсени баштан кечирет. Улама

кара жип, – жеңил-желпи оору-сыркоолор, көрө албас жолдоштор,– деп, жакшылыгына жооруп, ак бата бериптир. Бул окуяны атам мен эс тарткандан айтып, кулагыма куюп жүрөт. А мен өзүмдү бүркүткө кол салган турумтайдай сезип, мактанып шерденип жүрөм...

Калыстыгымды айтсам, Арнаалынын түшү баш аягына чейин коркунучтуу түш... Жакшылыкка илеше турган кичине жышаан жок... Ээн талаа, кара булут, куюн, атасын жоготуу, ый... Буларды кантип жакшылыкка жоорууга болот? Аябай оор абалда калдым. Бет маңдайымда жанымдай көргөн бөлөм жакшы үмүт менен жалдырап күтүп турат. Ой, тобо, кантип жоорусам экен?

– Бул түшүңдү апаңа айттынбы? – деп сурадым.

– Жаман түштү апама айтып жинди белем? – деди Арнаалы нааразы болгондой. –Ансыз деле апамдын эси чыгып, эки колу жакасында. Күнүгө төшөгүнө жатып алып, атамдын өмүрүн тилеп, ыйлай берет...

– Айтпаганың жакшы болуптур, бөлө,– дедим акыл айткан кишидей. – Бөлө, ойлоп көрсөм, түшүн андай эле коркунучтуу эмес экен. Асмандагы кара булут – ач көз немистер. Куюн болсо, эл башына түшкөн азап-тозок. Ал эми атаңдын жоголуп кетишин эмне десем? Азыр аяш атамдан кат келбей жүрбөйбү, ошонун өзү. Издеп жүргөнүң – кат күткөнүң, сагынганың, бөлө,– дедим шыдыр жооруганыма аябай сүйүнүп. – Айтчы бөлө, караңгыда көзүңө бир жарык көрүндүбү, эстечи – дедим шаштырып. Арнаалы ойлонуп туруп, баш ийкеди:

– Ырас, бөлө, ыйлап издеп жүрсөм, бет маңдайымдан жылдыз көрүнгөндөй болду,– деди бүдөмүк. Мага ушул гана керек болчу.

– Кудай жалгаптыр, бөлө, – дедим ордумдан тура калып, кубангандан секирип. – Ошол жылдыз жакканы кабар. Атам – жылдыз кубаныч деген. Жакын арада, аяш атамдын эсен-соолугун билдирген кат алат экенбиз, – дедим.

– Оозуңа май, бөлө. Айтканын келсин! Ошондо сүйүнчүсүнө чоң тоокту союп берем өзүңө – деп, Арнаалы ыраазы болуп мойнума асылып кучактады, экөөбүз бир тугандай болуп моюндаша кучакташтык.

Биздин мындай ынтымак экенибизди көрүшө албай арабызга от жагууга аракет кылган балдар да бар эле. Экөөбүз дайыма мектепке бир барып, бир кайтчубуз. Мектеп алыс болгондуктан чоочуп, эки айылды аралап өтчүбүз. Биз бара,

же келе жатканда сабакка такыр барбаган, бизден бир-эки жаш чоң, Чоро деген бейжай бала бар болчу. Андан балдардын баары жалтакташтып ээрчишип, дайыма өткөн-кеткенди андып чоң жолдо жүрөр эле. Биз, ырасында, андан аябай коркчубуз. Ага жолугуп калуудан жалтактап, мектепке тегирмен аркылуу узун жолго салып барчубуз, бирок бул оң эмес, коркунучтуу жол эле. Жолубузда ар түрдүү жемишке чөмүлгөн чоң мүрзө бар эле, биз ошонун жанынан өтчүбүз. Шырт этип дабыш чыкса, жүрөгүбүз алкымыбызга тыгылып, коркор элек. Коркконго кош көрүнөт дегендей, шарт этип канатын каккылап айрыкуш, же ак кептер учса, же чөптүн арасынан дейди ит секирип чыга калса, ушунчалык чочугандан: «Апа-а!» – деп кыйкырып жиберген учурларыбыз болгон. Айла түгөнүп, көп учурда тобокелге салып, Чоро жолукчу чоң жолго салар элек. Чоро жолукпаса, жолубуз болду деп зуулдап жүгүрүп, артыбызга карабай сүйүнүп өтүп кетер элек. Бирок, митаам, жүзү кара Чоро мектепке барар жана андан кайтар мезгилибизди болжолдоп билип, кээде атайы утурлап төрт көз ити менен жол карап отурар эле. Эгер биз атайы чоң кишилердин жанында баратсак, итин агытып жулуна албай, сопу мышыктай мултуюп жол четинде унчукпай карап турчу, бирок ошондо да астыртан бизге дат берип, сөөмөйүн артыбыздан кезеп: «Э, митаамдар, бул жолу оңой кутулуп кеттиңер, шашпагыла, эртеге колго түшүрүп, жети атаңарды таанытам»,– деп ызырынган түр менен кекенип калар эле. Арнаалы экөөбүз Чоро жиндинин бизге мынчалык өч экендигине таң калчубуз, түшүнчү эмеспиз, же анын түрмөгө камалып, дареги табылбай кеткен кумарчы атасын өлтүрүп, кунун төлөбөй жүрүппүзбү? – деп аңгеме да курар элек. Ал эртеси атайы жолубузду тосуп отурарын билчүбүз. Ошол себептен, чоң кишилер өтүп калбы деп, зарыгып күтөр элек. Өчөшкөндөй жолоочу чыкпай, айлабыз түгөнгөндө, тобокелге салчубуз. Чоро биздин караанибызды алыстан көргөндө, асмандан издегени жанынан табылгандай сүйүнүп:

– Окшошкон митаамдар, колго түштүңөрбү, ал Төрт көз,– деп буйрук берет. Арнаалы экөөбуз чыңырып ыйлап, жолго отура калабыз. Чоң кишилерден отурган кишини ит каппайт деп укканбыз. Ырасында эле, Төрт көз биздин жанынбызга жетип келип, бүжүрөп отурган кебетебизди көрүп, бул боз чымчыктай байкуштардын эмнесин тиштейин деп боору ооругандай тумшугу менен бизди түрткүлөп, анан

жолду шимшилеп, текеберлүү тике басып кеткенде, Чоронун чекир көздөрү чанагынан чыкчудай алайып, тилин албаган итине ызасы келип, Төрт көздүн жети атасына чейин боктоп тилдеп:

– Кап тигилерди, энеңди... десе, – деп ага атырылат. – Сага тамак жок бүгүн, ачка коюп, сени какшатпасам,– деп жоошуй түшкөн итине ызырынат. Биз Чорону ити менен алыстап кеткиче, ордубузда жалдырап отурабыз. Айла канча? – Бул чектен чыгып, ээн дөбөнүн бөрүсү болгон айбанды жөнгө салып, тилдеп койчу чоң кишилер да жакын арадан көрүнсө, арыз-арманыбызды айтып калар белек. Чоро өчөшкөндөй биздин жаныбыздан алыс кетпей, Төрт көзүн эрмек кылып, отура берет. Биз турсак эле ити ар-р деп басып калчудай айбаты бар. Ошонун айынан көп учурда сабакка кечигип барабыз. Агайга болгон чындыкты айтуудан бир жагынан тартынып уялабыз, бир жагынан Чородон коркобуз. Ал табасы кангандай кийин бизди ыплас сөздөр менен ашатып тилдеп:

– Эй, окшошкон галдайлар (галдай биздин уруу) жөнөгүлө өлө элегиңерде. Дагы көрө турган күнүнөр бар экен... болбосо, бул Төрт көз силерди эмес, атасын да аячы эмес, – деп итин ээрчитип алыстап кеткенде, биз мектепке жөнөйбүз. Ал дагы артына бурулуп токтоп: – Эй, мадыра баштар оозуңардан бир сөз чыкса жаныңардан түңүлүп койгула. Төрт көз силер менен аталаш эмес, – деп коркута мокотот. Ошон үчүн агай кайда жүрдүңөр, эмнеге кечиктиңер деп такып сураса да, Арнаалы экөөбүз жер карап, тултуюп унчукпайбыз.

Окуткан агайыбыз Сабиш адамга катуу сөз айтпаган өтө алпейим, сылык киши эле, биздин боор ачый турган кебетебизди көрүп:

– Үйдөн эрте чыкпайсыңарбы, же жолдо ойноп жүрдүңөрбү? Отургула, оюнкарактар,– деп жемелеп койчу. Биз оор жүктөн кутулгандай, партабызга отурууга шашабыз.

Арнаалы экөөбүз Чоронун кордугунан кандай айла тапсак кутулар элек деп бассак-турсак көп ойлоно турган болдук. Биз өзүнөн эмес (өзү жалгыз болсо, экөөбүз моюн бербейбиз деп чечтик) итинен өзгөчө коркобуз. Ити бизге чуркап келгенде нандын ичине ийне кошуп берсекпи деген чечимге да келдик. Бирок, бул заалим ойдон тез эле баш тарттык. Андан көрө, нан таштап, Төрт көздү улам жоошутуп, өзүбүзгө үйүр кылуу жолун туура таптык. «Жылуу

сөзгө жылан ийинден чыгыптыр»,– деген сөз бар эмеспи. Андан кийин Төрт көз үч-төрт жолу ээсинин буйругун угуп, бизге атырылып жүгүрүп келе жатканда: «Төрт көз, Терт көз өзү эстүү ит»,– деп, колубузда даяр турган загыра нандын кичинекей сындырымын алдына таштасак, бизге карап койбой, сугалактык менен биздин жемибизди басып жыгылды. Мындан кийин Чоро Төрт көздү канчалык кысымга алып, коркутуп-үркүтсө да, ит бизге такыр атырылбай, ордунда тилин саландатып: «Бул бечара балдарды мен капкыдай, алардын эч жазыгы жок»,– деп чочоюп отуруп алганда Чоро ызасына чыдабай итин бир-эки жолу тээп да жиберди. Ит каңшылап, аны жаман көзү менен карап, ары басып кетти. Биз өзүбүздүн акылыбыз оңунан чыгып, Чорону ити менен нараздаштырып койгонго сүйүнүп, табабыз аябай кангандай болду. Биздин ошол учурда кырданып турган кебетебизди көрүп, Чоронун шагы сынып, дагы ызасына чыдабай:

– Силер Төрт көздү дубалап койдуңар, иттин балдары. Кокус өлүп калса, кунун төлөйсүңөр,– деп коркута баштады.

Биз эми тең ата болгондой, өзүбүзгө өзүбүз ишенип, тайманбай калдык.

– И, Төрт көз эми биздин дос, баары бир бизге жолобойт,– дедим анын ичин атайы күйгүзүп.

– И, досту тапкан экенсиң, досту сага көрсөтөм,– деп Чоро Төрт көздү жан алы калбай чакырып, «кап буларды, тыт буларды» деп бизди көрсөтүп, колу менен белги берет, бирок итиң түшкүр «жеген ооз уяттуу» дегендей, жаныбыздан четтеп өтүп, көңүл бурбайт. Чоро Төрт көздүн бизди каппасына көзү жеттиби, аны бир жолу боктоп-алдап тилдеп, колундагы чыбыгы менен каңкылдатып чапкылап, алыс кубалап жиберди. Биз алыстап кеткен элек, артыбыздан кубалап келип, жолубузду тосту. Ал экөөбүздүн башыбыздан бирден нукумай алып, экөөбүзгө тең мындай суроо менен кайрылды:

– Чыныңарды айткыла, киминер күчтүүсүңөр?

«Бул эмне жоругу?» деп биз анын негизги максатын даанализ түшүнбөй, бир-бирибизди карадык.

– Экөөбүз тең күчтүүбүз, – деди Арнаалы сыр алдырбай.

– Экөөң тең окшошуп жеткен митаам көрүнөсүңөр,– бизди дагы башыбыздан бирден нукуп алды да, Арнаалыга кайрылып.

– Сен бөлөңдөн коркосуңбу? – деди, Арнаалы ага жалтактап карап:

– Коркпойм, эмне экен? – деди. Чоро коркпосоң азаматсың бала дегендей, жактыргандай, Арнаалыны далысына чапкылап:

– Бали, азамат! Эгер коркпогонуң чын болсо, муну муштап көрчү, – деди аны көз көрүнө мага өчөштүрүп. Чоронун негизги максаты Арнаалы экөөбүздү бир-бирибизге кайрап, короздой тытыштырып коюп, өзү кызыкка батып, оюн-тамаша көрөйүн деген кытмырлыгын биз дагы айттырбай түшүндүк.

– Мен бөлөмдөн коркпойм, бирок аны ызаттайм, – деди Арнаалы анын тилегин төгүнгө чыгарып.

– Ызаттайт имиш. Коркокмун дебейсиңби? Коркконунду үкүнүкүндөй чоң көзүн айтып турат. Мен коркпойм, мынакей,– деп, ал мени капталыма муштады.

– Тарт колунду! – деп Арнаалы менден оозунуп ага кол салды. Урушта туруш жок дегендей, мен ошол замат ага артынан жабышып, кармаша кеттик. Чоро бизди самандай сапырып жиберем деп ойлосо керек. Канчалык чымырканып кармашса да, бизге алы жетпей, тартаңдап жатты. Ал сыртынан компоюп сүрдүү көрүнгөнү менен кармашка келгенде борпоң экен. Бир убакта биз аны жер чөгөлөтүп, аны астыбызга басып алдык. Ал шордуунун айласы түгөнүп, алдыбызда жатып Төрт көздү улам чакырды, бирок азыр эле андан ыза көрүп, чыбык жеген ит жакшы болду сага дегендей анын чакырганына кулак салбай, отурган жеринен жылып да койгон жок.

– Эй, окшошкондор, турсам энеңерди Үч-Коргондон көрөсүңөр – деп, ал жулунуп, тыртаңдады. Биз аны биротоло жерге оонатып, колун артына кайырып, үстүнө отуруп алып, өчүбүздү куп алып, колуна энчисин жакшылап карматтык. Эми биз анын алсыз жан экенин билип түк коркпой калдык. Бир жолу жалынганынан коё берсек, тура калып, мага дагы асыла кетти. Өзүм деле ага анчалык алдыргыдай эмес экемин, таймашып жатып, экөөбүз ит жыгылыш болдук, ошондо Арнаалы аны буттан тартып, дагы басып алдык.

– Эй, энеңдин каргышына калган чекир көз,– дедим аны мойнунан бекем буып жатып. – Экинчи бизге тийишесиңби, итиңди агытасыңбы? – дедим анын үстүндө отуруп.

– Э, иттин баласы,– деди Арнаалы да табасы кангандай. – Ким энесин Үч-Коргондон көрдү? Айт, азыр, болбосо...

– Мен көрдүм, мен көрдүм,– деди деми кысталып, кырлап. – Айт, чынынды, болбосо азыр шымынды шыпырып, кырап сүйлөп.

– Экинчи бизге тийишесиңби? – дедим суроомду кайталга абийириңди төгөбүз.

– Тийбейм акелер,– деп, корккондон жалынып-жалбарып жиберди.

– Ишенбейбиз, карган – деп, шарт койдук.

– Тийсем ит болоюн.

– Баары бир сен итсиң, макоопес болоюн де.

Чоро каргангысы келбей, дагы каршылык көрсөтүп турбетин кара кылалы, тарт шымын, – деп буйрук бергенимде:

– Бул итке ишениш жок. Болор иш болду, бир жолу гусу келди. Мен анын колдорун бекем кармап, Арнаалыга:

– Экинчи силерге тийсем макоопес болоюн, ишенгиле акелер, – деп безилдеп жиберди. Биз сөздө туруп, аны бошотуп жибердик. Ал ордунан туруп, үстүндөгү чаңдарын какагынып-силкинип, ары басып кетти. Эми итин жардамга чакырып, дагы баягы эски адатын баштар бекен деп биз коптонуп турдук, бирок ал Төрт көзүнө таарынганын билдирип, ага карап койбой, үйү жагындагы сайга түшүп кетти.

Ошондон кийин ал биздин жолду тосуп, итке талатканын койду, Арнаалы экөөбүз сабакка кечиккенибизди койдук.

Бул биздин жашообуздагы эң алгачкы жеңишибиз эле.

Согуш башталгандан тартып тамак-аш тартылып, нан ченеле түштү. Баягы жыргалчылык мезгилдегидей тойтамаша, табак толо келген нан жок, бирин-бири ызатташып чакыруу тыйылган. Эми кара кагаз деген балээ чыгып, дагы кимдикинен боздогон ый чыга калат деп айыл адамдары безилдеп коркуп, жүрөгү жалкып турган кез. Ушул эки-үч айдын ичинде биздин айылдан төрт-беш үйгө ошол каргашалуу кабар келип, кыямат кайым түшкөндөй катуу ый чыгып, чоң-кичүү дебей ошол жакта кабыргалары сөгүлүп кайгырып жүрүштү. Чондор көчөдө жолукканда саламдашып бүтүп, эсен соолук суроодон мурда, тиги Жатанда, же Учкайда, Мырзада, Кашкалдакта баланчанын баласына кара кагаз келип, ошону угузуптур, ата-энеси бөк түшүп, ордунан турбай калыптыр дешип, баштарын ийкешип кеп кыла турган болду. Ушул түрү суук кабарлардан кийин атам

менен апамдын жегени желим, ичкени ириң болуп, эстери биротоло чыгып: «Э жаратканым, биздин балдарды паанайында сакта, алардын ордуна бизди ала гой», – дешип, беш убак намазында аскерде жүргөн абаларымдын өмүрүн астейдил тилеп, эки колдору жакасында коркуп-үркүп жүрүшөт, эч ким менен көңүлдөрү ачылып сырдашпайт. Кокус мен балалык кылып, аны-муну батылдап сүйлөп, чектен чыгып, жайдары боло койсом, атам да, апам да жактырбагандай үнсүз карап коюшат. Ошол көз караш менин сай сөөгүмөн аралап өтүп, айыптуу кишидей башымды көтөрбөй унчукпай калам. Дайыма теспесин колунан түшүрбөгөн атам бир жолу кечинде мындай акыл-насаат айтты: «Балам, күнөөсү жок наристесиң. Наристенин ыйын, өтүнүчүн жараткан эгем баарынан мурда угат дейт. Ошон үчүн сен бассаң-турсаң абаларыңдын өмүрүн кудайдан тиле, чын пейилиңден кудайыма жалбара бер. Жараткандын керемети ушунчалык кең эмеспи, сенин тилегиңди оң көрүп калар. Ошент балам», – деген. Мен да атамдын бул өтүнүчүн ичимден эң туура көрүп: «О, жаратканым, кырк жыл кыргын болсо, бейажал чымын өлбөйт деп өзүң амир кылган экенсиң. Ошол амириңди орундап, кыргында жүргөн абаларымдын, Арнаалынын атасынын, биз билген тааныштардын бардыгынын балдарынын өмүрүн сактай көр, мен шордуу наристенин ыйын уга көр, тилин ала көр», – деп бош боло калсам эле жалынып-жалбара турган болдум. Өзгөчө жатар алдында, көзүм уйкуга илинип бара жатканда күбүрөй берем, кээде атама, апама угуза жобурап жиберем. Атам менин бул дилгирлигимди жактырып, башыман сылап:

– Ушул кенжем күйүмдүү адамга. Эсен жүрсө адам болот. Абалары алаамат уруштан эсен-соо келип, бул жаманым ошолордун атын багып, отун жагып, ээрчип жүрсө, мен бул дүйнөдө ыраазымын, арманым жок, кемпир, – деп, апамды жалт-жалт карап, тасписин тартууну улантат.

– Айтканыңыз келсин, абышка. Биз жегенибизди жедик, ичкенибизди ичтик, ошол балдардын алдына кирелик, кудайым эсен койсо,– деп апам да колдоп өтөт.

Жайкы каникул учуру эле. Апам менен Жаннат эжем тамеки тизип сарайда. Эрте кетип, кеч келет. Атамдын көк жөтөлү күчөп, бир жумадан бери төшөктөн турбайт. Мен таң эртенден туруп кызыл уйду жетелеп откозуп келип, атамдын жанында отуруп эрмек болом, муздаган бутун укалап берем, чай кайнатам, «Курманбек», «Эр Табылды» өндүү

эпосторду үнүмдү чыгарып окуп берем. Өзгөчө атама Токтогулдун ырлары жагат.

– Токомдай даанышман, көзү ачык адам болобу? Айтканынын баары акыл, эч жеринде калпы жок – деп атам башын ийкендетип тыңшай берет.

Бүгүн атама Эр Табылды баатырдын Чал калмактан жакшы аты жогунан оор жарадар болуп, үңкүрдө боздоп арманын айтып жаткан жерин окуп бүткөнүмдө, Арнаалы сырттан шырт чыгарбай кирип, жаныма чөк түшүп отура калды. Атам Арнаалыдан адатынча «атаңдан кат барбы, апаң күүлүү иштеп жүрөбү?» деп ал-абалын сураштырып бүткөндөн кийин, эми досуң келиптир, ойной бергиле деп, мага руксат берди. Биз ушуну эле күтүп тургандай ордубуздан атып туруп экөөбүз кол кармашып көчөгө чыктык.

– Бөлөжан, тез кеттик, жүр. Бир нерсе таптым,– деп Арнаалы туюк сүйлөп чуркап жөнөдү. Карап турбай, артынан мен да зымырадым. Күндүн ысык мезгили, саратан мээ кайнатат. Биз тең жарышып жүгүрүп баратабыз. Мага эч нерсе түшүнүксүз. Өзүмчө, Арнаалыны чоочун балдар көптөп төпөштөп койгон окшойт, ошолордон өч алууга мени ээрчитип баратабы деп күмөн санадым. Бир убакта ал тамеки сарайды кыялап өттү да, тыт багына карай багыт алды. Эми биз чоң жолдон кайрылып, төтө жолго түшүп, калың жүгөрүнүн шагы менен жортуп баратабыз, баратабыз. Колубуз бошой калганда Арнаалы экөөбүз башка балдарга кошулуп келип, тыттын жемишин курсагыбыз көпкүчө терип жеп, көңүлдү айландырса да, сопук тапчубуз. Арнаалы тыттын бармактай чоң жемиштүү жерин тапкан го деген да ой келди. Тыт багы өтө чоң болчу, анын аянты жети, сегиз гектардан кем эмес эле. Айылдагылар тыттын жалбырагын жулуп, жибек куртка салчу. Биз бактын аркы тарабына бет алдык. Ал жакта чычырканактардын арасында ар түрдүү куурай чөптөр өсөр эле, арасында арылар кымгуут ызылдап учуп жүрчү. Ошон үчүнбү, адамдар бул чытырман чычырканактардын арасындагы калың чөптөрдү орчу эмес. Арнаалы чычырканактарды этиет аралап өтүп, өзү билген жол менен мени баштап баратты. Экөөбүз бышылдап-кышылдап (маңдайдан шоргологон кара терди айтпаңыз) калың эрмендерди колубуз менен жапыра түртүп жүрүп отурдук.

– Бөлө, бул жерден үкүнүн уясын таптыңбы? – деп ашыгып сурадым, ичим уйгу-туйгу болуп.

– Айтпайм азыр, көргөндө билесиң, бөлө, – деп ого бетер кызыктырып койду. Арнаалы алдымда, мен андан бир кадам артта. Арнаалы шылдырап булак аккан калың жалбыздуу арыктын боюна токтоп, моюнунан саймалап аккан терин колу менен сүртүп, анан мага сырдуу карап, алтындын катылган ордун тапкан кишидей сыймыктанып:

– Шашпа, бөлө, азыр көрсөтөм, – деп алдыга умтулду. Калың жалбызды эки колдоп эки жакка жайды да, анан мага салтанаттуу добушун чыгарып:

– Карачы! – деди.

Жулунуп карадым да, өз көзүмө өзүм ишене бербей аптыгып туруп калдым: «Ой, тобоо, баракелде!» – деп сүйүнгөнүмө чыдабай кыйкырып жибердим. Арнаалы үнүңдү бас, дагы бирөөлөр угуп, жетип келбесин деп бөйрөгүмө акырын түрттү. Арык бойлоп, калың өскөн жалбыздардын арасында мөлтүрөгөн капкара бүлдүркөндөр шагы ийилип, ззилип бышып турат. Бүлдүркөндүн ар бири калп айтпасам чон адамдын баш бармагындай бар эле. Биз карап турбай жарышып, шабыратып терип жеп кирдик. Жаныбар бүлдүркөн ушунчалык ширин, ушунчалык эзилип бышкан экен, ооздо сары майдай заматта эрийт! Биздин эки колубуз тынбай иштеп, оозубуз да тынбай кепшеп жатты. Курсагыбыз да аябай ач экен, болбосо ушунчалык сугалактык менен жалмабайт элек го. Бүлдүркөн абдан көп болчу, бул жаныбарлар адамдын көзү көрбөгөн, буту баспаган ушул жапайы жерде ээн эркин өскөн экен, насип экен бизге, буюруптур. Арнаалы бөлөм март, анан өзүмдөн эч нерсени аябайт да, болбосо өзү жалгыз таап, жалгыз көргөн экен, пейили кеңдиктен, оозуна бирөөнү салбай, мага жүгүрүп жетиптир. Ырахмат, бөлө, ыраазымын мен сага, эсен болсом мен да бул карызымдан кутуламын! – деп ичимден ага куп ыраазы болуп, бүлдүркөндү мойсоп жаттым. Арнаалы экөөбүз жарым саатгай бир-бирибиз менен сүйлөшүп койбой, колго тийген бүлдүркөндөрдү ашап жатабыз, терип жатабыз. «Адамдын өзү тойсо да, көзү тойбойт»,– деген сөз чын экен! Баса согуштун каатчылыгы учурунда мындай напсинин оң берилип табылган бүлдүркөнгө кимдин көзү тойсун! Улам алга жылып, коюу өскөн жалбызды кичине эле жогору серпип көтөрсөк, арык бойлоп өскөн бүлдүркөндүн бадырайган сабактары саландап ийилип турат, о жаныбарларым!

Бир убакта экөөбүз бир-бирибиздин бетибизди карай коюп, эрксизден күлүп жибердик. Аябай сугалактык менен

ашана берген экенбиз, оозу-мурдубуз кой жеген карышкырдын оозундай кызыл ала боло түшүптүр. Ошондо гана бетибизди арыктагы сууга жууп, кепке-сөзгө келиштик.

Көрсө, Арнаалы бүгүн сарайда тамеки тизип отуруп, түшкө жакын тыттын жемишин жеп келейин деп, апасынан уруксат сурап, бул жакка келиптир. Тыттын мөмөсүнөн адамдын көңүлү тез калат, ал супсак келип, көп жесең кускунду келтирет, карандай курсак ачырган суук нерсе. Бөлөм да тытка алымсынбай андан-мындан бирин-серин өскөн бүлдүркөндөрдү издеп терип жеп отуруп, анын кызыгына түшүп, бул жакка жеткенин өзү да аңдабай калыптыр. Бул чычырканактардын арасында аарылар көп болчу эле деп жалтактап туруп эле тобокелге салып, аралап кирип, ушул биз жеген бүлдүркөндөрдүн үстүнөн чыгып, ушунчалык кубангандан эмне кыларын билбей шашып кетиптир.

– Ошол замат, бөлөм сен эсиме түштүң, бирге бөлүшүп жейли деп, бирди оозума салбай, сага чаап жөнөдүм бөлө, ишенесиңби, ушуга? – деп, ал жетине албай, мактаныч менен сүйлөдү. Мен дагы ага өзүмдүн чын пейилден чыккан ыраазычылыгымды ашкере айтып, эки колун бекем кыса кармап:

– Ырахмат, бөлө! Бул мартчылыгыңды эч качан унутпаймын! – дедим. Арнаалы бакырайган көздөрүндөгү кубанычты жашыралбастан, унчукпай карап турду.

Курсагыбыз тойгондон кийин гана биз үйдөгү ата-энебизди эске түшүрүп, бирок бүлдүркөн сала турган идишти ала келбегенибизге аябай өкүндүк. Үйгө кайра барышка жол алыс, анын үстүнө көп тойгондуктанбы, баягыдай зымырап жүгүрө турган чамабыз да жок. Ары ойлонуп, бери ойлонуп отуруп, акыл таптык. Үстүбүздөгү көйнөктөрүбүздү чечип, жакаларын мыя чеп менен бекем бууп байладык эле, кадимки эле торбо баштыка окшоп калды. Эми биз жайма-жай кобурашып бүлдүркөн терүүгө кириштик.

– Бөлө, – дедим үнүмдү аста-секин чыгарып. – Ушунчалык көп бүлдүркөндү бизден башка бирөө көрбөгөнүнө таң калам.

– Ага эмне таң каласың, бөлө... Насип деген бар. Кимге насип кылса, ошого туш келет. Ушул жерден канча адам өткөндүр, кимиси ушул жалбыз баскан арыктын боюнда бүлдүркөн толуп жатат деп ойлоду дейсиң. Насип бизге буюрган – деп, Арнаалы дагы көтөрүлө мактанып сүйлөдү.

Ырасында, анын бүгүн мактана турган жөнү да, жолу да бар эле.

Арнаалы экөөбүздүн көйнөк-баштыктарыбыз тең жарымга толуп, башыбыз тийишип, арасында сүйлөшө коюп, күлкүбүз чыгып, көңүлүбүз ток, эч нерседен кабатырсыз бүлдүркөн терүүдөбүз. Мен жүрөгүм бир нерсени сезгендей кооптонуп, башымды көтөрүп, бет мандай жакты карай койсом, Арнаалы тарапта бир кулачтай чон кара сур жылан тилин соймоңдотуп, башын жогору көтөрүп, бизге айбат кы[illegible]ып, «шш-ш!» деп ышкырып карап туруптур!

– Бөл-ө-ө, жыл-а-ан! – деп корккондон кыйкырып жибердим. Арнаалыны күч менен булкуп өзүмө тарттым. Алдагы жыланды көрө коюп, өңү кубарып кетти. Сыягы, менин кыйкырыгымдан жылан да айбыктыбы, жалбыз аралап жайма-жай сойлоп, көздөн кайым болду. Биз дагы башытыгыбызды колтугубузга кысып, артыбызды карай качып жөнөдүк. Качып келатабыз, келатабыз, артыбызды кылчайып кароодон коркобуз. Тилин соймоңдотуп, артыбыздан жанагы кара чаар жылан кубалап келаткандай бизге сезилет. Бир чакырымдай жол баскандан кийин, алдан аябай тайдык бейм, калың өскөн жүгөрүнүн жанындагы арыкка жата калып, муздак суудан сугунуп жуттук. Карасам түш эбак ооп калыптыр. Аябай корккон экенбиз, жүрөгүбүздүн дүкүлдөгөнү даана угулуп, буту-колубуз безгек болгондой калчылдайт, катуу чочугандан эрдибизге учук да чыгып кетиптир! Жан деген ушунчалык ширин болорун мен ошондо биринчи жолу сездим окшойт.

Көйнөктөгү бүлдүркөндөрдүн тенинен көбү жан соогалап качып келе жатканыбызда төгүлүп-чачылыптыр, ага да өкүнгөнүбүз жок. Көз алдыбызда, башын көтөрүп тилин соймондоткон кара сур жылан турат. Өпкөбүз көөп калган экен, ошол суу боюнда эс алып, көпкө отурдук. Аяк-быягыбыздан шырт эткен дабыш чыкса чоочуп карайбыз, бир жолу курбакадан коркуп, тура калып, анан коркконго кош көрүнөт деп аябай моокубуз кангыча каткырып күлүп алдык.

Үйлөрүбүзгө күн батарда кайттык.

Атам коргондун оозунда кабатыр болуп, мени тынчсызданып күтүп отурган экен. Апам тамеки үзүмдөн келип, казан аяк менен жүрүптүр. «Баланы кайда жибердиң ээнбаш кылып» деп, апам урушкан өндөнөт. Атам менин көйнөгүм жок, жылаңач кебетемди көргөндө, ого бетер өңү сестейди.

– Эмне болду сага? Көйнөгүң кана? – деп кооптонуп сурады. Мен арт жагымда жашырып келген көйнөгүмдөгү бүлдүркөндү колуна карматтым. Атам ачып көрүп, сүйүнүп кетти.

– Бүлдүркөндү кайдан тердиң? – деди, өз көзүнө ишене бербей.

– Өзүм тердим.

– Кайдан?

– Авли тараптан.

Атам бир-эки даананы оозуна салып, даамын тарткандан кийин:

– Аябай эзилип бышыптыр. Ширинди гин көр жаныбардын,– деп улам тамшанып жеп. – Ой, кемпир, бери чык, бала ишке жараптыр,– деп, атам апама кыйкырды. Апам үйдөгү казан-аягын токтотуп, тып чыга калды да, менин жылаңач кебетемди көрө коюп:

– Кайда жүрөсүң тентиреп, уйду бакпай? – деди сүрдүү кебете менен. Мен жооп бергеним жок. Атам мени жактап, ортого түшө калып:

– Э, кемпир бала бекер ойноп жүрбөптүр. Арнаалы бөлөсү менен бүлдүркөндү аябай мол терип келиптир, үч килодой чыгат, ооз тийсең, урушканды коюп, – деп, апамдын ачуусун таратууга аракеттенди. Апам да жаныбызга келип, көйнөгүмдөгү бүлдүркөндү көрүп, мулуңдай түштү. Оозуна бир-экөөнү салып жатып:

– Бала багат деген ушул да.

Атам дагы эле ишене бербей:

– Ушул биздин жаман тыт авлидан тердиңерби? Эч ким көргөн эмес экен да? – деп, бүлдүркөндү шашпай оозуна бирден салып чайнап, соруп жатты.

Мен болгон окуяны төкпөй-чачпай атам менен апама айтып бердим. Атам эки колу менен жакасын кармап:

– Байбиче, балдарды кудай куп сактаптыр да, ай-ай, кудай сактаптыр да,– деди башын чайкап. –Ач отурсак да, тынч отуралы. Анан да балдардан кат-кабар келбей, ичизге кан уюп турат... Балдарым силерди кудай сактаптыр. Силер бүлдүркөн терген жердин ар жагында жылан ордосу бар. Аерге эч жан коркуп басып барбайт, чөбү да орулбай калат... Үч жыл мурда мына бу биздин коңшу Чаландын бетке басар жалгыз ую ошол жерде оттоп журсө, үч-төрт жылан катар чагып арам өлгөн, – деп атам менин эсимди ого бетер чыгарды, эки колу менен улам жакасын кармап,

бизди кырсыктан сактап калган алла таалага өзүнүн кулдай ыраазычылыгын билдирип, куран окуп: – Жыландын ордосу бар үчүн, ал жердин бүлдүркөнүнө кол тийбей сактап турат. Билсең, жылан дар бүлдүркөн жейт, аны башкалардан коргошот. Силерди, наристе деп кудайымдын боору ачыптыр да... – Атам өңү кумсарып, колдору калтырап менин башымдан жыттап, бир өзгөчө мээрим менен бооруна кыса берди. Апам да эси чыгып, дализге кесе айландырып, кагылып-үргүлүп апаптап жатты.

Кара чаар жылан дын окуясынан кийин Арнаалы экөөбүз тыт багын көздөй басканыбызды түк токтоттук. Күндүзү үйларыбызды жетелеп жүгөрүлөрдүн шактарында оттотобуз, көп учурда айлыбыздын төмөн жагындагы калың камыштуу корукка барып коё беребиз да, жолун тосуп ойноп беребиз. Кечинде сарайга барып апаларыбызга жардам берип, тамеки теребиз. Күн өткөн сайын айылыбызда күчкө толгон эркектердин саны суюлуп, сарай бейпилдегидей шаңдуу да, күлкүлүү да эмес. Эгерде жаштардан кимдир бирөө кокустан эпсиз шаңкылдап ырдап, же жер жаңыртып күлүп койсо, заманасы тарып, сиркеси суу көтөрбөй тамеки тизип отурган аялдар ага акырая карап, ал шордууну жер менен жексен кылат. Бейжай өлбөгөн жери төрт болуп, өзүнүн осолуна чыдабай, тике багып элдин жүзүн карай албай тим болот. Бул – шаңдуу согуштун тилсиз тартиби эле. Анткени, отургандардын арасында эрлери, уулдары, жакын туугандары кан майданда каза болуп, кара кийип, кайгысын кара жер көтөрбөй араң жүргөндөр бар эле. Биздин элүү түтүндөн ашпаган чакан айылда жакын аранын ичинде үч-төрт үйдөн кулактан өтүп, мээге жеткен ачуу өкүрүк чыгып караан түн түштү.

Күн батарга жакын Арнаалы экөөбүз уйларыбызды камыш жакка бош агытып жиберип, корукта кубалашып ойноп жүргөнбүз. Биздин үйлөр жактан ачуу, ый аралаш өкүрүк чыгып, экөөбүз тең бир-бирибизди өндөрүбүз кумсара карап калдык. Сыягы ар бирибиз: «О, кудай ай, бул эмне деген шумдук, кимибиз кимден айрылдык? – деп жан талаштык бейм... Кулагыбызга: «Эсил кайран бир боорум, бир боорум» – деген эркектердин үнү даана угулуп, экөөбүз тең үн чыгарбай, үйлөрүбүзгө карай чымын-куюн болуп жүгүрдүк. Эсиң чыгып, жан талашып жүгүргөн кезинде жол такыр арбыбайт көрүнөт. Коруктан биздин үйлөр турган жерге бир чакырымдай аралык. Ысык күндө тердеп-тепчип куюндай

болуп чуркап келе жатабыз, чуркап келе жатабыз, жер айланып, артына чегингендей жакындабайбыз. Адам түшүндө кимдир бирөөну кубалаганда, көп учурда бир орунда эле тура берет. Биз да дал ошол авалда болгонсудук. Жүгүрүп баратып, ушул кылымда эмнелерди гана ойлогонум жок ошол көз ирмемдерде! О, кудайым, бул өңүм эмес, түшүм болсо экен! Согуштагы абаларым эсен соо болду бекен? Эсти чыгарып, башка кыяматгайымды түшүргөн каргашалуу кабардан о, кудайым, эгер мени өз кулум, бу дүйнөдө күнөөсү жок наристем десең алыс кыл. Абаларымдын чымындай жанын сактай көр, деп көңүлүм безилдеп келе жаттым. Албете, Арнаалы бөлөм да өз абасын ойлоп жүрөгү түшүп, өңү кубарып калыптыр. Тезирээк жетиш үчүн жүгөрүлөрдүн арасындагы төтө жолго салдык. Кычагандай жүгөрүлөргө суу коюлган экен, ылай бетке чачырайт. Бир-эки жолу бутубуз тайып, жыгылып да алдык бейм, ага карап койбой, тура калып, бети-башыбызды карабай жүгүрө бердик. Бизден үйлөр жол боюна жаңаша түшүп, аралыгы элүү метрдей эле. Жүгөрүнүн ичинен энтигип чуркап чыгып, карай салсам, элдер Арнаалынын үйүнүн алдында топтолгон экен! Биз шал болгондой элейип ордубуздан жылбай токтоп калдык. Экөөбүз бир-бирибизди алмак- салмак карадык. Кебетебиз куп келишип, бети башыбыз чамгыл-чамгыл ылай, башка учур болсо, бир-бирибизди мазактап, аябай боорубузду тырмап кулмөкпүз. Азыр оюн эмес, жүрөгүбүздү кан талап, өзүбүз кыл көпүрөнүн үстүндө жансоогалап боздоп тургандай элек! Калп айткан менен болобу, айылдык кишилер Арнаалынын үйүнө топтолгонун көрүп, көк желкеден бекем басып турган оор жүктү үстүмдөн бирөө ала койгондой жеңилдей түшүп, көңүлүм тыныгып, өз ордуна келгендей болду. Ичимден: «О, кудайым, менин тилегимди берипсиң, абаларым эсен-аман экен. Жашасын, кеңеш өкмөт!» – деп аз жерден кубанганымдан кыйкырып жибере жаздап, астапырла кылып, заматта акылыма келип, оозумду бастым. Кандайдыр бир чоочун үн кулагыма шыбырап, мени жылуу-жумшак сооротуп жаткансыды. «Сен неге сүйүнбөдүң, сенин агаларың тирүү экен. Арнаалынын шору куруп, жанындай көргөн атасынан түбөлүккө айрылыптыр!» – деп жаткансыды ошол чоочун үн. Ошол учурдагы менин ички кубанчымды, сыягы сыр алдырбай кошо бөлүп турсам да, Арнаалы бөлөм өңүмдөн, көз карашымдан, кебете кешпиримден эле даана сезе койду окшойт, мени жек көргөн көз

менен бир карап алды да, үйүн көздөй бет алып, «Атам, Атам!» деп безилдеп ыйлай жүгүрдү. Бөлөмдүн чырылдаган үнүн укканымда менин бүт денеме калтырак кирип, коркуп кеттим да, каңырыгым түтөп, көз жашымды төгүп ыйлап, артынан ээрчип чуркадым. Ыйлап жүгүрүп баратам, көз жашым бетимден салаалап агып, жерге тамып жатканын да көрүп бара жатам. Экөөбүз удаа кубалашып, коргонду башына кийип, ызы-чуу өкүрүп жаткан адамдардын арасына кирип бардык. Турдугүл таежем айбандагы чарпаяда бетин тытып ыйлап, эстен танып жыгылып, аялдар анын оозуна муздак суу тамызып жатышыптыр. Апам да сиңдисинин башында өңү самандай саргарып, боздоп ыйлап отурат. Арнаалы чыңырган бойдон апасынын үстүнө жыгылып: «Апа жан, апажан, эми биздин күн эмне болот? Атам кайда, атам кайда?» – деп кыямат кайымдай чоңдордун акыл-эсине, жүрөгүнө бүлүк салды. Мен да үн чыгарбай эмшиндеп ыйлап, сөөрүнүн жанындагы түркүккө жөлөнүп отурам. Кимдир бирөө менин желкеме колун койгонсуду. Карай салсам, атам экен, мен дагы эреркеп, жүрөгүм эзилип кетти белем, атамды бек кучактап, шолоктоп ыйлай баштадым. Атам да мууну бошоп, көз жашы сакалына тамып, анан менин чачыма агып түштү. Атам мени ыйлаба балам деп сооротсо деп ойлогом, бирок анткен жок. Эркектердин кимдир бирөөсү Арнаалынын колунан тартып, ыйлаба деп кеп кошту эле, атам аны кесе кагып койду:

– Тек кой баланы! Күйүтү ачуу кезинде көксөсүн биротоло суутуп алсын. Атасы өлгөндө ыйлабаса, ал бала качан ыйлайт, тек кой, ыйласын!

Айылдын илгертеден берки салты ушундай: адам өтүп, үйдөн ый чыгар замат каргашалуу кабар өрттөй тарайт да, туш жактан аялдар, эркектер чакырык күтпөй, өздөрү бирининартынан бири ээрчишип, үн салып ыйлап келе беришет, улам жаңылап кишилер өкүрүк салып келген сайын, ый, ызы-чуу кайрадан жаңырып, өлгөн кишинин жакындарынын кабыргалары кайышып, көз жашы төгүлө берет.

Аялдар бетине муздак суу чачып жатып, таежем көптөн кийин өзүнүн акыл-эсине келип, онтогулап көзүн ачып, бет маңдайында ботодой боздоп отурган уулун көрө коюп, анын мойнун бекем кучактап бир катуу чыңырып алды да, кайра мурдагысындай эси ооп жыгылды. Атамдын теңтушу Көккөз аяш атам отурган жеринен атайын туруп келип, чырылдап ыйлап жаткан Арнаалынын колунан тартып, өзүнө

каратып, башынан аталык мээрими менен сылап, эркелетип, мончоктоп соймологон көз жашын колу менен ааpчып, акылын айтты:

– Балам, сени атанын жалгыз туягы, медери дейт. Нaристе болсоң да эми атанын ордун бастың. Сенин ыраматылык атаң, (о, жаткан жери жайлуу, топурагы торко, ыйманы кабыл болсун); жакшы көргөн, өзүңдөй балдарыбызды окутуп, көзүн ачкан эр азамат үкөбүз эле. Мына, капыстан каргашалуу кабар жетип, кабыргабыз кайышып, боорубуз эзилип араң турабыз. Башка түшкөн азапты адам баласы көз жаш менен эмес, кайрат менен, акыл менен жеңиш зарыл. Сен да мөгдөп ыйлап отуруп алсаң, оорукчан апаңдын абалы эмне болот? Эсиң болсо, көп зээниң кейитпе,– деп Арналынын колунан жетелеп, короонун ортосундагы сөөрүгө келип өзүнүн жанына отургузду. Анан үн чыгарып куран окуп, аяш атамдын арбагына багыштады. Отургандардын баары о-мийин! – дешти.

– Эми, Арнаалы балам,– деди аяш атам сөзүн улап, – сен бала болсоң да, колуңа таяк кармап кишилер өкүрүп келе жатканда: «Атам ой, атам ой!» – деп ыйлап тур. Бечара атаң сенин боздогон үнүңдү укса, гөрүндө жатып да кубанар...

– Арнаалы жалгыз ыйлабасын. Жанында сен да кошо эш болуп, ыйлап тур, балам, – деп атам кошумчалап мага кайрылды.

Күн эбак батып, караңгы кирип калган экен. Аялдардын мундуу ыйы түгөнбөдү. Көңүл айтып, «боорум ой» деген адамдардын аягы да көпкө басылбады. Арнаалы экөөбүз таяк кармап келгендерди өкүрүк менен чоң кишидей тосуп турдук.

Адам баласы тагдырдын ар кандай катуу соккусуна аргасыздан баш ийип, жүрөк сыздаткан күйүткө көнөрүн ошондо билдим. Арнаалы атасын өлүмгө, же жаман нерсеге түк кыйбайт эле. Экөөбүз уй жетелеп ойноп жүргөндө, ал ар дайым атасын сөзгө аралаштырып: «Билесиңби, менин атам көзгө атар мерген эмеспи. Көрөсүң, ал бетпак немистердин баарын кырып, анан Ак боз ат минин келет. Мен ошондо алдынан жүгүрүп тосуп чыгам. Атам мени алдына өңөрөт да, биздин айылды бир кыдырып айланып чаап келет. Ошондо элдин баары үйлөрүнөн чыгышып: «Карасаңар, Эргеш согуштан эсен-аман келип, уулун Ак боз атка өңөрүп, чапкылап жүрөт. Биздин маалим Курманбектей баатыр да!

Көкүрөгүндөгү жаркылдаган ордендерин карагылачы!» – дешип таң калышат. Дагы бир жолу мындай кызык түшүн айтты: «Түндө түш көрдүм. Түшүмдө атам экөөбүз согушта жүрөбүз. Атам аскер кийимчен, башында маңдайында кызыл жылдызы бар тери шапкеси бар экен. Айланабыз бийик аскалар. Кудум эле мынабу кызыл тоолорго окшошуп кетет, карасаң башың айланат. Асканын бер жагында атам экөөбүз, ар белесинде немистер, алар өтө көп экен. Биз эч бир ок тийбес чуңкурга жашырынып алып, атып жатабыз. Мен атама улам ок даярдап берем, атам атып жатат. Тешиктен карасам бир немис жер менен жексен болуп калың чөптөрдүн арасы менен сойлоп келатат... Оозунда тиштеген чоң шамшар бычагы бар. Атам аны түк көрбөйт. Атама айтайын десем, эмне үчүндүр үнүм чыкпайт, түртөйүн десем, колум кыймылдабайт. Бир убакта немис бычак менен атамы урмакчы болгондо, мен боюмду таштап, атамды тосуп калдым. Ошондо корккондон ойгонуп кеттим. Бүткүл денем калтырап, үнүм чыкпай, төшөктө жатыпмын... Тирүү экенмин, эч нерсеме бычак тийбептир. Түшүмдө катуу кыйкырсам керек, апам бечара ойгонуп, мени түрткүлөп жатыптыр. Түш көрдүнбү? – деп, канчалык такып сураса да, жок деп апама сырымды айтпай койдум. Айтпаганым жакшы болуптур, айтсам апам ар нерсеге жооруп, мага билдирбесе да, өз ичинен кыжалат болмок, бөлө» – деп, чоң көздөрү менен мага жадырап карады.

Арнаалынын конур үн менен жайбаракат атасы тууралуу маегин, чынын айтсам ары ичим тарып, ары көзүм күйүп уктум. Сөз кошалбай, «и-и» деп башымды улам ийкеп, анын көздөрүн тике карай албай, кызыл уйдун жүн арканын эрмек кылып ойноп отура бердим. Ырасын айтсам, мен көргөн түштөрүмдү Арнаалыдай кылып куп келтирип айтып бере алмак эмесмин. Ал чындап эле атасы согуштан Ак боз атты жулкунтуп минип келгендей окуяны жандуу айтып, мени да ишендирип салды. Мен да бассам-турсам абаларымдын согуштан эсен-аман келишин тилеп, аларды кантип жүрөт болду экен деп көп ойлочумун. Алар эсен-соо үйгө кайтып келсе, ата-энем, урук туугандарым баарыбыз аябай кубанып, элге той берет элек. Бакир абама энчилеп койгон кызын алып берип, үйлөнүү тоюн ойлогонумда, жер-сууга батпай кетчүмүн. Бирок алардын согуштагы баатырдык эрдиги жөнүндө оюма да келген эмес. Мен өзүмдү бөлөмө салыштырып, эмне үчүн мындай жаркын ой-

лор башыма келбейт, мен бир бечарамын да, көк мээмин да деп ичимден ызаланып да кеттим... Арнаалынын да ичин туздай ачыштыра турган кандайдыр күйдүргү сөз айтайын деп, ошол замат эч нерсе таппай койдум... Анан өзүмдүн оор абалымды жеңилдете турган себептер издеп көрдүм... Бөлөмдүн атасы биздин айылдын өтө билимдүү, тиги борборубузга барып окуган адам болчу. Аны айылдагылардын баары урмат сый менен «Эргеш маалым» деп аташчу, андан чоң-кичүү дебей акыл сурашчу. Мен алардын үйүнө барып калганымда, көп учурда уулун жанына отургузуп алып, ар түрдүү китептерди окуп бергенин көрөр элем. Сыягы, бөлөм атасынын баатыр, эр жүрөк адамдар жөнүндөгү кызыктуу баяндарын жүрөгүнө бекем түйүп, эстеп калса керек... Көзүмдүн кырын салып, Арнаалынын мактангандай кебетесин байкадым, же менин шектүү жаныма ошондой көрүнгенчыгар. Зээним кейип, атамдын кары чалдыгына өкүндүм, эгер атам эр азамат жаш болсо ал дагы согушка кетмек, Эргеш аяш атамдай Ак боз ат минип келсе, мен дагы алдынан тосуп чыкмакмын... деп көк желкем ичкерип, бөлөмдүн алдында басмырт тартып, аябай осол болуп отурдум...

Бөлөм адамдын кирпик кагышынын ичиндеги ойпикирин айттырбай түшүнгөн, табийгаттан өзгөчө сезгич, башкалардан артыкбаш жаралган жан болсо керек, азыр ойлоп көрсөм. Ал менин басмырт көңүлүмдү көтөргүсү келди окшойт, мага жал-жал карап, күлүп койду да:

– Э, бөлө, сенин абаларыңды да түшүмдө көрдүм, – деди каратып туруп ойдон чыгарып, калп айтып. Мен бул ашкере кордукка чыдабай, беттен алдым.

– Жаныңды жебе! – дедим.

– Калп айтсам, эмне болоюн?

– Нан урсун дегин.

Ал мукактана түштү да, мага акыл айткандай сүйлөдү:

– Бөлө, нан ыйык болот. Нан менен ойнобо.

– Анда сен жаныңды жебе.

Ал айыптуудай, жер карап унчукпады...

Арнаалынын момураган кебетесин көрүп, ичимден аяп кеттим. Баса, анда эмне айып? – деп ойлоно баштадым. Атасын түшүндө көргөн үчүнбү, же ал тууралуу жүрөгүнө ыйык сактап, асыл ойлорун мага жарыя айткан үчүнбү? – Же менин көңүлүмдү көтөрүп, (ары жагынып) калп болсо да абаларым жөнүндө түшүн айткысы келген үчүнбү? Эй, досум, сен өзүң күнөөлүүсүң, – деп биринчи үн акыл айт-

ты. Азыр бөлөмдүн мойнунан кучактап, кечирим сурагым келди. «Сен ага жалынгыдай, чоң кылмыш кылдың беле?» – деп кулагыма жойпуланып экинчи чоочун үн шыбырап, анын үнү ушунчалык жагымдуу, мукам угулуп жатты. Мен эки үндүн кайсынысына ынанышымды билбей, эки айры жолдо башы маң болуп турган адамдай чайнала бердим, өзүмдү өзүм жеңе албай тултуюп отура бердим. Таң каларлык эмес, боорунду тырмап күлө турган нерсе мынабу: мейли калп болсун, азыр ойлоп тапсын, бөлөмдүн абаларым жөнүндөгү түшүн укkум келди. Мүмкүн, калп эмес, ырасында эле Арнаалы түшүндө көргөн чыгар. Мен эмне, анын түштөрүн аралап көрүп жүрүпмүнбү? – дедим ары ойлонуп, бери ойлонуп.

– Бөлө, – дедим мурдагыдай корсулдабай, сылык мамиле жасап, кичипейил мүнөзүмдү көрсөтүп: – Ырас эле түштөрүң чынбы?

Арнаалы билинер-билинбес күлүмсүрөп бул шайтан жыландын куйругун кайдан чыгарып жатат, оюнубу, же чыныбы дегендей, мага ишенип-ишенбей мелтиреп карап калды. «Ботом, сен ошого ишендиңби, азилди түшүнбөйсүңбү?» – деп шарт айтып жиберсе экен деп, шаштым кетип чочулап, анын оозунан көзүмдү албай карап турдум. Бөлөм менин чын дилимден зарыгып сурап жатканымды түшүндү бейм, ооба деп башын катар-катар ийкеп жибергенде, мен «Жашасын кеңеш өкмөт!» – деп кыйкырып, анын моюнунан кучактадым, ал да кучактады, экөөбүз ошентип кайрадан жараштык, көңүлүбүздө тырмактын учундай да шек жок болуп, мурдагыбыздай ынак боло түштүк.

– Оозуңа май, бөлөм, кана айтып берчи? – дедим жаркылдап сүйүнүп.

– Түшүмдө, – деп адатындай токтоолук менен ангемесин баштады бөлөм, – экөөбүз тең аскер кийимчен, бутубузда жалтылдаган кайыш өтүк, колдорубузда курч кылыч бар... Чытырман токой аралап жүрөбүз. Жакын жерден тарсылдаган мылтыктын үндөрү, биз карагайдын капталына жашынып, кулак түрүп тыңшасак, чоочун тилде сүйлөшөт тигилер. Карасам немистер экен... Алар бизди көрүп калып, колго тирүү түшкүлө! – деп опузалап, үстүбүздөн ашыра ок атышат. Биз кылычыбызды бетке тосуп, алга умтулабыз. Алар сансыз көп экен, бизди тоготуп койбой, мыскылдашып күлүп, улам жакындап келатышат. Экөөбүз бир-бирибизге аркабызды такап, жанталашып чабышып жатабыз. Ку-

дай жалгап, ошол учурда – «ура-а» деген биздин кызыл аскерлердин шандуу үнү угулат. Немистердин эстери чыгып, тымтыракай болуп качышмакчы болот. Аларды биздин аскерлер колго түшүрүп, жер чөгөлөтүп жалындырып жатат. Аскерлердин алдында сенин үч абаң, менин атам жүрөт. Биз аларды көрүп, моюндарына асылып, кубанган-дан ыйлап жатабыз... Ойгонсом түшүм экен, бөлө! Сен эми ишендиңби, бөлө? – деп, Арнаалы мага муңайыңкы карады.

Мен даана жооп бералбай, бир саамга такалып, унчукпай калдым. Ооба, ишендим дешке да дитим барбайт анткени заматтын ичинде бул окуяны Арнаалы оюнан чыгарган кыздай болду; ишенбейм дешке негизим жок. А балким, ырасында эле бөлөм түшүндө бул окуяны көргөндүр? Аны мен кайдан билем, кантип жокко чыгара алам? Бардыгынан кызыгы мен бөлөмдүн көргөн түшүнө ичимден муюп, ишенип да калдым. Негизгиси, өң болобу, же түш болобу, адамдын ишенүүсүндө кептин маңызы эмеспи? Ар кандай асыл көркөм чыгарманын кымбат насияты окурмандын астейдил ишеничине ээ болушунда турат. Эгерде, жазуучу ар кандай окуяны талантынын күчү менен жетишерлик чебер сүрөттөп, окурмандын шектенүүсүн тумандай таратып, анын ой-көңүлүн биротоло ээлеп, өзүнө багындырып алса, ал турмушта болбогон, кыялдан чыккан окуя болсо да, чыныгы көркөм чыгарма болорун мен көптү көрүп, көптү окуп, көп жылдар өткөндөн кийин түшүндүм. Көрсө, Арналы бөлөмдүн адамды өзүнө багынтып, ишендире алчу нукура таланты бар экенин азыр аңдап жүрөм.

Бөлөмдүн көргөн түшүнүн аягы жакшылык менен биздин пайдага бүткөнүнө аябай дердеңдеп кубанып калдым.

– Түшүң ак жолтой болсун бөлө, көргөнүң келсин. Биздикилер немисти жер чөгөлөтүп, эсен-аман кайтып келишет экен, – деп, жакшылыкка жоорудум. Анткени түшкө кыямат кылбоо керек. Биздин улуулар ар дайым ар кандай түштү дайыма жакшылыкка жооруп жүргөнүн өзүбүз угуп да, көрүп да жүрөбүз...

Куу турмуш деген ушул окшойт. «Башка түшсө, байтал ат болот» – деп атам ар дайым кайталап айтып жүргөн ылакаптын маанисин Арнаалынын кейиштүү кебетесин көргөндө түшүнө баштадым окшойт. Атам ак боз ат минип согуштан эсен-аман кайтып келет деп таттуу кыялдын койнунда жыргап жүргөн бөлөмдүн тилеги бир заматта таш талкан болуп, үйүндө боздоп ыйлап отурат. Күтүлбөгөн

бул окуя менин да ички дүйнөмө бүлүк салып, акыл-эсиме козголоң киргизди. Мурда мен согуш десе, оюндай көрчүмүн. Немистер менен биздикилер чоң талаада эки топко бөлүнүшүп алышып, күрөшөт, аягында кылыч чабышат, кимиси алдуу-күчтүү адамдар болсо, ошонусу жеңишке ээ болот окшойт деп баёолук кылып жүрүпмүн. Көрсө, согуш деген өлүм экен, жаныңдай көргөн жакын адамдарыңдан айрылып, көз жашыңды төгүү экен... Согуштун чыныгы түрү суук кебетесин өзүң көрүп-билип жүргөн жакын адамдын өлүмүнөн кийин даана көрөт экенсиң. Бөлөмдүн атасын мен жакшы билчүмүн, ошондой эле жакшы көрөр элем. Ал киши азыр да көз алдымда турат. Кара тору, орто бойлуу, каштары түтөгөн кара, адамга ырайымдуу жан эле. Ал да мени уулумдун теңтушу деп аябай жакшы көрчү. Үйүнө качан барсам, каш кабагым дебей, жайдары мүнөз менен жылуу тосуп, бөлөм экөөбүзгө ак кант берип, анан орусча, кыргызча ар түрдүү китептерди текчеден алып, беттерин өтө этиет баракта, кызыктуу сүрөттөрүн көрсөтүп, силер да жетилгенде буларды окуйсуңар, ошон үчүн балдарым көктөйүңөрдөн китепке ынак болуш зарыл, эгер билсеңер, бул дүйнөнүн устуну да, түркүгү да китеп болот деп далай жолу аңгеме курган, кыргыздын эпосторунун айрымдарынын үзүндүлөрүн эң кырааттуу үнү менен окуп берген. Эсимде, бир жолу Курманбек баатырдын биздин Ата журтубузга кол салган калмактар менен кызыл кыргынга түшүп чабышып, куу баш атасы Тейитбек күлүк аты Телторуну уулуна карасанатайлык менен бербей коюп, ал Дөлөн хан менен беттешкенде, Койкүрөң атынын бели үзүлүп, армандуу мерт болгонун аяш атам окуп берген... Ошондо, Арнаалы экөөбүз Курманбек баатырга ушунчалык боорубуз ачып, анын атасын жек көргөнбүз... «Атасы эмне үчүн уулуна атын бербейт, куу баш» – деп, экөөбүз тең болкулдап көзүбүзгө жаш алганда, аяш атам бизди сооротуп, мындай деген:

– Силер, балдарым, али жашсыңар. Турмуш деген таатал нерсе. Ар түрдүү аталар, ар түрдүү балдар болот. Эсиңерде болсун, муну силер, балдарым, өзүңөр ата болгондо түшүнөсүңөр.

Биз аяш атамдын акылман кеңешин кайдан түшүнөлү: кулактарыбыз делдейип, анын оозун карап таңданып тим болгонбуз...

Куу турмуш деген ушул эмеспи! Эми ошол мандайы жарык, келечектен чоң үмүт, тилек менен жашаган адамдарга,

жакшылыктан башканы эңсебеген, өз үйүнүн гүлү, кубанычы – эч качан бул үйүнө кайрылып келбейт, ал жалгыз уулунун мандайынан сылап эркелетпейт, бизге кызыктуу эпосторду окуп да бербейт. Адамдан артык жаралган ак пейил аяш атам кайсы жерде, кайсы мүрзөдө жатты экен? Жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун!

Ата-энемдин күнү-түнү безилдеп, отурса-турса да согушта жүргөн абаларымдын өмүрүн кудайдан жалынып жалбарып тилеп, ичкен аштары аш болбой, өндөрү саргарып жүргөн себебин, азаптуу түйшүгүн мен эми жаным менен түшүнө баштадым. Ээ, ботом, абаларым кан кечип, өлүмдүн арасында жүргөн турбайбы? Жадырап жааган немистин огу кимди аяп койсун? Биздин башыбызга да, бир күнү (О кудай, анын жүзүн көрсөтпө!) караан түн туш келсе, анда тоодой күйүткө кантип чыдайбыз? Апам шордуунун жүрөгү жарылып кетпейби?

Жалгыз калганымда менин кыялымда ушундай коркунучтуу ойлор көп келе турган болду. Өзүмдүн мындай бейзордоп башка нерселерди ойлоном... Бирок жүрөктү курт сыяктуу чагып турган санаадан кутула албайт экенсин! Андан кутулууга канчалык аракет кылып, башкага алаксыгың келсе, ал туш тарабыңдан аарыдай каптап, о- сезимди ээлеп калат экен. Сыягы, санаадан күчтүү сезим болбосо керек?

Санаанын запкылуу издери ата-энемдин кебетелеринен даана көрүнөт. Атам бели майышып, ордунан турбай, онтоп жатып калды. Апамдын сиркеси суу көтөрбөй, ачуулуу да, урушчаак да болуп кетти, түк сөз көтөрбөйт. Болбогон иштен эле атам экөө сөз талашып, кыжылдаша кетет. Ортодо эле мага кыйын болду. Күнөөлүүдөй атама да, апама да жалдырап карайм, мурдагыдай эркелей албайм. Бир күнү кечинде, үлпүлдөп жанган жип чырактын жарыгында үчөөбүз чай ичип отурабыз. Атам да, апам да бир-бири менен урушкандай, кабактарын калың салып унчугушпайт. Үйдө чымын учпаган тынчтык. Мен жүрөктүн сары суусун алган бул азаптуу тынчтыкты атайлап бузуп, ата-энемдин көңүлүн алагды кылгым келди.

– Көптөн бери абаларымдан да кат келбейт – деп, акырын сүйлөп, аларга астыртан карадым. Мен алардын сырын уурдап, сынаган сөзүм эле... Менин сөзүм кулактарынын сыртынан кетип, атам да, апам да мелтиреп унчугушпады. Мурда алар мындай учурда дасторкондо болгон сөздөрдүн

баары абамдар согушта кантип жүргөндүгү, кат-кабары туралуу тынбай болор эле. Мен атам менен апам кебимди тыңшабай калды го деп, кайра баштадым. Чайнектен чайды өзүмдүн пиялама куюп жатып:

– Эмне үчүн кат жазышпайт алар? Бизди кабатыр болот деп ойлошпойбу?

– Жан күйүп турганда, безенбей шүк отурчу,– деп апам катуу кагып салды. Мындай учурда дайыма мага болуша кеткен атам да сага ажап болду дегендей, мени жактырбай жаман көз менен карады.

Мен шагым сынып, мостоюп отуруп калдым.

Атасын угузгандан бери бөлөмдүн мүнөзү түк өзгөрүп, жүзүнөн каны качып, моюну ничкерип аябай арыктап кетти. Качан барсам апасынын төшөгүнүн жанында эки көзүнүн актары кызыл болуп, адам менен иши жок, нестей болуп отурат. Сенин келгениң, же кеткениң менен да иши жок. Турдугүл аяш энемдин да мурдагы жүрөк ооруусу кайрадан күчөп, ордунан турбай жатып калды. Мен алардын ала уюн да өзүбүздүкү менен кошо багам, эки уйду жетелеп жүрүү өтө азап, алар от талашып, бир-бири менен сүзүшө кетет, кыйкырып жатып, аларды араң ажыратам. Кечинде жетелеп келип, колдоруна тапшырам. Кара-Сууга чуркап барып, аларга суу көтөрүп келем, саалган сүтүн көпкө бышырып казанга алып, бышырып берем. Аяш энем менин ак пейилден аларга боорум ачып, кол кабыш кылганыма жетине албай, көңүлүмдү көтөрүп мактайт, батасын берип:

– Уулум узун өмүрлүү бол. Арнаалы экөөң ойноп-күлүп жүргүлө, бир туугандай ынтымак болгула, айланайындарым! – дейт эки колун жайып.

Мен мактоого териме батпай сүйүнүп, буттарым жерге тийбей эдиренден:

– Аяш эне, дагы кандай иш бар? Эшиктин алдына суу сээп, шыпырып берейинби? – деп сурасам, ал башын чайкап:

– Кой, балам. Өзүм шыпырам. –Анан Арнаалыга кайрылып: – Үнкүйүп отура бербей ай жарык тийип турат бөлөң менен сыртка чыгып, ойноп кел.

Арнаалы тетири бурулуп, дулдуюп унчукпайт... Аяш энем, сен айтчы, дегендей башы менен белги берди.

– Бөлө жүр, Ак-Терекке барып, ойноп келели, жүр, кызык кептер бар,– дедим анын колунан тартып.

Арнаалы мойнунан байлап зордоп жаткандай кетенчиктеп, кабагын калын салып, араң ордунан козголду. Аяш энем мага жылуу мээрим менен карап: «Ошентип ээрчишип ынтымак жүргүлө. Бөлөндүн көңүлүн алаксыт, сенден жакын кимиси бар», – дегендей артыбыздан телмирип карап турду.

Бөлөм экөөбүз ээрчишип чыкканда, асман ала булут тартып, күн түштөн эбак ооп калган эле. Биз өз ара кеп сөзгө келбей, араздашып урушкандай басып, акыры айылыбыздын күн батыш тарабындагы атактуу Ак-Теректин алдына басып келип, шылдырап аккан туптунук Кара-Суунун жээгине көчүк бастык. Ак-Терек кадимкисиндей асман тиреп, Кара-Кой тараптан соккон салкын желге боюн тосуп, сансыз жалбыректары дирилдеп сыйкырдуу кереметтей болуп турган экен... Айылдын жаш балдары чогула калганда, дайыма ушул Ак-Теректин жанына келип, эки топко бөлүнүп, бекинмечек, топ чикелеп чабышуу ойнор элек... Бул Ак-Теректин улуу баянын айта берсең такыр түгөнбөйт, ал жөнүндө башка учурда кенири токтолобуз...

Бөлөм экөөбүз Ак-Теректин астында үнсүз-сөзсүз көпкө отурдук. Арнаалыны көп-сөзгө аралаштырайын деп, эпилдеп-жепилдеп аны айтам, муну айтам, бирок бөлөм жактырбагандай суз жооп берип, башын шылкыйтып, ойлуу карап, унчукпай отура берди... Кан-сөөлү качкан бөлөмдүн купкуу кебетесин, момун, жалдырап караган көздөрүн көрүп, көңүлүм уйгу-туйгу болуп, ичимден аябай чочуп кеттим.

– Бөлө, – дедим, анын маңдайын колум менен баса кармап, – бир жериң ооруп турабы?

– Жок.

– Курсагың ачпы?

– Жок.

– Анан, эмнеге момурап унчукпайсың, бөлө?

Унчукпай ойлонуп отуруп, көптөн кийин башын көтөрүп:

– Жүрөгүм тызылдап ооруйт... Апама айтпа, бөлө... ыйлайт укса. Айтпайсыңбы? – деп, мага жалооруп карады.

– Айтпайм, бөлө,– деп убада бердим. Ал жанында отурган мени да эсинен чыгарып, жалгыз отургандай унутуп, малдаш токунуп, өзүнчө ичинен күбүрөп коюп, көздөрүн сүзүп, ойлуу отура берди... Мен дагы анын оюн бөлгүм келбей, жанында отура бердим. Ошол учурда, бөлөм атасынын катирүү кезин эстеп, көз алдына элестетип, аны менен кадимкидей сүйлөшүп мойнуна асылып, эркелеп жаткансыды. Мен бөлөмдүн бети-башын сырттан карап туруп, ички оюн даана түшүнүп жаттым. Анакей, бакыракай көздөрү күлүндөп, таноолору көтөрүлүп, жүзүндө билинер-билинбес кубаныч пайда болду. Ал башын улам-улам ийкеп коюп, атасы менен сүйлөшүп жаткансыды... Мен ага жолтоо болбоюн деп акырын туруп, беш-алты кадамдай алыстап, андан көзүмдү албай карап турдум. Бөлөм менин жанынан туруп кеткенимди да байкаган жок... Мен көпкө дейре, анын оюн белбей, четте турдум.

Күн артынан күндөр өтүп жатты. Арнаалы бөлөмдүн мүнөзү кескин түрдө өзгөрүп кетти. Мурдагы жаркылдаган, ачык айрым кыялы жоголуп, оюн ичке жашырган түнткө айланды. Тамекилердин шактарында уйларыбызды жетелеп оттотуп жүргөнүбүздө мурдагысындай ойноп-күлбөйт, чечилип сүйлөшпөйт, нес болгондой ойлонуп отура берет. Мен аны-муну эбиреп-жебиреп сүйлөп жатсам, башын ийкеп угуп отургансыйт, бирок анын ой-кыялы башка тарапта. Бөлөмдүн ою бөлүнүп кеткенин айрым учурда мен да аңдабай калам. Ал чочугандай: «Кайра айтчы, эмне дедиң?» – деп өзүмө кайрылат. Анын көңүлүн оорутпайын деп, мен кайрадан кебимди баштайм. Арнаалы өз оюн өзү башкаргысы келип, менин сөздөрүмдү кунт коюп угууга бүткүл эсидартын буруп, кулагын түрүп калат. Көп өтпөй эле бөлөмдүн ою алагды болуп, башка тарапты чабыттап жүргөнүн кебетесинен биле коём. Мен ызаланган түр менен капталына түртүп: «Эй, бөлө, асмандан жерге түш. Мен азыр эмне дедим?» – десем, ал бир саамга уялгандан кызарып: «Таң?» – деп айыптуудай жооп берет...

Көп өтпөй эле бөлөмдүн менден алыстап, өзү жалгыз болууга тырышканын байкап калдым. Ал уюн жетелеп, менден алыс барып отурат да унчукпай ойлонуп отура берет. Кычашкандай мен жанына уюмду жетелеп барсам, сыр билдирбей бир аз оң сүйлөшүп отурат да, анан дагы жер которуп басып кетет... Мен өзүмчө ар түрдүү ой жооруйм. Бөлөм мага таарынып жүрбөсүн? Таарынгандай мен ага эч кандай зыян иш жасаганым жок. Аяш атамды угузгандан бери мен анын ою менен болуп, колдон келген жакшылыгымды аяганым жок. Бөлөм ошол учурда жалгыз отурууну ушунчалык жан дили менен каалаганын, жалгыздыктан жабыр табарын мен балалык кылып түшүнбөптүрмүн.

Ошентип, экөөбүз араздашып, уйларыбызды эки башка жетелеп, жалгыздап багып жүрдүк. Биринчи күнү мен кы-

рымды салып, ага такыр көңүл бурбай сыртымды салдым. Аралыгыбыз жарым чакырымча, бирок мен аны көрмөксөн, билмексен болом, ал тарапты караганымды да билдиргим келбейт. «Карап тур, сени,– деп ичимден кекендим, аны эсинен чыккыс кылып жаралагым келди. – Боорум ачып, атасы жок жетим деп, артынан чуркап жалпактасам боюн көтөрүп, зыңгыраганын кара. Мен сенсиз деле ойной алам, күнүм өтөт. Мурдун көтөргөнүн карасаң. Акыры өзүң келесиң, жалынып мойнума асылып, кечирим сурап. Ошондо мен да бетиңди карап койбой, терс карап басып кетпесем, ит болоюн»,– деген чечимге келдим...

Бөлөмө өчөшүп, коркута бир күн жалгыз уй бактым. Канчалык көгөрсөм да, ичим түтпөй, Арнаалы отурган жакты эрксизден мойнум созуп карай берем, ак көңүлүм тутуп ага ошол замат жетип баргым келет, бирок өзүмдү өзүм жемеге алам: «Сен дагы жетип барсаң, ал дагы терс карап койсо, алабалың эмне болот? Ошондо шылдың болбойсуңбу?» – дейм. Көз кырымды салсам, бөлөм ала уюнун алдын тосуп, артын мага салып кыймылдабай бир орунда үнкүйүп отурат, отурат, такыр козголуп койбойт... Мен да ага теңелип, отура бердим. Бир учурда Арнаалы бөлөм билинбей келип, артымда мага кантип кайрыларын билбей, айыптуудай жалдырап тургандай, мына эми мен башымды көтөрүп кылчайсам эле, ал жалынып кечирим сурачуудай элестеттим да, атайылап кабагымды бүркөп, ого бетер сүрдүү болуп, дүңкүйүп отура бердим. Абалың ошол экен, анда неге мага кыйынсынып, кыр көрсөтөсүң? Эми мен да сенден өчүмдү алам, сүйлөшпөйм! – деп, ичимден жулунуп жаттым. Арнаалы мага батынып сүйлөй албай, артымда көпкө дейре жалдырап турганын желкем сезгенсип турду. Бирок, ишене бербей кылчайсам, жан жок экен, ошондо ызаланып ыйлагым келди, ичимден бөлөмдү аябай жек көрдүм! Ордумдан туруп, ал жакка көз салсам, бөлөм баягы жеринен жай которуп, башка жерде башын төмөн салып, ойлуу отуруптур?

Араздашуунун биринчи күнү Арнаалы тараптан жакындашуунун жышааны көрүнбөйт, кечинде ар кимибиз уюбуздан жалгыздан жетелеп кайттык.

Экинчи күнү да биздин мамиле өзгөргөн жок. Эртең менен Арнаалы уюн жетелеп, мени көрмөксөн болуп, тиги чукпай отуруп алды. Дагы экөөбүздүн бир-бирибизге кыр көрсөтүп, унчукпай бой тирешмей адатыбыз башталды. Бул

биздин жашыруун, эч кимге айтылбаган табышмактуу урушубуз канчага созулар экен деп ойлосом, ичим бышат... Кантип эле эми ынтымактуу ары бөлө, ары дос – Арнаалы экөөбүз эч себепсиз бир-бирибизге чоочун болуп, түбөлүккө кол үзүшүп кетебиз? – деп ойлосом ыйлагым келет. Күн шашке болду, Арнаалы отурган жеринен козголбойт. Менин жүрөгүм тызылдап, көңүлүм уйгу-туйгу боло баштады. Ар түрдүү ойлор көңүлүмдү бийлей баштады. Бөлөм делдиреме ооруу болуп жүрбөсүн? Делдиреме адам бир жерде тынч отуралбай эл, жер кыдырып басып кетет деп уккамын. Анда эмне болду, бөлөмө? Ал эмне үчүн мени жанына жолотпойт? Эмне себеп? Башыма күтүлбөгөн жаркын ой келип, аны ойлоп тапканыма сүйүнүп кеттим. Эх! – митаам, питир жан,– дедим үнүмдү жарыя угузуп. Кокус, ойлогонум чын чыкса, карап тур, абийириңди айрандай төгөм,– деп шымаландым ичимден, алдынан табам канып, ыраазы болуп кубанып... Эмне эле менден кача баштады десе, сыр жаткан турбайбы? Апасы берген ак кантты менден катып, жалгыз отуруп, таңдайына салып, жыргап соруп жүргөн турбайбы? А мен жинди, андан эч нерсемди аябайм, дайыма тең бөлүп берем... Карап тур, сенин бетинди ачпасам!

Эңсеген ой-тилегим, Арнаалыга түк байкатпай барып, кылмышынын так үстүнөн капыстан чыгып, уят кылып басып кетүү эле... Анын кант соруп, жыргап отурганын көз алдымда элестетип, кыжырданып да турам. Ал да оңой-олтоң митаам эмес, оңойлук менен алдыра койбос, астыртан мен тарапты карап коюп, аңдып отурат. Мен дагы ары ойлонуп, бери ойлонуп, мындай чечимге келдим. Кызыл уюмду ага даана көрсөтө жетелеп, ал отурган жактан тетири тарапка жай баракат басып кеттим да, тамекилердин четиндеги шактарга кирдим. Тездик менен уюмду талга бекем байлап, Арнаалы жакка калың тамекилердин арасы менен жортуп жөнөдүм... Ал отурган жердин бер жагында калың өскөн жүгөрү бар эле, тез эле анын ичине сүңгүп кирип, жер менен жексен басып, күндүн ысыгында тердеп-тепчип бир сойлоп, бир жөрмөлөп бараттым. Акыры, үнүмдү такыр чыгарбай бөлөм отурган жердин тушуна жеттим да, акырын башымды көтөрдүм. Менин арам оюм ордунан чыгып, эңсеген тилегим аткарылып: «Ой, бети кара шүмшүк!»– деп табалап кыйкырууга даяр турган жаным, бөлөмдүн кебетесин көрүп, оозумду басып, күтүлбөгөн жерден коркуп кеттим. Бөлөм эч нерсени туюп койбой, чөк түшүп отуруп,

эки көзүн бекем жумуп, кимдир бирөө менен жай сүйлөшүп жатат... беттеринен шорголоп жаш тамууда... Мен эмне кылымды билбей оозум ачылып, эсим оогондой дендиреп карап калдым, үн чыгарууга батынбадым, ошол замат башымды төмөн кылып жата калайын деп, анан ким менен сүйлөшүп жатканын билгим келди...

– Ата,– деди Арнаалы эки колун жайып. –Мен сиздин өлгөнүңүзгө такыр ишенбейм... Сиз тирүүсүз, чынбы? – деди жалооруган үн менен кимдир бирөөгө кайрылып. «Кимдир бирөөсү» менин байкашымча, атасы болсо керек. Бөлөм ошол менин көзүмө көрүнбөгөн атасынын жанында тургандай, ага жалооруп карайт, колун сунат.

Сыягы, «атасы» уулуна ошол замат так жооп бербей, ойлонуп турду бөлөм. Жалдырап турган Арнаалы кимдир бирөөнүн оң жообун укkандай кубанып, жадырап кетти: – Тирүү болсоңуз, үйгө качан келесиз? Мен аябай сагындым, – деп, көз жашын көлдөтүп агызып, – эгер тез келбесеңиз, жинди болуп кетем, тентип кетем...

Арнаалы атасынын жообун угуп жаткандай башын ийкей берди, сыягы анын сөзү көпкө созулду белем... Бөлөмдүн алымсынбаган кебетесине караганда, атасы жакын арада келбейм деп айтты окшойт.

– Согуш качан бүтөт? – деп Арнаалы суроо берди атасына. Бөлөм «атасынын» оозун карап астейдил дитин коюп тыңшап калды... Атасы согуштун аягы жакында бүтпөйт, алды жакта кан төгүлгөн чоң кармашуулар жатат, душмандын белин сындырып, өз ордосунда чөгөлөтүп, анан кайтабыз деп жаткансыды. Ыйлап жаткан кебетесине кан жүгүрүп, кубанычтын белгиси тарады... Менимче, атасы эң жакшы кабарларды угуп жатты бейм...

– Ата, жылдызыңыз алтынбы? – деди жаркылдап. – Сиз келгенде мен да тагынам, баарына мактанам.

«Жашасын кеңеш өкмөт» – деп, кубанганымдан токтоно албай кыйкырып жибергим келди, чын эле мага бөлөмдүн атасы тирүүдөй, ал уулу менен бетме-бет сүйлөшүп жаткандай сезилди. Бирок, кандайдыр ички бир туюк сыр, күч мени кармап калды. Бөлөмдүн жер үстүндө тирүү жан билбеген жашырын сырын ашкереге чыгаргым келбеди. Кокус, ал менин угуп турганымды билип койсо, сөзсүз, ал ошол ишеничинен ажырап, жашаган өмүрүнүн, жаркын тилегинин кумары өчүп, көргөн күндөрү такыр көңүлсүз болбосун деп кооптондум бейм... Арнаалыга кыпындай шек алдырбай артыма уурудай чегиндим да, жүгөрүнү аралап жортуп, өзүм бир ажайып дүйнөнү ачкандай, көңүлсүз турмушум жаңырып, кандайдыр жаңы жээкке жеткендей болдум... Жүгүрүп баратып, болбогон жерден бөлөм жөнүндө арам ойлоп, аны жашырын аңдыганыма кулагымдын түбүнө чейин кызарып, аябай озоңдодум. «Ээ, көк мээ, ушул адатың качан калар экен?» – деп, башымды өзүм муштагылап да коём...

Кечинде бөлөмдүн үйүнө атайы өзүм бардым. Аны күтүп, үйдө отурууга көңүлүм чыдабады... Баары бир келбейт деп ойлодум... Аяш энем айбандагы сөөрүдө төшөккө оронуп жатыптыр. Арнаалы кайда десем, азыр эле жүргөн эле, бир жакка шашып чыгып кеткенсиди деди... «Кайда кетти экен?» – деп эмне кыларымды билбей ыргылжың абалда туруп калдым. Аяш энем менин кетким келбей оролошуп турганымды биле койгондой, жаныма отур деп колун сермеп белги берди. Мен сөөрүгө көчүк басып отура калдым. Аяш энем төшөгүнөн өйдөлөп турду да, оң колу менен жаздыгына жеңил сүйөнүп, жамбаштап жатты.

– Бөлөң экөөң уруштуңарбы? – деди күтүлбөгөн жерден жүзүмө тике карап.

– Жок.

– Анда неге сүйлөшпөй жүрөсүңөр?

Мен эмне деп жооп береримди билбей бир аз оңго башымды шылкыйтып, арсар абалда калдым. Болгон ишти жашырбай айтсамбы-айтпасамбы, деп кыйылып турдум. Анан тобокелге салдым да, кийинки кезде бөлөмдүн түнткө айланып, менден оолактап жүргөнүн, бүгүнкү өз көзүм менен көргөн окуяны төкпөй-чачпай айтып бердим... Аяш энем отуруп ыйлап жиберди, мен бекер жерден ак жүрөктүк кылганыма аябай өкүнүп калдым...

– Бөлөңдүн өмүрүнөн аябай корком. Үйдө да үңкүйүп отура берет... Мурдагыдай боорун берип, эркелебейт, же чечилип сырын айтпайт. Көрсө, атасынын өткөнүнө ишенбей жүргөн турбайбы? – деди аяш энем көз жашын жоолугунун учу менен улам сүртүп. – Бөлөңдү издеп келчи, караңгыда кайда жүрөт кайгыртып?

Жайдын жагымдуу кечи эле. Сыртка чыксам, ай эбак көтөрүлүп, айлана жарык экен... Бөлөм, жалгыз кайда жүрөт? – деп башым маң болуп ойлондум, бир-эки жолу атын атап чакырдым, эч жактан жооп болгон жок. Анан тамеки сарайга жетип бардым, түнкү тизим башталбай ээн туруптур. Бул жерден таппаган сон, Ак-Терекке жүгүрдүм. Ал

айдын жарыгында алыстан сүрдүү калдайып көрүнүп, асман тиреп, сансыз жалбыректары шамалга ыргалып, шуудурап туруптур. Элүү метрдей жакындаганымда анын түбүндө тетири карап отурган кичинекей карааңды көрдүм... Айылдык чалдардын бирөөсү сыйынып, купта окуп жаткан го деген ой келди да, жакындаганымда Арнаалы бөлөмө окшоп кетти. Чын эле ошол экен... Ал Ак-Теректи бет алып чөк түшүп, үнүн угуза сыйынып, ага жалынып жалбарып жатат:

– Айланайын ыйык Ак-Терегим! Сен бүткүл ааламдын төрт бурчун көрүп турасың, сенин кереметин чоң... Атажа-нымды өлдү деп угузду. Мен буга ишенбейм. Ушул чынбы, же калппы? Сен баарын көрүп турасың да. Мен сага күндө келип сыйынып, жүгүнүп турайын, сен атамдын өмүрүн сактай гөр! – деп, эки колун намаз окугандай бет алдына жайып, каңырыгы түтөгөн дабыш менен жандуу адамга кайрылгансып, жалбарууда... Менин артында турганымды такыр байкаган жок. Сыягы, ал мындай учурда өзүнүн ички дүйнөсүнө ушунчалык берилип, башканын баарын такыр эстен чыгарып коёт окшойт. Мен да ага жолтоо болбой, айдын жарыгында унчукпай карап турдум. Бул жолу атайы жашынганым жок. Бөлөм көкүрөгүндө уйгу-туйгу болуп ташкындаган ойлорун сыртка чыгарып, өзү да жеңилдеп калгандай ордунан шашпай туруп, мени көрүп, таң калгандай карап, унчукпай тим болду. Мен жакындап барып, өзүм мойнуна асылып, бекем кучактадым... Бөлөм да көптөн бери көрбөй жүрүп, сагынычы тарабагандай, кайрадан жолукканда мойнума асылып, эмшиңдеп ыйлап жатты.

– Ыйлаба бөлө, эмне ыйлайсың? – дедим биринчи озуноп.

– Аябай сагындым, – деди айыптуу кишидей көз жашын аарчып жатып.

– Мен да сагындым. Жаныңа барсам эле, терс карайсың,– дедим таарынчымды билдирип...

Ал унчуккан жок.

Бир аздан сон Ак-Теректин түбүндө эл отура турган кыдырата коюлган кара таштарга отурдук да, өпкөбүз көөп толкундагандыктанбы, кепти эмнеден баштаарыбызды билбей, апкаарып отурдук.

– Бөлө, – дедим сөздү биринчи баштап,– бүгүн корук жакта сен атаң менен сүйлөшүп жатканыңда, мен маңдайдагы жүгөрүнүн четинде карап тургам. Сен көргөнүң жок.

Арнаалы мага бир карап, анан башын төмөн салып, дагы жооп кайтарбады...

– Ырас эле атаң көзүңө көрүндүбү? – дедим ынтызарым күчөп...

Арнаалы ооба дегендей башын ийкеди да, каалабагандай сөзүн баштады:

– Ишенсең бөлө, жалгыз калып, көзүм жумсам атам жарк этип көрүнөт. Мени мойнуна мингизип эркелетип, ойнойт. Кызык жомоктор айтат, обон салып ырдап берет. Кээде колумдан жетелеп, өзүбүздүн айылды аралап жүрөт. Атамдын тирүү жүргөнүн эл көрүп таң калат. Айрымдары учурашып: «Эргеш эсен-аман турбайсынбы, а биз...» десе, атам жаркылдап күлүп: «Бир гана уулум ишенбептир» – дейт, мени бооруна бекем кысып. Көзүм ачсам эле атам жок. Ошондо заман тарып, өкүрүп ыйлагым келет. Түндөлөрү апамдын жанында көзүмдү жумуп уктамыш болуп, атамды көрүп, аны менен купуя сүйлөшүп, анан уктап кетем... Атамдын үнү кулагыма даана угулуп турат. Ошон үчүн жанымда чоочун бирөөнүн болушун каалабайм, жалгыз калганды жакшы көрөм. Аны сен түшүнбөй, таарынып жүрөсүң... Сага кантип түшүндүрөм... Баары бир түшүнбөйсүн, ишенбейсиң, бөлөм...

Арнаалы жүрөгүндө купуя сактап жүргөн сырын жана муңун төгүп, дагы көз жашын агызып ыйлады. Мен дагы карап туралбай, жашып кеттим. Ак-Теректин түбүндө айдын жарыгында көпкө сырдашып отуруп, көптөн кийин үйлөрүбүзгө кайтып келдик.

Арнаалы ички сырын мага жашырбай айткандан кийин да жалгыз жүргөндү жакшы көрмөй адатын таштабады. Мен дагы ага мурдагымдай жабышпай, көп учурда андан боюмду оолак кармоого тырыштым. «Бөлөм, жалгыздыкта атасы менен эрмектешип, муң зарын бөксөртүп алсын» – деп ичимден кубанып жүргөндө, аркандап койгон жеринен биздин кызыл уй бошонуп, качып кетиптир. Аны издебеген жерим калган жок. Чытырман камыштардын, тамекилердин, жүгөрүлөрдүн арасынан таппай, айлам түгөнгөндө, айлыбыздын үстүндөгү какыр дөбөлөрдүн коктусундагы ээн турган коргонго жөнөдүм. Адамзат анда көптөн бери жашабай, ал байлуканага айланып, элдер аны жек көргөндөй «Куу коргон» деп аташар эле. Биз, балдар түнү эмес, күндүзү дарбазасы бузулуп, аңырайып турган бул коргондун жанынан өтүүдөн коркор элек. Эми башыма иш түшкөндө, мойнум-

дан байлаган иттей, түш ооп калган кезде ошол коргонго бардым. Күн мээ кайнатат, акактап күйүгүп, мандайымдан ысык тер шорголойт. Коркондуктан жүрөгүм дүкүлдөп согуп, бүткүл денемди калтырак басып, эки жагымды элендеп карап, коргондун оозуна бардым... Кандайдыр коркунучтуу нерсе мени анын ичинде күтүп тургансыйт. Ошол мезгилде кимдир бирөө артымдан андып келип катуу кыйкырып жиберсе, мүмкүн жүрөгүм жарылып кетмек. Адам чындап коркондо, эки буту алсырап, жакшы жылбай калтырагынын ошондо байкадым. Эмне болсо, ошол болсун деп, коргондун аңырайган бузук дарбазасын аттап, ичин карасам, кызыл уй дубалдын көлөкөсүндө жыргап көөшүп жатат. Бир жагынан уйдун табылганына (такыр жоголуп кетеби деп аябай коркком) мулундап буту-колум жерге тийбей сүйүнсөм, экинчи жагынан ызаланып, аны мокочодой жек көрүп, колумдагы тал таяк менен бир-эки жолу мүйүз аралаштыра чаап, алдыма салып кубаладым... Кызыл уй дакүнөөсүн сезгендей улам мага жалтактап карап, каршылык көрсөтпөй алдыма түшүп, жортуп жөнөдү. Коргондун орто ченине келгенде оң жактагы бийик дубалдын адамдын колу кепкеңири бата турган тешигине кабан аарылардын биринин артынан бири улам кирип, кайра учуп чыгып жатканын көзүм чалып, ордумдан бир карыш жылбай катып калдым. Ырасын айтсам, кызыл уйга болгон ачуум ошол замат тарап, кайра ичимден ага ыраазы боло түштүм. Эгерде кызыл уй качып, бул «Куу коргонго» келип жатпаса, мен кабан аарылардын асел тууган аарысын көрмөк эмесмин да! «Кабан аарылар адам аз жүргөн жарлардын бооруна, эски коргондордун уюктуу тешиктерине асел таштайт, асели мол да ширин болот» – деп чоңдордун кеп кылганын укkан элем... Ак жолум ачылып, эч бир жанга туш келбеген асыл табылганын үстүнөн өзүм чыгып отурам деп аябай сүйүнүп кеттим. Бул сырды Арнаалыдан башка жанга билдирбей, экөөбүз гана аны алуу жолун издейбиз деп чечтим. Анын үстүнө азыркы учурда бизге асел ушунча зарыл эле. Жакында аяш энемди чоң табып көрүп, каны аз экен, асел жесин дептир. Согуш учурунда асел кайдан болсун. Атам атайы базарга барып, таппай келген. Тезирээк Арнаалы бөлөмдү таап, бул сырымды айтып, сүйүнткүм келди, өзүмдүн да кубанычым койнума батпай дердеңдеп, кызыл уйду жонуна чапкылап кубалап, кантип үйгө жеткенимди сезбей калдым. Кызыл уйду тапканымды атама айтып, аны мойнунан бекем бай-

лап, корукка жөнөдүм. Бөлөм мен болжогон жерде кадимкисиндей жалгыз экен. Бул жолу нымдуу көк чөпкө чалкасынан түшүп жатып, асманды мелтиреп карап жатыптыр. Мүмкүн, менин келе жатканымды көрүп, ошондой абалга келе түшкөндүр. Уюмду агытып, анчалык сыр билдирбей, толкундап турганымды байкатпай, анын жанына кулап түштүм. Ал оң жамбашына оодарылып, менин тердеген кебетемди бир аз карап турду да:

– Уй кайда экен бетбак? – деди кызыл уй тарапка сумсаң карап... Мен уйду жамандоонун ордуна, аны жерге сууга тийгизбей мактап кирдим. Ээ, биздин кызыл уйдай акылдуу жан барбы, ал дегениң уй эмес эле, периште, периште эмес олуя, олуя эмес, пайгамбардын өзү экен дедим чын пейилим менен. Бөлөм бул эмне деп дөөрүп жатат дегендей мага карап турду да, анан капыстан сүйлөдү:

– Уюң олуя болсо, сенин эсиңди чыгарып, качып кетмек беле?

– Э-э, бөлө, олуя уй деген кайда качарын билет да, – дедим шаттуу үнүмдү чыгарып.

Арнаалы сөз табалбай мукактанып, анан кайра жылмайды:

– Эй бөлө, сенин уюң биздикиндей жоош болсо, жерсууга тиймек эмес экенсиң... Карасаң уюндун кебетесин, адамды сүзчүдөй... Карачы, – деди ыкшып күлүп. Ал өзүнүн чукугандай тапкан сөздөрүнө кубанып, көк чөптөрдү тырмалап күлүп жатты. Бөлөмдүн күлкүсү өзгөчө шаңдуу жана чын пейилден эле, өзү да мурдагысындай кан-сөөлү качып, саргайыңкы эмес, жакшынакай түстө эле. Мен ошондо, кайран бөлөмдүн бул эң акыркы күлкүсү, кубанычы экенин кайдан билейин?.. Эгер билсемчи...

Мен чычкан мышыктай жашынмак оюнумду токтотуп, бөлөмө көргөн билгенимди ортого салдым. Арнаалы алгач мени сынап, оюн куруп жатабы дегендей ишенбеген түр менен карап турду. Кебетеси: «И, жер куруткан калпычы, жаныңды сата берчи, сага ишенчи мен бекемнин?» – дегендей эле. Мен анын мындай тоң мамилесине ичим күйүп, ызаланып кеттим бейм.

– Ишенбесең кой, мен өзүм жалгыз барам, өзүм алып келем аяш энеме, – деп тетири карап жатып алдым.

Арнаалы жаныма отурду, көпкө мен да таарынып, терс бурулуп жата бердим. Ал бир убакта далымдан жулкулдатып, өзүнө каратты:

– Эгер калп айтсаң, нан урсунбу? – деди мени теше тиктеп.

– Бөлө, нан менен ойнобойт деп өзүң айтпадың беле? – дедим өзүн сөзгө жыгып. Арнаалы эмне дээрин билбей турду да:

– Анда бучук болосуңбу? – деди оюн-тамашага салып.

– Болоюн, – дедим чечкиндүү.

Ошол экөөбүз кол алыштык да, дубалдын боорундагы аселди кантип алуунун жолун издей баштадык...

Биз ары талашып, бери талашып отуруп, мындай бирдиктүү чечимге келдик: биринчи чечим – бул сырды иш жүзүнө ашырмайын эч бир жанга, ал турмак үйдөгүлөргө да түк билдирбейбиз дедик; экинчи чечим – кичине гана ооз тиебиз дедим; үчүнчү чечим – бүгүн кеч болуп калды, эртеге чак түштө уйларды малканага камап коюп, куу коргонго эч кимге билдирбей жөнөйбүз дедим.

Бул чечимди эч ким бузууга, башка жанга айтууга акысы жок деп кол алыштык...

Биз үйдө канчалык сырыбызды жашырууга аракеттенип тымпыйсак да, улам бирибизге кызууланган түрдө жетип келип, эч кимге угузбай кудуңдашып шыбырашкандыктанбы, апам уюн саап жатып, шектүү сурады:

– Силердин түрүңөр жаман, бир шойкондун үстүнөн чыгып жүрбөгүлө, – деди кооптонгондой. Бөлөм экөөбүз оозубузду басып, апама билдирип койгон экенбиз деп чочуп, эч нерсе билбегендей, укпагандай аңкоолонуп тим болдук. Ошондо эле апама сырыбызды жашырбай айтсак, иш башкача болмок экен. Биз балалык кыялга жеңдирдик: аселди өзүбүз алып келип, ата-энелерибиздин, жакындарыбыздын, ал турмак бут айылдын көздөрүнө бир көрүнөйлүк деген ойго өтө берилип кеттик.

Ошол күнү апамдан уруксат сурап, бөлөмдүн үйүндө түнөмөк болдум... Аяш энем бизге коргондун ортосундагы үч алманын астындагы сөөрүгө бир төшөк салып берди. Ошол түнү ай жарык тийип, асманда жылдыздар сансыз- сансыз болуп жайнап турду. Алар дагы биздин эртеңки жоругубузду кубаттагандай, ийгилик каалап, ак батасын берип жаткандай жымындашат... Толкундагандыктанбы, экөөбүздүн уйкубуз такыр келбей койду...

– Бөлө – деди Арнаалы асмандагы жылдыздарды сөөмөйү менен көрсөтүп, – ар бир пенденин өзүнүн жылдызы болот деп апам айтты. Адамдын ичер суусу түгөнүп өлгөндө,

анын асмандагы жылдызы өчүп, жерге кулап түшөт экен,– деп сөзүн бүтө электе, биздин бет маңдайдагы сары жылдыз учуп, узун куйругун көпкө чейин чубалтып барып, анан көздөн кайым болуп кетти.

Дүйнөдөн кайткан дагы бир адамдын өлүмүнө күбө болгондой оозубуздан сөз түшүп, тунжурап бир-бирибизди карадык.

– Көрдүңбү бөлө, согушта дагы бирөөгө ок тийип, каза тапты, – деди Арнаалы өз оюн ырастап.

Мен согушта кан кечип жүргөн абаларымды эстеп, денем үркүп, аябай коркуп кеттим... «О, кудай-ай, абаларымды душмандын огунан сактай көр», – деп ичимден күбүрөп, сөздү башка жакка бурдум.

– Андай болсо, сенин жылдызың кайсы? – дедим Арнаалыны сынап сурап.

Арнаалы ушул эле суроону күтүп тургандай:

– Менин жылдызымбы? – деди ыраазы болгон кебетесин көрсөтүп. –Тететиги, Кызыл-Тоонун үстүндөгү узун куйрук жылдыз болот, билсең... Мен аны дайыма көрүп жүрөм... Ошол узун куйрук менин жылдызым. А сеникичи, бөлө?

Мен жылдызымды кең асмандан көпкө издеп табалбадым. Бөлөмдүн көзгө көрүнүктүү чоң жылдызды ээлеп алганына ичим күйдү. Менин жылдызым да аныкынан кем болбош керек эле... Акыры издеп жүрүп, чыгыш жактан көтөрүлүп келе жаткан топ жылдыздын эң чоңун ээледим да, ошону көрсөттүм.

– Ал Жетиген деген болот. Ал эч кимдики болбойт, – деди бөлөм чечкиндүү түрдө.

Мен ызаланып кеттим.

– Сен эмне, жылдыздардын башчысы белең? Ошол менин жылдызым,– дедим өжөрлөнүп...

Арнаалы менин көнүлүмдү көтөрүп, берешен мүнөзүн көрсөтүп, макулдугун билдирди:

– Болуптур бөлө, ошол сенин жылдызың... – деди мага чоң энчи бергендей...

Экөөбүз ошентип талашып отуруп, анан бекем кучакташып жатып, кантип көзүбүз уйкуга илингенин сезбей калыппыз.

Түштө уйларыбызды малканага камадык да, экөөбүз эч бир жанга билдирбей куу коргонго жөнөдүк. Ошол күнү аптап кайнап, кыбыла тараптан ысык жел бетке согот, са-

ратан чегирткелеринин безилдеген үндөрү угулат. Өтө жоoптуу жана коркунучтуу ишке бараткандай өндөрүбүз кумсарып, араң эле дем алабыз. Аселди салабыз деп апамдын кышында сары май сактай турган ич тарабы ак сырдуу темир идишин, теше, аташкөрөк алганбыз... Эгер аселдин жаткан жери өтө чуңкур болсо, аташкөрөн менен чукуп сайып алып чыгууну да эстен чыгарган эмеспиз... Коргонго биз каракчылардай болуп жашырынып, башка бирөө көрүп калган жокпу дегендей аяк-быякты жакшылап карап текшерип, эч ким жоктугуна көзүбүз жетип, анан жарышып кирдик...

Биз окчун туруп, уясына кабан аарылар учуп кирип чыгып жатканын байкадык. Беш-он мүнөттүн ичинде дыңылдаган кабан аарынын үнүн укпадык, караанын көрбөдүк, демек, алар гүл терип кеткен экен, алар кайрадан келип калгыча, аселин алууга үлгүрөйлүк деп шаштык. Кабан аарынын көлөмү чоң бармактай келип, өңү коюу күрөң болот, учканда чыңылдаган үнү чыгат... Биз ошол замат аарылардын уясы бар дубалдын бурчуна жетип бардык. Асел жаткан тешик эки метрдей бийиктикте экен... Ага боюбуз жетпейт, бирибиздин далыбызга бирибиз чыгууну да ойлодук. Аарылар келип калышы мүмкүн деп шаштык. Коргондун аркы четинде кыш ташыган жыгач замбилди көрө коюп, ошону тездик менен сүйрөп келип, узунунан тике коюп үстүнө чыктык. Тешикке боюбуз жетмек тургай, соол ашып да кетти. Мындай кысталыш учурда чукугандай амал тапканыбызга ашкере сыймыктанып да турдук. Кабан аарылар да жеткен митаам болсо керек, атайы адамдын колу батпаган тешикти издеп таап, асел тубушат экен... Биз теше менен чапкылап жатып, тез эле тешиктин оозун кеңейтип алдык. Уюктун тереңинде былкылдап жаткан сапсары аселдин четин көргөндө экөөбүз тең жарыша: «Жашасын»,– деп кыйкырып жибере жаздап, өз учурунда эсибизге келип, дымып калдык. Башка бирөөлөр угуп калышы мүмкүн эле...

Биз кычыраган замбилдин үстүндө калтырап турабыз, кокус ал оордугубузга туруштук бербей майышып кетсе, жерге кулап кетебиз деген коркунуч көңүлүбүздү түпөйүл кылып турат. Темир идиш бөлөмдүн колунда, ал эрдин жаланып, чыдамы кетип күтүп тургансыйт. Биринчи жолу эле сунган кашыгым аселге толо чыкты. Аселдин буруксуган сонун жыты мурунга урунуп, напсибизди козгоп жиберди. Бекем шертибизден кайтып, биринчисин экөөбүз сугунуп койдук. Ширинди гин айтпа! Оозум от болуп, күйүп жанып бараткансыйт. Биз аселдин кызыгына батып, улам кашыкка толо чыкканда кубанып идишибизге салып жатып, бардык нерсени унутуп да койсок керек... Тешиктеги асел бөксөрүп, эми кетүүгө камынып жатканбыз. Капыстан кабан аарылар кайдан-жайдан үстүбүздө пайда болду, алар ызылдашып, бизге баары чабуул жасашып чага баштады. Биз жайкы жеңил көйнөкчөн элек...

– Бөлө, качтык! – деп кыйкырдым да, замбилден секирип түштүм, артымдан Арнаалы секирди...

Бети башым, мойнум, мурдум, кулагым – бүткүл денем адам чыдагыс оорудан тызылдайт, ошол учурда дүйнө караңгылап, күндүн нуру өчкөндөй болду. Экөөбүз сыртка карай качып жөнөдүк. Тызылдап качып баратабыз, аарылар үстүбүздөн үзүлбөй чагып келе жатат, биз жаныбыз ачышкандан доңуздун баласындай өкүрүп боздодук.

– Бөлө! – деген эң ачуу үн чыкты. Артымды карасам, бөлөм жыгылып, анын үстүнө кабан аарылар үйүлүп калыптыр. Мени да жети-сегизи кубалап чагып жүрөт. Кайрылып барып, бөлөмдү жөлөп турууга жардам бердим. Арнаалы жаңы көзүнө көрүнүп жатса да, асел бар идишти колунан түшүрбөптүр... Бул дары катары апасына керек эле да. Мен анын колунан идишти жулуп, дагы ээрчишип качып жөнөдүк. Эми аарылардын көпчүлүгү менин үстүмө топтолушуп, туш-тарабымдан чага баштады... Эптеп сыртка чыгып, төмөн жакка, адамдар бар жакка бет алып качтык... Көксөгөн тилек: адамдар бул жабышкан алааматтан куткарып калабы деп ойлодук. Аарылар сыртта да бизди кубалаганын токтоткон жок, кайра ызалангандай, өчөшкөндөй алдыбыздан, эки жагыбыздан шукчурулуп тийип, табалары канып чагууда... Биздин безилдеп ыйлап жүгүрүп баратканыбызды айылдык кишилер алыстан көрүп, эч нерсеге түшүнбөй, аң-таң, болгон чыгар, анткени алыстан аларга үстүбүздөгү жулунган аарылар көрүнбөйт да, тирүү жанга кабан аарыдан качып кутулуу кыйын экен... Мындай учурда жанында ата-энең болсо да, көкүрөгүн ага тосуп, сени калкалап сактап алалбайт. Көзүбүзгө калың өскөн жүгөрү көрүндү. Биз ошого бет алдык... Акыры жан талпас кылып, ошого кире качтык... Дагы эле аарылар тие калып, чагууда. Бирок акырындап бизди таппай калды. Бирок жүгөрүлөрдү аралап, ызалуу үндөрүн чыгарып, учуп жүрүшөт.

Жүгөрүнүн эң калың жерине жетип кулаганымды билем, андан кийин эмне болгонун билбейм, сыягы ошол замат эстен тансам керек. Элес-булас күңүрт дагы эсимде: көңүлүм караңгылап мени бирөө алкымдан муунтуп жаткандай демим кысталып, бүт айланам караңгылыкка чөгүп күндүн кичинекей жылт эткен шооласы көзүмө көрүнбөй, ызылдаган кабан аарылар узун куйруктуу жыланга айланып, асмандын бетин каптап жүргөнсүйт...

Мен акылыма эки күндөн кийин келипмин. Эки күн бою атам менен апам башымда жакасын кармап, эстери биротоло чыгып отуруптур. Биринчи жолу көзүмдү ачканымда, аларым менен бетимди калкалап: «Аарылар, аарылар!» – деп кыйкырыпмын. Андан кийин да улам эсимди жоготуп, кайра акылыма келгенде: «Суу, суу» – деп кыйкырам. Менин ичим өрттөнүп, бүткүл денем от жалын болуп, эрдим кургайт. Бир тамчы суу көзүмдөн учат... Бирок эч ким менин жалбарып сураган өтүнүчүмдү аткарып койбойт, бул дүйнөдөгү агын суулар соолуп калгандай түнөрүшөт. Апам да, атам да мага боор ачып койбойт, бир кашык сууну ыраа көрүшпейт. Бар болгону сууланган пахта менен эрдилеримди, оозумдун айланасын апам тынымсыз сүртүп отурат. Ошондо аз болсо да жаным жыргай түшөт. Көзүмдөн шаркырап аккан көпкөк тунук суу учат. Эсен-соо ойноп, сакаңгыча жутуп-жутуп албаганыма өкүнөм. Көк кашка саламат жүргөндө агын суунун кадырына жетпей чаңкоом суу... Оңолгонумдан соң апамдан эмне үчүн сууну аядынар деп сурасам: «Сууну ичсең, адам болбой калат элең балам. Табып такыр тыюу салган», – деди. Үчүнчү күнү бөлөм эсиме түштү. «Арнаалы кандай?» – деп, атамдан сурасам, ал апама шектүү карап, анан алар үнсүз бири бири менен сүйлөшкөндөй болду:

– Бөлөң да жакшы болуп калды. Ордунан туралбайт, – деди апам атамдан озунуп...

Атам менен апам калп айтышыптыр. Бөлөм аары чаккан түнү асманда жылдыз толгондо жан бериптир Мен бул шумдуктуу кабарды бир жумадан кийин уктум... Өз кулагыма ишенбей, өңүмбү же түшүмбү деп өкүрүп ыйладым... Ошол каргашалуу күнү бизди жүгөрүнүн ичинен кечке жуук таап, үйгө көтөрүп келишиптир. Жүгөрү сугарып жүргөн Жолдошбай абам биздин безилдеп жүгүрүп келе жатканыбызды алыстан көрүп, балдар ойноп жарышып жүрөт деп ойлогон экен. Анан биздин жүгөрүгө кирип, жок болуп кеткенибизден шектенгенби, артыбыздан изибиз менен келип, экөөбүз эки жерде өлүк жандай суналып жатканыбызды көрүп, кимдин балдары экенибизди араң тааныптыр, анткени аарылардын уусунан экөөбүздүн тең бети-башыбыз таанылгыстай шишип, көздөрүбүз ачылбайт имиш. Бечара шашып, тез үйгө кабар бериптир... Ал көрбөсө, биз ошол жүгөрүнүн ичинде, эч бир жанга билинбей жатып, ошол жерде өлмөк экенбиз...

Арнаалынын өлүмүнө такыр ишенгим жок. Апамдар мени коркутуп жатат деп ойлодум. Аары чаккандан адам өлмөк беле? – дедим төшөгүмдө боздоп ыйлап жатып... Мен бир жумадан кийин буту-колума кубат кирип, ордумдан турдум. Алым кетип, бассам жер көчкөнсүйт. Атам мени Арнаалынын үйүнө ээрчитип барды. Турдугүл аяш энем мойнумдан бекем кучактап, озондоп ыйлай берди: «Бөлөң кана, бөлөң кана?» – деп жер муштагылады. Мен дагы өксүп-өксүп ыйладым... Мен өзүмдү ичимден Арнаалынын өлүмү үчүн күнөөлүүмүн деп эсептедим. Эгерде кабан аарынын асел туган уясын көрүп, бөлөмө сүйүнчүлөбөсөм, ал өлмөк эмес, тирүү жүрмөк деп ойлосом, ого бетер ыйлагым келет, өзүмдү өзүм айыптап: «Эмне үчүн мен өлүп, бөлөм тирүү калбады? Ал атадан жалгыз туяк эле. Мына булардын укум-тукуму түбөлүккө үзүлдү»,– дедим жашым салаа болуп.

Чоңдордон коркуп, өзүмдүн күнөөмдү ачык айтууга батынбадым... Бет маңдайдагы дубалда илинип турган бөлөмдүн эски көйнөгүн көрүп ордумдан тура калып, аны жыттагылап үнсүз ыйладым... Асели бар темир идиш Жолдошбай абанын айтуусуна караганда төгүлбөй, чачылбай менин колумда жаткан имиш. Ал кандайынан болсо да биздин үйгө жетиптир. Турдугүл аяш энеме асел табылбай жаткан үчүн биздин ушул коркунучтуу жорукка барганыбызды да чоңдор түшүнүп: «Балдар эси жоктук кылган да. Бизге айтышса, аселди алуунун айласын тапмакпыз», – дешиптир... Болор иш өтүп, баёосу кангандан кийин, ар ким акылдуу боло берет эмеспи! Баарынан кызыгы, атамдар куу коргонго барып үч-төрт күн биз калтырып кеткен теше менен аташкөрөктү алууга батынбаптыр. Ызырынган кабан аарылар уясынын тегерегинде тынбай айланып учушуп, биз алып кеткен аселди боздоп жоктошуп жүрүптүр... Корсе, биз аарылардын ар бир гүлдөн тандап жүрүп терип жыйнаган асыл тамагын зордуктап алып, уясын теше менен тал-

калап, каракчы болгон экенбиз. Каракчыны ким аяп, ким жакшы көрмөк эле?..

Арнаалынын күтүлбөгөн жерден өлүмү менин балалык жүрөгүмө катуу так салып, көңүлүмө козголоң салды. Атамдын кара эшегине учкашып барып, боз адырдагы Арнаалынын топурагы эскире элек жаңы мүрзөсүн көргөнүмдө, өзүмдү кармай албай солкулдап ыйлай бердим. Көз жашым кургабай бөлөмдүн мүрзөсүнүн башында отура бердим. Атам да менин көңүлүмдү кыйбай, мага жалооруп карап, улам кайталап батасын окуп, тасписин тартып күбүрөнүп отурду. «Бөлө! Кечирип кой, сенин өлүмүңө өзүм күнөөлүүмүн! Мен жинди болуп, кабан аарынын аселине эмне үчүн сени баштап бардым экен! Мен өлтүрдүм сени!» – деп ичимден өкүнүп, кейип-кепчий бердим...

Мен андан кийин да, колум бошой калганда боз адырдагы көрүстөнгө жетип барып, бөлөмдүн мүрзөсүнүн башында көпкө отуруп, ички кайгы-муңумду бөксөртүп кайтчу болдум. Такыр бөлөмдүн өлүмүнө ишенгим келбейт... Мен кокту менен жогору карай жалгыз жүгүрүп бара жатсам, бөлөм алдымдан мурдагысындай жадырап жайнап утурлап тосуп чыкчуудай элестеп кетет, экөөбүз кучакташа кетип, анан күрөшүп көкмөк чөптүн үстүндө оонап жаткандай болуз... Арнаалынын өлүмү менин сезимимди курчутуп, көзүмдү ачып, бул дүйнөдө оюн-күлкүдөн, кубанычтан башка дагы, ар түрдүү адамдын башына түшө турган оор сыноолор, анын ичинде эч кимди аяп койбогон өлүм деген бетпак бардыгын балалык баамымда түшүндүм бейм. Кечээ эле катар басып жүргөн эң ынак курбумдан түбөлүккө ажырап, өзүм жалгыз калганымды ойлосом, күнүм караңгылай түшкөнсүйт... Арнаалынын өлүмү – турмушумдагы эң алгачкы жоготуум, биринчи жолу жакын адамымдан ажырашым эле. Мындай оор кайгыны наристе жүрөк оңой-олтоң көтөрө албайт экен... Күн сайын жүрөгүмдөгү жаралуу так ырбап жаткансыды... Баарынан мен тирүү калып, бөлөмдүн денеси аарынын уусуна туруштук бербегенине таң калып жүрдүм. Атамдар бөлөмдүн өлүмүн ажалы аарыдан экен деп жооруп тим болушту. Мен эмне үчүндүр ичимден бул түшүнүккө макул болбой жүрдүм. Кийин терең ойлоп кетсем, бөлөм атасынын өлүмүнө эң катуу эңшерилип, териси жукарып, жүрөгү муң тартып, организми ошол учурда алсырап тургандыктан, кабан аарылардын уусуна туруштук бералган эмес экен... Мүмкүн, ал аселдүү идиште колдон

түшүрбөй качкандыктан, аарылар бүткүл ызасын ага чыгарып, аны көбүрөөк талаган чыгар... Азыр да, андан көп жыл өткөндөн кийин да бул өлүмгө акылым жетпейт... Антпесе, ар кандай өлүм өзүнчө табышмак, өзүнчө сыр... аны толук түшүндүрүүгө болбойт...

...Андан бери кырк жылдан ашык мезгил өттү. Азыр да кээде-кээде түшүмө бала кезде аралаган ошол калың тыттуу бак кирет. Арасында Арнаалы экөөбүз жарышып, бүлдүркөн терип жеп жүрөбүз, ойноп-күлүп жүрөбүз, экөөбүздүн оозубуз кыпкызыл. Бүлдүркөн туш тарапта жамырайт, жайнайт, теруугө кол жетпейт. Ар бири бармактай чоң. Түсү ар түрдүү: кара кочкул, кызыл кочкул, көкмөк тунук, бышкан кара. Жаныбардын таттуулугун коё кал, оозунда ээрийт. Түшүмдө бул түшүм деп кайгыра баштайм. О, куда-ай! ушул түшүм эмес, өңүм болсочу, – деп зарыгып тилек кылам... Кээде куу коргондун дубалынан аселди кашыкка толтура сузуп чыгып, экөөбүз ыраазы болуп сугунуп, ширидигине тамшанабыз. Анан, кабан аарылар капыстан пайда болот да, бизди туш-тараптан чагып, чымын-куюн болуп качып жөнөйбүз. Биз кача беребиз, аарылар моокуму кангандай кубалап чагып жүрөт... «Бал жебей, балакет жебейсиңерби?» – деп, өз ара алар бизди тилдеп жүргөнсүйт... О, кудай-ай, деп жалынып жалбарам.

Кара тер басып ойгоном. Түшүм экен! – деп женил дем алам. Көкүрөгүмдө муштумдай күйүт турат. Жанымда Арнаалы жок...

...Сен кайдасың, жанымдай жакшы көргөн, бөлөм?..

1982-1985-жылдар.

ЭСИМДЕН КЕТПЕС БИР АРМАН

Согуш башталып, кантип биринчи класска барганымды, кантип тамга таанып окуганымды азыр эске түшүрө албайм. Азыр ойлосом, айрым жылдары такыр эле мектепке барбай, үйдө гана энеме караан болуп жүрдүм окшойт. Төртүнчү класстан гана тартып астейдил окуганымды билем, бирок буга чейин класстан-класска көчкөндөрүм көңүлүмдө күңүрт калган түштөргө окшойт...

Согуштан кийинки жылы төртүнчү класста окуп, тез эле оозго алынып, агайлардын эң жакын элчиси болуп жүрдүм. Жакшы окугандыктанбы, класстын башчысы болуп, балдарды тартипке чакырып, эң алдыңкы партада отурар элем.

Көп узабай республикалык пионер газетасын үзбөй окуп, ага тынбай кабар жаза турган адат таап алдым. Же жиберген кабарларым жарык көрсөчү? Бирок мен жадабаган, тынбаган бала кабарчы элем. Мектепте болгон окуяларды: колхозго жардам берип, тамеки тергенибиз, жүгөрү жыйнаганыбыз, кызыктуу саякатка барганыбыз жөнүндө сабактан кийин класста жалгыз калам да, төкпөй чачпай жазып, почта менен салып жиберем.

Кабар кетип, мен калып, газетанын кайсы санына жарк этип басылып чыгар экен? – деп үмүттөнүп күткөн күндөр башталат. Он беш күн өтпөй эле газетанын аты кооздолуп жазылган көк конверт колума тиет. Демек, менин кабарым жарабай калган экен деп, катты ачпай туруп, алдын ала биле коём. Анткени, мындай сырты кооз конвертти биринчи жолу алып отурган жерим жок! Газетанын жооптуу кызматкери эмне себептен менин кабарымды басууга болбой тургандыгын кеңири түшүндүрүп, мындан ары да үзбөй кабар жазып турушумду сылык өтүнгөн, жылуу жумшак, мандайдан сылап эркелеткен жооп кат келет. Сыягы, жаш баланын көңүлү калып, таарынып жазбай койбосун деп ойлошсо керек! Калп айткан менен болобу, көңүл сууп, колдоруң шалдырап, ичиңен ызаланып, таарынган учурда: «Өздөрү оңдоп деле коюшпапбы? Газетага чыккан барлар меникинен деле артык эмес!» – деп кейиген учурум көп болду. Таарыныч, өкүнүч басаңдап, кайрадан колум кычыша баштайт. Баса, таарынып, коркуткандай редактор менин атам беле? Эч бир жанга сыр билдирбей, мага адам катары теңсинип, кымбат убактысын коротуп, жооп жазгандыктарына ары кубанып, ары сүйүнүп, өзүмдөн чоң – жогорку класста окуган балдарга мактангандай жооп катты көрсөтөм. Бирөөсү: «Бала түшкүр азаматсың!» – деп көңүлүмдү көтөрүп, далыга чапса, экинчиси: «Ой, көк мээ! Бул жооптун эмнесине мурдунду көтөрүп кубанасың? Кабарың начар экен, жараган жок дептир го. Эси жок, элге көрсөтпөй тытып салбайсыңбы? Баса, кабарчылыкты коюп, ата-бабаң кылган кесипти үйрөнсөңчү?» – деп шагымды сындырып коёт. Ошол мезгилде, азыр кабарларым жарык көрбөй жаткан газетага, келечекте башкы редактор болуп он жыл иштейсиң деп бирөө айтса, уккан кулак эмес, өзүм да кыпындай ишенмек эмесмин!

Шагым сынып, жер карап отуруп калчу мен бекемин? Класста жалгыз калып, түнөрүп отуруп, кабарларды бирилинин артынан бирин чубуртам. Дайыма пионер газетасынын жаңы саны колума тийгенде жүрөгүм алкымыма капталып, толкундангандыктан тилим кургап, көздөн учкан өзүмдүн фамилиямды таппай, каным ичиме тартылып, сумсайып отуруп калам. Албетте, бул мезгилде артымда отурган балдардын көбү бир-бирине көз кысышып, ичтеринен табалашып жатканын көк желкемдин көзү менен көрүп отурам! Мүмкүн аларда андай табалоо деле жок болушу ыктымал, бирок мага ошондой сезилчү. Мен аларга сыр билдирбей:

– Балдар! – деп, ызалыктан каргылданган үнүмдү алымдын барынча жаап-жашырып кыйкырам. – Газетанын үчүнчү бетин ачкыла. Аябаган кызык кабар бар экен.

– Эмнеси кызык экен?

– Колхоздун койлорун карышкырдан сактап калган бала жөнүндө жазыптыр.

– Ой, азамат экен, э-э?

– Көзгө атар мерген болуп жүрбөсүн?

– Ой, сенин кабарынды табам деп көзүм оюлду... – деген кимдир бирөөнүн сасык какшыгын кулагым чалды.

Бирок мен чычалабай калп күлөм да, жай жооп берем.

– Бала шашпа, жакында окуйсуң...

– Түшүндө аян бердиби? – Бүт класс жапырт күлүп, тигини колдоп кетти.

Боюмду кара тер аралап, ызалуу ордума отура кеттим.

Ошол окуядан бир жума өтпөй эле газетанын биринчи бетин ача койдум да, өзүмдүн фамилиямды көргөнүмдө денем дүркүрөп ысып, көзүм ымыр-чымыр боло түштү. Өз көзүмө өзүм ишенбедим. «Жок, бул калп, бул менин түшүм», – деп байкабастан күбүрөп да жибердим. Чын эле ошол замат бул кабарым түштөгүдөй көздөн кайым болуп кетчүдөй, аябай коркуп кеттим.

– Ура-а!–Жашасын кеңеш өкмөт! – деп ордумдан тура калдым. Мектепте же андан сыртта бир нерсеге кубанганда, жакшы кабар укканда биз дайыма Токтогулдун атактуу ырынын атын атап: «Жашасын кеңеш өкмөт!» – деп кыйкырчу адатыбыз бар эле.

Класстын баары мени телмирип карап калышты.

– Окугула балдар, менин кабарым чыгыптыр. Биринчи бетке чыгыптыр! «Үлгүлүү кыз» дейт. Өзүбүздүн сулуу Айкыз жөнүндө, – деп газетаны булгалактап жаттым. Кабарымда өзүмдүн классташым Айкыз жакшы окугандыгын, жолдошторуна дайыма жардам берерин, класста тазалык-

ты сактап, тартиптүү жүрөрүн жазган экенмин. Ырасын айтсам, бул кара көз, мурду кетирекей, ак жуумал кызды ичимен өтө жакшы көрчүмүн. Бул сезимимди ага билдире албай, кыйын абалда жүргөн элем.

Карасам, бир-биринин колунан газетаны жула качышып, менин макаламды чурулдашып окуп жаткан экен. Айкыз болсо, кулагына чейин кызарып, партасында оturуптур. Сыягы, ал да ичинен кубанып, толкундап жаткан көрүнөт. Бир убакта экөөбүздүн көздөрүбүз кагылышып, мен да уялганымдан башка жакка карап кеттим. Айкыздын көз карашында жакшы көргөндүк, таң калгандык бар эле! Бул кабар мектепке өрттөй тарады. Танапис учурунда жогорку класстын балдары биздин класстын эшигин ачышып, мени карап кетип жатышты. Өзүм менен бирге окуган балдардын да мамилелери өзгөрүп, мага жагынышкандай эпилдеп калышты. Айрыкча кыздар мени куттуктап, улам Айкыздын кулагына бир нерселерди шыбыраса, ал уялып, тигилер менен урушуп жатты. Кыздардын эмне жөнүндө ага шыбырап, шыңкылдап күлүп жатканы мага түшүнүктүү эле... Мен да ошол чакта Берлинге туу сайган жоокердей сыймыктуу отурдум. Эмне үчүндүр ошондо жүрөгүмдү астыртан сыздатып, мени эл көзүнчө ашкере шылдың кылган баягы сөлдөйгөн узун Чомодон азыр өч алгым келди. Ал алтынчы класста окуйт эле. Ошол замат партамдан суурулуп чыгып, анын классына кирип бардым.

– Кабарчы өзү келди, жол бошоткула! – дешип балдар чурулдашып тосуп, куттукташып, мени ороп калышты. Мен алардан эптеп суурулуп чыгып, баягы «досту» издедим. Ал терезенин жанында Батиш деген кызга тийишип турган экен. «Кайра жакшы болду. Ушул кыздын көзүнчө осол кылайын»,– деп ичимден сүйүнүп да кеттим. Тайманбай түз анын жанына басып бардым.

– Көрдуңбү? – дедим газетаны сунуп.

Ал эч нерсени түшүнбөй мени чекир көзү менен жаман карап:

– Сени көрүп турам. Баягы кабарлары чыкпай, улам жазып, колу тешилген бечарасың да, – деп өзү балдарды карап, жалжактап күлүп калды. – Бирок класстагылардын эч кимиси аны колдоп күлбөй койгонун көрүп, мостоё түштү.

– Окубайсыңбы, анын кабары чыгыптыр, – деди Батиш газетаны ага сунуп. Чомо шашыла макалага көз жиберип, калп эле каткырып күлдү:

– Тырмактай кабарга мактанган сенде акыл жок, – деди ал мени төбөмдөн чукур алып. – Кыйын болсоң, мына бу этектей кабар жазбайсыңбы? Муну мен да жазам, – деп кыйынсынып газетаны колума карматты. Бул жолу кимдир бирөөлөр аны колдоп, күлүп да жиберди. Андан өч алам деп келип, өзүм сөзгө сынып, эл көзүнчө осол болгонумду сезе койдум, мойнумдан ысык тер чыга түштү. Бирок ошол замат чукугандай жооп оюма келип, сүйүнүп кеттим. «Сени карап тур, экинчи ооз ачкыс кылайын, бул жаманды» – дедим ичимен табалап да, кубанып да жатып. Чомонун бир агасы аскерде болчу. Балам кат жазбайт акесине деп апасы дайыма келип, уулуна дубай-салам жаздырар эле. Мактанбайын, мен андай каттарды уйкаштырып, ыр кылып жиберчүмүн.

– Сен, – дедим ага тике карап, – тырмактай кабар эмес, аскердеги бир тууган акеңе салам катты жазууну үйрөнсөңчү, элден мурда?

Жымжырт турган класс дуу күлкүгө айланды. Кимдир бирөө «азаматсың кабарчы, абдан туура айттың» деп менин далыма чапкылап өттү. Менин жообум ага катуу тийип, ал жооп бералбай, дудуктанып, анан күчкө салгысы келип, мени жакадан алып, муунта баштады. Балдар бизди ажыратып жатканда, класска китептерин колтуктап мектептин директору Акмат агай кирип келди. Агай тарыхтан сабак бсрчү. Чомодон запкы жеп, бир аз уйпалана түшкөн кебетемди агай байкадыбы, жаныма келип, башымды мээримдүү сыйпалап:

– Азаматсың. Кабарыңды окудук. Жакшы жазыпсың. Эми, үзбөй жазып тур. Эми биздин мектептин борбордо өз кабарчысы бар,– деди класста ордуларынан тике турушкан балдарга кайрылып.

– Баланы кебек-себек берип бакса, адам болчудай, – деп, арткы партадан кимдир бирөө азил да ыргытты.

– Кебекке тоюп, адам болбой, семирип кеткендер да кезигет,– деп агай Чомого кайрылып: – Экинчи зөөкүрлүгүңдү көрбөйүн. Билесиңби, кабарчы деген элдик киши. Ага кол тийгизгендерге катуу жаза бар, – деди. Чомо башын укалап, бозоруп туруп калды. Агай «өз классыңа бара бер» деп мага баш ийкеди.

Мен бул класстан мартабам ого бетер көтөрүлүп, «элдик киши» деген ардактуу наамга ээ болуп чыктым. Ошондон кийин ушул көндүм да, мектептегилер: «Жол бошоткула, элдик киши келатат» – деп азил айтышчу болду. Бирок

мен чычалабай, андай азилдерди кулагымдын сыртынан өткөрүп, апам айткандай өзүмдү коргошундай салмактуу кармоого тырыштым.

Пионер газетасына кабарларым үзбөй чыгып, өзүбүздүн мектепке эмес, райондук пионерлердин слётунда сөз сүйлөп, январь айында райондук пионерлердин слётунда сөз сүйлөп, эң аягында бир тууган мектебим жөнүндө ырымды окуп бергенимде, залда отургандар шатыратып кол чаап жибе-ришти. Райком комсомолдун секретары өз сөзүндө менин кабарчылыгымды мактап, пионерлерди өз мектебинин тур-мушу жөнүндө үзбөй кабарларды жазып турууга чакырды. Мен слёттон, азыр ойлосом, космонавттай болуп кайткан экенмин...

Бул окуя ошол жылдын июнь айында болду. Мектеп жа-былып, каникул эле. Күн кечтеп калганда, апама жардам берип, мен куп бышып жатканмын, капыстан Акмат агай биздин коргонго кирип келди. Мен да агайдын келгенине кубанып кеттим.

– Төргө өтүңүз агай, – деп ызат менен сөөрүдөгү төшөккө жол көрсөттүм. Ички үйдө казан-аякка аралашып жүргөн апам да чыга калып, агай менен учурашты.

– Кемпир сүйүнчү бериңиз, – деди сөөрүгө отургандан кийин. Акмат агай орто бойлуу, кырдач мурун, бетинде би-линер-билинбес сепкили бар, кара тору киши эле. Эки ко-лун көкүрөгүнө алып, Акмат агайга ызат көрсөтүп турган апамдын сүйүнгөндөн кебетеси өзгөрө түшүп, шашып кетти:

– Оозуңа май, айланайын. Сүйүнчү качмак беле?

Агай улам мен тарапты жалт-жалт карап коюп сүйүнчүсүн угузду:

– Бүгүн мени атайы районго чакырыптыр, азыр ошол жактан келдим. Кенже уулунуз (менмин кенжеси апамдын) жөнүндө чоңдордо сөз болуп, аны жакшы окугандыгы үчүн эс алып келиш үчүн «Артекке» жибермек болдук, – деди агай астыртан улам бир апама, бир мага карап. Агайдын оо-зунан «Артек» деген сөз чыкканда, кептин төркүнүн түшүнө койдум. «Артекке», жайкы каникул учурунда өлкөбүздүн түрдүү бурчтарынан жакшы окуган балдар келишип, Кара деңиздин боюнда сууга түшүп, ыр ырдашып, коңүлдүү эс алышары жөнүндө кабарым бар эле. Согуш учурунда «Ар-текти» фашисттер аёосуз талкалап кетип, кийинки жыл-дары өлкөбүздө кайрадан тургузуп, үстүбүздөгү жылы Со-

веттик балдар согуштан кийин биринчи жолу «Артекте» эс алышат деген кабарды газетадан окуган элем.

Агайдын кабарын угуп, аябай сүйүнүп кеттим.

– Жашасын кеңеш өкмөт! – деп, кыйкырып жиберге-нимди өзүм да сезбей калдым.

Карасам апамдын колдору билинер-билинбес калтырап, эси чыгып калыптыр. Апам бечара эми мени согушка алып кетет экен деп ойлосо керек. Муну ойлоп менин күлкүм кел-ди.

– Эсти чыгарбачы, балам. Ал эмне деген шумдугуң? – деди үнү дирилдеп.

Агай жай отуруп, «Артекти» апама түшүндүрө баштады.

– Сиз асти коркпоңуз. «Артек» Кара деңиздин боюн-да. Балаңыз эң алгач Москвага поезд менен барат, балдар менен Лениндин мавзолейин көрөт. Улуу атага гүл коюп, андан ары өзүндөй балдар менен «Артекке» кетет. Аларды атайы ээрчитип жүргөн пионер вожатыйлар бар. «Артекке» барууга ар бир окуучу эле татыктуу боло бербейт. Байгеге күлүктөн күлүк тандалып түшкөндөй, «Артекке» да жак-шынын жакшысы барат. Биздин областтан үч гана бала ба-рууга укук алды билсеңиз. Область боюнча үчөөнүн бири – Сиздин уулуңуз, билсеңиз. Сиз кубана турган жөнүңүз бар. Сиз эмес, биздин мектептин окуучусу баратат деп, биз му-галимдер да терибизге сыйбай кубанып отурабыз, билсеңиз.

Акмат агай сүйлөмүнүн аягына дайыма «билсеңиз экен, билсеңиз» деген сөздү кыстарып коймой адаты бар эле. Агайды туурап, биз да өз ара сүйлөшкөнүбүздө эби келсе-келбесе да, атайы «билсеңиз» деп кайрыла берер элек.

Апам каршы болуп, мени «Артекке» барышыма макул-дугун бербей койсо, эмне кылам, кантип көндүрөм деп, эң онтойсуз абалда тыбырчылап турдум. Анткени, азыр иш өтө кызып, үйдө бир да бош адам жок. Агаларым, жеңелерим баары талаа жумушунда. Ал мезгилде айылдын балдары үчүн эс алууга убакыт да жок эле. Мен мунун баарын көрүп-билип турсам да, андай учур андан кийин эч качан болбосу-на көзүм жетип турду.

Апам эмне деп жооп берерин билбей, кыйналып ары тол-гонуп, бери толгонуп отура берди. Жиберейин дейт, үйдөгү иштерди ким кылат, кызыл уйду жетелеп ким багат? Жи-бербейин дейт, жалдырап карап турган кенже уулун, мени кыя албайт. Апам да «Артекке,» ушунча алыс жолго өкмөт өзү акча төлөп, бекер алып барып, алып келип бекер тамак

берип ойнотуп келиш – чоң урмат экенин акылы менен жаз-
бай түшүнүп, чайналып отурду да акырында:

– Мейлиге барып келсин. Өңү да азгын, оңолуп келер жетимчем. (Атам өлгөндөн кийин апам эрекелетип ушин-тип атар эле). Абалары эмне дээр экен? Кызыл уйду ким багар экен? – деп, сөзүнүн аягын бошоңдотуп жиберди.

Акмат агай да апамдын өтө кыйналып жатканын көрүп, кептин төркүнүн башка жактан баштады:

– Баланын жолун тоспоңуз, байбиче. Кокус барбай калса, арыбаган арман болот, – деп, апама жалт-жалт карап сөзүн уланта берди. – Эгерде менин баламды «Артекке» жиберебиз десе, ишенип коюңуз, бар дүйнөмдү сатып, ак батамды берер элем. «Артекке» барсам деген миң, он миң. Барган ошонун ичинде бирөө гана, билсеңиз! Арман күн, биздин учурда «Артек» курула элек болчу! – деп, өзүнүн тагдырын ойлоп, кейип да жиберди.

– Кантип эле жетимчемдин, көкүрөк күчүгүмдүн жолун тосоюн. Ойлогон ойду, кыстаган турмуш жеңип жатпайбы, балам. Колумдан келишинче, абаларын көндүрүп көрөйүн дегенде, Акмат агай жаркылдап сүйүнүп кетти:

– Мына мунуңуз, алтын кеп, байбиче! – деп, ордунан турууга камынды. Апам шашып:

– Куттуу үйдөн кур чыкпа, балам, – деп, дализге жүгүрүп кирип, бир кесе айран куюп чыкты. Бул ачарчылык мезгилдеги чоң сый эле.

Агайга: – «Артекке» качан жөнөйм, – дедим эми көңүлүм жай алып.

– Өздөрү кабар берет. Жакшылап даярдана бер. – Анан агай бир нерсени эсине түшүргөнсүп, башын тырмамыш болду да, мага кайрылды:

– Кабарчы, жаңы кийимдериң барбы? «Артекке» таар шым менен барууга болбойт. Ырас, ал жерде өкмөттүн кийими менен жүрөсүң. Жолго жаңы кийим керек. Жаңы ак көйнөк, батинке, костюм шым алуу керек. Бул тууралуу – чоңдор атайы эскертти, бизди. – Анан, ойлуу отурган апама кайрылып: – Байбиче, муну эскерткеним, башка балдардын арасында, сиздин уулуңуз түлөгөн улактай болуп шөлбүрөп турса, – деп сөзүнүн аягын бүтпөй токтоду.

Бул кепти директор агай бекер айтты деп ичимден өкүнүп калдым. Согуштан кийинки ачарчылык учурда, кийим эмес, кызыл кекиртекке жалмап жээр тамак табылбай, көздөн нан учуп, бир кесе унга зар болуп турган учурда, жаңы кийимдин камын көрө турган мезгил беле? Бар карманганыбыз – жалгыз кызыл уй эле. Ошол уй биздин үмүтүбүз да, ишенчибиз да эле. Эми, апам так секирип карко болгур апам, бул жолу да мени аяп айкөлдүк кылды:

– Абалары эмне дешер экен, билбей турам. Илгертен бери сактап жүргөн кызыл килемим бар. Ошону сатабыз да, – деди эң акырында.

Акмат агай да, мен да куп туура болот деп кубаттай албадык, унчукпай гана тим болдук.

Мен апамды аяп, ичимден ага ушунчалык ыраазы болуп, алкыш айттым. «Менин апамдай мээримдүү, балага күйүмдүү эне бар болду бекен?» – деген ойго кеттим. Сөз болуп жаткан кызыл килем апамдын энесинен эстеликке калган табериги эле, биздин үйдүн көркү да, куту да эле. Апамдын айтуусуна караганда, мындан жүз жылдай мурда таянемдин таянеси согуп, улам кыздан кызга өтүп отуруп апама жетиптир. Апам да Жаннат эжемдин жаңы үйү бүткөндө жеткирип берем деп ниеттенип жүргөнүн баарыбыз билчүбүз. Баса жеңелерим бул килемди кыз балага (эжеме) кыйбай, ичтери тарып («Ушундай да өөнү жок, карап отура турган килемди башка бирөөгө ыраа көрүүгө болобу?», «Энемчилик да, кыз балага башка белек берсе да жарашат бекен?») өз ара күбүрөп жүрүшкөнүн апам да жакшы билчү. Келиндеринин эч кимиси апама даап чыгып, ич күйүттөрүн жарыя айтууга батынбайт. Анткенн, апам алы алдуу-күчтүү, үй оокатындагы эки тизгин бир чылбырды бекем колдо кармаган байбиче эле... Апам отузунчу жылдардагы каатчылыкта, согуш жана андан кийинки кыйын кезеңдерде тырышып бул килемди сатпай, көзүнүн карегиндей сактап жүрүп, менин көңүлүмдү кыйбай «Артекке» барышым үчүн эң кымбат буюмун да сатууга макул болуп отурат.

– Апа, кызыл килемди сатпаңыз, «Артекке» баргым келбейт, – деп айткым келди, бирок миң толгонуп антүүгө батынбадым. «Артекке» баруу – кызыл килемден мага алда канча маанилүү көрүндү. Азыр ойлоп көрсөм, бала деген дайыма өзүнүн кызыкчылыгын баарынан жогору коёт экен, ата-эненин кыйналып, өзү жебей-ичпей, карга шыйрак болуп, аны сылап-сыйпап багып, кийиндиргени жөнүндө аз ойлонот экен... «Балам, балам дейт, эй балам балалуу бол-

гондо түшүнөсүң», – деп көптү көргөн кишилер башын чайкап, табышмактуу акыл айткандары бекер эмес экен...

Директор агай биздин коргондон чыкканда түн карангы болуп калган эле. Мен агайды сыртка узатып чыктым.

Агай жолдо баратып акыл насаат айткансып мындай деди:

– Апаңа чоң ырахмат! Көрдүңбү, эң кымбат килемин сенден аябай жатат, билсең. Бул эмне деген мээрим экенин билесиңби? – Мени тигиле карап туруп, башын чайкады: – Билбейсиң, бала... Мына мен жетим өскөнмүн. Ата-энемден эки жашымда ажырап, алыс туугандар жетим үйүнө беришиптир. Атанын да, эненин да мээримин билбей өстүм, билсең... Институтту бүтөр жылым, согуш башталды. Ошол жылы күзүндө согушка кеттим. Немецтер менен Москва алдындагы салгылашууда беттештим. Өз көзүм менен адамдардын кыйрап өлгөнүн көрдүм. Мындан беш минут мурун тамеки чегип, сүйлөшүп турган жакын досуң көз алдыңда окко учканын көргөнүндө, заманаң тарып, жаның кашаят экен... Өлүм менен аралашып отуруп, ал көнүмүш ишке айланып, денең өлүккө айланат экен... – Агай оор үшкүрүп коюп, караңгыда баратты, мен да анын оюн бөлбөй, жанаша кете бердим. – Эне деген адамдын эң кымбат кишиси экенин, ошондой кымбат киши менин артымда жоктугун окоп то жатып, туш тарабымдан, үстүмдөн сансыз октор учуп өтүп жатканда билдим. Жоокерлердин ок тийип, жаны кыйналганда, жөөлүгөнүндө, «апа!» – деп чакырышканын өз кулагым менен уктум, чабуулга бара жатып, ок тийгенде «Апа-а» деп, бир кыйкырып алып, жер кучактап өлгөнүн өз көзүм менен көрдүм, билсең бала. Адамдын табияты кызык жаралган, билсең – деп, агай караңгыда басып баратып бырс этип күлүп койду. – Согушта өлүм каш менен кабактын ортосундай жакын. Азыр барсың, бир мүнөттөн кийин сен жоксун... Мен окопто жатып ойлонор элем... Ой, тообо, мен ок тийип өлсөм, эң акыркы наказым эмне болор экен? Дилиме апа! – деген ыйык сөз келер бекен? Же мен бул дүйнөдө эч бир байланышы жок, илинер бутагы жок, жакыны жок сокурдай үн катпай жан берер бекемин? Анткени, мен апа! – деп курман болгон жоокерлерге көзүм күйчү... Урушта туруш жок дейт. Жоокер өзүнүн ыйык милдетин аткарып, кан майданда эң кымбат жанын берет. Ал көз жумгандан кийин экинчи өмүрү башталат. Энеси, сүйгөн жары кара кийип, эскерип боздоп ыйлайт, жакын

туугандары, атасы кабыргасы кайышып, көпкө унутпайт. Артынан эскерип, куран окуйт. Албетте, аялы жаш болсо, эрге тиет, унутат. Бирок өмүр бою, токсонго чыксын, жүзгө чыксын эне согушта курман болгон уулун унутпайт, өлүмгө кыйбайт, түшүндө көрүп, түшүндө ыйлайт. Өмүр бою кара кийип, өлгөн уулу тирилип келчүүдөй жолун карайт! Ошон үчүн өмүрүнүн эң акыркы көз ирмеминде апасын эстеп, апасын чакырат, билсең. – Агай бир аз ойлуу басып отурду да, кайра сөзүн улантты. – Мен согушта журүп эненин улуулугун, эненин баркын түшүндүм. Мен өлсөм, артымда жакын тууганым да, сүйгөн аялым да жок эле. Мен өлсөм, жаны күйүп, көз жаш чыгарып эстей турган эч кимим жок эле. Мен окопто жатып энемдин жоктугуна аябай өкүндүм, арман кылып көз жаш алдым! Энем тирүү болсо, мен согушта курман болсом да, энем тирүү кезинде өлмөк эмесмин деп, арман кылдым. Мен энемдин көз жашында, үмүтүндө, кала берсе күйүтүндө жашайт болчумун! – деп заманам куурулду!

Агайдын үнү каргылданып, мууну бошоп, согуштагы күйүтүн эстеп, ыйлап жаткансыды караңгыда мага көрсөтпөй көз жашын. Мен башымды төмөн салып, унчукпай баса бердим. Сөз кызып, биз өтө алыстап кетиппиз. Агай көпүрөгө жеткенде токтоду да: – Сенин апаңдай айкөл энени төбөңө көтөрсөң да аздык кылат, билсең... Бала, бул сөзүмдү жүрөгүңө түйүп кой. Кош, мен кеттим. Сен жалгыз коркпойсуңбу? – деди агай мага колун сунуп.

– Жок, коркпойм, – деп ишенимдүү жооп бердим. Агай шарт бурулуп басып кетти. Мен толкунданып, агайдын артынан суктанып, аны карааны караңгылыкка биротоло сиңип, көрүнбөй калгычакты ордумдан карыш жылбай карап турдум. «Ой, күйүттүү инсан экен го, агай!» – дедим караңгыда жарыя ойлонуп. – Шайыр, кабагым кашым дебей жаркылдап жүргөн агайдын ичинде ушунчалык күйүт, арыбаган арман бар деп ким ойлойт! Ошол минутада агай караңгылыкты, күчтүү бороонду али көкүрөгү менен жиреп бараткан жомоктогу ок тийбес, найза өтпөс эр жүрөк алп баатырдай көз алдыма элестеди. Агайдын бийик ою, тунук акылы, өткүр сезими мени басып, багындырып салгансыды. Агайды мурда эле жакшы көрчүмүн. Биздин мектепке директор болуп келгенине эки жылча болду. Мугалим аялы бар, аты Анар. Кыргыз адабияты менен тилден сабак берет. Гүлнар деген беш жашар жалгыз кызы бар. Агай кайсы жерлик экенин эч ким билбейт... Бирөө Алайлык имиш

десе, бирөө Аркалык имиш деп кеп кылышат болжол менен. Көрсө тууган уругу жок, жетим болуп өскөн күйүттүү жан тура!

Мен үйгө келе жатып, агайдын оор тагдырын ойлодум, ага чындап боорум ооруду. Эмне үчүн ушундай жакшы адамдардын өксүк жери көп болот? Эмне үчүн, кудайым, агайга боору ооруп, ата-энесин тирүү калтырган эмес! Турмушта ушундай да адилетсиздик, зулумчулук болобу? Атам айткандай, айдын он беш күнү жарык, он беш күнү карангыбы? Эмне үчүн баары түгөл, баары тептегиз эмес деп зээним кейип, ойлоно бердим, кыжыл боло бердим... «Сенин апандай айкөл энени төбөңө көтөрсөң да, аздык кылат. Баса, бул сөзүмдү жүрөгүңө түйүп кой», – деген насаат сөзү кулагыма угулуп турду. Мен агай эскерткендей, эс тартып чоңоюп, адам болгондон кийин апамдын кадырына жетип, алп эмгегин оң болсо кайтара алдымбы, азыр да так айта албайм. Анткени, бала канчалык күйүмдүү, канчалык боорукер болсо да, эч качан ата-эненин кадырына жеткирип түшүнө албайт. Бул турмуштун татаал закондорунун бири экен...

Ар бир адам балам деп, анын баласы балам деп кылымдар улана берет тура, о арман дүйнө!

Агайды узатып, өзүбүздүн коргонго жакын келгенимде, апам кабатыр болуп, «караңгыда кайда жүрөт» деп кооптонуп, чоң дарбазанын оозунда мени күтүп туруптур.

– Караңгыда кайда жүрөсүң балам? – деген апамдын корккон үнүн укканда, бүткөн боюм эригендей алсырап, толкундап демим кысыла түшкөндөй болду, бүткүл ичимден бир өзгөчө жылуулук, мээрим каптап чыгып, алкымыма капталгандай болду. Ошондо жүгүрүп барып, апамдын мойнуна асылып, эркелеп, жыттагылап, кубанганыма чыдабай жашып да кеттим. Апам да мени бооруна кысып, чачымдан, желкемден жалбарып жыттагылап:

– Эмне ыйлайсын жетимчем. Апаң барда ыйлатпайм, апаң барда жер каратпайм жетимчем. Тирүү кезимде, атаңдын жоктугун билдирбейм, күчүгүм,– деп дарбазанын алдындагы чоң кара ташка отуруп, мени алдына алып башымдан сылап, эркелетип жатты. Башымды көтөрүп карасам, кыпкызыл ай толуп, те Алтын-Бешик кыркасынан көтөрүлүп келе жатыптыр.

– Айдын он бешиби экен. Жаныбар кызарып тууганын көр, ай жаанчыл болот экен,– деди апам айды телмирип карап.

Ошол түнү кечинде, агаларым, жеңелерим тамак ичишип (кайсы тамак дейсиз, баягы атактуу көк шылдыр ата-ла да) жатканда апам менин «Артекке» бара турганымды кабарлады.

– Апамын жетими ишке жараптыр. Чоң шаарларды көрүп, бир ай ичи бекер тамак ичип, жыргап келет экен,– дешип агаларым да кубанып калышты. «О, шашпай тургула туугандар, кызыл килем жөнүндө кеп болгондо, кебетеңер кантээр экен?» – дегендей мен четте унчукканым жок. «Артекке» барыш үчүн мага бир сыйра жакшы жаңы кийим сатып алыш керек экендигин апам конгуроо менен угузганда, бардыгы көпкө унчугушпады. Таш кеседен шоп-шоп этип ууртап ичкен аталанын гана үнү угулуп калды. Мен астыртан ар биринин кабак-кашын карап чыктым. Агаларым сырларын ичине катышып, көздөрүн апамдан ала качып, туюк түр менен унчугушпайт. Булардын кебетелеринде жакшы жышаан жок деп, ичим уйгу-туйгу болуп, жүрөгүм опкоолжуйт...

Тунжураган тынчтыкты биринчи болуп чон акем Бакир бузду:

– Азыр, кысталыш кезде пулду кайдан табабыз? Балаң «Артекке» барат деп бизди багып отурган Кызыл уйдан айрылабызбы, апа? – деди жактырбагандай. «Иш жаман», – деп жүрөгүм болк этти. Апам унчуккан жок.

– «Артекке» барбай койсо, карызы бар бекен? – деп ортончу агам маселени түз койду. Апам дагы унчуккан жок. Сыягы, баардыгынын сырын билгиси келди окшойт.

– Кичине бала (жеңелерим ушинтип мени тергөөчү) аякка кетсе, кызыл уйду ким багат? – деди чоң жеңем да жактырбаган үн менен. Апам тимирейип төмөн карап, дагы сырын билдирбеди. «Апам да булардан жалтанып, убадасынан кайттыбы? Барбай калдым окшойт», – дедим ичим туздай ачышып, өңгүрөп ыйлагым келди.

– Барамын дедим, барамын! – Апамдын тизесине башымды коюп, чоёктодум. – Мага жаңы кийимдин кереги жок. Жибербесеңер, өзүм качып кетем.

Менин бул чечкиндүүлүгүмө агаларым таң калгандай, бир-бирин «эмне кылабыз»? – дегендей астыртан карашты.

– Эй, тил албас жетим,– деди эң кичине агам чөгөлөп отура калып, – сени ушул бит баскан таар шымың менен Маскөөгө эмес, мынабу Оштон кубалап чыгат.

– Кубалап чыкпайт, – деп ыйлап жибердим. – Атам тирүү болсо жибермек. Атам жок да! – дедим чын эле атамдын жоктугуна зээним кейип, өксүктүгүмдү билгизип.

Мен көпкө өксүп ыйладым. Агаларым унчукпай отурушту, апам үксүйүп өсүп кеткен чачымды назик, мээримдүү сылап отуруп, акырында мындай деди:

– Баятан бери унчукпадым. Силердин жибере турган түрүңөр жок. Менин эң кенже уулум, жиберем. Атасынан сагыр калды. Ошону ойлобойсуңарбы? – деди апам жемелеген түр менен. – Ар киминди бармактайыңдан ушинтип бакам. Ар киминди кубантам деп күчүмдү, пулумду да аяган эмесмин. Кан жөткүрүп жатып экөөңдү үйлөнттүк. А менин кызыл килемиме эч киминдин бир тыйындык корогон эмес, төркүнүңөрдөн сеп болуп келген эмес. – Бул келиндердин адресине ыргытылган таш эле. – Тирүү кезимде, кааласам Жаннат жанга берем, кааласам, (жоктук экен, айла барбы) базарда сатып, балама кийим алам, – деди сөзүнүн аягында ачырканган үн менен. Апамдын мындай кесе сүйлөгөнүнө ичимден кубанып, жыргап отурам. Агаларым бири-бири алма-телме карашып, үн чыгарышкан жок. Анткени, алар апамды өтө сыйлашып, сөзүн эки кылчу эмес. Канткен менен дүйнө чиркин таттуу да, бекер жерден колдон шыпырылып кетип жаткан кызыл килемге ичтери ачышып, аны жатка ыраа көрүп кыйбай отурушту. Менин баамымда, агаларымдын кыйылуусунда ач көздүк эмес, а кылымды аралап келген таберик килемди колдон чыгарбай, үйдө сактап калуу аракети, өзгөчө намыс-ариет маселеси (ошондой сейрек килемди каражаты жоктугунан, инисине кийим-кече алабыз деп сатышыптыр деген айың сөз эл-журтту ошол күнү аралайт да) жеңип жатты бейм. Агаларым сөөрүдө айдын жарыгында отурушуп, кабыргалары менен кеңешип, аны ойлошту, муну ойлошту. Акча табуунун түрдүү жолдорун издешти. Айыл боюнча, колхоз боюнча кимден акча карыз алууга болот, ким берет, ким бербейт? – анын баарын беш колдой санашып чыгышты.

– Апа, тил алсаңыз, азыр килемди сатууга ашыкпай турунуз. Мен кызыл уйдун музоосуна бирөөдөн карыз акча издейин,– деди чоң агам акыры акыл таап.

– Музоону азыр беребизби? – деди апам чочуган түр менен.

– Ошону ойлонуп атам. Күздө, уй сүттөн калган мезгилге макул болгон адам издөөм зарыл. Ырас, андай адамдын

табылышы кыйыныраак, – деди чоң агам туюк аскага камалган кишидей аргасыз сүйлөп.

Чоң агамдын бул акылына баары макул болушуп, туура табышты. Ушуну менен сөз бүттү.

Менин «Артекке» бара турган кабарым эртеси эле айылга, андан ары бүт колхозго дуу тараптыр. Жолуккан чоң-кичүү дебей, атайы мени токтотуп, «Артекке» качан жөнөмөк болдуң деп сурашат. «Областтан үчөө экен, үчөөнүн бири биздин бала экен!» – деген сөздөр ар бир үйдө кызуу талкууланып жатса керек. Кечинде жеңелериме тамеки тизүүгө жардам бергени сарайга бара калсам, отургандардын баары эле көздөрүн менден алышпайт. Анча-мынча теңсинбей жүргөн кыздар да мамилелерин өзгөртүп, улам мен жакты жалт карашып, өздөрүнчө назик үндөрүн чыгарып, күлүп калышат. Ал турмак бироосу атайы ордунан туруп келип, тамекинин кош жалбырагын (ал сейрек кезигет) кулагыма кыстарып, карыз да кылып кетти. Жаңы салт боюнча кимдин кулагына кош жалбырак кыстарылса, ошол ысык тамак бышырып келиш керек. Адатта мындай ызат чоң жигиттерге, чөнтөгүндө пулу бар жигиттерге багышталчы эле. Сыягы, Артекке барат деген атагым белгилүү салтты да бузуп, мени чоң жигиттердин катарына кошуп да жиберди окшойт. Кимдин мынчалык сөзгө алынып, кадырым күтүлбөгөн жерден ушунчалык эл көзүнө көтөрүлгөнүнө сүйүнүп, кубанганымдан бутум жерге тийбейт. Чын эле мен жерде эмес, асманда канат байлап учуп жүргөнсүйм. – Агай өзү айткан, жакында жөнөйм, Маскөөнү көрөм, Ленин атаны көрөм – дейм, өрөпкүп, кубанчымды ичиме батыра албай. «Эй, жетим, өпкөңду бассаңчы? «Артекке» жетпей, поезддан учуп кетип жүрбө, – деп өзүмдөн чоң агам ысык демимди басса, анын сөзүн укпум да келбейт. Мен дагы анын көрө албай жатканына ызаланып: – Сени «Артекке» эмес, мынабу Ошко чакырбайт дейм ичин күйгүзүп. Экөөбүз удаа болгон үчүн, өч элем. Жакындашсам эле тытыша кетчүбүз. Бечара, ал согуш учурунда бизди тоңуп калбасын деп, те алты чакырым шахты турган жерден көмүрдү күнүгө жонуна көтөрүп ташып жүрүп, үч-төрт жыл катары менен мектепке барбай жүрүп, өз катарынан калып, окубай койгон. Азыр колхоздо арабачы болуп иштейт.

Бирок менин кубанганым курусун!

Чоң агам күздө бере турган музоого акча издегенине үч төрт күн өтсө да, бар аракети текке кетип, күн сайын апама сабыры суз кабар берет:

– Эч бир макулуктан күздөгү шарт менен музоого карыз акча чыкпай жатат, суранбаган, кызыл жүзүм саргайып зарыкпаган адамым калбады. Эртең Кыр-Колго чыгып, дагы бирөөгө барам,– деп, оозунан сөзү бош чыкса, менин айлам түгөнүп, заманам куурулат, апамдын да маанайы пас боло түшөт.

– Кантип бүтүн элде бир музоого пул табылбасын? – деп апам шектенгендей нааразы болуп кобураса, чоң агам чычалап, кызууланып жооп берет.

– Мага ишенбесеңиз мусурман, өзүңүз ар кимден териштирип көрбөйсүзбү?

– Ишенерин ишенем. Сен өгөй белең, ишенбегендей ботом. Мен өгөй балдарыма да ишенип, оокат кылып жүрбөйүмбү, – деп, өзүнчө кейип-кепчип алат.

Ошентип, эч кимибиздин сиркеси суу көтөрбөй, кечинде айвандагы сөөрүдө жер карап үнкүйүп отурган элек. Коргондун дарбазасы шарт ачылып, угуза жөтөлүп, Орунбай жээн кирип келди. Ырасымды айтсам, мен аябай кубанып кеттим. Үзүлгөн арканым улангандай үмүттөнө түштүм. Анткени, бул киши жетим-жесирдин көңүлүн калтырбаган, ак ниет, адилеттиги үчүн жанын аябай кармашкан, ар-намыстуу киши эле. Орунбай жээн жетим өсүп, совет бийлигинин учурунда адам катарына кошулуп, аттуу-тондуу болуп, учурунда басмачылар менен кармашып, отузунчу жылдары биздин колхозду курууга белсемдүү катышып, далайларды кулакка тарттырыптыр! «Ой, ботом бул большевиктин кылбаганы барбы?» – деп апам туюк сүйлөп койгонуна караганда, Орунбай жээн кезегинде, оомат келип, агын суудай күрүлдөп турган кезде, далайды баштан өткөргөн көрүнөт. Согуш алдында биздин айылда бригадир болуп, жашынын өтүп кеткенине жараша аскерге алынбай, урушуп-талашып жатып эмгек фронтуна барып, улуу Фергана каналын казууга катышып, согуш бүтөр жылы чачына, сакал-мурутуна ак кирип, айылга эсен-аман кайтып келди. Азыр өзүбүздүн айылда мурап болуп иштейт. А менин чоң агам бригадир эле.

Мен ордумдан ыргып туруп, жээнге дилгирлик менен чуркап барып, кол берип, ызаттап, төргө өтүңүз дедим.

Жээн менин дилгирлигиме ичи жылып, отурар замат мени мактап кирди:

– Тайжеңе ушул балаңыз өзүмдү тарткан. Ушул тайкем окуп-чокуса большевик болобу деген үмүтүм бар, – деди, чоң агам сунган чай пиаланы колуна алып, чайды бир ууртап коюп:

– Аттиңай, совет өкмөтү тилим катканда келип, жакшылап сабатым жоюлбай, отуз күн мектепте окуп, сокур бойдон кала бердим. Дүйнөдөгү көп нерсени түшүнбөгөнүмдү жүрөгүм сезет! Ошондо ушу таекемдин жашында болсомчу, окуй берип, окуй берип, окуунун түбүнө жетип тынар элем, аттиң күн. Академик болор элем! Бир арманым ушунда! – деп, арман кылып, эки алаканын карс чаап койду.

Апам да, чоң агам да макул болушкандай, баш ийкеши унчугушпады.

– Баса, колуңду бер таеке – деп, менин колумду бекем кысып, маңдайымдан чоп этип өөп койду:

– Маскөөгө баратыпсың, «Артекке» баратыпсың! Уктум, уктум, мындай кабар жерде жатмак беле? Чоң таекем, тирүү болсо, терисине батпай сүйүнбөйт беле? Сенин барышың – баарыбыз үчүн кубаныч, сыймык! Биздин бала Маскөөгө барып, Ленин атаны көрүп келет деген эмне деген кеп! Ишенсеңиз, өкмөткө ушунча жыл жан дилим менен ак ниет кызмат кылып, ак чач болдум, Маскөө эмес Фрунзени көрө элекмин,– деп, адатынча карсылдап күлүп, көзүн мага «жарайсың ишке» дегендей кысып койду да, сөзүн улантты:

– Таеке, бактылуу экенсиң... Өкмөткө ыраазы бол. Биздин өкмөт – чыныгы элдик өкмөт. Эгер билсең, азыр биздин бардык жерибизде ачарчылык, жетишпегендик. Алаамат согуш өткөн жерде шаарлар кыйрап жатат, эл азап чегип, онтоп жатат. Ошого карабастан, биздин өкмөт сага окшогон жакшы окуган балдарга көңүл буруп, каражат бөлүп, «Артекке» жиберип жатат. Бул чоң саясат – деди, оң колунун сөөмөйүн чочойтуп. – Жакшы окуп, жакшы жүрүп, бул ишеничти төбө менен жер казып актоо керек.

Жээн өзүнүн чукугандай тапкан сөздөрүнө өзү кубанып, апам, чоң агам эмне үчүн шаңдуу колдошпогонуна кыжыры келдиби колуңдагы чайын дасторконго коюп, аларга тике кайрылды:

– Силер оозуңарга талкан салып алгансыңарбы, унчукпайсыңар эле, унчукпайсыңар? Эмне болгон силерге-а?

– деди, Орунбай жээн таң калгандай. Апам да, чоң агам да заматта жооп беришпей жер тиктеп унчукпай калышты. Акырында апам чымын учкан тынчтыкты бузуп, эч бир жандан карызга акча өнбөй жатканын айта баштады. Мен бала кыялымда: «Э, таежеңе, ошол да кеп бекен? Мурда эле менден сурабайсыңарбы?» – деп жибереби деп үмүт менен аанын оозун эле жалдырап карап калдым.

Жээндин жайдары кебетеси заматта өзгөрүп, оң колунун аты жок бармагын улам тиштеп унчукпай калганда, менин да үмүтүм бөксөрө түшкөндөй болду:

– Менин паамимде биздин элден акча чыкпайт. Бакир кызыл жүзүн саргайтып, бекер убара болуптур. Эптеп-септеп оокатын кылдыратып жаткан элде акча болмок беле? Карызга акчаны мен табам. Эртеге Ноокатка барам, бизарда эт саткан пулдуу бир досум бар. Ошого барам, тилимди алат,– деди ишеничтүү түр менен. Баарыбыз, апам, чоң агам, өзгөчө мен кубанып кеттим. Ырасымды айтсам, жээндин мойнуна асылып, эркелеп өпкүм келди. Адам баласы жылчык таппай, туюкка камалып турганда, кайрат берип, жол көрсөтүп, колун созгон эр көкүрөк, ак пейил жанды ушунчалык урматтап, ыйык пириндей тайыгың келет эмеспи! Ырасында биздин айылда ар-намыскөй, башка бирөөнүн өксүгүнө кырсыгына, кайгысына чын дили менен күйүп, жардамын аябаган, жамандыкта бел майышып, аны тең бөлүшүп тике турган адам – ушул Орунбай жээн эле. Ошон үчүн аны биздин айылдыктар сыйлашып, баштарына мүшкүл түшсө, акылдашат...

Керели кечке колхоздун оор жумушунда жүргөн Бакир, Алан, Амирали абаларым масилет бүтүп, бир чечимге келгенден кийин эс алып уктоого кетишти. Айвандагы сөөрүдө үлпүлдөп күйгөн жип чырактын жарыгында апам, Орунбай жээн, мен – үчөөбүз калдык. Менин санаам санга бөлүнүп, делебем козголуп, уйкум кайдан келсин. Жээн дагы кеткиси келбей, ийик ийрип отурган апам менен өткөн кенди сүйлөшүп, пияладагы чайды улам ууртап коюп отуду. Түндүн бир оокумунда ордунан кагынып турду да, бир нерсени эсине түшүргөндөй сөөрүнүн кырына көчүк басып, кайрылып, мындай деди:

– Таежеңе айтайын дегеним, балдарыңыздын тилине кирип, наристе баланын убалына калып, өксүтүп койбоңуз,– деди апама жал-жал карап, суюк мурутун колдорунун саласы менен сылап коюп.

– Менин кызыл жетим өскөнүмдү өзүңүз жакшы билесиз. Азыр да ойлосом, мына бу көкүрөгүм өксүп, арман, кайгы менен биротоло чырмалып калгандай, такыр жазылбайт. Наристе кездеги өксүктөр такыр көңүлүңдөн кетпейт экен, алар азыр да мени түшүмдө ыйлатат. Адамдын алтын башы эсен болсо, пул табылат, дүйнө табылат. Наристе баланын коңулу табылбайт, бул сөзүмдү эсиңизге түйүп коюңуз. Мен сизге бала кезде башымдан өткөн бир окуяны айтып берейин. Чоңдордун сөзүнө кулак салсам, Араван, Араван дешип ооздорунан түшүрбөй тамшанып калышат, анын коон-дарбызын, жүзүмүн, анжирин, шабдаалысын шилекейлери агып макташат. Араван мына бу биздин Кызыл-Тоонун ар жагы экенин да билем, өзүм барууга али жашмын, анын үстүнө тоголок жетиммин, эжемдин колунда эптеп күн көрөм, отуну менен чыгып, суусу менен кирем... – деп, каңырыгы түтөп, оо балалык кезин эстеп, үнү дирилдеп, жашып кетти. – Ээ, атасынын көрү, өткөн заманда менин көп өчүм бар, байлардын тукумдарында көп өчүм бар... Анын баары кетпей мына бу көкүрөктө турат. – Ал кызууланып, оң колу менен көкүрөгүн муштап койду. – Жетим кезде эмнелерди көрүп, эмнелерди баштан өткөрбөдүм... Ошол себептен, кечээ атаң көрү байларды кулакка тартканда, ырасын айтсам, эч тартынбадым, аларды аяп койбодум, өчүмдү алдым... – деп, кадимки адатын карматып, шаңкылдап жайдары күлүп алды да: – А мен баягы эски сөзүмө түшүп кетипмин... баса,– ошентип, эжемдин үйүндө жүрөм. Жездеми өзүңүз билесиз кежир адам эле. Ай сайын бирөөлөрдүн соода-сатык жүгүн эшектерге артып Ошко, Өзгөнгө, Анжиянга, Ферганага, Араванга кетер эле. Ушул убакка чейин түшүнбөйм, Араван көзүмдөн учуп, оттой болуп туруп алды. Жездеме өзүм айталбайм, айбыгам, адим сыйбайт. Бир нече жолу эжеме ички сырымды муң кылып айттым. Эжем ыраматылык («О, топурагы торко болуп, жаткан жери жайлуу болсун, О-мийин!) жездеңе айтып көрөйүн, тил алса, – деп убада берет, бирок унчукпайт. Күндөр өтө берди, бир жолу кечинде тамак ичилип, колго жездемин колуна суу куюп жаттым, эмне болсо, ошо болсун деп, тобокелге салдым да жездеме өз тилегимди айттым, сизге жардамчы болуп, эшектеринди айдашып Араванга кошо барайын дедим... Жездем жактырбаган жаман көзү менен мени жерге киргизе карап, ордунан унчукпай туруп,

сыртка чыгып кетти. Эжемдин аярлап так жообун айта албай жүргөнүн ошондо түшүндүм...

Ошентип, арманым арылбай, бала кезимде көзүмдөн учкан Араванга совет бийлигинин учурунда, өзүм күрүлдөп, атка минер болгонумда атайы бардым. – Аттиңай, арман күн! – деп жээн алаканы менен санын тарс этип чапкылап сөзүн улантты. – Атчан жүрүп Аравандын өзүн, айланасын, ой-кырын куп аралап көрдүм, коон-дарбызын, жүзүмүн, анжирин армансыз жедим... Бир кызык жери, көңүлүмдү өйүп жүргөн өксүгүм толгон жок, бала кезден эңсеген Аравнымды таппай, ошондо муңайыңкы кайттым. Билсеңиз, мен ушуга аябай таң калдым. Эмнеликтен мындай болду? – деп өзүмдөн өзүм купуя сурадым. Азыр ойлосом, нари-стенин жүрөгү башкача сезип, көзү башкача көрөт экен... Ишенсеңиз тайжеңе, сизге калп, мага чын, азыр да Аравнга түшүмө кирет. Араванга барам деп, жолдо жей турган оокатымды жонума көтөрүп сапар тартам: күндүн ысыгына, суугуна карабай, ач-тогума карабай жол жүрөм... такыр арбыбайт. Бет маңдайымда не бир бийик тоолор турат, күкүктөп аккан чоң дарыялар кездешет. Мен алардан ашалбай, өталбай айлам куруйт, караңгыда туюктарга малып, өнгүрөп ыйлайм... Ойгонсом түшүм. Эгерде нариздимде Араванды көрсөм, азыр түшүмдө ыйлабас элем... Түйшүк тартпас элем... Сыягы, адамдын түшүнө бала кезде аткарылбай калган армандары кайталанып улам кирип, жүрөгүн мыкчый берет окшойт,– деп сөзүн бүтүрүп, көпкө унчукпай отуруп, анан мени эркелетип, чачтарымдан уйпалап кармап, үйүнө басып кетти.

Мен ошондо Орунбай жээндин бул арманга толо аңгемесине анчалык маани бербей, кулагымдын сырты менен кетирген экенмин. «Артекке» барам деп өпкөм алып учуп көөп турган чагымда, балалык менен ушул бир карыш жерде турган Аравандын эмнесине анчалык күйүп бышты экен? – деп, назар салбасам керек. Далайды баштан өткөрүп, далайды баштан кечирип, турмуштун ысыгына күйүп, суугуна тоңгон мезгилинде ойлоп көрсөм, жээндин арманында айыкпас дарт бар экен. Ал дарт дайыма жүрөктүн ашынган оорусундай сыздатып, тынч уйкуңду бузуп турат бейм...

Эртеси таң аткандан тартып, Орунбай жээндин Ноокаттагы эт саткан соодагер досунан акча карыз алып, биздин үйгө кубанычтуу келишин көз алдыма элестетсем, жүрөгүм туйлап, өз кабынан секирип чыкчудай болот. Керели-кечке тамдын аркасындагы картошканын түбүн кетмен менен жумшартып, үстүбүздөгү чоң жолдон машина өтсө, качан токтоп, жээндин карааны көрүнөр экен деген үмүттүн кучагында жашадым. Мындай учурда жайдын узун күнү андан бетер узарып, убакыт өтпөй койду. Күн түш ооду, жээнден кабар болбоду, күн бешим болду, ал көрүнбөдү. Улам жол карай берип, сабырым суз күн батканда үйгө келдим. Апам уюн саап, сүтүн казанга куюп жатыптыр. Менин кашкабагымдан көңүлүм чөгүп, сарсанаа ой жүрөгүмдү мыкчып турганын сезип, казандагы сүттөн бир чоң пиялага куюп, колума сунду:

– Жүрөгүң ойноп турат, ичип ал. Жээнден да кабар жок – деп, өзүнүн кабатыр болуп жатканын билдиргиси келбей, терс бурулуп кетти.

Менин жүрөгүм жаман жышаанды алдынан сезгендей ойноп туруп алды... Сүттү өзүмдү зордоп араң ичтим. Аңгыча Бакир, анын артынан Алан абам кубалашып келишип, ар бири жээн келдиби деп апамдан сурашты. Баардыгы жээндин жакшы кабар менен келишин күтүп, сөөрүдө кечки чайын ичип, ойду-кыйды кеп кылып, жай баракат отургандай кебетеленет, бирок ар биринин көңүлүнүн терең оюнда кокус иш оңунан чыкпай, жээн куру кол кайтса, эмне кылабыз? – деген оор маселе тургансыйт... Мен алардын кебетесин көрүп, ичимден өзүмдү жаман да көрүп кеттим. «Артекке» барбаган адамдын бирөөдөн карызы барбы? – деп, күтүлбөгөн жерден, эгер жээн акча таппай келсе, мен барбайм деп баш тарткым келди. Ошол учурда дарбаза кыйч деп ачылып, караңгылыктан жээндин узун бойлуу карааны көрүндү. Баарыбыз эле ошол жакты мойнубузду буруп, карап калдык. Мен ордуман тура калып, жээнди утурлап тосконумду да билбей калдым. Анткени, адам бир нерседен үмүттөнүп, зарыгып күткөндө, ошол тилегине бүт жан дили менен берилип, өзүнүн ал-абалын көп учурда унутуп коёт эмеспи! Жээн менин дилгир кебетемди көрүп, өзү айыптуудай көзүмдөн көзүн ала качып, өңу кубарып, билинер-билинбес калчылдаган колу менен желкемден кармап, өзүнө имере тартып, эркелеткендей, унчукпай алдыга карай басты... Мен жолум болбой калганын айттырбай түшүнүп, артынан ээрчий бастым... Жээн отургандар менен үнсүз баш ийкешип учурашты да, сөөрүгө малдашын токуна отуруп:

– Муздак суу барбы? – деди арыган жана чаңкаган жүзү менен отургандарды кыдырата карап. Мен жетип барып, да-

листен таш кесеге суу куюп чыгып, жээнге сундум. Ал муздак сууну тартып жиберип, кесени мага карматып, көксөсү кангандай үшкүрүп коюп, кейиген үнү менен:

– Өзүңдө жок, ааламда жок деп бекер айтпаган эмес ата-бабабыз. Үмүттөнүп барган досум Ташкентке кетиптир, качан келерин тирүү жан билбейт... Акча сурап, кайрылбаган белдүү киши калган жок Ноокатта... Баары эле жок деп карганышат. Айлам түгөнгөндө, Жаңы-Базардагы эски досум Марикке да бардым... Андан да жолум болбой кайттым... – деп, жалдырап карап турган мага боору ооруган-дай өкүнүп сүйлөдү...

Отургандар бир-бирине тике карашпай, ооздорунан сөздөрү түшүп, баштарын көтөрбөй жер карашты. Баары оор абалда чайналып тунжурашат. Апам бечара сары чөптөй болуп кумсарып, эриндерин бекем тиштеп, нестей боло түштү...

– «Артекке» барбайм! – дедим чечкиндүү добуш менен. Баары өз кулактарына ишенбей, заматта эмне болуп кетти дегендей мага таң калып жапырт карашты... Алар, тетирисинче, мени чатак салып, тултундап таарынат деп кылбай турушса керек... Мен чын дилимден баргым келбей турганын айттым, мен үчүн апамдын энесинен калган таберигин, килемин, сатышын каалабайм дедим... Баятан бери жер чукуп үндөбөй отурган абаларым, үстүлөрүнөн оор жүк түшкөндөй жеңил дем алышып, мага жарайсың, дегендей ыраазы болуп карашып, өз ара сүйлөшүп жатты. Бир гана апам ойлуу кебетесинен жазбай, өз оюн жарыя айтпай унчуккан жок. Жээн да те караңгылык жакка көз жибергендей сыр билдирбейт...

– Баламды жиберем... Килемди эртеге өзүм барып сатам, – деди апам балдарына тике карап... Алар унчугушкан жок.

Мен апамдын мойнунан кучактап, жашып турганымды билдиргим келбей өз оюмду ачык айттым:

– Апа, килемди сатпайлы... Мен чын оюмду айтып жатам... Килем өзүңүзгө керек болот,– дедим өзүмдүн ыраазычылыгымды билдирип. Ошол мезгилде отургандар кулактарын түрүп, дым дебей тынчып калышты. Апам өсүп кеткен чачтарымдан жыттап, бекем бооруна кысты... Ошондо мен токтоно албай, апама өтө ыраазы болгондуктан, көзүмө жаш алдым окшойт... Апам менин кандай абалда турганымды сезди...

– Жетимчем, мен тирүү кезде сени жер каратпайм, өксүк кылбайм... Килем деген табылат, баланын көңүлү табылбайт... Сени бозортуп, килемди илип отурбайм, балам... – деди мени улам көкүрөгүнө мээримин төгүп кысып. Апам отургандарга кайрылды. – Уккан кулак, дос-душман эмне дейт? Айкан кенже баласынан килемин ашык көрүптүр дебейби? Эртеге килемди базарга барып сатам, – деди...

– Баракелде таежеңе! Сизден ушул кепти күттүм эле. Кантсе да айтылуу ичкиликтин кызысыз да – деп, Орунбай жээн кубанганын билдирип, кадимкисиндей карсылдап күлдү. Абаларым да апамды колдошуп, сиз айткандай болсун, бала каалаган «Артекке» барып келсин деген бекем чечимге келишти.

Ошол түндөгү менин жүрөгүм толкуп сүйүнгөнүмдү дал өзүндөй кылып сүрөттөп бере албастырмын. Кубангандан маңдай, корккондон жүрөк жарылбайт деп улуулар бекер айтышпаса керек. Эгерде кубангандан жарылса, менин маңдайым ошол түнү жарылат болчу! Мен кубанып телегейим тептегиз болуп, кубанычым көкүрөгүмө батпай, эгер канатым болсо, асмандагы жылдыздарга карай учкум келип турду! Чоң кубанчымдын иллазатын өзүм гана таткым келип, апамдан уруксат сурап, тамбашка төшөк салып жаттым.

Жайдын ысык кечи эле. Ошол түнү дүйнө мага ушунчалык таза, жаркын, кең жана боорукер, ырайымдуу көрүндү. Мен тамбашта эмес, дүйнөнүн эң бийик чокусунда кадам шилтеп жүргөнсүдүм. Мындай учурда уйку келмек беле? Көзүм умачтай ачылып, асманга толгон жылдыздарды санаганым жок, менин күлүк кыялым алыста-алыста учуп жүрдү!

Москва! Дүйнөгө атагы белгилүү бул шаарды көрүүнү кимдер гана эңсебеген? Согуштун алдында Хамза абам Кара-Сууда Саадат жеңем экөө колхоздо иштеп, пахта терүүдөн ударник болуп, Москвадагы биринчи жолу ачылган айыл чарба көрсөтмөсүнө барып келгени биздин айылдагы эң чоң окуя болгон... Азыр ойлоп көрсөм, Хамза абам биздин колхоз эмес, жалпы район боюнча биринчилерден болуп Москваны өз көзү менен көргөн экен... Ал Москвадан кайтканда өзү иштеген колхозго бурулбай, түз эле биздин айылга келген. Ошондо аны менен учурашабыз деп айылдыктардын баары биринин артынан бири келишип, үйгө кишилер толуп кеткен... Хамза абам төрдө, атамдын жанында өз бар-

кын билип, боюн көтөрүп отурган. Мен да сыймыктанып, ударниктин инисимин деп абамдын тизесинде Москвалык конфеттерден соруп отургамын... Абам отургандарга түн менен түштөй кылып Москвадан көргөн билгенин сүйлөп, баарын таң калтырып кеп кылган. Жердин астында поезд жүрөт экен, өзүм бир нече жолу түштүм, көз ачып-жумганча каалаган жериңе жетип каласың десе, эч ким ишенген эмес. Атам уулунун оозун карап, ушул сүйлөп жаткан Хамзабы, же шайтандын өзүбү дегендей, ага ишенип ишенбей: «Ой, тобо, куданын кудурети күчтүү да», – деп жакасын карманганда, төрдө малдаш токунуп отурган Орунбай жээн тууradан чыгып, таякесине каршы сүйлөгөн:

– Таяке, Сиз качан бузуку оюнузду таштайсыз! Биздин ийгиликтердин бүт баардыгын кудайдын кудуретине ыйгара бересизби? Аны метро дейт. Советтик адамдар жердин астында кабыргалары кайышып, кара терин агызып курушкан... – деп, атама алая карап, чындап эле нааразы болуп, өзүнүн кызуулугун араң кармап, анан жай кепке өтүп, Хамза абамдын колун өөп: – Чыныгы ажы деп Хамза сени айтуу керек. Бүт баарыбыз сага жүгүнүшүбүз керек... Сен деген кызыл Маскөөнү көрүп келдиң. Сен Ленин атанын табытына жүгүнүп келдиң... Сенден ыйык ажы жок билгенге... Мындан ары Хамза ажы деп жүргүлө,– деп отурганда кайрылып, бир нерсе эсине түшкөндей күлүп койду да: – Ушул убакка чейин Жолдошбайды ажы деп баарыңар ызаттайсыңар... Жолдошбай Мекке, Мейдина эмес, Чимкенден өтпөптүр. Ал соодагерлерге кошулуп, ошолордун атын багып, курсагын тойгузуп, күн өткөрүп жүрүп, алты айдан кийин айылга ажыга бардым деп жанын жеп келген... А Хамза биздин өкмөттүн ажысы... Ал ак эмгеги менен чоң Маскөөгө барып келди... Ырахмат укам, сенин барганың биздин барган. Эми мен баарына мактанып, биздин бала ишке жарап келди деп айтам...

Отургандар Орунбай жээндин сөзүн кубатташып, үйдү чуу көтөрүшкөн. Атам гана жээнине нааразы болгондой түр менен унчуккан жок.

Орунбай жээн Хамза абамдын жүзүнө тике карап:

– Хамза чыныңды айтчы, аксакал Сталинди көргөнүң жокпу Маскөөдөн? – деп анын сол колун өзүнө тартып сурады. Хамза абам кара мурутун оң колу менен сылап коюп, карсылдап күлдү:

– Адам күлө турган суроо бересиз да... Аксакал ар кимге көрүнө бермек беле? Кремлде ойлонуп отургандыр. Көргөнүм жок, калп айткым келбейт. – Жээн нааразы болгондой башын жулкуп сүйлөдү:

– Таяке, балалык кылгансың да... Кап, өзүм болсомчу – деп, башын чайкап, чоң бармагын өкүнүч менен тиштеди.

– Сиз болсонуз, эмне кылмаксыз? – деп, Хамза абам да обдулуп, ага кайрылды?

– Менби? – деди жээн үнүн ого бетер бийик чыгарып.– Мен аксакалды көрбөй кетпейм... Көрбөсөм, ушул жерде өлөм деп Кызыл Аянтка жатып алмакмын... Өзүм ударник болсом, эмнеден корком, таяке башың жаш – деп, аны чычалаткан.

– Орунбай аке Федоруп досуна да бармакпы? – деп, отургандардын бирөөсү сөз кошкондо, баары жапырт күлүп калышты... Орунбай жээн жулунуп, кайрадан атырылып сүйлөдү...

– Эмне экен? Федоруп досума бармакмын... Ал биздин Маскөөдөгү депутатыбыз. Өзү да келип кет деген... Акыры болсом, ал досума барам,– деди жагалданып...

Бардыгынан кызыгы: эч качан башка бирөөгө ички сырын чечилип айтпаган, ар дайым кулпулуу сандыктай тымпыйып жүргөн Хамза абамда жашырып жаткан өнөр бар экен... Анда чоң-кичүүлөр отурганда ал өнөрүн кадимкисиндей билдирген эмес. Кечинде өзүнүн айылдык теңтуштары менен дализде бозо ичип отурганда, алагүү болуп кызыгандыктанбы, көңүлү эрип кетип, Москвада жүргөндө Саадат жеңеме арнаган ырын өзү ырдап берген. Ыр узун болчу, төрт гана сабы эсимде калыптыр.

Маскөөдө жүрөт трамвай,
Киресине пул албай.
Сүйгөнүм сени эстесем,
Отурган жерден туралбай.

Хамза абам колундагы чыны кеседеги бозосун ырдап бүтүп жутуп жибергенде отургандар бир ооздон: «О, азамат, өнөрүңө ырахмат!» – дешип үйдү баштарына көтөргөндөй чуулдашканда, очоктун тегерегинде казан-аякта аралашып жүргөн Саадат жеңем көтөрүлүп, ого бетер кара калем менен чийилген кара кашын керип, чөнтөгүнөн күзгүсүн алып чыгып, өзүнүн кара тору чырайлуу жүзүн, көздөрүн өзү да суктангандай, ыраазы болгондой улам караганы эсимде...

Баса, мен Москвага барганымда кимге арнап ыр жазамын? Хамза абамдай сүйгөн аялым болбосо? Ары ойлонуп, бери ойлонуп апам жөнүндө ыр жазам да, кат аркылуу Москвадан салып жиберем деген чечимге келип, мындай ой тапканыма өзүм да аябай кубанып кеттим... Ай жарыгында кыялдана берип, эбак түн жарымы болгонун да сезбей калыпмын... Айыл калын уйкуда, иттер да уйкуда, бир гана менин уйкум келбей, телегейим тегиз болуп, кубанычтын, чоң үмүттүн кучагында бөлөнүп жаттым...

Мен ошол ай жарык түнү катаал турмуштун күтүлбөгөн капилет бурулуштары болот, азыркы асман чалкыган кубанычым жакынкы күндөрдө көз жашка айланып, өзү катуу шылдың болуп, балалык кезимде өкүнүчкө толтуруп, жүрөгүмө так салган армандуу окуяга туш келем деп кайдан ойлоюн?..

Үч күндөн кийин жекшемби болуп, апам экөөбүз килемди эшекке жүктөп, Ноокат базарына бардык. Ноокат тогуз жолдун тоомунда болгондуктан, базары өтө чоң. Ага Ферганадан, Кокондон, Кызыл-Кыядан, Оштон, Анжиян-дан, Аравандан, Кубадан, Бек-Абаддан, Жалал-Абаддан соода-сатык менен сансыз кишилер келишет. Базарда элдин көптүгүнөн башың айланат. Биз килемди көзгө көрүнө жайга илип койдук... Апамдын килемин ар түрдүү оюмочиймелери, гүлдөрү бар, тегерегине кыдырата көгүчкөндөр тартылган, көзүндү албай карап отура турган – атактуу ичилик килемдеринен эле. Анын согулганына элүү жылдан ашык мезгил өтсө да, эч бир жеринде өөнү жок, ар түрдүү боёктору кадимкисиндей жаркырап турат. Базарга биздикинен башка дагы беш-алты килем түшүптүр, бирок алардын жанында биздин килем өзүнүн көлөмү жана кооздугу жагынан аттын кашкасындай айырмаланып, элдин көңүлүн өзүнө заматта тартты... Адамдар биздин килемдин жанына токтошуп, көпкө дейре көздөрүн албай суктанып карашат, колдору менен этиет кармалап көрүшөт... «Төрдүн көркүн ача турган куп келишкен килем экен»,– деп башын чайкап тамшанышып, кылчактап карап тургандар андан көп. Сакалы куудай болуп агарган чал чылпак баскан көздөрү менен килемди көпкө карап турду да:

– Колунан көөрү төгүлгөн чебер соккон экен... Азыр андай уз чеберлер калбай калды,– деди жанында турган кара сакал чалга. Анысы да ага макулдугун билдирип, апама угузбай шыбырап жатты:

– Керек болсо терек жыгылат деген кеп ушул да... Зарыкпаса, ушул килемди башка бирөөгө ыраа көрмөк беле? – деди четте унчукпай турган апама боору ачыгандай карап.

Килемдин баасын сурагандарга ээси азыр келет деп апам жооп айтып, улам бирөөнү күткөндөй айланасын карайт. Мен баргыча соодалашпай тургула, арзан сатып коёсуңар деген болчу Мамат абам үйдөн чыгып жатканда. Ал мал базарда кармалып, кечигип келбей, апамдын тынчы кеткен себеби ошол... Мамат абам чапандарынын эки этегин кур бетке кыстарып, кайдан-жайдан куюндай болуп пайда болгондо апам экөөбүз тек сүйүнүп кеттик. Абам келер замат килемдин соодасы кызуу башталып, кардарлар өз наркын айтып, биз тарап макул болбой, өз баасын коюп, талаш-тартыш күчөп жатты... Чыгыш базарынын тартиби кызык: алуучу адам буюмга өзүнүн эң төмөнкү баасын коюп, мисалы мин сомдук товарга үч жуз сом берем деп жулунуп баракелде, баракелде айта берет, ага сатуучу адам кыпынчалык ызаланбай, тетирисинче, күлүп-жайнап, сылык мамиле кылып, өз буюмунун баасын төрт эсе көтөрүп, өз айтканынан кайтпай тура берет. Ошол сымак биздин килемдин айланасында да кызуу талаш-тартыштар жүрүп, ар түрдүү баалар ортого салынып жатты. Биздин туугандардан Мамат абам көктөйүнөн соода ишине башы бышкан, биз тарапта чоң базарларда болуп, көзү аябай каныккан, мындайча айтканда башка бирөөгө жемин жедирбейт. Ошол себептен апам анын келишин күтүп, азыр көңүл жай четте киришпей карап турат. Тынчым кеткен эле өзүм: килем тез эле сатылып, пулу колго нак түшүп, апам мага кийим-кече алса десем, эки көзүм төрт болот. Четте көз салып турган мен дагы өзүмчө кызыкка батып, тамашага кызыгып турдум: айрым адамдар белинде пулу болбосо да, сыр алдырбай биздин килемге асылып, төмөнкү наркты айтып жан талашса, айрымдары килемди сатып алууга чын ыкласын жумшап, Мамат абамдын колун жулуп алчудай кысышып, ары кетип, бери келишет... Бир убакта (кайдан-жайдан келгенин билбей калдым) эки жаат болуп талашкан топтун үстүнөн эчки сакал, колдорунун көк тарамышы көрүнгөн чекир көз далдалчы пайда болду. «О, Эшпай келди, эми соода бүтөт» деп карап тургандардын бирөөсү сөз таштады. Ырасында Эшпай биздин килемди жакшылап көз жүгүртүп карап, колдору менен кармалап көрүп, эки жактын пикирин угуп, бир аз ойлонуп турду, анан эки-үч калыс турган кишилер менен

шыбырашып сүйлөшүп, килемди алууга ынтызар кара жумур, башында ак калпагы бар адамдын, Мамат абамдын колдорун бириктире кармап: «Мен калыс адаммын. Адамдардын соодалашын калыс баалап, соодасын алам. Капа эмессиң да, талашып тартышып отурбайлы... Килемдин баасы ушул болсун: деп эки жакка карады. Сыягы, далдалчы калыс сөзүн кап буугандай кесе айтты бейм. Мамат абам да, килемге кардар киши да ичтеринен тымып, бир-бирин карап сыр алдырбай турушту.

– Калыс соода болду, баракелде тапкыла! – деп тегеректеп тургандар да далдалчыны колдошуп, чурулдап жиберишти. Килемдин жаңы ээсинен акчаны Мамат абам санап алып, апама берди. Ошол замат эки тарап далдалчыга тең-тең кылып, мээнет акы беришип, ыраазы кылышты. Биз килемден айрылып, ичибиз тыз-тыз этип ачышып, базардан чыктык. Мамат абам өз иши менен башка тарапка кетти.

Апам экөөбүз Ноокаттан күн батарда көңүлүбүз көтөрүңкү үйгө кайтып келаттык... Апам эшекти минип арт жагымда, мен бутум жерге тийбей, өпкөм көөп, канатым бардай учкум келет. Базарыбыз ачылып, килемди өз наркына сатып, апам мага «Артекке» кие турган кийимдер – чый баркыт костюм шым, эки көйнөк, ак шапке, кара батинке, дагы бир үйдө кие турган кара шым сатып берди. Менин эңсеген тилегим: тез эле үйгө жетсек, жаңы кийимдеримди боюма ченеп, көчөгө чуркап чыксам, анан тамеки сарайга барып, эл көзүнө бир көрүнсөм, тоготпой жүргөн кыздарга бир көрүнсөм деп энтигип шашып келатам, бирок жолуң түшкүр мындай учурда узарып, такыр арбыбайт эмеспи! Биздин үй менен Ноокаттын ортосу алты чакырым, бир карыштай жер болсо да, үйгө жетпей койдум. Сүйүнгөнүмдөн, улам апамдан озунуп, алдыга чуркап кетем да, күйүккөнүмдө жеткен жеримде апамды чыдамсыздык менен күтүп турам.

Менин үйгө шашканымдын өзүмдөн башка эч бир жан билбеген дагы бир туюк сыр бар эле: үстүмдөгү кийимдеримде, чачтарымда бит менен бүргө, сирке өөрүп, алар күнүнү жанымды ачыштыра чагып, каныма тоюп, борсоюшуп семирип, мени азапка салып, өздөрү жыргап жүрүшчү. Мен ошол биттерден кутулуп, алардан өчүмдү алсам деген көкүрөк кегим бар эле. Ошон үчүн: «Шашпагыла канкорлорум, силер шашпагыла!» – деп кекенип коём.Апам да

менин териме батпай кубанганыма жетине албай, чоң иш бүтүргөндөй өзүнө өзү ыраазы жана көңүлү ачык келатты.

Күн батканда үйгө жеттик. Бакир абам, Зуура жеңем, Жаннат эжем биздин жолубузду карап отуруптур.

– Базарыңар ачылдыбы? – деп Бакир абам дарбазадан утурлап чыкты. Апам эшектен ооп түшүп үйгө кирди... Сөөрүдө отуруп килемди кантип жана канчага сатканын айтып берди.

– Баламдын кийимдери өзүнө куп жаңы,– деп куржунун ачып, менин кийимдеримди мактанып көрсөтө баштады. Мен үйгө кирип, аларды кийип чыктым. Баардыгы менден көздөрүн албай карашып, кут болсун айтышты.

– Адамдын көркү чүпүрөк деген ырас да. Балам бечара шүмүрөйбөй жаркырап калбадыбы,– деп апам улам үстүмдөгү жаңы көйнөгүмдү, шымымды ар жеринен тартқылап кармалап жатты.

– Апа, жетимчең маршалдай кийиниптир,– деди Жаннат эжем чын дилинен кубанганын билдирип.

Чынында мен ошол учурда өзүмдү маршалдан кем санабай телегейим тегиз болуп, асманым ачык, көңүлүм шандуу эле.

– Эски кийимдеримди от жагып өрттөйүн, – дедим апама кайрылып,– биттердин жазасын берип, атасын тааныгайын...

Сөөрүдө отургандар баары күлүп калышты. Апам өзүң бил дегендей баш ийкеп макул болушту. Коргондун сыртына чыгып, картошканын шагына кургак тарашадан алоолонтуп от жактым да, эскилиги жеткен таар шымымды, бардык жерин жамак баскан боз көйнөгүмдү жалынга ыргыттым. Кийимдерим заматта күйүп, бүргөлөрдүн, биттердин жалынып жалбарып жардам сурап боздогон үндөрү кулагыма угулуп жаткансыды... – Силер канкорлорго куп болду – деп ичимден табалап жатсам да, сезимимдин терең жеринде аларга болгон аянычым да бар эле. Анткени, ошол биттер менен кошо менин өз каным да өрттөнүп жатпадыбы?

Баарынан да жүрөгүмдүн сары суусун алган беймаза мезгил жаңы кийимдерге ээ болгондон тартып башталды. Апам бечарадан уйку качты, иштен келгенден кийин түн жарымга чейин менин камылгама киришет: жанына отургузуп алып, костюм шымымды, көйнөктөрүмдү өтө этияттык менен бапестеп сылап көрөт, мага кайрадан кийгизип

көрөт, өөн жерлерин өзү кайрадан тигип чыгат; бейтаа-
ныш жерде өзүмдү кандай алып жүрүшүм тууралуу акыл-
насаатын кулагыма куят, өзүндүн чоңдоруңун айтканын
так аткарып, башка балдар менен тытышпай, ынтымакта
бол дейт. Мен апамдын акыл-насаатына башымды ийип, ба-
арына макулмун.

Ошентип жайдын күндөрү канчалык узун, бир-биринен айырмасы жок, бир беткей болсо да өтүп жатты... Бирок мен үчүн убакыт жылбагандай. Күн алыс Акмат агай биздин үйгө кечинде келет да кабатыр болбогула, өздөрү мага кабар беребиз дешти деп ордунда турбай опколжуган көңүлүмдү ого бетер толкундатып кетет. Болжогон июндун аягы да жетип келди, бирок кабар жок, ичимден кабатыр боло баштадым, негедир бир жаман кабарды сезгендей жүрөгүм туйлайт... Кайсы жерде басып жүрбөйүн, ойлогон оюм, санаам «Артек» болуп, Кара деңиздин боюнда балдар үчүн курулган бул укмуш лагерь көз алдыма келет... Кылымда өлкөбүздүн туш-тарабынан келген балдар менен тең жарышып ойноп жүрөм, ажайып кооз Кавказдын токойорун аралайм, Кара деңиздин жээгинде күнгө кактолуп, эшилген кумдун үстүндө жатам, анан чуркап барып, боюмду көлдүн толкунуна таштайм да чабак урам... Алардын баарын ойлой берсең, кыялың учун асманга, керемет жомоктордун арасында саякаттап жүргөнсүйм... Анан жаман ойлор кылт этип келет да, өзүмдүн оюмдан өзүм чочуп: «Эмне үчүн кабар кечигет? Кокус жибербей койсочу?» – деп төбө чачым тик тургандай чочулап: «Оозуңа кара таш, андай жаман нерсеге жоорубагын, «Артекке» сөзсүз барам» – деп, өзүмдү өзүм алдап сооротконболом. Кийинки күнү, бир эле мен эмес, апам да, агаларым да кооптонуп, бирок анысын мага билдиришпөөгө тырышып жүрүшөт. Бир күнү Бакир абам кечинде тамак ичип отуруп: «Жана кечке жуук Акматка жолуктум. Качан баланы жөнөтөсүңөр, бечара жол карай берип, зарыгып бүттү» десем, тике карап сүйлөбөй: «Эртең районго барам, билип келем»,– деп коомай жооп берди. «Бир нерсе сезген түрү бар» – деп апама акырын айтып жатканын кулагым чалып, көңүлүм чөгүп, ыйлагым келди. Ошол түнү көпкө уктай албай толгонуп жатып, акыры катуу уктап кетип, коркунучтуу түш көрдүм...

...Баамымда Оштун темир жол станциясы болсо керек. Эл ушунчалык кымгуут дүбүрөп жүрөт. Алардын көпчүлүгү балдарын «Артекке» узатып жаткан ата-энелер окшойт.

Мен станцияга кечигип келиптирмин, поезд кыймылдап, элүү метрдей алыстап кетиптир!

– Жүгүр бала, жетпей каласың! – деп ачуу кыйкырган кимдир бирөөнүн күйүп бышкан камкор үнүн угам да, колумдагы түйүнчөгүмдү ыргытып жиберип, алымдын барынча чымырканып поезддин артынан жүгүрөм. Поезд толо жаркылдап кубанган, жакшы кийинген пионерлер экен, алар чурулдашып, «жүгүр, жүгүр!» дешип кол сунушат, кыйкырышат. Мен күйүгүп, тердеп тепчип, поездге улам жакындап, куйруктап баратам: ана беш метр, төрт метр, үч метр, эки метр, бир метр жакын калды. Эми жеттим го деген үмүт менен кол созом. О, улуу тилегим ишке ашып, колум вагондун кырына тийгенсиди. Умтулуп бир секирсем эле чыгып кетчүдөй болом, бирок антүүгө кубатым жок, алым жок акактап чуркап баратам. Ошол мезгилде вагондун кырында баягы менин жек көргөн касым Чормон пайда болот да, ырсактап күлүп, мени күч менен көкүрөгүмдөн катуу түртсө, вагонго илинген колум чыгып кетип, «Апа-а!» – деп кыйкырып, темир жолго көмкөрөмөн жыгылам. Поезд кылкылдап алыстап барат, өкүнүп ордумдан туралбай, өксүп-өксүп ыйлап жатам...

Чочуп ойгонсом, апам мени түрткүлөп, атымдан атап жанымда коркуп отуруптур.

– Балам, түшүңдө корктуңбу? Апалап кыйкырдың- а? – деп башымдан сылап, эркелетип, кагылып-үргүлүп жатты. Мен түшүмдөн корккондон, үнүм буулугуп, апамды кучактап бышактай бердим. Чын эле түшүмдө ыйлаган экенмин, көз жашыма кирпиктерим сууланыптыр. Эси чыккан апам мени бооруна бекем кысып мойнумдан, бетимден жалмалап: «Садаганың болоюн, сага өпкөмдү чабайын», – деп жалына берди...

Андан көп жыл өткөндөн кийин да, өзүм эр жетип, башым катып, балдардын атасы болгонумда да, башыма оор иш түшкөн мезгилдерде түштөрүмдөн чочуп, далай жолу «апалап» кыйкырам, түшүмдө ыйлайм... Кокус апам бар болсо, жаныма ошол замат жетип келип, үргүлүп-кагылып, өңү бозоруп башымда отурган болот:

– Балам, жаман түш көрдүңбү? Коркпо, мен бар, – деп энелик мээримин төгөт.

О, эне деген бала үчүн түгөнбөгөн мээрим, күндүн нурундай кенч, өйдө турса кубат, буту тайса жөлөк экен го! Адатта ар бала жетилип, дөөлөткө тунуп, телегейи тегиз болуп

турганда, өз энесин балдарынча эстебейт. «Балам, балам» – деп тапканын ошолорго ыйгарып, жанталашат. Качан гана башына капилеттүү иш түшсө, катуу ооруп калса, апасын эстеп, апасын жардамга чакырат. Согушта ок тийгенде жолдошторунун: «Апа»! – деп кыңкырганы, эң акыркы жолу эстегени да кокустук эмес!

Эртеси кечинде тамеки теримден үйгө келсем, Акмат агай менен апам сөөрүдө сүйлөшүп отуруптур. Экөөнүн тек сабыры суз кебетелерин көргөнүмдө, жонумдан чыпылдап кара тер чыкканын сездим. «Бир суук кабар бар го» – деп чочуладым, бирок сыр алдырбай агай менен жайдары мүнөзүм менен кол алышып учурашып, сөөрүнүн кырына көчүк басып отура кеттим. Бир тыным апам да, агай да унчукпай, баштарын төмөн салып отурушту... Агай менин кебетеме жал-жал карап, тартып отурган папиросун ыргытты да, айыптуу кишидей сөз баштады:

– Балакай атасы өлгөндү да угузат турбайбы? Эгер билсең иш чатак,– деп ордунан туруп, менин жаныма жакын басып келип, оң колун желкеме койду. – Таң эртеңден кеткен элем. Бүгүн райондо чоң чатак салдым. Сенин таламыңды талашып, райкомдун үчүнчү секретарына бардым. Өзүм Ошко да телефон чалдым. Баары эле жер карашып үндөшпөйт... Кийинки күндөрдө иш бузулуптур, балакай. Сенин ордуңа башка бирөөнү жиберип коюптур.

Айтып аларды ынандыра албадым.

– Эмне үчүн? – дедим ызама чыдабай, үнүм дирилдеп. Ошол мезгилде көңүлүм айнып, жер титиреп, биздин үй айланып, тегеренип жаткансыды. Ичимдеги бугумду чыгарып, өкүрүп-өкүрүп ыйлагым келип, өзүмдү араң токтоттум... Эң кыйын кыжалаттын учурунда адам баласы ыйласа да, көзүнөн жаш чыкпай каларын мен кийин билдим. Ошондо мен дал ошондой ал-ахвалда болсом керек...

– Эмне үчүн экенин так айтышпайт. Баары эле жер карашып: «Кечигип калдыңар» – дешет.

– Мен күнү-түнү жол карап отурбадымбы, агай? – дедим жаным күйүп. Менин үнүмдө: «Агай сиз күнөөлүүсүз, эмне үчүн өз учурунда бизге кабар бергениңиз жок» – дегендей нааразылык бар эле... Агай чычалаган жок, актанган да жок. Папиросун кайра тутантып, анын түтүнүн терең соруп, анан чечкиндүү сүйлөдү.

– Балакай, капа болбо. Эртең экөөбүз Ошко барабыз. Алар менен өлбөгөн жерде калышам. Бул жеткен зулумчулдук, адилетсиздик, – деди оң колун серпип сүйлөп... Апам да, ошент айланайын, антпесең баланын көңүлү чөгүп, шагы сынып калат дегендей, башын ийкеп турду.

Көпкө дейре үчөөбүз тең бир-бирибиз менен урушкандай кабактарыбыз салыңкы отурдук. Акмат агай кетеринде мага кайрат айтып, эртең менен келем, жолго дапдаяр болуп тур, мүмкүн ошондон ары «Артекке» жөнөп каларсың деп, калп жеринен болсо да көңүлүмдү көтөрүп, үйүнө кетти. Караңгыда айвандагы сөөрүдө апам экөөбүз көпкө мостоюп отурдук. Мен апамды аяп карасам, ал мага боору ачып, оор үшкүрүп, ичиндеги ызасын билдиргиси келбей, өзүнчө күбүрөнүп коёт. Бечара апам мени алыстагы «Артекке» барып, эл, жер көрүп, Москваны аралап ойноп-күлүп келсин деп, бардык күч аракетин жумшады, абаларымдын каршылыгын жеңип, келиндеринин нааразы болуп күңкүлдөшүнө кулак салбай, үйүнүн көркүн ачкан атактуу килемин кыйбай турса да базарга барып сатып, азаматтык кылбады беле? Чын эле, апамдын ошол алп эмгеги, ар-намысы үчүн болгон күрөшү, менин бир айдан бери уйку безип, асман менен жердин ортосунда кыялымда канат байлап, көкөлөп учуп жүргөн асыл тилегим таш-талкан болдубу?

Көп өтпөй жумуштарынан абамдар, жеңемдер кайтып келише баштады... Апам бүгүн бул кабарды булардын эч кимисине угузбайлы, мүмкүн балам эртеге ак жолу ачылып, кудайым өзү колдоп, алыс сапар тартып каларсың, – деп мага акыл айтып, кулагыма куйду. Ошон үчүн, келгендердин эч бирөөсү шек санабай, керели кечке чарчап, эстен танган немелер, аны муну сурап отурбай, эс алып, уктоого камынышты.

Кыжалаттык жүрөгүмдүн сары суусун алган ошол кайгылуу түнү төшөгүмдө ары оонап, бери оонап уктай албай жатканымда, эмне себептен апам бечара бул түнү суук кабарды азырынча үйдөгүлөрдөн жашырып жаткан себебин билгим келди: эгерде апам директор агайдын кабарын окуянын кызуу учурунда ортого салып, лап этип айтып койсо, агаларымдын, жеңелеримдин баары нааразы болушуп, ушул «Артек» дегендин айынан көзгө басар табарик килемден айрылдык, аны сатпай эле коёлу десем, өзүңүз болбой койдуңуз, мына эми «Артек» да жок, килем да жок апама да жеме айтыларын, эң аягында баарына өзүм күнөөлүү болорумду түшүндүм.

Эртеге Ошко барганымда мен шордуунун ак жолу ачылып, кимдир бирөөлөр мага ырайым кылып, ак эткенден так эткен «Артекке» жөнөп кетсем экен!–деп тагдырдан жалынып-жалбарып суранып жатып, уктап кеттим. Катуу уйкунун эркине алдырып жатып да: «О, кудай! Менин тилегимдин оңунан чыгышына жардам бере көр», – деген асыл сезим бүт денемди бийлеп жатты...

Эртеси ойгонсом, абаларым, жеңелерим күн чыкпай өз жумуштарына кетиптир. Апам менин жаңы кийимдеримди кийгизип, тойго барчудай жасап жаткан учурда Акмат агай да жетип келди. Ал менин жасанган кебетемди көрүп, боору ачыгандай башын чайкап, кейип сүйлөдү:

– Балаңызды кийинтем деп килемиңизди да саттыңыз эле.

– Балам, аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы,– деди апам ооруган жерин бирөө басып алгандай кейип-кепчип. – Мындай болорун билсемчи?

– Үмүтүңүздү үзбөй туруңуз... Бүгүн чоңдорго кирип, түшүндүрөм, суранам, – деди агай менин да, апамдын көңүлүн көтөрүп.

– Оозуңа май айланайын! – деди апам аябай кубанганын билдирип, – килемге дале күйүп жаткан жерим жок. Баламдын шагы сынып, эл алдында жер карап... Ошону ойлосом, жаным ачышат.

Апамдын мээримине ыраазы болуп, эреркереп, көзүмө чала-пучук жаш алдым окшойт. Апам көз жашымды көйнөгүнүн жең учу менен сүртүп:

– Ыйлаба, айланайын... Апаң барда жер каратпайм,– деп, өзүнө сыга кучактап, бооруна кысты.

Директор агай шаштырып, түн бою апам кокус жөнөп калсаң деп даярдаган түйүнчөгүмдү көтөрүп машина тосууга чыктык. Апам: «айланайын, айланайын», – деп, улам эки бетимден үргүлүп-кагылып жыттагылап, аягында өзү да чыдай албай, жашып кетти. Апамдын көз жашын көрүп, менин кыялыма чындап эле «Артекке» бараткан экенмин деген кубанычтуу балалык ой келип, көзүмө көп нерселер элестеп кеткендей болду...

Жолго чыгар замат машина чыгып, биз Ошту көздөй зымырадык... «Машинаны зарыгып күтпөдүк. Иш оңунан чыкты!»– деп ичимден кубанып, айланага көңүлдүү көз жиберип, шайдоот бара жатам. Бир сааттай мезгилде Ошко да жетип бардык. Жаңы шаардын көчөлөрү менен агай мени

ээрчитип отуруп, эскилиги жеткен бир катар имараттын алдына бир аз токтоду. Анан менин оң колумдан бекем кармап, ошол имаратка чечкиндүү кадам шилтеп кирди. Бир кирген бөлмөдө үч-төрт адам кезек күткөндөр отурдук. Бир сааттай жалдырап күттүк. Акыры биздин кезек келди. Төрдө көз айнекчен, өңү сүрдүү, отуз-отуз беш курактагы ак куба чырайлуу аял отуруптур. Биз кирсек, ал баш көтөрүп койгон жок. Алдындагы бир кагазды үңүлүп отуруптур, агай да мен качып кетчүдөй оң колумдан кармап, эшиктин жанында тике карап турду. Эки мүнөттөй мезгил өткөндөн кийин тигил аял башын эрингендей көтөрүп, бизди суз карап, анан отургула дегендей белги берди. Агай отургандан кийин сөзүн толкундап баштады.

– Эже, кечээ телефон чалган менмин. «Артекке» барбай калган бала мына. Ала келдим. Өзүңүз жардам бербесеңиз, иш кыйын... Эки айдан бери өпкөсү көөп, «Артекке» барам деп ээлигип жүрсө, мунун ордуна башка бирөөнү жиберип коюптур... Бул жеткен адилетсиздик, – деди агай эң аягында. Тигил аялдын жүзүнөн бизди колдоп, боор ачыган ырайымды байкаганым жок. Ал мелтиреген кебетесин бузбай жай укту да, анан эмне кылсам дегендей ары ойлонуп, бери ойлонуп туруп, аны бирөө кыстап жаткандай кара телефонун көтөрүп, бир аз оң кулагында тыңшап турду да, ал тараптан үн угулганда, кумсарып турган аял жаркылдаган түргө келип, элпилдеп жагынган үн менен тиги бизге белгисиз кишинин ден соолугун сурап, анан бир нерсеге куп ыраазы болгондой чалкалап шыңкылдап каткырып жатты... «Бул аял тиги чоң менен ушундай тентуш катары сүйлөйт экен, мунун сөзү өтөт окшойт» – деп, ичимден кубанып да калдым. Алардын алым-сабак азилдери бүткөндөн кийин, бул аял мен жөнүндө түшүндүрүп кирди. Тигил жак бирдемелерди айтып жатты, мен көзүмдү аялдан албай карап турдум. Аялдын өңү өзгөрүп, жүзүндөгү жайдары күлкү жоголо баштады: «Ошондой денизчи, түшүнүктүү, баары түшүнүктүү...» – деп башын ийкеп, өзүнүн макулдугун толук билдирип жатты... Анан трубканы ордуна коюп, агайга ачуулуу үн менен кайрылды.

– Өзүңүз баланы учурунда алып келбей, кайра күнөөнү башка артканыңыз кандай? Орун бош туруп, башка бирөөнү жиберип коюптур. Эч нерсе кылалбайм, – деп сөз бүттү дегендей бизди карады.

– Эжеке, анын баары калп... Бул бала дапдаяр болуп, кабарды гана күтүп, мен күн сайын райондон сурап турбадымбы? Адамды бекер жеринен күйгүзүшпөсүн! – деп кызуланып ордунан тура калды. Тиги аял калп күлдү да:

– Отурунуз, – деп буйрук берип сүйлөдү. Агай шашып: «Кечиресиз», – деп ордуна отурду.

– Жолдош директор начар сурагансыз. Иш өткөндөн кийин айыпты башка бирөөлөргө жүктөп,– деди тиги аял колундагы саатын улам карап.

– Эжеке калыстык жок экен,– деди директор агай тартынбай. – Ушул бечара колхозчунун баласынын энеси, отуз жылдан бери сактаган сеп килемин сатып, уулуна кийим алып, балам «Артекке» барат деп элге жарыя кылып жүрсө,– деп агай да толкундап сөзүнүн аягын таппай калды... Тиги аял да ордунан тура калып:

– Килем дейсиңби? Килем жөнүндө сөз кылгандай, бул жер Ош базары эмес... Сөзүңүздү ойлоп сүйлөңүз, – деди столду ручкасы менен тыкылдатып.

Мен тиги аялдын өкүм түрүн көргөндө өзүмдү кармана албай, ичиме толгон ызама чыдабай, көз жашымды сүртүп, ыйлаган бойдон сыртка жүгүрдүм. Шаарды аралап, эч кимди карабай жүгүрүп баратам, ыйлап баратам. Сыягы агай алыстан артымдан кубалап жаткандай көрүндү:

– Токто! Токто! – деген коркkон үнүн кулагым чалганын билем. Менин токтоюн деген оюм жок. Ошол мезгилде токтото турган алп күч да жоктой сезилди. Заманам тарып, бул дүйнө капкараңгы болгондой башым ооган жакка жүгүрүп бараттым... Көчөдөгүлөрдүн баары менин артымдан карашып: «Бул бир нерсе уурдаган бала го»,– деп ойлоду окшойт. Бир убакта чоң кара бакты аралап жүгүрүп бараттым, андан кесе өтүп, күрпүлдөп чамынып аккан чоң дарыяга туш келдим да, боюмду уруп жибере албай, аргасыздан туруп калдым.

Ак-Буура жаныбардын ташкыны кирип, төөдөй таштарды тебелей агызып, кирип турган учуру экен... Анын боюнда көк чөптүү тулаңга көмкөрөмдөн жатып, көз жашым менен көкүрөктөгү ызамды төктүм. Артымдан агай күйүгүп, тердеп-кургап келип, менин ыйлап жатканымды көрүп, жаныма отура кетти. Мен дагы башымды көтөргөнүм жок. Агай да унчуккан жок, көңүлүмдү көтөрүп, акыл-насаат да айткан жок. Башымда чылымын тартып, көк түтүндү булатып, бул турмуштун татаалдыгын ойлоп отурду бейм.

Мени сооротпогон себеби: ичиндеги муң-зарын ый менен сыртка чыгарып, бөксөртүп алсын деп ойлосо керек... Мен эми элдин бетин кантип караймын, уялбай жер үстүндө басып жүрөм... «Килемин саттырып, «Артекке» барып келген бала»,– дешип теңтуштарым кадам сайын какшыкташса, эмне деп жооп берем? Жообум жок, эки бетим тултук болот.

Ак-Бууранын боюнда эки саатча ыйлап жаттым. Агай да унчукпай чылым тартып отура берди... Күн түш ооп, шаар, бактын арасы салкын тарта баштады. Ичимден агайга өзгөчө ыраазы болдум... Бечара агай мен үчүн убара болуп, көрүнгөндөн жеме укту, жаман көрүндү, убактысын кетирип, менин артымдан салпактап ээрчип жүрөт.

Агай менин ызам тараганда гана чачымдан сылап:

– Тур бала, эски шаарга барып ширин коон жейли,– деп мээримдүү сүйлөдү. Мен каяша кылбай, ордумдан турдум.

Агай керели кечке ээрчитип жүрүп Ош шаарын көрсөттү, атактуу коон базарына алып барды, тандап чертип, чоң коон алды. Бирок мен коондун даамын сезгеним жок. Жутканым тамагымда токтоп: «Кайсы бетим менен эми үйгө барам?» – деп ойлосом, жаным ачышат. Агай да менин абалымды түшүнгөндөй, күлүмсүрөп мындай акыл айтты:

– Бала, башың жаш... «Артекке» барбай калуу – бул турмуштун башталышы... Алдында дагы канча «Артектер» турат, анын баарын көрөрсүң, эсен болсоң, – деди табышмактуу сүйлөп...

Ошентип бала кезде дагы бир эңсеген тилегим аткарылбай, көкүрөктө муң, жүрөктө так калтырды. Ким билет, эңсеген тилектердин баары ордунан чыгып, аткарыла берсе, турмуш кызыксыз болуп, пенденин өмүрү көңүлсүз болчудай, тескерисинче, аткарылбай калган тилектер адамды кайра чыйралтып, инсандык мүнөзүн курчутуп, алды жакка умтултуп, адилеттик, калыстык үчүн күрөшүүгө бел байлатып, шык берет экен...

1980–1985

ТҮШТҮК КЫЗЫ

(Повесть)

I

Үйдө эч ким жокто, кечтелеп сайма сайганды, кыңылдап ырдап, кыялданганды мен жакшы көрөм. Бул менин көнгөн, үйрөнгөн адатым. «Ар кимде ар кыял, ал кыялды ким тыяр» дептир. Мен обу жок ыржактап күлбөйм, ырсактап бирөөгө тийишпейм, ушак айтканды зээнимде жактырбайм. Көчөдө болсун, мектепте болсун, боюмду көпчүлүктөн оолак кармап, жалгыз жүрөм.

Менин зымпыйып, өзүмдү оор басырыктуу алып жүргөнүмдү баары макташат. Апамды ээрчип, аш-тойго барып калсам, сынымды бузбай, сыңар тизелеп отурам, кеп сураса шашпай жооп берем. Отургандардын эки көзү менде экенин билип турам. Ансайын жер карап созулам. Улгайган аялдар адептүүлүгүмө ыраазы болушуп, мандайымдан чоп эттирип өөп: «Өмүрүң узун болсун айланайын, биздей карып-ары» дешип, ак баталарын аяшпайт... Кээ бир энелер кыздарын урушканда: «Өзүң тендүү Гүлайымдан үлгү албайсыңбы? Чоң кишидей акылдуу. Эл көзүнчө созулуп, керели кечке бир сүйлөп койбойт. Кандай жандын кыздары ошондой болот экен?» деп, арман кылышканын да укканмын...

Албетте, энемдей кишилердин мактоолору мага майдай жагат, көңүлүмдү эргитет. Мындан ары да өз баркымды эл көзүнө түшүрбөскө тырышып, ансайын жибектей созулам, улуу кишилердин алдынан кыя басып өтпөйм. Ошон үчүн мени жакшы кыз дешет...

Ботом мактана баштаган турбайымбы?.. Уят... Уят. Бетим кызарып баратат. Бирөө ушул оюмду угуп калса, өлбөдүмбү?..

Ким укмак эле, үйдө жалгызмын. Атам, апам, үкам – үчөө тең жарышып, Ош базарына кетишкен. Синдим экөөбүз калганбыз. Апам айткандай чоң дарбазаны ичинен

кулпулап, эртеңден бери эки мээрап жүктү аптапка жайып, кайра керилтип жыйдым. Колум талып эле калды.

Эми кол бошоп, сайма сайып отурам. Үйүбүздүн үстү тарабындагы асфальт жолдон машиналар өйдө-төмөн кумурскадай каттап турат. Бул дүйнөдө ар түрдүү адамдар бар окшойт. Кээ бирөөлөр машинанын үстүндө кол булгалап өтөт, кээ бирөөлөр үнүнүн бардыгынча дарылдап ырдайт, кээ бирөөлөр ажырашып кала тургансышып, бекем кучакташып алышат... Уялбайбы? Андан көрө тынч отуруп, айланага көз жиберип, суктанышпайбы, кыялданышпайбы? Аттиңай, мен машинага түшүп, алыс-алыс сапар тартсам, кандай кыялданар элем... Кыялым машина менен тең жарышмак... Созулуп, сүйлөбөйт деп мактаган энелер менин ичимдеги уйгу-туйгу ойлорумду, жүрөгүмдү мыкчып эзген сырларымды билип коюппу?..

Мен күн өткөн сайын өзүбүздүн коргонубузду негедир жек көрүп баратам. Туюк аскадай айланаңды курчаган коргондо өзүң жалгыз отура берсең, ичиң бышып зеригесиң, бук болосуң... Көңүл түшкүр элирет, кайдадыр талпынат, жүрөгүм тынбай согот...

Бул коргонду мындан элүү жылча мурда чоң атам курдурган экен... Жаңы кезинде өтө бийик болчу деп, атам айтып калат. Бурганактап көз ачырбай, алай-дүлөй карлар жаап, аптасына созулган жамгыр куюп, жыл өткөн сайын чоң атамдын коргонунун такпайы бошоп, топурагы эзилип, урай баштайт. Айрыкча, өзүнүн көзү өткөндөн кийин бул коргон кароосуз калат...

Кечээ жакында, мен эс тартып калганда, коргонубуздун батыш тарабы аңырайып бузук эле... Элдин бош жүргөн малы кирип, тынчыбызды алганда, атам өзү шымаланып гүвалак коюп, эптеп бүтөп койгон.

Кийинки үч-төрт жылда биздин айылдагылар бири-бирине атаандашып, үй-коргон салышып, алардын жанында, биздики жепирейип, аябай ырайы суук көрүнүп калды.

Атам да арданып, коргонумду ондойм деп ар кимден акыл сурады. Кээ бирөөлөр ушул тамтыгы кеткен коргонунду бузуп, (антпесең баары бир эски такпайы эзилип кетет) жаңы конушка өт дешти. «Ата конушумду чалдыбарга айлантпайм, ушул жаман коргондо өсүп-өндүм»,– деп макул болбой, эски коргонубуздун тамтыгы кеткен үстүнкү паксаларын көчүрүп, анын ордуна жаңыдан беш пакса улап

урдурган... Коргонубуз тогуз паксага жетип, шанкайып калды.

Үйүбүздүн жанынан эртели-кеч өткөн жолоочу карылар: «Бали, куп коргон экен да! Кимдики болду экен? Мындай бийик коргон бу арада жок... Ким курса да, атасына ыракмат» – деп, тамшанып өтүшкөндө, атам ого бетер дарайып калат.

Коргонубуздун ичи кенен, беш-алты сотых келет. Мурдалары апам бул аянтка кара тамеки экчи эле, былтыртан бери сорт алмалар мөмөлөп, шактарынын көлөкөсү далдайып жайылган сайын, тамеки бышпай калды.

Буга апам капа, мен ыраазы. Анткени кара тамекинин бүткүл түйшүгү менин мойнумда: экчүмүн, кайталап чабыктан чыгарчумун, апта сайын желкем үзүлүп отоп турчумун, күзүндө тамекини каптап алып, апам, Ош, Анжиян карай жөнөчү...

Алмалар жетилгенден бери бул машакаттан кутулдум да калдым. Эң таң каларлык нерсе, кыпкызыл алмалар шагында эзилип бышып турса, үзүп жегиң келбейт...

Ботом кыялым дагы алыстап кеткен турбайбы?

Ошентип, он жетиге жык толуп, алыскы сапарга уча турган куштай канатымды дирилдете каккылап, эми кайжерге барып конор экенмин деп, жүрөгүм туйлап, ушул коргондо сыланып-таранып турган кезим...

Кыз жүрөгү сезгич келет.

Кийинки айларда ата-энемдин базарларга көп-көп каттап жаткандыгы да кокус эмес...

Өткөн базарда апамдар көтөрүп келген куржунду кызыгып аңтарып жибердим, эркектин бир жуп өтүгү бултаң этип чыга калды.

– Ата, өзүңүзгө алдыңызбы? – десем:

– Жок, кызым,– деди да, атам заматта кызарып кетти.

– Жакшы өтүк экен... Хром турбайбы? Анан кимге алдыңар? – деп, кычагандай такып сурапмын. Менин такшымдын да жөнү бар, биздин үйдө мындай чон өтүк кие турган атамдан башка киши жок. Атам мостоюп айласы түгөнгөн кишидей унчукпай жер карады. Карасам, жайык мандайы тердей түшүптүр...

– Мынча такып калдың? Кереги бар. – Суктанып кармалап турган өтүктү апам колумдан жулуп алды да, жаман көзү менен акырайып карап койду.

Түшүндүм!.. Ошондо түшүндүм, ошондо аалам караңгылап, үйүбүз кыйшайып, оодарылып бараткансыды, тула боюма муздак тер жармашты. Кире качууга жай таппай шашып калдым. Атам да эшикке жылып чыга берди. Апам кулак-мээмди койбой жемелеп кирди. Жемелебей турган апам беле, баарынан да атамдын алдында өлбөгөн төрт шыйрагым калбадыбы?

Ушу менде паам жок. Атам дудук болуп, кызарганда эле эмне сезбедим экен?.. «Жакшы өтүк экен?» – деп, суктанып карап калганымды кантейин?.. Ошондон бери атама тик багып карай албай качып жүрөм.

Баарынан да ошол табышмактуу өтүк менин тынчымды алды. Каякка бассам, ал менин артыман калбай ээрчип жүргөнсүйт. Ошол өтүктүн тык-тык этип баскан үнү угулгансыйт, карай салсам жок, анан дагы баягы тык-тык...

Баса, атамдар бул өтүктү кимге атап алышты экен? Деги атаган ээси бар бекен, же азырынча аты-жөнү белгисиз бир кишиники болду бекен? Ушулардын бардыгын билгим келет, бирок аны мага ким айтат?..

Бул өтүктү кимге алдыңар деп апамдан кайталап сурашка оозум барбайт, уялам... Бирок, ичим уйгу-туйгу болуп билгим келет.

Кыярланып, күн бешим болду. Апамдар базардан тезирээк келсе экен?.. Зеригем... Ордумдан турсам, бүткөн боюм талыкшып калыптыр. Эстеп, керилии-чоюлдум... Эмне кылсам? Китеп окусамбы? Көңүлүм чаппайт. Жол карап, тамдын башына чыктым, те сарайдын жанында келиндер кылакташып, тамеки эгип жүрүшөт. Азыр эмгек кызыган кез...

Кызыл-Кыя тараптан бир машина зымырап учуп келатат, үстү толо кишилер, арасында жылаңбаш аялдар да бар окшойт. Кимдир бирөө ырдап жиберди. Үйүбүздүн тушуна келгенде, жанагы неме мага карай кол булгалады да:

Үйүңүздүн үстүнөн,
Ырдап өтөм, Гүлайым.
Кимдин жары болосуз,
Сурап өтөм, Гүлайым,– деп кошуп жиберсе болобу? – ырдай бер! – деп, калган- дары чуулдашты. Заңкылдап эле жаагын жанып, атымды билгендей ырдап баратат.

Андан аркысын тыңшабадым. Кайсы балакет басып тамдын башына чыга калдым эле. Мына ушул ыр бардык элге жайылат, ак жерден жаманатты болом. Эмне үчүн чыктың,

кимге бой көрсөтөйүн дедиң эле деп, апам жанымды сууруп алат эми. Кайдан көзгө көрүнүп, бойго жеттим экен? Эселек бойдон, куурчак ойноп жүрсөм, мындай түйшүк түшүмө кирмек эмес.

Эмесе, биз тараптын кызга болгон адаты ушундай...

II

...Эриксизден көп нерселер эске түшөт.

Мен туулган жерде кыздар менен балдар айлуу түндөрү аралашып ойношуп, көңүл ачып ырдашпайт, же ээн-эркин эки-экиден колтукташып, киного барышпайт... Ал түрмак, кыз менен жигиттин күндүзү эле азилдешип турганын, көчөдө бирге сүйлөшүп келатканын бирөө-жарым көрүп калса: «Паланча акенин кызы чак түштө тиги менен тартынбай алым-сабак айтышып турганын өзүм көрдүм! Ой тоба! Бул кыздын бети курусун, кимге тийсе да жарытпайт! Адамдан такыр ийменип койбойт» деген ушак сасык туман-дай айылды аралайт. Мындай ушактын аягы жеңил болот эмеспи! Тез эле бул кеп кыздын ата-энесине, урук-туугандарына угулат.

Бойго жеткен кызынын «элден» суурулуп чыгып, уятсыйыттан ажыраганына ариеттенген эне: «Сенин түшүңдө биз баш көтөрүп басып жүрө алабызбы, же чүмкөнүп үйдөн чыкпай калалыбы?» – деп, «адепсиз» кызынын жумшак сандарынан аткып-аткып алганда, айыпсыз көз жаштар мончоктоп жерге тамат!

Кайран жазыксыз көз жаштар кайда тамбады, кайда калбады.

Чучукту какшаткан чымчуурдан кийин жаштыкка мас сулуу кыз да этияттанып, ашык жарды көргөндө, дагы бирөө байкап калбагай эле деп, кооптонуп, өзүн оолак кармайт.

Бирок, сасык айың канчалык тарабасын, каардуу апа канчалык казапка албасын, жаштыктын жалындуу илеби, ашыктыктын ысык оту жүрөктө өчмөк беле?..

Кыз бала сезгич келет, турмуштун аркы-беркисин тез баамдайт деп, карылар туура айтышат. Эгерде эркек балдар да биздин шартыбызда чоңоюшса, мага ишенип коюңуздар, алар да бул жагынан калышмак эмес. Кантесиң алардын эркек деген касиеттүү аты бар турбайбы! Ата-энелерибиз: «Эркектен эшек үркөбү?» – деп коюшат.

Бул эмне деген кеп?

Мейли, эркектер кандай жаман жорук кылбасын, аларга кечиримдүү, анткени – эркек! Ал эми, аялдар, силер аларга теңелбегиле – деген үгүт.

Эсимде. Анда мен тогуз жаштамын. Оюн дегенде бетимен түшө калган жан элем... Бир жолу, кечке жуук коңшуларыбыздын өзүм теңдүү балдары менен жашынмак ойноп, күндүн кантип батканын да сезбей калыпмын... Эч ким таба албасын деп, чуңкур арыктын ичинде Шарип деген бала экөөбүз демибизди чыгарбай бекинип жатканбыз...

– Гүлайым! – деген апамын үнү үйүбүз жактан угулду. Шарип унчукпа дегендей баш ийкеди. Мен макул болдум. Анткени, мындан мурда биз да, аларды таба албай, аябай убараланганбыз. Алардан өчүбүздү алалы деп оңойлук менен таба албас жерде жатканбыз. Кычагандай, апамдын издеп калганын карачы! Апам Гүлайымды көрдүңөрбү деп, сурап калды эле, тиги орсойгон Кадыр озунуп:

– Карамат эже, биз дагы издеп жүрөбүз! Шарип экөө бирге бекинген эле, жарым сааттан бери таппайбыз. Карабаган жерибиз калбады. Экөө кайда жоголуп кетишкен? – деп, каратып туруп жамандады.

Мен Кадырды аябай жаман көрөм. Анткени, ал дайым бейжай сөздөр менен кыздарды тилдейт, көз көрүнө калп айтат. Оюн башталарда, ал экөөбүз бир жак бололу дегенде, мен «Итим да сени менен бекинбейт» деп, өлгүдей уят кылганмын. Ошого өчөшүп, апама сүйүнчүлөп жатпайбы? Тура калып, эмне калп айтасың дегим келди эле, Шарип: «Унчукпа, убараланып издешсин, анын жазасын өзүм берем»,– деп шыбырады.

– О-о Гүлайым, бери чык! – Апамдын каардуу добушунун жаңырыгы те алыстан кайталанды. Ырас, апамдан коркуп турсам да, Шарипке билдирбеске аракеттенип, тымпыям. Шарип экөөбүз коон уурдап жашырынган балдардай, бири-бирибизге жалдырап карайбыз. Дүрсүлдөп соккон жүрөгүбүздүн дабыштары даана угулат! Өзүбүздү ушунчалык машакатка салып, бизге не зарылчылык келди экен! Балалык да.

– Карамат эже, ушу тарапка бекингенин көзүмдүн кыйыгы менен көргөнмүн! – деген Кадырдын божураган үнү угулат, улам ал бизге жакындап келатат. Биз кыбыр этпей, жер кучактап, унчукпайбыз... Алар жакындап келатышат, анакей, апамдын ак жоолугу, ачуулуу иреңи көрүндү. Айлабыз түгөнгөндө, өзүбүз озунуп:

– Биз мындабыз! – деп, Шарип экөөбүз тең жарыша турдук...

– Жашасын, таптык! – деп, Кадыр жер тепкиледи. Апам бир кадам алдыга басып, Шарипти жаман көзү менен акырая карап, анан мага:

– Жатакалгыр, беймаалда мында эмне жатасың? Кыйкырып жатып үнүм бүттү, эмне унчукпайсың а?

Эмне деп айтмак элем, айып өзүмдө, башты төмөн салып унчукпай гана туруу керек.

– Эмне тултуясың? – деп, апам кайталап сураганда, Шарип:

– Айыптуу мен, унчукпа дегем, мени урунуз... – Апам ага атырылды.

– Эй бала, долулугунду энеңе кыл. Кандай бейбаш өскөн баласын, ары тур, – деп, апам бир салды. Буга Кадыр табалап, четте карап турат. Канчалык сураса да, унчукпасымды апам түшүндү окшойт, колун шилтеп: – жүр, – деди.

Зырылдап коркуп ээрчип барам. Коргонго кирдик. Апам чоң дарбазаны жаап, мага айбаттанып басканда:

– Апажан, урба! – жалынып-жалбарып мойнуна асылдым. Бирок, бекер эле коркупмун. Апам урмак тургай, алдына отургузуп:

– Айтчы кызым, ким менен ойноп жатасың? – деп кадимкисиндей мээримдүү сурады.

– Балдар менен,– дедим оюмда кыпындай кирим жок.

– А сен кимсиң? – деди апам күтүлбөгөн жерден... Мен таң калып, апама аңырайып карадым. Ой, тобоо, апам эмне деп жатат? Бул чын кебиби, же тамашасыбы? Менин ким экендигими апам кантип билбесин? Жок, апам мени эркелетип жатат.

– Гүкүшмүн, – дедим да, заматта апамын негизги оюн түшүнгөндөй: – Сиздин кызыңызмын,– апамын мойнуна асылдым. Таң каларлык нерсе, апамдын каардуу түрү өзгөргөн жок... Оор дем алып, бети кумсарып, сурданып карайт.

– Гүкүш экениңди, менин кызым экениңди баары билишет... – Анан апам оор үшкүрүп, каргылданган үнүн пастатып: – Сен жаман кыз экениңди билесиңби? Беш-алты жылдан кийин бирөөнүн бүлөөсү болосуң, билесиңби? Качанга чейин атаңдын үйүндө...

Апам дагы бир нерселерди айтууга камынды эле, колум менен оозун баса калдым:

– Апажан, антпе, мен эч качан бул үйдөн кетпейм,– деп, тыбырчылап ыйладым... Анан кантип ыйлабайсың! Ата-энеңдин жылуу үйүнөн чоочун бирөөгө кантип, сагалап бүлө болосун? Жок, менин баргым келбейт. Негедир, өксүп-өксүп ыйладым... Апам ушунчалык таш боор беле? Же менден кутула албай жүргөн окшойт. Анда мени төрөбөй эле койбойбу? Ой, апажан, эч болбосо, саамай чачыман сылап, кадимкидей энелик мээриминди төгүп, мынчалык Гүкүшүңдүн көңүлүн оорутпай: «Кызым калп айтам, эркелеттим, эч жакка кетпейсиң, өмүр бою ушул чоң коргондо жашайсың» – деп койбойбу?

Апам антпейт, оор дем алат да, таштан бетер мисиреет, унчукпайт.

Жок, мен жаңылыпмын... Мынаке, апам мени бооруна бекем кысты, мандайымдан жыттады. Азыр, азыр эркелетет, сороток, ошентип кучакташабыз... Таарынчым жазылат. Эртеге дагы экиге бөлүнүп, бекинмечек ойнойбуз. Карап тур, Шарип экөөбүз дагы эч ким таппас жерге бекинип, аябай убара кылалы. Карап тур, шүмшүк Кадырды ойнубузга кошпой, ичин күйгүзөлү.

Тигине тоо кырынан кыялап ай да чыгып калыптыр. Миң-миң жылдыздар бизди карап жымыңдашат... Ушундай айлуу түндө бекинмечек ойногон кандай жакшы! Кап, кызуу ойнубузду апам бузду да.

Бирок, апам неге унчукпайт, неге эркелетпейт.

– Айланайын Гүкүш, эстүү бол... Атасынын төрүндө карыган кыз болбойт. Илгертен бери кыз баланын насип- тагдыры ушундай. Апаң да бирөөнүн арзылап өстүргөн сага окшош кызы болгон. Ошондо апаң он алтыдагы секелек кыз эле... Атаң колхоздо бригат эле... Үй-тиричиликти зымылдай кармап оокат кылдым. Кайын эненин да заардуу сөзүн уктум, көрө албаган абысындардын да ушагын уктум, баарына чыдадым, акыры жеңдим. Отурган, үндөбөгөн орун табат, кызым. Атаң урушка кеткенде сен алты айлык боюмда калдың. Ошондо эч кимге зарыкпай, жүгүмдү артпай, аял башым менен оокат кылдым... Ырысыбыз бар экен, атаң эсен кайтып келди. Үй ичинин тозбогонун көрүп, атаң апаңа аябай ыраазы болгон. Апаң ушинтип эл оозуна кирип, Карамат атка конгон. Кызым, сен дагы бармактайыңдан зымдай бол. Обу жок арсаңдап күлбө, эркек балдар менен жарышып жүгүрбө. Кыз балага ээрчиген ушак-айың кеп болот. Катуу басса таскак дейт, акырын басса аксак дейт. Көп сүйлөсө

тантык дейт, унчукпаса тултук дейт. Уктуңбу, кыз баланын тагдыры ушундай. Мен Гүкүшүм жакшы болсо дейм, өз теңинен озуп, абийирдүү атка консо дейм... Мындан ары балдар менен ойногонунду көрбөйүн, уят... Калмурзанын чоң эле кызы караңгыда балдар менен алышып ойноп жүрөт деп, эл кеп кылса, апаңа сөз тиет. «Энесин көрүп, кызын ал»,– деген макал бар, уктуңбу, кызым.

– Уктум. Күндүзү ойносом болобу?

– Күндүзү да ойнобо!

– Жаныбызда өзүм тендүү кыздар жок, анан ким менен ойнойм.

– Эч ким менен ойнобо. Мектепте ойногонуң жетет. Тогузга чыктың, көп эрке талтаң болбо. Илгери он жашында кыздарды күйөөгө берген. А сен... Андан көрө окуудан келгенден кийин кечте сайганды үйрөн. Болуптурбу?

– Болуптур,– дегемин аргасыздан...

Балапан жүрөгүм тызылдап, туз баскандай ачышты. Дүйнөдөгү эң бир кымбат нерсемден айрылгансыдым... Эмне үчүн мен кыз болуп жаралдым экен? Эмне үчүн кыз бирөөнүн үйүнө бүлө болуп барат? Барбай койсо эмне болот? Кыз эмес, күйөөсү (оозум араң барды) кыздын атасынын үйүнө келсе эмне болот? Деги ата-энеңин үйүнөн айрылып жүргүчө, күйөөгө тийбей койсо болбойбу?

Жок, мени канчалык кыстаса да, күйөөгө тийбейм. Чачым агарып, карыганча ата-энемдин төрүнөн бир карыш эч жакка жылбайм – деп, муштумумду бекем түйүп, өзүмө өзүм ант бергенмин...

Моюнга алам, ырас, аным балалык экен! Турмуш түшкүр өзү эле мажбур кылат окшойт. Кыз бойго жеткен сайын, ата-энесинен өзүн артык баш сезе баштайт экен... Эмне үчүн мындай?

Тогуз, он жаш – көчө чаңдатып ойноп гана жүрө турган чагың, а бирок, көрдүңүздөр го, менин ошол курагымда кандай коркунучтуу ойлор балапан жүрөгүмдү өйкөгөн, тынч уйкумду алган?

Бул оңой бекен? Эне сүтүң оозуңан кете элек, ээн үйдө жалгыз отуруудан элеңдеп корккон кезиң, а бирок, эмне деген түйшүктөр кыз баланын башына түшөт.

Ошентип, мен тогуз жашымда балалык учурумдун эң кызыктуу ойюнунан ажыраганмын... Ырас, кийинчерээк да, кызыгып кетип, апама көрсөтпөй аралаша түшүп, ойноп жүрдүм. Апамдын эки көзү менде, көрбөй калмак беле? Бир

жолу аябай май токоч берип «сыйлагандан» кийин, такыр даай албай калдым. Балдардын ойноп жүргөнүн көргөндө эски адатым кармап, жүрөгүм талпынчу, а бирок. Калп айткан менен болобу, баары көнүштөн экен... Кечте сайганды апамдан үйрөнүп алгандан кийин, такыр ойногум келбей калды... Мектептен келсем, үй жыйыштырам, бош учурумда кечте саям. Азыр, өз колум менен жасаган буюмдарым бир сандык... Кол машинаны зырылдатып тигем... Айлыбыздын чеберимин. Ал турмак, жаңы формадагы кийимдерди да нускасын келтирип тиге баштадым!

Ботом, дагы мактанып кеткеп турбаймынбы? Олдо, менин мактанчаак жаным ай!

III

Удаалаштар аябай өч болушат дешет. Туратбек экөөбүз удаалаш да эмеспиз. Ал алты жаш кичүү. Бир жаман жери экөөбүз ит менен мышыктай аймаакыбыз. Дайыма чыр-чатакты Туратбек ээленип баштайт да, аягында балээсине мен калам... Анын, мени көзүнө илбей чакчаңдап жүрүшүндө да себеп бар.

Биз бир уядан үчөөбүз: эң улуусу мен, анан Шарапаткан, эң кенжебиз Туратбек.

Апамдын удаасынан эки кыз көз жарганына атам аябай осолдоп жүргөн имиш. Ал кызымтал болгондо: «Карамат качан уул баланын үнүн угам?» – деп апама айып коюп жүрүптүр.

Боорунду тырмап күлө турган нерсе, акыл-эстүү, чопочоң кишилер да ушинтип таарынышат экен!

Биринчиден, таарынгыдай кыз бала эмес бекен? Ошол чиренген атамды тогуз ай бели майышып көтөрүп, азаптуу толгоосун тарткан, бармактайынан алпештеп өстүрүп, эр жеткирген ким болду экен? Айта турган киши жок да.

Экинчиден, апамды айыптап нааразы болууга атамдын кандай акысы бар? Аялдар төрөй турган баласынын зубаласын камырдай жууруп алышса, анда кеп башка.

Акыры атамдын эңсеген тилеги орундалып, мандайы жарылып сүйүнгөн күнү да келди.

Апам уул төрөдү!

Ошондо мен жетиде элем. Апамдын толгоосу башталганда, атам мени тонуна бекем катып, мулуңдап сүйүнүп, коргондун ичинде ары-бери басып жүрдү.

– Кызым, – деди атам жадырап-жайнап кубанып. – Апаң уул төрөсө, айылдын аягына чейин сүйүнчүлө.

– Сүйүнчүлөйм ата, – дедим да капыстан:

– Ата, апам кыз төрөсөчү? – Атамдын кашы үйрүлүп, кабагы бүркөлө түштү:

– Жап оозуңду, апаң уул төрөйт.

Менин шагым сынып, мостоюп унчукпай калдым. Атамдын мынчалык жаны ачышып, мени какканына таң калдым. Мен да апамдын уул көз жарышын каалап турбайымбы?

– Гүкүш, – деди атам акыл айткандай. – Апаң кыз төрөсө, бүт айылды сүйүнчүлөбө.

– Эмне үчүн?

– Кыз төрөлгөндө бүт айылды салтыбызда сүйүнчүлөбөйт, – деди түшүндүрүүгө аракеттенип. Бирок, мага таптакыр түшүнүксүз.

– Эмне үчүн?

– Уят болот.

– Эмне үчүн уят? – деп, мен да кычагандай сураймын... Атам эмне дээрин билбей, унчукпай кутулду.

Жаңы бөбөк оңой-олтоң төрөлбөй, апам бечара ач кыйкырык салып: «Өлдүм, өлдүм. О, Калмурза, ыраазылыгыңды бер!» – деп чакырат. Атам эшиктен аттап: «Ыраазымын байбиче!» – деп ыйламсырап жалооруса апам ансайын үйдү башына кийип: «Көзүмө көрүнбөй жогол ары!» – деп, айбатанып чаңырат. Атам башына бирөө союл менен чапкандай артка чегинет, апам көп өтпөй дагы ыраазылык сурап чакырат, атам адатынча эшиктен мойнун созуп: «Ыраазымын!» – дейт да, кетенчиктейт.

Айласы түгөнгөндө атам айбаныбыздагы сериге отуруп, мандайынан самсаалап аккан терин ааарчып: «Катындын тилин алган мен акмак!» –деп башын мыкчып өкүнөт.

Атам бекер өкүнгөн жери жок.

Ай-күнүнө жеткенде, доктурдан төрө деп, атам бир нече жолу кайталап сураса да, апам көгөрүп болбой койгон. Анткени, апам бизди эч кимдин жардамысыз, кыйналбай-кысталбай өзү төрөп, өзү буту-колун жыйнап, чулгап алган экен... Ал турмак, Шарапаткандын төрөлгөнүн үйдө уктап жаткан атам туйбай калган имиш...

Түш оогон кезде үйдөн жаңы бөбөктүн бакырып ыйлаганы угулганда, атам мени таштап:

– О, үнүңдөн айланайын! – деп, ичкери карай жүткүндү.

– Уул экен, уул экен! Сүйүнчү! Сүйүнчү! – деген аялдардын үйдү көтөргөн чурулдаган үндөрү угулду. Мен дагы энтигип жетип барсам, бардыгы жаңы бөбөктүн үстүнө жабыла түшүп, үймөлөктөп калышыптыр.

– Ыраазымын, байбиче, ыраазымын. Эми эч арманым жок. Тилегеним ушул болчу – деп, атам дубалга сүйөнүп, өктөм отурган апамдан жалооруп көзүн албайт.

– Канаке, көрманаң? – деп аялдардын бирөө атамдан көрүндүк доолаганда, ал тырышып турбай, ич чөнтөгүнөн бир тутам акча сууруп чыгып, чачып жиберди. Аялдар биринин үстүнө бири түшүп, опурап-топурап терип жүрүшөт. Кээ бирлери талаша кетишип айрып да алышты.

– Ой, туугандар, араң тапкан уулумдан алыс болгула, – деп, атам жаңы гана төрөлгөн бөбөктүн үстүндө күйпөлөктөйт.

Эшиктин каалгасын сүйөнүп, тигилерге таңдана карап турган мени атам көрө коюп:

– Гүкүш, эмне карап турасын! Сүйүнчүлөп айылдын аягына жетип калды го десе, сен алиге астанада сагалап турасыңбы! Жүгүр кызым! – атам буйрук бергенде, мен да тызылдап чуркап жөнөдүм.

– Бир үй калтырбай баарын тегиз сүйүнчүлө! Апам уул төрөдү де! Эч ким укпай калбасын! – Ушинтип артымдан атам заңкылдап кыйкырып калды.

Бутум жерге тиет, же тийбейт. Ар бир үйгө кирем да, күйүгүп дем ала албай: «Сүйүнчү, апам уул төрөдү!» – дейм. Кимиси болбосун жаркылдап сүйүнүп: «Оозуңа май, айланайын! Атаң бечара уулум жок деп, зарланып жүрдү эле, жакшы болгон турбайбы!» – деп, көңүлүнөн чыккан нерсенин колума карматышат. Кайсыл үйгө кирбейин, баары макулдашып алышкансып: «Атаң бечара!» – деп сөз башташат... Мен анысына да көңүл бурбайм... Айылдын аягына жетем, эми эмне кылам деп, арсар турсам, бир аксакал чал эшек минип жогортон келатыптыр. Кебетеси бейтааныш... Жаныман өтө бергенде:

– Чоң ата! – дедим.

– А кызым! – деп, карап калды.

– Сүйүнчү бериң! Апам уул төрөдү,– дедим кылчактап тартынбай...

– Куп жакшы болгон экен... Берейин, берейин, – деп, чөнтөгүн аңтарып, беш сомду сунду да: – Кимдин кызысың – деди.

– Калмурзанын...
– Тааныбайт экенмин... Ата-энеңе айтып кой, уул болгону жакшы болуптур, айтарым эле, акыл-эси менен болсун – деп, эшегин кыдындатып өз жолу менен кете берди... Бала болбосом чоочун кишиден эмне үчүн сүйүнчү сурадым экен? Ушуну ойлогон сайын бетим кызарат...

Ошондо апам төрөгөндө тырмактай бөбөк чоңойгондо мага сөөк какшаткан сөздөрдү айтарын билсем, антип жан алым калбай өрөпкүп сүйүнчүлөбөй калайын... Анын азыр кыдай бейжай болорун ким билиптир! Ой, Туратбектин обу жок эркелигин ойлосом, жаным кашаят.

Ырас, ал үчүн да Туратбек өзү айыптуу эмес...

IV

Атам айткан убадасында бекем туруп, айлыбызды бүт чакырып жаңы бөбөккө той өткөрдү... Арзымат деген бардык тиши күбүлүп түшкөн чалга тон жаап, ак батасын алып, бөбөктүн оозуна май салып, Туратбек деген ат койдурду...

Ошол күндөн Туратбек биздин үйдөгү эң ыйык, эң касиеттүү атка айланды...

Үйдөгү иш эрмегибиз, сүйлөгөнүбүз, убара болгонубуз: Туратбек, Туратбек... Ал үч жарым айында арсаңдап күлдү. Бул биз үчүн чоң майрам болду. Атам жетине албай, уулум күлдү деп, бардык элге жайды. Алты айында, анын астыңкы эки тиши чыкты... Атам районго чаап барып, уулуна бир сыйра кымбат баа кийимдер сатып келди... Туратбек тетик чыгып, он айында телтеңдеп басты. Ой, ошондо баарыбыз өз көзүбүзгө өзүбүз ишенбей, улам сынап көрүп: басты, басты! – деп, жар салдык. Туратбектин тили ата деп чыкты... Атам терисине сыйбай семирип: «Уулум ата дебе-диби» – деп айыл-ападагыларды чакырып кой сойду.

Ошентип, убакыт өткөн сайын биздин үйдүн эркеталтаңы Туратбек болду да, Шарапаткан экөөбүз «өрдөктүн түрү суук» баласындай четтеп кала бердик...

Жакшы тамак болсо Туратбек ичсин, жакшы кийим болсо Туратбек кийсин... Күн бүркөлүп калса, чаң-тополон түшүп: «Кокуй, Туратбек кайда жүрөт, издеп тапкыла, суук тийип калбасын», күн тийсе: «Кокуй Туратбек кайда, аптап өтүп кетпесин!» – деп апам биздин тынчыбызды алат.

Ушинтип, көзүн жалдырап карап, айтканын эки кылбай орундап турса, ким болсо да, бутунун туурасы менен басып алчактабайбы...

Эмесе, бир гана жолкусун айтып берейин...

Эсимде, апам алыскы айылга кеткен болчу. Окуудан келерим менен үйдү жыйнаштырып, казан-аяк жууп жаткамын. Туратбек сырттан тал чыбыкты ат кылып минип, ылай буттары менен эдиреңдеп төргө өтө чапты. Канча убараланып жыйнаштырган үйүм чаң-чунга толду да калды. Туратбек мени кантээр экен деп, кыйраткансып, кийиздин үстүндө ары-бери басып турат. Өзүм сүйүнчүлөгөн укамдын ачыктан-ачык шылдыңдап, кемсинткен кылыгына ушундай жаным кашайды, өзүмдү-өзүм токтото албай:

– Өлө элегиңде үйдөн чык! – дедим жулунуп...

Туратбек буйругумду кулагына илип да койбойт, тилин соймоңдотуп чыгарып, маскаралагандай арсактап күлөт. Анысы аз келгенсип, кийизге оонап-оонап алды. Да буйрук кылдым... Жок, Туратбек тоготуп койбойт... Жүгүрүп барып, кулагынын тарсылдагын жулуп алгыдай чойгулап, эшикти карай сүйрөдүм. Ал буттары менен тепкилеп, колдору менен чачыма асылды. Экөөбүз тытышып да калдык...

– Үйдөн чык!
– Чыкпайм!
– Чык дейм!
– Чыкпайм дейм! – менден өкүмүрөөк кыйкырат.– Өзүмдөн алты жаш кичүү укамди башкара албаганыма намызданам. Элдин инилери эжелеринин тилинен чыкпайт, мойтондошуп жүрүшөт. Ушул Туратбек кантип өзгөчө чарбаш болгонуна жаным кашаят...

Ал астымда жатып да, каткырып күлүп, ачуумду келтирет...

– Бала, апам келгенде айтам.
– Айтсаң айта бер. Мен да айтам...
– Эмнени айтасың?
– Айтам. Балдар менен ойногонунду айтам.

Ой, тооба, каратып туруп калп айтканына таң калам. Жок, таң калбайм. Апам дайыма бир жакка кеткенде, Туратбекке минтет: «Эжең коргондо жалгыз калды. Жанынан жылбай отур. Балдар менен ойносо өзүмө айт»,– дейт.

«Гүлайымды балдар менен ойноду» деп, ал калп айтса да, апам мени урушарын билип турат. Ошон үчүн, ал мага жөн жерден жалаа жаап, коркутуп жатпайбы?

– Айтсаң айт, үйдөн чык. – Эң, аягында колунан сүйрөдүм. Ал тырмышып, колун жулуп алып:

– И, үй сеники беле? – дейт.

Мен эмне деп жооп айтууну билбей, бир тыным эңгиреп туруп калдым, анткени, ооба, үй мениki десем эле, анын айтар сөзү кулагыма жат. Ошол заардуу сөздү укпас үчүн, аргасыздан унчукпайм...

– Чык! – дедим демите.

– Бул үй кимдики экенин билесиңби?

Анын сөзүн укпамыш болгондой, оозума талкан куюп алгандай тымпыйып, дагы унчукпайм. Менин эмне себептен койдой момун боло калганымды Туратбек түшүнүп, ыраазы болгондой, мени түбөлүккө багындыргандай, ийне менен оюп тешкендей бүтүкүй көздөрүн кыбындатып:

– Үй, акең Туратбектики. – Чоң атам кейиптенип малдаш токуна отурду. – Атам айткан... А сенин үйүң бул эмес. Түшүндүңбү? – Сенин үйүң... – деп, камданып келе жаткан да эле, оозун баса калып туш келген жерине чыпылдатып чаба бердим. Ал дагы жер тепкилеп үйдү башына көтөрүп ыйлады, ушул бир тууган кара чечекей инимден көргөн кордукка ызаланып, мен дагы эмшиндеп ыйладым... Эмне үчүн кыз жаралдым экен? Эч болбосо, шымын эптеп кие албаган ушул жаман Туратбек да кыйынсынат... Туратбекти канчалык күчөнүп ийлесем да, ал эжелеп мойнума асылбады, калп айтам деп, жалооруп жалынбады... Кайра менин муунум бошоп, ыйлаганымды көрүп, чыйралгансып, көз жашын аарчыды да мурдагысындай кайраттана чакчандап:

– Сен эрге тийсең кетесиң, бул үйдө мен калам, атаэнемди карыганда өзүм багам, – деди эң акырында.

Бул жолу айбаттанып ага асылганым да жок... Көңүлүм караңгылап, отуруп калдым. Туратбектин кыйынсынган кебетесинде, «алың ушул беле» дегендей жышаана туюлгансыйт...

Бул эмне деген кордук, шылдың...

Атама арыз-муңумду айтсамбы деп да ойлодум. Бирок апамдын айтары түшүнүктүү:

– Өзүңдөн алты жаш кичүү үкаңа теңелесиңби? Жаш бала да. Өзүңө аймаакы кылып... – деп, апам айыптын бардыгын мага жүктөйт. Туратбек экөөбүздүн ортобузда мындай чыр-чатактар далай жолу болгон да...

Ошол күнү кечкурун атам Туратбекти мойнуна алчактатып мингизип, коргонго кирди. Атам үчүн мен киммин дегендей, Туратбек тилин мага чыгарып, жиниме тиет. Атамдын мойнунда алчактап, эки бутун салбандаткан Туратбектин кебетесин көрүп, аябаї ичим күйдү, осолдодум.

Мен деле мындан беш-алты жыл мурда Туратбектей бала болгомун. Атам жумуштан келе жатканда дайыма алдынан утурлап чыкчумун. Эсимде жок, атам бир жолу да мойнуна мингизип, Туратбектей алчактатып эркелеткен эмес. Бар болгону конфет, оюнчук берип, кызым деп, мандайымдан жыттагылап өөп койчу. Мен атамдын мойнуна асылып, көкүрөгүн жыттагылап, эркелөөнү каалоочумун, бирок, атамын суз кебетесин көрүп, негедир батына алчу эмесмин...

Өзгөчө, бүгүн менин жанымды кашайткан Туратбекти атамдын мойнунан көргөндө, боюма калтырак аралады, качанга чейин ушул жаман Туратбектин ызасына чыдайм... Атама бүгүнкү чыр-чатакты тартынбай айтып, жүрөгүмдү өйкөгөн оор нерседен кутулгум келди. Балалык кыялым кармап, эреркеп, атамдын мойнуна асылайын дедим, бирок атам боюн окчун тартып, мандайымдан өөп:

– Эстүү бол, кызым... Чоң кыз да атасына асылат бекен? – деди мени уяткаргандай, жемелегендей.

Адатта чоң кыз деп, бойго жеткен кыздарды айтат. А мен ошондо он үчтө элем, алтынчы класста окуучумун, өзүмдү эселек кыз деп эсептечүмүн. Чынында эле эселек кыз болчумун. Атама күтүлбөгөн жерден «чоң» кыз болгонума таң калам.

Жок, мен таң калбайм... Мен туулган жерде, кыз он экиден ашкандан кийин, көзгө көрүнүп калган турбайбы, бойго жетип калган турбайбы деп, энелер угуза кеп кылышат. Ошол эле дейсиңби? Андан да орой, андан да кулакка оор учураган акыл-насааттарды айта беришет.

Мындай өөн кептерди укканда манаттай болуп кулагыңа чейин кызарасын, уяласың, секирип чычалайсың...

Өзүң тырмактайсың, анан тигиндей суук сөздөр! Мындай кептерди күн сайын уга берип, акыры ашмалтайга айланат да, кыздын кулагы да көнүп калат экен...

V

Кимде-ким биздин мейманканага кирсе, төмөнкүлөргө көңүл бурбай койбойт.

Төрүбүздө шыпка жете катар жыйылган үч мээрап жүк, үйүбүздүн көркү. Ырас, алардын арасында эмнелер гана жок. Эки кыжым көрпө, үч товар көрпө, беш атлас көрпө, жети шайы көрпөбүз бар. Качан көрсөң бир жерине чаң жукпай, жыйылып гана турат. Апам экөөбүз кээде гана бузуп алганда, аптапка жайып, көпшүтүп кайра жыйып коё-

буз... Кээ бир көрпөлөрдүн капталганына жети-сегиз жылга аяк салды. Бирок, ушул убакка чейин эч бирине тирүү жандын эти тие элек...

Анан, үйүбүздүн текчелериндеги айнектүү шкафтардагы катар тирелген чыныларга, гүлдүү чайнектерге, табактар менен ликаптарга көзүңүз түшөт. Өзгөчө дубалда илинген эки кашкар килемге суктанасың!

Булар менин септерим экен! Былтыры апам чачымды майдалап өрүп отуруп, чечилип сүйлөп, мындай деген.

– Бул буюмдардын бардыгын сага атап жыйнап жүрөм. Сен менин тун баламсың. Элдин кыз чыгарып, келин алганына апаңдын көзү күйүп жүрөт. Оюмда сенин даңазаңды көтөрүп, элден ашырып кыз чыгарсам деген максатым бар... Төркү үйдөгү илинген килемдер, жыйылган көрпөтөшөктөр, идиш-аяктар жана чоң сандыктагы толо буюмдардын бардыгы – сенин себиң. Апаң эсен болсо, жаман атаңдын аягынан жел өтүп турса, чоочун жерде кызын жер каратып, кызартпайбыз деген ниеттери бир... Бу биздин айылда эч бир жан кызынын себине эки килем бере элек, кызым... Септүү кыз түшкөн жеринде, абысындарына барктуу болот, сөзү өтүмдүү болот... Мен өз башымдан өткөндү айтам... Менин ата-энем колу жука кишилер эле. Бир кийиз, эки көрпө, үч чыт төшөк, эки жаздык менен ушул коргонго көчүрүп келишкен. Ыраматылык кайын энем (топурагы торко болсун) тили заар, териси тар киши эле. Дайыма ачууланганда, оң келсе да, келбесе да ошону эскерип: «Атаэнеңдин кайсы берген себине чалкалайсың! Элчилеп септүү келин болсоң, эч кимге күн көрсөтөр кебетең жок экен! Тигини! Кудая шүгүр, жетим кыздай шүлбүрөп келгениңе»– деп, табалачу! Кызым, апаң ушундай заардуу сөздөргө да чыдап, оокат кылган... Мен ушуларды ойлосом, азыр дагы сыздап, узун боюм жерге кире түшөт... Кызым да кайын энеден, абысындардан ушундай чучук какшаткан заардуу сөздөрдү укпасын, анан мага наалат айтпасын деп, апаң сен төрөлгөндөн бери колуна киргенин жыйнап жүрөт.

Апам ичинде көптөн бери бук болгон сырларын мага жашырбай айтканына жеңилдегендей үшкүрүп:

– Апаң сага боло айтат, ушул кызым өз теңинен озуп, жакшы жерге түшүп, өсүп-өнүп кетсе экен дейт... Апаңдын андан башка тилеги жок. Таш түшкөн жеринде оор кызым... Дагы кулагыңа куям... Майда жашыңды жашап койдуң кичинелигиң калган жок... Он алтыга чыктың... Өзүңдү

жакшы карма! Окуп-чокуп, ишчи болгон аялдардын да жалчып кеткенин көрбөдүм... Көбү эрлеринен ажырашып, соттошуп, жакалашып басып жүрөт. О, андан өлүм артык!

Мен апамдын энелик мээримин төгүп, ак пейилдүү сөздөрүн укканымда: бүткүл боюм элжиреп, жаш баладай мойнуна чаң жармашып, ошол учурда ак мамасын жыттагым келди. Ыраазылыгымды билдирип, алкышымды айткым келди, бирок сөөккө сиңген уялчаактык, тартынчаактык жеңип, башымды көтөрбөй жер карадым, эки бетим тамылжып, уялдым, тердедим.

Апам кандай мээрбан, кандай камкор! Кызым жат жерде жер карабасын деп, төрөлгөнүмдөн бери сеп жыйнап жүрүптүр! Беш-алты жашымда, апам мени алдына отургузуп, кандайдыр бир жагымдуу, кайгылуу обон менен унүн созуп:

Үч күндүк жолго аттанып,
Испайрам суусун кечирем.
Кимдин го кызы дедиртем,
Анан Гүкүшүмдү Алыскы жолго көчүрөм...

– деп ырдап калар эле...

Мен бул ырды аябай жакшы көрчүмүн, улам апам аягына жеткенде, кайра: «Ыйда» – дечүмүн. Апам да тилимди алып, көпкө эрикпей ырдай берер эле. Кээде, мен апамдын ушул ырын тыңшап жатып, мемиреп уктап кетер элем....

Аттиңай, апам айттырбай билип, ошол ырдын кадимки обонуна салып, азыр ырдап берсечи!

Апам себи жок кыз жер карайт деп, эң туура айтат! Эмесе бир мисал келтирейин...

Өзүбүздүн айылдык Темир аке былтыр башка тараптан сүйлөшүп жүргөн кызын алып качып келген. Ошондо баарыбыз жабалактап барып көргөнбүз... Биздин жеңебиз чачы түйдөктөй кызыл томолок неме экен. Ал салтка көнүп, үлпүлдөп жоолук да салынбаптыр! Катын-калачтардан ыйбаа кылбай, кайра качырып тиктеп, ар кимдин оозун карайт... Кемпирлер Темир акеге миң наалат айтышып, жерге түкүрүп, тарап кетишкен.

Бир жакшы жери Темир акенин зайыбы үй оокатка тың чыгып, кайын энеси ар бир үйгө барып, эки алаканын карс уруп: «Ии ортак, Темириме ыраазымын. Түйдөк чач келиним – келин эмес, алтын экен, алтын экен... Мынабу кемзелимди өзү тикти... Колу гүл турбайбы? Кылган оокатычы? Бал татыйт... Ичкиң келет, такыр курсагың тойбойт. Эмне

кыласың, акыр келинге жетиндим да... Берки зор келиним быякта эле калды» – деп тамшанып айтып жүрдү...

Түйдөк чач жаш абысыны элдин оозуна кирип, айрыкча кайын энеси оозунан түшүрбөй мактап жүргөнүн зор келин угат да, ичи өрттөнүп, кекене баштайт, көп өтпөй эртеси эле айып таап, уруш чыгарат. Темир акенин зайыбы абысынынын ак жерден жалаа жаап жатканына ачуусу келип, тилин тартпайт. Ошондо зор келин шымаланып:

– Тилинди тарт, түйдөк чач! Мен беш жыл кызмат кылып, орун тапкан келинмин. А сен, түйдөк чач, астананы аттай элек жатып эмне мага теңелесиң. Үч ыштанынды салып келген кара чамаданыңбы? Энем берген сан төшөктөрүм абийиринди жаап жүргөнүн билесинби? – дейт.

Бечара түйдөк чач жеңем аябай кемсинип, ошондон кийин абысынынын сеп төшөгүнө такыр жатпай коюптур дейт...

Апам Гүкүшүм жат жерде жер карап, абысындарына күлкү болбосун деп, мага дүйүм-дүйүм сеп жыйнап жүргөн турбайбы?.

О, кагылайын, өпкө-жүрөгүмдү чабайын апам! Сенин ак сутунду, не бир, не бир тоодой эмгектериңди жаман кызын кайтарат болду бекен? Бул жөнүндө ойлосом, башым катат, уйкум келбейт...

Кыз бала түнөгүндө куйрук-канатын жетилткен канаттуу куш сыяктуу экен... Кези келгенде канат кагып учат экен, башка аскадан жылуу түнөк камдайт экен...

Эки катар мээрап жүгүбүздүн ортосунда чоң кызыл сандык бар. Апам тойлордон тийген, атам базар-учурдан сатып келген эндей материал болобу, тигилүү кийим болобу, алардын бардыгын бүктөп, ошол сандыкка салат да, кулпулап, ачкычын чачпагына байлап алчу...

Ырас, бул жолу сырдуу сандыктын ичинде эмнелер бар экенин билгим келчү, кызыкчумун, далай жолу апамдын ачкычын уурдоого аракет кылдым, бирок, апам сактанып, алдырбады! Кантейин!

Акыры учуру келгенде, апам жашыруун сандыгын ачтара ачып ичиндеги буюмдарды чубап чыкты... Сырдуу сандыктын ичинде эмнелер гана жок дейсиң...

Жалпы эсеби менен аялдардын жалаң тигилүү көйнөгү отуз, эки помбаркут, хан атлас, көк карга шайы, товар (чыт менен иласти эсепке албаганда) баары – кырк кишилик экөн... Он бир жүн оромол, сегиз жибек оромол, 12 жуп

зайпана мааси бар экен... Апам ушулардын баарын мен темтеңдеп баскандан бери термелеп жыйнап жүрүптүр! Ал турмак, апамдын атластан түптүз каптай тигилген этеги кең сеп көйнөгү да арасында жүрөт. Бул көйнөгүн апам этине салбай, тун кызымдын себине кошом деп, атайы ырым үчүн сактап жүрүптүр!

Анан кантип апамдын аскар тоодой асыл эмгегин актай алар бекемин деп ойлонбойм! Ойлоном да!

Апамдын ичиндеги туюк сырларын билгенден бери тынчым жок, уйкум келбейт! Көчөдө жүрсөм да, сабакта отурсам да, идиш-аяк жууп жатсам да, септерим тууралуу ойлоном: Үйдө эч ким жокто, мээрапта керилген жүктөрүмө суктанам, сыйпалап карайм, жүрөгүм элжиреп кучактайм, эч бир жерине чымын кондурбайм... Текче шкафга чабалекейдей катар тизилген идиш-аяктарыма көз кырымды салам. Эрикпей ар бирин чүпүрөк менен сүртүп чыгам...

Өзгөчө, эки мээраптын ортосундагы апамдын чоң сандыгы көзүмө жылуу учурайт, аны улам ачып, ичиндеги буюмдарды кармалап көргүм келет, сылагым келет. Кээде күбөмүбө түшпөгөй эле деп кооптоном, бирок чоң кара кулпу жолотпойт. Ушул сандыктын ачкычын апам ишенип берип койсо болбойбу деп таарынсам, кандайдыр мага бейтааныш дабыш кулагыма шыбырагансыйт: «Ашыкпа, Гүкүш! Жакында самаганыңа жетип, чоң сандык эмес, апаң жыйнап жүргөн башка буюмдарга да ээ болосун»!

Ооба, мен да үйлүү-жайлуу болом! Ошондо сеп төшөктөрүмдү керилте жыям, идиш-аяктарымды кыдырата тизем, бир килемимди дубалга илем, экинчисине орун жетишпесе, жүк астына бүктөп коём. Эч бир буюмума чаң жугузбай, үнүмдү мистей таза кармайм. Бардык сеп кийимдеримди жип тартып, катар-катар илип салам. Катынкалачтар келип көрөбүз деп, үстүмө киришет, мен сынымды бузбай, керилип-чоюлуп чай куям... Алар чай ичимиш болуп, астыртан үйүмдөгү ар бир буюм өз ордундабы, ал турмак колумдагы чайнектин түбү капкара эмеспи, ошого дейре карап чыгышат. Алардын ой-максаты эптеп эле менден кынтык таап, айтып кетүү! Мээраптагы өзгөчө бир түрдүү түстөгү көрпө-төшөктөрүмдү, кош килемди, өзгөчө бир нече катар менин сеп кийимдеримди көрүшкөндө, ичи тарып ызаланат, ак ниеттүүсү кубанып, баракелде деп, апама миң мертебе ырахмат айтышат. Септүү кыз! – деген

атагым алыска угулат, өзүм жат жерде жер карабай өктөм жүрөм. Ботом, дагы мактана баштаган турбайымбы?

Жашырып не кылабыз, биз кыз калкы мактанчаак келебиз!

VI

Жакында айлыбызды дүңгүрөткөн мындай кокус иш болду.

Менин бармактайдан бирге өскөн, бир-бирибизден тырмактын учундай сыр жашырышпаган, эки-үч күн көрүшпөй калсак куса болуп сагынышкан жанажан Айзада деген курбум бар эле. Биздин ажырагыс курбу экенибизди баары билишчү.

Айлымда эки бала бар,
Экөөнүн бою барабар.
Аттиңай,
Ал кыздарга кол жетпей,
Биздин жүрөк жарадар.

Ушинтип кимдир бирөө биз тууралуу кошуп, анан экөөбүздүн бүткүл сымбатыбызды, кыял-жоругубузду сыпаттап ырдаптыр. Ушул ырды ооздон түшүрбөй той-тойлордо боз уландар ырдап жүрүшөт...

Чыны Айзада экөөбүздүн боюбуз да барабар. Айырмабыз, ал кара тору, мен ак жуумал. Экөөбүздү жымылдап майда өрүлүп, ийри такымыбызга жеткен чачыбыздан эч ким айып табалбайт...

Биз бири бирибизге шай келген курбуларбыз. Баса, Айзаданын бир өксүгү бар. Атасы ушул колхоздо раис болуп туруп, кырк үчүнчү жылы согушка кетип каза тааптыр. Апасы үч-төрт жыл кара кийип, оокат тиричиликтен кыйналганда, эрге тийиптир. Азыркы эринен эки баласы бар. Айзада атасын эстеп, ыйлап отуруп, эч болбосо жансыз сүрөт калбаптыр, чоңойтуп дубалга илип коюуга деп арман кылып калат! Бул, айла түгөнгөндөгү сөз да.

Бир-бирибизден тырмактын учундай сыр жашырбайбыз дебедимби? Ооба ошондой элек...

Айзаданын Оштогу пединституттун үчүнчү курсунда окуган өзүбүздүн жерлик Кемел деген менен үзбөй кат алышып, өмүрлүккө кол кармашабыз деп, антташып жүргөнүн бир гана мен билчүмүн. Айзада өрөпкүп, сүйгөнүнөн келген ар бир катты келери менен мага окутууга шашчу.

Кемел сыртынан караганда койдой момун, көп сүйлөбөгөн жигит! Айрыкча, анын мурдунун үстү дайыма тердеп, уялыңкы кебетесичи! Анын Айзадага жазган ашыктык каттарын окуганымда, ой тооба деп, таң калчумун. Сыягы ашыктык адамдын тунук сезимдерин ого бетер козгоп, көңүлүн көтөрөт окшойт...

Кемелдин каттарынын негизги мазмуну шаарда ашык жарлар эч кимден тартынбай кол кармашып, ачык-айрым баса беришет, муну эч ким жаман жөрөлгө деп санабайт. Студенттер Токтогул, Навои парктарын аралап, Ак-Буура дарыясын бойлошуп, көңүл ачышат, эс алышат.

Аларга көзүм күйүп, мен көп учурда жалгыз жүрөм. Айзада окууга келсе, биз дагы элчилеп колтукташып, мынабу көчөлөрдө бассак, тиги скамейкаларда сыр чечишип отурсак, деп ойлонсом, жүрөгүм толкуйт, бетим чымырап, кыялым асманга учат! Сүйгөнүм, мынча мени зарыктырбай, жаш жанымды азапка салбай, тезирээк эле келсең экен! Аябай сагындым!

Ооба, бул каттар жүрөктүн назик тамырларынан атырылып чыккан ашыктыктын, «сүйгөнүмө тезирээк жетсем экен!» деп, эки көзү чачыраган жаш жигиттин жалындуу каттары эле! Айзада Кемелдин мындай каттарын окуганда, эки бети оттой албырып, балбылдаган чоң көздөрү жалжылдап, кыялында ошол замат зымырап учуп барып, сүйгөнүнө жанашып, Ак-Буунаның боюнда сейилдеп жүргөндөй толкунданчу, кээде таптак секирип, мени бекем-бекем сыга кучактап:

– Гүкүшжан, ушул тилегиме жетсем, арманым болбос! – деп ак пейли менен жалбарчу.

Анын кыз башы менен ашыкчылыкка башы айланып, мынчалык элиргенин жактырбай суз гана:

– Катка ушунчалык болосуңбу? Калп эле алдап кат жазып жатканын кайдан билесиң? Жигиттерге ишенүүгө болбойт,– дечүмүн өзүмдүн башымдан өткөн бир окуяны эстеп...

– Кемел калп жазбайт, мен ага ишенем,– дечү ишеничтүү. Ичимен анын көнүлү токтугуна суктанчумун.

Кемел катынын арасына дайыма улуу жазуучулардын ашыктык, достук, адилеттик жөнүндө айткан эң акылман ойлорун көчүрүп, үзбөй жазып турат. Ырас, биз ага жооп жазарда мындай акылдуу сөздөр таба албай түйшүк тартабыз, кыйналабыз. Жүрөктүн учунда не бир укмуш-укмуш

сөздөр, ойлор катылып тургансыйт, бирок калем кармап, ак баракка үнүлгөндө эле бардыгы – эртеңки суюк тумандай кайда тарап кеткенин билбей каласын...

Экөөбүз акылдашып, башыбызды тырмап, ойлонуп-ойлонуп кат жазабыз, кайра окуп көрсөк, көңүлүбүз тойбойт, ушунчалык сөзгө жардыбыз, ачууланып тытып салабыз! Көңүл тынчыбай кайра жазабыз. Жакпайт... Ошентип, бир жума өтөт. Шордуу Кемелден дагы жалбарган, күнөм санаган кат келет... Анын уйкусу келбей күн сайын кат күтүп, тамагынан аш өтпөй, саргарып жүргөнүн билебиз... Боорум эзилип, өзүмдү токтото албай, негедир кыткылыктап күлөм... Кантип эле тамак ичпей жүрсүн?

– Эмне үчүн? – дейт Айзада тыржыйып...

– Күлөм да, кантип эле тамак ичпей кезере саргарып жүрсүн.

– Жүрсө жүрөт да, – дейт Айзада кабагын чытып...

Кемелиң жалганчы, ал ошентип жалбара кат жазып коюп, азыр мурдунун үстү тердеп, столовойдо башка кызга кыйшактап, тамак ичип отурганын кайдан билесиң деп, бетине айткым келет да, ансыз деле азап чегип жүргөн досумду аяп, унчукпайм... Кайдагы дейди сөздөрдү айтып, көңүлүн көтөрөм, учурун таап, Кемелди да сөзүмө кыстарып, мактап өтөм, анын ар бир кыял-жоругуна атайын токтолом,сыртқы кебетесинин сулуулугун сүрөттөп өтөм да:

– Ушундай жигитке туш келген бактылуусуң ортакжан! – дейм.

Айзада жаш баладай ак көңүл эмеспи!

– Гүкүшжан, ушундай адамгерчилигиңди эч унутпайм, – деп, ыраазылыгын билдирет.

Кээде кычагандай Кемелден жооп кечигет. Бир жума өтөт, кат жок, экинчиси өтөт, кат жок... Бул мезгилде Айзада жаркылдап күлбөй, башына оор кайгы түшкөн кишидей, мостоюңку, кабагы салыңкы суз жүрөт... Ойлогону Кемел... Бир гана өзүмдөн кыпындай сырын жашырбайт.

– Гүкүш, кат келбейт да, – деп амалсыз сурайт. Эмне үчүн кат келбегенин мен билип коюпмунбу?

– Колу бошобой жаткандыр,– деп көңүл улайм, буга ал ишенбейт.

– Кат жазышка колу бошобой калмак беле? – деп наараз болгондой сүйлөнөт да,– ооруп-сооруп калбады бекен? – деп, тынчсызданат... Мен теңтушумдан мынчалык күйөрман, мээрбан болуп кеткенин жактырбайм да:

– Сабыр кыл, сабырдын түбү сары алтын эмеспи, – деп какшыктайм. Заматта Айзаданын көзүнө жаш тегеренип:

– Кат келбей жатса анан кантип сабыр кылам... Сен менин ичимдеги уйгу-туйгуларды түшүнмөк белең? – деп көз жашын ааречып: – Түндө түш көрдүм... Ак-Бууранын бийик көпүрөсүнүн үстүндө турам. Эл кымкуут. Издегеним Кемел. Бир оокумда ал ойсондоп күлгөн сулуу кыз менен басып баратат. Кыйкырам, укпайт. Мен жеткиче алар көпчүлүктүн арасына сиңип кетишет. Ойгонсом түшүм... Тан аткыча кирпик какпай чыктым. Дагы сабыр кыл дейсин?

Ичимден теңтушумдун баладай жоругуна күлкүм келет. Эселек десе, түшкө да ушунча болобу? Ырас, анын азап чеккен кебетесине боорум ооруйт.

– Ойго келбеген нерселер түшкө кире берет. Мен түшүмдө өлүп да калам,– деп араң сооротом.

Көп өтпөй Кемелден кат келет. Айзада жер тепкилеп сүйүнүп, улам кайталап окуй берет, окуй берет! Ал ээн талаада жалгыз өскөн кызыл гүлдөй өңүнө кирип, кулпура түшөт. Карап туруп көзүм күйөт.

Менин эмнем кем Айзададан? Эмне үчүн жүрөгүм каалаган киши менен сырдашып, кат жазбайм... Ал жүрөгүмдө өкүнүч калтырган окуядан кийин, кеп эле жакшы балдар жалынып-жалбарып кат жазышты. Арасында көңүлүмө жаккандары деле бар эмес беле? Далай каттарды жооп жазбай, тытып таштабадымбы? Эмне үчүн ичимде уйгу-туйгу болгон асыл сезимдеримди басып жүрөм? Эмне үчүн теңтушум Айзадача ашыктыктын азабын тартпайм, кубанычын сезбейм?

Айзада: «Онунчуну бүтүп, Оштогу пединституттун биология факультетине кирем. Кемел экөөбүз ээрчишип жүрөбүз, окуйбуз, анан келечекте бир орто мектепте мугалим болуп иштейбиз»,– деп мактанганда, мен тилим байлангандай жер карап унчукпайм...

Төртүнчү чейректин башында Айзаданын башын кайгы басты. Мындай кокустук болот деп, анын түшүнө да кирбесе керек. «Эмне кылам, теңтушжан?» – деп акыл сурап, көз жашын чубуртуп, өксүп-өксүп ыйлайт. Эптеп айла таап, туюк аскада камалган теңтушумду колунан тартып алсам дейм, бирок амалым жок. Алсызмын, менин колумдан эмне келет? Адатымча: «Сабыр кыл, сабырдын түбү сары алтын» – дешке дитим барбайт, бул жолу антип айтууга мүмкүн эмес. Айтсам да ал сабыр кылбасына көзүм жетет.

– ...Биздин айылда атактуу Эсенаман атка конгон бир жигит бар. Сырткы кебетеси адам кызыккыдай эле неме. Ал орто мектепти бизден үч жыл мурда бүтүп, ошондон бери эч жерде окубай, иштебей, ата-энесинин төрүндө бойго жеткен кыздай созулуп жүрөт. Ырас кийгени жакшы костюм, пальто, мингени «Победа» машина... Азырынча эч нерседен камы жок... Кааласа Фергана, Анжиян, Ош шаарларын бир күндө тегеренип, көңүл ачып келет... Анын атасы райондо көп жылдан бери базарком болуп иштейт. «Абдылда аке район эмес, бүткүл областка келиң-алыңы, дасторкону менен таанылган өтүмдүү киши... Областтан келген чондор да аны менен кол алып көрүшөт»,– деп атам суктана айтып жүрөт. Ошон үчүн Эсенамандын талтандап жүрүшүнө эч ким тыюу салбайт имиш... Кайсы бир шаарда Эсенаман бирөөлөрдүн кызын талашып камалып калганда, атасы куткарып келиптир, деп айтып жүрүшөт... Анын уятсыз кылык-жоруктарын айта берсең, бет чыдабайт... Эсенаман жалгыз уул болгондуктан, ата-энеси анын көзүн карашат имиш... Жалгыз баланын баары бейбаш, эрке өсөт бейм. Биздин Туратбек чоңойгондо ушул Эсенамандын таз кебетесин киеби деп корком...

Абдылда аке Эсенаманды эл катары адам кылам деп, не бир аракеттерди кылбады дейсиң. Фрунзеге биринчи жолу окууга жибергенде, чөнтөгүнө беш миң салып жибериптир деген кеп бар. Эсенаман акең шаарда көрүнгөн балдар менен ээрчишип, пиво ичип жүрүп, акчасы түгөнгөндө, чемоданын салбандатып үйгө келгенин бир көргөнмүн... Ал кантип экзамен тапшырганы тууралуу бир кызык кеп айтылып жүрөт...

Эсенаман менен бир бүткөн Муратбек деген бала бар. Ал дурусураак окуучу. Экөө тең арызды мединститутка тапшырышат... Химиядан экзамен башталганда, Муратбек биринчи кирет да, «жаман» алып чыгат. Бер жакта эси чыгып турган Эсенаман жанынан түңүлүп:

– Сен жаман алгандан кийин, мен убара болбой эле коёюн,– деп экзаменге кирбей кетенчиктейт...

– Ой, кудай урган неме экенсиң, коркпой кире бер... Кокус оң келип, дурус баа алып каларсың – деп Муратбек кыстаса да ал улам кетенчиктеп:

– Жок, бекер убара болгум келбейт. Сага оң келбеген, мага оң келмек беле? Өлсөм да кирбейм деп, документтин кошо алыптыр, – деген айың айыл арасында айтылып

жүрөт. Фрунзеге окууга барабыз деген балдарга баягы Эсенаманча болбогула, тобокел деп, экзаменге кирип көргүлө, – деп урук-туугандары эскертип калышат.

Атактуу Эсенаман,
Чатактуу Эсенаман,
Арыбай, карыбай,
Жүрөсүнбү сен аман,

– деп кимдир бирөө маскаралап чыгарган ырды айылдагылардын баары билишет.

Атасы айласы түгөнгөндө уулун үйлөп, оокат-тиричилигиңди кыл деп, бөлүп коёт. Эсенаман оокат-тиричилик кылмак беле, тирүү өлүгүн атасына артып, бир күн Ошто, бир күн төштө «Победасына» тааныш аялдарын салып жүрө берет. Аялы саргаят, муңун ичине катып, күтөт, күтөт. Акыры үмүтү үзүлгөндө, атасыныкына барып, такыр келбей коюптур...

Ошол Эсенамандын атасы Абдылда аба байбичеси экөө жашыруун келип, 20 мин сом калың берип, Айзаданын башын байлап кетиптир. Бул кудалашуу өтө жашыруун иштелиптир. Эгерде бирөөгө оозуңдан чыгарсаң, асылып өлөм, – деп Гүлсүн эже карганып коюптур.

Той болбойт экен, окуу жабылары менен Айзаданы Эсенаман машинасына отургузуп, пас тараптагы эски тааныштарыныкына эч кимге билгизбей алып кетет экен. Элге «өздөрү убадалашып жүрүп, качып кетиптир» делип таралат экен. Бирок, Гулсун эже «Кайран кызымдан айрылдым, айрылдым»,– деп чачын жулуп, көчөгө кыйкырып чыгууга убадасын бериптир!

Бул эмне деген жүзүкаралык, жалакорлук! Эптеп өз айыбын жабыш үчүн эскилик эмне гана аракеттерди кылбайт.

Айзадага ушунча боорум ооруйт, эч нерсе эмес теңтушжан, көнүп кетесиң, бардык кыздар ушинтип күйөөгө чыгып жатпайбы? Бизди ата-энебиз кантип эле калыңга сатсын, алган акча жөн эле ырым-жырым, салт. Бизди бекер берсе, ата-энебиз деле сызга отуруп калбайбы? – деп көңүл айтар элем, эгерде Эсенамандан башка бирөө болсо?

– Мен кантип ошол Эсенаманга чыгам? Ойлоп көрсөң Гүкүшжан! – десе, көз жашы жамгыр...

Мен оор абалдамын. Ооба туура айтасың. Эсенаманга чыкпа деп ачык айталбайм, анткени, болор иш болуп, ата-энелер кол алышып коюптур! Эң эле аргасыз абалдамын!

Бармактайдан бирге өскөн тентушумдун келечек тагдырын ойлосом, менин да зээним кейип ыйлагым келет.

Күн чыкпай, уй саап жатканмын, жогор жактан ый аралаш чаңылдаган үндү угуп, жүрөгүмдүн тамырлары зырп этип, чочуп кеттим. Жанагы үн улам биздин үйгө жакындап келатат, мен тыңшап турам.

– Ой, эл-журт барсыңбы? – деген Гүлсүн эженин үнүн тааный коюп, шылкыйып отуруп калдым. Эки тиземдин арасындагы челек кулап, сүт жайыла төгүлдү. Мен түш көрүп жаткандай нес болом. Айзаданы Эсенаман түндө алып кеткен экен да?

Кечээ биздин үйгө Айзада келген болчу. Апам жок эле. Ал менин жууган чачымды майдалап өрүп берген.

– Кемелден кат-кабар барбы? – деп мен тамырын тартып сураганмын.

– Кемелден да түңүлүп калдым.

– Койчу.

– Ишенип кой, Гүкүш. Болгон ишти жашырбай жазып, эмне кылабыз деп кат жибердим: «Кантмек элек. Каргыш тийген эскичиликке наалат айтып, Кемел шордуу таза махабатынан айрылып кала берет да... Бактылуу бол», деп жооп жазыптыр...

– Койчу.

– Сенин ишенбегениңе күйөм да, кантейин? – деп оор үшкүргөн Айзада жөн эле ичинен чыгарып айтып жатат го деп ишенбей:

– Ошол катын мага көрсөтчү,– деп сураганмын.

Айзада тоотпогондой мурдун чүйрүп сүйлөгөн.

– Ошонун катын сактап жинди болуптурмунбу? Кечээ анын бардык каттарын, сүрөттөрүн отко салып, өрттөдүм.

– Койчу.

– Өрттөбөгөндө, аларды мен башыма тартат белем.

Мен күйүтүн козгобоюн деп, андан ары териштирип сураган эмесмин. Кепти кайра өзү козгоп:

– Гүкүш, ишенсең, Эсенаманды жакшы көрүп баратам. Түндө түшүмө кириптир, – деген күлүп сүйлөп. «Койчу, ортакжан, ошол сөйрүктү ким жакшы көрсүн»,– деп айтып жибере жаздап, оозумду араң басып калганмын.

– Эмне унчукпайсың? Эсенамандын элден эмне кемчилиги бар? Сулуу десең сулуу, барктуу ата-эне. Заңгыраган жаңы үй, мингени «Победа».

Мен өчөшкөндөй унчуккан эмесмин. Айзада ыраазы болгондой минтип мактанган: «Айзада колума тийсе, кирпигине кир жугузбай, ата-энеме кызмат кылдырбай, төбөмө гана көтөрүп жүрбөсөм», – деп жоро-жолдошторуна мактанып жүрөт имиш. Буга эмне дейсиң?

– Баягы Эсенамандын сөзү да, – деп жиберип. – Ким билет, эми аялдын баркына жетип калгандыр да. – Оозумдан капыс чыгып кеткен сөзүмдү араң ондогонмун.

Айзада үйүнө кечке жуук кеткен. Дарбазага чейин узатып чыгып, артынан көзүмдү үзбөй карап турганмын. Ал башын оң мүрүсүнө кичине шылкыйтып, ойлуу басып бараткан. Тентушумдун бир тутам белине, такымынан өткөн чачына, эч бир жеринде айыбы жок боюна кимдин көзү түшпөсүн! Ак маралдай керилген Айзада, сөйрүк Эсенаманга кор болобу?

Айзада көпүрөдөн аша берерде мага кайрылып кол булгаган. Көрсө, кечээ коштошкону келген экен... Эгер туюп калсам, жанымдай көргөн тентушумдун бек кучактап бетинен өөп калбайт белем? Ушул жолу менден жашырынып-тыр...

Гүлсүн эженин чуу кыйкырыгы күчөгөндөн-күчөп, апам, анын артынан мен көчөгө жүгүрүп чыктык. Заматта коңшу аялдар топтоло калып, жылаңбаш, чачтары иретсиз апсыйган Гүлсүндү тегеректеп, иреңдери үрпөйүп, кажылдап бир нерселерди сурап жатышат.

– Жатарда кызың бар беле?

– Айланайындар бар эле, калп айтсам күн батканча жаным чыксын! Жанаша жатканбыз, азыр туруп сыйпалап таппай калдым. Карабаган жерим калган жок...

Ой жүзүкара! Кылгылыкты кылып, оозу-мурду кыйшайбай, карганып жатканын карачы! Бул аялдын колунан ар кандай кыянатчылык келгидей. Дагы уялбай, бетинин бир-эки жерин аймап алыптыр! Мен да энтигип жетип бардым. Муундарым калтырап, көз жашым кирпиктеримде мөлтүрөп кылгырат. Айзада ошол сөйрүккө кор болгон экен да...

Гүлсүн эже буркурап ыйлап, оозуна кирген сөздү ылгабай өз кызын каргап-шилеп жатат.

– Барган жерден бак таппай, өмүр бою куурап өтсүн, жалчыбасын.

– Кой, антип каргачу эмес,– деп, апам кагып койду.

– Сенин Гүлайымың бирөөнүн этегин кармап качып кетсе, каргабаганыңды көрөт элем...
– Оозуңа кара таш. Сенин кызыңа ит окшосун,– деп апам чычалай түштү.
Акыры чыдап тура албадым.
– Өзүңүз Эсенаман аке менен качырып жиберип... – деп, ар жагын айталбай, шолоктоп ыйлап жибердим.
Тегеренип турган аялдар чуулдай түштү.
– Уктуңарбы? – деди Гулсун эже көздөрүн коркунучтуу алактатып.
– Кызымды оң жолдон чыгарып бузган ушул. Карасаңар уялбай айыпты мага жүктөп жатат дагы, – деп чаңырып жиберди.
Апам тиртендеп мени кыстады.
– Айт, кайдан билесиң буларды? – Жаным кашайып калган мен тартынбай билгенимди айтып бердим.
– Калп, мунун баары калп! – Жулмалап жиберчүдөй мага жулунганда апам жолун тосту.
– Ой, жүзүкара катын! – Апам шымаланып, күчөп кирди. – Кызыңды өзүң качырып жибересиң, анан уялбай бети-башынды аймап долуланасың өлбөйсүңбү ошондон көрө.
– Сен өл. Эгер кызымды Эсенаман алып кетсе, мен бутуңдан элдин көзүнчө өбөйүн, эгер башка бирөө ала качып кетсе, сен бутумду өбөсүңбү?
Апам тобокел деп, анан анын тайманбай сүйлөгөнүнөн тартындыбы тайсалдап:
– Ой мээси жок катын, сенин бузуку кызың качса, мага эмне күч келди. Өзүң кошо качсаң да кабыргам кайышып койбойт,– деп апам мени жетелеп үйдү карай басты...
– Качтыңбы? Менин кызымды сен качырдың! – деп артыбыздан кыйкырып калды...
Айзаданын качышы бүткүл айылды, мугалимдерди дүрбөлөңгө түшүрдү. Издөө башталды... Райондон эки милиция келди. Таң каларлык нерсе, Эсенаман түндө үйүндө ооруп жатыптыр... Түшүнүксүз... Гүлсүн эженин тили узарып, каерде болсо, бизди жамандап басып жүрөт... Эмне калп айтасың, эл алдында адамды өлтүрбөдүңбү? – деп, апам санымдан аткып алды... Жазыксыз мен ыйладым...

VII

Кыскача тарых мындай экен... Айзада бирөө аркылуу Кемелге куш тилиндей кат жиберет. Ал кайраттанып, кантип болсо да куткарып алам деп талпынат.

Ош шаарында областтык кыздар орто мектеби бар. Кемел ошол мектептин директоруна келет да, болгон окуяны жашырбай айтат, жардам сурайт. Директор тийиштүү кишилер менен макулдашып, «Айзаданы өзүң чуу чыгарбай алып кел, андай окууга дилгир кызды кабыл алабыз, жогорку окуу жайга киришине бардык жактан жардам беребиз»,– деп убада берет. Кемел иштин жөнүн кыскача баяндап, Айзадага кабар берет, болжошкон түн келип таксиге салып кетет.
Бул кабар айылга шамалдай тез тарады.
– Ой тооба, ушундай да бети жок кыз болот экен ээ.
Биздин айылда эч качан мындай адепсиздик болгон эмес, – деп жакасын карманып, жерге түкүргөндөр андан көп.
– Жүрөгүндө оту бар кыз экен, ушул Эсенамынды куп шерменде кылды окшойт,– деп табасы кангандар мындан көп.
Гүлсүн эже Ошко арызданып барып, кирбеген жери калбаптыр. «Силер мага окшогон жесирдин арызын укпасаңар, Маскөөгө жазам... Менин эрим согушта өлгөн», – деп жулуңган имиш.
Айласы түгөнгөндө, Айзадага барып, жалынып-жалбарып, жаңылдым-жаздым, ошол Эсенамандан кол үзөм, мени элге шылдың кылба, жүр кетели деп, көз жашын төксө да, Айзада көгөрүп болбой коюптур. Гүлсүн эже кайрылып үйгө барбайм, Ак-Буурадан агып өлөм, – деп коркутса да, Айзада көнбөптүр. Гүлсүн эже кызын каргап-шилеп, үйүнө түңүлүп кетиптир.
Эсенаман аке аябай жер тепкилеп кейиген имиш:
– Мындайлыгын билгенде, озунуп ала качпайт белем? Эзилип бышып турган алмамды оозуман алдырдым, – деп тирүүлөй өлгөн имиш. Ал уялбай ата-энесине айып жүктөп: – Окуусуна карабай ала качайын десем, коркуп тилимди албай койдуңар эле, мына окуусун бүттү, даяр келинди үйүңөргө киргизип алгыла, – деп өзүнчө албууттана чамынган имиш.
Адамда ар болбосо ар нерсе деп сүйлөй берет да. Мен Эсенамандай шерменде болсом, журт аралап басып жүрбөй, бейтааныш жерге качып кетип, ошол жакта төбөм менен жер казып, абийир, атак алганда гана келет болчумун. Дагы уялбай: «Кемел менден калган кызды зордуктап ала качты да... Карап тургула, анын акесин таанытам», – дейт имиш.

Баарынан да апамдын табасы канды. Көңүлү жакын аялдарды үйгө чакырып, түрдүү тамактарын дасторконго жайнатып коюп Айзада жөнүндө кеп салат:

– Качкан кыздын энеси жаман да... Энелүү кыз качат деген эмне кеп? Билесиңер го, Гүлсүн өзү жаш кезинде ушундай ойноку эле.

Мен тамылжып кызарып, баш көтөрбөй, улам чай сунуп, карылардын кебин тыңшайм...

– Карамат мактанба, баарыбыздын бойго жеткен кызыбыз бар, ичтеринде эмнелерди ойлоп жүргөнүн билип коюппузбу? Алдырарда жаздырар болгон да,– деп Калча аяш энем каяша сүйлөсө, апам жулунуп макул болбойт:

– Ортак, ал сөзүңүздү кайра алыңыз... Менин Гүкүшүм кыз аттуудан өзгөчө чыкты. Улууга тике карап, каяша сүйлөбөйт... Эркектин алдынан кыя басып өтпөйт...

– Ылайым барган жерден бак тапсын!

– Ызаттуу болсо, урмат көрөт...

– Жаш адамдын уяттуусу жакшы! – деген кубаттоолорду укканда апам ансайын күчөйт:

– А жер жуткур Айзада эчкидей шудуңдап, эки көзү ойноктоп турчу эмес беле, ортактар. Мен ошонун көзүнөн коркчумун. – Апам жакасын кармап, сөзүн улантат. – Ой тооба, апасы барса да келбей коюптур... Энесине жакшылык кылбаган кыз, тийген эрин жалчытат дейсиңби? Дагы бир үрпөк баш жүр десе, этегине илешип кылчайбай кете берет... Баскан изин кетмендеп салчу кыз экен...

Бир заматта отурган аялдар ичип жаткан чайын токтото коюшуп, Айзаданы жамандап киришет. Мындай учурда айың сөз табылбай калмак беле? Катыча апа эриндерин тиштенип: «Эч кимге айтпагыла, ошол жер жуткур кыз Кемел менен илгертен соо эмес экен... Ошол үчүн качыптыр», – десе, Салийма эже бирөө тыңшап тургансып, үнүн пастатып: «Эч кимге айта көрбөгүлө, Айзаданын боюнда бар имиш, ошол үчүн үйгө келбептир дейт... Гүлсүн деле билет имиш, элден уялып өзү качырган имиш, калп эле каргап-шилеп жүрөт»,– десе, тамтуңдап араң баскан Галбу кемпир башын чайкап, «Ой тообаа!» – деп жакасын кармап күбүрөнөт.

– Өзүңөр билет турбайсыңарбы? Боюнда болгону чын болуш керек, бекер жерден өрт чыкмак беле? Бузуку кыз – деп апам ансайын жулкунуп сүйлөйт...

Албетте, булардын бардыгы калп, ушак! Айзадаханды кимиси менчелик билмек?! Мындай жок жердеги ушактарды ким жаратып жүргөнүн билбеймин... Ушундай чоң кишилер калп айтыштан уялышпайбы? Сиздер калп айтасыздар, Айзада сүттөн таза! – дегим келет,– бирок оозума бир нерсе такалып калгандай айталбайм. Эгерде мен ошентсем эле өз абийиримди төгөм... Булар азыр дарбазадан чыгар замат бир-бирине:

– Бул да соо эмес.

– Айзаданын досу болчу.

– Караматтын да шору бар экен! – деп айтып кетишет. Мындай кептер жөн жатпайт, дуулдап тарайт эмеспи. Адептүү, абийирдүү кыз деген наамдан айрылам. Баарынан да апамдын балээсине калам. «Сага эмне күч келди? Эмне үчүн энеңдей аялдарга атырыласын!» –деп жанымды быякка сууруп алат. Ач кулактан тынч кулак, тымпыйып отурганым жакшы го!

Ансыз деле бул аялдардын ар биринин ууру көзү менде! Апам элдин көзүнчө кызым эркектин алдынан кыя басып өтпөйт деп мактанганы менен Айзада качкандан бери аябай кооптонуп, менин баскан изиме түштү.

– Сабактан чыккандан кийин бир минута токтобой туура үйгө жөнө, уктуңбу? – деп мектепке барарымда күн сайын кулагыма куят... Ошол дейсинерби, мен мектептен чыксам, Туратбек даяр:

– Апам тез келсин деп чакырып жатат,– деген анын кекээрдүү буйругун күн сайын угам...

Кокус Туратбектин «кызың балдар менен күлүшүп, бирге келе жатыптыр» дегенин уксачы, анда апам күйүп-бышып:

– Шойконуң бар болсо апаңдан түңүл... Мен Гүлсүндөй журт аралап жүрө албайм. Тетиги күрпүлдөп агып жаткан Агарттын дарыясынан апаңдын сөөгүн таап аласың билдиңби? – деп коркутат, эсиңди эки кылат.

Мурда апам Туратбекти бооруна кысып, жыттап жатчу. Азыр апам экөөбүз бирге жата турган болдук. Күнүгө жатарда апам көк дөбөтүбүздү айбандагы түркүккө байлап, чоң дарбазабызды кулпулап, үйдөгү эшикти ичинен бекем такактап коёт да, төшөккө жатып алып, көпкө дейре келме келтирип: «О кудай, доско күлкү, душманга таба кыла көрбө»,– деп өзүнчө күбүрөй берет. Уйку-соодо жатып, кэ-

эде боорум эзилип, күлкүм келсе, кээде апамдын кебетесин көрүп, аяп кетем: «Апажан, мага ишене бериңиз, менде ан-дай жаман ой жок, өзүңүздү кур бекерге кыйнабай, тынч уктай бериңиз», – деп айтсамбы дейм, бирок андан бетер күмөн санап, тынчы кетпесин деп корком. Ошол үчүн эч нерсени туйбамыш болуп, апамы бекем кучактап жата берем...

Апам кыйналып уктоочу болду... Кечээ чоочуп ойгонсом, апамдын кысталган үнү чыгат, кимдир бирөөгө жулунгансыйт, менин билегимди бекем кармап алыптыр. Коркуп кеттим.

– Апаа! – деп түрткүлөп жибердим, ойгонду да мени көрө коюп:

– Кудая шүгүр, түшүм турбайбы? Түшүм түлкүнүн богу, өзүм иттин богу, – деп ырымын кылып, түкүрүнүп, анан мени жаш баладай бооруна кысып жыттагылады...

Апам аябай коркунучтуу түш көрүп, чочуп калса керек... Жүрөгүнүн дүк-дүк этип соккону даана угулат, чарчагандай өрөпкүп дем алат. Таң атып калса керек, биздин кызыл короздун чаңырган үнү угулду. Дагы эле апамын Жүрөгү дүк-дүк.

– Апа, басырык бастыбы?

– Апам оор үшкүрүп, мага ыраазы болгондой:

– Кайдагы басырык басмак эле, беймаза түш көрдүм.

– Дайыма кыйналып уктай турган болдуңуз да... Эмне коркунучуңуз бар? – деп сурайм билмемишке салып.

– Гүкүш, майда жашың калган жок. Айтпасам да өзүң баамдап жүргөндүрсүң кызым... Эне түшкүр бойго жеткен кызынын азабын аябай тартат экен. Тигине, атаң түшүнө дүйнө кирбей уктап жатат... Ойлоп да койбойт.

Апам унчукпай калды. Чынында эле атам токтоо, ан-ча-мынчага ачууланбаган, бейкам адам... Ушунча уйкусу катуу, эгер үй өрттөнүп кетсе да, сезбей, коңурук тартып уктай берет. Бечара апамдын какшаганынча бар...

– Кыз бала бирөөнүн аманаты... Эч нерседен кем кылбай чоңойттук, өстүрдүк. Көп эле кишилер сөз салып жүрүшөт, эч кимисине көңүлүм тойбойт... Менин максатым, барган жериң оокаттуу, алың-келиңдүү кишилер болсо... Барганда мандайың жылып кайтса деген тилек да... Апам кейигендей оор үшкүрүндү:

– Кызым, өзүңдөн жашырып эмне кылайын... Жатакалгыр Айзада качкандан бери апаңда жан жок. Жаман-жаман түштөрдү көрөм. Түшүмдө сен тиги Абдылда менен качып кеткен имишсиң мен жер муштагылап, өңгүрөп ыйлап жүрөм. Гүлсүн табасы канып: «А Караматканым, мактаган кызың ушул беле?» – деп, алаканын чаап, карсылдап күлөт. Мен эмне дээримди билбей, жерден таш алып, ага атырылам... Кайриет түшүм экен. Биздин досубуздан душманыбыз көп. Бизди жер каратсаң, мен ак сүтүмдү кечпейм.

– Апа, кайдагы кептерди сүйлөйсүз,– дегемин төшөктү чүмкөнүп:

– Чүмкөнбө, сөзүмдү ук, – апам таң атканча акыл-насаат айтты. Андан кийинчерээк мына мындай кызык окуя болду. Түн жарымында ойгонуп, эшикке чыккым келди. Апам коңурук тартып катуу уктап жатат. Керели-кечке кир жууп аябай чарчаган болчу. Апамды аяп, ойготкум келбеди. Акырын туруп, бутумдун учу менен басып эшикти кырч эткирбей тышка чыктым... Ай жарык экен. Эмнеден коркмок элем? Качанга апамдын этегине асылып, шырп этсе, элеңдеп жүрмөкчүмүн?! Жетишет, бойго жетпедимби?

Эми гана жайланышып отурганымда, апамдын ый аралаш ачуу үнү угулду... Коркуп кеттим, ордумдан тургуча шаштым. Ээнбаштык кылганыма кейидим да:

– Апа, мен мындамын! – деп доош бердим.

Апам экөөбүз босогодон беттештик. Апам бечаранын өңү өчүп кетиптир. Иреңи купкуу, чырак кармаган оң колу калтырайт. Көйнөгүн да толук кийбептир, сол жеңи бош саландайт. Караңгыда кайда жүрөсүң дегендей, уйкусу умачтай ачылып, атам ыштанчан дугдуюп апамдын артында турат. Айыптуу кишидей жер карадым.

– Кайда жүрөсүң жети түндө өзүң жалгыз? – дейт апам чыракты бетиме кармап. Унчукпайм, атамдан бетим чымырап уялам...

– Ой, кайда жүрөсүң?

– Ушул жерде эле...

– Ушул жериңдин аты жокпу?

– Коргондо...

– Коргондо жарым түндө бышырып коюптурбу?

Эмне демекмин... Эркек болсом, айтар жообум даяр эле... Кызмын да, бет маңдайымда атам турса. Бүткөн боюмду чыпылдап тер басты. Унчукпайм, атам үйгө кирди.

– Каерге отурдуң? Көрсөт – деп, апам панызды кармап ээрчип алды. Караңгыда ошол орунду таппай темселеп да журдук.

– Калп айтыпсың?
– Ушул жерге отургамын.
– Канаке?
– Мынаке...
Апам өз көзү менен көрүп, жаны тынды окшойт...
– Туну жалгыз чыкпа дебедим беле?
– Сизди аяп, ойготкум келбеди...
– Мен жерге кирейин... Ойгото бер, апаңды кудай албайт. – Сол жеңин ондонуп кийди да, ачуусу тарагандай. – Ойгонсом ордуң бош. Сыйпаласам жоксуң... Гүлсүндүн таз кебетесин кийген экемин деп, атаңды жулкуп ойготтум...
– Коюнузчу апа!
Ээрчишип үйгө кирдик, атам уктай элек экен...
– Жок жерден чуу чыгарып адамдын уйкусун буздуң – атам наалый сүйлөдү.
– Бир жолу уйкуң бузулса, эмне болуптур, мен күнүгө уктабай жүрөм.
Апам өзүнчө бирдеме деп күбүрөдү да, тил кайырбай төшөгүн чумкөнүп тетири бурулду...
Апам экөөбүз чечинип кучакташып жаттык...
О, кагылайын апажан! Сиздин энелик жүрөгүңүз мынчалык мээрбан, мынчалык боорукер жаралды экен? Эне түшкүр баланын азабын дайыма тартат турбайбы?
Жүрөгүм эзилип, апамды бекем-бекем кучактап, алкымынан жыттагыладым. Үч-төрт жаштагы наристе болуп калсамчы? Дайыма апамдын койнунда эркелеп жатмакмын. Зээним кейип, көзүм нымдаша түштү бейм.
– Ыйлап атасыңбы?
– Жок апаке!
...Таң атканча апам экөөбүз тең көздөрүбүздү жумуп, жүрөгүбүздү өйкөгөн бир нерсе тууралуу ойлонуп жаткансыдык. Тилибиз унчукпаса да, жүрөктөрүбүз сүйлөшүүдө.

VIII

Жылдар мынча зымырап тез өтөт? Кечээ эле мен эрбеңдеп, апамдын этегине жармашып жүргөн бир секелек кыз эмес белем?
Мынакей окуу жылы аяктап, жакын арада жетилүү аттестатына ээ болобуз деп, мамлекеттик экзамендерге кызуу даярдык жүрүп жаткан учур. Күн сайын консультация, контролдук жумуш, жадап да кеттим...

Агайлардын мамилеси да башкача. Сабак билбейсиңер, жакшы даярданбайсыңар деп, мурдагыдай жемелешпейт. «Биз өз билгенибизди үйрөттүк, аябадык. Ар бириң жакында өз алдыңарча кесип тандап кетесинер. Туура жол тандай көргүлө, кийин арман кылбагандай болгула», – деп аталык камкордук менен эскертишет.
– Ыракмат агай! – деп, балдар туш-тараптан чурулдашат.
Бирок, мен көңүл кошмун, капамын. Эмне үчүн тезирээк бүтсөм экен деп шаштым экен? Аттиңай, азыр биринчи класста окуп калсамчы?
Менин көзүмө кызыл баркут чапан кийген, чачтары сербейген, болпойгон жоош ак саргыл кыз элестейт. Ал арткы парталардын биринде агайды көзгө илбей нан чайнап отурат.
– Гүлайым нан жеп жатат,– деп кимдир бирөө сүйүнчүлөйт. «Б» тамганы үйрөтүп жаткан агай жанына басып келип:
– Нан жебе, уят болот, – дейт анын чачынан сылап.
– Жейм, курсагым ачты,– деп ыйлап жиберет. Бардыгы жапырт күлүшөт. Агай алдап-соолап, соорото албай жүрөт.
Ошол бойдон ак сары кызга суктанам...
Экзамендер да аяктайт, он жыл бою бирге окуган балдар кесип издеп, туш тарапка чилдей тарашат. Кажылдап сабак окуп отуруп баш ооруп чарчайбыз. Ошондо, ким кайсы окууга барат деген маселени күн тартибине коюп, балдар ар бири өз оюн жашырбай айтып чурулдашат.
«Салтанаттуу» чогулушту комсорг эмессиңби деп Ыдырыска тапшырат. Ал колуна чон бийлик тийгенсип, заматта мурчуюп, сестүү карап:
– Ким биринчи өз пикирин айтат:
– Мен.
– Сөз жолдош Эргешов Аманбайга берилет.
Аманбай балдарга карап, өзү айыл-чарба институтундагы зооветеринардык факультетине өтөм, бул менин илгертен самап жүргөн максатым,– деп кыскача баяндайт.
– Жолдош Эргешовго сурооңор барбы?
– Бар.
– Сен былтыр университеттин тарых факультетине кирем деп жүрбөйт белең?
Аманбай бул суроого жооп берем дегендей башийкеп:

– Шарип дос, былтыркы менен быйылкынын айырмасы бар го. Жыл сайын адамдын ою өсөт эмеспи.

– Дагы суроо барбы?

– Бар.

– Кайсы себептен сен өзүндү айылчарба институтунун студенти деп эсептейсин? Мүмкүн окууну бүтпөй каларсың? Мүмкүн институтка өтпөй каларсын? – Аманбай каткырып күлгөн кээ бир балдарга жаман көзү менен кыжырдуу карап:

– Бүтөм да, өтөм, – дейт ишеничтүү.

– Түшүнүктүү, – деп Абдылда көзун кысат.

– Эмне үчүн көзүндү кысасың? – дейт Аманбай эриндери кубарып. Абдылда ушуну гана күтүп тургандай, ордунан шып туруп, баарыбызга моокуму кангандай күлүп кайрылат.

– Аманбайды карасаңар, мунун эркине койсо, көзүндү да кысууга болбойт, чүчкүрүүгө да болбойт...

Классты көтөргөн каткырык.

– Эгерде, атасындай колхоздун башкармасы болсо, ой, бул эч кимге күн көрсөтмөк эмес экен?

– Атама асылба.

– Карасаңар, муну, күбө болгула, мен атасына асылып жатамбы?

Ыдырыс чыр чыгып кетпесин деп, экөөнүн айтышын токтотуп, сөздү Кадырга берет.

Мен Фрунзедеги автодорожный техникумуна кирем да, эки жылда бүтүп инспектор болом.

– Ой жаны жок, кечээги «чогулушта» финансы техникумуна кирем дебедиң беле? – дейт Аманбай.

– Дегеним чын, бирок инспекторлук пайдалуу көрүнөт. Ошону тандадым.

– Буга ишенип болбойт.

– Эртең дагы өзгөрөт.

– Ишенбесеңер койгула, инспектор болгонумда көрөсүңөр. – Кадыр таарынгандай өз ордуна отурат.

Ыдырыс капкара чачын салаасы менен сылап:

– Сөз Өмүрзаков Абдылдага берилет.

– Сөзүм жок.

– Окугуң келбейби?

– Баары окууга кетип калса малды ким багат? Эгинди ким орот? Мен колхоздо иштейм, карыган ата-энемди багам. Силер окуй бергиле.

– Болуптур зордобойбуз. Дагы ким сүйлөйт?!

– Кыздар сүйлөсүн.

Сөз Зулайга берилет. Ал ордунан козголуп койбой:

– Мен саанчы болом.

– Абдылданын үгүтү күчтүү болду го.

– Зукештин окугусу келип турат, бирок...

Зулай ордунан тура калып какшыктап жаткан балдарга атырылат.

– Силердин ишиңер канча, эмне кылсам өз эрким.

Азыр кезек мага келет, эмне дейм? Зулайды туурап саанчы болом деймби? Жок, антпейм. Эмне десем? Окугум келбейт деп кесе сүйлөсөмбү? Себебин айт дешет.

– Сөз Гүкүшкө берилет.

Мен укмамыш болуп баш көтөрбөйм.

Ошол учурда класстын эшиги ачылат да, секретарь кыз кирип келип:

– Кыздар, силерди директор чакырып жатат,– деп өз убагында мени туюкка камалган жеримден куткарып калды.

– Директор агайга балдардын кереги жок бекен? – деп, Кадыр кычылык кылып, башын тырмайт.

Айткандай эле директор агай чакырыптыр.

– Келгиле, кыздарым, отургула. Биз стулга коомай отурдук. Агай да кебин түз эле окуудан баштады:

– Экөөң тең Фрунзеге окууга бармак болдунар. – Биз жер карап унчукпадык. – Эмне, окугуңар келбейби?

– Агай, менин саанчы болом деген тилегим бар,– деп бул жолу да Зулай озунуп койду. Агай колундагы карандашын тыкылдатып, башын чайкады да:

– Кызым, ушул өзүндүн сөзүңбү, же апаң үйрөткөн сөзбү?

– Жок, агай өзүмдүн оюм.

– А сенчи кызым? – деп, мага кайрылды. Баягы эле жүрөктү өйүгөн суроо, эмне дейм.

– Билбейм агай...

– Түшүнүктүү... Эмесе, кыздарым, кеп ушундай. Быйыл райондо онунчу классты бүткөн кыздардын баары жогорку окуу жайына барат. Ушундай көрсөтмө бар. Бизде саанчылар жетишет, окуган кыздар жокко эсе. Экөөңөрдүн тең атаңар кыздарыбызды жиберебиз деп, убадасын беришти. Ыргылжың болбой экзаменге жакшы даярдангыла.

Биз ордубуздан жай туруп, «чын айтып жатасызбы?» дегендей жалдырап карадык.

– Агай, атам макул болдубу? – дейм ишенбей, күмөн санап.

– Калмурза аке макул болду, кызымды Фрунзеге жиберишке кайылмын деп убада берди.

Таң каларлык! Эч нерсе түшүнбөйм, бетим ымыр-чымыр. Ишенбейм, дагы эле күмөн санайм. Агайды жал-жал карап, Зулайды ээрчий чыктым. Коридордо балдар үймөлөктөшүп, кулактарын түрүп, бизди күтүп турушуптур.

– Кыздар, эмне кеп?

Мен унчукпадым.

– Биз Фрунзедеги каалаган окуу жайына экзаменсиз кабыл алынат экенбиз! – Зулайды балдар тегеректеп ортого алышты.

– Баарыбызбы? – деп Аманбай чебеленет.

– Жо-ок. Силерди эмес, бизди, кыздарды, Гүлайым экөөбүздү, – деп Зулай кубанычтуу добушун бийик чыгарат. Балдар ичтери күйгөндөй чурулдашат. Кадыр бизге суктанып карап:

– Кап, кыз эле болуп калсамчы? – деп арман кылгансып сүйлөйт. Баарыбыз жапырт күлдүк. Жакшы тилегиң бар экен дешип, балдар Кадырдын сөзүн ала качышып, туш тараптан какшыкташат.

Бирок, алардын көңүлдүү тамашасы кулагымдын сыртынан кетип, жүрөгүм туз куйгандай ачышат.

Атам кантип макул болду экен? Ишенбейм... ишенбейм...

IX

Артымдан бирөө кубалагандай үйгө шашып келатам, бул эмне деген кеп деп эч нерсеге түшүнбөй, ойлонуп келатам. Мындай кысталыш учурда жол да арбыбайт. Жүрөгүм кабынан суурулчудай талпынат... Дүк... дүк... дүк...

Эч качан миптип шашкалактап, элдин сугу түшкөн сынымды бузган эмесмин. Бирөөлөр көрсө, эмне дейт? Элеңдеп аяк-быягымды карайм.

Коргонубуздун сыртындагы жапыс талда атамдын жээрде аты окуранып, жер тепкилеп турат.

Кирдим. Апамдын ачууланган добушун угуп, тандырыбыздын жанында токтой калдым.

– Көзгө кармаган жалгыз кызымды жанымдан карыш эч жакка жылдырбайм дедим, жылдырбайм! – Апамдын үнү буулугуп чыккансыйт.

Түшүнүктүү!

Мен алардын үстүнө шарт кирип бара албай, же артыма кайта албай, ордумда арсар туруп калдым.

Апам тынбай какылдап, атамдын жазасын колуна нак карматып жатат. Апамдын заардуу добушуна чыдабай, мынабу жансыз коргонубуздун дубалдарынан жанырык чыгууда, бирок атам тилсиз кишидей унчукпайт. Чыдамкайлыгына ыракмат, э!

Унчукпоо атамдын көнүмүш адаты. Апамдын сары түгү бетине жамырап чыгып, жаны кейип ачууланганда, атам эч качан каяша сүйлөбөйт. Ушул убакка атамдын эркексинип, апама атырылып муш көтөргөнүн көрө элекмин. Чыр-чатактын баарын апам баштайт да, жемени атам угат. Ошон үчүн апамдын теңтуштары: «Карамат багың ачылган зайыпсың да, кызыл камчы эрге жолуксаң, тилиң бир кулач болмок эмес»,– дешкендерин көп уккам.

Атам апамдын тилинен такыр чыкпайт, айтканын эки кылбай орундатат. Апам ансайын бааланып, оюна келгенин кыла берет. Буга атамдын урук-туугандары нааразы. «Калмурза адамбы? Бир жоош өгүз да. Аны аялы ноктолоп мурдунан жетелеп алган»,– деп кеп кылышат. Кантсе да апам багы ачылган зайып...

Күтүлбөгөн жерден атамдын кыйкырыгын угуп, селт эте түштүм. Өз кулагыма ишенбейм.

– Эй, макулук, кандай түшүнбөгөн жансың? Менин эркимде болсо, кызымды окутайын деген оюм жок, акыры ишенесинби адамга. Жалгыз эле сенин кызың барыппы? Биздин райондун кыздары такыр жогорку окуу жайларына окубайт деп, жолдош Ташымовду секеге чакырып, бүйрөдө катуу жаза бериптир, акыры түшүнөсүңбү? Ар кимге жан керек да. Сенин кызың үчүн мен кызматымдан шыпырылып көчөдө салактап басып жүргүм келбейт. Акыры түшүнөсүңбү?

– Кызматым... кызматым... Бош жүргөн адамдын ооката өтпөй калыппы? Ошол кызматынды Ташымов мойнуна тагып алсын. Түшүндүрүп айтпайсынбы? Тилиң жокпу?

Ооба, атамдын тили жок, унчукпайт. Ага боорум ооруйт, негедир ичим кайнайт. Атамдын мынчалык жер караган жооштугун мен да жактырбайм. Мен атамдын ордун-

да болсом, ордумдан атырылып тура калып: «Эй катын, өз ишиңди бил, менин кызматыма киришпе. Кызым эл катары окууга барат. Кеп ушул», – дейт элем.

Атам унчукпайт.

Алар унчугушпай калышты. Эч нерсе укпаган, билбеген кишидей момоюп үйгө кирдим. Апам кумсарып, сары түгү бетине чыгып калыптыр, чоң сандыктын жанында отурат. Атам кире бериште айыптуу кишидей жер карап мурчуят. Эч кимиси озунуп келдиңби деп да койгон жок. Мен да унчукпай, сыртка карай жөнөдүм. Ооба, азыр апам артымдан сынап карап турганын желкемен көрүп турам.

Мага бардыгы эртеси түшүнүктүү болду. Мындай күтүлбөгөн окуя болот деп ким ойлоптур дейсиз.

Кечээ биздин колхозго райондун биринчи секретары жолдош Ташымов өзү келип, активдер менен кеңешме өткөрүптүр. Талкууланган негизги маселе, кош айдоону, чөп орууну мөөнөтүнөн мурда бүтүрүү эмес, онунчу классты бүткөн кыздарды милдеттүү түрдө жогорку окуу жайына жиберүү экен. Эсепке караганда биздин райондун кыздары республикабыздын жогорку окуу жайларында өтө сейрек учурайт имиш.

Бул имиш эмес, чындык! Алыска барбай биздин колхозду алып көрөлү. Силерге жалган, мага чын, ушул убакка чейин биздин колхоздон бир дагы кыз онунчу классты бүтүп, жогорку окуу жайларына кире элек десем, кээ бирөөлөр аябай таң калышы мүмкүн. «Кантип? Бул жалган, апыртуу» – деп, мага жалаа жабышы да ыктымал. Албетте, бул угуга өтө оор, бирок чын кеп. Ал мындайча: биринчи класста балдар менен кыздар теңме тең эле болот. Кыздар жогорку класстарга жеттиби, элегендей суюла берет, суюла берет.

Биз да ушундай болдук. Он эки кыз биринчи класстын астанасын кошо аттап, ошол жоон топ кыздан үчөөбүз калдык, кайсы күнү чоочун үй-бүлөнүн казан аягын калдыратып калар экенбиз деп жүрсөк Айзада качып кетти. Ал да окуунун айынан...

Ошентип, көз көрүнөө арабыз суюла берди. Ойлоп көрсөң бул коркунучтуу! Сен кызсың! Бир күнү сени менен окуп жүргөн, бирге өскөн, сырдаш теңтушуң капыстан күйөөгө тийип кетет да, анын орду бош калат. Агайлар мектеп жашындагы кызды күйөөгө зордуктап жибериштиң деп, тийиштүү жерлерге билдирет. Текшерүүгө киши жиберилет. Сүрүштүрүп келсе күйөөгө тийген кыз сельсоветтин каттоосунда эч кеми жок он сегизде болуп чыга келет. «Өзүм каалап, өзүм тийдим. Эч ким зордогон жок, өзүмдүн окугум келбейт», – деген үйрөтүлгөн сөздөр даяр. Өзү окутуп, өзү таламын талашкан окуучу кызынан ушундай кепти угушуп, агайлар да ичтеринен тынышат.

Кетчү кыз кетет, агайлар ар бир сабак сайын тизме окуганда, кеткен кыздын фамилиясын атабай, аттатып өткөндө өзүңчө эле ичиңен сыздайсың, басмырт болосуң. Тизмеде өз кезегиң келгенде «бар» деп, бош айтып, кайра отурууга шашасың. Бетиң чымырап, агайга тик карай албайсың. Мүмкүн агай: «Кызым, качанга чейин бармын деп, өзүң добуш берип турар экенсиң, же сени да ата-энең он сегиз жашка толтурууга камынып жатабы?» – деп астыртан сынап карагансыйт.

Чынында коркунучтуу. Сен араң он бешке чыктың, бирок жашыруун күчтүн жардамы астында он сегизге секирип жетип, аз келгенсип бирөөлөрдүн шыбырына эрксизден көнүп: «Окугум келбейт» – деп, каратып туруп калп айтып турсаң, анан агайлар сага кантип нааразы болбойт!

Жакын арада менин да ордум бош калып, агайлар фамилиямды аттатып өткөндө, кимдир бирөө озунуп: «Калмурзаева да эрге тийип кетиптир»,– деп кыйкырар деген санаа менен ушул күнгө жеттим.

Эми онунчуну бүтөрүмө шектенбей калдым. Баягы жоон топ он эки кыз быйыл онунчуну бүтүп, баарыбыз каалаган окууларыбызга кетсек кандай жыргал болор эле! Окусак деп талпынып, бирок, тилектерине жетпей калган теңтуштарымды эстесем, көзүмөн жаш кылгырат, туз куйгандай ичим ачышат.

Көздөрү ойноктогон, каштары чийилген капкара, чукугандай сөз тапкан, эч кимден жалтанбаган Катыйча эске түшөт. Анын кубулжутуп ырдаган обонучу! Угуп отургум келет. Ал «Эсимде», «Эсте секет» деген ырларды катырчы эле. «Мыскал эжедей артист болсом» – деп, эңсеген тилегин жашырбай айтчу. Катыйчаны жетинчи классты бүтүп, каникулга тараганда, апасы: «Кызым Папандагы тагасыныкына кетти» – деп, элге угузду. Окуу ачылганда, апасы, кызым ошол жакта окуп жатат деген справка тапшырып кутулуп кетти... Кийинки жылы окуп жаткан кыз энесиникине үч айлык уулун ороп, төркүлөп келди. Кызын окутпас үчүн биздин ата-энелер ойго келбеген айлаларды ойлоп таба алат!

Керели кечке бир сүйлөп койбогон, акыл эстүү кыз периси Касиеткан азыр кайдасың? Аны да сегизинчиде окуп жүргөндө, ата-энеси көз көрүнөө эле Араванга күйөөгө берип жиберди. Ошондон бери аны көрө элекмин. Ата-энесиникине да аз келет. Жалган болбосун, былтыры областтык газетанын бетинен Касиеткандын пахта терип жүргөн сүрөтүн көрдүм. Кыйын терет, кайраттуу келин деп мактаптыр.

Эсимде: кайсы бир жолу алгебра сабагынан кечигип калсак, агай киргизбей койгон. Экөөбүз мектептин алдындагы жийденин алдынан шырылдап аккан тунук суунун боюнда сырдашканбыз. Ал суу менен ойноп:

– Гүкүш, кээде мен минтип ойлоном... Окуй берсем, окуй берсем, такыр күйөөгө чыкпасам. Анан, өзүбүздүн айылга келип иштесем. Анан үй-жайлуу болсом, ынтымактуу жашап, ал экөөбүз ээрчишип басып жүрсөк.

– Апей, ал дегениңдин аты жокпу?

– Ой, мен дөөрүп жаткан турбайымбы? – Касиеткан уялганына чыдабай, озунуп мага суу чачкан. Экөөбүз көйнөктөрүбүз көл-шал болгуча суу чачышып ойногонбуз. Мен аны чычалатыш үчүн туюк эле «ал» – деп койсом ал айтпа деп, муштагылай берер эле. «Эч кимге айтпа» – деп жалынып-жалбарчу. Биздин туюк сырга түшүнбөй кыздар жабалакташып:

– Бизге да айтып койсоңор. Мынча ардактап сүйлөгөн «ал» дегениңер ким? – деп каңкуулап сурашса, Касиеткан мага жалбарчу:

– Ортакжан, айта көрбө.

– Ал дегенибиз, Алдаберген,– деп айтчу эмесмин.

– Кыйын экенсиңер,– деп кыздар таарынышчу, өздөрүнчө жоромолдошчу, белгисиз «алды» издешчү.

Эгерде Касиеткан жогорку окуу жайын бүтүп, жүрөгү эңсеген «ал» – деген белгисиз кишисине жетсе, кандай бактылуу болор эле!

Эч кимге сырын айтпаган, капыс араздашып калса оңойлук менен жазылбаган Толуну кантип эстеп чыгарайын! Анын бир кемчилиги өндүү-түстүүлүгүнө мактангансып жүрчү. Ошон үчүн, биз мурдубузду чүйрүп, көп учурда андан бөлүнүп кетчүбүз. Биздин ичибиздин күйгөнү – балдар аны көз көрүнөө сулуусуң, кимдин жары болор экенсиң, ошондо көрсөк – дешип, айта беришчү.

– Мен эч кимдин жары болбоймун, врач болом. Силердин мынабу бир кулач тилиңерди кесем,– деп ал асылган балдарды күйдүрүп жооп берчү.

Айта берсең, бардыгы биринен бири сонун кыздар экен! Теңтуштардын кадырына эми жетип отурбаймынбы? Ырас, учурунда бир-бирибиз менен урушканбыз, жамандашканбыз, кайра жазылышканбыз. Бул кеп эмес... Анар, Бермет, Асыл, Айкыз, Ыраат, Бурул, Саажы, Акыштарды ойлоп көрсөм, сонун кыздар эле!

Бармактайдан бирге өскөн, бирге окуган, жанымдай көргөн теңтуштарым азыр кайдасыңар! Билем, билем... Алдың эки балалуу болуп, артың, бирден төрөп, башыңарга түйшүк тартып, кээде балалык чагыңарды, бирге окуган ынак теңтушуңарды эстеп, жүрөгүңөр сыздап, аттиңай,– деп жүрөсүңөр!

Теңтуштарым, силерди мен аябай сагындым. Силер дагы мени эстейсиңерби?

Тектир бир тектир, тектир саз,
Тебишип ойнойт өрдөк-каз.
Тентушту теңтуш эстесе,
Төгүлүп агат көздөн жаш.

Ушинтип тентуштарын аябай сагынган бирөө ырдаган экен. Мен да көкүрөгүмө сагыныч батпай, буулугуп кеткенимде жогорку куплетти улам кайталап ырдасам, сагынычым бөксөргөнсүйт.

X

Быйыл кыздарды сөзсүз Фрунзеге окууга жиберет экен, жаны ачышканда Ташымов өзү белсенип киришип калыптыр деген кабар биздин айылды жалбырттаган өрттөй аралады. Эки аялдын башы бириксе сүйлөшкөнү, иши, эрмеги ушул кеп. Бул күтүлбөгөн кабарга Гүлсүн апа жер тепкилеп сүйүнүп жүрөт дейт. Ал жолуккан аялды атайы токтотуп алып: «Кыйын болсо Карамат кызын эми куткарып алсынчы! Ал, этеги делбиреп бирөөнү мазакташка жаралган... Буюрса, көрүп турам. Ошол жер-сууга тийгизбей мактаган кызы чачын кырктырып, бир жүн башты ээрчип, окуп жүргөндө кантер экен? Кантип жаны чыдаар экен. Охо, куп болду да. Табам ушунчалык канып атат, ортак. Караматтын кызын окууга тарткан өкматтан айланайын. Испайрам суусун кечирем, алыскы жолго көчүрөм деп, оозун бир карыш кылып мактанчу эле, буюрса көчүргөнүн көрөбүз! Кыздa-

рын окутпай калыңга саткан ата-энелерге өзгөчө чара колдонобуз,– деп райком Ташымов чогулушта Калмурзага колун кезеп сүйлөгөн имиш. Эскичилик кимде экенин билген да. Куп болду, ортокжан. Эми «Айзадажаным кайда окуса, ыраазымын» – деп, ар кимге заңкылдап айтып жүргөнүн апам да угуп: «Элден чыгып, энесин таштап, бир жетимдин этегин кармап кеткен бузуку кызын актабай эле койсун! Адамда ар болбосо аңырандап (апамдын тилинин заардыгы ай) сүйлөй берет да.

Менин көзүм тирүү турганда кызым жанымдан карыш жылбайт»,– деп күүлөндү.

Апамдын төбө чачын тик тургузган беймаза окуя эртеси болду. Аркы өйүзгү беттеги колхоздо апамдын кара чекей бир тууган Уулбу деген синдиси бар. Ошо таежем кокус келип, апамдын күйүтүн угуп, ого бетер жарасын ырбатып кетпедиби?

– Айланайын эже, кантип Гүкүштөй кызды ошол Прунзеге окууга жибересиң? Кантип чыдап турасың!? – Алаканды шак коюп, чала-бучук ыйлап жиберди. – Абысынымдын Прунзеге барган уулу ооруган экен, ошого барып келди. Ал айтып отурса, чачың тик турат эжекебай? Прунзе бүт эле бузулуп кеткен имиш. Кыргыздын ыманы ысык Гүкүштөй кыздары чачын түбүнө чейин кырктырып, теги адам кебетесинен кетип калыптыр дейт.

– Койчу, кантип эле? – деп, апам ишенип турса да, бүшүркөп коёт. Таежем андан бетер күйүп-бышып алаканын шак эттирет да, кебин улантат:

– Эжекебай, эсиңиз барда, этегиңизди жабыңыз. Айдай кызыңыздын убалына калып, мусулманчылыктан чыгарып, элдин бетин карай албай калбайлы. Абысын түшкүр тиз- мектеп айтып отурса, көңүлүң айынып, кыжырың келет. Бойго жеткен кыздар күпкүндүз эркектер менен колтукташып, кучакташып жүрө берет имиш. Же адамдан тартынып коюшпайт имиш. Антип эки-экиден болбосо бастырбайт имиш, чоң кыздар турмак кичинекеи кыздар да балдар менен колтукташып анан басат имиш. Менин абысыным калп айтчу катын эмес! Өз көзү менен көрүптүр: түндөлөрү жер жуткур окуучу кыздар карангы бактардын түбүндө эркектер менен кучакташып турганын көрдүм дейт. Ошол эле дейсиңби? Жанагы абысынымдын уулу окуган беш жылдык окуунун жатаканасында балдар менен кыздар аралашып жата берет имиш.

– Калп айтпачы! – Апамдын жаны ык этип, ийне менен сайгандай секирип кетти.

– Калп айтсам өлүп кетейин эжекебай, баламдын күнүн көрбөй калайын.

– Кой, антип суук сөздөрдү оозуңа алба.

– Абысыным айтат: күн чыгарда бир чачы саксайган кыз төшөгүп көтөрүп, бир кызыл майкечен жигитти колтуктап, бактан чыгып келатыптыр дейт. Жакамды кармап, оозум ачылып, аңкайып эле карап калыпмын. Ой, бетиң курусун, чарыкты жамап алганын, уялып койбойт. Дагы арсаңдап күлүп, кызыл майкеченди чымчылап коёт. «Булар эмне кылып жүрөт» – деп, уулумдан сурасам, ал уялып жер карап: «Сааркы салкында мээ сергек болот деп сабак окуп жүрүшөт» – деп, эптеп жашырып койду. Мен ишенгеним жок, баамымда ошол бактын арасында түнөп чыгышкан немелер,– деди абысыным.

Мен да аңкайып таежемдин сөзүн тыңшап, текчеге сүйөнүп, колумдагы ак чыныны эрмектеп туруп калыпмын. Таежемдин кейип-кепчиген сөздөрү жүрөгүмө тикенектей сайылат. Таежем күүлөнүп, алаканын улам шак эткирет да, жаңы кубат менен ачышканын, күйгөнүн билдирип, кебин улантат:

– Жалган чынын ким билсин. Ошол окуган кыздардын бир да соосу жок имиш. Боюна болуп калса, догдурга барып, сойдуруп, алдырып салат имиш.

– Бузулган эл турбайбы? Гүкүшүмдү анан кантип ошол жакка жиберейин! Жибербейм! – Апам да кайраты тайып, ыйлап жиберди.

– Жибербе, эжекебай. Айтайын деп, ишимди таштап күйүгүп келдим. Жездем экөөң бир аракетин кылгыла.

– Э, жездекең жемирилип калсын. Жолдош Ташымовго убада берип койдум деп, лөкүйүп тилимди албай атат.

– Тилиңизди алдырыңыз. Менден укканларыңызды төкпөй-чачпай айтып бериңизчи кантер экен?

– Айтам.

– Айтыңыз. – Таежем дагы бир нерсени эстей койгондой, алаканын шак эткирди. – Ошол жактын бир жаман адаты бар имиш. Бети курусун, айтып отурса. Чырайлуу-чырайлуу кыздарды артынан пайлап жүрүп, андооч коюп, бир күнү оңу келгенде «Победага» аңтара салып ала качат экен. Эжекебай, жумурткадай таптаза Гүкүштү ушуларды угуп, билип кантип Прунзеге жибересиз, кызыңызды бар-

мактайынан бирөө ала качып, анан Ысык-Көл дейби, Талас дейби бир жерине сандалып барам деп, өстүрдүңүз беле? – таежем көз жашын шыпырып алды.

Мындай, адамдын санына без чочута турган суук кабарды укканымда, апам эмес, Фрунзеге барып окусам деп, эки көзүм төрт болгон дилгир жан мен да, тайсалдап калдым. Биз адамдын сымбатына жарашыксыз, чыкчыйган көйнөк кийген, эриндерин боёшкон, чачтарын кырктырышкан шардык кыздардын газета-журналдарга чыккан сүрөттөрүн көрүп, күлүп жүргөнбүз. Ал эми күпөкүндүз эле кучакташып, өбүшүп, боюнан алдырышкандарына денем дүркүрөп, ишенбей чочуп турам. Эгерде ушундай болсо эң жаман! Кыздар жибектей созулуп, биринчи кезекте өз абийирин сактап жүрүш керек да... Анан окуу...

Мүмкүн, таежем апыртып айтып жаткандыр. Ким билет. Мүмкүн, бул кыздардын ата-энелеринин эсин чыгарыш учун ойлонулган ушактыр. Кантип эле университеттин жатаканасында кыздар менен балдар аралашып жатсын! Каерде болсо да тартип болот эмеспи!

Быйыл кышта биздин мектепке Ош пединститутунун студенттери практикага келишти. Теңи эле кыргыз кыздар экен. Ырас, алар бирге окуган балдар менен колтукташып жүргөнүн көрдүк, бирок, таежем айткандай шумдуктарды байкабадык.

Өз оюмду тайманбай апама айтуудан тартындым, батына албадым. Жаны кейип, урушарга киши таппай, көзүнө кан толуп турганда апама акыл айтуу коркунучтуу, кутулбаган балээге каласын.

– Мунун үйрөткөн акылын карасаң ушак деп коёт. Менин кара чечекей сиңдимдин күйүп айткан акылы ушак имиш. Оюна койсо Прунзага барып, чачын кырктырып, жеңи жок көйнөк кийип, ээн-эркин жүргүсү бар. Өлсөм да окууга жибербейм! – деп долуланып, кулак-мээмди жебейби. Мындай заардуу кеп укkандан көрө, ач кулактан тынч кулак тымпыйып, кеп тыншап отурганым эп эмеспи.

Таежем апамдын кулагына куюп, «Гүкүштү окууга жибере көрбө» деп, жер муштап кеткенден бери биздин үйдө уруш-жаңжал. Апам эптеп эле шылтоо таап баарыбыз менен урушат. Мен кичине чеки бир нерсе кылсам: «Көрчү, окууну укkандан бери мунун түрү өзгөрдү», эгерде экзаменге даярданып баш көтөрбөй китеп окуп калсам колумдан жулуп алып: «Мага мударис болуп көрүнбө, баары бир окуга жибербейм» – деп, чамынат. Мен эмес Туратбек да мурдагысындай талтаңдап апама асыла коюп көп таяк жеди. Табам канып калды.

Баарыбыздан апамдын балээсине калган атам. Эртең менен туруп кетет да, жатарда гана үйгө келет. Чай ичет да жатып алат. Апам болсо башына соксоюп отуруп алып, ачуланат, урушат, жалынат, ыйлайт.

– Акыры ошол Ташымовуң да тирүү жан го, жолун таап, беш-алты миңди берип койсо да, Гүкүштү калтырсак, – деп атама кайрылат.

– Кадырың жан болсун, Ташымов андайга барчу киши эмес.

– Камырап койбогон кандай таш боор жансыз? Ойлоносузбу, акыры? – Атам тетири карап унчукпайт.

– Акыры эр болгондон кийин бир масылаат айтасызбы?

Апам чарчаганда, сабыры суз жаныма кынтаят. Көпкө уктай албай ары-бери ойдолоктой берет. Көзү илинип, уктап кетсе да денеси диртилдеп, чочуп ойгонот!

Айтпаса да түшүнүктүү! Баягы, коркунучтуу түштөр да!

XI

Айла издеп, райондук комсомол комитетине баратабыз... Суугa чөгүп бараткан адам жан талашып, колуна илинген балырга асылат турбайбы?

Апама бул акылды ким үйрөттү экен? Атамбы? Же, өзү ойлонуп тапты бекен? Апам айлакер аял. Керек болсо, өкмөт менен партиянын чечимин да куп эпчилдик менен өз кызыкчылыгына пайдалануудан тартынбайт.

Менде не жазык. Апам жаз деди жаздым. Жүр деди ээрчип баратам.

Жолду ката апам эбиреп-жебиреп акыл үйрөтүүдө.

– Бетме-бет келгенде тартынбай айт. Уялып жер карап, шек алдырчу болсоң таарынба. Элге шылдың болобуз. Тике карап: «Окуп бүттүм, эки жыл иштеп анан улантам» де, тилиңди кесип албайт. Уктунбу?

– Уктум.

Апам менин уялчаак экенимди, кысталыш учурда сөзүмдү таппай калаарымды билет. Ошол үчүн кайталап сурап, сынап: – Мен ошол Адыловмун, сен үстүмө кирдиң. Арызды көрүп:

– Туура эмес, окуйсуң, – дейм кабагымы салып, – анда эмне дейсиң? – Ырас эле эмне дейм... Так жооп бере албай буйдалып калдым.

– Мынакей, көрдүңбү? Буйдалып калдың? Жок, агай, мен иштегим келет, элге пайда келтиргим келет дебейсиңби? Дагы Прунзага барам дейт. Бир сурооого так жооп бере албай жатып. Жүүнүң бош. Атаңы тартпай кал. Агар мен беш класс бүтсөм, бүт районду башкарат элем,– деп апам макталып да жиберди.

Моюнга алыш керек, мендей орто мектепти бүтсө, бир кыйла жерге кетмек. Отузунчу жылдары алты ай лекбезде окуган экен, арбаландатып кат жаза билет. Апамдын бир арманы ичинде.

Зуулдап райондун борборуна да жетип бардык. Киреберде алдында апам мага эскертти:

– Эч уялба. Тартынбай айт.

Райкомдун сырткы бөлмөсүндө бир сары татар кыз машинка басып отуруптур. Апам баш ийкеп учураштыда:

– Кызыке, Адылов барбы? – деди.

– Бар, күтө туруңуз. Азыр келет, – деди.

Биз ак шейшеп менен капталган диванга жеңил отурдук. Дубалдагы чоң саат «чык-чык» этип кагат, убакыт өтөт. Негедир бетим тамылжып уялам, жүрөгүм түйлайт. Каалга ачылганынан карай салсак, Адылов экен. Ордубуздан леп тура калдык.

– О Карамат эже, келиңиз. Калмурза аке күүлү жүрөбү? Бала-чакалар тынчпы? – деп алыстан эле кол узатып, илбериңки учурашты.

– Биз сизге келдик эле, – деди апам.

– Абдан жакшы болуптур, келчи эмес элеңиз... Кана эмесе, кириңиз,– деп апам экөөбүзгө каалга ачты.

Отурдук.

Мен лениндик комсомолдун катарына ушул бөлмөдө өткөнмүн. Дайыма адилет болом, бардык кайратымды элдин кызыкчылыгына жумшайм деп, ошондо убада бергенмин. Тигине, мандайда улуу Ленин мээримдүү күлүмсүрөп, мени жылмайып карап турат. Мүмкүн, Ленин: «Кызым, тартынба. Башыңды бийик көтөрүп, болгон ишти ушул жерде айт», – деп тургандыр. Ленин ата, мен сиз самагандай эмес окшойм. Кантейин, апаман корком, апамды аяйм!

– Коош, келип калыпсыз, – деп Адылов апама кайрылды. Апам мага карады. Шол замат кемселимдин ички чөнтөгүнөн үч бүктөлүү арызды сууруп чыгып, ага сундум.

Апам «Эми жаның болсо айт» дегендей бутумду басып койду.

Апам экөөбүздүн эси-дартыбыз тиги окуп жаткан кагазда. Жарым барак арызымды бир саат окугандай сезилди. Эмне деген жооп берер экен деп, тыбырчылайм. Боюму калтырак басып, нымшып тердегенсийм. «Гүкүш, азаматсың, кыздардан биринчи болуп сен жазып жатасың? Комсомол кубаттайт» – деп, колумду тура калып кысса кантем? Анда апамдын күнү туйт.

Тигине агайдын кабагы бүркөлүп, он кашы жогору серпиле түштү. Кызыл карандаш менен арызымдын бир-эки жерин сызып да койду.

– Азыркы балдарга түшүнүп болбойт. Атасы экөөбүз оку, биздин мүмкүнчүлүгүбүздөн пайдаланып билим ал десек, тултундап тил албайт. Мен комсомолкамын, колхозго иштейм, деп жанымды койбойт. Колуңузда турган арызды жазып, ээрчитип бар дейт. Келбеске айла барбы! – Апам айыптын баарын мага түртө салып, өзүн актап, суунун аркы өйүзүнө өтө качты. Адылов койдон момун боло калган апамы, жер карап үңүрөйгөн мени, алмак-салмак карады. Колундагы карандаш менен столду такылдатып, ойлонуп калды. Апам бир нерсе ойлоп тапкандай, жымың этип күлүп койду.

– Гүкүш ушундайбы? – деп менден күлүмсүрөп сурады.

– Ушундай,– деп араң эле баш ийкедим.

– Дурус, дурус,– деп телефондун трубкасын алып: – Жолдош Ташымов менен байланыштырып коюңузчу? – деп кимдир бирөөгө кайрылды.

Жолдош Ташымовго биздин эмне үчүн келгенибизди түшүндүрүп айтты. Ал дагы көпкө бир нерселерди айтты окшойт. Бир жолу агай күлүп да жиберди. Айрыкча апам көзүн трубкадан албай заңкайып карап турат.

– Ата-энеси оку десе да, кызы иштейм деп жатыптыр де. – Апам тынчы кетип кошумчалайт.

Адылов трубканы көңүлдүү илди да, жадырап-жайнап бизге карады:

– Чечилди! – деп столду акырын черткиледи. – Жакшы жакка чечилди. Калмурзаева азаматсың! Чыныгы комсо-

молка сендей болуу керек. Сенин үлгүлүү демилгеңди жолдош Ташымов да аябай жактырды.

Секретардын ар бир сөзү жүрөгүмө ийнедей сайылууда. Мунун баары какшык эмеспи, уялып, башымды көтөрө албайм.

– Эмнеге жер карайсың? – деди секретарь тандана. – Башыңды өйдө көтөр.

– Жаш да, уялып жатпайбы? – деп апам кошумчалап койду.

– Ушундай азамат кызды өстүргөн сизге да ырахмат, Карамат эже!

Апам мардайып башын ийкеңдетет.

Адылов сөзүн улантты:

– Биздин бир боордошубуз Казакстанда уктуңуз беле Карамат эже?

– Уккамын.

– Уксаңыз ошол жерде миллион гектар аянтка буудай эгилген, эгин кый турган жылы, түшүмдү жыйноого техника жетишпейт.

Казакстандын бизге кандай тиешеси бар дегендей апам олурайып карап калды.

– Биз дагы ошол жакка райондон бир топ жаштарды жибермекчибиз. Жакшы болбодубу, кызыңыз да барып келсин.

– Эмне-е! – деп ордунан ыргып турду.

– Чочубаңыз, Карамат эже. Казакстан аябай жакшы жер, кызыңыз жер көрүп, эл көрүп, башы бышып келет. Кеп ушундай, эмесе, – деп Адылов менин арызымдын четине кол коё баштаганда, апам айласын таппай шашып калды.

– Айланайын токтой турчу, кызым Казагыстан-мазагыстанга барбайт.

– Мен түшүнбөйм. – Адылов таң калгандай болуп, далысын күүшөдү.

– Кызыңыз иштейм, окуудан бошотуңуз деп арызданып отурбайбы?

– Балам, сен арыздын маанисине туура түшүнбөй калдың? Менин кызым өзүбүздүн колхоздо иштейм деп жатпайбы?

– А, ошондой денизчи. Түшүнүктүү... түшүнүктүү... Бирок, биздин колхоздо күч жетиштүү. Азыр, Казакстанда

эгин бышып, жардам күтүп турат. Ал жерге ар-намыстуу, мыкты комсомолецтерди жиберебиз.

– Менин кызым жанымдан карыш жылбайт.

– Бая эле ошентпейсизби?

– Мен арызданам.

Адылов кытмыр күлдү:

– Карамат эже, сиз арызданып жүрөсүзбү, же кызыңызбы? – Биздин бардык жашыруун сырыбыз көлдүн үстүнө калкып чыгып калбадыбы? Арыздангандан эмне чыгат. Мен бетиме чарык жамап алган жан эмесмин да. Өлбөгөн төрт шыйрагым гана калды, жашынууга жер таппай, сыртка чыга качтым.

– Токтоо-о! – деген апамдын өкүм буйругуна да карабадым. Сыртта кезек күтүп отургандар анкайып эле артыман карап калышты. Машинага да түшпөй, үйгө жөө жөнөдүм.

Өмүрүмдө биринчи жолу апамдын тилин албай койдум.

XII

Карамат жолдош Ташымовдун «Виллисин» минип жүрөт деген кабары бүт колхозго ошол күнү тараптыр. Эртеси эле, апамдын теңтуштары келишип, айтып берчи, биз да билип алалы деп такып сурай баштады. Апам баарын төргө катар тизип алып, мага чай куйдуруп, өзү шымаланып айта баштады.

– Кызым колхоздо иштесин деп, кирбеген жерим калбады. Эч кимиси макул болбойт. Эмне жанымды аяйын, Ташымовдун үстүнө жулунуп кирип бардым. Кичи пейил киши экен: «Келиңиз, төргө өтүңүз»,– деп ордунан тура калып учурашты. Өзүмчө андай жылуу-жумшак мамилеге мардайып калдым. Иш оңолду деп, ичимен кымылдап турам. Кабагымды салып сыр бербейм.

– Сизге арызданып келдим эле.

– Билем, билем, сиз Калмурзанын зайыбы Карамат эмессизби? Менин пейилим силерге маалим эмеспи, мындай учурда коюу уюткан айрандай мелтиреп туралбайм.

– Аты, жөнүмдү кайдан билесиз? – деп тайманбай сурап калдым.

Ташымов кашын серпип, билинер-билинбес жылмайды да:

– Аяш, сизди кантип билбейин, билем:–Апам мен кимин, байкап көргүлө дегендей отургандарга бир сыйра дымактуу карап койду.

– Ой ушул Ташымовдун сага көзү түшүп жүргөн го, – аяш энем апамды чычалатты.

– Сен тууралан сөз кошпочу,– деп апам сөз улантты: – «Сиз гана эмес онунчуну бүтүп жаткан Гулайымканды да билем»,– деди.

Кыйын экенсиң билсең дегендей жактырбай баш ийкедим.

– Биз билүүгө милдеттүүбүз. Биз көп учурда эт, сүт, май, пахтаны талап кылабыз. Бирок ошол эт, сүт, май менен жабдыган адамдарыбыздын ал-жайын жакшы билбейбиз. Биз ар бир колхозчунун үйүнө баш багып, ал-абалын сурашыбыз керек. Түшүнүп эле турам, кантейин убакыт жетишпейт. – Ташымов жай ордунан туруп, терезенин ак пардаларын эки жакка түрүп, кайра менин каршымдагы диванга отурду...

– Карасаң, шылтоолоп сага жакындап келатканын.– Аяш энем дагы апамдын сөзүн бөлдү, бирок апам ага тил кайрып убара болгон жок.

– Сиз эмне үчүн келип отурганыңызды да билем. Кана эмесе аяш, сыр жашырышпай ачык сүйлөшөлү – деп, ботом алкымдан алса болобу.

Мен дагы негизги маселеге эми жеттик дегенде кабагымды салып, калп эле жөтөлүп койдум. Ташымов коркутуп-үркүтүп чочоңдоп кирсе, адатымча ар этип эле бетинен алып урушайын деп камданып турам. Ташымов аябаган куу киши көрүнөт, сөзүн алыстан баштады:

– Сиз тууралуу көп-көп мактоолорду уккам. Калмурза жарак кармап, кан кечип фронтто жүргөндө, аялы колхоздо иштеп, жаштыгына карабай бала-чакасын жүдөтпөй бакты дешет. Ушул чынбы?

– Чын,– деп жиберипмин.

– Өзү абдан кайраттуу аял. Күйөөсүнөн да кыйын дешет, чынбы?

Уялып унчукпадым, мактоо кимге жакпасын, денем жибигенсип баратты.

– Мен сизди үгүт-насаат максатында мактап жатканым жок, өзүмдүн ак пейилимден чыккан пикиримди айтып жатам. Эгер сиз жогорку окуу жайын бүтсөңүз, же мыкты ишмер, же окумуштуу болор элеңиз. Биз билген окумуштуу аялдар өзгөчө дейсизби. Сиздей эле аялдар. Ну, өтөр иш өттү. Бирок биздин кыздарыбыз окубай жатышат. – Кейигендей Ташымов башын чайкады. – Ушул сиз кызымды

окутпайм десеңиз анан ким окутат. Карамат, сырыңызды жашырбай айтыңызчы, эмне үчүн кызыңызды окуткуңуз келбейт. Окугандын эмнеси жаман?

Мен дудаланып жооп таппай калдым. Эмне десем түз эле мойнумдун жоон жерине салып: – Окуткум келбейт, – десем чекилик болор, анан эмне дешим керек?

Ишенсеңер оозуман сөзүм түшүп, жалдырап отуруп калыпмын. Баягы жулунган Карамат жок. Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарыптыр дейт. Жонумдан чыпылдап тер кетти.

– Сизден суранарым кызымды быйылча калтырсаңар, келерки жылы өзүм эле жетелеп окууга киргизейин. Эң аягында айлам түгөнүп ушуну айттым.

– Аяш, быйыл менен келеркинин эмне айырмасы бар? Өлүмдөн башканын эртеси жакшы. Көп кабыргаңыз кайышпай кызыңызды окууга жибере бериңиз, милдетин мен мойнума алайын, – деп Ташымов сөз түгөндү дегендей ордунан турду.

Таң каларлык нерсе, ооз ачалбай мен да сыртты көздөй бет алдым. Ташымов сыртка узатып чыгып шоферун чакырды да: – Бул кишини үйүнө жеткирип кел, – деп буйрук берди. Ташымовго ошондо бир ыраазы болдум.

Жолдош Ташымовдун ордуна отуруп бир чалкалап келатам. Алыстан кишинин карааны көрүнсө эле башымды чыгарып коём. Адамдар таң калып карашат. Эки атчан киши шашып салам да айтып жибериштн. Башымды ийкеп койдум.

Көпүрөдө гезит-журналдарын асынып Папа келатыптыр. «Виллисти» өтө берип токтоттурдум.

– Бери келиңиз, – деп шопур чакырды эле, бечара Папа энтеңдеп жетип келип:

– И, сиз белеңиз. Ташымовдун «Виллиси» го деп коёт. Шашып калыптыр.

– Кат барбы? – дедим.

Анын «баягы биздин Караматпы, же ошол кокус чоң болуп калганбы» дегендей чочуган кебетесин көрүп турам.

Андан бери магазиндин алдында эл топтолуп туруптур. Дагы токтотуп магазинге бардым; самын, чай алдым. Качкандар бирин-серин келе башташты.

– Жолдош Ташымов го десек, Карамат эжем турбайбы? – деп жалпакташат. Эч кимисине сыр бербей, ордума отурдум.

Баары таң, калып карап калышты.

Үйгө түшпөдүм. Түз эле өйүзгө, колхоздун конторуна өттүм. Көздөрүнө бир көрүнүп, үркүтүп коёюн дедим. Раис баш болуп чайханада чай ичип отурушуптур. «Виллисти» көрүп, баары дабырап жетип келишти. Арасында Калмурза да жүрөт.

– О Карамат, качан секретарь болдуң – деп, Эргеш таамашалап сурайт. Унчукпадым. Калмурзаны артыма отургузуп, үйдү карай жөнөдүм. Калмурза жолду ката жаналы калбай: «Аксакалдын «Виллисин» сага ким берди?» – деп, энтеңдеп сурайт. «Өзү берди» – десем ишенбейт. Акыры шопурду күбө тартып, ишендирдим. «Карамат, сенден балакет качып кутулбайт» – деп, далыма чапкылайт. Шопур боору эзилип кыткылыктап күлөт...

Апам өзүнө ыраазы болгондой:

– Ошентип, ортактар бир күн Ташымовдун «Виллисин» минип, элди үркүттүм. Чоң болгон жакшы окшойт. Баары эле ийилип салам берет.

Апамдын оозун карап отурган аялдар суктанышкандай:

– Карамат-аламат,– деп ким айтса да туура айткан.

– Арызданып барып, Ташымовдун «Виллисин» минип алганын карасаң.

– Сен кокус чоң болсоң, адамдарды кууруп салчу кебетең бар экен. Бечара Папаны мынча өмгөктөдүң?

Апам кушубак, көңүлү көтөрүңкү:

– Э, ортактар, айта жүргөнгө жакшы. Ташымовдун дорунда бир жыргап алдым.

Аялдар үй-үйлөрүнө тарашууга камынат, галошун кийип жатып, Калча эже мени көрө коюп:

– Ошентип Гүкүштү Прунзага жиберем дечи.

Апам сабыры суз жооп берет:

– Жиберем да.

Апам менин Фрунзеге барышыма акыры ынанган экен!

Ыракмат, Сизге жолдош Ташымов! -

Уйкум келбейт. Башым жаздыкка тиер замат мемиреп уктаган жан элем. Ары тоголоном, бери тоголоном, ойлоносо аракет кылам. Баары бир уйкум келбейт. Көнүлүмдү алагды кылыш үчүн бир, эки, үч... деп, миңге чейин санап чыгам. Баары бир уйкум келбейт.

Мамлекеттик экзамендерибиз да жакында бүтөт. Алган бааларым да жакшы. Эмки жумада тарыхтан, анан химиядан экзамен тапшырабыз да, ошентип, орто мектепти бүтөбүз!

Ушуларды ойлосом, жүрөгүм туйлап, көкүрөгүмдү жарып чыгып кетчүдөй болот. Ошон үчүн уйкум келбейт.

Жакын арада ата-энемди, үкаларымды, туулган жерди таштап, алыска-алыска, апамдын сөзү менен айтканда, мусапыр шаарга окууга жөнөйм! Бейтааныш чоң шаар, эл кымгуут, башың айланат, бирөөнү бирөө билбейт дейт. Алды-артыңа түшүп, ысык-суугуңа көйчү мээрбан ата-энең, алыста. Тирүү жансың. Ооруп каласың ким карайт, ким күйөт? Абалың кандай болот? Кокус пулуң түгөнүп калат. Үйдөн келгиче кимден зарыгып сурайсың? Кыйын, кыйын!

Ушулардын бардыгы элестеп, уйкум качат.

Мен бала болуп ушул өзүбүздүн райондон ары чыккан жан эмесмин. Ырас, жалган болбосун, кичине кезимде апамы ээрчип Ошко барып, адашып эсим чыккан.

Апам куюндай болуп, буту-колу жерге тийбеген жан. Алды-артына карабай, зуулдап кете берет.

Базарга кире бериште, аттарчилер упа, эндик, тарактарын тизип коюп отуруптур. Кыздын көзү кызылда дегендей, көзүм кызарып, алаксып калдым.

Жанымда апам жок. Элеңдеп ары карайм, бери карайм жок. Тегерегимдегилер баары бейтааныш кишилер. Эмне кыларымды билбей, өңгүрөп ыйлап жибердим. Бир заматта чоочун кишилер ороп калышты.

– Кызым, ким менен келдиң эле? – деп сурашат, мен энтигип, түшүндүрүп айта албайм.

– Апа-а! – дейм өңгүрөп.

– Кызык катын экен а, жаш баланы ара жолго таштап, – деп бир ак сакал чал кейип да жиберди.

Апам да эси чыгып, көздөрү алактап издеп жүрүптүр. Өңгүрөгөн үнүмдү угуп жетип келди. Апама жармашып калдым.

– Аландабай жүрбөйсүңбү? – деп мени жемелеген.

Фрунзе Оштой эки келет, үйлөрү бийик, карасаң башың айланат дейт. Анда оңой эле адашып кетүүгө болот го. Темтейип адашып жүргөнүндө бирөөлөр артыңдан түшүп, «Победага» салып, Ысык-Көл же Тянь-Шань деген жагына ала качса, эмне кылам? Же окуудан жок. Муну ойлосом, түк эле туулган айылдан жылгым келбейт.

Жок, мен окугум келбейт деп, чын дилимде көгөрүп отуруп алсам, ким зордоп жибере алат? Жылбай коюшка дагы

чыдабайм. «Кымызды ичкенге бер, кызды сураганга бер» – дешет кыргыздар. Үйдө калсам, эртеби-кечпи бирөөнүн үйүнө бүлө болуп барасың да, телпейип, үлпүлдөп жоолук салынып жүрөсүң!

Ушуларды ойлосом, тезирээк эле экзамендер бүтүп, саманган Фрунзеге жөнөсөм экен деп, ойлосом дагы уйкум келбейт!

Үч күндөн бери биздин үйгө Калча эже эртели-кеч көп келе турган болду. Апам экөө төркү мейманканага киришет да, бирөө тыңшап тургандай, күдүңдөшүп сүйлөшө беришет. Мен кирсем басылып калышат. Бүгүн чай Киргизип баратып: «Айтып кой Алмаканга, сеп жагынан камтама болбосун»,– деген сөзүн угуп калдым.

Атам да адатынан тышкары уктабай, апам менен түн оогуча сүйлөшө турган болду. Дагы бир шумдукту жүрөгүм сезгенсийт...

Айрыкча апамдын кыялына ишенбейм. Апамдын нчине ким кирип чыгыптыр. Мүмкүн, апам Ташымовго кызымды окууга жиберем деп, калп эле убада бергендир. Учуру келгенде, жыландын башын кай жактан көрсөтүшүн билесиң?

Апамдан ар нерсени күтүүгө болот.

Ушуларды ойлоп, жүрөгүм кооптонот, денем дүрүлдөп, негедир коркуп, уйкум келбейт.

Бир, эки, үч... жүз...

Батыраак эле таң атып, анан күн кеч кирип, экзамендер бүтсө экен деп шашам.

XIII

Апам менен Калча аяш энемдин күдүңдөшүндө кеп бар экен. Апам мени алып кала албасына көзү жеткенден кийин, амал издей баштайт. Кантип ымандуу кызымды шаарга жалгыз жиберем деп, тыбырчылап жүрүп, кокус, Аманбайдын Фрунзеге. окууга барарын угат да, күтүлбөгөн акыл табат. «Раис акамын уулу Прунзага окууга барганатыптыр. Алмакан келиң-алындуу, сөөк карындашка ылайыктуу байбиче» –деп, атама кыңгыратып угузат. Атам алгач, атасынын көрү, раистиги өзүнө деп, ынабайт. Апам атамдын кулак-мээсин койбойт: «Түшүнбөгөн садда адамсың да. Бизге анын чоңдугу же дүйнөсү керек эмес. Гүкүш окуп жүрүп бир чачы сексейген немени ээрчип кетсе эмне кыласың? Мен ошол жагын ойлоп атам» – деп, шаштысын алат. Атам да кабыргасы менен кеңешип көрүп:

– Биз өзүбүз сөз айттырсак, уят эмеспи? – деп кыйылат.

– Сиздин саддалыгыңызды? Биз өзүбүз айттырмак белек? Калчаны ортомчу коёбуз. Ал өзүнүн сөзү кылып, эжесин көндүрөт. Кудалашабыз да, эки баланы кошо окууга жиберип, тынчып калабыз. Атам да макул болуптур.

Калча эже апамдын ынак теңтушу. Алмакан эженин бир тууган сиңдиси. Айласы түгөнгөндө апам ушуну ойлоп таптыр! Бул өтө акылдуу ойлонулган куулук. Жашыруун кудалашып, калың алып, менин бак-таалайымды, башымды Аманбайга энчилеп, анан элге: «Мынаке, кызымды окууга жибердим»– деп, апам мактанат эмеспи.

Кеп анда эмес...

Аманбай – аябаган шок, өзүммүн деп, менменсинген бала. Ырас, сабакты жакшы окуйт. Бирок, кээ бир мугалимдер атасынын урматы дейби, опсуз эле макташа беришип, бир жолу аны үйлегөн чаначтай дердейтип коюшкан тура.

Эмесе анын эски жоруктарынан баштайлы...

...Төртүнчүдө окуп жаткан чагыбыз. Жыл жарымында биздин агайыбыз сабатсыз деп, айдалып анын ордуна башка жактан бейтааныш мугалим келди. Ал кыска бойлуу, бетинин сөөктөрү оркоюп чыгып турган жаш жигит экен. Жаңы агай биринчи сабакта баарыбыз менен илбериңки сүйлөшүп, аңгемелешип чыкты. Агай экинчи сабакта окуучуларды жоктоп, тизме чакырды. Аманбай уруксат сурабай эле ордунан тура калып:

– Агай, менин фамилиям журналда биринчи жазылып турчу эле, сиз тизменин аягына жазып коюпсуз? – деп наразылыгын билдирип, тултуйду. Тултуюшунун жөнү бар. Айдалган агайыбыз ушул убакка чейин анын атасына жагынгысы келип, тамга тартибин бузуп, «Эргешов барбы?» – деп, биринчи чакырчу...

Жаңы агайыбыз антпептир, жылмайып:

– Фа.милияң ким? – деди.

– Эргешов,– деди сыймыктангандай, дагы минтип кошумчалап,– агай менин атамды билбейсизби?

Агайдын чекеси тырыша түштү:

– Билбейм. Тамга тартиби боюнча «Э» тамга аягында келет. Биринчи класста окудуң беле? – деп кайра өзүн уяткарды.

Биз жапырт күлүп жибердик. Аманбай эмне кыларын билбей, бир кызарып, бир бозоруп туруп калды.

Кийинки сабакта Аманбай таарынып, үйүнө кетип калды.

Жаңы агай «менин фамилиямды тизменин аягына жазып коюптур» – деп, атасына арызданып барыптыр.

Эргеш аке да кызык киши да. Фамилия тизменин аягындабы, башындабы – андан эч нерсе өзгөрбөйтда. Арифметиканын тили менен айтканда, сандардын орду алмашуусу менен сумма өзгөрбөйт эмеспи.

Андан акылың бөксөрбөйт, боюң кыскарып калбайт деп, уулун уяткарып койбой, Эргеш аке эртеси Аманбайды учкаштырып, директор агайга келип:

– Уулумду таарынтпагыла, биринчи жазып койгула, – деп талап коёт. Бүт мугалимдер ортого алып: «Аманбай аксакалдын жалгыз уулу, өкмөткө эмгек сиңирген, кадыр-барктуу киши, сен жаңы келгендик кылба» – деп, сураныша да, агай тилдерин албай:

– «Бул го колхоздун раиси экен. Көрүнүктүү жетекчилерибиз деле тамганын тартиби менен жазылып жүрөт» – деген имиш.

Сөзү сынып, ар намыстанган Эргеш аке ачууланып, уулун коңшу колхозубуздун мектебинен окутуп койгон.

Жаңы агайыбыз сабакты жакшы түшүндүрөт экен. Биз баарыбыз жакшы көрүп кеттик. Бирок, кийинки жаңы окуу жылында сүйүктүү агайыбызды таппай калдык.

Бешинчи класста Аманбай кайра бизге кошулду.

...Анда алтынчыдабыз. Физкультура сабагынын мугалими ооруп калып, балдар өзүнчө эле дене чыңдамак болушту. Чоң көпүрөдөн мектепке чейин жарышып, ким озуп чыкса, ошол класстын күлүгү деп аталмак. Кыйынсынган беш бала суурулуп чыгып, багалектерин түрүп, эдиреңдеп чуркап кетишти. Алардын арасында бир-бирине өч Аманбай менен Абдылда да бар.

Аралык жарым чакырымча бар, кимиси озуп келер экен деп карап турабыз.

Бир карасам, Аманбай эң алдыда чымын-куюн болуп чуркап келаткан экен. Анын артында Абдылда келатат.

– Аманбай, бол, бол! – деп аны жактагандар жаналы калбай кыйкырат:

– Абдылда, ыкчамда, аз калды,– деп аны жактагандар кол булгашат. Мен ал учурда Аманбайды ичимден жакшы көрчүмүн. Болжогон жерге он кадамча калды. Абдылда зуулдап жаналы түштү.

– Аманбай, Аманбай! – Тыбырчылап, кыйкырып жиберипмин. Менин кыйкырыгымды укпай да калды. Абдылда андан озуп, биринчи келди. Чарчаган, ызаланган Аманбайга эч ким көңүл бурбай, озуп кеткен Абдылданы тегеректешип:

– Азамат, чыныгы күлүк сен экенсин!

– Келе колуңду, класстын күлүгү.

– Бали, азамат! – дешип, ортого алып мактап жатышты. Абдылда аябай күйүккөн экен, араң дем алат.

Аманбай эриндери кубарып, ага карай басты. «Азаматсың, досум» – деп колун кысар бекен деп турсам. Кайдан кыссын? Ал эч качан биринчиликти башка бирөөгө берген эмес да, дайыма биринчи!

Кепке-сөзгө келбей эле Абдылданы кулак түпкө муштап калды. Баарыбыз чурулдай түштүк. Абдылда бирөөгө оңойлук менен өнөкөтүн алдыра турган жан эмес экен? – деп, тегеректеп карап турабыз. Кымыңдап, эси-дартым Аманбай жыгылбаса экен дейм.

Өкүнөм, бул жолу да чаңга булганып, жыгылып калды. Алдында жатып, Абдылданы мурунга коюп жиберди эле, кан жайыла берди.

– Абалың ушул экен го? – деп, ал чоң ишке жарагансып, чаңдарын кагынып туруп кетти.

Булардын бардыгын, тентектик, балалык шоктук деп коёлу.

Анда такыр эси-дартымдан чыкпаган, жүрөгүмдү ызалантып мыкчыган, мага жасаган дагы бир шайкеледигин кантип унутам?

...Биздин ынактыгыбыз сегизинчи класстан окуп жүргөндө башталды. Экөөбүз бир класста окуйбуз, күнүгө көрүшүп турабыз. Ага алымсынбай, кат жазышабыз. Анын да себеби бар: эгерде балдар менен кыздар көз көрүнөө жаналы басып, жакшынакай ой-тилектерин кымсынбай сүйлөшө ала турган болсо, анда биздикиндей «ууру» каттар болбосуна мен ишенем! Эмне, биздин ошол бир-бирибизге бере албай кыйналган каттарыбызда жашыруун чоң сырлар бар дейсиңерби? Жок, жөнөкөй эле өз ара сүйлөшө турган сөздөр болчу.

Аманбай эркек бала эмеспи, катын китебиме, же чөнтөгүмө учурун таап салып койчу. Мен кыйналчумун. Кээде, үч-төрт күн жазган катым «ууру чөнтөгүмдө» сакталып

жүрүп, тытылып кетчү. Мага кимдир бирөө эле карап тургандай сезилчү. Аманбай көз карашымдан сезип, жаныма отура калып: «Бери бер» – дечү. Чоочун көз көрүп калабы деп мен апкаарып батынчу эмесмин.

Акыры мындай амал ойлоп таптым. Аманбай экөөбүз бир айылданбыз. Мен алдыда шыпылдап баратып, катымды түшүрүп коём, ал жете келип илип кетет. Ошентип, беш ай кат түрүндө сүйлөштүк. Комсомолдордун райондук активине барганыбызда, элден уурданып экөөбүз жанаша отуруп, сүрөткө түшкөнбүз. Мен кечтелеп (эстеп жүр деп алыс сапарга коштошуп жаткандай) атластан кол жоолук тигип бергемин. Аманбай сегизинчи мартка деп атыр, уна, самын, бетмай берген.

Эгерде биздин булактын көзүнөн чыккан тунук суудай ынактыгыбыз булганбай, ушул күнгө созулса, анда мен апамдын күтүлбөгөн амалына мандай жарылып кубанбайт белем?

Ал үчүн да Аманбай айыптуу...

Бул кокустук тогузунчу класстын башында башталды. Бизге Айбашев деген жаңы директор келди. Агайдын Аписа деген кызы бар экен, бирге окуп калдык.

Аписа ашкан шайыр, дилгир, оюнкарак кыз экен. Тез эле баарыбыздын ич-коюнубузга кирип, биз менен ынтымак болуп кетти. Ал мурду куюлуп түшкөн сулуу эмес болучу, жылдыздуу эле. Айрыкча анын кыялычы. Эч ким менен урушпайт. Бизге балдар тамашалап тийишсе, дароо тултундан, ошол замат беттен алып уруша кетебиз. Анткени, апаларыбыз жашыбыздан: «Балдарды өзүңө аймакы кылба. Тийишсе беттен аймап ал, агайыңа айт» – деп кулагыбызга куюп үйрөткөн.

Аписачы! Жо-ок! Ал такыр бизге окшобойт. Балдар кокус орой сөз айтып жиберсе, ал башын чайкап күлүп туруп:

– Ой, ой, ушул сөз кантип тамак ичкен оозундан чыкты,– деп жакшы сөз менен уяткарып коёт экен.

Биздин класстын балдары аны жакшы көрүп, биз четте калдык. Ошон үчүн жактырбай, түйдөк чач деп, кырыбызды салып жүрдүк.

Ал шаарда окуптур. Орус тилин суудай билет экен. Ал майкачан, эмчегин торсойтуп, эч кимди көзүнө илбей эркек балдар менен атаандашып, волейбол ойночу. Айрыкча ал велосипед минип, биздин кыштактын көчөлөрүнөн өйдө-төмөн зырылдап өткөндө кемпирлер жакаларын кармашып:

– Ой тообө, кыргыздын кызы да ушундай болобу? Бул ата-энелүү кызбы? Дагы директор имиш. Элден мурда өзүнүн кызын адептүү кылып албайбы? Мунусун койбосо, көрөсүңөр бул кыздын мойну үзүлөт,– деп кезенишкенин көп уктум.

Кийин экөөбүз ынтымак боло баштаганда:

– Апийсажан, ушул айыл арасында велосипед минбесең, такыр жарашпайт экен. Кемпирлер нааразы десем, боору эзилип күлүп:

– Ой Гүкүш, сенин башыңда да эскичилик жаткан экен. Чеховдун «Кутудагы кишисине» окшойсун да. Велосипед тепсең дене чыңалат, фигура кооз болот. – Анан ойлоно калың ал эми чоң энелерибиздин оюна койсоң, биз илгеркидей үлпүлдөп, төрдө отурушубуз керек. А качанка биз алардын ою менен жүрөбүз. Мисалы үчүн сен сулуу кызсын! Ким болсо да көз салып өтөт. Мынабу талпайган маасы-галошту качан таштайсың? Сенин сымбатыңды бузуп атат. Туфли кийсең жарашпайбы? Келинге окшоп, жоолук салынып жүрөсүң.

Экөөбүздүн ынтымагыбыз күчөй берди. Анын кеңешин угуп, маасы-галошту, жоолукту таштадым. Сабакты бирге даярданабыз. Кээде биздикине келип калат. Апам «кызым, кел-кел» – деп оозунун учунда айтымыш болот, ал кеткенден кийин:

– Карасаң эки балтырын кызартып, уялбай отурат. Уят кеткен да, көп келбесин биздин үйгө,– дейт.

Кантип келбе деп айтам? Дагы бир жолу черчение сызып отуруп:

– Аманбай мага жагат. Шамдагай. А сагачы?–деп менден сурады. Мен унчукпадым, ичим тарып «ал экөөбүз былтыртан бери кат жазышып жүрөбүз» – деп айтууга камданып оозум барбай, унчукпай койдум.

Ай менин тартынчаактыгым, уялчаактыгым! Эмне үчүн мен аны жактырып жүрөм деп, тайманбай эле айтпадым экен! Ошондо сыр жашырбасам, мындай болбойт эле. Сентябрдын аягында сокур ичеги болуп, райондук ооруканада жатып калдым. Апийса күн алыс велосипед менен келип, алабалымды сурап, мектептеги жаңылыктарды айтып турду. Аманбай бир жолу келип, терезеден шыкаалап кабар алып койбоду. Табышмак, эмне үчүн келбейт? Ал жер үстүндө барбы? – деп сураштан Апийсадан уялам. Апийса мектепте-

ги жаңылыктар, бирге окуган балдар, кыздар жөнүндө эбиреп-жебиреп сүйлөйт, бирок, ал тууралуу ооз ачып койбойт. Көп өтпөй эле окуучуларды Ошко пахта теримге алып кетти деп уктум!

Ноябрдын башында алар жумуштан келишти, мен айгыгып чыктым. Апийсам баягысындай эле мойнума асылып илбериңки. Ал сыртын салып унчукпайт. «Гүкүш, жакшы айгыгып чыктынбы?» – деп да койбойт. Ызаланам, ыйлагым келет. Бул эмнеси? «Ушунчалык белең?» – деп кат берсем жооп жазбайт, жаныма жакындабайт.

Кийинчерээк, биздин кыздарга кеңири жайылып, ырдалып жүргөн:

Кат берсе, жообун унуткан, Ушундай белең «А» тамга. Унчукпай неге жүрөсүң, Убайды салып адамга,– деген күйүттүү ырды мен чыгарган болчумун... Апийса менен ынактыгын, экөөнүн жаныбыздагы көмүр кенине велосипедчен тең жарышып, киного барып жүрүшкөнүн билип, бирге түшкөн сүрөтүбүздү, анын каттарын тытыптытып, суга агызып жиберипмин. Жаңыдан бөртүп келаткан алгачкы түнүк махабатымдан кантсе да ошентип кол үзгөнмүн.

Апийса мурдагысындай эле жалпактап:

– Бирге сабак окуйлу, биздин үйгө кел, же: ушул базарда кенде кызыктуу кино болот экен, бирге баралы? Мен жиндиминби, экөөнүн арасына кыпчылып, – деп суранат.

Мен колум бошобойт деп, суз мостоём. Ал, алакандай көздөрүн жалжылдатып: «Гүкүш, эмне жер карап сүйлөйсүң? Биздин арабыздан бир кара мышык өтүп жүрөбү?» – деп билмемиш болсо, ансайын желкем тырышат.

Анын кичи пейилдиги да жинимди келтирет: «Жигитиңди тартып алдым го, ошого ичиң күйүп жатабы?» – дегендей сезилет.

Алардын ынак мамилесин баары билишчү. Айбашев агай да билет имиш деп укчумун.

Кийинки жылы Айбашев агай башка районго, мектеп-интернатка директор болуп көчөр күнү Апийса ажырашаяк кылабыз деп, бирге окуган балдар менен кыздарды үйүнө конокко чакырды. «Келбесең катуу таарынам» – деп жалынып сурангандан бардым. Тамак ичтик, ырдадык. Баарыбызды Аманбай сүрөткө тартты. Апийса күтүлбөгөн жерден Аманбай экөөбүздү жанаша туруп сүрөткө түшкүлө деп өтүндү. Биз болбой койдук. Ал бал тилге салып жатып, биз-

ди сүрөткө тартып алды. Бирок, биз урушкан кишидей мурчуйган кебетебиз менен сүрөткө түштүк. Балдар аны-муну айтып да күлдүрө албады.

Апийса мени ары жетелеп барып, колума бүктөлүү газ берип: «Мен жөнөп кеткенден кийин»,– деп суранды. Биз агайдын жүктөрүн машинага заматта жүктөдүк. Коштошор учур келди! Аманбай жалдырап Апийсаны карайт, ал артын салат. Машина дүрүлдөгөндө, Апийса баары менен кол алышып коштошуп, мени кучактап бетимден өөп: «Кат жазышып туралы?» – деп айтты да машинага ыргып чыкты. Узун кирпиктеринин нымдаша түшкөнүн көрүп калдым...

Кол булгап, биз калдык. Машинанын үстүндө Апийса тике туруп, кызыл косынкасын булгалап баратты. Бул булгоо бизгеби, же Аманбайгабы ким билет?

Коштошордо колума карматкан Апийсанын катын ушул убакка эң кадырлуу эстелик катары сактап жүрөм. Минтип жазыптыр: «Кечээ ал экөөбүз киного бардык. Кайтып келатканыбызда ал эстеликке сүрөтүн берем деп, комсомол билетин аңтара баштады. Бир сүрөт түшүп кетти, озунуп ала койсом: экөөңөрдүн жанаша түшкөн сүрөтүңөр. Артында сенин колуң менен жазылган бир куплет ыр журөт. Ал эмне дээрин билбей, колумдан жулуп алып тытып жиберди. Аны менен да сүрөт алышып жүргөн турбайсыңбы деп урушуп, таарынып басып кеттим. Ал артымдан жетип, колумдан кармап, болгон окуяны айтып берди.

Былтыр күздө такып сураганымда эмне үчүн жашырдың экен? Сенин уялчаактыгың ай. Ишенип кой, силердин ынак мамилеңерди билген эмесмин.

Эми эмне кылуу керек? Өзүм да билбейм. Мен аны жакшы көрөм. Эгерде мындан ары силердин көз карашыңар кучөсө, мен кубанам, каршы эмесмин.

Гүкүш, сен кандай жакшы кызсын? Сени эч качан унутпайм!» Жаңыдан көктөп келатканда, солуп калган менин балалык сезимим жанданмак беле? Таң калам, эмне үчүн ал биздин сүрөттү сактап жүрдү экен? Түшүнбөдүм... Али да түшүнбөйм...

Апийсага: төгүлгөн аяк толчу беле, өтөр иш өттү. Силердин ынак болушуңарга тилектешмин. Сага кыпындай да таарынчым жок деп, кыскача кат жаздым.

Кийинчерээк Апийса кат жазып, өзүнүн ыраазылыгын билдириптир. «Аманбай кат жазып жүрөт. Бир-эки жолу

келип кетти. Мамилебиз жакшы эле. Ушундай боло берет турбайбы? Бирок, анын ата-энеси менин атымды уккубуз келбейт дейт имиш. Көрө жатарбыз» деп кайгырып жазыптыр.

Аманбай ата-энесине ошол кызды алам, ал экөөбүз бирге окууга барабыз деп, айттырган экен. Эргеш аке ызырынып: «Ал кызды астанама аттатпайм», – деп уулунун шагын сындырыптыр деген айың тарап жүрөт. Жалганбы, чынбы билбейм.

Аманбай шок, эрке болгону менен ата-энесинин тилинен такыр чыкпайт. Муну жакшы билем.

...Бир кезде эч себепсиз чанып кеткен Аманбайга дагы башым байланабы? Жүрөккө так болгон эски кеп, ар-намыс муунтуп, ачууландым. Көз жашымды чубуртуп, жаным кейигенде уят-сыйытты таштап, ушулардын бардыгын апама жашырбай айттым да:

– Ошол немеге мени кантип кор кыласыз,– деп жалоорудум. Апама менин көз жашым, зыркырап айткан сөзүм таасир этпеди.

– Мына, өзүң айтып отурасың, бизден мурда кат алышып жүргөн турбайсынарбы?

– Ал чанып кетпедиби?

Апам боору эзилип, каткырып күлөт.

– Чанып кетпедиби? Бул сөздү кайдан үйрөнүп жүрөсүн? Эрди-катын гана бир-бирин тоготпой чанат. Эми жашабай жатып, качан чанышып жүрөсүнөр? Булардын бирбегени жок. – Менин салаалаган көз жашымды жеңинин учу менен сүртүп: «– Апсыйган чалга бараткансып өксүп ыйлабачы кызым? Айзада качканда, сөйрүк Эсенамандын атасы: «Каалашынча калың берем»,– деп сөз айттырганда: «Баласы биздин кызга тең эмес» – деп макул болбой койгонбуз. Ошондон бери атаңа кас болуп, тетири карап жүрөт. Аманбай жакшы атанын баласы, өзүң менен тең. Апасы да келиң-алындуу, камбыл аял. Экөөндү кошо окууга жиберебиз. Ээрчишип жүрөсүнөр. Биякта биздин да уйку тынч. Ыйлабачы!

Күйүтүм тереңдеп, сызылып, өпкө-жүрөгүмдү аралап чыгат да, көз жашым басылбайт.

Апам менин жүрөгүмдү мыкчыган кекти, оргуштаган сезимимди кайдан түшүнсүн?

XIV

Түн көзгө сайса көрүнгүс караңгы. Асманда уюлгуп түнөргөн кочкул булуттар биздин коргонубуздун үстүн гана чүмкөгөнсүйт. Кээде тоо башы жаркылдап, алыстан күн күркүрөйт.

Мен жаңы көчүрүлүп келген келиндей жоолукту үлпүлдөтө салынып, өзүбүздүн төркү мейманканада отурам. Апам эң жакшы кийимдеримди кийиндирген. Жалгызмын... Демим кысталат, тамагыма бир суюк нерселер топтолот. Эчкирип ыйлагым келет.

Апам Шарапаткан менен Туратбектин курсактарын тойгузуп, күн батканда эле меймандар келчү үйдүн бурчуна зордуктап жаткырып койгон. Шарапаткан кыз эмеспи, бир нерсени баамдагандай жаткысы келбей: «Апа, эжемдин жанында отурайынчы» – деп жалбарып сураса да апам кагып койду эле, жал-жал карап жатып калды. Алар эч нерсе менен иши жок уктап жатышат. Бейкам балалык кандай жакшы!

Апам бүгүн керели кечке шымаланып, ак патир нандарды жапты, боорсоктор жасады. Азыр дасторкону даяр. Ардактуу меймандарды гана күтүп турат.

Бирок, алар кычагандай кечигишет. Ошон үчүн апам да, атам да тыбырчылап, кыжыл. Атам улам көчөгө чыгат да, жол карап күтөт, күтөт, жадаганда башын жерге салып суз кирет. Мен баарын терезеден көрүп турам. Апам мойнун созуп:

– Керүнөбү? – деп бирөө тыңшап тургандай секин сурайт.

– Жок, – деген атамдын ачууланган үнүн угам.

– Сизге эмне жин тийди, келишет да.

– Келишпесе коюшсун... Эмне, бой көтөрүп, назданышат жол каратып. Айтпадым беле, Эргеш чондугуна ишенип чалкаларын билгемин,– деп колун артына алып, айбанда ары-бери басат да,– ушул ишти бузуп салайынбы? – деп апама угуза сүйлөйт.

– Ой, сизге эмне жин тийди. Сабыр кылың да. Иштери чыгып калгандыр. Же элдин аягы басылсын деп жатышкандыр. Иш бүтүп калганда, – деп апам менин үстүмө кирет. Кыжалаттыгын билдирбей, калп эле күлүмүш болот,– бирок бетиндеги сары түктөрүн кантип жашырат?

– Эрикнай отурасынбы Гүкүш... садага болоюн, өпкөмдү чабайын, – деп мандайымдан кабат-кабат өбөт. Кирпигимде көлкүлдөгөн көз жашым мурдуна жукканда, чочумуш болуп:

– Ыйлабачы! – деп боорума кысат.

– Апа!

– Садаган болоюн. Атаң ошенте берет. Азыр келет,– деп көңүл айтып эшикке чыгат да, атамды нары жетелеп, барып, жемелей баштады. Апамдын «кызың» деген сөзүн угуп калдым. Түшүнүктүүбү! Көп ары-бери басып кыжырына бербечи, кызың ыйлап атат деп, акыл үйрөттү да...

...Элдин аягы басылганда, жашырынган уурудай Эргеш аке, Алмакан эже, Калча аяш энемдер келишти. Алардын келгенин коңшуларыбыз эмес, эшигибиздин алдында кулагын жапырып жаткан көк дөбөтүбүз да туйбай калды. Алар союшка чоң куйруктуу кой жетелеп, мага помбаркуттан көйнөк, кызыл хром өтүк, жүн жоолук, костюм, апама атлас көйнөк, атама пальтолук драп алып келишиптир. Мен кийимдерди кызыгып караганым да жок.

Кудалар мейманканага отурушту. Атам алардан бата алып, өзүбүздүн куйругуна кучак жетпеген кара коюбузду сойду.

Жамгыр жаап кирди. Калча аяш энем чыгып, очоктун боюнда казанга эт салып жаткан апамдын жанына отура калып:

– Аяш эмне мурчуят. Такыр сүйлөбөйт.

– Адаты да, эми билдиңби? – деп апам жууп-чайып жатпайбы.

– Эмне кечиктиңер?

– Эл тынсын, кой жетелеп баратканыбызды бирөө-жарым көрүп калат деп эле жездем көгөрүп отуруп алды. – Аяш энем кысталып сүйлөдү. Кийинки шыбырашкандары угулбады.

Аяш энем кирди да, атам апамдын жанына келди.

– Эмнеге чакырдың?

– Кудаларга эмне унчукпайсыз?

Атам отко чырт түкүрдү да, жактырбаган үн менен:

– Ырдайынбы?

– Ырда деген ким бар? Үйгө келген мейманды ит кабат болбой, унчукпасаң уят эмеспи? Жакшылык ишти ойноп-күлүп бүтүргөн жакшы да.

Атам бирдеме деп, сүйлөнүп кирип кетти. Артынан апам жөнөдү.

От жалбырттап күйүп, казанда койдун эти боркулдап кайнап, төркү мейманканада кобур угулат.

Кыз деген ушул экен да. Өпкөм көөп, демим кысыгат, бакырып ыйлап, нөшөрлөп куюп жаткан жамгырды жыңайлак аралап: «Эл-журт ойгонгула! Силер эч нерсени туйбай мемиреп уктап жатасыңар. Төркү мейманканабызда менин өмүрүмдү баалап жатышат», – деп жар салсам... андайга жарасам, кеп ушундай болмок беле?

Үргүлөп баратып, кимдир бирөөнүн күдүңдөп сүйлөшкөнүн кулагым чалды. Тааныш үн. Анан эшикке чыга калсам, атам менен апам сүзүшчүдөй, бет мандай болушуп, талашып жатыптыр. Алар мени байкашпады. Дубалга сүйөнүп, демимди чыгарбай, тыңшап калдым.

Деги булар эмне жөнүндө талашып жатат?

– Сиз жинди болдуңузбу? Мен аял адам болгонум үчүн унчукпайм. А сиз айтканыңыздан кайтпаныз. Көгөрүп жер карап, отура бериңиз. Алар ушунча келишип, куру кайтышмак беле?

Атам мурутун чыйратып ыңгыранат:

– Тырмышып жатып алуу уят эмеспи. Көп суктук жакшы эмес. Мынчадан кеми жок дешке бетин чыдабайт экен, мал баалап жаткансып.

Атам дагы чырт түкүрүндү.

Апам атамды арыраак жетелеп:

– Ушу сиздин садалыгыңыз качан калат? Бизге калыңды бекер бермек беле? Ошого ылайык сеп беребиз. Баш берип жатабыз...

Атам мандайын тырыштырып, мурчуят.

Кимде ким мал базарда болсо, соодалашуу кандай жүргөнүн билет. Сатуучу малынын баркын көтөрүп, мактап, тишин көрсөтүп, уй болсо сүтүн айтып, жылкы болсо күлүктүгүн, жорголугун мактай берет. Алуучу да митаамдык менен улам ары өтүп, бери өтүп башын чайкап төмөндөп айтат. Көңүлүнө жагып турса да, сыр алдырбай кетенчиктей берет. Ар кимиси өзүнүн наркын айтып: «Барака табың, барака табың», – деп колдорун бекем кысыша берет.

Булар нарк коюп, талашып-тартышкандан, мен мал эмесмин да. Бул эмне деген дөдөйлүк!

– Апа-а! – деп бакырып жибердим. Апам селт бурулду да, атам кирип кетти.

– Карангыда турба, үйгө кир. – Апам үйгө жетелеп кирди.
– 25 миң берсин деп көгөрүп жатам, бул да сенин баркың.

– Мага андай барктын кереги жок! – деп жаным ачышып кыйкырып жибердим, апам колу менен оозумду баса калып:

– Шүк, эс-акылың менен бол. Биз сени сатып жатпызбы, эси жок десе. Эркелетип койсо, чоёндоп баратасың да.. Бул – илгертен келаткан элибиздин салты. Мен да 25 миңдик сеп жыйнап жүрөм. – Апамдын үнү каргылдана түштү. – Апаң сенден айлансын! Сени тынчысын деп, апаң ушинтип жатпайбы? – Апамдын ысык-ысык көз жашы бетиме тамганда, мен ансайын шолоктоп ыйлап, экөөбүз бир кыйлага кучакташып туруп калдык!

– Ой, кайдасың? – деген атамдын үнү бизди ажыратып жиберди.

Эргеш аке да көп кыйылыптыр. Мен мунун бардыгын сиңдимден уктум. Ал кобур-шыбырдан ойгонуп кетип тыңшап жатыптыр. Эргеш аке 20 миңден бир тыйын ашпайт деп, көгөрүп отуруп алган имиш. Апамдар сыртта тартышып жүргөндө алар да өз ара келише албай, кызандашыптыр. Алмакан эже, менин аяш энем Эргеш акени ортого алып: «Кызы бардын пазы бар, айтканына көнөлү. Биз беш миң сомдук адам белек, баш алып жатпайбызбы?» – дешиптир. Эргеш аке ачууланып: «Кызын бекер бере тургансып Калмурза эмне мурчуят? Мына деп туруп кетермин, уулум өзү эле Прунзеден ээрчитип келет. Анын үстүнө Амаштын бул кызга анчалык көңүлү жок», – деген имиш.

Апажан, сен дагы менин баркымды көтөрдүм дейсиң?

Бирок Алмакан эже: «Уулун, Прунзеден ээрчитип келген касиетсизди үйүмө киргизбейм. Гүлайым уят-сыйыттуу, ымандуу кыз» – деп отуруп алган имиш. Сыягы, алардын ортосунда келишпестиктер бар окшойт.

Акыры калың апам каалагандай 25 миң сомго токтоптур. Баа бычылгандан кийин, алардын жайдары күлкүлөрү, бапылдаган сөздөрү угула баштады.

Эт тартылды. Алмакан эже өзүнүн шыбагасын: «Мендей байбиче болсун»,– деп мага берип жибериптир. Ооз тийип да койбодум.

Эттин артынан, эки бала ынтымактуу, ырыстуу болуп, өсүп-өнсүн, – деп үй көтөрө: «Оомиїин»,– деп бата кылышты.

Апам үстүмө шыпылдап кирип:

– Тура гой. Энең сөйкө салганы келатат,– деп кабарлады.

Эринип турдум. Алмакан эже каадасын бузбай, жай басып кирди. Мен уялып жер карадым.

– Гүкүш, эми биздин бала болдуң, ырыс-кешиктүү бол, айланайын. Эсен-аман жүрсөнөр, бизге ошол канимет.

Кемселинин чөнтөгүнөн күмүш сөйкө алып, өзү шыкаалап жатып кулагыма салды.

– Ырыс-кешиктүү бол! – деп жашып, мандайымдан чоп эткирип өптү да апама карап: – И кудагый, ушул жамандардын астына кирели. – Толкунданган үнү дирилдеп, аппак оромолунун учу менен көз жашын сүртүмүш болду.

– Кудагый, жакшылык ишке ыйлачу эмес.

– Ыйлабай калайын, жетине албай, жашып кетпедимби.

Аяш энем да эбиреп-жебиреп (кулагыма да кирбеди) ийилип өбөм деп, көлкүлдөгөн көз жашымды көрүп, чочуп кетти:

– Ыйлаба! – Митаам жылмайып. – Кыз жыргаар жерине ыйлап барат, – деп шакылыктап күлдү.

Ыйласаң минтишет, тирмейип ыйлабай койсон дагы бир нерсени ойлоп табышат. Биздин энелерден шылтоо качып кутулбайт экен го!

Жашырынган уурудай алар түн жарымында кайтышты. Апам көңүлү тынчыгандай:

– Өх, белим ий, чарчадым! – деди.

...Мен кирпик какпай, нөшөрлөп куюп жаткан жамгырды тыңшап, уктай албай жаттым.

Баса, эртеге химиядан экзамен эмес беле?

XV

Чочуп ойгондум. Башым зыңылдап ооруп, курсагым ачып калыптыр. Ойлосом, кечээги түштөн бери жакшылап тамак ичпептирмин. Бирок, тургум келбей, бекем чүмкөнүп, ныксырап жата бердим.

Күн чыгып калса керек. Апам өзү шымаланып уй саап, кошуп кел бадага деп, Туратбекти жумшады. Турбадым... Тарткынчыктатып жетелеп, торпокту аркандап келди. Турбадым... Түндө жуулбай калган казан-аяктарды калдыратып жууду, кыйналып-кысталып от жагып, сааган сүтүн асты. Турбадым.

Атам атын токуп коюп, чай ичти. Апама бирдемелерди шыбырап, анан аттанып жөнөп кетти. Турбадым.

Өчөшкөндөй жата бердим. Күндөгүмдөй тура калып, өзүм билип уй саап, торпокту аркандасам, сүт бышырсам, кызымдын көңүлү кушубак жаркылдап жүрөт, ыраазы экен деп, ичтеринен ойлонушпайбы? Кайсы бетим менен атам менен бир дасторкондо бет маңдай отуруп, нанүштө кылам? Бетим чымырайт...

Бүгүн химиядан эң акыркы экзамен. Озунгандар жооп беришип, эмне баа алдым экен деп, мектептин узун коридорунда толкундап ары-бери басып жүрүшөт. А мен баш көтөрбөй, төшөктө чүмкөнүп жатам. Аманбайдын бетин кантип карайм? Жер карап унчукпайм. Ал өзү тийишип саламдашса кантем? Унчукпай койсом балдардын алдында осолдоп, таарынып калсачы? Жайдары күлсөм абалың ушул экен го деп, ичинен мыскылдайт го. Эмне кылларымды билбей, мукурайм.

Апам башыма отуруп, төшөктү ачып көрүп:

– Өпкөмдү чабайын, тура гой. Күн шашке болуп калды.– Уйпаланган чачымды сылап: – Курсагың ачкандыр, тура гой,– деди.

Уктамыш болуп, билмемишке салдым. Мурдалары кеч жатып, эртеси уктап калсам, апам мындай мээримдүүлүк менен башыма отуруп: «Тура гой» – деп сурачу эмес. «Турбайсынбы сасып жатпай, кыз бала кептердей сергек болчу» – дечү.

Азыр чачымды сылап башымда отурат.

– Тура гой, Гүкүш. Экзамениңе барбайсыңбы?

Унчукпай туруп, дубалда илинген күзгүгө бардым. Көзүм шишип, ыйлаганым билинип турат. Түндө чечинбей бир тийген экемин, кечээ кийген крепдешин көйнөгүм уйпаланып калыптыр. Башка учур болсо, апам куп жөмөлөйт эле, азыр эриндерин тиштенип унчукпады.

Түндө Алмакан эже мага атап берген жиликти Туратбек айбандагы сөрүдө аймандап жеп жатыптыр. «Жыргаптырсың» дедим ичимен. Ал мени көрө коюп:

– «Эжекем эрге тийсе эскиси мага тиет» – деп арсактап күлүп коёт.

Баса калып жикжийте муштадым баланы. Колунан жилиги ыргып, озондоп ыйлап калды. Апам да мени ачык жактап:

– Жакшы кылдың ошону, э бейжай өспөй кал. Экинчи ошентчи жамажайынды жырып коём,– деп айбат кылды.

– Туратбек бейжайлык кылганда дайыма ушундай атырылсаңыз, мындай болмок эмес, апа. Айып өзүңүздө. Мейли, өкүрүп ыйлай берсин!

Бетимди жууп, эртеңки нанүштөгө апам экөөбүз бир отурдук. Курсагым ачып турса да жүрөгүмө эч нерсе барбайт. Апам зордоп жатып бир пияла каймакты жуткуруп жиберди.

Башка көйнөк кийип, күзгүнүн алдында каранып турсам апам минтип эскертти.

– Түндөгү ишти эч ким билген жок. Жашыруун... Адамдын душманы адам. Билинип калса, атака сөз тиет. – Чаң ууртап коюп. – Дагы теңтуштарыңа мактанып айтып койбо. Теңтуштарыма мактанат имишмин!

– Кокус кайнатаңа туш келсең, тастаңдабай, жашырынып кал. Ызаат-урмат деген адамдын ичин жылытат. Түбөлүк атаң ошол киши.

Тура берсем апам дагы көп сөз айтчудай. Ансыз деле ичим бир кап болуп, терим жукарып, сөз көтөрө албай араң эле турам.

– Айылга барам, тез кел, – деп апам артымдан кыйкырып калды. Туратбек таарынып баягы ордунда көмкөрөсүнөн жатат. Жата берсин.

Дарбазадан чыга берип, Зулайга беттеше түштүм. Ал көмөкөйүн көтөрүп сүйлөп:

– Муну карасаң, шашып койбойт. Экзамен тең ортолоп калбадыбы? Агайлар сени эки жолу жоктоп, чакырып кел деп мени жиберди. – Ал көзүн сүзүп, кебетемди байкады окшойт. – Ооруп атасынбы?

Жооп бербей башымды чайкадым.

– Анан эмне кечигесин?

– Жөн эле.

– Жөн кантип болсун? – Тыржыя түштүм.

– Сени тергөөчү койду беле?

– Койдум, койдум. – Дөрдөйгөн эриндерин кымтылап чурмуйду.

Экөөбүз сүйлөшпөй, жанаша басып бараттык. Жандын күнү жаш бала деп туура айткан. Түндөгү асманды чүмкөп, уюлгуган кара булуттар жок. Күн чайыттай ачык. Аба таза. Жолдун боюндагы катар мырза теректердин жашыл жалбырактары жамгырга жуулуп, өзгөчө кооз көрүнөт. Алсыз шамалга кыл учтары ары-бери шоокумсуз назик ийилет.

Капыстан, сопоң этип бет мандай тараптагы көпүрөнүн арт жагынан тору аттын койкондогон башы, камчылакган Эргеш аке чыга калды. Анын жанында дагы бир атчан бар экен! Заманам тарып, шашып калдым. Шарт артыма бурулуп качып берсем, Зулан эмне деп ойлойт? «Эргеш акени көрүп, дыргаяктап качып берди. Соо эмес. Болуп коюптур», – деп элге заматта таратып жибербейби? Эмне кылам? Анаке, атчандар да жакындап келатат. Экөө кобурашып, сүйлөшүп, бизди да көрбөйт. Бетим чымырап, жүрөгүм ойноктойт. Уят, уят, уят! Өлүм, өлүм!

– Зулайжан, сен күтө тур! – деп жол боюндагы Токтобай акенин үйүнө кире качтым. Алардын кабаган ити тандырдын астынан чыга калып, арсылдап качырып жөнөдү эле, бир чыңырып отура калдым. Кайриет, ит катылбады. Кыймат эже корккон үнүмдү угуп, чыга калып итти кубалап, мени апантады.

Мынаке дагы туюк жарга камалбадымбы? Эмне деп шылтоо айтам? Денемдеги коркконум тарап, бетим өрт болуп ысып баратам. Кайдагы балээге камалдым эле?

– Үйгө кир садага? Эмне кызарып кеттиң Уялба. – Ар жакта дубалга куйругун такап ырылдаган итке айбат кылып. – Нары тур өлө элегинде.

– Ачыткы сурап кел деп, апам жумшады эле. – Адам кысталган учурда, жалган шылтоо тапканына да кубанып кетет экен!

– Түгөнүп калды эле,– деди кейигендей.

«Куп жакшы болуптур»,– деп жарыя айтып жибере жаздап араң токтодум. Ме деп кармата салса эмне кылат элем? Коюңуз десем болбой узатып чыкты.

– Апаңа айт, бар болсо аябайт элем, – деп артымдан карап калды.

Быякка баратканымды көрүп шек санап калды го. Кокус мен мектептен келгиче апама жолугуп: «Гүкүштү ачыткыга жиберген экенсиз, түгөнүп калды эле» – десе эч нерсеге түшүнбөгөн апам: «Үйүмдө ачыткым бар, сага Гүлайымдай башка бирөө көзүңө көрүнгөн го» – десе, эмне болот? Кыймат эже арданып: «Көзүмө башка нерсе көрүнбөй кетпей эле сенин кызың келди. Ишенбесең Зулайдан сура»,– деп муну күбө тартса кантем?

Нары жакта, ыргалган көкмөк чөптөрдүн учтарын кармалап, Зулай күтүп туруптур.

– Апам бир буюм сурады эле, жок экен, дедим сыр алдырбай.

– Бар болсо да Кыймат эже бербейт.

Азыр мектепке кирем. Аманбай жооп берип, сезсүз беш алам деп, кыйынсынып, менин келишимди күтүп турган-дыр. Кантип беттешебиз. Мындан аркы мамилебиз кандай болор экен?

Балдар экзамен жүрүп жаткан класстын каалгасынын алдында туруптур.

– Гүкүшсүз экзамен да кызыксыз болот экен.

– Ошон үчүн мен кирбей отурбайымбы?

– Карасаң, тирмейип окуй берип, байкуштун көзү шишип келиптир.

Баягы угуп жүргөн тамаша сөздөр. Тиги бурчтагы терезеде эки колун шымынын чөнтөгүнө салып Аманбай бозорап туруптур. Капа... Ал көзүнүн кыйыгы менен жактырбагандай карап, шыпылдап ары басып кетти.

Бул эмне деген жоругу? Анын жакасына жармашып, этегине эрмешкен бирөө бар бекен? Бечарам ий. Аңгыча кезек келип экзаменге кирдим.

Гүлдүү столдо директор агай, химия сабагынын мугалими, экзамен комиссиясынын председатели сүйлөшүп отуруптур. Колум калтырап билетти алышымды билбейм.

– Коркпой, көздү жумуп ала бер,– деген директор агайдын үнүн угам.

Билетти алып, бош парталардын бирине барып отура беripмин.

– Номериң канча?

«Ал эмне үчүн мага кырын салат. Андай кыйын экен, ата-энесине айтып, болдурбай койбойбу?»

– Калмурзаева, билетиңдин номери канча?

Эми түшүндүм да:

– Номериби? – шашып көз жиберип,– беш.

Көңүлүм алагды болуп билеттин суроолорун, номерин да карабастан отура беripмин.

Көңүлүм жай таппай тургандыгын агайларга билдирип койдум окшойт. Химия сабагынын мугалими атайын келип, ийилип акырын сурады:

– Суроолору түшүнүктүүбү?

«Ооба» дегендей баш ийкедим.

– Эгерде билбегениң болсо, тартынбай эле сурай бер. Бул жолу да байкабай баш ийкеп жиберипмин. Агай таң калгандай карады да:

– Гүкүш ооруп турасынбы? – деди.

– Башым ооруп атат.

– Ошондой, өңүн бузулуп турат.

Агай жаныма отура калып, билеттеги суроолорду үстүртөн түшүндүрө баштады. Баш ийкемиш болом да. Аманбайдын жактырбай, кейкейип басып кеткенине ачуланам, муундарым калтырайт. Кезек күтүп такыр отура алгыдай эмесмин.

– Агай, азыр жооп берсем болобу?

– Даярдыгың жакшыбы?

Унчукпай баш ийкедим.

– Эргешов да даярданбай жооп берем деп калды. Өзүң бил,– деп агай ордуна отуруп, беркилер менен кеңешти да:

– Даярсыңбы? – деп менден кайрадан сурады.

Бактыма жараша билеттеги суроолор оңой экен, токтолбой жооп бердим.

– Азамат, – деп койду комиссиясынын председатели. Эч кимиси кошумча суроо да берген жок.

Сыртка чыксам, жакшы жооп бердиң, тыңшап турдук деп, жабалактап колдор куттуктады. Ал көрүнбөйт. Башым ооруп атат деп шылтоолоп, бааны күтпөй үйгө жөнөдүм.

Ыкчамдап басып баратам, ыйлап баратам. Кайриет, тааныштардан эч ким жолукпады.

Ошентип, орто мектепти ый менен бүттүм. Ушундай болот деп кимдин башына келиптир дейсин. Эсен-аман онунчу классты бүтсөм арманым жок деп ойлочу элем. Азыр армансызмын деп айта аламбы?

Апам көз жашымды көрүп чочуп кетти:

– Сага эмне болду?

– Эч нерсе.

– Эмнеге ыйладың?

– Жөн эле.

– Жөн ыйлачу бекен? Бирөө капа кылса, айт, колуна өлүп берейин.

– Жок.

– Жакшы баа албай калдыңбы?

– Жок.

– Жоктон башка жообуң жокпу?

– Анан эмнеге ыйладың?

– Жөн эле.

– Бир жериң ооруп жатабы, садага болоюнум.

– Жок.

Апам үргүлүп-кагылып, үстүмө үйрүлө түшкөндүктөнбү, эреркедимби, эки-үч мончок жана бетимен төмөн кулады.

– Айтчы, эмнеге ыйлайсын? Бетиңди көз жашың менен жуугудай мен өлө элекмин го. Кызымдан эми тынчыдым го деп отурсам... Апам маңдайын үтүрөйтүп кейип жиберди.

Ичимди тээп жаткан оюмду айтып, сырдашайын десем, апам ушинтет да! Эгерде, анын жактырбагандай суз мамилесин, ары карап кылчайбай кейкейип басып кеткенин апама айтсам:

– Ошого да ушунча болосуңбу? Андай жеңил болчу эмес, элдин көзүнчө эле сага жүгүрүп келмек беле, – деп жемелерин билип турам.

Мейманканага кирип жатып алдым. Апам да унчукпай, уйкудан калган көздөрү менен жал-жал карап, башымды сылап жанымда отурду.

Түштөн кийин агайлар келип, онунчу классты жакшы бутүшүм менен куттукташты. «Жакын арада Фрунзеге жөнөтөсүңөр, Карамат эже, Гүкүштү даярдай бериңиз? – деп директор агай эскертти.

Фрунзеге, Фрунзеге! Менин жүрөгүмдү өйкөгөн асыл максатым ушул эмес беле? Жакында ата-эне, туулган жер, урук-туугандар менен коштошуп, Фрунзеге жөнөйт экенбиз да. Машинага отуруп: «Кош апаке!» – дей турган мезгил келген турбайбы?

Бирок, бир нерсе жүрөгүмдү өйкөп, чайыттай ачык көңүлүмдү суз кылат. Ал экөөбүздүн алдыдагы мамилебиз кандай болор экен? Ылайым эски таарынычтарды унутуп, Фрунзенин жашыл бактарын аралап, ынтымактуу окуп жүрсөк экен?..

XVI

Кирүү экзамендерин тапшырып бүтүп, үч күндөн бери бошпуз. Бекерчиликтен жадап да бүттүк. Күн бийик көтөрүлгөнчө уктайбыз. Конкурстун жыйынтыгы чыгып калгандыр деп, көңүлүбүз түтпөй күнүгө университетке беш-алты жолу барабыз, анча-мынча өң тааныштардан сурайбыз, күбүрөшүп сүйлөшкөндөрдү тыңшайбыз, анан са-

бырыбыз суз, жашаган бөлмөбүзгө келип, ар кимибиз өз ке-
ребетибизге жата кетебиз.

«Эртең өткөн-өтпөгөндөрдүн тизмеси илинет экен», – де-
ген кабар тарап, менде жан жок. Ар кандай жаман ой ба-
шыма кылт этип түшө калат. Санаркап да бүттүм.

Күн бешимде Аманбай келип, айыл чарба институтунун
ветеринардык факультетине өткөнүн айтты. Куттуктайм
деп колун кыстым. Өңү кумсарып кызуу. Билдирбеске кан-
чалык аракеттенсе да оозунан ичкиликтин жыты буркурап
турду. Жанында күлгөн сайын кашка тиштери көрүнгөн,
бети-башы толо мурун бир жигит бар экен.

– Аяш менен тааныштырбайсың да,– деп ал өзү эле озу-
нуп колун сунду:

– Атым Алишер, фамилиям Бекказиев, кыркынчы
жылы туулганмын. Ата-тегим таза. Аманбай экөөбүз бир
факультетке экзамен тапшырдык, – деп жапылдап сүйлөп,
бир паста өмүр баянын айтты да, колумду кыса кармап:

– Атыңыз ким аяш? – деп сурады. Кандай жулунган
немесиң дегендей мен жактырбай карадым. Ал кытмыр
күлдү да:

– Жаман көрүп калдыңыз ээ. Көзүңүздөн көрүп турам.
Атыңыз жашырынбы аяш? – деп дагы эле колумду коё бер-
бейт.

– Мен сиздин аяшыңыз эмесмин. – Жиним келип, ко-
лумду жулуп алдым.

– О-о! Айыптуумун карындаш.

– «Сиздин карындашыңыз да эмесмин, ойлоп сүйлөңүз»
дегим келип, ушул оозу-мурдуна сөз илешпеген немеге
тенелбейинчи деп унчукпадым. Ал Аманбайга күлө карап:

– Э дос, пиво ичип отуруп, сүйлөшкөн кызыма барабыз
дебедиң беле? – Аманбай аны далыга чапкылап.

– Кыз деген чычалап жүрүп көнөт да.

– Аяштын андай сырын кайдан билейин.

Мен тетири бурулуп кетип калайын деп, батынбадым.

– Кийинип чык, көчөгө басып келели,– деди Аманбай.

– Бугүн бара албайм.

– Себеп.

– Башым ооруп турат.

Мен калп айттым. Аманбай келсе, шаарды кыдырып
келели деп, эртеден бери күтүп отургам. Мынабу Алишер
деген немеси шыпылдап; улам «аяш» деп, анысы аз келген-
сип, өзү: «кыз деген чычалап жүрүп көнөт да» – деп кеки-

рейип, ардантып коюшту. Болбосо барат болчумун! Алишер
ары басып кеткенде, Аманбай көзүн сүзүп:

– Азыр чыкпасаң, экинчи келмей жок,– деп кекете
сүйлөдү.

– Мейли, келбесең.

– Болуптур, эсен бол. – Аңгыча Алишери жаныбызга
келди. Аманбай калп эле жаркылдап күлүмүш болуп:

– Алишер дос, аяшың бүгүн чыгалбайт экен, башы оо-
руп туруптур, – деди.

Мен таң калып карап эле калдым! Азыркы сүйлөгөнү да,
үнү да, күлкүсү да башкача! Алишер дагы колумду кысып:

– Өтө өкүнүчтүү. Башыңыз айыкканда келебиз, – деди
жылмайып.

Аманбай колумду суз кысып, унчукпай чыгып кетти.

Мен анын артынан жүгүрүп чыгып: «Токтой тур, азыр
чыгам»,– деп жалынмак белем?

Бөлмөгө кирип, кроватыма үстөмөнүмдөн түшүп жатып
калдым. Биздин мамилебиз качан оңолор экен? Фрунзеге
келгенибизге бир айдан ашты. Аманбай үзбөй келип, кабар
алып турду. Эки жолу ээрчишип киного бардык, эч кимден
жазганбай-тартынбай жанаша отурдук, бирге тамак ичтик.
Караңгы киргенде университеттин алдындагы скамейкалар-
да сүйлөшүп отурдук, ары-бери бастык. Ал бир жолу өбүүгө
аракеттенди эле, бетимди алаканым менен жаап, жеткирбей
койдум. Бирок, ушул убакка чейин черибиз жазылып, эзи-
лишип сүйлөшпөдүк, ички сырыбызды айтышпадык. Жо-
лугушубуз да суз, коштошуубуз да суз. Азыр да болбогон не-
меден таарыныша кеттик. Алишер деген шыпылдап кайдан
келе калды эле?

Сайракан жүгүрүп кирип, зыңкылдап ырдап, күзгүгө
карап чачын тарана баштады.

– Гүлайым, турбайсыңбы? Күн кечкирди, – деп кулакка
жагымдуу үнү менен сүйлөдү. Мен жата бердим.

Аңгыча кимдир бирөө эшикти черткиледи.

– Мүмкүн эмес, – деп Сайракан каткырып күлдү.

Мен шашып тура калдым, эшик ачылып, узун бойлуу,
чачы үрпөйгөн, жол-жол жеңи жок көйнөкчөн, кара тору
жигит кирди. Сизге ким керек дегендей мен жалдырап ка-
рап калдым.

– Кечирип коюңуз, – Ал жүгүнүп койду. Мен унчукпа-
дым.

– Руксат эмес дебедим беле? – Сайракан чоң, кап-кара көздөрүн ойноктотуп, тийишип сүйлөдү. Жулунуп киришинде кеп бар турбайбы, деп, мен тыңып калдым.

Кирген жигит алмак-салмак күлүңдөп бизди карап:

– Кулагым дүлөй эмеспи,– деди.

Ал сөз таппай, унчукпай калды.

– Аида врачка барыш керек.

– Ай, ай Авазбек, маданиятты качан үйрөнөсүң? Дагы университеттин үчүнчү курсунда окуйт. – Сайракан нааразы болгондой баш чайкады.

– Же Гулайым өзү озунуп таанышса деп турасыңбы?

– Ой, менин байкабастыгым. Кечирип коюңуз. – Кол сунду: – Авазбек.

– Гүлайым.

– Абдан жакшы.

Мен уялып, колумду тартып алгыча шаштым. Авазбек бир аз унчукпай отурду, анан тура калып:

– Жүргүлө, «Ала-Тоого» барып, көңүл ачып келели.

– Биз көңүл ача албайт экенбиз, – деп Сайракан кылыктанып, керебетке отура кетти.

– Эмне үчүн?

– Ушундай.

– Таң каларлык.

– Таң каларлык эмес.

– Анан кандай?

Сайракан ордунан тура калып, бат-бат сүйлөдү:

– Биз деген университетке сагалап турган жанбыз. Сиз деген – үчүнчү курстун студентисиз. Айырмасы асман менен жердей. Мүмкүн эртеге биз жолдо болорбуз.

Авазбек башын оң жак мүрүсүнө шылкыйтып укту да:

– Мелдешесиңерби? – деди эч нерседен, эч нерсе жок.

– Эмне жөнүндө?

– Мен айтам: экөөңөр тең өтөсүңөр, деп...

Сайракан сол көзүн кысып, колун кезеп сүйлөдү:

– Мунун митаамдыгын көр. Алдагың бар ээ? Биз жаш бала эмеспиз.

– Анда мелдешкиле.

– Мелдешпейбиз.

– Анда өтөсүңөр.

– Өтпөйбүз.

– Жүргүлө, кечки киного үлгүргүдөй бололу.

– Жүрбөйбүз. Кино-синого биз бара албайбыз.

Мен быякта туруп бечара Авазбекти аяп кеттим.

Кандай токтоо, кандай сылык! Мен Аманбайга бирөөнүн көзүнчө минтсем: «Барбасаң кой, мага эмне», – деп бая эле каалганы тарс жаап кетип калмак.

Бали десе, дарт деп каяша айтып жатып, акыры Сайракандын жүрөгү жибиди окшойт:

– Айтпаса, өзүң билбейсиңби? Сен карап турсаң, биз кантип кийинебиз? – Авазбек кулагынын учуна чейин кызарып чыккыча шашты. Ал чыгар замат Сайраканды жемеледим:

– Аябай осол кылбадыңбы, менин көзүмчө. Антпей жүр көңүлүнө кетет. – Сайракан түшүнбөгөндөй мага алайып карады:

– Ой, ботом, осол дегениң эмне? Осел – орусча эшек.

– Осол такыр андай эмес, уят деген мааниде.

– Бул кыргыз сөзүбү?

– Билбейм, биз жактагы кыргыздар ушинтип сүйлөшөт.

– Түшүндүм. Осол боло берсин. Мен анын этегине жармашмак белем? Ошол силер жакта аялдар өз күйөөсүн сиз дешет имиш, ушул чынбы?

– Чын. Атын айтпай, сиз деп ызатташат.

– Мына кызык тамаша! Атын айтпай тергеп, сиз десе эле сыйлап калат бекен? Мүмкүн ошол аялдар сыртынан сиз деп жылмайып коюп, ичинен өлүгүндү көрөйүн, сенден качан кутулар экенмин деп каргап отурушкандыр.

– Койчу! – мен чочуп кеттим. – Антишпейт.

– Сен алардын ичине кирип чыгыпсыңбы? Урматташкан көңүлүү жакын адамдар бири-бирине сен деп кайрылышат. Ал эми бейтааныш, сыпайы кишилерге, өзүнөн улуу кишилерге сиз деп кайрылат.

Мен жаакташып талашкым келбеди. Сайракан гардеробдон кызыл көйнөгүн сууруп чыгып, жарашабы дегендей боюна ченеп, сөзүн улады.

– Менимче кыз деген сүйгөн жигитин башынан катуу кармаш керек. Сүйөм деп жалына берсең, башка кыздарга көз арта баштайт. Гүкүш, бул сырды көкүрөгүңө бекем түйүп кой.

Сайракан жаныма отура калып:

– Туура айтасың, Гүкүш, мен ороймун. Авазбекти капа кылып койгон окшоймун я? Ал митаам, ичиндегисин такыр билдирбейт. Ага кокус айтып койбо, мен аны жанымдай жакшы көрөм. Билесиңби, биз үч жылдан бери сүйүшүп

жүрөбүз. Врач болоюн деген оюм бар эле, Авазбектин жанында жүрөйүн деп, университетке кирдим.

– Фрунзеге окууга барам десең апаң каршы болгон жокпу? – Кокус эле сурап жибердим.

Ал мага таң калган көздөрү менен карады да:

– Жо-ок. Өз апаң да каршы чыкмак беле? Кайра окууга өтүп алса экен деп тилешет. Апам окууга узатып жатып: – «Эми балам, окууга өтсөң, билип турам, күйөөгө да ошол жактан кетесиң. Кудайым багыңды ачсын» – деп ыйлайт. «Ой апа, кам санабай жүрө бериңиз, окуумду бүтүп үйгө эле келем, анан күйөөгө чыгам» – десем, такыр ишенбейт. «Бардык эле мен билген кыздар ошол жактан күйөөгө чыгып кетип жатат, багың ачылсын, кызым».

Мен үтүрөйүп карап калсам керек. Баягы Уулбү таежемдин жер муштап ыйлаганы да ырас окшойт:

– Сен дагы ушул жерде өзүң эле күйөөгө чыгып аласыңбы?

– Учуру келгенде чыгып алам. Ата-энеме күйөө тапкыла деп бармак белем?

Биз эбиреп сүйлөшүп, Авазбекти унутуп салыппыз. Ал азыр коридордо качан чыгат деп саргайып күтүп тургандыр.

– Кийинбейсиңби, Авазбек күтүп калды.

– Күтсүн, жигит күтүш үчүп жаралган. Дагы күтөт. – Каштарын жогору серпип коюп,– Гүкүшжан, айтсаң сүйгөн жигитиң барбы? Тартынба!

Мен эмне дешим керек. Бардыгы бар да. Эмне жашырам.

– Эгер жок болсо, Авазбектин бир жолдошу бар, тааныштырып коёюнбу?

– Кой, таанышпайм – деп, чочуп кетипмин. – Бар.

– Окуйбу?

– Айыл чарбага өттү.

– Силер да биздей бактылуу турбайсыңарбы?

Мен кызарып унчукпадым.

– Азыр эмне үчүн келбейт?

– Келди, мен барбай койдум.

– Таарындыңбы?

– Жок, жөн эле баргым келбеди.

– Биз менен да барбайсыңбы?

– Ооба.

– Эмне үчүн? Бизге да таарындыңбы?

– Жок. Ал жүр дегенде барбай, силер менен кетсем, ал урушат. – «Урушат» – деген сөз кокус оозумдан чыгып кетти.

– Урушат дейсиңби?

– Жо-ок, урушпайт, капа болот.

– Кыскасы барбайм дечи. – Сайракан жасанып чыгып кетти.

Мен жалгыз калдым. Күн батып, каш карайып калган экен...

Адам кубанганда кадимкидей ыйлайт дешсе. такыр ишенчү эмесмин. Ый – кайгыдан, күйүттөн чыгат, а күлкү, каткырык көңүл чактыктан, кубанычтан – деп ойлочумун. Жок, мен жаңылып жүрүпмүп. Көрсөм...

Бүгүн саат тогуздан мурда эле университетке кирем деп жүргөндөр приказдар илинчү жерге быкылдап толуп кетти. Бардыгынын эле өңдөрү саман. Ар ким өзү менен убара.

Сайракан экөөбүз эч кимге кошулбай четте турабыз. Биз менен экзаменди кошо тапшырган, бети жымсал, мурду кетирекей кызыл беттүү кыз жанындагы үч кызга эбиреп-жебиреп бир нерселерди айтат.

Түндүктүн кыздарын албайт имиш. Чоң кызматта иштеген таекем айтты. – Мени уксун дегендей, заңкылдап бийик сүйлөйт.

– Эмне үчүн? – деп, берки кыздар тестее түштү.

– Биздин ордубузга түштүктүн кыздарын алат имиш? Алар ооз ачалбай калса да бардык окуу жайларына кабыл алынсын, – деген жогору жактан буйрук берилиптир.

Бул кыз биринчи жолу минтип жалган-жашыктарды айтып, ушак жүргүзүп жаткан жери жок. Ал экөөбүз тарыхтан экзаменди бирге тапшырганбыз. Кирүүгө нооват мени эле. Ушул кыз алдыма кыстырылып мен кирем дей баштады.

– Сен эки алсаң да өтөсүң. Мынабу делдейген көйнөгүң каяктан келгениңди айтып турбайбы? Биз шордуу төрт алсак да күмөн, деп жанды күйгүзгөн. Айтышып отурбай, өзүмдөн мурда өткөрүп, артынан кирдим. Чакылдап сүйлөп, кыйынсынганы менен эч нерсе билбейт экен. «Биринчи орус революциясы эченчи жылы болгон?» – деп мугалим сураса, оозу-мурду кыйшайбай шакылдап: «1917-жылы улуу Ленин атабыздын башчылыгы астында болуп, жүзү кара Николайды тактан кулаткан. Эмгекчилер эркиндикке чыккан» – деп баратат. Мугалим араң токтотту. Быякта табалап карап от-

урдум. «Петр биринчи эченчи жылы туулган?»– деп сураса: «Петрбу? Туулган жылын билбейм. Киносун көргөм. Абдан эр жүрөк киши экен?» – дейт, бети кызарып койбой: «Агай уч эле койсоңуз болот. Мен эки жылдан бери фабрикада иштедим. Өндүрүштүк практикам бар. Мынакей жакшы иштеди деген мүнөздөмөм» – деп сумкасын аңтара баштаганда, мугалим баа койду.

Мен жооп берип чыксам, кетпей күтүп туруптур.

– Жолдош, эмне алдың?

– Төрт.

– Мына айтпадым беле, билбесе да буга жакшы баа коёт, – деп жанында турган бейтааныш эле балдарга арыздана кетти.

Мен да арыма келе түштүм:

– Петрдун качан туулганын билбейсиң, биринчи орус революциясы эченчи жылы болгонун билбейсиң, анан дагы мактанасың? Уялбайсыңбы? – дегенмин.

– Энекебай, каратып туруп калп айтканын карасаңар. Айтпадымбы, мугалим өзү баш ийкеп отурбадыбы?

Сага даба жок экен деп, айтышпай кетип калганмын. Бул мурду кетирекей кыз ошондон бери мага өч. Азыр дагы менин жиниме тийиш үчүн атайы өңгөчүн созуп, жалган-жашыктарды апыртып жатат.

Сайракан тыкылдап алардын жанына басып барып, «Кетирекей мурунга» кайрылды.

– Кечиресиз, жолдош, жашыруун болбосо, чоң кызматта иштеген таякеңиздин фамилиясы ким? – Кетирекей мурун мисирее карады:

– Сиздин ишиңиз эмне?

– Билгим келет.

– Жок, айта албайт экенбиз.

– Айта албасаңыз мындай ушактарды таратпаңыз. Дагы уялбай комсомолдун значогун тагынып алыпсыз.

– Энекебай, муну карасаңар? Сен эмне милиционер белең?

Аңгыча топтолуп тургандар дуулдап, приказдар илинчү доскаларга карап жабалактап калышты. Кимдир бирөөлөр мени түртүп өттү. Сайраканды да жоготуп койдум. Элдин баары эле моюндарын созуп, алдыга жүткүнүшөт. Мен да өмгөктөп жатып, эл сээлдегенде биздин тизме илинген доскага жакындадым. Алактап тизмени карайм, түгөнгүр, менин фамилиям көрүнбөйт. Өтпөй калган экенмин, муун-

дарым калтырайт. Жок, Калп! Тигине менин фамилиям. Өтүпмүн! Башка фамилия болуп жүрбөсүн деп, ишенбей карайм. Калмурзаева Гулайым деп кашкайып жазылып турбайбы?

Кубанганда кадимкидей көз жаш чыгарын ошондо билдим.

– Гүкүш! – деп эле бирөө мойнума асылып калды. Сайракан. Менин кирпигимдеги көз жашымды байкай коюп, кашы серпилип, заматта суз боло түштү.

– Сайракан, өтүпмүн! – деп айткыча шаштым.

– Эмне ыйлайсың? Эсимди да чыгардың.

– Өзүм да билбей калыпмын.

Экөөбүз көпкө ажырап, сагынышкан достордой кучакташып:

– Гүкүш, мына эми бирге окуйбуз.

– Ооба, Сайракан! – дедим ичим бөксөргөндөй.

Тегеректегилер бизге таң калгандай карап турушуптур.

XVII

Төрт кыз бир бөлмөдө жашай турган болдук. Сайракан, мен, Валя жана баягы жинимдей жаман көргөн «кетирекей мурун». Анын аты Айгүл экен. Ошону менен бир жашап калганыма капамын. Сүйлөгөнү да, кыңылдап ырдаганы, жорук-жосуну да жакпайт. Экөөбүз акыры чачташа кетебизби деп корком.

Эң жакшысы Сайракан экөөбүздүн бир жашап калганыбыз. Керебетибизди да жанаша койдук. Күн өткөн сайын экөөбүз бир туугандай болуп баратабыз. Айгүлдүн ичи күйөт. Кечээ кино көрүп келели деп чакырды эле, ал барбай койду.

Азыр Сайракан тамак даярдап, кухняда жүрөт. Мен бөлмөбүздүн балконунда ары-бери баскандарга көз жиберип отурам.

Заңкайган университеттин үч кабат имараты көзүмө ушунчалык жылуу учурайт. Былтыркылары университеттин имаратынын газетага чыккан сүрөтүн көрүп: «Кандай бактылуу жаштар ушул имараттын койнунда окушат болду экен? Ошолордун да арманы бар бекен» – деп ойлочумун. Университеттин студенттери сабак окуп жатышат – деп сүрөттөрү газетага чыгып калса да, кандай немелер болду экен деп баса калып карачумун. Өзүм дагы күтүлбөгөн жер-

ден университетке өтүп отурам. Моюнга алыш керек, мыңдай болот деп эч ойлогон эмесмин.

Бүрсүгүнү биринчи сентябрь! Ошол күнү эртелеп туруп, таза жуунуп таранып, жаркылдап кийинип, Сайракан экөөбүз өзүбүз теңдүү жаштардын арасында университеттин босогосун аттайбыз. Сабак башталат. Илимге сугарылган агайлар лекция окуй башташат. А биз анын оозунан чыккан ар бир пайдалуу сөздөрдү кулагыбыздын сыртынан кетирбей, илип калууга талпынабыз. Кечээ кухняда жогорку курстун студенткасы бир кызга университет – бул мектеп эмес. Доцент, кандидат, профессор агайлар эшиктен кирет да, баш ийип саламдашып, лекциясын баштайт. Колун шилтеп коюп тынбай окуй берет, окуй берет. Коңгуроо угулганда, чоң папкасын колтуктап чыгып кетет. Сенин үлгүрбөй жатканың менен иши жок. Жалпы тартип ушундай дегенин угуп коркуп калдым. Ошол эжеке чын айтса, окуш да оной эмес бейм.

Кыйынчылыгына да кайылмын. Миңдеген студенттердин биримин да. Тырышсам, мен үлгүрөм. Ак кагаздын бетин тирмейип карап, беш жыл окуйм.

Эски адатым тутуп кыялданып кеткен турбайымбы?

Гүкүш, эсинде болсун, бул жер университет, бул жер шаар деген болот, атаңдын тогуз пакса чоң коргону эмес.

Кечээ апамдан кат алдым.

«Жанымдан артык көргөн, алыскы шаарда окуп жаткан асыл кызыма жүрөгүмдөн кайнап чыккан ысык дубай саламымды жиберем. Кызым, окууга өттүк деген дилгиреминди алып атаң экөөбүз куп сүйүндүк. Эми кызымжан, бизди дос-душман алдында уятка калтырбай өзүңө кыл жугузбай жакшы жүр. Көп эле кино-театрга бара бербе. Кечкурун аста көчөгө чыга көрбө кызымжан, тилимди ал-саң сактыкка кордук жок, бирөөлөр чакырса эшикке чыкпа, кимсиң деп терезеден сүйлөш, башка балдар андай-мындай бузукулук сөз айтса кагып сал, уруша кет. Столовойдон оокат ичпе, чочконун гөшү аралаш болот дейт. Ачка жүрбө, ысык өтүп кетет. Пулуң кемчил болсо тартынбай кат жаз кызым, өзүңдү жакшы алып жүр балам, өмүрлүк бетиңе көө сүйкөбө. Мени куда болгон деп ар кимге айта бербе, чалкан гезитке чыгып калбайбы, балам, оозуңа сак бол, бизден кабатыр болбо баарыбыз тынчпыз. Кайын энең балдарымды сагындым, качан көрөр экенмин деп ыйлап жүрөт бечара,

анан кантсин. Көрүшкүчө эсен бол, балам, өзүңдү жакшы алып жүр, мен десең, сагынып, сагынып Карамат».

Катты апам өз колу менен арбапдатып жазыптыр. Ырас, апамдын каты сабатсыз жазылган, грамматикалык, орфографиялык каталары ар бир сүйлөмүндө толуп жатат. Бирок, бул сабатсыз каттын ар бир сөзүндө апамдын түн терметкен ой-санаасы, сагынычы, энелик мээрими жатпайбы?

Эне артыкча жаралган жан экен го. Билем, азыр апамдын уйкусу өзүнүкү эмес. Түн жарымында селт этип чочуп ойгонот, түшүн жакшылыкка жоруп, түйшүк тартып, кирпик какпай таң аттырат.

Биз Фрунзеге шашылып жөнөп калдык.

Бизди мындай капыс алып жөнөйт деп, апам ойлогон эмес. Беш-алты күн мурда кабар берет деп камырабай жүргөн. Бирок апам күткөндөй болбоду. Эсимде, июлдун башы эле. Мен ичкери мейманканада апамдын жаны товар көйнөгүн машинеге жүрүп жаткамын. Атам түштөн кийин өйүз тараптан чаап келип, эртеге окууга барчу кыздарды райисполкомдун орун басары өзү Фрунзеге алып жөнөйт экен, азыр мага жолдош Ташымов телефон чалды, болгула, даярдангыла деп угузду.

Жашырып эмне кылайын, мен кубандым. Окуу жабылгандан бери чоң коргондо тумчугуп отуруп, аябай ичим бышып, зериккен болчумун. Баса, мурдалары мынчалык зерикчү эмесмин, аны-муну жасап, кыялданып отура берчүмүн. Фрунзенин кабары угулгандан бери башкача абалдамын.

Тетирисинче, эртеге кызымды жибере албайм, такыр даярдыгым жок, алар кете беришсин, кызымды артынан өзүм жеткирип барам деп апам жулкунду. Бирок апам жибербейм деп ыйлап-сыктап жатып, тиякка-биякка өзү жүгүрүп, даярдана баштады. Сүткө камыр жууруп патир токоч жапты, эт кууруду. Кечкурун түбүнөн майын агызып палоо жасап, ал эле, ал деп кыстап жатып жедирди. Чоң чемоданга керектүү кийимдеримди өзү бүктөп салды. Поезддеуурулар көп деп, миң сомду кемселимдии колтугуна бекемдеп тикти. «Шаар жерде бекем бол, теңтуш кыздарың пул сураса бере бербе, мусапыр шаар, өзүңдө жок болсо, эч ким жарым тыйын кайрылышпайт», – деп кулагыма куйду. Бек болот десе ачка саргайып жүрө берип ысык өтүп кетпесин. Бир курсактан пул аяба. Жан кызым, мен десең столовойдон тамак ичпе, чочконун гөшүн берип коёт имиш. Лагман,

шорпо сатчу чайкана бар дейт. Ошого барып жургүлө, – деп дагы кулагыма куйду.

Койчу десем тилимди албай, боорсок бышыра баштады. Мен жардамдашайын десем:

– Эртеге жол жүрөсүн, бүгүн уктап ал. Поеюзда көз ирмебей кетиш керек, – деп төшөк салып зордуктап жаткырып койду.

Бирок, менин уйкум келбеди. Ата-энемдин үйүндө эркелеп өстүм. Он жетиге чыктым. Эртеге эси көңүлүмдөн чыкпас атамдын үйүн таштап, алыс сапарга баратам. Алды жагымда эмнелер күтүп турат? Маңдай жарылып кубандырган жакшылык ишпи, же жүрөктү жаралап, мыкчып эзген кайгыбы? Азырынча белгисиз, уйкум келбейт.

Апам дүпүлдөп үйгө кирди.

– Эртең кетип калат, сагынам, – деп кайгылуу, атамдын коңуругун уга койду да:

– Бейкапар уктап жатканын карасан. Мусурманым ойлонуп койсочу,– деп атамдын үстүндөгү төшөгүн жула тартып:

– Кылгылыкты кылып коюп, чиренип уктайсыз да, туруң.

Атам кенеп койбой, уйкусурап сүйлөйт:

– Адамды тынч уктатасыңбы, ой.

– Уктатпайм. Акыры түшүнөсүзбү, эртеге Гүкүш кетип калат. Жүрөгүңүз таш адамсызбы? – Апам чала-бүчүк ылап жиберди.

– Уктабай эмне кылайын. Же таң аткыча Гүкүш окууга кетет деп ырдап жүрөйүнбү? Ой, тооба,–деп атам нааразы болгондой ары жагына оодарылып жатты.

Өчөшкөндөй апам төшөктүн жанына отуруп алды.

– Дагы ой, – деп коёт. Сиз элчилеп түзүк ата болсоңуз, Гүкүш окууга барбайт эле.

Атам табасы кангандай сүйлөнөт:

– Муну кара. Кызымды окууга жиберем деп Ташымовдун «Виллисин» минип, кече чаңытып жүрсөң, мен эмне кылам?

– Атам жоош болгону менен, өтө митаам. Айыптын баарын апама оодара салды. Апам да айыптуу кишидей тили байланып калды. Заматта атамдын кулактын кужуруна тийген коңуругу угула баштады. Атамдай бейкам киши бар болду бекен?

Апам менин башыма келип отурду, чачыман сылады»

– Уктап атат. Эртеге кетип каласың мен сагынам. – Апамдын бир тоголок көз жашы бетиме тамганда, кучагымды жайып, мойнуна асыла түштүм.

– Апажан! Ыйлабачы!

– Кетип калсаң ыйлайм да.

– Мен үзбөй кат жазып турам, күн сайын апажан, эч нерсени жашырбайм.

– Өзүң тун балам элең, аябай сүйөнүп калыпмын. Кетериңди угуп эңшерилип атам.

Апажан! Мен сиздин азап чеккениңизди сезбей жатам дейсизби? Баятан бери атамчылап уктап атат дейсизби? Баарын угуп, баарын тыңшап жатам.

Апам чечинбей жаныма жатып, мойнумдан бек кучактайт.

– Гүкүш, өзүңдүн да, биздин да бетибизге көө сүйкөбө.

– Апажан! Такыр камсанабаңыз, айтканыңыздай болом – деп ичимде убада берем.

– Гүкүш, бирөөлөр кыйшаңдап тийишсе, беттен алып уруша кет, өзүңө жакындатпа.

– Болуптур апа, ошентем, жаныма жолотпойм, ишенип коюңуз, – дейм, ичимде убада берем.

– Гүкүш, кечинде кино-синого делдектеп барба.

– Барбайм апа.

Таң агарып аткыча апам экөөбүз кирпик ирмебей сырлашып жаттык. Апам акыл-насаат айтты, мен тыңшадым.

Эртеси күн чыкпай, биздин үйгө Калча аяш энем түйүнчөк көтөрүп келди. Бышырылган эт, боорсок жана үч жүз сом экен. Айымкан эже эл көзүнөи чочулап, синдисинен берип жибериптир. Аманбай бир аптадан кийин барат дептир.

Күн көтөрүлүп калганда, үйүбүздүн үстүнө кыздар толгон машина токтоду. Шарапатканды, Туратбекти бек жыттап, көзгө жылуу атамдын үйүн таштап, машинага отурдум. Узатып келебиз деп, атам да, апам да кошо жөнөдү. Бизди баштап бара турган райисполкомдун орун басары орто бойлуу, ичкиликче чалып сүйлөгөн, чырайлуу кара тору Адалат деген келин экен. Апам бир паста сураша кетип, анын ичкиликтик тейит уруусунан экенин билгенде, ага жармашып: «Көзүң жылуу учурады эле, көрсө синдим турбайсыңбы? Мен ичкилик кызы болом. Катташып жүрөлү. Мынабу

синдиң окуйм деп жулунуп баратат. Айланайын жакшылап көз сал»,– деп жол катары эскертип барды.

Кара-Суу станциясында поездди бир жарым саатча күтүп калдык. Апам кайраттуу жан эле, мындай эңшерилип ыйлаганын көргөн эмесмин. Мени карайт да, токтоло албай жаш баладай ыйлайт.

– Менин ыраматылык кайын энем жалгыз уулун согушка узатып жатып, көзүнө жаш албай койду. Баламдан истала кылып, көзүмдү түкүрүктөп алдым,– деп айтып калчу. – Сиз кызыңызды мынабу бир карыш жерге окууга жиберип атпайсызбы? Кааласаңыз, бир саатта самолетто барасыз,– деп Адалат эже алаксытса да, апамдын көз жашы тыйылбады.

– Жалгыз уулу урушка баратса ыйлабаса, ол кемпир өзү өлгөндө ыйлайбы? – дейт апам менден көзүн албай ансайын жашып.

– Жөнү жок ыйлабачы,– деп атам кор этти.

– Ыйлайм, ишиңиз эмне,– деп атама атырылат.

Аңгыча, паровоздун кулакты тундурган добушу угулду. Биз түшчү Фрунзе – Жалал-Абад поезди жетип келди. Түбөлүккө ажырашчудай апам экөөбүз кучакташып, кучакташып ажыраштык. Атам мандайымдан өөп койду. Опурап-топурап поездге түштүк. Терезеден карасам атам көкүрөгүн жакжайтып апама бирдемелерди айтып жатат. Апам тыңшап койбой ыйлап жатат. Мени терезеден көрө коюп кол булгайт. Өзүмдү бекем кармап турган мен да ыйлап жибердим. Аңгыча айкырып поезд жөнөдү. Терезеге бек жабышып кол булгалайм. Карасам апам да жүткүнүп жүгүрүп, башындагы жоолугу түшүп калды, ага караган да жок, поездге жетпей акыйып карап кала берди. Аттиңай, зуулдап жүрүп бараткан поезд токтобойт турбайбы? Эмесе, мен секирип түшүп, апамдын мойнуна асылар элем.

Билем, апам үйгө жеткиче атамдын кулак-мээсин койбой урушуп барды. Билем, апам үйгө барып, менин буюмдарымды көрүп жашыды. «Гүкүшүмдүн тиккен көйнөгү» – деп да кармалап отурду. Билем, апам ошол түнү улам түшүнөн чочуп ойгонуп, бейкапар уктап аткан атамды түрткүлөп, безилдеп сүйлөдү.

– Сага эмне болду. Айтчы, ким ыйлатты? Карай салсам, мурдунун үстү тердеп, Сайракан жанымда үрпөйүп туруптур.

– Апамды сагындым.

– Ой, баракелде десе! Азыртадан сагындым деп ыйлап жүрсөң, беш жыл кантип окуйсуң. – Жаныма кынала отуруп. – Көз жашыңды ааркы. Айгүл көрсө табалайт. Менин да карыган апам бар. Сагындым. Кантебиз, сагынсак да окуйбуз да.

Туура айтасың дегендей кез жашымды сүртүндүм. Экөөбуз тең улутунуп, кылгырып батып бараткан күндү карап калдык. Бирок, анын сулуулугуна суктанбадык. Экөөбүздүн тең учкул ойлорубуз бизди өстүргөн ардактуу апаларыбызга карай сабалап учуп бараткансыды...

XVIII

Күнүгө сегиз сааттан окуйбуз, баш көтөрбөй мугалимдердин лекциясын тынбай жазып жатабыз, качан буларды кайталап чыгабыз, башым ман. Орто мектепте да сабак оор деп наалып жүргөнүбүзгө күлкүм келет. Кайран орто мектеп.

Анан, тан каларлык агайлар бар экен.

Фольклордон лекция окуган агай биринчи күнү: «Эскертем, силерди университеттин студенти дейт. Жыл сайын илимий эмгек жазасыңар. Азыртан өзүңөрчө илимий ойлоого көнгүлө. Менин оозумдан чыккандын баарын көчүрүп жазып, жатка билишиңер да жакшы натыйжага алып келбейт. Анткени, менин жаңылышым ыктымал. Илгертен бери устат жаңылбаган болсо, анда илим өнүкпөс эле»,– деп жалпыбызга жарыя эскертти. Эки сөздүн башын жакшылап кураштырбай жүрүп, кандидат агайдын кемчилигин биз кайдан билели. Анан ушул агай мукамына келтирип лекция окуйт экен, бир сөзүн калтырбай көчүрүп жазып жатабыз. Окумуштуу деп ушул агайды айтыш керек.

Бүгүн бир терсаяк баланы тарыхчы агай лекциядан кубалап чыкты. Менин табам кана түштү, анткени танапис учурунда жаныма келип кыйшандап, каяктан келгенимди сурайт, жаныңызга отурайынбы дейт. Уруша кеткемин. Ошол неме арт жакка отуруп, лекция жазбай, китеп окуп жатканын агай көрүп, бир эскертти, укпады, эки эскертти, кулак салбады, үчүнчүсүндө уялып койбой: «Агай, сиздин лекцияңыздын баары кулагыма куюлуп жатат, ишенсеңиз, айтып берейинби»,– деди эле агай ачууланып, аудиториядан кууп чыкты.

Куп табам канды да.

Курагы отуздан ашып, төбө чачы түшүп калган бир киши арданбай окуп жүрөт. «Беш балам бар, эң чоңу сегизинчиде окуйт» – деп мактанып коёт. Карыганда окуп эмне кылат. Беш жыл лекция жазып, калган эрбейген чачтары түшүп, такырбаш болуп үйүнө барат. Балачакасын багып, үйүндө жатпайбы?

Ошентип, баш көтөрбөй бир апта өттү. Эртеңден алыш, ишемби күнү жатаканада кыздар калбайт экен. Баары эле жасанып, редикулдарын буландатып, кино көрөбүз, шаарды кыдырып келебиз деп кетип жатышат. Элди көрүп, Айгүл да кошо дарбып: «Бекер отургандан көрө шаарга чыгып жигит издеп келем, анан бирге жүрбөйсүңөрбү бир басалы. Билип жүрөм, силердин жигитиңер бар эмеспи. Күтөсүңөр го. Жакшы отургула»,– деп бая эле жалгыз кеткен. Коркпойт. Убакыт зымырап өтүп баратат, бирок экөө тең убадалашып алышкансып келишпейт, каалга чертилбейт. Бүгүн жигиттерибизди бири-бири менен тааныштыралы деген болчубуз.

Өчөшкөндөй келишпейт.

Сайракан күйүп-бышып, балконго чыгып жол карайт, көрүнүшпөйт, тыбырчылап бөлмөнүн ичинде ары-бери басат.

– Биз жинди экенбиз. Азыртадан буга окшогон бюрократ жигиттерди тартипке чакырбасак болбойт. Гүкүш, качанга жол карап, саргайып күтүп турабыз. Жүр, өзүбүз эле шаарды кыдырып келебиз.

– Койчу.

– Бара беребиз.

– Мен корком.

– Эмнеден коркосуң? Шаарда бөрү жок.

– Бирөөлөр алып качып кетсечи.

– Гүкүш, сени жүрөгүңдү ким чыгарган? Көчөдө бара жаткан кыздарды ким ала качмак эле.

Кулагыбызды түрүп тыңшап калдык. Коридордо кимдир бирөө топулдатып басып келатат.

– Бул эркектин басканы. Келатат.

Экөөбүз эч нерсени билмексен болуп, колго тийген китепти кармап окуп калдык. Топулдаган добуш биздин каалганын тушуна келди. Же Аманбай, же Авазбек. Азыр каалга чертилет. Биз унчукпай коёлу... Бирок, эч ким биздин каалганы чертпеди, жаңкы топулдак коридордун аягына кетип жок болду. Биз өзүбүзчө осолдоп, китептерибиз колубуздан түшүй, мостоюп отуруп калдык.

Күтүп, күтүп анан намызданып кийине баштадык. Мен Аманбайлар берген помбаркут көйнөгүмдү кийип жатсам, Сайракан жактырбайт: – Гүкүш, капа болбо. Өзүндүн белиң бир тутам, сулуу кызсын, анан айылдык модада бели кең көйнөкту киесиңби? Сымбатыңды бузуп жатат.

Ардана түштүм. Өзүнүн кымбат баа көйнөгү жок, дагы мага сынтагат. Мен анын жеңи жок, көкүрөгү ачык шапалактай көйнөгүн жалынса да кийбес элем.

– Ушул көйнөгүмдү эле кием,– деп болбой койдум. Баса, Сайракандын тилинен чыкпагандай мен анын сиңдиси белем? Ал башын чайкап кытмыр карап койду да:

– Зордобойм, – деди.

Биз жасанып көчөгө чыктык. Сайракан колтуктап алды.

– Койчу, жөн эле басалы да.

– Жапайыдай секирбечи. Бул жерди шаар дейт.

– Кытыгым келип атат.

– Кейип кетесиң. Тиги кемпир-чалды карасаң.

Аппак сакалы көкүрөгүнө түшкөн, таяк таянган чал кемпирин колтуктап баратат.

– Булар үйүндө эле отурбайбы – дедим жактырбай.

– Бийлеп келишет.

– Кайсы абалына ушулар бийлешсин.

Автобус күтүп туруп калдык. Асманда каалгып турган айды көрүп кубанып кеттим.

– Айды карасаң– дедим колумду сунуп.

Айдын он төртү экен. Шаардыктар бизчилеп, ай карашпайт окшойт, айлуу түндүн сулуулугун билишпейт окшойт.

Автобуска отурдук. Бет мандайыбызда тике турган мурутчан жигит бизден көзүн айырбай койду. Бир аялдама өттү, эки аялдама өттү, дагы эле жалдырап карайт. Сайракан деп акырын кулагына шыбырадым. «Сени сүйүп калган неме го», – деп жинине тийдим.

Автобустан түшүп «Ала-Тоого» бардык. Эл ушунчалык көп, чалынып жыгылгыдайсың. Ушундай жерлерде үч-төрт катар тизилип, колтукташып алышат. Кызык нерселер бар экен. Эки кыз этеги бир карыш көйнөк кийиптир, тушап койгон аттай, араң аяк шилтешет. Шаарда кабанак иттер жок окшойт. Булар адашып, айылга барып калса, иттер кубалап, эч жакка кача албай, абийири кетишмек.

Эл көп экен, киного кире албадык. Бирден мороженое жеп, фонтандын жанына келип отурдук. Жаштардын тунук

күлкүлөрү угулат. Кичине эле тийип кетсе ийилип кечирим сурашат.

Панфилов паркына жөнөдүк. Кең көчөгө лыкылдап бат-паган элден башым айланат. Ушулардын бардыгына пан-ды кантин үлгүрүп бышырат. Паркка кирсек, бир жерде эл бийлеп жатыптыр.

– Бийлеген кандай жакшы,– деп Сайракандын көзү өтүп баратат.

– Бий билесиңби?– кокус сурап калдым да, ичимен бу-шайман жеп калдым. Сурашымдын өзү күлкү келтирерлик. Ал Пржевальск шаарында өсүптүр, орус классында окуп-тур, көлдө так ак чабактай сүзөм дейт.

– Билбегендечи. Жетинчиде үйрөнгөм. Сен билбейсинби?

– Билбейм.

– Мектебиңерде бий кружогу жок беле?

– Бар болчу, катышкан эмесмин, – деп калп айттым.

Кайра келатканда жөө кайттык. Шаарды кыдырып көңүлү эзликтиби, Сайракан жолду ката Ысык-Көлдү мак-тады.

– Гүкүш, сөзсүз Ысык-Көлгө алып барам. Ошондо калп айтпаганыма ишенесиң. Жээгинде карап эле тургун келет. Айрыкча азыркыдай айлуу түндө эки-үчтөн болуп алып кайыкка отуруп, эс алсаң ага не жетсин! Ысык-Көлдүн эки түрлүү кыялы бар. Бирде күрпүлдөп, ак көбүгү асман-га сапырылып турат. Кебетеси каардуу. Бирде тыптынч, көшүлүп, чайпалып турат. Анча-мынча жалкоо толкун жэ-экке чалп этип тийип, артка чегинип турат.

Сүйлөшүп отуруп университетке келип калыппыз. Жа-такананын алдында үңкүйүп Аманбай өзү жалгыз скамей-када бутун учкаштырып отуруптур.

– Саламатсызбы. – дедим озунуп.

Ал ордунан козголбоду, жанымда турган Сайраканды бир кыйгач карап коюп:

– Жети түндө кайда жүрөсүң? – деди кекеткен үн менен. Сөз табалбай экөөн алма-телме карап калдым.

– Сиз ким болосуз, – деди Сайракан тартынбай.

– Аманбаймын.

– Анда, мен Сайраканмын. Аябай, бүгүн жол караттыңыз го. Күтүп-күтүп, айлабыз түгөнгөндө, башка жигиттер менен кетип калдык.

Аманбай ишенди белем, мага түнөрүп карады.

– Сайракан калп айтпачы, экөөбүз эле барбадыкпы, – дедим чыйпыйым чыгып.

– Гүкүш, жашырып эмне кылабыз. Чакырды, бардык мороженое алып берди, жедик, узатып койду, келдик! Ушун-дай эмеспи? Аманбай ичи тардык кылса, кечикпей жүрсүн. Мен кеттим,– деп кирип баратып, көзүн кысып койду.

– Жалган, тамашалайт,– дедим жанына отуруп.

– Жашырба, – деди буркулдап ары карап.

Ары-бери өтүп жаткан кыздар бизди карайт. Ак жер-ден балээге калбадымбы? Кайдан ушул эпилдеп-жепилдеген Сайракан менен бирге баса койдум эле. Мени түртө салып, өзү шыпылдап кетип калганын көрсөң.

Ал ордунан турду, быякка жүр деп баш ийкеди. Артынан ээрчий бастым. Экөөбүз унчукпайбыз. Түн жакшы. Стол-бадагы жалгыз лампочка желге ыргалат. Карангыда бири-бирине ыкташып тургандардын шыңкылдаган күлкүлөрү угулат. Төмөн бастык, жогору бастык. Акыры жүрөк эзген жымжырттыкты Аманбай бузду.

– Айт жашырбай, ким менен бардыңар?

– Ишенесиңби, эч ким менен.

Ал токтой калып сүзгүдөй үңүлүп:

– Жанагы кыз айтпадыбы. Жаныңды жебе.

– Жаныма асылба,– дедим тайманбай.

– Асылам, менсиз сага басууга ким уруксат берди? Ээнбаштыгыңды токтот.

Башыма ысык кан толуп кеткенсиди. Мен Аманбайдын никелүү аялы белем. Кайда бассам, өз эрким. Бул мынча неге оңурандайт.

– Кайда бассам, өзүм билем.

– Билбейсиң.

– Билем.

– Көп тепеңдешпе. Аягы жаман болот, – деп сөөмөйүн кезеп сүйлөдү. Мен үн чыгарбай ыйладым. Ал табасы кан-гандай, эки колун шымынын чөнтөгүнө салып, ормоюп ка-рап турду.

Апажан, ушул абалымды билер бекенсин?

Аудитория тыптынч. Студенттердин калем саптарынын гана кагазга тийип шырпылдаган дабышы угулат. Капкара чачына бирин-серин ак аралаша баштаган, ирең купкуу узун жаак бул академик агайдын лекциясы дайыма кы-зыктуу өтөт. Ал безенген чечен да эмес, коңур үнү менен салмактуу сүйлөйт, билинер-билинбес дудаланып коёт. Бул

агайдын кыргыз тили боюнча түзгөн грамматикаларын окуп чоңойбодукпу. Былтырлары эле кандай керемет киши болду экен деп суктанчубуз. Ошондо анын өзүнөн тарбия алабыз деп ким ойлоптур.

Ал убакыт бүттү дегендей тырмышып жазып жаткан бизге карап:

– Сурооңор барбы? – деди.

– Бар, агай.

Терезе тарапта отурган кызыл бет бала ордунан тура калып:

– Агай, сиздин оюңузча тил кызыктуубу, же адабиятпы?

Анын суроосун жактырбай күлгөндөр болду. Агай чаган көздөрүн кыбындатып:

– Балам, мындай суроо болбойт. Ар бир илим өзүнчө кызыктуу. Кеп, изилдеген илимге бүткүл дитиң менен берилишиңде болот. Илимди сүйбөсөң, ага көңүл кош маниле кылсаң, ал сени оңой эле чанып кетет.

Жылмаңдап Айгүл ордунан турду:

– Гүлайым деген кыз экөөбүз бирге турабыз. Көп учурда анын «осол», «пайдубал», «шиңгил» деген сөздөрүн түшүнбөйм. Бул кыргыздын сөздөрү эмес десем, талашып болбойт.

Түшүнүктүү дегендей агай колу менен белги берди.

– Ал кызым түштүктен го.

– Ооба, агай, – деп Айгүл дагы ордунан тура калды.

Агай эмне дээр экен деп кооптонуп турам.

– Бул өтө кызыктуу маселе, – деди агай жайбаракат. – Түштүктүн диалектисин биз адабий тилде аз колдонуп жүрөбүз. Менимче, бул диалектинин артыкчылыгы бар. Кызым, сен «шиңгил», «пайдубал» деген сөздөрдү түшүнбөдүм дейсиң. Билбешиң мүмкүн. Анткени, биз жакта мурун жүзүм эгилген эмес. Короо-жай да кийин курулган. Кызым, мындан ары чычалабай, ошол жолдошуңдун керектүү сөздөрүн үйрөнө бер.

– Агай, кыргыздын сөзү эмес да.

– Кантип кыргыздын сөзү эмес. Антип, бөлүштүрүп отурганда нан да, «ата» да, «аял» да, «кагаз» да нак кыргыздын сөзү эмес, сөз асмандан түшпөйт. Турмушка, тиричиликке зарыл сөздү жерип отурбай, сиңирип гана алуу керек. Агай дагы бир нече сөздү айтып, Айгүлдү аябай осол кылат эле, коңгуроо безилдеп калбадыбы. Агай чыгары менен Сапракан кара күчкө эле:

– Гүкүштү академик агай мактады,– деп кыйкырды.

Абалың ушул экен го деп Айгүлгө көтөрүлүп карадым.

XIX

Тааныбаган жигиттер сөз айтып, шаштымды алды. Кечээ күн батарда бөлмөдө жалгыз отургамын. Сизди чакырып жатат дегенин, Аманбай келген го деп, төмөн түшсөм, ал көрүнбөйт. Бул эмнеси? Чакырган кыз калп айтканбы деп турсам, өмүрүмдө көрбөгөн бейтааныш жигит:

– Саламатсызбы? Сизди мен чакырдым эле. Убактыңызды алгандыгым үчүн кечирип коюңуз, – деп кичи пейилдүүлүк менен колун сунат.

– Сизди мен тааныбайм, – деп кетенчиктеп, колумду тартып алдым.

Ал оңтойсуз абалга түшүп, галстугун оңдомуш болду да:

– Ырас, сиз мени тааныбайсыз, бирок мен сизди тааныйм. Атыңыз Гүлайым, фамилияңыз Калмурзаева, өзүңүз биринчи курста окуйт эмессизби?

– Кайдан билесиз, мунун баарын, сизге ким айтты? – дедим кабагымды салып. Ал, эми сөзүбүз уланып кетти дегендей, күлүп койду.

– Гүкүш, билген үчүн айтып жатам да.

– Мен сизге Гүкүш эмесмин.

– Кызык, – деп сол колу менен чачтарын сылап. – Анан эмне дейин.

Менден анын кетсе, кечирип коюңуз, Гүкүш дейт.

Чындап ачуум келе түштү:

– Айтыңызчы, эмне чакырдыңыз? – дедим.

– Бүгүн опера театрында «Чолпон» болот экен. Бубусара өзү бийлейт экен. Билет алып, сизди чакырып келдим эле.

– Барбайм, – деп терс бурулуп кетип калдым.

– Токтой туруңуз, айта турган сөзүм бар,– деп кала берди.

Сайракан келгиче бөлмөдө камалып отурдум. Эшикке чыксам эле жанагы чоочун жигит жолумду тосуп: «Гүкүш, жүрүңүз театрга барып келели» – деп кыстоочудай сезилет. Ар нерсе оюма келет, корко баштадым. Бул жигит менин аты-жөнүмдү кайдан билип жүрөт? Ага ким айтты экен. Менин баскан изиме чөп салган кишилер бар турбайбы? Гүкүш, этият бол, көп эле Сайраканга теңелип, эшик-эликке түнү чыга бербе... Анан, Сайраканга да ишенип болбойт. Сыртында жылмаңдап Гүкүш-Мүкүш деп, ичинен эмнелерди тымпыйып ойлоп жүргөнүн билип коюпмунбу?

Ошол күнү Сайраканды ээрчитип чыгып, коридордун башындагы диванга отуруп сүйлөштүк.

– Ой, Гүкүш, жигиттерге мамиле кылышты билбейт турбайсыңбы? Бирөө театрга чакырды деп, капа болосуңбу? Кээ бир кыздарга эч ким сөз айтпай, ичтери күйүп жүрүшпөйбү.

– Сайракан, жаман көрсөң мейли, сенин ушул жеңилжелпи кыялыңды жактырбайм. Бирөө менен сүйлөшүп жүргөндөн кийин башканын эмне кереги бар, – деп катуу айтып салдым. Бирок, Сайракан кызаңдабады.

– Сен эч нерсени түшүнбөйт турбайсыңбы? Мен сөз айткан жигиттерге макул бол деп жаткан жерим жок. Аманбайың өзүңө кут болсун. Мен жигиттерге маданияттуу мамиле кыл деп жатам. Алар да адам. Мисалы сен ашаарып сөз айта албайсың. Акыры бир күнү чымырканып, ошол кызды киного чакырдың эле, ал кыз сөзгө келбей: «Мен сиз менен баргым келбейт» – деп шагынды сындырды дейли. Элестетип көрчү, өзүң кандай абалда болор элең?

– Ар түрдүү жигиттер болот. Бирөө кагынып кетип калат. Кыялы терс немеси ызаланып, тилдеп жиберип, эл алдында уят кылат. Же арданып, сага жетпесем жигит атым өчсүн деп, артыңдан түшүп, бир күнү ала качат.

– Ала качат?

– Ооба, ала качат, аяп коймок беле, Гүкүшжан. Анда кантесиң?

Эсим чыгып, чындап эле коркуп калдым. Сайракан акылдуу, тунук көздөрү менен кадала карап:

– Кыз дегенге, айрыкча өзүндөй сулуу кыздарга кимдердин көзү түшпөйт, кимдер ашык болбойт. Алды тарапта далай жигиттер артыңдан чуркайт. Алардын баары менен уруша берсең, адамдын жаны калабы? Андан көрө аларды капа кылбай, ичтерине чок салыш керек. Сылык гана:

– Кечиресиз агай:

Көкүрөктө бир жүрөк,
Көпкө кантип үлгүрөт.
Көрүнгөнгө талпынса,
Калбыр болор үлбүрөп.

Бир акын ушинтип жазган экен,– деп сөздүн башын кылтайтып койсоң, ичинен тымып кете берет. Сага да ыраазы.

Ушинтүү керек.

Бул куулук-шумдуктарды Сайракан кимден үйрөндү экен? Менден бир жаш гана улуу. Сүйлөсө, акыл айтса, чоң немедей. Бул ушул кыялы менен Авазбекке далайды көрсөтөт го.

Сайракан диванга чалкалап, башын колдоруна коюп, арман кылгандай сүйлөдү:

– Мага жигиттер сөз айтпайт да. Ой-бой, ар түрдүү жолго салып, азапка салар элем.

– Кантип?

– Мисалы, биринчи күнү: «Бүгүн сиз менен сөзсүз киного барат элем, өзүм да зеригип отурдум эле. Кокус ишим чыгып калбадыбы?» – дейт болчумун. Кокус ишим «Эртеден бери даярданып отурсам, карабайсызбы, бир жолдошум үйүнө чакырып келип калыптыр. Барбаса экинчи бетинди карабайм деп, бөлмөдө отурат» – деп, үчүнчү күнү кабагымды салып: «Башым ооруп турат, бүгүн лекцияга да барганым жок», – демекчимин. Кыз жигитти ойнотом десе, шылтоо табыла берет. Акыры жадаганда, жигит да түңүлүп барбай коёт.

– Түңүлбөй эле күн сайын келе берсечи?

– Анда, карап көрүү керек. Шагын сындырбай, киносуна барып койсо, андан эч нерсе кыйрап кетпейт. Мүмкүн ал чындап сүйгөн чыгар.

Деги Сайраканга түшүнбөйм. Кийинки күндөрү шектенип, жанына жолобой жүрөм.

Теке мандай беттешип, анын ким экендигин өз көзүң менен көрүп турсаң да бир жөн экен. Менин уйкумду качырып, жүрөктүн зарпын алган дагы бир табышмактуу балакет башталды.

Жума күнү лекциядан кийин кабинетте сабак окуп, кеч келдим. Бөлмөдө Валя эле бар экен. Ал бир жакка даярданып жатыптыр.

– Сага бирөө телефон чалды, – дейт. Мен ишенбедим.

– Тамашалабачы.

– Комсомолдук сөзүм.

– Атын айттыбы?

– Жок.

– Эркектин үнүбү, же аялдыкыбы?

– Эркектин үнү.

Мен тынчсызданып ойлоно баштадым. Мага ким телефон чалмак эле. Өткөн базарда атам менен сүйлөштүм. Мүмкүн, Аманбайдыр. Жатаканада кыйналып кеттим, квартира из-

деп жатам, ылайыктуусу табылбайт, – деп ал кечээ келип кеткен. Ким болду экен?

Караңгы киргенде, буфетке барсам, швейцарка төмөн жактан: – 45-бөлмөдөн Гүлайым деген кызды чакырып кой, – деп өзүмө кыйкырат.

– Менмин, – дедим эч нерсе оюмда жок.

– Анда телефонго кел.

Валя калп айткан эмес окшойт, – деп заматта эстей койдум. Кантип телефонго жеткенимди билбейм. Колдорум калтырап, трубканы дурустап кармап албаймын. Кимдир бирөөнүн телефондон оор дем алганы угулат. Демимди чыгарбай тыңшап турам.

– Саламатсызбы? – деген жоон үндү угам. Такыр бейтаныш үн. Калтырайм, унчукпайм.

– Саламатсызбы, угуп жатасызбы? – деп кайталап. Ал да толкундап, колдору калтырап жаткансыйт. Акыры чыдабадым.

– Сиз кимсиз? – дедим чаңырып.

Артымдан кыздардын күлкүсү угулду.

– Сиз Гүлайымсызбы?

– Ооба.

Ал бир паска унчукпайт, апкаарып калды бейм.

– Саламатсызбы карындаш?

– Айтыңызчы, сиз ким болосуз? – дедим.

– Карындаш, менби. Мен... Баары бир билбейсиз. Мен сиз менен жолугушайын дедим эле.

Андан аркы сөзүн уккум келбеди, айтпаса да түшүнүктүү болбодубу. Трубканы таре ордуна коюп, бозоруп туруп калдым.

– Кызым, жигитиңди телефондон ыза кылба, – деп тетя Феня капа болгондой сүйлөдү. Анын сөзүнө да көңүл бурбадым. Бул ким болду экен? Бирөө кармап калчудай бөлмөмө шашып жөнөдүм. Экинчи этажга чыкканымда тетя Феня дагы кыйкырды:

– Ай кыз, дагы чакырып жатат.

Энемдей аялдын тилин албай кетип калышка болбоду, мойнумдан байлагандай аргасыз барып «коркунучтуу» трубканы алдым. Жанагы дарылдаган үн. Азыр апкаарыбай, чыйрак сүйлөдү.

– Гүкүш, убара кылгандыгым үчүн кечирим сурайм. Менин жаман оюм жок, жакшы тилегим бар. Капа болбоңуз. Кошуңуз, – деп бат-бат сүйлөп трубканы койду.

Сабырым суз, бөлмөмө кайтып келдим. Башым маң. Мүмкүн, Аманбай үнүн өзгөртүп, кантер экен деп, сынап телефон чалып жаткандыр. Же баягында театрга чакырып келген кара костюм жигит болду бекен?

Бул жолу да ичиме батыра албай, Сайраканга айттым.

– Жигиттердин башын айланттың го. Сүрдүүлүгүң ай, сулуусуң да, деп суктанып карайт.

– Сулуу болбой жерге кирейин, деп капаланып керебетиме жата кеттим. Ал жаныма отуруп чачымды сылады.

– Баса ким болду экен? Билиш керек эле.

– Билгим келбейт.

– Менин билгим келет. Дагы телефонго чакырса, мага айт, мен сүйлөшүп, чакырган жерине барайын, макулбу?

Мен макул болдум.

Бирок, андан кийин эч ким телефон да чалбады, чакырган да жок. Мен окуу залында отурсам да, көчөдө жүрсөм да, базарга барсам да, кимдир бирөө артымдан калбай карамалан ээрчип жүргөнсүйт. Баса, бул ким болду экен?

Коңур күз келип, даректар газандай баштады. Билинер-билинбес жел жүрсө, сабактарында өлүмзаки ыргалган сары жалбыректар калкып учуп түшөт. Кышты унутпагыла дегендей эскертеби, асманда сансыз кара каргалар каркылдап, айланып учушат. Кээде, шаардын үстүнөн кечиккен турналар аптабы мээ кайнаткан түштүккө учуп өтүшөт. Эртели-кеч жалаң кийимчен жүрө албай калдык. Бул жакта кыш эрте түшөт бейм.

Бүгүн дем алыш. Керели кечке үйдө отурдум. Аманбай да келбеди. Күн батарда жатаканабыздын алдына эки жигит келди да, бирөөсү скамейкага отура калып, озондотуп баян тарта баштады. Алгач кыздар терезеден баш багып, жүрөгү жараланган шордуулар, силер кимдин көңүлүн козгомок элеңер дешкендей, текебердүү карашып, көңүл бурган эмес. Бирок, тиги жигит башын бир жак мүрүсүнө кыйшайтып, баянын сыбызгытып, озондогонун койбоду. Күн да батты. Баяндын боздогон үнү басылбады. Бир карасам, беш алгы жаштар көңүлдүү бийлеп атышыптыр. Баяндын жүрөккө жагымдуу дабышы далай бийге ышкыбоз кыздар менен жигиттерди ээликтирди бейм, улам эл көбөйө берди.

– Бийлеш керек, деп Айгүл да кур калгансып шашып жөнөдү. Эшик кере ачылып, Сайракан энтелеп жүгүрүп кирди. Ал шашып-бушуп, жакында магазинден кезекте туруп алган көк штапель жүн көйнөгүн кийине калып:

– Жүр, бийлейбиз,– деп жеңимден тартты.

– Билбейм десе.

– Кештеси бар дейсиңби, үйрөнөсүң. – Билбесең да че-

тинде карап тур, деп Сайракан мени сүйрөп чыкты. Жогорку курстун студенттери, биз теңдүү жапжаш кыздар менен эзилип сүйлөшүп, бийлеп жүрүшөт. Тиги киши бир колу менен Айгүлдүн белинен кучактап алыптыр. Чимирилип айланышканда, биринин денеси бирине тийип жатат. «Мурутчан» бирдемелерди анын кулагына тынбай шыбырайт. Айгүл ыраазы болгондой, макул болгондой, ырсайып күлүп, баш ийкейт, көздөрүн сүзөт. Карап тургандардан да тартынбайт.

Мынабу кара көз айнек тагынган кызды карасаң! Үстүндөгү көйнөгү ушунчалык үлбүрөп жука, кара комбинациясы көрүнүп турат. Анысы аз келгенсип, эл көрсүн деп, аппак көкүрөгүн ачып коюптур. Көкүрөгүндө капкара калы бар экен! Ботом, бети чымырап койбойт. Бийлеп жүргөн жигитин теңсинбегендей, башкаларга көз артат, тааныштарына жарк этип күлүп кол булгайт, баш ийкейт. Апам ушуларды өз көзү менен көрсө кантер эле?

Сайракан кимдир бирөөгө ызырынгандай тынчсызданып, улам айлананы элендеп карайт. Авазбек көрүнбөйт. Аркы жактан боз костюмчан жигит чоң-чоң арымдап басып келип, сылык жүгүнүп:

– Карындаш, уруксат этиңиз, – деп Сайраканга кайрылды. Мен тан калгандай Сайраканды карап калдым. Ал мага билинер-билинбес жылмайды да, күткөнүм самаганым ушул эле дегендей, тиги жигиттин кучагына чап жабышты да, бийлегендерге аралашып кетти.

Ушул Сайракан соо эмес? Бүл эмнеси? Бийлебей койсо көркүнөн, же баркынан ажырайбы? Азыр Авазбек келип калса, эмне деп жооп берет?

– Жүрүңүз карындаш, бийлейли, деп кимдир бирөө менин колумду кармаганда, денем дүркүрөп, негедир чочуп кеттим.

– Коюңуз, – деп ачууланып карасам, Авазбек экен! Эмне дээримди билбей кызарып-татарып, жер карадым. Эси дартым: «Сайракандын шашмалыгы, бир пас сабыр кыла турса, келмек экен. Эми кантет?» Сайракан Авазбекти көрсө жүгүрүп келет го деп ойлогом. Ал бизге күлүмсүрөп кол булгап, алиги жигит менен кенеп конбой бийлеп жүрөт.

Авазбек да ачууланбады.

– Жүр бийлейбиз, – деп мени чакырды эле:

– Билбейм,– дедим сырымды жашырбай.

– Үйрөнүш керек. Биздин учурда бий билбеген адам көп нерседен кур калат.

Унчукпадым. Авазбек бий жөнүндө көп нерселерди айтты. Менин жер карап унчукпаган мамилемден жададыбы, билбейм, турду, турду анан аркы четте үмүттөнүп карап турган эки кыздын бирөөсүн бийге чакырды. Ал кыз да картшылык көрсөтпөдү.

Бий токтоду. Алиги жигит Сайраканды жеңил колтуктап, мен турган жерге жеткирип:

– Сиз менен бийлегениме ыраазымын,– деп ырахмат айтып ары басты. Сайракан да көңүлү ачылгандай жайдары тиктейт.

– Жепжеңил алып жүрөт экен, жыргап гана бийледим.

– Авазбекти көрдүңбү?

– Көрдүм.

Авазбек келди.

– Сиз менен ушул жолу бийлөөгө болор бекен? – деп Сайраканга кайрылды. Ал өзгөчө кейигендей:

– Өзүңүздүн жүрүш-турушунузга карайбыз.

Дагы бий башталды. Алар үнсүз-сөзсүз эле бийлеп жөнөштү.

Ары четтеги кара чач, орто бойлуу жигит менден көзүн албай карап туруптур. Бир секундага көздөрүбүз чагылыша түштү. Ошол замат башка жакты карадым. Бул ким болду экен? Эмне мынча менде акысы барсынып жалдырап карайт. Ал жакты карабайм, бирок, көзүмдүн бир кыйыгы ошондо. Ал жалгыз турат. Эч ким менен да сүйлөшпөйт. Бул жигитти мен кайдан көрдүм эле... Өңү тааныштай. Такыр эстей албай койдум. Бир карасам, ал менин жаныма келип калыптыр. Ал колумдан бекем кармап калчудай, шарт бурулуп, бөлмөмдү карай жүгүрүп жөнөдүм. Артыма кайрылып караган да жокмун... Кимдир бирөө кастрюлда аш алып баратса керек, кокус колунан түшүрүп жибере жаздадым. Бөлмөмө кирдим да, ичинен бекитип, терезеге отурдум. Бул жигитти кайдан көрдүм эле?

Аны тигилердин арасынан кыдырата издей карап, таппай койдум. Сайракан менен Авазбек көңүлдөрү шат бийлеп жүрүшөт, алардан көзүмдү албайм. Сайракан бийлеп жатып да, бирдемелерди ага эбиреп-жебиреп айтууда. Авазбек ын-

таасын коюп тыңшап, кээде гана жооп берип коёт. Кээде алар жаштыктын жалынына берилишкендей, чимирилип айланышат, буттары жерге тийбегенсийт, заматта көңүлдөрү тынчыгандай, каалаган ойлоруна жеткендей жай айланышат, бир орундарынан жылышпай, бирин-бири азыр гана көрүшкөндөй жалооруп карашат. Ашык жарлар ушундай болушса, көкүрөктө эмне арман калсың? Бүгүн дем алыш күнү. Баян озондоп, жүрөктүн муңун козгойт. Көңүлдөрү чак, жарашыктуу кийинишкен жаштар тынымсыз бийлешет. А мен чачымды сылап, терезеде жалгыз отурам.

Аманбай бүгүн да келбеди.

Бий айыптуубу, Сайракан айыптуубу, же өзүм айыптуумунбу, ажырата билбей жүрөм.

Биздин комсорг бий кружогу бар экен, билбегендер жазылгыла деп жарыялаганда, башкалар жабалактап катталып жатышты, а мен арсар абалда калдым: эмне кылсам? Жазылсамбы? Жер тепкилеп бийлеп жүргөнүм апамдарга угулбай калмак беле? – деп турганымда, Сайракан озунуп мени жаздырып койду. Бий үйрөнгүм келбейт деп айта албай, амалсыз макул болдум.

Ошондон бери бий кружогуна үзбөй барып жүрөм. Өзүм да кызыгып кеттим. Мен өндүү бий билбегендер көп экен, бешинчи курста окуган эжелер да келип жүрүшөт. Ушул убакка чейин үйрөнбөй алар эмне кылып жүрүштү экен?

Бир жаман жери кружоктун жетекчиси көңүлдүү болот, тез үйрөнөсүңөр деп, ар бир жигитке бирден кызды кошуп койду. Менин энчиме баягы бий күнү көзүмө тааныш учураган кара чачтуу жигит туш келди. Ошол түнү жакшылап байкабай калыпмын. Адамга тигилип караган чон көздөрүнөн мээримдүүлүк төгүлүп тургансыйт, бир гана айыбы он кашынын үстүндө оймоктой жалтырак тагы бар экен. Күйүктүн орду го?

Биз экөөбүз тең унчугушпай, бий үйрөткөн кишинин оозун гана карайбыз. Бирок, бул өңү тааныш жигит бир нерсени шылтоолоп, сөз баштагысы бар, бирок тартынгандай, апкаарыгандай унчукпайт. Кокус оң бутумду басып алып, аябай сүрдөп кетти.

– Кечирип коюнуз, байкабай калдым.

– Эч нерсе эмес.

Үнү конур экен. Андан кийин көпкө унчугушпадык. Кээ бир кыздар «энчисине» тийген жигиттери менен заматта таанышып, аты-жөнүн билип, «сенге» өтө баштаптыр.

Кружоктун аягында ал кошо чыкты. Асман ала бүркөк тартып туруптур. Ай булутка бир жашынат, бир жарк этип чыга калат. Биздин жатакананын жанына келгенде, ал колун сунуп:

– Жакшы жатыныз! – деди.

– Өзүңүз да.

Ал дагы бир нерсе айтчудай кыңырылгансып ордунан жылбады. Мен да жал-жал карап унчукпадым.

– Атыңыз ким? – Кулакка жагымдуу коңур үнү аппак аарыгандай чыкты. Ушул минутада менин ичимде эки сезим күрөшүп жатты: биринчиси, апандын кулагыма куйганынын унуттуңбу? Эсиңе кел да, азыр ушул жерде беттен ал, менин атымдын сизге эмне кереги бар, айтпайм десең экинчи сага жолобой, көңүлүң тынч жүрөсүң. Ал эми экинчи сезим: бул жигит атыңды жөн эле сурап жатат, анда айып жок. Гүкүш, качанкыга чейин атынды сураган киши менен уруша кетип жүрөсүң. Бул жерди шаар дейт, университет дейт. Атыңды айта бер. Жаныбыздан кимдир бирөөлөр шаңкылдап күлүп колтукташып өтүштү, вокзал тараптан паровоздун чарчаган-чаалыккан үнү угулду.

– Эмне үчүн унчукпайсыз?

Мен чочугандай жалт карадым да, айта салдым:

– Гүлайым.

– Туратбек. – Ал колумду бекем кысты, мен бир нерсени эстегендей аны таң калгандай карап калыпмын. Ал сүрдөгөндөй жер карады. – Агай, фамилияңыз Жаркымбаев эмеспи дедим жүрөгүм ыкчамдап согуп.

– Ооба, Жаркымбаев, кайдан билесиз? – деп, шашып сурады.

– Билем... Болуптур,– деп ал этектеп калчудай артыма карабай жүгүрүп кетип калдым.

Былтыркы күзүндө газетадан «Тайманбаган эрдик» деген кызыктуу макаланы бетибизден түшө калып окуганбыз. Туратбек Жаркымбаев деген жигит түнү карангы көчөдө келатып, кайсы бир үйдөн буруксуган түтүн, жалбырттаган жалын чыгып, ыйлаган жаш балдардын аянычтуу дабышын угат да, тайсалдап карап турбай, терезени тээп сындырып, өрттөнүп жаткан үйгө жулунуп кирет, көз ачырбаган уюлгуган түтүн, соймондогон жалындын арасынан жер кучактап ыйлап жаткан балдарды сыйпалап таап, кичүүсүн көтөрүп чыгып, экинчисине кайра киргенде кийимине от жармашат, колдору күйөт, бирок, соймолоп отуруп, оозунан

кан агып, эси ооп калган берки баланы да жалындын арасынан жулуп чыгат. Жаркымбаев филфактын экинчи курсунда жакшы окуган студент, жолдошторунун арасында абдан барктуу,– деп макаланын аягына жазылганы эсимде. Ошол макаланын орто ченинде өзү сактаган эки баланын ортосунда түшкөн сүрөтү да басылган болчу. Биз эки-үч сыйра окуп, сүрөткө танданып караганбыз. Айзада ушул жигиттке ашык болуп калдым, кат жазам деп тамашалаганы эсимде. Мен үйгө ошол газетаны ала келсем, апам терезеден шамал өтпөсүн деп желимдеп жабыштырып коюптур. Туратбектин терезеге жабыштырылган газетадагы сүрөтүн ары-бери өткөндө улам көрө берип, аты-жөнү жүрөккө жатталып калган экен.

Кайда барсам да ошого жолуга турган болдум. Кечээ университеттин чоң окуу залына кирсем, Туратбек агай төрапта баш көтөрбөй жазып жатыптыр. Негедир жүрөгүм түйлап, бетим ымыр-чымыр ысып, кайра чыккыча шаштым. Ал артымдан кубалап келаткандай тепкичтен шашкалактап түшүп келатам.

Универмагдан жүн жемпер сатып алып чыксам, ал газета-журнал саткан киоскиде туруптур. Ал карап калды. Бирок мен көрмөмүшкө салып, жанынан шыпылдап өтө берде унчукту:

– Саламатсызбы? – Жалт карадым да, баш ийкеп бир нерсе дегенсидим.

– Шашып бараткансыз го. – Ал жанаша басты.

Беш-он кадам унчукпай бастык. Светофор жолубузду жаап, токтоп калдык. Кычагандай машиналар кумурскадай өтүп жатат.

– Биздин борборубуз да Москвага айланып бараткан го,– деди ал өтүп жаткан машиналардан жадагандай.

Бул жолу да унчукпадым.

Жол боюндагы даректардын сары жалбыректары дабырап биздин үстүбүзгө түштү. Ал эки-үчөөн абадан кармап алып, кейигендей сүйлөдү.

– Ушинтип күз да келип калды. Жакында кар да түшөт. – Бир аз унчукпай басып. – Биз жакта азыр күн жылуу,– деп койду.

Бул жолу унчукпай коё албадым.

– «Биз жагыңыз» каяк?

– Түштүк.

Дагы сөзүбүз үзүлүп калды. «Кайсы райондон болосуз?» – деп сурагым келип, тартындым.

Жатаканабыздын жанына келгенде:

– Бүгүн кечинде университетте кызыктуу кино болот экен, бараласызбы? – деди капкара көздөрү менен тигиле карап:

– Баралбайм.

Ал осолдогондой он кулагын кармалап туруп жолуна түштү. «Карындаш, сиз менин аты-жөнүмдү кайдан билесиз?» – деп сурайбы десем, ал тууралуу ооз да ачпады.

Аманбай келип калабы деп күтүп отуруп, түңүлгөнүмдө университеттеги киного жалгыз келдим. Чоң залга эл жык толуп калыптыр. Эч жерде орун жок. Кетсем бекен? – деп, ыргылжың дубалга жөлөнүп турсам, кимдир бирөө колумдан тартат. Туратбек! Калпым ачылып, манаттай кызара түштүм бейм. Ага тике карай албай койдум.

– Жүрүңүз, орун бар,– деп шаштырды.

– Ыракмат, мен ушундай эле турам.

– Сизди келет деп, баятан бери орун ээлеп, акыйып отурам.

– Келбейм дебедим беле?

– Келбединизби? Кино башталып калды,– деп кулагыма акырын шыбырады. Башымды төмөн салып, элди аралап баратам, такыр жетпейбиз, бир күн жол жүргөндөй убакыт кеткенсиди. Элдин баары мени жамырап карап тургансыйт. Кулагым чуулдайт, кызарган бетим оорлошуп, саландайт. Эмне үчүн келдим экен?

Орто ченде эки орун сакталып туруптур. Башымды көтөрбөй отурдум. Айланамдагы кужулдагандардын баары мени айыптап жатышкансыйт. «Бул кыздын сүйлөшкөн жигити башка, карасаңар, анын көзүн боёмолоп, эми муну ээрчитип калган турбайбы? Дагы жер карап уялып коёт»,– деп мени көрсөтүп, бир-бири менен шыбырашып жатышкансыды. Жарык өчүп, кино башталганда кичине женилденгенсип калдым.

Менин чоочун, тааныбаган адам менен жанаша биринчи отурушум. Туратбек мени бир жолу чочутуп албайын деген-дей, өз боюн оолак кармап, унчукпай отурат. Анын эки көзү кинодо болсо да, эси-дарты, ой-санаасы менде.

Эмне деген картина экенин түшүнбөдүм, тыңшаганым да жок. Ичим уйгу-туйгу. Ушунча элдин арасында отуруп,

эмнегедир корком. Бүткүл муундарым калтырайт. Сайракандын азабы өттү го. Ал зордуктап кружокко жаздырбаса, Туратбекти билмек да эмесмин. Сайракан, сениби, карап тур.

Залда отургандар бир ооздон дуулдап кыйкырып күлүп жиберишти. Карай салсам, шляпа кийген семиз жигит жаагын сыйпалап, ачууланган кыздан кечирим сурап атыптыр. Ушунун эмнеси күлкү?

Картина бүттү. Эл опурап-топурап, чыгууга жол тийбейт.

– Сизге картина жакпады окшойт? – деп сурады ал сынагандай көз караш менен тиктеп. Мен ошол заматта жооп бербедим.

– ...Анткени, аягына чейин башыңызды төмөн салып отурдуңуз... – Ал унчукпай калды да. – Начар картина экен. Мага да жакпады.

– Эмне үчүн? Кызык эле экен,– деп койдум сыр алдыраска аракет кылып.

– Мага эптеп эле көрүүчүлөрдү күлдүрүш үчүн жазылган картиналар жакпайт. – Мен эмне дээримди билбей, унчукпадым.

Эшикке чыктык. Күн бүркөлүп, калдайган кара кочкул булуттар шаардын бийик имараттарынын үстүндө уюлгуп көчүп жүргөнсүйт.

– Сиз Сайракан менен бир бөлмөдө турасызбы?

– Ооба. Аны кайдан билесиз. – Кыска гана түшүндүрдү.

– Авазбек экөөбүз бир группада окуйбуз, анын үстүнө жолдошчулук жагыбыз бар.

Жатаканага жакындап калдык. Капилеттен Аманбай келип калбагай эле деп кооптонуп, айланама көз жиберем. Карааны көрүнбөйт. Келсе да, кетип калды. Туратбек тык токтой калды да жалооруп тиктеп:

– Азыр кирип кетесизби? – деди.

Баш ийкедим.

– Ары бери бассак кентет?

– «Убактым жок» – деп айткым келип, анан негедир унчукпай калдым.

Биз бир-бирибизден эки кадамдай алыстыкта жанаша жай басып баратабыз. Ал сыртынан жоош көрүнгөнү менен сөзмөр экен. Ата-энемди сурады, айттым. Бир райондон канча кыз келдиңер деп сурады, айттым.

– Мен эле жабырап сүйлөп жатам, сиз эмне унчукпайсыз? – деди.

– Менин сөзүм жок.

Оор үшкүрүп койду.

– Ооба, мен кызык сүйлөй албайм. Зериктирип жибердим го.

Убакыт кандай өткөнүн билбей калыппыз? Заматта он бир жарым болуп калыптыр.

– Швейцарка киргизбей коёт, кетели,– дедим. Биз кадимки тааныштардай жылуу коштоштук. –Мен кылчайбай кирип кеттим, тепкичтен жүгүрүп чыгып баратып, терезеден карасам, ал баягы ордунда телмирип тиктеп туруптур. Эмне үчүн, турат? Кете бербейби?

Кыздар жарыкты өчүрүп жатып алышыптыр. Бутумдун учу менен басып чечине баштадым. Сайракан ойгоо экен.

– Аманбай келдиңби? – деп шыбырап сурады.

– Ооба,– деп калп айтып, жаткыча шаштым.

XX

Мен сабактын оордугунан баш көтөрбөй калдым. Лекциясы аз келгенсип, эки предметтен катар семинар дегени башталды. Ар бирине күнүгө беш-алты сааттан өлчөп оторуп даярданбасаң, такыр үлгүргүдөй эмессиң. Ой, дөбө китептерди окуп чыгып, аны конспектилеп, семинарда сүйлөп берет экенсиң. Бир гана мугалим эмес, студенттердин бардыгы жамыратып суроо бергеничи! Оңой эмес. Башым катат.

Азыр заңгыраган чоң залда отурам. Тырмышып эле окуп, бир нерселерди жазып жаткан студенттер. Жүздөн ашык киши отурат, бирөөсүнүн кобурап койгону угулбайт. Бардыгы зымпыйып тирмийишет. Окуганым Лениндин «Эмне кылуу керек?» деген эмгеги.

Баса, эмне кылуу керек? – деп кимдер ойлонбогон. Былыгы чыгып тактайы калчылдаган коомду жеришкен, караңгылыктын арасынан жарык шоола издеген Чернышевскийдин күжүрмөн каармандары да: «Эмне кылуу керек?» – деп баш катырышкан.

Акылман Ленин да биздин кылымдын башында эзилген эмгекчилердин тагдырын ойлоп, аларды эркиндикке чыгаруунун дангыраган жолун дааналап: «Эмне кылуу керек?» – деген китеп жазыптыр.

А биз ошол кишинин жазып койгон эмгегин жакшылап өздөштүрө албай, сабак кыйын деп, арыз-муңубузду уялбай айтып калабыз.

Сыртта күзгү ак жаан майдалап жаап, калдайган кара кочкул булуттар шаарды «чүмкөгөн.

Эмне кылуу керек? Уйкуну безип, окуу керек? Анан... Ошону менен чектелиш керекпи? Чоң окуу залы тыптынч. Баары эле баш көтөрбөй окуп жатышат, окуп жатышат. Те бет маңдайымда Туратбек бир кучак китептерди алдына тизип коюп, жаагын таянып отурат. Биздин көздөр кезигише түштү, бул жолу мен кызарып-татарып жер карап калбадым. Кадимки тааныштардай баш ийкештик. Күн өткөн сайын ушул жигит көнүлүмдөн көбүрөөк орун алып жатканын жашыргым келбейт.

Түндө түшүмө кириптир.

Кайсы бир зангыраган залда экөөбүз бийлеп жатабыз. Мен этеги жерге чубалжыган аппак көйнөк кийиптирмин. Сагынышкандай, куса болгондой бир-бирибизден көзүбүздү айырбайбыз. Чимирилип кетсек бутубуз жерге тиет, же тийбей асманда учуп жүргөнсүйбүз. Айланабызда бийлеп жүргөндөр: «Экөө бир-бирин издеп табышкандай пар экен»– деп суктанышкандай шыбырашат. Биз укмамыш болобуз.

Күтүлбөгөн жердей бийлеп жаткандар топурап качып беришип, биз гана калыппыз. Мандайыбызда канжар кармаган Аманбай, анын артында сурданган Алишер...

Аманбай мага көздөрүн алаңдатып, айбат кылат:

– Азыр алдыма түш, болбосо...

Мен корком, бүткүл денем калтырайт, бирок ыйлай албайм.

Туратбек мени бекем колтугуна кысат да:

– Эй, бала, жолуңа түш. Бул менин Гүкүшүм,–дейт. Аманбай алдыга бир кадам басат да:

– Жок, менин Гүкүшүм, – деп кыйкырат да, анан мага, – Жакшылыкча алдыма түш. Баары бир мага катын болосуң.

– Мен сени жинимдей жек көрөм, – деп Туратбекке ыктайм. Ал канжар менен талпынганда, Туратбек арабызга тура калат да, көкүрөгүн чеңгелдеп полго таянат. Мен чаңырып, үстүнө жыгылам.

Ойгонсом түшүм, аябай сүйүнүп кеттим.

Мындай беймаза ойлор башыма кайдан келип турат, андай эч качан болбойт. Түш да.

Көнүлүмдү топтоп, алдымдагы китепти окуй баштайм. Түшүнгөн жерлердин астын сызып коём. Бүгүн жакшы даярданып, эртеге ким сүйлөйт дегенде озунуп кол көтөрбөсөм. Ушул жаман Айгүлчө жокмунбу? Ботом, билбесе да жулунуп кол көтөрө берет. Агайлар да аны активдүү кыз деп мактап коюшат.

Сыягы жамгыр күчөп кирди бейм, чапканы терезени тыкылдата баштады. Жаай берсин. Дагы үңүлүп окуйм...

Кечээ коридордо келатсам, Туратбек жолумду тосуп туруптур. Кол алышып учурашты да:

– Бөлмөңүзгө барсам жок экенсиз. Бүгүн чоң театрда «Чолпон» болот экен. Ошого... деп келе жатканда эле озунуп:

– Бара албайм, убара болбонуз,– деп шагын сындырып, артымды карабай кетип калдым. Жатарда, балконго чыксам, ал жамгырга карабай, биздин жатакананын алдында, башын төмөн салып өйдө-төмөн жалгыз басып жүрөт. Улам биздин бөлмөнүн терезесин карап коёт. Мени байкадыбы, же көрдүбү билбейм. Ал кетпей, өйдө-төмөн баса берди. Үстүндөгү плащы эзилип суу болуп кетиптир. Үшүгөндө мен кирип жылуу жатып алдым. Эми кутулдум, салам айтпай чурмуюп калат го дегем. Тескерисинче, азыр да көзүн менден албай карап отурат.

«Ушул менин жапайычылыгым качан калар экен? Ал урматтап театрга чакырды. «Кечиресиз агай, семинар күчөп, баш көтөрө албай кыйналып жатам. Капа болбонуз, баралбайм»,– деп кичипейилдүүлүк менен күлүп-жайнап жооп берсем, эмне болмок? Чекилик жибердимби дейм, Гүкүш а?»

«Гүкүш, чекилик жибергениң жок. Ач кулактан тынч кулак. Ал сени эмне үчүн театрга чакырат? Эмне үчүн артыңдан калбай, көлөкөдөй ээрчип жүрөт? Катуу айтып, шагын сындырбагандай ал сенин эмнең эле?»

Бул беймаза ойлор мени мынча ээрчип алды. Күн кечкирип баратат, окуюнчу. Али бир суроосун бүтө элекмин. Чалды-куйду ой-санаам туюк жарга капталган бороондой ичимди тепкилейт. Эмне кылуу керек?

Мен кыжылмын. Колумду кайчылаштырып комнатада тынбай ары-бери басам. Эмне кылышымды билбейм. Китеп окугум да келбейт.

Сайракан керебетинде жатып, «Абайды» окуп жатат. Көңүлү тынч болсо китеп окуйт да. Ичинен күбүрөп окуй

бербей улам мага кайрылып, өзүнө жаккан жерин үн чыгарып кайталап окуйт.

– Ой, Гүкүш, махаббатка айла барбы? Абай да эр жүрөк экен. Тогжанчы? Ал дагы ак сүйүүгө жанын төшөгөн асыл кыз. Эр жигиттин досу Эрболдой болсо. Билесиңби, биз кыздар эч качан чындап достошо албайбыз. Болор-болбос ишке таарынышып, араздашып кетебиз. Бул жагынан жигиттерге суктанам. – Ал жаздыкка чыканагы менен таяныш: – Билесиңби, мен сага айтам деп, эсимден чыгып калыптыр. Бир күнү «Ала-Тоодо» Авазбек, Туратбек үчөөбүз жөө келатабыз. Күтүлбөгөн жерден алар кайсы бир жазуучунун чыгармасы тууралуу талашып кетишти. Экөөнүн айтышып аткандын угуп турсаң, түңүлөсүң. «Сен түшүнбөй калыпсың», «Жок сен түшүнбөй калыпсың!» – деп жолду ката айтышты. Эми, булар ажыраштыго, дагы жакшы жолдошпуз деп мактанышат, – деп ойлогом. Мен жаңылыпмын. Эртеси эле экөөнүн жанаша басып, каткырып күлүп жүргөнүн көрдүм. Бирок, анын сөзү кулагыма кирбейт. Терезенин түшүнө токтоп, телмирип сыртка көз жиберем. Бурганактап кар жаап жатат.

– Ой, сен телмирип кимди күтүп жатасын? – дейт Сайракан. Унчукпайм.

– Эй Гүкүш, сага бир жигит аябай ашык болуп жүрүптүр.

– Ашыктыкты сага эле бердим.

Ал да унчукпайт. Азыр мени теше тиктеп турат. Жаңылыпмын, карай салсам, китебин окуп жатат. Радиону койсом:

Сүйгөнүм сени эстесем,
Уктабай таңды атырам,–

– деп кимдир бирөө дарылдап атыптыр, жактырбай үзүп салдым. Эмне үчүн калп ырдаша берет? Кантип эле сүйгөнүн эстесе, таң аткыча уктабай калсын?

Сайракан мени сынагандай унчукпай карап туруптур. Мен маташпай тетири бурулуп кеттим.

– Гүкүш, сабырын неге суз?

– Суз-муз эмесмин.

– Жашырба сырыңды, гүдүктөп бир нерсени сезгенсийм.

Шарт бурулдум да, жылмайымыш болуп карадым.

– Эмнени сезгенсийсиң?

– Тынч уктабайсың?

«Кокус ошонун атын айтып жибербедим бекен?»

– Калп сүйлөбөчү. Мен түк түшүмдө сүйлөбөсөм...

– Чын, комсомолдук сөзүм.

Мен каяша сүйлөп, талашып-тартышпай жер карадым.

– Аманбай эмне үчүн тез келип турбайт. Кутуртпай, кулагын чоюп койбойсуңбу?

Эх, аттиң, мен анын кулагын чоё турган болгондо го, кеп башка эмес беле?..

Эки аптадан бери чолом тийбей, үйгө кат жаза элекмин. Уялбай, «чолом тийбей» – деп коём, эсен-соолукту сурашкан дубай салам катка канча убакыт кетмек эле? Апам бечара Папа аке үйүбүздүн жанынан өткөндө «Гүкүштөн кат барбы?» – деп санаасы тынбай жүргөндүр. Күн сайын кат жазып турам деген убадам кана?

Столго отуруп кат жаза баштадым:

«Жанымдан артык көргөн апажан! – деп көнүмүш адатымча бир шилтеш менен жаздым да, эрдими тиштеп ойлонуп калдым: эмне деп жазсам?

Апам менден төмөнкүдөй мазмундагы кат күтөт: көпчүлүктүн бири катарында ооруп-сыркабай ойноп-күлүп... жок, «ойноп-күлүп» деген фразаны өчүрүшүм керек, аны апам башкача мааниде түшүнүп, кабатыр болот, уйкусу качат. Бирок, менин ойноп-күлгөн жерим жокпу? Эмне үчүн апамдан жашырам? Чындыкты эле жаза берсемчи? Кокуй, айтпай калайын... Апам эртеге эле жетип келер. Ооба, келгенден берки каттарымда апама шаарга да, киного да, театрга да чыкпай, жатаканада, университетте жүрөм деп калп жазып жүрдүм. Чындыгында далай жолу киного да, театрга да бардым, бийди үйрөнүп койдум. Сайракандын туулган күнүндө, аларга кошулуп ресторанга бардым, өмүрүмдө биринчи жолу вино ичтим, кайтып келатып Туратбек экөөбүз Сайракан менен Авазбектин артында калып, колтукташып келдик.

Андан ары жазам: «Сак-саламат жүрөм, эч нерседен кемчилигим жок. Сиз кабатыр болбоңуз. Апа, Фрунзеде окуган кыздар тууралуу таежемдин күйүп-жанып айткандары – баштан аяк калп экен. Бул жактын кыздары да мен сыяктуу өз абийирин сакташат экен. Дагы бирөөлөр сизди чочутса, такыр ишенбеңиз, такыр!»

Мен дагы ойлонуп калдым. Баары бир апам ишенбейт. «Кызы түшкүр безилдеп актана баштаптыр, бир шойкону бар го». «Бузук» кыздарга кошулуп калган го деп, шектене баштайт. Ач кулактан тынч кулак, өчүрүп эле таштайынчы, менин эмнем кетип атыптыр. Жок, өчүрбөйм. Эмне үчүн

мен апама чындыкты жазып, биздин жерде өкүм сүрүп, кыздардын окуусуна жолтоо болуп жаткан сасык тумандай ушактардын, айындардын бетин ачпайм?

Ушуларды кантип жазуунун айласын таппай, столдон турдум да, кыжырым кайнап ары-бери баса баштадым. Эмне кылсам...

– Гүкүш, бул китептин кызыгына эми жеттим,– деп Сайракан тамшанат. Ага менин жиним келет. Көңүлү тынч болгон үчүн кайдагы атам замандагы Тогжандын тагдырына кызыгат. Мен бүгүнкү Тогжан болуп жатканымды кайдан билсин?

Дагы отуруп, катымды уланттым:

«Менден түк кабатыр болбоңуз. Окуум жакшы. Аманбай үзбөй келип-кетип турат. Мамилебиз жакшы, ынтымактуубуз».

Чынында мунун баары жалган. Качан ал үзбөй келип атат? Келсе да үңүрөйүп, суз. Аманбай келбейт, мени теңсинбейт, ал жакта эмне кылып жүргөнүн билбейм. Көңүлүм сууп баратат. Мени мынча кыйын азапка салдыңыз экен? – деп күйүп-жанып жазсам апам түшүнмөк беле?

«Гүкүш, эси жоктук кылба. Эркек балага теңелип эмне кыласың? Сен кирпигиңе кир жугузбай, өзүңдү жакшы кармап жүрө бер, ата-энеси бекем турганда, ал кайда качып бармак эле. Айланайын кызым, апаңдын тилинен чыкпасаң кор болбойсун.» – деп жемелеген апамдын каты келет, же болбосо телефонго чакырып, тилдейт, урушат, коркутат.

Ичим бир кап болуп, эмне кыларымды билбей столго жөлөнүп, жаш баладай өксүп ыйлап жибердим. Сайракан керебетинен ыргып туруп, кадимкидей мойнумдан кучактады.

– Гүкүш, дагы апаңды сагындынбы?

Мен жооп бербей, бышактап ыйлай бердим. Көкүрөгүмө жык толгон ызам, кегим демимди кысат. Минут сайын жүрөгүмдү эзип, баркымды төмөндөткөн туюк сырымды теңтушума айткым келет, бирок, батынбайм, оозум барбайт.

– Ички сырыңды жашырбай айтчы?

Бирок, мен күчүмдү көз жашыман чыгарып, жашырып жатам. Сайракан күткөндөй ошол замат жаркылдап жазылбадым.

Жарым-жартылай жазылган катым жиберилбей калды.

XXI

Жүрөктү эзген бул унчугушпоо, бул салкын көз караш качан калар экен?

Күн бүркөө. Кара булуттар жапыс. Биз аллея менен жанаша басып баратабыз. Муздак шамал бетке урат. Аманбай кара плащынын жакасын көтөрүп, эки колун чөнтөгүнөн чыгарбай, кейкейип басат. Бүгүн араздашкан деле жокпуз. Ал чакырды, мен кыйылбай кийинип чыга калдым. «Каякка барабыз?» – деп сурасам, «Бара турган жер табылар»,– деди жактырбагандай. Андан кийин мен да сөз кошподум.

Эмне үчүн унчукпайбыз? Биз сүйлөшө турган, биз талкуулай турган маселелер жокпу? Менин жүрөгүмдү өйкөп, күнү-түнү тынчымды алган жүрөк заала ойлорум бар. Дайыма ушул жолу сөзсүз айтам деп кайраттанам да, анын суз кебетесин көргөнүмдө мен да ыктытып көгөрүп калам.

Акыры түбөлүгүбүз бир болгондон кийин биз качанга чейин ушинтип үңүрөйүшүп жүрөбүз? Мен мындай болот деп күткөн эмес элем. Экөөбүз тең каалаган окуу жайларыбызга өтүп алсак, эски таарынычтарды эстен чыгарып, унутпагыдай эмне иш өтүптүр, эл катары эки экиден ээрчишип, беш-алты жыл ойноп-күлүп жүрөбүз. Ата-энелеribиз да бизден колдорундагысын аяшпайт. Аманбай да акыл-эстүү жигит. Анча-мынча өзүм билемдиги, эркелиги, ээнбаштыгы бар. Бул эч нерсе эмес. Анан экөөбүз окуубузду ийгиликтүү бүтүп, туулган айлыбызга келебиз. Өзүбүздүн үйүбүз болот! Мен мугалим, ал зооветеринардык врач болуп иштейбиз деп ойлончу элем. Булардын бардыгы ишке ашпай турган кыял окшойт. Баса, биздин ынтымактуу болушубузга эмне тоскоолдук кылып жатат? Такыр түшүнбөйм! Мүмкүн айып мендедир? Бирок мен эмне кылдым? Ушул күнгө чейин апам көрсөткөн тар рамкадан карыш чыкпай жүрөм. Мүмкүн Аманбай башканы сүйүп жүргөндүр, мени жактырбастыр. Анда эмне үчүн ата-энеси кудалаштырды? Ал эркек бала эмеспи, мен такыр макул эмесмин деп көгөрүп отуруп алса, аны эмне кылмак эле?

Мен ушулардын бардыгын ага төкпөй-чачпай айткым келет.

Аялдамага да бурулуп, автобуска да түшпөдүк. Таманыбыздын алдында газандап түшкөн жалбыраktар шыбырайт. Жаныбыздан ары-бери өткөндөр бизге тан калгандай карап коюшат.

Мен унчукпаганды жакшы көргөн жан элем. Бирок, чегине жеткен унчукпоо да жүрөгүмө тийди. Кээде Сайракан саат он экиден өткөндө бетинен сары түгү чыгып калтырап үшүп кирип келет. «Такыр түгөнбөгөн силердин кандай жашыруун сөзүңөр бар? Күнүгө эле сүйлөшө бересиңерби? Мага да чет-петин айтып койсоң?»– деп кызыгып сурап калсам. «Гүкүш, өзүңдөн жашырып эмне кылам? Маанилүү эч нерсе сүйлөшпөгөндөйбүз. Такыр сөзүбүз түгөнбөйт. Сыягы махабаттын сөзү түгөнбөс болсо керек. Кечээги сүйлөшкөндү бүгүн да кайталайбыз. Бирок, эриктирбейт. Ар жолу ар башкача көңүлгө таасир калтырат»,– деп көздөрү күлүндөп, толкундап айтканы эсимде. Мен ага суктанам. Бир жолу Авазбек Сайракан экөө сөздөрү түгөнбөй биздин коридордогу диванда саат экиге чейин отуруп, жатаканасына барса, швейцарка бөлмөсүнө киргизбей койгон экен, ал таң атканча кыңылдап ырдап, калтырап үшүп, сыртта жүрүптүр. Мынакей ашыктык деген! Ал эми Аманбай саат ондон өткөндө эле кокуй кечиктим, биз жак караңгы деп безилдеп турат.

Биз Панфилов паркына жетип калыппыз. Эптеп кеп баштагым келди. Качанга ушинтип оозубузду бууп алгандай жүрмөкчүбүз. Эмне десем? Баса, кечээ Айзададан кат алганмын. Бул жакшы кабар.

– Жаңылык, Айзададан кат алдым. – Ал үч-төрт кадам арымдап, анан күнк этти:

– Эмне дедиң?

Заматта көк желкем тырышып ачуум келе түштү. Мен да бой көтөрүп, унчукпай бастым.

– Эмне дедиң? – Ал кайталап сурады. Мен да кекээрдүү үн менен:

– Эмне дегенимди укканың жокпу?

– Ойлонуп келаттым эле.

«Ушул азыр да сен эмне жөнүндө ойлодуң экен? Башка бирөөлөрдүн ички сырын биле турган аппаратым болсо, мынча кыйналбас элем».

– Айзададан кат алдым. Эми уктуңбу? – дегендей тикирее карап сөзүмдү уланттым. – Ал каалаган максатына жетип, Оштогу институттун биология факультетинде окуп жатыптыр. Кемел экөө ойноп-күлүп ынтымактуу ээрчишип жүрүшөт экен. «Ынтымактуу ээрчишип жүрүшөт экен» – деген фразаны өзгөчө кубултуп айттым.

– Апасы менен жарашыппы? – деп ал кепти башка жакка бурду.

– Жарашыптыр, Гүлсүн эже Ошко келип, кабар алып турат экен. Ал сага ысык жолдоштук салам айтыптыр.

– Анысына ырахмат.

Мен өзүмдү аябай зордоп, мындан кыйын иш барбы? Сүйлөдүм:

Айзада биздин жашыруун ишти кимден укканын билбейм. Өзүмдүн баркымды төмөндөткөндөй араң сүйлөдүм, беттерим чымырады. Бактылуу болушуңарды каалайм деп жазыптыр.

– Өздөрү бактылуу бекен?

– Албетте.

Айзада бизди да өздөрүндөй көңүлдөрү чак, Фрунзенин салкын абасында күндүн көзү көрүнбөгөн жашыл бактардын арасында ойноп-күлүп жүрүшөт деп ойлосо керек. Ал биздин суз мамилебизди кайдан билсин?» «Борбордо окуган силерге көзүм күйөт» – деп жазыптыр. Борбор шаарда окуган теңтушунун ички күйүтүн кайдан билсин? Анысы аз келгенсип, сүрөтүңөрдү эстеликке салып жибергиле деп сурап жазыптыр. А биз кошулуп сүрөткө түшмөк тургай...

Ичим өрттөнүп, демим кыстала түштү:

– Кемел экөө түшкөн сүрөтүн эстеликке жибериптир, – дедим эң аягында. «Биз дагы сүрөткө түшсөк жиберели» – дээр бекен деп үмүттөндүм эле, ал зериккендей эстеп, асманды карап:

– Күн да бүркөлүп.– Саатын карады да: – Киного он минута калыптыр, жүр,– деди.

Мен жүрбөй тык токтодум: колдорум калтырайт, түн ансайын көзүмө караңгылап баратты, ызам күчөп, тамагымда бүдүр-бүдүр нерселер токтоп калгансыды, кирпиктерим суулана түштү. Ал артын карабай басып баратты, сыягы, мени жүр деген жагына көлөкөсүндөй ээрчий берет деп ойлосо керек. Соксоюп жалгыз баратканын эми байкады бейм, шарт кайрылды да:

– Жүрбөйсүңбү, шашып атса, токтоп калганың, эмнең? «Бул мынча кыйынсыйт, мынча чалкалайт. Мындан ары минтип жүрүүгө болбойт».

– Жүрбөйсүңбү? – Анын кекеткен үнү бийик чыкты. Артымдан топ жаштардын кубанычтуу күлкүсүн, талашып сүйлөшкөн үндөрүн угуп, кыйыктанбай дагы ээрчий бастым.

Кинодон чыкканыбызда каш карайып калган экен. «Ала-Тоонун» алдында эл кымгуут. Көңүлдүү күлкү.

Миңдеген жаштардын кубанычтуу жүздөрүн, бакытка толгон көздөрүн көрөсүң. Аларды аралап биз да баратабыз. Бет мандайыбыздан Туратбек жолукту, ал өзү жалгыз, иреңи капа. Мага баш ийкеп салам айтты.

– Бул ким? – деди Аманбай артын кылчайып карап.

– Тааныбайм.

– Көзү сенден өтүп баратат го.

Ресторанга мойнумдан байлагандай, кысталып кирдим. Башымды жерге салып, стулда учуп кетчүдөй бош отурам. Кажылдап сүйлөгөндөрдүн бардыгы эле мени карап тургансыйт. Коңшу столдо мен куруктуу кыргыз кыз кылгырып вино ичип отурат. Официантка бифштекс, вино алып келди. Мен тартынып туруп ичип көрсөм, ачуу таттуу даамы бар экен. Мүмкүн, башка бирөө менен ичпес элем. Эки рюмка ичкенде эле кызып калдым.

– Ичтим, – дедим рюмкамды талашып.

– Иче бер, эч нерсе болбойт.

– Ичпейм.

Ал да көп кыстаган жок. Калган винону өзү эле ичип койду.

Ресторандан чыктык. Түн караңгы, добул согуп, чагылгандар чартылдап, жамгыр куйганы эле турат. Биз баягы келген жолубузга түшүп баратабыз. Элдин бардыгы жаандан үркүшүп, үйлөрүнө шашып баратат.

– Өзүң билип, адамды колтуктап албайсың, такыр паамың жок. Маданиятты качан үйрөнөр экенсиң,– деди алыңгырап сүйлөп. Мен өчөшүп, колтуктабай койдум.

– Ке дейм.

– Колтуктабайм.

– Эмне үчүн колтуктабайсың?

– Каалабайм.

– Ах, эми каалабай калдыңбы? Апаң шымаланып узун сомдорду алганда каалабадың беле?

Бул кордукка тирүү адам кантип чыдайт. Ошол учурда чагылган жарк этип, анын мыскылдуу жүзүн көрдүм. «Көп кыйынсынбай тилиңди тартып сүйлө. Колтуктасаң да, колтуктабасаң, да сенин эркиң менин колумда» – дегендей.

– Сен апама асылба,– дедим ыйламсырап. –Сени башында такыясы бар жигит дейт. Андай кыйын экенсиң, эмне үчүн ата-энеңди сагалатып жибердиң, а?

– Сагалатыппы?

– Ооба, сагалатып.

Тарт тилинди.

– Тартпайм. Мен сенин никелүү аялың эмесмин. Кандай жүрсөм өзүм билем.

– Жүрө албайсың.

– Жүрөм. Ишиң эмне. Сен башыңда такыяң бар жигит болсоң ата-энеңди сагалатып жибербей койбойсуңбу? Мен сага жалындым беле?

– Акыркы жолу эскертем, тарт тилинди.

– Тартпайм.

– Тартпасаң мынаке, канчык!

Ошол замат оң жаагым ысып, көзүмдөн от чагыла түштү. Теңселип башым айланып, отура калдым да:

– Акмаак! – дедим.

– Мына, акмак!

– Апа! Жаным апа!

Мен бетимден салаалап аккан көз жашымды аарчыбай, жамгырлуу карангы түндү аралап, үнсүз ыйлап келатам, анын ата-жотосун калтырбай каргап-шилеп келатам. Бардыгы бүттү!

Апа! Жаным апа! Сиз мага элден артык кылам деп, тыртык кылып койгонуңузду билер бекенсиз? Оюңузда, Гүкүшүм бактысы ачылган кыз болду деп кампайып жүргөндүрсүз? Менин бактым ачылбай калсын! Эгер азыр жанымда болсоңуз, заардуу-заардуу сөздөрдү тартынбай эле айтар элем. Тартына турган менде абал калбады. Мейлиниз, эмне кылсаныз да кайылмын.

Ушунтип келатып, жатаканабызга заматта жетип калдым. Көз жашымды аарчып, экинчи этажга көтөрүлдүм. Оң жаагым эле оттой ысыйт. Коридордо күзгүгө карансам, алакандын отундай жер көгөрүп кетиптир. Акмак, айбан деп, дагы тилдеп алдым. Комнатага киргим келбеди. Кыздар көгөргөн бетимди көрүшсө эмне болду? – деп кыстап сурашат. Алар уктагандан кийин, акырын кирип жатып алам.

Күн чыгыш тараптагы балконго шатыратып жааган жамгырды тыңшап отура бердим. Мындай учурда убакыт да жылбайт. Жамгыр чакалап куйгандай күчөп кирди. Мен отурган балкондун астында кимдир бирөөлөрдүн күлкүсү, өбүшкөндөрү угулат.

– Жамгыр басылбайт, кетеличи, үшүп кеттим,– деген кыздын назданган үнү угулат.

– Дагы беш мүнөт күтө турчу, басылып калар,– жигит жалооругандай суранат.

– Басылбайт, күндүн түбү калың.
– Басылат.
– Уйкум келди. Азыр башым жаздыкка тийсе эле уктап кетем.
– Ушул сенин уйкуң ай! – деген жигиттин кейиген үнүн угам.
– Самашкан, жаныңдан карыш жылгым келбейт. Мынабу, капкара көздөрүңдү жалооруп карап тура берсем. Оор үшкүрүк тереңден сызылып чыгат.
– Бекиш, болдучу, мурутуң... Сакал-мурутунду кырдырып да келбейсиң.
– Сени күтүп калабы деп, үйгө барбай келбедимби? Эмки жолу... Ошондо да бир айыбын табарсың дейм.
– Кетеличи.
– Дагы беш минут.
– Кош. Колунду бер.
– Болуптур, уйкуң келип жатса бара бер. Мен уктабай, сен жашаган бөлмөнү таң аткыча карап отура берем.
– Кыздын тунук күлкүсү угулду, жигит таарынгандай сөзүн улантты: – Мен сен үчүн канчалык алыс жолдон келдим. Биз жакка каттоочу автобус токтоду. Эми жөө кетем, жолдо баратып сен тууралуу ойлоном. А сен мемиреп уктап жатасың.
– Бекишжан, мен да уктабайм. Сени тынч жетти бекен? – деп ойлойм.
– Кабатыр болбойсуң, уктайсың.
– Сүйөм. Сүйбөсөм турат белем.
– Самаш, чын айтчы, сен мени сүйөсүңбү, же...
Алар унчугушпай калышты.
– Сүйгөн жаныңдан.
– Койчу жаным, жалынбачы.
– Жалынам. Мен махабатыңа багынам.
– Анда кетели.
– Болуптур. Мен сага звонит этем. Ошондо качан келеримди айтам.
– Эртеге звонит эт, антпесең мен кабатыр болом, болуптурбу?
– Болуптур.
Алар кол беришип коштошту окшойт.
– Самаш, жаркырап бир карап койчу. Жалындуу көзүңдү көрүп алайын.
Баятан бери беш минута эмес, жарым саат өттү, бирок, бул эки жаш үйлөрүнө тарашпайт. «Махаббаттын сөзү

түгөнбөс болсо керек» – деген Сайракандын акылдуу кебин эстедим.
Кычагандай жамгыр күчөп кирди. Мындай ака ырайы бузулган нөшөрлүү түндө бул ашыглыкка ырахаттанган мае болгон бозой үйүнө качан жетет?
– Самаш, мен кеттим.
– Жакшы бар. – Алар коштошту. Кыз кол булгалап жатаканага кирип кетти. Жигит плащынын жакасын жогору көтөрүп, биздин жатакананы улам кылчактап карап, караңгылыкка сиңип кетти.
Жамгыр кычагандай чакалап куюп жатты.
– Алар кандай бактылуу немелер! – деген суктануу ичимдин тереңинен кандай суурулуп атып чыкканын билбей калдым. Бирөөлөр угуп койдубу дегендей эки жагымды элеңдеп карадым. Эч ким жок экен. Саат он эки болуп калыптыр. Баары бир жатса да бүгүн көпкө чейин уктай албайм. Абасы таза балкондон кетким келбейт.
Баса, мен мынча зарыгып анын көзүн карайм? Мен анын жетелеп өстүргөн көз каранды жетими белем? Жок? Ал жаман ата-энеси асылып жүрүп кудалашкан, калыңды жеп коюшкан, Гүлайым туйлап кайда бармак эле деп, кыйынсынып жүрбөйбү? Көрөбүз. Ошого чыксам атым өчсүн. Ал шумшук кыз кезимде болор-болбос иш үчүн жаагыма чаап жүрөт, а колуна түшүп бергенден кийин мандайымдан сылап, эркелетип коймок беле? Гүкүш, эсиң барда этегиңди жап. Эсиңдеби атактуу адабий каармандын «Жашоо адамга бир берилет» – деген курч, акылдуу сөзү. Эгерде, келечекте кайрадан төрөлө турган болсом, анда кыйышпай туруп: «Мейли, өмүрүмдүн бул жолкусун апамдын көңүлү, кадыры үчүн багыштап, тилинен чыкпайын да, а эмки жолу өзүм каалагандай иш тутам деп мартчылык кылар элем. Турмушта бир берилген кызык өмүрдүн, татаал жашоонун, илеби күчтүү сүйүүнүн баркына жете билүү ар бир адамдын ыйык милдети турбайбы!»
Жамгыр басылды. Ава тазарып, жеңил дем ала баштадым. Шаарда үйлөрдүн жанган жарыктары өчүп, шаар тыптынч. Автобустардын да аягы басылды. Айлана мемиреп уктап жатат.
Күтүлбөгөн жерден аркы балдардын жатаканасы тараптан жүрөктү эзип, муңканган гитаранын мукамдуу үнү угулду. Улам кайгылуу, жүрөктөн атырылып чыккан күүлөрдү

чертет. Жети түндө уктабай, кыздардын сезимин козгогон бул кайсы жигит болду экен??.

XXII

Бүгүн биздин факультетте Октябрь майрамына арналган кече. Кечинде чоң залда өздүк көркөм чыгармачылыктын кружогунун катышуучулары концерт берип, анан бий болот. Көңүл ачык, бийлейбиз. Бий билген киши музыканын үнү угулганда эле байгеге чабылып жүргөн күлүк аттардай талпынып турат экен.

Моюнга алам, мен мурда бөөдө эле шаардык кыргыздардын мүчөгө куп жарашыктуу көйнөктөрүн чанып, жактырбай жүрүпмүн. Албетте, бул түшүнбөгөндүк экен. Сайракан экөөбүз шаардагы ательелерди кыдырып жүрүп, майрамга карата окшош материалдан көйнөк тиктирдик. Бойлорубузга куюп койгондой жарашты. Экөөбүз жаңы көйнөктөрдү кийип көчөдө жанаша басып калганыбызда, кыздар, аялдар көздөрү күйгөндөй артыбыздан кылчайып карап калышат. А бейтааныш жигиттерчи?

Аманбайдын жаагыма чаап жибергенин Сайраканга да айтпадым. Ырас, ал анча-мынча көгөргөн такты көрүп: «Эмне болду?» – деп сурады эле, айтпай койдум.

Айткандан эмне пайда? Бул ишти өзүм гана чечишим керек. Кончу, бул жөнүндө ойлоп, чайыттай ачык көңүлүмдү кирдетким келбейт. Бүгүн кече, бүгүн концерт, бүгүн көңүлдүү бий болот... Күн тезирээк эле кеч кирсе экен.

Мен жасанып, таранып бөлмөбүздөгү күзгүнүн алдында турам.

Негедир денемди кубаныч аралап, билинер-билинбес толкундайм. Сүйлөсөм, үнүм да дирилдейт. Баса, мага эмне болуп турат. Жүрөгүм кабынан суурулуп чыкчуудай дүкүлдөп, бир нерсени сезгенсийт. Же, бүгүн бийге барбай, бөлмөдө отурайынбы? Китеп окуюнбу? Эмне кылсам? Жок, антпейм. Менин элден эмнем кем? Же мен туткун белем? Ал өзү келип, чакыруу билетин тапшырып кетпеди беле? Мен эмне үчүн аны эстесем, аны алыстан көрсөм, дароо көздөрүм жалжылдап, өңүм өзгөрүп кетет? Ал сүйөм деп айта элек го. Же сүйүү деген тилсиз болобу?

Каалга ачылды. Сайракан үтүктөгөн көйнөгүн коомай кармап, босогодо токтой калып, башымдан аягыма чейин бир сыйра карап чыкты да:

– Сулуусуң! Сулуусуң! – деп тамашалады.

– Айтчы, Сакиш, көйнөгүмдүн арты бырышып калыппы?

– Кана, бурулчу. Жок, тептегиз. Бүгүнкү кеченин королевасы сен болот экенсиң да.

– Койчу, шылдыңдабачы,– деп асыла муштагыладым, ал бөлмөгө тегерене качты. Каалга кагылганда биз орундарыбызда күлкүбүздү тыйып, токтой калдык.

Авазбек менен Туратбек кирди. Алар чымкый кара костюм кийишиптир. Гүлдүү галстуктары да окшош.

– Келе жаткан майрамыңар кут болсун!

Кол алышып көрүштүк. Авазбек менен Сайракан экөө алым-сабак айтышып жатат. А биз бир-бирибизди сынашкандай унчугушпайбыз.

– Сен оозуңа талкан салып алгансыңбы, ия? – деди Сайракан Туратбектин сөзгө аралашпай турганын биринчи сезип. Ал астыңкы жука эрдин тиштеп күлүп койду да:

– Биз силердей чечен эмеспиз, – деп айтып жиберип, кулагына чейин кызарып кетти. Ушундай уялчаак, тартынчак кебетеси менен жалбырттап күйүп жаткан үйгө жулунуп кирип эки баланы түтүндүн арасынан сууруп чыкканына таң калам.

Биз көчөгө төртөөбүз бирге чыктык. Авазбек күлкүлүү алган сөзүн Сайракан жулуп кетти. Мен да осолдой түштүм. Ал айыптуудай мага жал-жал карап:

– Сайракан, барып турган эгоисткасың! Коллектив менен турганда «мен» деп көкүрөктү кага бериш жакшы эмес го, – деп камалган туюктан буйдалбай сөз таап кутулуп кетти. Ичимден «Азаматсың» – деп жактырдым да, анан ушул оюмду билдирип көрдүңбү дегендей аларга шектене карадым.

Биз кечеге төртөөбүз бирге чыктык. Авазбек күлкүлүү аңгеме айтып, баарыбыз шаңкылдап күлүп, көңүлүбүз чак келатканбыз.

Мен кумсарып ларектун жанында эки колун шымынын чөнтөгүнө салып турган Аманбайды көрө койдум. Алишер жанында экен. Менин күлкүм заматта басылып, демим кысталып, тымып калдым. «Гүкүш, өзүңө бекем бол!» – дедим чымырканып. Ал бир кадам бери аттады да, сөөмөйү менен бери кел дегендей белги берди. Мен арсар абалда калдым. Чынында эмне кылышымды билбей калдым. Жанына басып барсамбы, же кылчайбай өтүп кетсемби? О, бүгүнкү айбанчылыгын эстесем, ызам кайнайт, аны көрөйүн деген

көзүм жок. Бар, колуңдан келгениңди кыл деп өтө бердим.

Менде башка арга жок эле.

– Бери бас! – деген анын ызырынган үнү угулду. Жанымдагылар да токтоп калышты. Мен бир кадам алдыга сурулуп чыктым да:

– Сага ким керек? – дедим үтүрөйүп тиктеп.

– Мага сен керек, бери бас,– деди буйрук бергендей.

– Барбайм.

– Жүр дейм. Сүйлөшө турган сөзүм бар. – Ал жаныма басып келип, беркилерге мындай деди.

– Силер кете бергиле.

– Кетпегиле, – дедим мен аларга кайрылып.

Алишер жойпуланып Авазбекке жетип барып: «Гүкүш, бул жигиттин сүйлөшүп жүргөн кызы, кичине таарынышып калыптыр», – деп жууп-жайкаганын угуп калдым да ага:

– Сиз ортомчу болбой, өз ишиңизди билиңиз,– дегенимде, оозунан сөзү түшүп, бозоруп туруп калды... Мен бүткүл кайратымды жыйып:

– Кош, Аманбай. Экинчи мени издеп келбе. Кош! – деп колумду сундум. Ал колумду булкуп кармады:

– Эч жакка кетпейсиң. Жүр биякка,– деп сүйрөдү, мен артыма кетенчиктедим.

– Азыр коё бер! – деген Туратбектин үнүн уктум. Жок, ал бул опузадан чочуп кетпеди. Менин колумду бекем кысып, Туратбекке тике атырылды:

– Кечирип коёсуз, бул менин кызым.

– Эй дос, «менин кызым» дегениңе жол болсун? Гүлайым жеке менчик кызыңбы?

– Ооба...

– Бул эмне дегениң?

Ал сөз таппай калды.

Мен чымырканып колумду жулуп алып, ошол замат Туратбекти тартынбай колтуктап:

– Жүр, кеттик. Бий башталып калды,– дедим да, кан жутуп турган Аманбайга:

– Кош! – дедим.

Ал турган жеринде таш тиштегендей туруп кала берди. Мен кылчайып артыма карап койбой, өз баркымды сезип, башымды бийик көтөрүп, Туратбектин колтугунда баратым. Куп өчүмдү алдым деп кубанып да коём.

Мен ошол күнкү кеченин аягына чейин Туратбек менен бийледим. Бирок, сыр чечишип сүйлөшпөдүк. Ал Аманбай жөнүндө териштирип сураган да жок. Жөн гана бирибизге жалооруп карап, улам бийлей бердик.

Канткен менен жүрөгүм туздай ачышып, суз жүрдүм. Музыканын ыргагы менен бийлеп көп нерселер жөнүндө ойлодум...

АЛЖИР ЖЕРИНДЕ

(Жол очерки)

БИРИНЧИ КАТ

Асыл курбум!

Фрунзеден узатып, аэропортто экөөбүз кол алышып ма-
кулдашкандай биринчи катымды Алжирдин борбор шаары
атактуу Алжирден жазып отурам. Азыр айлана капкараңгы,
түн... Үч миллиондон ашык калкы бар чоң шаардын демей-
ки ызы-чуусу угулбайт, анткени биз жайгашкан «Алтын
текке» мейманканасы борбордун четиндеги чытырман токой-
дун арасына атайы курулуптур, бул жердин абасы да, шар-
ты да өзгөчө. Ооба, бул жерде улуу түн, Ала-Тоодо эбак таң
атып, азыр бийик тоо артынан күн кызарып чыгып келат-
кан маал! Анткени арабыздагы убакыт айырмасы алты саат.
Байкадыңбы, досум, арабызда канчалык аралык – канча то-
олор, канча түзөндөр, канча көлдөр, канча дарыялар, канча
деңиздер, канча шаарлар, канча өлкөлөр жатат! Москвадан
кантип жөнөгөнүмдү жана учканымды айтып берейин. Са-
парга аттанган адамдын камы да, чарбасы да чачтан көп эме-
спи. Аны алайын, муну алайын деп дүкөн кыдырып айлан
түгөнүп, шашып жүрүп убакыт өткөнүн да сезбей каласын.
Баары бир ойлогондой издегениң таппайсың; акырында таг-
дырга баш ийип, «айла барбы?»– деп кол шилтейсиң.

Адамзат кызык жаралган.

Эртең Алжирге учам деген түнү «Москва» мейманкана-
сындагы номеримде кокус уктап калып, өзүмдүн рейсиме
кечигип калсам, эмне болот, деп санаа тартып, улам уйку-
дан чоочуп ойгоно бердим. Анын үстүнө биздин самолёт-
тун учаар убагы ыңгайсыз экен, Москвалык мезгил боюн-
ча эртең мененки саат жетиден беш мүнөт өткөндө асманга
көтөрүлүш керек экен. Эгер кокус өзүбүздүн өлкөдө само-
лётко кечиксең, анын жарасы жеңил, өз күнөөңдү мойнуңа
алып, андан кийинки рейс менен уча бересин, ал эми чет

өлкөлүк рейс менен азилдешпе, курбум, кокус кечиксең ан-
дан кийин башка самолёт жок. Сага виза ошол гана рейске
берилген. Ошон үчүн кооптонуп, улам ойгонуп жатканым-
дын негизи бар. Ишенсең, ошол түнү уктай алганым жок,
саат төрттө таксиге түштүм да, Шереметьев аэропортун
көздөй сыздым. Келсем, күтүү залында менин сапардашта-
рым Алла Ахундова менен Олег Николаевич Бавыкин эбак
келишип, сааттарын карашып, мени күтүп отуруптур. Мен
эле шашкалак жанмын деп ойлосом, ой тобоо, менден аш-
кандар да бар экен...

Өзүң билесин: эки мамлекеттин ортосундагы маданий
байланыштын рамкасында Алжирдик жазуучулар союзунун
жетекчилеринин атайы чакыруусу менен биз үчөөбүз бара-
табыз. Жолоочуларымды кыскача тааныштырып өтөйун.
Алла Ахундова – белгилүү Азербайжан акыны жана кино-
режиссёру, Азербайжандын мамлекеттик сыйлыгынын ла-
ureаты, ал эми Олег Бавыкин Араб адабиятынын котормо-
чусу. Ошентип, биз Москвадан бир мүнөт кеми жок саат
жетиден беш мүнөт өткөндө «ИЛ-152» лайнери менен ас-
манга көтөрүлдүк да, кайдасың Алжир, – деп улуу сапарга
аттандык.

Биздин самолет Будапештке конуп, андан ары сапа-
рын улантат экен. Ошон үчүн арабызда венгерлик пасса-
жирлер көптүк кылып, алардын үндөрү менен күлкүлөрү
өктөм угулат. Пассажирлердин көпчүлүгү орундуктарын
оңтойлуу абалга келтирип, мемиреп уктоого киришти. Мен
дагы үргүлөп алайын деп канчалык аракет кылсам да, уй-
кум келбей, көңүлүм шайдооттонуп, терезеден алды жакта-
гы чеги да жок, ченеми да жок орус токойлоруна эрксизден
көз салып, алардын арасынан өзүм билген тааныш жерди
көрчүдөй карап бара жаттым. Мен ар дайым Россиянын ай-
магында болгонумда, уч-кыйыры жок орус токоюнун кооз-
дугуна, кенендигине жана молдугуна суктана берем. Орус
элинин тарыхын, даанышмандыгын, тагдырын жана келе-
чегин Пушкинсиз, Гоголсуз, Тургеневсиз, Толстойсуз, Че-
ховсуз, Горькийсиз, Шолоховсуз элестете албагандай эле,
ушул токойсуз такыр элестете албайм. Кокус орус эли ушул
токойсуз, жайдак талаада, же болбосо, тоо арасында жаша-
ган болсо, анын маданияты да, адабияты да, тагдыры да
башкача болмок. Мейкинине көз жетпеген улуу токой орус
элинин аң-сезиминин, жүрөгүнүн тереңинде түбөлүк жа-
шайт эмеспи! Казак сары талааларын, кыргыз тоолорун ар

дайым сагынып, ушунчалык ыйык көргөндөй, орус адамы бул токойду Мекен катары көрөт эмеспи!

Мен орус токоюнан алаксып, салонду бир сыйра карап чыктым.

Жүргүнчүлөр мурдагыдай чурулдашпай, ар бири өз жаны менен алек: бирөөсү креслого башын желеп катуу уйкунун кучагында болсо, бирөөсү сүрөттөрү кооз журналдан көзүн албайт, бирөөсү менчилеп сыртка ойлуу көз жиберет, бирөөсу мезгилдин тезирээк өтүшүн күтөт. Самолётто учуп баратканда адам пендеси эмне жөнүндө ойлонот? Ар бир жолоочу менин көз карашымча, канчалык өзүнөн жана башкалардан жашырууга аракет кылбасын, ар кандай амал таап, эптүүлүк менен таппасын, баары бир, ушул өзү учуп бараткан самолёттун эсен-аман болжогон аэропортуна тынч конушун тилейт. Ырасында, самолёт канчалык техникалык жактан коопсуз болбосун, канчалык мыкты адистер аны башкарып жүрбөсүн, ар дайым жүрөк опкоолжуу алып келет: Канаттары калдайган, алп темир жаны бардай он километр бийиктикте булутту, бороондорду бөлүп-жарып, кулак тундуруп учуп баратканда ар кандай ойлор жүрөктүн учундада турат, эч кимге билдирбей айласыздан: «о, кудай сакта» деп күбүрөп жиберген учурларың көп болот. Ал эми, айрым учурда, самолёт өз жолунан адашкандай калдандап кеткенде жүрөгүң оозуңа капталган учурлар ар бир жанда болот. Анткеи менен адам баласы жакшылыкка ишенип, жакшылыктан үмүт үзбөйт, көңүлдөгү коркунучту кубалап, өзүн алаксытып, жол арбытат. Биздин самолёттун жүргүнчүлөрү да дал ошентип убакыт өткөрүүдө. Мен тегерегимде отурган жүргүнчүлөргө үстүртөн карап, айрымдарынын эмне жөнүндө ойлонуп баратканын билгим келди. Тиги ак жуумал, алтындай чачы жылтылдаган, жыйырма беш жаштын чамасындагы текебердүү сулуу аял креслосунда чалкалай отуруп, алыс жолдон, ызычуудан чарчагандай, көп нерседен көңүлү калгандай манчыркап, салондун үстүн суз карайт, жанындагы ак чач брюнет канчалык элпек мамиле кылып, анын көңүлүн өзүнө тарткысы келсе да, ага мостоё карап, тоготпогондой салкын мамиле менен сабырын замата суз кылды да, өзүнчө ойлонуп, ички дүйнөсүнө чөмүлөт. Мүмкүн, ал Будапештте (мүмкүн ал башка шаарда турар) калган наристе кызын же уулун көз алдына элестетип, анын эркелеп сүйлөгөнүн, асылганын, сансыз жоруктарын ойлоп бара жаткандыр... Ал кыялдана, тагдырга ыраазы болгон-

дой көзүм жумуп, жүзүнө жарашыктуу ууртунан бактылуу жылмайгансыды... Жаш жубай экен, үй-булөсүндө бактылуу болсун, – дедим ичимден. Тиги кара көз айнек тагынган, шыңга бойлуу, арык чырай, элүүдөн ашып калган эркектин жүрөгүн азыр эмнелер эзип жатты экен?.. Кебетесине Караганда же Француз, же Италиялык стюардессанын эскертенине карабай, сигаретти биринин артынан экинчисин сорот, эч ким менен сүйлөшпөйт, ал ээн талаада өзү жалгыз калгандай, өзү жалгыз бара жаткандай эч кимге көңүл бурбайт. Мүмкүн соодасы гүлдөп турган бизнесмендир, өзүнүн капиталын арттыруу үчүн Будапештке, же Алжирге бара жаткандыр. Улам папиростун чубалган көк түтүнүнүн арасынан доллардын узун куйруктары элестеп, анын санын эсептей албай, түйшүк тартып, куруп жаткандыр...

Жоромолум ушул жерге келгенде, стюардесса кыздын «Венгриянын борбор шаары Будапештке келип кондук» – деген коңгуроодой үнү оюмду бузуп жиберди. Мезгил Москва убактысы боюнча саат тогуздан отуз минут өткөндө биз Венгриянын эл аралык аэропортуна кондук. Сыртта жамгыр себелеп, күн жылуу экен, асман бүркөк. Эмне үчүндүр Венгриянын талаалары Кыргызстандыкына окшошуп кетти. Ушунчалык алыс өлкө, башка мээлүүн климат, капырай, талаалары биздикиндей деп чөнтөк дептериме шилтеп койдум.

Самолёт Будапештин эл аралык аэропортунда тупатура бир саат турат экен. Ошол мезгилде биз жерге түшүп, аэропорттун кооз залында ары-бери басып жүрдүк. Өз мезгилинде самолётко кайра отуруп, Алжирди көздөй сапар тарттык. Бул жерде эски экипаж биз менен коштошуп, жаңы экипаждын командири пассажирлерди жылуу сөз менен куттуктады. Салондо кызмат кылгандар жалаң гана жаш жигиттер экен. Самолёт ылдамдык алып, он миң метр бийиктикке көтөрүлгөндө, салондо кызмат кылган жигит отургандарга кайрылып, самолёт Алжирге баратканда Жер Ортолук деңизинин үстүнөн уча тургандыгын, бул мезгилде кокусунан жерге конууга мүмкүнчүлүк болбой калса, пассажирлердин ар бирине ава толтурулган балон бардыгын эскертип, аны кандай пайдаланып, кандай кийиш керек экендигин улам кайталап көрсөткөндө отургандар ага күлкүлүү ар түрдүү суроолорду жаадырышты. Тагдыр андай катаал күндү башка салбасын, ушундай бийиктиктен ошол балонго жармашып, адам жан сактап каларына ишенгим

келбейт... Бирок башка түшсө айла барбы? Алла- ханум бул балондун мага такыр кереги жок деп кескин сүйлөгөндө, мен мындан он жыл мурда Атлантика океанынын үстүндө болгон бир трагедияны айтып бердим... Капиталисттик чет өлкөлүк авиакампаниянын самолёту жогоруда аталган океандын үстүндө учуп баратып, жээкке аз калганда, же бензини түгөнгөнбү, же авариялык авалга кириптер болгонбу, экипаждын командири пассажирлерге кыска сөз менен кайрылып, бул кыйын шартта акыл токтотуп, кайраттуу болуу керектигин суранып, пассажирлерге балондорду таратып, ар бирине этияттык менен кийдирүүгө буйрук берет. Албетте, салондо дүрбөлөң түшүп, ый угулуп, көз жаштар агылат. Пассажирлер негизинен Батыш европалык калктардан экен. Арасында үйлөнүү тоюнан кийин, дүйнөнүн эң кооз шаарларын, ажайып музейлерин кыдырып, жыргалдуу ай-той саякатын өткөрүп жүргөн Англиялык эрди-катын бар экен. Сыртынан караганда өң жагынан экөө тең бир-бирине бап келген, ата-энелеринин байлыктарына чиренген, элде жок кымбат кийимдерге оронуп, айланасындагыларга теңсинбей бийиктен караган эки жаш болчу. Алар бир-бирин ушунчалык чын дилинен сүйө тургандыгын башкаларга көрсөтүш үчүн, отурган жеринде моюндашып, кучакташып бара жатканда, самолёт ушундай кырсыкка учурайт. Тагдырдын тардыгын карабайсыңбы: эки жүздөй пассажирдин баарына берилип эң аягында бир балон жанагы керилген сулуу – Англичан жубайга жетпей калат. Мындай учурда тоодой алтынга өз жанын кыйып, балонун бирөө бермек беле? Ал турмак, сен үчүн кызыл чокко кирип кетем деп канча жолу жалынып-жалбарып ант берген күйөөсү – мырза джентельмен да элди каратын туруп, боздоп ыйлап жаткан сүйүктүү жарынан терс бурулуп, өз балонун берип, жер үстүндө тирүү жашап жүрөсүң?» деп кайрылса, анысы элге угуза: «Мен сенин ордуңа өлсөм, а сен менин атамдын бүткүл дүйнөсүнө ээ болуп, башка бирөөнү таап, ойноп- күлүп жүргүң келет экен да. Мен андай акмак эмесмин» – деп чыныгы ыплас жүзүн көрсөтөт. Пассажирлердин арасында жалгыз советтик адам – асыл жүрөк, ак пейил, докторлук диссертациясын жакташ үчүн дүйнөлүк атактуу окумуштуунун пикирин билүүгө чет өлкөгө командировкага бараткан грузин бар экен. Ал элдин көзүнчө жанагы күйөө джентельмендин бетине түкүрүп, өзүнүн балонун ыйлап жаткан сулуу айымга башын ийип сунганда, карап тургандар өз көздөрүнө ишенбей, айран-таң болушат. Адатта мындай айкөлдүк, берешендик эл жомокторунда болот эмеспи! Грузин жигитинин мындай эрдигине, өлүмдү тоготпой, аял затын урматтап, ал үчүн курмандыкка даяр экендигин ушунчалык таң калган жаш келин көз жашын токтотуп: «Сиз мага мынчалык боор ооруп, өзүңүздү өлүмгө кыйып жатасыз? Жашырбай айтыңыз, ушуну мен билгим келет»– деп өтүнгөндө, Автандилдей ар-намыстуу Грузин оң колун көкүрөгүнө алып: «мен ушул самолёттун ичинде жалгыз эркек бардыгын далилдешим керек» – деп жооп бериптир. Ошондо жаш келин күйөсүнүн көзүнчө эр жүрөк грузинди кучактап мойнунан жыттап: «Мен издеген эркек сиз болчусуз, өзүңүз менен кошо өлөм» деп боздоп ыйлаптыр. Бирок, жаш грузиндин, командирдин катуу өтү- нүчүнөн ото албай, жаш келин балонду кийүүгө аргасыз болуптур. Бардык пассажирлер балондору менен океанга секирип, көпчүлүгү, ошолордун ичинде эки түгөй да аман калышыптыр. Арнамыстуу грузин экипаж менен кошо аварияда курман болуптур. Англиялык сулуу аял ошол күндөн тартып күйөөсү менен түбөлүккө кол үзүп, өз жанын сактап, ал үчүн өмүрүн кыйган грузинге ыраазылыгын билдириш үчүн, анын симоликалык мүрзөсүнө жүгүнүш үчүн жыл сайын Грузияга келип турат экен... Бул фольклор эмес, бул болгон окуя. Ар кандай эркекти ойлонто турган бул окуяны мага грузин досторум барганымда баян калышыптыр. Ар-намыстуу грузин экипаж менен кошо аварынын ырлары бар.

Самолётто бул окуяны жанымда отурган Аллаханум менен Олегге айтып берсем:

– Кокус биздин самолётто дал ошондой ситуация болсо, силер кантмексиңер? – деп Аллаханум экөөбүзгө күлүмсүрөп сынап карады.

– Албетте, балонубузду сизге бермекпиз – деп экөөбүз жарышып айттык. Бирок ар бирибиздин көз карашыбызда, кебетебизде: «ким билет, андай катаал күндө кандай абалда болобуз?» – деген санаркоо даана тургансыды.

Бүгүн Батыш Европада күн чайыттай ачык болуп, самолёттон талаалар, шаарлар, дарыялар, тоолор даана көрүнөт. Биз Югославиянын, Франциянын, Италиянын үстүнөн учуп өттүк. Бир кезде аркайган ак карлуу тоолор көрүндү. Радиодон: «Сиздер Атактуу орус полководеци Суворов кыштын

эң татаал шартында армиясы менен ашып өткөн Альпының үстүнөн учуп баратасыздар» – деп борт башкаруучу жигит жарыялаганда, баарыбыз терезеге үңүлүп, асты жагыбызды карап жаттык. Альпы тоосунун бийик аскалары, кар баскан капчыгайлары, жылгадан төмөн карай атырылып аккан бу-лактары көзгө ушунчалык жылуу учурайт, анткени көз ал-дыма ардактап өстүргөн Ала-Тоо элестеп, шылдырап аккан тунук суулары кулагыма угулуп жаткансыйт! Ата мекен кайда жүрсөң да жүрөгүңдө жаркырап жашай берет эмеспи! Самолёт тоодон ашып, биз алыста чалкалап, толкундап жаткан айтылуу Жер Ортолук деңизин алыстан көрдүк. Асыл досум, биз бала кезден тартып бул атактуу деңиз жөнүндө кандай гана уламыштарды укпадык жана окубадык. Ал ар-кылуу жел кемеси менен амалдуу Одиссея саякаттап, кан-дай гана таң каларлык шумдуктарга туш келгенин окуган-быз. Ал аркылуу Александр Македонский армиясы менен сүзүп, дүйнөнү багынтам деп алыскы жортуулдарга аттан-ганын жакшы билебиз. Ал аркылуу Наполеон да Африкага аттанып, Египетти багындырганын окуганбыз. Жер Орто-лук деңизи Европа менен Азияны, Африканы байланышты-рып турган эң маанилүү деңиз жолу. Ага Франциянын, Ис-паниянын, Грециянын, Египеттин, Алжирдин, Ливиянын, Тунистин түздөн-түз тиешеси болуп, алардын ар бири аны пайдаланат, балыктарын кармайт, жээгинде дүйнөгө ата-гы белгилүү курорторду курушуп, көпчүлүк өлкөлөрдүн эс алган, көңүл ачкан туристтерин кабыл алат. Мынакей, биз Жер Ортолук денизинин боюна курулган Франциянын дүйнөгө атагы угулган Ницце курортунан кыялап учуп өтүп баратабыз. Алды жакта эң кооз имараттар, котеждер, аппак болгон яхта-кайыктар жымырап көрүндү.

Өз көзү менен мурда көрбөгөн ар бир адам Алжир жөнүндө ойлогондо, биринчи кезекте көз алдына аптапта күйүп, какырап жаткан талааны элестетет. Мен дагы ошон-дой ойдо болчумун. Бирок, мунуң терең жаныльштык экен, досум. Биздин самолёт Алжир шаарына жакындаганда, көзүбүзгө жайдак чел эмес, чокуларында аппак кар жаткан бийик тоолор көзгө урунду. Жер Ортолук деңизин түндүк жактан курчап турган Телль-Атлас тоо кыркалары экен. Табийгаттын марттыгына жана тардыгына ушул Алжирде баш иесиң анткени бир жагында кең муз тоолор, жайкал-ган чептүү талаалар, экинчи жагында жылан менен ташба-

ка кор болгон мейкинине көз жеткис, адам баласы адашып кетсе, изин тапкыс Саха чөлү...

Самолёт Алжир шаарын бир айланып учуп, анан таардын четиндеги Дарь-Эль-Бейди аэропортуна конду. Сыртка чык-сак мээлүүн жел согуп, күн салкын экен. Айланамды ка-расам алыстан көрүнгөн кар баскан тоолор шанкаят. Муну өз көзүң менен көрүп туруп, Африкага келдим деп кантип ойлойсун? Жүргүнчүлөр менен кошо күтүү залына келдик. Бизди советтик посольствонун үчүнчү секретары Александр Петрович Шейнин жана алжирдик журналисттер, жазуучу-лар менен котормочулар союзунун катчысы Омор Бенджуд бизди күтүп турушуптур. Биз муң баскан араб күүлөрүнүн коштоосу астында эки жагында асман тиреп, курмалар өскөн түптүз жана жайык проспект менен шаарды көздөй зуулдап бараттык. Александр Петрович өзү арабист экен, бул жерде иштегенине беш жыл болуптур, сөзүнө Караганда Алжир шаарын коён жатагына чейин билет көрүнөт. Ал жол ката шаардын тарыхын белгилүү жерлерин, эстеликтерин кы-скача баяндап баратты. Бирок, анын сөздөрү эсимде калбай, кулагымдын сыртында калып жатты. Анткени, ар кандай чоң шаарды билиш үчүн анда жашоо зарыл, анда издеген адрести табалбай, адашуу мүмкүн. Бирок, аэропорт тарап-тагы шаардын имараттары Алжир эли өз эркиндигин алган-дан кийин курулуптур. Ошон үчүн анын курулушу пландуу болуп, көчөлөрү кенен экен. «Алжирдин эки машина кез-дешсе, бурула албаган ийри жана тар көчөлөрүн көрө жа-тарсыз» – деп Шейнин «жыландын башын» чыгарып койду. Биз кырк мүнөтөн кийин токойдун арасында курулган «Ал-тын теке» мейманканасына көңүлдөгүдөй жайланыштык. Түшкү тамак учурунда Омор бизге кайрылып: «Мейман эмнени кааласа, анын баары аткарылат» деген араб мака-лы бар деп бизге кичи пейилдик менен кайрылды. «Конок койдон жоош, эмне берсе жей сберет» деп мен кыргыздын макалы менен жооп бердим. Баарыбыз ыраазы болуп күлүп калдык. Ошол мезгилде сырттан эки киши келип, бизге жылуу салам айтты. Омор алар менен бизди таанышырды. Экөө тең алжирдик жазуучулар экен, алар биздин келгени-бизди угуп, атайы таанышабыз деп келиптир. Бири алты-мыш жаштын айланасындагы арык чырай, мурду кырдач, кара мурутчан, кабагы салыңкы, үргүйгөн каштуу – алжир-дик белгилүү кинорежиссёр-документалист, журналист Та-хир Бейнайша экен. Ал биздин өлкөдө болуп, Азербайжан,

Өзбекстан жана Тажикстанды аралап, «Соьепер Союзундагы мусулмандар» деген документалдуу кинофильм тартыптыр. Бул кино араб өлкөлөрүндө чоң ийгилик менен жүрүп, Советтер Союзунда мусулман дини куугунтукта, мусулмандар өз диндерине сыйына албаган деген Батыштын буржуазия. лык келжирек үгүттөрүнө ишенген, алданган арабдардын көз караштарын биротоло төгүнгө чыгарып, көздөрүн ачып. тыр. Ал стол үстүндө советтик адамдар араб, ошонун ичин. де бир тууган алжир калкына, анын баатырдык күрөшүнө, даңктуу жолуна өзгөчө мамиле кылгандыгын өз көзү ме. нен көрүп, өз кулагы менен укканларынан сандаган мисал келтирип, кеп салып отурду. Экинчи бейтааныш, алжирдик жаш акын жана журналист алжирдик телевидениеде кыз. мат өтөйт экен, ысмы Лайд Бенарус. Ал шыпылдаган, адам. дын ичине тез кирген мүнөзү бар отуз беш чамасындагы жаш жигит. Ал менин Кыргызстандан, Фрунзеден экенимди билгенде, эски тааныштай ордунан тура калып, кучагын жайып кайрадан көрүшүп: «О, мени тааныган жоксузбу, мен Фрунзеден 1982-жылы күз айында Азия жана Африка өлкөлөрүнүн жаш жазуучуларынын эл аралык жолугушуусуна катышканмын, силердин меймандостугуңарды жана сыйыңарды көргөнмүн, сонун эл, ак калпак белек берип. кен, аны азыр табериктей сактап жүрөм. Чыңгыз Айтматов менен конференцияда жолукканым эсимден такыр чыкпайт. Мен жанына туруп сүрөткө түшкөнмүн,» – деп көпкө дейре сүйлөп отурду. Жакын таанышымды көргөндөй мен да аны ичимден жакшы көрүп калдым, анткени адам баласы кызык жаралган: тиги Бенайшага караганда Бенарус мага жаккансыйт, анткени ал кыргыздын жеринде болуп, кыргыздын тузун татып, абасын жутуп, суусун ичкен. Демек, ал экөөбүздү жакындаштырып турган нан, туз жана суу бар, билген адамга бул өтө маанилүү нерсе. Эгерде мага келечекте башка жерден сириялык жана алжирдик араб жолугуп калса, албетте мен акыркысына жылуураак мамиле кылам, анткени мен анын ыйык жеринде болуп, тузун татканмын, меймандостугун көргөнмүн.

Асыл курбум! Алжирден жазган биринчи катымды аяктайм! Программа боюнча эртеге Алжир шаарын аралайбыз, эстеликтерин көрөбүз. Эмки катымда ошол көргөндөрүм жөнүндө жазам.

ЭКИНЧИ КАТ

Азиз курбум!

Биздин Алжир шаарына келгенибизге үч күн болду. Үч күндөн бери бул атактуу шаарды аралап, анын тарыхый эстеликтерин, архитектурасын, имараттарын, келишимдүү сарайларын, көчөлөрүн көрүп, музейлеринде болдук, жазуучулары менен жолугушуп, пикир алмаштык. Ырасын айтсам, тиги же бул эл, шаар жөнүндө канчалык көп окуп, көп билсең да, өз көзүң менен көргөнгө не жетсин! «Миң жолу уккандан бир жолу көргөнүң артык» – деп илгертеден бери акылман адамдар кийинкилерге бекерден осуят калтырбаса керек. Бекер жеринен байыркы замандан бери эр жүрөк, тайманбас адамдар жылуу мекенин, бейкут жыргал турмушун, үй-бүлөсүн, эл-журтун көп мезгилге таштап, тобокел деп (самолёт, кеме, автомобиль жок мезгилде) эң алыскы жерлерге азаптуу саякаттарга жөнөшүп, дини, маданияты башка элдердин турмушун өз көзү менен көрүп жана билүүнү эңсебесе керек. Адамзат ошол саякатчылардын, содагерлердин баарына ыраазы болуп алкыш айтуу керек, эгерде алар болбосо, башка элдер жөнүндө эч нерсе билбей, дүйнөдөгү эң кыйын эл бизбиз деп эч нерседеп кабары жок жашай бермек.

Эми Алжир шаарынын тарыхына кайрылалы.

Африкадагы дүйнөгө атагы белгилүү Жер Ортолук деңизинин жээгине жайланышкан Алжир шаарынын көчөлөрүн, белгилүү аянттарын жана ар түрдүү базарларын аралап жүргөндө карт тарыхтын улуу беттерин баракта, кандуу жолдорун өзүн басып жүргөнсүп кетесиң. Анткени ар кандай улуу шаарлардай Алжир жети бийик дөбөнүн борборуна курулуп, кылымдар бою өзүнүн жашоосу жана эркиндиги үчүн күрөшүп келген бул байыркы шаардын тагдыры адам суктанарлык жана боор ачырлык. Ар кандай жакшы китептин өзүнүн тагдыры бар деп байыркы римдиктер айткандай дүйнөдөгү өзүнүн жүзү бар ар бир шаардын өз тагдыры бар. Бул көз караштан караганда Алжир шаары Европанын менменсинген шаарлары Париж, Лондон менен даңкы, тарыхый жолу жагынан тайманбай атаандаша алат, анын тарыхы үч миң жылга созулат. Азыркы шаар турган жерге биздин доордон он кылым мурда көз жеткис Сахарада мергенчилик жана мал чарбачылык менен күн көргөн фермерлер кездешип, деңиз боюна үйлөрүн куруп, отурукташат.

Ошол мезгилден бери бул шаарды кимдер гана басып алып, анда кимдер гана өзүнүн зулум өкүмүн жүргүзбөптүр! Мын-да финикийликтер, римдиктер, вандалдар, византиялыктар, арабдар, испандар, түрктөр, француздар бийлик кылышып, ар бири өзүнүн үрп-адатын, салтын, маданиятын, өнөрүн, динин, көз карашын жергиликтүү элге таңуулашып, өз из-дерин калтырышкан. Ошол үчүн Алжир шаарын аралап жүргөнүндө үйлөрүнүн архитектурасынан түрдүү стилдер-дин кошундусунун мөөрүн сезбей койбойсуң. Чет өлкөлүк баскынчылардын Жер Ортолук деңизине көз артышы да ко-кустук эмес. Араб өлкөлөрүндө: «Магриб (Түндүк Африка) – бул касиеттүү чымчык. Алжир – анын денеси, Тунис – он канаты, Марокко – сол канаты» деп баа берилет. «Чымчык-тын бүткүл денеси» – Алжирге баары кызыгышат. Анткени Жер Ортолук деңизинин боюндагы Түндүк Алжир клима-ты жагынан жумшак келип, адам баласынын жашоосуна ыздеп тапкыс жер соорусу, Бир жагынан кышы-жайы көк чөбү куурабаган салкын тоолор, бир жагынан жан жырга-лы, жээгинде алтын кумдары ширелген, күрпүлдөгөн тол-кундары көңүл ачкан, түбүндө ак берметтер толуп жаткан, ар түрдүү балыктарга бай Жер Ортолук деңизи! Бекери-нен бул шаарды корсарлар менен пираттар көп кылымдар бою мекендеген эмес да. Бул шаардын даңкын жаза берсем түгөнгүдөй эмес, досум. Мен ушул жерге келип, экөөбүздүн эң сүйүктүү жазуучубуз, жаш кезибиздеги кумирлердин бири дон Мигель Де Сервантес Сааведранын Алжирде беш жыл адам баласы чыдагыс азаптуу туткунда күн көргөнүн билип, аябай зээним кейиди. Ал бир тууган иниси Родриго менен беш жыл бою испандык армиянын катарында Жер Ортолук деңизинде түрктөргө каршы согушат. Эр жүрөк жаш жигит согуштун эң коркунучтуу жерлеринде болуп, ажалдын оозунда жүрөт, бир нече жолу чабуулга тайман-бай кирип, катуу жарадар да болот. Командирлери анын армиядагы адал кызматын эске алып, 1975-жылы иниси менен Испанияга кайтышына руксат беришет. Жер Орто-лук деңизинде «Күн» деген галлерада сүзүп келе жатып, пираттардын колуна түшөт. Келечектеги улуу жазуучунун коюн чөнтөгүнөн каракчылар коомдо чоң абалы бар дон Хуан Австриялык менен Неаполдун вице-королунун король Филипп II атына Сервантессти мактап жазган катын табы-шат. Ошол кат бир жагынан Сервантестин башына көп азап салат. Алжирдин башчысы грек Гассан паша бул катты оку-

ганда, колубузга дүйнөсү көп, эбегейсиз кунга сата турган сейрек Oisap түшкөн экен деп кубанып, анын башына эң кымбат баа коёт. Экинчи жагынан, бул кат анын өмүрүн сактап калат: тексиз туткундарды көп өтпөй каракчылар баштарын алып салчу. Шордуу Сервантес тууган-уруктары-нын жок дүйнөсүн күтүп, беш жыл ушул шаарда кулчулук-та жүрөт, эң оор иштерди аткарат, адамдардын жаны бир тыйынга татыбагандыгын өз көзү менен көрөт, кор-дукка, шылдыңга чыдабайт, бир колу менен (ал кайсы бир кандуу кармашууда сол колунан мурда эле ажыраган) көк желкесине таштар көтөрүп, жаны кашаят. Эркиндикти баа-рынан жогору койгон, кулчулукка жаны менен багынбаган азамат Сервантес үч жолу деңиз менен качат, бирок колго кайрадан түшүп, кайрадан кулчулук кебетесин кийип, күн көрүп жүрөт. Бир тууган инисинен ошол азаптуу күндөрдө айрылат. Колунда байлыгы жок – ата-энеси, туугандары беш жыл бою эптеп акча жыйнашып, бар тапканын саты-шып, беш жылда араң анын кунун төлөшөт. 1580-жылдын 19-сентябрында адам таанығыстай азган-тозгон, жүрөгүндө айыкпаган тактары бар, каракчылардын унутулгус зулум-дуктарын өз көзү менен көрүп, өз башынан өткөргөн келе-чекте адамзатка өлбөй-өчпөй турган, адам баласына дайым таяныч болуп, оор күндөрдө жакшылыкка үмүттөндүргөн «Дон Кихоттун» (эсиңдеби, сен мени азыркы замандын Дон Кихотусуң деп көп шылдыңдачусуң жаш кезекте) боштон-дукка чыгып, кубангандыктанбы, же дагы эле эркиндикке чыкканына ишенбегендиктенби, жаш баладай көздөрүнө жаш алып, Испанияга багыт алган кеменин палубасында ушул шаарды карап турган дейт. Ошондо келечектеги улуу жазуучу жана гуманист эмнелер жөнүндө ойлонуп, эмнелер жөнүндө түйшүк тартты экен?.. Баса, ошол учурда тайман-бас жоокер Сервантестин көңүлүндө Дон кихот жөнүндөгү чыгармачылык азап жана ой толготуу козголоң тартып тур-ду бекен? Ошол мүнөттө адилеттикти баарынан жогору кой-гон рыцарь адамзаттын чектен ашкан зулумдугу, ачкөздүгү, алтын үчүн жакындарын да сатып кетерин, бийлик үчүн атасын мууздаган таш боорлугу жөнүндө муңканып ойлон-гондур... Эгер билгиң келсе, бул шаардын көчөлөрү менен парктарында атактуу француз жазуучулары Флобер, Мо-пасан, Альбер Камю, Экзюперилер басышкан, айрым чы-гармаларын ушул шаарда жаратышкан. Атактуу француз композитору Сен Сане Алжир шаарына көп келип, Жер

Ортолук деңизинин жээгинде шыктанып, дүйнөгө белгилүү музыкалык чыгармаларын жазыптыр. Атактуу жазуучулар, композиторлор, художниктер жашаган ар кандай шаардын баасы дайыма кымбат жана сүйкүм эмеспи! Ошондуктан четтен келген туристтерге бул шаарда, же көчөдө, үйдө тиги же бул атактуу жазуучу жашаган деп экскурсовод жарыя кылганда, алардын баары аны тегеректешип, кулактарын түрүп каларын көрүп жүрбөйбүзбү, азиз досум.

13-кылымда бул өлкөнү осмондук түрктөр басып алат да, шаардын атын «Аль-Жазаир» (араб тилинче аралдар деген маанини түшүндүрөт) деп коюшат. Бир кезекте азыр сандаган кораблдер турган порттун ар тарабы майда майда аралдардан турган, азыр алар бири-бири менен биригип, эски учурдун элесинен эч нерсе калган эмес. Ар кандай эски шаардын негизин түзгөн уюткусу болот эмеспи. Алжир шарынын уюткусу да, чет өлкөлүк адамдарга ашкере сыймыктанып көрсөтө турган мактанычы байыркы Касба деп аталат. Келген күндүн эртеси үй ээлери бизди атайы Алжирдин ошол эски шаарына баштап барышты. Касба араб тилинде алынбаган чеп, крепость үй. Чынында эле ийри-буйру тар көчөлөрү бар, бийиктиги жарым чакырымдай дөбөнүн бооруна курулган, жогору жакка таш тепкичтер менен көтөрүлүүгө туура келген Касбанын тарыхы кызык, татаал жана кандуу. Бул көчөлөр, жапыс үйлөр тилге келсе, жаралгандан ушул күнгө чейинки эмне деген укмуштай окуяларды баяндап, «Миң бир түндөй» керемет жомокторду айтып бермек. Бизди узатып жүргөн Тахир Бенайша мүнөзү боюнча аз сүйлөгөн, дайыма бир нерсени ойлоп, ошол ойлору менен алек болгондой кебетеси бар. Ал бизди ээрчитип, Касбанын тарыхый үйлөрүн, мечиттери, эстеликтерин көрсөтүп жүрүп, жаш кезинде франдуздук баскынчыларга каршы күрөшүп жүргөндө, ушул жерде жашырынып, изгондой эскерип да өттү. «Сиздердин көзүңүздөргө комсоо, ары чаң баскан жана коркунучтуу түрү бар Касбанын ар бир үйүнө кирип көрсөңүз, анын жашоо үчүн эң ылайыктуу экенин, чоочун адамдар билбеген жашырын уюк көчөлөрү бар экенин билесиз. Бул эски шаарда жалаң алжирликтер жашап, француздар үчүн Касба туюк сыр болгон. Улуттук боштондук согуш мезгилинде бул жер жашырын күрөштүн борбору болгон, биз бул көчөлөрдө жана үйлөрдө өзүбүздү ушунчалык эркин сезчүбүз. Бизди баскынчыларга эч бир

алжирлик адам бул шаарда саткан эмес» – деп сыймыктанып сүйлөдү. Ал бизди атактуу Нфиссанын фонтанына ээртип келип, ал жөнүндө мындай кызыктуу уламышты айтып берди. «Он жетинчи кылымда Алжирди бийлеп турган Хасан дейдин Нфисса жана Фатима деген ай менен күндөн көрк талашкан эгиз кыздары болот. Залим, ичи ушунчалык тар ата Хасан кыздарымды чоочун көз көрүп койбосун деп, аларды эч ким билбеген, көрбөгөн мейманканада камап, бойго жеткенге чейин эч кимге көрсөтпөй өстүрөт. Кыздар конокко барганда да жабык арабада жүрүшкөн, эркек атууу менен сүйлөшчүү эмес, аларды тике карап коюуга да мүмкүнчүлүк алышкан эмес. Он беш жашка толгонго чейин каардуу атасынан башка эркектин жүзүн көрмөк тургай, үнүн угушкан эмес. Бойго жетип, жаштык сезимдери жүрөктөрүнө сыйбай, эркелетүүнү ушунчалык эңсешкен кыздар бук болушуп, камакта өткөн турмушун, залим атасын каргашып, өздөрүнүн тагдырына кейишип, күн сайын көз жаштарын мончок-мончок кылып төгүшчү экен. Күндөр ый менен өтө берет. Бир күнү алар мейманкананын тар терезесинен ак түспөл, келишкен бою бар, сулуу өспүрүмдү көрүшүп ага ушунчалык берилип калышат, бирок ал тигилерди көрбөйт. Күн сайын жанагы жигит бир мезгилде короодон өтүп жүрөт. Кусалыкта азап тарткан шордуу кыздар экөө тең ал жигитти чындап сүйүп, аны улам көргүсү келип, ошол мезгилди дайыма чыдамсыздык менен күтүшөт, анын ким экенин билгиси келишет, бирок такыр мүмкүнчүлүк табышпайт. Алар бир жылча күн сайын ал жигитти бир жолу терезеден көргөнгө гана ыраазы болуп, өздөрүнүн ар түрдүү ширин кыялдары менен алаксытып, таттуу үмүт менен жашап жүрүшөт... Бирок бир күнү ал жигит болжогон мезгилде көрүнбөйт, кыздар караңгы киргенче көздөрүн терезеден алышпай, алмак-салмак карап отурушат. Жок, жигит көрүнбөйт. Ал эртеси, андан кийинки күндөрү да кайрадан көрүнбөй, кыздардын ансыз деле кайгылуу турмушун оорлотуп, өздөрүн муунтуп өлүүгө аргасыз кылат. Мына фонтандын жанындагы таш менен кооздолгон мүрзөдө Нфисса менен Фатиманын сөөгү бар имиш. Алардын ыйык сезимдерин урматташып, дайыма бул жайга жаштар келип, тиги скамейкада көпкө чейин отурушуп, алардын мүрзөсүнө гүлдесте коюшат экен. Фонтандын чоргосунан тынбай тамчылап турган булактын тунук суусу – бул жарык дүйнөгө жаралып, кең турмуштун эбегейсиз жыргалын көрбөй, жар-

кыраган ай менен жылдыздарды, көкмөк чөптүн туланын, шарпылдап соккон Жер Ортолук деңизинип толкундарын көрбөй, жаш жигиттердин махабат тууралуу ырларын укпай, капаска камалып, муңга толгон узун түндөр, узун күндөр менен көзү ачык өтүп кеткен жазыксыз эки кыздын беттеринен кулаган ысык жаштарын элестетет! Башкалар бул фонтанды көргөндө эмнени ойлогонун ким билсин, мага бул фонтан дал ушундай таасир калтырды. Ар бир тамчы суу: «Бизди тирүүлөй көмгөн, турмуштун ажайып жаркын күндөрүнөн айрылткан залим атабыз, каргашалуу доору куруп калсын»– деп боздоп жаткансыйт. Бул фонтан өткөн кылымдарда өкүм сүргөн Чыгыштын деспотнзмине коюлган эстеликтердин эн даанасы болуп калган.

Касбанын тар көчөлөрү менен кыдырып жүрүп, ар түрдүү тилде сүйлөгөн туристтерди көрөсүң: түрдүү мамлекеттерден келген туристтер, меймандар бул көп кылымдарга күбө болгон тарыхый жайды көрбөй кетишпейт экен. «Эгерде Алжирде болуп, Касбаны жакшылап аралабасаң, анда сен бул шаарда болгон эмессиң, анын байыркы тарыхын жана духун тушүнбөпсүң» деп алжирликтер айтышат экен. Анткени Касбада алжирликтердин эң азаптуу турмушу өтүп, кандары төгүлгөн, Касбада атактуу, ыйык адамдар жашап, алардын сөөгү ушул жердеги чоң көрүстөнгө коюлган. Ар бир тар көчөсү, таш тепкичтери, имараттары алжирликтер үчүн ыйык жана жандуу тарых! Эски учурдагы Аль-Жазаирдин архитектурасы өз доорунун социалдык жана этникалык кузгүсү болуп, бербердик, арабдык жана испан-мавритандык стилдер үстөмдүк кылган. Касбанын мечиттерин, кооз сарайларын, тарыхый имараттарын жакшылап изилдеген адам, бул жерде мурда кимдер жашап, кимдер үстөмдүк кылганын оңой эле билет. Ар кандай шаар же имарат адамдар жашаган турак эле болбостон, алар белгилүү даражада тилсиз көркөм тарых экени баамы бар адамга белгилүү эмеспи, азиз досум. Түрктөр Алжирди ээлеп турганда, алар да өздөрүнүн осмон империясынын архитектурасын, деңиз каракчылары, алардын арасында европалыктар өзгөчөлүгүн таңуулашкандыгын бул байыркы шаардын көчөлөрүн аралап жүргөндө байкабай койбойсуң. Кыскасын айтканда, бул шаарда өткөн кылымдарда кимдер гана жашап, кимдер гана үстөмдүк кылбаптыр! Алардын баары архитектурада өз издерин калтырыптыр. Бизге берген маалымат боюнча XVI кылымда Аль-Жазаирде 120

мечит болуптур. Касбанын төмөн жагындагы Жер Ортолук деңиздин кемелер токтой турган атактуу портуна жакын Азаптуулардын аянтынын айланасында бир нече атактуу мечиттер бар экен, алардын ар биринин өзүнчө узун тарыхы бардыгын алжирликтер сыймык менен бизге баяндап берди. Өзүнүн эски шаары, эч кимде жок, кайталангыс архитектурасы, тарыхый эстеликтери бар эл кандай сыймыктуу жана башка элдердин алдында канчалык сөзү өктөм чыгат. Дүйнөгө белгилүү шаарлары жана тарыхый эстеликтери бар элдерде болгонунда, эмне үчүн биздин байыркы бабаларыбыз мал чарбачылык менен, жоокерчилик менен күн көрүп калганына, алардын алдыңкы элдердин шаар куруп, имарат салган өнөрүнө кызыкпаганына өкүнөсүң, досум. Сени билбейм, мен башка элдердин атактуу шаарларын көргөнүмдө, кыдырганымда, дайыма бул жагынан кемсинип: «Эмне үчүн? Эмне үчүн?» деген суроолорду өзүмө улам-улам берем, элибиздин карт тарыхынан жооп издейм.

Касбадагы эң байыркы мечит – Джамаа аль-Кебир, аны кыргыз тилине которсок Чоң мечит, 1496-жылы курулуп, ушул мезгилге чейин муңбай не бир тарыхый дооролрду башынан кечиргенин узартып айтып отуруунун зарылдыгы жок бул катымда. Андан алыс эмес, азыркы архитектуралык мүнөздө салынган бийик үйлөрдүн бет маңдайында апак таштан курулган, Азаптуу аянтта көзгө даана көрүнүп, ар кандай чоочун адамдын көңүлүн өзүнө бурган мечит Джамаал-аль-Джадил Балыкчылардын мечити 1660-жылы түрк аңчылары деңиз каракчыларынын колдоруна түшүп, кулга айланган европалыктар курган имиш. Уламышка Караганда, мечит курулуп бүткөндө кургандардын баарынын башы алынып, бул аянтта адамдын каны суудай аккан дешет. Анткени алар мечитке жашырын түрдө караорнотушкан имиш. Ошон үчүн алардын баарын аңчылар курмандыкка чалган деген уламыш эл оозунда ушул убакка чейин айтылат экен. Жалганбы, чынбы эч ким билбейт. Өздөрүнүн мусулман динин баарынан жогору койгон дин фанатиктеринен андан да ашкан залимдикти күтүүгө болот. Ал эми мечитте, ар бир жума күнү намаз окулуп бүткөндөн кийин түрктүк залимдер эч күнөөсүз адамдарга өлүм жазасын чыгарып, алардын баштары ушул жерде алынып турган дешет. Ушул мечит турган Азаптуулардын аянтынын каршы тарабында кыйрап бүткөн Аль-Бирини мечитинин орду

турат. Бул мечиттин да тарыхы кызык. Аны 1623-жылы улуту италиялык адам Бирини курдуруп, ага өз ысмын койдуруптур. Бирини Алжирге келип, мусулман динин кабыл алып, көп жыл корсар болуп, Жер Ортолук деңизинде каракчылык менен атагы чыгат, эсеп жеткис дүйнө, алтын, көөхар, ак берметтер жыйнап, бак-дөөлөтү ашып-ташып турганда, тарыхка атым калсын деп ушул мечитти курдурган экен... Деги адам баласынын кылган ишинин маанисин жана түбөлүктүүлүгүн түшүнүп болбойт, досум, ушуну көп ойлонуп кээде башың катат. Адамдарды чымчыктай мууздап жүргөн каракчылар да, өздөрүнүн кечирилгис күнөөсүн билип, «аркы дүйнөнүн» каарынан коркуп, жан соогалап, кудайга жалынып, мечит курушкан. Алжирде мурда басып алган испандыктар, түрктөр алардын тарыхый эстеликтерин, ыйык мечиттерин көз көрүнөө талкалашпай, аларга кошумча жаңыларды курушса, француздар Алжирди басып алгандан кийин кээ бир мечиттерди кыйратып жиберишкен. Азыр асман тиреп турган көп этаждуу имараттардын ордунда бир заманда Сиди-Салем жана Аль-Мессона деген мечиттер бар болчу дейт. Касбага боюн тиреп турган атактуу Кечава мечитин француздар мусулмандардын каршылыгына карабай католиктердин соборуна айлантышкан. Албетте, бул мусулман динин ыйык көрүп, күндө бул мечитке келип, кудайга сыйынган мусулмандардын ишеничин, ар-намысын кордоо болуп жергиликтүү элдин чет өлкөлүк баскынчыларга болгон жек көрүүсүн ого бетер күчөткөн. Тарыхтан билебиз: айрым учурда ар кандай дин улуттук боштондук согуштарда оң роль ойноп, баскынчылардын азабын көрүп жүргөн элдерди бириктирип, алардын таламын талашат. Ошол сымал, ислам дини да француздар Алжирде үстөмдүк кылып турганда, жергиликтүү элдин туусу болгон. Ал жөнүндө эмки катымда кеңири токтолом. 1962-жылы Алжир калкы жүз жылдан ашык кандуу күрөш жүргүзүп, баатырдык даңк менен улуттук боштондукка ээ болгондо, Кечава мечитин мусулмандарга кайтарып берип, алардын кылым бою эңсеп жүргөн көксөөсүн кандырган. Биз бул мечиттин ичине кирип, бир аз турдук. Мечиттин чоң имамы менен сылык учурашып, мечиттин тарыхын сурадык. Азыр мечитте күндүз балдар окушуп, башка учурларда адамдар келип, намаз окушат экен. Ырасын айтсам, Касба, анын кайгылуу тарыхы, өзүнчө кызык, өзүнчө сонун архитектурасы мага чоң таасир калтырып, көп нерселерди ойлонтту,

азиз досум! Алжирликтер Касбаны улуттук ыйык жер катары эсептешип, аны келечек муундарга калтырыш үчүн чоң аракеттер жасап жатышыптыр. Кийинкн он-он беш жылдар ичинде бул эски шаарда жашаган адамдардын баардыгы жаңыдан салынган үйлөргө көчүрүлөт экен да, Касба түп тамырынан бери реконструкцняланып, байыркы калыбына келтирилип, музей шаарга апланат экен! Өзүнүн эски тарыхын, эски шаарларын, көчөлөрү: эстеликтерин, бактарактарын сыйлап баркына жеткен эл гана мурдагыларын келечек муундарга тартуулай алат! Эсимде, мындан он жыл мурда Вильнюс шаарына барып, литвалыктардын өздөрүнүн байыркы шаарына ушунчалнк этият мамиле кылганына суктандым. Алар эски шаардын бир дагы кирпичин бузбай, мурдагы калыбында калтырыптыр, эски үйлөрдү кайрадан реконструкциялап, жаңы көрк берип, кайсы жылы курулганын бет маңдайына жазып коёт экен. Анткени, ар бир архитектуралык мааниси бар эски үйлөр, имараттар тарыхый акыл-эс болуп, өткөн мезгилдин жандуу тарыхы жана ишенимдүү күбөсү болот. Ал эми тарыхый эстеликке балта чабуу – бул, сылык айтканда, жапайычылык менен барабар.

Алжир шаарын күн сайын аралап көрүп, өткөн жаңы бүгүнкү тарыхы менен таанышып, абасына көнгөндөн кийин, бул атактуу шаар географиялык жактан эң сонун жерге жайланышканын баамдайсын. Алжир Жер Ортолук деңизинин боюнан башталып, Журджури дөбөлөрүн карай ыктап отурат, шаардын тегерегинде көкмөк туландуу тоо кыркалары алыстан шаңкаят! Касбадан тартып эсептегенде, Жер Ортолук деңизин бойлото курулган шаардын узундугу жыйырма чакырымга жетет экен. Алжирди өз учурунда башкарышкан испандыктар да, түрктөр да өздөрүнүн улуттук архитектурасынын изин калтыргандай, француздар да жүз кылымдан ашуун мезгилде өздөрүнүн архитектуралык стилин жана өзгөчөлүгүн калтырганын оңой байкоого болот. Каражатты аябай курган турак үйлөрдү, имараттарды, ак сарайларды, музейлерди көргөн адам француздук баскынчылар бул шаарда түбөлүккө калабыз, мындан эч качан кетпейбиз, дешип ниеттенгенин сезбей койбойт. Учурунда алар Алжир Парижден кийинки экинчи биздин көрктүү шаарыбыз деп ашкере мактанышкан, ошон үчүн «улуттук» экинчи шаарды көрктөндүрүш үчүн каражаттарды аяшкан эмес. Ырасында француздун бай төбөлдөрү бул шаарда эн сонун имараттар, фонтандар курушуп, Жер Ортолук деңизинин

боюна сонун, кымбат дачалар, виллалар курушуп, шаан-
шөкөт менен өмүр сүрүшкөн. Бирок көк асмандын астында
түбөлүккө сакталган эч нерсе жок эмеспи. Эр жүрөк алжир
калкы чет өлкөлүк үстөмдүккө чыдабай, кылымдар бою
азаттык жана эркиндик үчүн күрөшүп, эч качан токтобогон
кандуу кармашууда эмне деген эрдиктерди жана туруктуу-
лукту көрсөтүшкөн эмес! Биз Алжирге келгендин эртеси
бул жердеги биздин өлкөнүн посолу Василий Николаевич
Таратута кабыл алып, Элдик-демократиялык Алжир ре-
спубликасынын өткөн тарыхы, француздук баскынчыларга
каршы жүргүзгөн даңктуу күрөшү, маданияты, экономи-
касы, Советтер Союзу ар дайым алжир калкынын адилет
күрөн» активдүү колдоп, эң кыйын мезгилинде чоң жардам
бергении кыскача баяндап келип: «Алжирликтер өтө ар-
намыстуу, сыймыктуу эл. Алар өздөрүнүн даңктуу баатыр-
дык тарыхы менен сыймыктана алышат, аны силер эл ара-
лап жүргөнүңөрдө сөзсүз байкайсыңар» деп айткып. Биздин
посол айткандай, Алжир калкы өзүнүн өткөргөн улуу тары-
хы, азаптуу жолу, баатырдык күрөшү менен сыймыктануу-
га толук акысы бар. Эсиңдеби, мындан он сегиз жыл мурда
«Молодая Гвардия» басмасынан «Мыкты адамдын өмүрү»
деген сериядан жарык көргөн өткөн кылымда алжир элинин
француздук баскынчыларга каршы улуттук кыймылдын
жетекчиси, легендарлуу баатыры Абд-аль-Кадыр жөнүндөгү
Ю. Оганисьяндын китебин экөөбүз талашып окуп, ал киши-
нин акылына, эр жүрөктүүлүгүнө суктанып таң каларлык
жоруктарына баш ийгенбиз. Эгер билсең, ар бир алжирлик
имам Абд-аль-Кадырды пайгамбардай көрүп, анын арбагы-
на күндө сыйынышат экен! Алжир шаарында ага коюлган
келишкен эстелик көрдүм да, бирге жүргөн сапардаштарым
менен жанына барып, баш кийимибизди алып, таазим этип,
сый көрсөттүк. Атактуу баатыр аргымак атын ооздуктап,
колундагы курч кылычын шилтеп, душмандарга айкырык
салып баратkан каардуу сүрү менен турат. Алжирликтер да,
чет өлкөдөн келген адамдар да бул эстеликке кайрылбай
кетпейт экен. Алжир шаарында Абд-аль-Кадырдын атында-
гы аянт, чоң көчө, ак сарай бар экен. Алжир эли элүүнчү
жылдары француздук баскынчыларга каршы кандуу согуш
жүргүзүп жатканда, биз экөөбүз азиз досум, студент элек,
колубуз бошой калганда шаардагы китепканага келип, ар
түрдүү журналдарды, газеталарды үзбөй окуп, жатаканага
кеч кайтар элек. Келе жатканда ээн кече менен пияда кай-

тып, окугандарыбызды ортого салып, пикирдешип, кээде
талаша кетчүбүз. Эсиңдеби: ошол кездерде бүткүл дүйнөгө
атагы чыгын, өзүнүн кайраты жана туруктуулугу менен ак
ниет адамдардын урматтоосуна ээ болгон алжир элинин атак-
туу баатыр кызы Жамиля Бухиред жөнүндө басма сөздөрдө
эң кызыктуу кабарларды окуп, эрктүү кызга суктанып, ага
арнап экөөбүз тең ыр жазып, анан кимибиздики жакшы деп
талашып, кызыл чеке болгонбуз. Чынында эле Жамиля Бу-
херед алжир элинин сыймыктуу кызы болгон. Мен келген
күндөн тартып эле аны менен мүмкүнчүлүк болсо жолугуп,
аңгемелешким келди. Бирок алжирлик достор сылык гана
жооп беришин, менин өтүнүчүм эмне үчүндүр аткарылбай
жатты. Мен аябай тың калдым. Эки-үч күндөн кийин мага
Тахир Бенайша Жамийла жөнүндө мындай деди: «Албет-
те, сизге айтпай эле койсом болот эле, бирок сиз улам-улам
сураганыңыздан кийин жашыргым келбейт. Жамийла Бу-
хиред улуттук сыймык, андан да жогору турат, ал биздин
алжирдик Жанна Арк. Өкүнө турган нерсе, ал биз женишке
жеткенден кийин французга күйөөгө тийип, биздин улут-
тук ар-намысыбызды басып, өзүнүн урматын калк алдын-
да пастатып алды. Алжир эли анын бул жоругуна катуу
кейиди. Ырас ал француз күйөөсү менен ажырашып, азыр
алжирликке чыкты, бирок элдин жүрөгүндө катуу так кал-
ды». Аял затынын таламын дайыма жаны күйүп талашкан
биздин делегациянын мүчөсү Аллаханум Ахундова бул кай-
гылуу баянды угуп, өзүнүн макул эместигин айтты: «Тахир,
мен сиз менен макул эмесмин, эмне үчүн аял заты өзү ка-
алаган, же сүйгөн башка улуттун өкүлүнө күйөөгө чыкса,
аны биз айыпташыбыз керек» – деди кызууланып сүйлөп.
Адатта көп сүйлөгөн, кара каштарынын астындагы көздөрү
менен адамдын ички сырын дайыма билип турган Тахир
Бенайша папиросту шашпай соруп, моокуму кангандай көк
түтүндү булатып, жай жооп берди. «Мадам, Аллаханум –
сиз алжирликтер – деди оң колун серпип,– наадан деп ту-
расыз го. Албетте, мен Сиздин аялдык ар-намысыңызды,
тилектештигиңизди жогору баалайм жана түшүнөм. Ошент-
се да, аял затын биз эркектер эч качан түшүнгөн эмеспиз,
аял – бул дайыма сырдуу табышмак. Жамиля Бухиред –
эгер билсеңиз аял эмес, ал аялдан алда канча жогору ту-
рат, ал алжир улутуна таандык. Согуш учурунда ал биздин
ыйык туубуз болгон, анын аты менен канча жигиттер чабу-
улга кирип, канчасы анын атын атап курман болгон. Мен

Жамиля жөнүндө биринчи макала жазып, андан соң аның аты дүйнөгө угулган. Сүйүүдөн башка, элдин ар-намысы болот» деди. Аллаханум өзүнүн макул эместигин айтып, башка мисалдар келтирди. Мен: бул Шекспирдин талантына ылайык келген тема экен, мында чоң трагедия жатат. Бир жагынан махабат, аны да жеңүү кыйын, экинчи жагынан өз элиндин ар-намысы,– деп айттым. Жамилия Бухиреддин оор тагдыры, ички драмасы мени абдан кейитти, ырасын айтсам, бул талаш-тартыштан кийин алжирлик досторго Жамилия менен жолугам деп маселе койбодум, өзүм дагы эмне үчүндүр маанайым пас болуп, кимдир бирөө мени көз көрүнөө кордогондой болдум. Ошон үчүн кыргыздар: «Батырдын атын алыстан ук, жанына барсаң бир киши» деп бекер айтпаса керек.

Биз ар кандай шаарда, албетте, кайталангыс көркү, архитектурасы, келишкен бульварлары, парктары, театрлары, элинин меймандостугу, данктуу тарыхый окуялары үчүн сүйөбүз жана урматтайбыз. Ошондой эле ар кандай шаарды анда кандай атактуу адамдар жашап, кандай чыгармалар жараткан, кандай эрдиктер жасап, илимге кандай салым коштондугу үчүн сүйөбүз. Ленинград менен Москва өздөрүнүн эң сонун архитектуралары, музейлери, театрлары менен эле биздин жүрөккө жагымдуу эмес, алардын көчөлөрүндө учурунда Пушкин, Грибоедев, Лермонтов, Гоголь, Белинский, Герцен, Толстой, Достоевский, Чехов, Горький, Маяковский, Блок, Есенин, Фадеев, Ахматова, Твардовский, Симоновдор басышкан, алар ушул шаарда жашап эмгектенишкен, сүйүшкөн, достошкон, касташкан – ошол үчүн бул шаарларды өзгөчө сүйүп, өзгөчө кымбат көрөбүз. Алма-Ата шаарын Ауэзов менен атактуу ырчы Гүлшайыр Байсеитова жашагандыгы үчүн өзгөчө жакшы көрөм. Бул шаарга 1882-жылы жай айларында Карл Маркс келип, эки ай жашагандыгын кокустан Тахир Бенайшадан укканымда, ал мага ушунчалык жакын жана сүйкүм көрүнгөндүгүн айтпай эле кой! Адамзаттын даанышманы врачтардын кеңеши боюнча Жер Ортолук деңизинин климаты ден соолугуна жардам болот деп келиптир. Ал ушул Алжир шаарынын көчөлөрүн аралап жүрүп, арабдардын оор абалын, баскынчылардын зулумдугун өз көзү менен көрүптүр. Өзүнүн кызы Женни Лонгеге жазган катында: «Эгерде ден соолугум жакшы болуп, менин жанымда мага жакын жана сүйкүм адамдарым

болсо, анда Алжир шаарында, анын айланасында жаз, жай айларында өзүмдү «Миң бир түндөгүдөй» сезмекмин» деп арман кылып жазыптыр.

Алжир шаары негизинен француздар үстөмдүк кылып жаткан мезгилде же кечкурун иштен кайткан мезгилде көчөлөрдүн тардыгынан машиналар өз ордунан бир саат жылбай, кезек күтүп тура берет, шашып бараткан адам болжогон жерине кечигип барат. Биздин посольствонун кызматкерлери эртең менен жумушка жөнөгөндө жөө кетебиз, транспортко ишенсең ара жолдо каласың дешет. Ал турмак биздин посол (машинасынын алдында өлкөнүн кызыл тусу сайылып тургандыгына карабастан) айрым учурда кезек күтүп турууга мажбур болот экен, азырынча метро жок, шаардын калкынын саны үч миллиондон ашат. Бүткүл шаарды талкалап, кайрадан куруу мүмкүн эмес, бирок жол табуу керек. Шаардын экинчи оор маселеси калк иче турган суунун запасы жетишпейт, тегеректе чоң дарыялар аз, жер астынан алынган суулар улам азайып барат имиш, борборду башка жакка көчүрүүгө мүмкүн эмес, анын үстүнө көчүрүп бара турган суусу мол жер да жок дешет. Ойлоп отурсаң, дүйнөдөгү чоң шаарлардын чечүүгө мүмкүн эмес проблемалары толуп жатыптыр...

Меймандос алжерликтер борбор шаарда көркөм өнөрүнүн, балдар чыгармачылыгынын, байыркы замандын – «Бардонун», антикалык замандын музейлери бар, кайсынысына барууну каалайсыңар дегенде, баарын көрүүнү эңседик, бирок айла канча, программа өтө тар болгондуктан, ары ойлонуп, бери ойлонуп, биз «Бардонун» музейин тандап алдык. Машинада ийри-буйру көчөлөр менен сапар тартып отуруп, көздөгөн музейге да жетип келдик. Ал кылымдарга күбө болгон байыркы пальмалар менен кучак жеткис платандардын ортосуна жайланышыптыр. Сырттан карасаң анча көзгө урунбайт, бир караган адам эл жашаган турак жай, чоң короо экен деп ойлойт. Ырасында эле, бул ажайып ак сарайда бир кезекте алжердин эң акыркы дейи Хуссейн пашанын чардап жашаган жайы болуп, ал мынабу суусу туптунук фонтандын секичесинде күнү-түнү чалкалап жатып, өзүнүн гареминдеги сулуу кыздарды бет маңдайына тизип коюп, көңүлүнө жакканы менен сейил курган. Биз аралап өткөн эки адам беттешсе, араң кысылып өткөн караңгы коридорлордо эмне деген залимдиктер болуп, эсеби жок пенделердин баштары алынган дейт! Биз бул музейди

алжир элинин байыркы кол өнөрлөрүн, таш доорундагы ар-
түрдүү куралдарын, Сахара чөлүнүн тоолорунун аскаларын-
на жазылган таң каларлык сүрөттөрдү көрдүк. Музейде төө-
кушунун эбегейсиз чон жумурткасын өз колум менен кар-
мап көрүп, аябай таң калдым. Адам баласы таң каларлык
кызык жаралган, Азиз досум! Ал кайсы жакка барбасын,
башка элдердин турмушун, үрп-адатын, салттарын, адаби-
ятын, искусствосун, деги көзгө урунган өз элинин көзү ме-
нен карап, дайыма кандайдыр окшоштуктарды да издейт.
Ойлоп көрсөң; алжир менен кыргыз калктарынын ортосун-
да өткөн заманда этникалык, тарыхый байланыштар эч ка-
чан болгон эмес. Мен ушул музейдин дубалынын боорунда
биздин комузга окшош, жыгач музыкалык аспапты көрүп,
анын жанынан көпкө жылбай тура бердим. Ошол мезгилде
кулагыма ушунчалык жакын, көңүл эргиткен Токтогулдун,
Карамолдонун, Ыбрайдын, Атайдыш, Мусанын күүлөрүн,
ырларын угуп жаткансыдым, досум. Мүмкүн ишенбессин,
ишенбесен өз эркиң: мен сага ыманымдай сырымды жа-
зып жатам. Бул музыкалык аспаптын бир айырмасы «үч
эмес, бир эле кыл экен. Бизди баштап жүргөн экскурсовод-
дон анын атын сурасам, аты гамбар дегенде, ар түрдүү ойго
кеттим. Биздин элде комуздун жаралышы Камбаркан деген
адамдын ысмы менен байланышкан, ошон үчүн кыргыздар
«Күүнүн башы Камбаркан» деп айтып жүргөнү да ошол се-
бептен. Эч кандай бир-бири менен тарыхый, соода жана эко-
номикалык байланыштары болбогон элдерде ушундай ок-
шош буюмдар кезиккенде, анан кантип таң калбай коёсуң!

Баатыр алжир элинин 1954–1962-жылдардагы фран-
цуздук колонизаторлорго каршы улуттук эркиндик үчүн
жүргүзгөн тайманбас күрөшүн дүйнө жүзү жакшы би-
лет. Алжирликтер бул адилеттик күрөштө курман болгон
эр азамат баатырлардын ысымдарын жүрөктөрүндө ыйык
сакташып, алар жөнүндө акындар ырлар, дастандар, жа-
зуучулар романдар, повесттер жазышып, ардакташат экен.
Алжир шаарынын көчөлөрү, аянттары ошол баатырлардын
аттарына коюлуптур. Алжир шаарынын кайсы жеринен
карасаң, көзүңө шаңкайып көрүнгөн бир керемет эстелик
бар! Ал эстелик шаардын эң бийик дөбөсүнө курулуп, би-
ринчи келген адамдын көңүлүн өзүнө бурбай койбойт. Мен
Алжирге келген күнү аэропорттон келе жатканда, алыстан
эле бул эстеликке көңүл буруп, жанымда отурган алжир-
ликтен сурасам, ал француздарга каршы жүргүзүлгөн бош-

тондук согушунда курман болгон жоокерлердин урматына
коюлган, аны сөзсүз сиздерге көрсөтөбүз деген. Эми кезек
келип, биз ошол граниттен тургузулган узундугу жүз отуз
метр эстеликтин астында турабыз. Ал эстеликтин жанында
күнү-түнү, жайы-кышы дебей жаракчан сакчылар какай-
ып турат экен. Биз дагы баш кийимибизди алып, бул эсте-
ликке таазим этип турабыз. Бул эстеликтин алдында туруп
1830-жылдан бери өзүнүн улуттук эркиндиги, ар-намысы
үчүн күрөшкөн эр жүрөк алжирлик уул-кыздарды урмат
менен эстедим. Ушул жерде туруп, алжирдин өткөн заман-
дагы улуттук боштондук күрөшүнүн улуу көсөмү Абд-аль-
Кадырдын даңктуу өмүрүн, 1954–1962-жылдардагы алжир
элинин даңктуу күрөшүнүн атактуу көсөмдөрү: Алжир эл-
дик демократиялык республикасынын биринчи президенти
Бен Белланын жаркын жүзүн эстедим: биз анда жаш элек,
курбум, дүйнөнүн ар түрдүү континенттеринде улуттук бош-
тондук күрөшүндө такшалган, империализмге чечкиндүү
каршы чыккан легандарлык аттары бар Фидель Кастро, Че
Гавара, Абдель Насер, Бен Белла өлкөлөрүнүн өкмөтүнүн
башына келип, биздин өлкө менен достошуп, биздин өлкөгө
келишип, эң жалындуу, эң адилет сөздөрүн сүйлөгөндө, биз
радиодон кулагыбызды албай тыңшаганыбыз, толкунданга-
ныбыз эсимден кете элек! Ал кезек, ойлоп көрсөм, биздин
жаштык кездин укмуш доору экен!

Бул эстеликти Алжир өкмөтү 1982-жылдын 5-июлун-
да салтанаттуу түрдө ачып, ошол күн алжир калкынын эң
шандуу, кубанычтуу күнү болуптур! Өзүнүн улуттук бош-
тондугуна жетип, бул кандуу согушта бир миллиондон
ашык курман болгон жоокерлеринин урматына койгон эсте-
лиги үчүн эл бир жагынан сыймыктанып кубанышса, бир
жагынан баары ошол улуу күрөштө көз жумган жакында-
рын эстеп, аябай көз жаш төгүшүптүр! Ошол эстеликтин бо-
орунда төмөнкүдөй жалындуу сөздөр жазылып турат: «Ата
журттун эркиндиги үчүн кан төгүп, анын ар-намысын сак-
тап курман болгондорго бул ыйык жердин топурагы торко
болсун!» Бизге алжирлик достор элдик кол өнөрчүлөрдүн
өнөрканаларын көрсөтүштү. Алжирдик өкмөт улуттук
өнөрлөр унутулбай, кайрадан өнүгүшү үчүн атайы шарттар
түзүп, шаардын эң кооз жерине музей куруптур. Биз анда
элдик чеберлер ар түрдүү буюмдар жасап жатканын көрдүк.
Мен бул жерден кадимки биз билген таарды көрдүм. Жаш
келин баш көтөрбөй таар согуп жатат. Анын соккон кезде-

мелеринен жасалган улуттук көйнөктөр, чапандар, кол сумкалар ошол бөлмөдө илинип, келген адамдын көңүлүн өзүнө бурат. Бул жерден колу алтын зергерди көрдүм. Карыя сесен жашка чыгыптыр: анын түп атасы баары зергерлик менен оокат кылып, күн көрүптүр. Ал дагы өзүнүн эки уулуна, үч небересине өзүнүн өнөрүн үйрөтүп жатыптыр. «Ким өнөрүн өз балдарына калтырса, ал пенде эч качан өлбөйт» деген арабдын макалы ушул жерде кылт этип эсиме түштү. Азырынча кош, досум. Эмки катты эки-үч күндөн кийин жазам.

ҮЧҮНЧҮ КАТ

Азиз курбум!

Кат жазбаганыма эки күн болду, биз дагы эле Алжир шаарындабыз, анын өзүндө жана тегерегинде саякат жасап жүрөбүз. Бүгүн биз биринчи жолу Алжирдин сыртындагы, борбордон кырк чакырым алыстыктагы өз Ата журтунун эркиндиги үчүн болгон адилет согушта курман болгон улуттук баатыр Фархад Абдель Кадырдын ысмындагы айылдык ферманы атайы барып көрүп кайттык. Айыл чарбалык жетиштерди эккен чарба 1963-жылы түзүлуптүр. Ал убакка чейин французлар бул жерге кожоюндук кылышып, асыл жердин мол түшүмүн өздөрү каалагандай бөлүшүп алчу экен. Азыр бул жерде элдик коммуна бийлик жүргүзүп, жер байлыгын өздөрү башкарат экен. Ферманын контрасында бизди чарбанын раиси (аларда дал ушинтип аталат экен) Али Лашаб жолдоштору менен күтүп турушуптур. Ал элүүлөрдөн ашып калган, арыкчырай, кырдач мурду бар, мурутун ак аралаган, улам сүйлөгөндө он колун улам селкилдеткен чыйрак адам экен. Өзү ата-бабасынан бери ушерлик экен, жаш кезинде колуна курал кармап, партизандардын катарында улуттук боштондук согушка шымаланып катышыптыр. Он жылдан бери ушул чарбанын раиси экен. Бул чарбада цитрус жемиштери помидор, бадыраң, картошка, сабиз, пияз, калемпир өстүрүлөт экен. Аба ырайы жыл бою жылуу болгондуктан, бул жерде жылда помидордон үч жолу, бадырандан эки, калемпирден үч, картошкадан үч жолу түшүм алууга үлгүрүшөт экен. Күндүн ысыктыгына карабай, бул жерде ар бир гектардан сегиз жүз, миң центнерден түшүм, бадырандан алты жүз, сегиз жүз центнер түшүм жыйнашып, мамлекеттик диванга өткөрүшөт экен.

Бул чарбада тоок фермасы да кармалып, бир жылда сексен миң тоок өстүрөт экен. Алар жөжөлөрдү мамлекеттен алышып, 60–65 күн багып, салмагын эки килого жеткирип, кайра мамлекетке тапшырабыз дешти. Бул чарбада 70 чакты туруктуу жумушчу, ошондой эле сезондук жумуштум талабына ылайык келип-кетме жумушчулар да бар экен. Жумуштун кызуу мезгилинде жумушчулардын бир бөлүгү ушул жерде калып калышат, ал эми калгандары бир чакырым алыстыктагы айылдарына барып келип иштешет экен. Жумушчулардын бир айлык акысы 2000 динарга (биздин бир сом алжирдик он алты динарга баалап келет) жетет, жылдын аягында дагы кошумча пул алышат экен. Бирок айылда жашаган чарбачылдар өз менчигинде уй, кой жана эчки кармабайт экен. Эмне үчүн,– деп кызыгып сурасак, раис ишенерлик жооп айталбады.

Советтик жазуучулардын Алжирге барган өкүлдөрүнүн негизги максаты – эки элдин ортосундагы адабий кызматташтыкты дагы бекем чыңдоо, алжирдик жазуучулар менен бетме-бет жолугуп, «ийри отуруп, түз кеңешүү», азыркы учурдагы ак ниет жазуучулардын тынчтык, гуманизм үчүн болгон күрөшүн, империализма каршы багытын күчөтүү, ошондой эле, совет өкмөтү жүргүзүп жаткан лениндик тынчтык саясатын айгинелөө, советтик адабияттын гуманисттик миссиясын түшүндүрүү болчу. Биз биринчи келген күндөн тартып эле алжирдик досторго өзүбүздүн ак тилегибизди, ошондой эле, алжир эли француздук баскынчыларга каршы баатырдык кандуу согушун жүргүзүп жаткан кыйын мезгилде совет калкы дайыма ал тарапта болуп, өзүнүн айкын позициясын эл аралык аренада ачык айтып, конкреттүү жардамын көрсөткөнүн билдирдик. Биз кайсы жерде алжирликтер менен аңгеме курбайлы, алар да элинин кыйышпас достугун, дайыма алар менен бир болгондугун бизге жашырышпай, чын ыраазылыгын билдирип жатышты. Биз Алжир журналисттер, жазуучулар жана котормочулар союзунда атайы болгонубузда, өзүбүздүн бул пикирибизди ортого салып, ошондой эле, алжирдин көрүнүктүү жазуучуларынын, акындарынын чыгармалары орус, украин, казак, грузин, азербайжан, кыргыз тилдеринде эбак которулуп, биздин окурмандарга кеңири белгилүү экендигин, өзгөчө Алжирдин атактуу жазуучулары: Мухамед Дибдин, Малек Хаддаддын, Ваттар ат-Тахирдин, Рашид Буджедранын, Катеб Ясиндин, Мулуд Маммеринин, Мулуд Фераунанын

романдары, повесттери, ырлары, поэмалары Советтер Сою-
зунун көпчүлүк элдеринин тилдерине өз учурунда которул-
гандыгын, алардын чыгармачылыгы тууралуу Москва менен
Ленинград, Киев жана Ташкент өндүү эң ири илимий борбор-
лордо гана эмес, бардык союздук республикаларда чыныгы
кызыгуу, ынтызарлык күчөп жаткандыгын атайы белгилеп
өттүк. Мен кезеги келгенде, кыргыз тилине Мухамед Дибдин
«Чоң үй» романын 1958-жылы белгилүү котормочулар Кал-
мак Саякбаев менен Дардайыл Сулайманкулов которуп, бул
чыгарма окурмандарга кеңири тарагандыгын, ошондой эле
Француз жазуучусу жана коммунист Анри Аллегдин «Жо-
окерлер туткунда» повести, алжирдик акындар Жамал Ам-
ранинин, Надиа Гендуздун, Жан Сенактын, Зехор Зерани-
нин, Каддурм Хансаджинин айрым ырлары кыргыз тилине
которулганын, бир боордош Тажикстандын академиясынын
«Илим» басмасында адабиятчы Ибаррури Раджабованын
Мухамед Дибдин «Алжир» трилогиясын изилдеген илимий
монографиясы 1966-жылы жарык көргөндүгүн, биздин чоң
борборубуз Москвада африка адабиятынын көрүнүктүү би-
лермандары Ирина Никифированын «Африкалык роман»,
Я. Джугашвилинин «Азыркы алжир романындагы «шум-
дуктуу окуя» жана реалдуулук» өндүү монографиялары жа-
рык көргөндүгүн санап өттүм. Алжирдик достор өздөрүнүн
өлкөсүндө, ошондой эле жалпы арабстанда Лев Толстойдун,
Максим Горькийдин, Михаил Шолоховдун, Чыңгыз Айтма-
товдун чыгармалары кеңири белгилүү экендигин баса бел-
гилешти. Чет өлкөдө жүргөнүндө кичинекей калктын өкүлү
айрым учурда өтө кызык ситуацияга туш келет: ар кан-
дай улуттун өкүлү чоочун жерде өзүнүн Ата журту, анын
даңктуу адамдары, баатырлары жөнүндө сөз кылып, алар
менен сыймыктанат эмеспи! Албетте, бардык жерде эле сен
сыймыктанган адамдарың тууралуу кабардар болсо, төбөң
көккө тийгендей болот эмессиңби. Өкүнүчтүү нерсе; дайым
эле сен көкөлөткөн инсан башка жерде белгилүү боло бер-
бейт, анткени дүйнө ушунчалык кең жана чоң, бардык эл-
дердин атактуу кишилерин билүүгө мүмкүнчүлүк жок. Мен
дайыма чет өлкөгө чыкканымда өзүбүздүн элдин атак даңкы
деп «Манас» эпосу менен Чыңгыз Айтматовду паспорт ка-
тары бетиме тутам. Өкүнө турган нерсе, ушул убакка чейин
чет өлкөдө биздин дүйнөдө теңдеши жок алп эпосубузду ба-
ары билише бербейт, анткени бул гигант эпос орус тилин-
де, ал аркылуу дүйнөнүн башка тилдерине которула элек.

Чет өлкөлүктөргө канчалык кенен айтсам да, эпостун эпсиз
чондугуна бир жагынан таңданып, экинчи жагынан ишене
бербей, башын чайкаган учурлар көп болот. Ал эми Чың-
гыз Айтматов жөнүндө кеп баштаганда эле, чет өлкөлүк
адамдын сага болгон мамилеси кескин өзгөрөт да, ал сага
эң жакын адамдай кайрылып: «Сиз Айтматовдун жердеши
болосузбу, Сиз ал жазуучу менен жакшы таанышсызбы?
Ооба, ал деген дүйнөлүк атагы бар керемет жазуучу го...
Айтматовдун эли эки миллиондой чакан элеби? Чакан элдер
да дүйнөлүк жазуучу жаратканы таң каларлык иш» дешип
түрдүү суроолорду жадырганда, бир жагынан кубангандан
шашып, сөз таппай каласың. Айтматовдун инсандыгы жана
чыгармалары араб дүйнөсүндө өтө кеңири белгилүү экенин
мурда эле билчүмүн. Ал эми өз көзүм менен көрүп, өз кула-
гым менен укканымда мен аябай шерденип да калдым. Мен
Айтматовдун Ата журтунан экенимди айткандымда, ал тур-
мак Хлестаковчо («Пушкин менен сол бутташмын» деп мак-
танганы эске түшөт), Айтматов менен «Сен» деп сүйлөшөм
деп айткандымда, сага досум калп, мага чын, мага алжирлик
жазуучулар илеринки мамиле кылгандай туюлду. Мүмкүн
мен өзүмчө кыялданып жаткандырмын... Алжирдик жазу-
учулар Тахир Ваттар, Тахир Бенайша атактуу жазуучунун
чыгармаларын араб, француз тилинде окушкандыктарын,
анын жазуучулук дүйнөсү чоң гармония экендигин бир ооз-
дон айтышып, келечекте аны менен кокус жолугуп калыш-
са, өздөрүнүн чоң ыклас менен сүйгөндүгүн айтарын билди-
ришти.

Алжирдик жазуучулар менен жолугушканда өздөрүнүн
чыгармачылыгы, турмуш ал ахвалы, алжир адабиятынын
азыркы процесси тууралуу баян жасашты. Мындан беш
жыл мурда журналисттер, жазуучулар жана котормочулар
союздары бир уюмга баш кошуптур. Азыр бул бирикме со-
юзда 256 жазуучу, минден ашык журналист, эки жүздөн
ашык котормочулар бар экен. Ал эми композиторлор, ху-
дожниктер биригип, маданият жана искусство союзун
түзүптүр. Биз театрдын ал-абалына кызыгып сурасак, бор-
бордо эки-үч музыкалык театр бар, бирок драмалык театр
кеңири өнүкпөгөндүгүн, көрүүчүлөр ага аз келгендигин
өкүнүп белгилешти. Жазуучулардын материалдык кызык-
чылыгы төмөн экен. Поэзиянын жалпы тиражы 2000– 3000
минден, прозанын тиражы беш минден ашпайт экен. Мам-
лекет кийинки жылдары басмаларга дотация бербей кой-

гондуктан, китеп өтө кымбат турат. Алжирди'к жазуучулар өз кесиби менен оокат кылып, үй-бүлөсүн камсыз кылуу- га такыр мүмкүнчүлүгү жок, ал сөзсүз түрдө башка жерде кызмат кылууга мажбур болууда. Алжирдик жазуучу үй- бүлөсүн камсыз кылыш үчүн, бир жылда аз дегенде төрт беш китеп чыгарып керек, бирок бул ишке ашпай турган нерсе. Ошондуктан алжир жазуучулары кинодо, телевиде- ниеде жана газета журналдарда кызмат кылышат. Алжир- дик жазуучулардын көпчүлүгү француз тилинде жазышат, кийинки жылдары гана айрым жазуучулар араб тилинде чыгармалар жазышып, эне тилинин ролун көтөрүүдө. Ти- лекке каршы, кийинки жылдары Алжирдин дүйнөгө ата- гы чыккан белгилүү жазуучулары Мухаммед Диб, Рашид Буджедра, Катеб Ясен Парижге көчүп кетишиптир. Сыягы, турмуш аларды ушундай чечимге келүүгө мажбур кылган көрүнөт. – Алжир адабияты кийинки жылдары адамдар- дын ички дүйнөсүнүн татаалдыгына, адамдардын мамиле- леринин чындыгына көп көңүл бурууда. Биз Сиздерди чын жүрөктөн куттуктайбыз жана атайы келгениңиздерге куба- нычтуубуз. Биздин достук чоң күрөштө чыңдалган. Ошон үчүн алжир калкы совет элине өзүнүн чыныгы урматын билдирет. Сиздер келгенде мен Иранда болчумун, атайы Сиздерге жолугуп, пикир алмашуу үчүн өз сапарымды тез бүтүрүп, кайра учуп келдим,– деп алжир акыны Самия Са- дык бизди жылуу сөздөр менен куттуктады. Бул жолугушу- га алжирдин белгилүү акын аялы Надия Гендуз, жазуучу- лар Талиб Бендняб, Фадыль Нубли, Мухамед Лахдар Абдиб, Абдель Азиз Бушвейрат, Ахмед Маннур, Аллява Вахби, Ахмед Рида Хуху, Лайд Бенарус, Тахир Бенайша, Лязир Ашшрифтер катышып, ар бир адабияттын элдер ортосунда- гы достук көпүрөсү экендигин жана чыныгы адабият дай- ыма алсыздар тарабында болуп, гуманизмдин туусун бийик катөрө тургандыгын өзгөчө белгилешти. Бул жолугушууда мага жашы жетимишке жетип калган, араб тилинен фран- цуз тилине эркин которгон, араб тарыхын, адабиятын жана маданиятын терең билген, чоң маданияты бар мандайы жа- рык адам – Тахар Бушуши чоң таасир калтырды. Ал өзүнүн ордун, өзүнүн сезүнүн салмагын баалай билген, башынан көптү өткөргөн, карып калса да аял затына өзгөчө мамиле кылган, ал ошол себептенби, биздин делегациянын мүчөсү Аллаханум Ахундовага көз көрүнө азил айтып, анын сулуу- лугуна, периштедей кебетесине, көздөрүнө, каштарына араб

тилинде ырлар арнап отурган кишилердин көңүлүн өзүнө буруп отурду. Эркектердин көңүлү жалаң эле Аллаханумга бурулуп жаткандарына Надия Гендуздун аялдык ичи тары- дыбы, ал капыстан сиз менин көздөрүм жөнүндө эмне дей- сиз? – деп мага кайрылды. Мен ордумдан тура калып, бул аялдын көздөрүн калп айтпаса беш мүнөттөй жакшы сездер сыпаттап, деги эле мындай көздү эч качан көргөн эмес элем, ушул көз үчүн Алжирде калсамбы деп турам деп оюн-күл- кү менен сөзүмдү аяктасам, отургандар дүрүлдөтө кол чаап, о, мактоо кимге жакпайт! – ай чырайлуу Гендуз хан өзү ба- сып келип, бетимден бир жыттап койгондо, алжир элинин чоң сыйлыгын алгандай болдум деп кыйкырып айттым...

...Ошентип алжирлик достор биздин урматыбызга уюш- турган кечки тамагы көңүлдүү өтүп, биз мейманканабызга көңүлдүү кайттык. Дагы бир нерсени учурунда жаза ке- тейин. Алжир радиосу кечкурун программа боюнча пале- стиналыктардын мамлекеттик гимнин уктуруп, анан авто- маттын атылган каардуу үнү чыгып, жарым саат бул азап тарткан баатыр элинин тайманбас күрөшү жөнүндө кабар угузат экен. Биз келгенден бери күн сайын ушул мезгил- де бул кабарды өтө кызыгуу менен күтөбүз жана угабыз... Алжир шаары тынч болгон менен, анын коңшу мамлекет- теринде бейпилдик жок, алжирдик радио ал жөнүндө күн сайын эскертип, бул региондо, Жер Ортолук денизде согуш- тун кара туманы коюуланып жаткандыгын дүйнөгө кабар айткансыйт. Мен мурда Жер Ортолук деңизинде Америка Кошмо Штаттарынын алтынчы флоту дүйнөлүк каракчы- дай аралап жүрөт десе, анчалык көңүл бурчу эмесмин. Ти- гине Жер Ортолук деңизинде түнкү оттор жаркырап жанып турат, мүмкүн ошол оттор алтынчы флоттун кемелеринин оттору болуп жүрбөсүн. Бул каракчы ушунчалык жакын экендигин ойлосоң... Бул каракчылар өз эркиндигин талаш- кан Палестина, алжир, ливи, ливан элдеринин колтугунда жаракчан турушканын ойлосон... анан кантип, азиз досум, ушул түнү тынч уктайсың...

Биз эсен-аман таң атса, Жер Ортолук деңизин бойлоп, Алжирдин атактуу шаарлары Типпаз менен Шершелльге барабыз...

26-ноябрь күнү эртең менен биз турган мейманканага өзүнүн жеке менчик француздук ситро жеңил машинасын айдап Тахир Ваттар келди. Тахир биздин өлкөдө романдары орус жана башка тилдерге которулган, өзү да биздин өлкөгө

бир нече жолу келип, союзубуздун көпчүлүк шаарларында болуп, элибиздин турмушун, салт-санаасын жана меймандостугун жакшы билген киши экен. Мен бул жазуучунун орус тилине которулган «Туз» жана «...Жер титирөө» деген романдарын өз учурунда окуган болчумун. Алжирдик жазуучулар менен жолукканда ал романдар жөнүндөгү өзүмдүн жакшы пикиримди ортого салып, роман жанрынын өнүгүшүндө советтик чыгыш республикалары Өзбекстан, Казакстан, Тажикстан, Кыргызстан, Азербайжан адабияттары менен араб өлкөлөрүнүн, ошонун ичинде алжир адабиятынын ортосундагы айрым типологиялык окшоштуктар бар сыяктанат деген болчумун. Жолугушуудан кийин Тахир Ваттар өзү келип, менин пикиримди колдоп, экөөбүз таанышкан элек. Ал Азия жана Африка өлкөлөрүнүн жазуучуларынын Алма-Атада өткөн конференциясына катышкан экен, айрым казак жазуучуларынын ысымдарын атап, алар менен жакшы тааныш экендигин, ал турмак көрүнүктүү казак жазуучусу Тахави Ахтановдун үйүндө конок болгондугун да айтып жиберди. Мен Ахтанов менен көптөн бери таанышэкенимди, анын үйүндө кыргыздын белгилүү акыны Омор Султанов менен мейманда болгонумду, ошого байланыштуу бир болгон күлкүлүү окуяны айтканымда, ал аябай ыраазы болуп, жандили менен каткырып күлдү.

Тахир бизге жылмая күлүп мындай деди: – Силер бүгүн менин мейманымсыңар. Силерди биздин чондордон өзүм сурап алдым. Азыр менин арабама түшөсүңөр да, баарыбыз Типпаз менен Шершеллге карай сапар тартабыз – деп бизге жылмайып карады. Биз чын дилибиз менен макулдугубузду билдирип, саат ондо анын машинасына отурдук. Машинаны Тахир өзү айдап баратты, ал шаардан чыккандан кийин, өзүнүн мыкты шофёр экендигин билдирейин дедиби, түптүз асфальт көчөдө жүз чакырым ылдамдык менен бара жатты. Ал арабанын тизгинин чу коюп, бизге өзү жөнүндө, жолдо учураган тарыхый эстеликтер, имараттар, урандылар тууралуу кеп салды. Тахирдин түпкү теги ары тоолук, ары жокер берберлердин тукумунан экен, бирок ал өзү гана эмес, анын ата-бабалары эбак араб дилин, тилин жана маданиятын кабыл алып, эбактан бери алжир болуп, каны-жаны аралашып кетиптир. – Эгерде байыркы римдик жазуучу Апулейди окусаңар, мен ошол жашаган жерде туулганмын –деп көтөрүлө сүйлөп, бизди ынтызарлыкка чакырды. Албетте, биз ошол жерден Апулейдин атактуу романы «Алтын

эшек» жөнүндө кеп козгоп, андагы ар түрдүү кызык окуяларды эске салдык. Тахир бир нерсеге таң калганда же ыразы болгондо, же башка бирөөнүн сөзү, же жоругу жагып калса, ал аны эркелетип «Хайван» (кыргызча айван) дейт экен. Биз Жер Ортолук деңизинин жээги менен зуулдап бараттык, бул күнү асманда кара булуттар калкып, тоолордун башында кар жаап, күн салкын болчу. Мен баары бир бүгүн Жер Ортолук деңизине кирип, анда сүзөм десем, ал мага тан, калгандай кылчая карап «Хайван» деп койду. Биз Зиралда кыштагынан тез эле өтүп кеттик. Бул кыштакта атактуу француз жазуучусу Альберт Камю жашап, көпчүлүк романдарын ушул жерде жазыптыр. Ал алжирлик француз экен, ушул жерде төрөлүп, ушул жерде аты дүйнөгө угулуптур. Тахирдин айтуусуна Караганда бул жазуучунун чоң ички драмасы бар, ал бир жагынан алжир, элин, анын тарыхын, урп-адатын абдан сыйлачу, экинчи жагынан ал алжир элинин эркиндик үчүн болгон улуттук боштондук күрөшүн ачык жактап чыгалбай, арада калып, бети чиркөө болду. Тахирдин пикири боюнча чон, жазуучу алсыз бирөөнү көз көрүнө андан алдуу, күчтүү зөөкүр чыңыртып сабап жатса, эч убакта четте туралбайт, ал алсыздын таламын жактап, кара мүртөз зөөкүр менен кызыл чеке болот. Альберт Камю ошол чечкиндүү мезгилде өзүнүн чечкиндүү кадамын жасабай, өмүрүн драмага айландырыптыр.

...Байыркы шаар Типпази Алжирден жетимиш чакырымдай аралыкта жайланышыптыр. Карт тарыхтын баракларын аңтармак, азыр анча көзгө урунбаган, Жер Ортолук деңизинин булуңунда турган Типпаз шаары байыркы заманнан бери башынаи не бир кызык дооpлорду өткөрүптүр: ооматкелип, ак сарайлар курулуп, башына бак-дөөлөт конуп, башкалардан салык, байлык, дүйнө келип, сооданын борборуболуп, алтын менен жакутка оронуптур! Бир дооpлордо бакыт качып, чет өлкөлүк баскынчылардын, каракчылардын колун карап, өз эркиндигинен ажырап, римдиктерге да, вандалдарга, анан түрктөргө көзкаранды болгон мезгилдери да болуптур! Ойлоп көрсөң ар бир чоң шаар өзүнчө чоң романды элестетет. Мына биз ошол байыркы Типпаз шаарынын, башкача айтканда, Рим урандыларын аралап, тарыхтын, турмуштун түбөлүктүү эмес оопасыздыгын көрүп жүрөбүз! Тахирдин түшүндүрүүсүнө Караганда бул шаарды биздин эрадан беш кылым мурда финикиялыктар бул жерде соодалык порт курушуп, бул шаарга европадан, Азиядан

түрдүү мамлекеттердин кемелери товарлар менен келип, Типпаз гүлдөп турган. Биздин эранын биринчи кылымында Типпаз Римдин колониясына айланган. Римдиктер башкарып турганда Типпаз шаары кайрадан курулуп, байыркы замандык (антикалык) архитектуранын стилинде эң кооз мрамор таштардан ак сарайлар курулат. Эгерде биз аралап жүргөн, бүгүнкү күндө таш-талканга айланып, тактайлары көрүнгөн чоң сарайлар, таштар кокус тилге келсе, эмне деген гана кызыктарды бизге айтып бермек, атаганат! Биз чоң дарбазадан киргенден кийин театрдын амфитеатрына окшогон чоң залга туш келдик. Бул жайда гладиаторлор кан төгүшүп, кылыч чабышкан да! Бул залда римдик төрөлөр, алардын менменсинген кесирдүү зайыптары, айрымдары күнөөсүз өлгөн кулдардын өлүмүнө маашырланып, колчаап, үнүнүн жетишинче чуу салып кыйкырып отурушканы да белгилүү эмеспи!

Бул паркты аралап жүрүп, ушул жерде өскөн чөптөрдүн арасынан өзүбүздүн көзгө тааныш кулунчакты көрүп, таанышымды көргөндөй жаш баладай кубанып кеттим. Жанымдагыларга кайрылып: «Биздин Ала-Тоолук кулунчакты көргүлө!» деп шандуу кыйкырдым. Баса, чоочун жерде жүргөнүндө өз журтуңдун тааныш адамы эмес, өз мекениңдин дарагы, чөбү, же гүлү жолукса да, адам баласы канчалык кайрат алып, канчалык сыймыктуу болотушкөнүн кулунчакты кезиктиргенде терең түшүндүм. Кулунчакты араб тилинде бервак дейт экен. Ошондой эле бул атактуу парктан арча түспөл даракты көрдүм да, шактарына ийилип жыттасам, арчанын мурдуңду жарган жыты жок экенин билип, сабырым суз боло түштү. Биз бул паркты аралап жүрүп сүрөткө түштүк, ар бир эстеликтин тарыхын сураштырдык. Ташыталкан болуп жаткан таштарды аралап жүрүп мен жанымдагыларга кайрылып:

– Дүйнөлүк ядро согушун эңсегендерге ушул шаардын талкаланган кебетесин көрсөтүп, силер дүйнөнү ушул абалга келтирүүнү каалайсыңар деш зарыл десем, Тахир ойлуу кездөрү менен Жер Ортолук деңизинин күрүлдөгөн толкундарына көз жиберип: – Ядролук согуш болсо, анда талканган шаарларды бизге окшоп бир жан да аралап баспайт, сүрөткө да түшпөйт... – деди.

Эң туура айтылган сөз! Эгерде алаамат дүйнөлүк согуш болсо, анда, жер үстүндө жашаган тирүү адам калбайт деп ак ниет адамдар бир ооздон безилдеп айтып жатса да, американын башкарган чөйрөлөрү биз эсен калабыз, деп, аламды күл-күкүмгө айлантууга умтулуп жатканын баары билишет.

Биз келгенден бери тиги бет маңдайдагы талкаланган чептин боорунда сексендерге барып калган сакалы аппак, колунда тасписи бар карыя эч бир жанга көңүл бурбай өзүнчө ойлуу отурду. Биз ага салам айтсак да, көрбөгөнсүп унчукпады. Бул карыя тасписин эмне жөнүндө тартууда? Мүмкүн бул дүйнөнүн оопазсыздыгын, жаштык өтүп, мүнкүрөгөн карылык жеңерин арман кылып, ичинен намазын окуп: эч ким менен иши жок ой тартып отургандыр...

Биз Типпаздан кийин атактуу Шершелль шаарына атандык, ал биз бараткан багытта экен. Адатта Шершеллди шаар эмес, көк асмандын алдындагы тарыхый эстеликтердин музейи деп аташат. Чынында эле бул музей шаарды аралап көргөнүндө, ар бир эстеликтин тарыхый маанисин жанында туруп укканында, жогоруда айтылган сөздүн чындыгына ишенесиң. Бул шаар римдик империянын Африкадагы ишенимдүү бийлөөчүсү Юба Пнин доорунда өзгөчө гүлдөп, дүйнөнүн атактуу сүрөтчүлөрү, архитекторлору, скульпторлору атайы чакырылып, Шершелль шаарын Римге окшош кылып курушкан экен. Юба II өз атасын римдиктер өлтүргөнүнө карабастан, ал Рим императору Августка ак дилинен кызмат кылып, анын эң жакын жан жөкөрлөрүнөн болгон. Ал азыр атагы чыккан тарыхый эстеликтерди, статуяларды жана аркаларды өз демилгеси менен курдурган. Шершелль музейин француздар 1908-жылы уюштуруп, көп экспонаттар өз ордуларына коюлуптур. Шершелль музейинде император Августтун, Марк Антоний менен Октавиянын кыздарынын, Клеопатранын бөлөсүнүн, Юба II эстеликтери заңкайып турат. Шершелль музейинин чыныгы көркү жана сыймыгы Шершеллдик Венера! Кимде-ким Венера Милоскаяны көрсө, аларды салыштырбай койбойт! Ал келгендердин көңүлүн өзүнө буруп, улам кылчактатып каратып, сулуулук жөнүндө ойлонтуп, таштан жаралса да делебеңди козгойт! Ошол себептен скульптор ташка жан киргизет деп илгертеден айтылып жүрбөйбү? Чыныгы сүрөткө – ар түрдүү таштардан, байланышпаган сөздөрдөн, боёктордон, үндөрдөн жан кейиткен, кубанткан, суктанткан сулуулук жаратат эмеспи.

Түшкө жакын Жер Ортолук деңизинин чыгыш тарабындагы Шенуа тоо кыркасына келдик. Деңиздин так боюнда,

толкундар күрүлдөп, чапкыны бетке чачыраган жерде Тахирдин дачасы бар экен. Ал бизге дачасын көрсөтүп, аны өз колу менен кургандыгын, көпчүлүк мезгилин ушул жерде жазарын, колу бош мезгилде төрт метрлик яхтасына түшүп деңизде ээн эркин ой жүгүртүп, эс алардыгын, балык уулларын кеп салды. «Яхтамага» жалгыз түшүп, ушул көз кайыткан деңиздин ыңжыңсыз жеринде калганымда, бир өзгөчө абалга келем, бардык нерсени, чарбаны, үй-бүлөнү, бүткүл дүйнөнү, чыр-чатакты такыр унутуп, ушунчалык жыргайм, ушул бейпилдикке чөмүп кетким келет! Күндүз жамгыр жаап, суук шамал жүрүп жатканына карабастан, мен тобокелге салып (Атайы Жер Ортолук деңизине келип, анда сүзбөй кетет деген эмне жорук!) жээктен деңизге боюмду таштап, күрпүлдөгөн толкундарды жиреп кеттим. Тахир жээкте кайра чык, хайван,– деп тынчсызданып жатты. Деңиздин жээги суук болгону менен терең жагы жылуу экен. Ошентип Жер Ортолук деңизине да чөмүнүп койдум. Биз Блейда шаарын аралап өттүк. Тахирдин айтуусуна Караганда бул шаардын адамдары өтө консервативдүү келет, аялдары бетин ачып жүрө албайт, сөздүн чыныгы маанисинде ислам дининин догмалары катуу сакталат экен. Ошол себептен бул шаарда араб өлкөлөрүндө кеңири орун алган «Бир тууган мусулмандар» уюму өтө таасирдүү. Бул уюм куралчан баш кесерлерден турат, алардан өкмөт башчыларды да жазганат. 1960–1975-жылдары араб мамлекеттеринин башчылары коммунисттердин таасири күч алып баратканынан чочулашып, «Бир тууган мусулмандарды» көз көрүнө колдошуптур. Бирок азыркы учурда бул реакциячыл мусулман партиясы өздөрүнө коркунуч келтире баштаганда, аларды четинен камай баштаптыр. Бул шаарда түнү жалгыз жүрүү өтө коркунучтуу экен, шектүү адамды карангыда көчөнүн бурчунда эле мууздап коюшат дейт... Биз Шира тоосун жакалай, жогору көтөрүлө баштаганда жамгыр төгө баштады, тоонун чокусуна чыкканда жамгыр кар аралаш жаап, катуу шамал жүрүп, алды жагыбыз анча көрүнбөй калды. Шира тоосу деңиз деңгээлинен эки миң метр бийиктикте турат экен. Мурда, француз баскынчылары бул ажайып жерге курорт курушуп, жайы-кышы шапар тебишип, жан жыргатышчу экен. Азыр бул жерге алжирликтер өзү кожоюн болушуп, чет өлкөлүк туристтерди кабыл алып, өз мамлекетинин кызыкчылыгына пайдаланат экен.

Биз машинадан түшкөндө кар кадимкидей лапылдап жаап жатыптыр. Шашып ресторанга кирдик. Тахир өз тилинде бир нерсе деп айтар замат, метрдотель пайда болуп, бизди экинчи этажга ээрчитип кетти. Биз шуулдаган шамалдын, лапылдап жааган кардын «күүсү» астында түштөндүк. Биз коштошуп, ырахмат айтканыбызда ар бирибизге кооз жасалган ресторандын визиткаларын беришти. Ар бири бизге бирден берсе түшүнүктүү эле, эмне учун ысырап кылып бир нечесин колубузга сала койду десем, Тахир, күлүп: «Бул ресторан жеке менчиктики, капиталистики. Ээси өзүнүн ресторанын атагын чыгарыш үчүн эч нерсени аябайт. Ал сиз өзүңүз кайрылып экинчи жолу бул жакка келбесеңиз да, өзүңүздүн тааныштарыңызга мактап: мындан алган визиткаларды берсеңиз, алардын бирөө-жарымы келип калса, анын чөнтөгүнө киреше болот» дегенде, мен өзүмдүн анкоолугума чындап таң калдым, азиз досум!

Күн караңгы болуп, Алжир шаарына кеч киргенде биз алыскы сапардан кайтып келдик. Ырасын айтсак, биздин ушул күн көңүлдүү жана кызыктуу өттү. Бирок бизди Тахир Ваттардын үйүндө меймандос дасторкон, бизге ак санаалаш ырайымдуу адамдар күтүп отурат деп ойлогон эмеспиз. Шаарга киргенибизде гана Тахир бизге кайрылып, силерди менин үй башчым күтүп отурат дегенде гана билдик... Тахирдин Алжир шаарынын чет жакасында жалгыз турган өз үйү бар экен, короого киргенде чакан бак, жүзүм, апельсин бактары. Баарын өзүм эгип, баарын өзум карайм дейт үй ээси. Меймандос үйдө бизди эбактан бери өзүбүзгө тааныш Тахир Бенайша, ошондой эле бизге бейтааныш бир аял менен эркек күтүп отуруптур. Баарыбыз жай алып таанышкандан кийин, биздин бейтааныштар эрдикатын Буабделлах Хассен менен Буабделлах Малика экен. Алар экөө тең Москва шаарында жогорку окуу жайында окуп жүргөндө таанышып, ошол жакта үйлөнүшүптүр. «Бизди Москва үйлөгөн» деп таза орус тилинде Малика аппак тиштерин жаркыратып күлгөндө, биз советтик адамдар өзүбүздүн адамдар менен жолуккандай сүйүнүп кеттик. Хассен ВГИКтин актерлук жана режиссерлук факультетин 1976-жылы бүтүрүптүр, ошол жылы Малика «Алжирдин сүрөт өнөрүнүн тарыхы» деген кандидаттык диссертация жактаптыр. Алар бизге жабыша калып, Москва жөнүндө, москвалык театрлар, белгилүү спектаклдер, жаңы фильмдер, советтик көрүнүктүү режисс-

ерлор, актерлор, жазуучулар жөнүндө улам кайрылып сурап жатышты. «Чынын айтсак, беш жылдын ичинде биз Москваны ушунча сүйүп, ушунча жакшы көрүп калыппыз. Малика экөөбүз үйдө да балдарыбыздын көзүнчө Москвада жүргөн жыргал күндөрүбүздү, жалпы тааныштарды, атактуу проспекттерди, музейлерди, эстеликтерди жарышып эске сала беребиз, ал турмак экөөбүз унутуп калбадыкпы деп көп учурда орусча сүйлөп киребиз» деди Хассен ак дилменен. Алыскы өлкөдө сенин Ата журтуңду жакшы көргөн жана урматтаган адамдардын ортосунда болуу кандай жакшы экендигин сага айтпай эле коёюн, жан досум! Хассен өз өлкөсүндөгү белгилүү режиссерлордун бири экен. Ал советтик кинорежиссерлорду, ошонун ичинде биздин Төлөмүш Океев менен Болот Шамшиевдин кино ленталарын жогору баалайт экен. Ал эми Төлөмүш Алжирге келгенде кошо жүргөмүн, өзүм узаткамын деди. Хассендин өзү тарткан «Барборус – менин карындаштарым», «Новал» жана «Жер титирөө» деген документалдуу фильмдери араб дүйнөсүндө жакшы таанымал экен. «Бул фильмдер жанры боюнча документтерге негизделген, бирок аларда ойдон чыгаруунун элементтери көп» – деди ал фильмдер жөнүндө Тахир Ваттар. Бахаан бери унчукпай, улам чылымды биринин артынан бирин тартып отурган Тахир Бенайша да биздин сөзгө аралашып, өзүнүн фильмдери жөнүндө эрингендей кеп козгоду. Мен Алжирге келгенден бери бул кабагы салыңкы, бир карасаң көздөрүнөн каардуулуктун жышааны даана көрүнгөн өңү кара адамга көп көңүл бурдум, ал жөнүндө билгим келди. Андан өзү жөнүндө кыскача айтып берүүнү сурасам, көк түтүндү булатып, мындай деди. «Эртең мен силерди узатып Сахарага барам, сапар алыс, узун жолдо кеп козгоп берейин» – деди.

Тахир Ваттардын аялынын аты Жамийла, он эки жаштагы Салийма деген чырактай кызы бар экен. Жамийла сулуу, сонун, Салийма – ден соолугу жакшы деген маани экен араб тилинде. Салийма бул кечте баарыбыздын көңүлүбүздү ачып, өзүнүн жакшы көргөн куурчактарын, буюмдарын, китептерин, пластинкаларын улам алып келип, бизге көрсөтүп жатты. Тахир Ваттар кызым жетилгенде (азыр бешинчи класста) сөзсүз Москвадан окутам дейт. Биз баарыбыз бул идеяны бир добуштан колдодук. Малика менен Хассен кайрадан Москваны козгоп, өздөрүнүн өткөргөн күндөрүн эскере башташты.

Көпкө чейин Тахир Ваттардын үйүндө изат көрүп, арабдын элдик жана классикалык музыкаларын угуп, мейманканага кайттык... Эмесе досум, биз эртеге Сахарага аттанат экенбиз, Сахараны кыдыруу эң сонун эмеспи, бул менин бала кезден эңсеген тилегим эмес беле? Ошентип, Сахараны да көрөт экенмин... Ошон үчүн, тагдырга ыраазы болуп, арабдар айтмакчы «иншалла» деш керек. Эмки катты атактуу Сахарадан күт досум!

ТӨРТҮНЧҮ КАТ

Асыл курбум сен кайда, мен кайда,
Өзүң эстеп отурамын Гардайда.
Сахаранын аптабынан жан ачып,
Көз тунарып, тилим кургайт таңдайда.

Ушул төрт сап ыр Сахаранын ташты эритип, тирүү жандары тирүүлөй куйкалап, тирүүлөй бышырган азаптуу аптабында жүргөнүмдө кокустан тилимдин учуна келе туштү... Жер Ортолук деңизинин жээгине жайланышып, оң жана сол жагы тоо кыркалары менен курчалган, абасы мелүүн келген Алжир шаарынан чыкканыбызга мына бүгүн туура төрт күн болуп, ошондон бери атактуу Сахаранын көз жеткис кумдуу чөлдөрүн тынбай аралап, улам күн сайын жаңы шаарларга жетип, кун кеч кирсе, кез келгенинде түнөп отуруп, бүгүн Алжирдин Гардай шаарына жетип келип, «Рустемида» деген мейманканага орноштук. Төрт күндүк сапарда биз көп кызык нерселерди өз көзүбүз менен көрүп, өз кулагыбыз менен уктук. Кимде ким Алжирге келип, анын башка жерлеринде болуп, кокустан Сахараны аралабай кетсе, ал армандуу саякатчы, ал эч нерсени көрбөй- билбей кеткен десек болот! Алжирдин Дарь-Эль-Бейды аэропортунда бизди келгенибизде ырайымдуу тосуп алышып, өз ара тааныштыбыздан кийин, биздин делегациянын мүчөлөрүнүн бирөөсү «Атактуу Сахаранын бир четин көрүүгө мүмкүнчүлүк болобу?» – деп сыпайы суроо бергенде, Алжирдик өкүл Омор жылмайып: «Албетте, көрөсүздөр. Көрмөк тургай, үч-төрт күн жашап, кайрадан тезирээк кетсек экен, деп өтүнүшүңүздөр да ыктымал» – деген тамашага салып.

...27-ноябрдын таң эртеңинде жапондук эки жеңил машина менен Сахарага аттандык. Мен отурган машинага бизди сапарда узатып жүрүүнүн милдетин алган өзүбүзгө жакын, өзүбүзгө тааныш Тахир Бенайша жана тилмеч от-

урду. Ошентип биз тобокелге салып, Сахаранын алыс сапарына аттандык да, жол тарттык. Эми досум, өз көзүм менен көргөнүмдү, укканымды бул катымда төкпөй-чачпай жазаберейин, сен окуй бер!

Өзүң жакшы билгендей, арабдын күүлөрү, ырлары өтө мунду жана кайгылуу эмеспи! Арабдардын кайгылуу ырлары качан жаралды экен, деген суроо болушу мүмкүн. Байыркы доордо арабдардын улуу империясы жаралып, Испаниядан Индонезияга чейин өктөм бийлик жүргүзүп шаарларды жер менен жексен кылып, башка элдерге ислам динин таңуулап, арабдардын үрп-адатын Киргизии, ээленип турганда ушул адамдын көңүлүн кейиткен мундуу ыр жаралды дейсиңби? Жок, андай эмес. Арабдардын бул мундуу ырлары – алардын державалык үстөмдүгү талкан болуп, анан алар осмон империясына, андан соң англичан, француз, испан үстөмдүгүнө туш келип, баштарынан эң азаптуу доорлорду өткөрүп, улуттук маданияты кыйрап, ар-намысы чет өлкөлүк баскынчылардын бут алдында кор болуп, көз жашын агызганда элдин жүрөгүнөн кайнар булактай атып чыккан болсо керек деп ойлойм. Анткени, ыр – ар кандай элдин жүрөк муңу, кубанычы жана эрдиги, абийири эмеспи! Мына, биз унчукпай, саатына сексен чакырым ылдамдыкта зуулдап келе жатабыз, машинабыздын радиосунан жүрөк эзген мундуу ыр түк токтобойт, шофёрубуз Хаджы да, Тахир да котормочу Олег да, өзүм да арабдын мундуу ырынын керемет таасирине биротоло берилип, Алжир шаарынан жүз чакырымдай алыстап кеткенибизди аңдабай калыппыз. Ыр деген, сөз деген жол арбытат деген чын тура! Төө минип, көз жетпеген кумдуу белдерди аралаган араб жолоочусу мындан он кылым мурда ушул жолдо, ушул мундуу ырларды ырдап, жол арбыткан, келечегине үмүттөнүп, «Иншалла» («кудай берет») деп сапар тарткан да! Машинанын алдыңкы орундугунда шофёр менен жанаша отурган Тахир Бенайша мүнөзү түнт, көп сүйлөбөгөн, бүркүт кабак, сыягы башынан көптү өткөргөн, Маркстын, Энгельстин, Лениндин эмгектерин жакшы билген, француздук баскынчылардын учурунда улуттук-эркиндик күрөшүнүн алдыңкы катарында болуп, подполдук күрөш жүргүзгөн, бир нече жолу түрмөгө түшүп, өз элинин ар-намысы, боштондугу жана көз каранды эместиги үчүн эбегейсиз азап тарткан эр азамат экен! Тахир өзүнүн эр азаматтыгы жөнүндө бизге бир ооз да кеп салган эмес, аны биз башка алжирдик жолдоштордон уктук.

Ал биздин өлкөдө бир нече жолу болуптур, биздин чыгыш республикаларда болуп, ислам дини жөнүндө документалдуу фильмдер тартыптыр. Тахир Бенайшанын «Алжирдеги дин» деген фильми эл арасында өтө кеңири белгилүү экен. Ал ислам динине прогресстин көз карашы менен карап, адамзаттын өнүгүшүндөгү маданияттын кезектеги тепкичи катары мамиле жасап, өзүнүн концепциясын «Өткөн дорго саякат» деген 25 сериядан турган фильм түзүп, анда араб улутунун тарыхы, архитектурасы, уламалары, жомоктору, ырлары, адамзаттын маданиятына, цивилизациянын өнүгүшүнө кошкон чоң салымын даана көрсөтүүгө аракет кылат экен. Тахир советтик жазуучулардын ичинен Горькийдин сонун чыгармаларын өзгөчө жогору коюп, пролетардык улуу орус жазуучусунун кайышпас кайратына баш ийгендигин узун жолдо жай баракат кеп салып отурду. «Тахир, Сахара жакын калдыбы?» десем, ал мага таң калган-дай карап, баш чайкады да: «Сахара мындай болбойт, бул жыргал мейкиндер» деп табышмактуу жооп берди. «Анда эмесе, алыс жолду кыскарталык, анча-мынча Сахаранын тарыхынан кеп козгоп отурбайсызбы, Тахир» – деп сунуш кылсам, ал оозунда соруп отурган чылымынын көк түтүнүн буркуратып, адатынча жай баракат кеп баштады...

...– Сахаранын тарыхы айтып бүткүс узун да, кызыктуу да,– деп сөзүн улантты Тахир. – Европалыксынде «Сахра» дейбиз, бул маанини башка тилге которгондо «кызыл-күрөң» болуш керек. Сахаранын бүткүл аянты жети миллион квадрат чакырым, анын ичинде көк жашыл бактуу жерлер араң гана үч жүз элүү квадрат чакырымды ээлейт. Сахаранын территориясы Алжир, Ливия, Египет, Мали, Нигерия, Чад, Тунис, Судан, Нигер, Марокко, Мавритания мамлекеттерине ортоктош.

Байыркы замандан бери бул кумдуу чөлдө не бир улуу мамлекеттер жаралып, алардын ортосунда ушул чөл үчүн кандуу кармашуулар, кан төгүүлөр болуп, канча мамлекеттер кулап, тыйпыл болушту. Сахаранын чөлүндө өздөрүнүн улуу армиялары менен Александр Македонский, Юлий Цезарь болушуп, бүткүл дүйнөнү багынтам деп башка элдерге баскынчылык согушун ушул тараптан башташкан...

Мен сиздерге бир уламыш айтып берейин. Персиянын улуу шахы Камбиз Египстти багынткандан кийин, жыйнаган алтын, жакут, күмүштөргө, кулдар менен күндөргө

ынсап кылбай, ал Суданды жана эч кимге баш ийбеген Са-
хараны багынтам деп кандуу чабуулга чыгат. Камбиздин эң
жакын вазирлери, билермандары анын бут алдына жыгылы-
шып; улуу таксырым, бул жортуулдан баш тартыңыз, бул
бетпак чөлдү эч ким аралап өтүп, эңсеген тилегине жеткен
эмес, деп боздоп жалынышса да, көзү канга толгон залим
Камбиз алардын башын кылыч менен кссип, айтканынан
кайтпай, Сахараны багынтам деп кандуу жүрүшкө чыккан.
Тарыхчылар ушул убакка чейин жүз миңден ашык армия-
луу Камбиз Сахарада эмне болгонун, кайда житип кеткенин
так айтып берише албайт, анткени, алардан эч кандай из
калган эмес. Эгерде Камбиз жоокерлери менен башка дүш-
мандарга беттешип, бул кармашта кыйраган болсо, сөзсүз
ал жөнүндө жеңгендердин тарыхында калмак. Жүз миңден
турган армия кумга сиңген кумурскадан көздөн кайым бол-
гон. Эл оозунда айтылган уламыштарда гана Харго менен
Сиванын ортосундагы адам баласынын буту баспаган жети
жүз чакырым аралыктагы бетпак чөлдө Камбиздин армиясы
бара жаткан түштүк жактан эң катуу шамал, бороон согуп,
заматтын ичнде алыс жолдо чаалыккан перс жоокерлерин
тумчуктуруп, минген аттары, төөлөрү менен кайыктырын,
кум астына көмүлүп калган экен...

Сейрек тикендер өскөн кумдуу чөлдү аралап отуруп, биз
түш мезгилде Сахаранын Лагуата шаарына келип токтол-
дук. Бул шаар анча чоң эмес, жыйырма миңден калк жа-
шайт экен. Эл негизинен кол өнөрү, соодагерлик менен күн
көрүшөт. Бирок бул чакан шаардын француздук баскынчы-
лар менен болгон кандуу кармашууда жүрөк калтыраткан
тарыхын биз ашканада Тахир Бенайшадан угуп, көзгө ком-
соо көрүнгөн бул шаардын адамдарына урмат-ызатым арта
түшкөнсүдү... Француздар Алжирдн 1930-жылы багынтып,
алар элден мурда Жер Ортолук деңнзинс жакын Түндүк
Африканы багынтып, андан кийин Сахараны көздөй ум-
тулушат. Албетте, алар жолунда бөгөт болуп жаткан Ла-
гуата шаарын чөгөлөтүп, өзүнө бекем тыл түзүүнү самайт.
Француздук армиянын башкы командири генерал Рандон
алжирликтердин жетекчиси имам Мухаммед бен Абдалах-
ка өзүңөр жүгүнүп келсеңер ырайым кылып, жаныңарды
сактайм деп кат жиберет. Бас- кынчылардын бул кордугу-
на ызаланган алжирликтер ультиматумду четке кагып, биз
ата журтубузда туруп, башка бирөөгө жүгүнүп барбайбыз,
андан көрө биз үчүн өлүм ак деп жооп беришет. Ошентип

кандуу кармашуу 4-декабрь 1952-жылы азыр биз тамак
жеп отурган Лагуата шаарында таң эртең менен башталат.
Бардык куралдар менен камсыз болгон баскынчылардын
жоокерлери менен милте мылтык, канжар, найза, таяк ме-
нен куралданган алжирликтер үч күн бою кармашат. Ба-
скынчылар ушунчалык залимдик менен нариете балдарды,
кемпир-чалдарды, аялдарды аёосуздук менен өлтүрүшөт,
бул зомбулук жергиликтүү элдердин кыжырын ого бетер
кайнатат. Өзүнүн эркиндигин, ар-намысын талашкан ал-
жирликтердин күнөөсүз каны арыктарда суудай агыптыр...
Тахир Бенайша түшкү тамактын учурунда өзгөчө көңүлдүү
болуп, адаттагысындай чылымды үзбөй тартып, «Сиздер
отурган Лагуата шаары эр жүрөк алжирликтердин шаары,
бул жердегилер ушул убакка чейин айыпсыз курман болгон
бабаларынын ыйык ысымдарын жүрөгүндө сакташат, алар
жөнүндө сонун ырлар, уламыштар жаратышкан» – деди.

Биз кайрадан сапарга аттандык, анткени, бүгүн барып,
коно турган шаар. Бискра алыста, кеминде алты жүз чакы-
рым жол жүрүшүбүз керек. Бирок досум, сен чочуба, ошол
мээ кайнаткан чөлдү жарым күндө кантип басып өтмөк эле,
калп айтып жатат» деп ойлошуң да мүмкүн. Бирок Сахара-
нын асфальт жолдорун көргөндө ага эрксизден таң бересиң.
Сахараны ээлеген араб мамлекеттеринин эң негизги байлы-
гы, дүйнөгө мактанычы жана сыймыгы – андан атырылып
чыккан кара алтын-нефть экен. Мен бул жөнүндө мурда көп
окуп, көп уккан болчумун, бирок өз көзүм менен көргөндө
ого бетер ишенчим күчөдү. Жолдо баратып, Тахир Бенайша
бир тарыхый окуяны эске салды. Өзүң билесиң, өткөн кы-
лымда Африканы негизинен англичандар менен француздар
башкарып, алар бул элдердин көз жашына карабай, алардын
байлыгын өздөрү каалагандай талап турганы жашырын иш
эмес ко! 1899-жылдын 21-мартында европадагы эң ири капи-
талисттик мамлекеттер – Франция менен Великобритания
ач көздүк менен Африканын аймактарын өз ара бөлүшүп, өз
ара келишимге кол коюшат. Ошол келишим боюнча Фран-
цияга Сахаранын көпчүлүк аймагы өтүп кетип, англиялык
парламентте буга нааразылык чыкканда, премьер-министр,
лорд Сольсбери: «Биз галльдык короздордон аңгырап жат-
кан чөлдү аяганыбыз жок. Мейли алар, ошол кургак чөлдү
аңтарып, бушайман боло берсин!» деп текеберлик менен се-
беп тапкан экен. Эгерде Сольсбери ошол аңгыраган кумдан
жарым кылымдан кийин нефть, газ чыгарын билсе, албетте,

ал өз башын ургулап, калган чачтарын жулмак. Англиялык капиталисттер, бизнесмендер Сольс- берини «улуттук чыкынчы» деп күнөө коюшмак. Сахарада газ менен нефтиден башка таш көмүр, цинк, коргошун, вольфрам, колумбит, танталит, титан, цирконий өндүү эң кымбат заттардын чоң запасы бар экен. Бүгүнкү элдик Алжир республикасының чет өлкөгө чыга турган негизги байлыгы нефть менен газ эсептелип, экспорттук соодадан түшкөн алтын менен валютага чет өлкөдөн эң керектүү материалдар сатылып алынат экен. Биз Алжирге келгенден бери бир нерсеге дайыма көнүл бурдук. Эртең менен мектепке кужулдашып эзрчишип бараткан, түштө мектептен ойноп-күлүп кайтып келе жаткан жаш жеткинчектерди көрүп, кубанбай койгонубуз жок. Сураштырып көрсөк, алжир өкмөтү эл агартуу маселесине мамлекеттик бюджеттин кырк процентин, саламаттык сактоого он процентин жумшайт экен. Бул африкалык өлкөдө билим алуу, дарылануу бекер экен. Албетте, бул социалдык планда чоң жетишкендик. Магазиндерде нан кенен экен, кайыр сурап жүргөн дубаналар жолукпады десек болот, ырас, Алжир шаарынын көчөсүнөн бир кайыр-чыны көрдүм. Алжирде иштеген советтик жолдоштордон бул тууралуу сурасам: «жакырлар жок, кембагалдар бар» дешти. Ал эми көпчүлүк африка өлкөлөрүндө ачарчылыктан жыл сайын миллиондогон кишилер өлүп жатканы эч кимге жашырын эмес. ООНдун эссби боюнча, бир жылда Азияда, Африкада жана Латын Амери касында кырк миллион бала ачкалыктан, массалык оорудан өлөт экен! Чынында, бул чачты тике тургуза турган эң кейиштүү факт эмеспи! Бир жагынан капиталисттик өнүккөн өлкөлөрдө бир ууч бай адамдар алтын менен жакутка оролуп, сүткө жууунуп, эң ыплас иштерге барып, адам катарынан чыккан жоруктар жасап, экинчи жагынан америкалык агрессивдүү чөйрөлөр бүткүл күл-күкүмгө айлантууну самап, «жылдыз согушуна» кам көрүп жатканда, цивилизациялуу адамзаттын көз алдында ачкалыктан кырк миллион наристелердин өлүп жатышы – ар бир ак ниет адам үчүн жан кейитчү көрүнүш. Мен алжирлик досторго бул байкаганымды чын жүрөктөн айтып, ушу нариете балдардын ачык асмандын алдында маңдайлары жарык, көңүлдөрү ток мектепке барып, билим алышы үчүн, ал жирлик патриоттордун кечээги француздук баскынчылар менен болгон согуштагы курман болушу да текке кеткен жок, ушундай эркиндик күн үчүн

өлүү ак» десем, баары туура кабыл алышты. Мынакей, азыр биз женил машинадан зымырап бара жаткан Сахарадагы асфальтталган узун жол да кийинки жылдары курулуп, алжир мамлекетинин экономикасы чыңалып жаткандыгына айкын күбө эмеспи!

Сахара жансыз деп ким айтса, терең жаңылат! Мен үч сааттан бери эки жагымда океандай мелмилдеп жаткан чексиз чөлдөн көзүм албай, анын ички сырын, мунун, ырын укккум келип, андан көзүм албай тунжурап келе жатам. Байкаган адамга Сахаранын түспөлүү улам өзгөрүп, улам жаны ыраңга билинбей өтүп турат. Жел жүрсө бир башка, жел токтой калса бир башка болуп көрүнгөнсүйт! Байкаган адамга Сахаранын өзүнүн кайталангыс сулуулугу, артыкчылыгы бар сыяктанат. Суулуу жердин, токойлуу жердин, тоолуу жердин өзүнчө сулуулугу болгондой эле, ушул Сахаранын да өзүнүн кайталангыс сулуулугу бар. Антпесе, анда миңдеген жылдар адамдар жашабай, башка жакка көчүп кетип калмак, адам жашаган жерде сулуулук болбой койбойт, сулуулук болгон жерде ыр да, поэзия да жаралат. Жүрөктүн эн назик кыл тамырларын ойготуп, махабатты даңктаган арабдын дүйнөгө атагы чыккан поэзиясы ушул мээ кайнаткан кумдуу чөлдө жаралганы чындык эмеспи! Ашыктыктын айынан акылынан адашып, Лайли деп боздоп ыйлап өткөн Мажнун шордуу ушул араб чөлдөрүндө жашаган көчмөн уруунун уулу экени дагы чындык эмеспи!

Сахаранын жолдорун, өзгөчө жолдордун тоомуна көңүл бурсаң, адамдын боюнан эки эсе бийик алп таштарды көп кезиктиресин. Анын байыркы аты – аламаты экен! Илгерки заманда кербенчилер, жүргүнчүлөрдүн адашпас үчүн койгон «чел» маягы экен. Анткени, бул жол менен жылдын ар мезгилинде атчан, төөчөн жолоочулар жүрүшкөн. Бул таштарсыз алар адашып, бараткан багытынан тетири кетип, ээн талаада ойрон болгон экен! Араб лакабы: «Сахарада шамал күн менен кошо чыгып, күн менен кошо жатат» деп бекеринен айталбайт окшойт. Жана эле асман ачык, айлана тынч эле, кайдан-жайдан ысык шамал пайда болду да, туш тарапты будуң-чаңга айлантып, талаадагы кумдарды асманга көтөрүп айланабыз көрүнбөй, күндү булут каптагандай, жерге караңгылык түшкөндөй кейиптенди. Бул жердин шартын жакшы билген, бул жол менен канча жолу каттаган Хаджы заматта жоргосун токтотуп, сыртка чыккыла дегендей белги берди. Биз сыртка чыктык, артыбыздан экинчи

машина жете келди. Тахир асманга майда кумдарды чакче-
лекей кылып көтөргөн катаал шамалды колу менен жаңсап
көрсөтүп: «– Арабдар бул шамалды эң пайдалуу деп эсеп-
тейт. Бул шамалдын аты гарбий, ал Африканын түштүгүнөн
күздө согот. Ушул шамал өз учурунда сокпосо, курманын
түшүмдөрү жакшы бышпай калат. Анткени, гарбий шама-
лы курманын шактарына конуп, саландап турган курмалар-
га жабышып, бышышына жардам берет. Феллахтар гарбий
сокондо, атасын көргөндөй сүйүнүп, бир-бирин куттукта-
шып, гарбий улам келип турса экен деп алла-таллага сый-
ынышат, деп анан жолдун четинде эки шоферго азилдеп
тийишип: – Албетте, гарбийдин согушун шоферлор жакты-
рышпайт, анткени алардын сапарын тосот, деп койду. Саха-
рада бороон жүрүп: көз ачырбаган кумдуу шамал жүргөндө
жолдогу кыймыл токтоорун бизге алар айтып беришти.
Байыркы замандан бери Сахарадагы көп курмандар катуу
шамал жүргөндө болот экен. Илгери заманда жүргүнчүлөр
шамал башталар замат чатырын тигип, же болбосо баш кал-
калай турган жашырын жер издөөгө аргасыз болот экен. Эч
айласы түгөнгөндө, жолоочу аттан түшүп, анын чылбырын
бекем кармап, кумга жатса, жанын аман алып калат дейт.
Ошондой катуу шамалдын учурунда жаныбар ат да, төө да
эси чыгып, ээсинин жанына жата калган учурлары болуп-
тур, же болбосо коркконунан кишенеп, чамынат дейт!

Сахара билермандардын ою боюнча дүйнөдөгү мээ кай-
наткан эң ысык жер деп саналат. Бешинчи класста окуп
жүргөнүбүздө география мугалими Сахарада жумурткаңы
кумга беш минут көмө салып, кайра алсаң бышып калат
дегенде, класс боюнча ишенбей чурулдаганыбыз эсиндеби,
досум? Сахаранын көлөкөсүндө абанын ысыгы жай айла-
рында канча градуска жетери азырынча белгисиз экен. Ай-
тууга Караганда, Сахаранын айрым жерлеринде күн ысып
сексен градуска жетет дейт. Мээ кайнаткан ысыкта топу-
рак өтө ысып кетип, жерге жакын атмосферада аба азая
түшкөндө закым пайда болот экен. Азырынча бизге закым
көрүнө элек, бирок алды жакта кезикчү жерлер бар дейт Та-
хир. Сахарада күн кайнап турганда адам баласы жыңайлак
жүрүүгө мүмкүн эмес. Анткени кум кайнаган суудай ысык
болот дейт. Өзгөчө күндүн нурун өзүнө ылдам тарткан кара
таштын ысыгы кол тийгизбейт экен. Бул жерде оокат-ти-
ричилик кылган адамдардын, жаныбарлардын, жырткыч-
тардын, жыландардын териси кандай калың жана чыдам-

кай болорун өзүң ойлоп көр! Ал эми биз болсок аптаптын
мизи эбак кайтып, Сахараны салкын шамал аралап калган
мелүүн күздө келдик. Ошого карабастан бул жерде 45 гра-
дус аптап бар, бирок Сахаранын ысыгы кургак болгон үчүн,
адам өзүн женил сезет, анткени нымдуулук жокко эсе.

Адатта, биз жакта күн баткандан кийин, айлана көпкө
чейин жарык болуп, анан аста-секин күн караңгылайт эме-
спи? Ал эми Сахарада күн батар замат айлананы караңгы кап-
тайт экен. Тез эле мейкинсиз талаанын алыс горизонту
көзгө көрүнбөй калды. Асмандан жылдыздар көрүнүп, алы-
стан жаркырап ай да көрүндү... Баятан бери үргүлөп уктап
келе жаткан Тахир капыстан ойгонду да, алды жактагы от
жанып турган багытты көрө коюп, көптөн бери тааныш ки-
шинин көргөндөй: «Тигине, Бискара, Бискара!»– деп куба-
нычтуу кыйкырды.

Биз Бискара шаарына кун караңгылап калганда ке-
лип, анан мейманканага жайланыштык. Бискара шаарында
көпкө уктай албай, номеримдин балконуна чыгып, эл эбак
уйкуга кеткен шаарды карап отурдум. Бискара бул багыт-
тагы тропикалык бактары кенен, нарктары бар, архитекту-
расы жарашыктуу шаар экен. Мурда негизинен француздук
колонизаторлор туруптур, алар кеткенден кийин алжир-
ликтер ээлептир. Чоочун шаар катуу уйкуда, а мен болсом,
алыс жолдон чарчап келгениме карабай, уйкум келбей бал-
кондо үңкүйүп жалгыз отурам... Жалгыз отурсам да, алы-
ста калган Ата журтум – ак мөңгүлүү Ала-Тоом сени эстеп,
сени самап, сени энсеп отурам!.. Анткени Ата журт кайда
жүрсөк да жүрөктө жашайт эмеспи!

Бискара биздин түшүнүк боюнча областтык борбор экен.
Эртеси бизди бул областтын башчысы, Алжирдик улуттук
боштондук фронтунун Борбордук комитетинин мүчөсү Мо-
хаммед Саиди, областтык кабинеттин мүчөлөрү Эль- Айши,
Мухаммед Кермиш кабыл алды. Мохаммед Саиди мындан
он беш жыл мурда Москвада окуган, орусча жакшы билген,
орто бойлуу, арыкчырай, кырдач мурун элүү жаштын ары-
берисиндеги адам экен. Ал Москвада окуган күндөрүн, мо-
сквалык театрлар, метро, атактуу проспекттер, эстеликтер,
музейлер жөнүндө тамшалап суйлөп отурду. Ал көп улуттуу
совет адабияты, өзгөчө биздин атактуу жердешибиз Чыңгыз
Айтматовдун чыгармаларын өтө жакшы көргөндүгүн, аны
менен Москвада окуп жүргөндө жекеме жеке таанышып, ага
окурман катары өзүнүн ыраазылыгын билдиргиси келип,

көп аракеттер жасап, такыр жолуктура албай койгондугун өкүнүч менен эскерип койду. – Мен Алжирде жүргөнүмдө эле бул керемет чоң жазуучунун «Жамийла», «Биринчи мугалим», «Жаныбарым, Гүлсарым» аттуу чыгармаларын француз тилинде окуп, Чыңгыз Айтматовду художник катары аябай сүйүп калган элем. Москвага биринчи келип, окуганыма үч-төрт күн болгондо жаныбыздагы кинотеатрда «Жамийла» фильми жүрүп жатканын билип, алжирликтер чогуу барып көрүп, аябай ыраазы болуп кайттык. «Жамийла» менин Москвадагы биринчи көргөн кином, ошон үчүн такыр эсимден чыкпайт, азыр деле кулагыма Даниярдын талаада ырдаган мукам үнү угулуп тургансыйт! – деди ал. Мен Чыңгыз Айтматов менен жакшы таанышмын, «Жамийла» жарык көргөндө жазуучулар арасында ар түрдүү пикирлер болгондугун, мен аны колдоп, кыргыз тилинде биринчи макаланы жазгандыгымды айтсам, ал анча ишенбербей, деги бул Гоголдун Хлестаковундай «Пушкин менен бут тебишип ойноп-күлөм» деп мактангандай көрдү сыягы ичинен. Ата-бабаң көрүп билбеген, ушунчалык бизден алыс өлкөнүн эң жооптуу кызматкери сенин бир туугандилинен мактап жатса, кантип сыймыктанбай коёсуң! Чыныгы адабият элдерди жакындаштырат жана баш коштурат деген ушул да!

Мохаммед Саиди өз областынын экономикасы, айыл-чарбасы, өнөр жайы, бул аймактын байыркы тарыхы жөнүндө кыскача кеп козгоду. Бискарадан тартып Гардайга чейин негизинен курма (пальма) өсөт экен. Бискарадан алжирдик эң көрүнүктүү акындар чыгыптыр. Шейц Бенгинан, Шейх Сеиди өңдүү акындар алжир революциясынын активдүү жокерлери болуп, элди чет өлкөлүк баскынчыларга каршы үндөп, өздөрү да кандуу кармашууда каза табышыптыр, бирок алардын ырлары ушул күнгө чейин элдин жүрөгүндө жашайт экен. Бискарада жыл сайын акындардын фестивалы өткөрүлүп, алар бир-бири менен айтышат экен. Бул гтоэтикалык салт алжир элинде байыркы замандан бери жашайт. Элдик поэзиянын таланттуу өкүлдөрү чоң тойлордо, жыйындарда жекеме-жеке айтышып, өздөрүнүн акындык күчүн сынашат экен. Айтышуу бир тарап жеңилдим деп баш ийгенге чейин улантылат экен, бул беттешүү жетимиш күнгө созулган учурлар да тарыхта кездешкен дейт. Ушул убакка чейин эл..оозунда Тунис менен Алжирдин эки атактуу акын-

дарынын чек арада атаны беттешип, көп күндөр бою тынбай айтышып, өздөрүнүн ак таңдай ырчылыгын көрсөтүшкөнү айтылып жүрөт дейт. Мен дагы биздин кыргыз элинде айтышуу илгерки замандан бери журт арасында кеңири тарагандыгын, чоң тойлордо, аштарда алардын акындык күчү сыналгандыгын айттым, ошондой эле көлөмү жагынан дүйнөдөгү чоң эпос «Манастын» бир варианты миллион ыр сап экендигин, бул эпосту манасчылар жайлап-кыштап айткандыгын кабарласам, алжирликтер ары ишенип, ары ишенбей угушту, таң калышты. Чыңгыз Айтматовдой чоң жазуучунун кыргыз элинде жаралышы да кокустук эмес, анын поэтикалык уюткусу «Манастай» эпостордун башында жатат десем, бул пикиримди алжир достор чоң колдоо менен кабыл алышты. Алжирликтер жыл сайын түшүм жыйналып бүткөндөн кийин, чоң тойлор өткөрүп, анда төөлөр, күлүк аттардын жарышы болот экен. Ошол элдик майрамда акындар да күч сынашат экен. Бул жагынан алганда, алжирликтер менен кыргыздардын, казактардын ошош салттары бардыгын белгиледик.

Меймандос алжирликтер Бискара шаарын тааныштырды. Бул шаарда жетимиш миңден ашык калк турат экен. Шакектер менен тең тайлашып көчөлөрдө эркин жүргөндүгүнө көнүл бурдум. Бетин жапкан аялдар да кездешти, бирок сейрек. Тахирден алжир аялдарынын эркин мүнөзү жөнүндө сурасам, ал мындай деди. «Алжир аялы – деди ал табышмактуу – ачыктыгы, эркиндиги, тен укуктуулукту жактагандыгы жагынан, сүйүүгө мамилеси боюнча париж-аялдары менен ат салышат, бул бир жагы, экинчи жагынан өзүн рамкада кармоо, диний догманын эрежелерин бекем тутуу жагынан касиеттүү ажыдан артып түшөт. Сиз ушундан өзүңүз жыйынтык чыгарып алыңыз алжир аялы жөнүндө». Мен алжир шаарлары, айылдарын аралап жүрүп, Тахирдин бул пикирине макул болдум, ынандым. Бискара шаарынын жашылча саткан базарын араладык. Адам баласынын мээнеткечтигин ушул базардагы түрдүү жашылча жемиштерди көрүп баалоо керек. Сахаранын эч жеринде арык менен акканы сууну көрбөйсүң, кумдуу чөлдө кудуктун, жамгырдын суусу менен жүзүм, анар, алма, бадыраң, пияз, сабиз, картошка, жүгөрү, тамеки ж. б. жемиштерди өстүрүп, ушул чоң базарга алып келип сатып отурган адамдардын бешене терин кантип урматтабайсың?

Жолдун ченемсиз узундугун, адам өмүрүнүн кыскалыгын, түйшүктүүлүгүн Сахаранын мээ кайнаткан аптабында да баратканда да эрксизден ойлонот экенсин! Бискарадан чыкканыбызга эки сааттан ашты, минген машинабыз жүз чакырым ылдамдыкта баратат, бирок бет алдыдан эл жайгашкан айыл да, жайылып жүргөн мал да, жортуп жүргөн төө да көзгө такыр илинбейт! Айланада тегирмендин ташынан эшилип чыккан ундай күрөң түстүү талаа мелтирейт! Ушул кудайдын каргышын алган эрме чөлдүн үстү улам өзгөрүп, улам көйкөлүп, бирде шамал жоктогу жымжырт көлгө, бирде бороон каптаган толкундуу көлдөй көз алдында удургуйт. Суунун баркын какыраган Сахаранын эрме чөлүндө билесиң. Өткөн замандарда төөчөн кербен тартып, адам чыдагыс мээ кайнаткан саратанда бетке чапкан кумдуу куюндан азап чегип, ар бир кадам сайын көз алдында өлүм элестеп, «гак» эткен карга жок, «гук» эткен кузгун жок эрме чөлдө өлөт экенмин деп арман айтып, азып-тозуп, акактап, көзүнөн бир ууртам суу, көлөкөлүү бак өтүп, жакын жерден кудук көрүнөөр бекен,– деп кудайга жалынган сансыз жолоочулар болгонун эрксизден ойлойт экенсин! Эмне үчүндүр Сахаранын кумдуу чөлдөрүн аралап сапар тартып жүргөнүмдө, досум, жаштык кезде биз экөөбүз талашып-тартышып окуган француздун эр жүрөк аскер учкучу, атактуу жазуучусу Антуан де Сент Экзюперинин жаркын элесин, чын пейилден жазылган чыгармаларын, Сахарада жашаган күндөрүн эстедим. Биз экөөбүз анын орус тилинде биринчи жолу чыккан бир томдугун сатып алып, «Түнкү учуу», «Адамдардын планетасы», «Согуш учкучу» жана «Кичинекей принц» чыгармаларын жарыша окуп, жазуучунун эр жүрөктүүлүгүн, достукту баарынан жогору койгондугун, жакын курбусу учкуч Анрн Гийоме Чилинин Анды тоолорунун үстүндө учуп баратып авариярга учураганда аны табыш үчүн бардык күч-аракетин жумшагандыгын, кымбат досун өлүмгө кыйбай, ал эсен-соо экендигине ишенип, түк үмүтүн үзбөй жүргөндүгүн, Гийоме тирүү экендигин укканда жаш баладай кубанып ыйлагандыгын, ошол замат ага учуп жетип, мойнунан кучактап эркелегенин узун түндө уктабай кеп кылганыбызды эстедим! Экзюперинин Сахарады өзгөчө сүйүп, анын кумун алтынга салыштырып, анда жашаган эр жүрөк маврлар, туарегдер менен жолугушуп, алардын үрп-адаты, эрдиги жөнүндө урмат-сый менен жазгандыгын эстедим! Экзюперинин Сахаранын чыныгы акы-

ны жана ырчысы деп баа бергенибизди эстедим!» Биз бул чөлдү чындап суйдүк... Алгач чөл ың-жыңсыз ээн болуп көрүнөт, анткени ал биринчи көргөн адамга өзүнүн ички сырын ача койбойт... Анткени биз жакта да ар кандай айыл чоочун көздөн өзүнүн сырын жашырат эмеспи... Чөл үчүн башка дүйнөнү унутуп, анын урп-адатын, салттарын, чыратактарын жан дилиң менен баалабасаң, эч качан аны мекендеген адамдарды түшүнбөйсүң. Же болбосо биз менен коңшу жашаган адам өзүнүн жер кепесине кирип, сырын эч бир жанга билгизбей жалгыз жашап жүрөт дейт, анын турмушу биз үчүн Тибеттин чөлүндөй бизге табышмак, ага эч кандай самолёт менен учуп жетпейсиң... Анын жер кепесине кирүү керекпи? Ал түшүнүксүз. Адамдын сыры – анын ичинде. Ошол сыяктуу эрме чөл кум да эмес, туарегдер да эмес. Бүгүн бир нерсени түшүндүк: өзүбүз тапкан кудук жөнүндө ойлогон сайын бүткүл айланабыз жаркырап көрүнгөнсүйт. Аялзат гана үйдү ушундай өзгөртүп жиберет. Кудукту сүйүүдөй алыстан жүрөгүн менен сезесин. Биз оюндун эрежесине баш ийдик, чөл бизди да өзгөрттү. Эми Сахара – биздин өзүбүз болуп калды. «Сахараны түшүнүш үчүн бак-даракту жеринде болуу. аздык кылат, анын суусун кудайдай көрүү керек» – деген даанышман сөздөрүн эске салдым.

Ушу чөлдө бир кезде, тропикалык токойлор жыш болгон экен. Мезгил өткөн сайын аба ырайы кескин өзгөрүп, жаанчачын аз түшүп, тропикалык айбандар менен өсүмдүктөр жоюла баштайт. Эмне үчүн? Көчмөн уруулар Африканын тереңине өтүш үчүн жолундагы даректарды кыйратышкан. Малдардын сансыз үйүрлөрү чөптөрдү тебелешип, мойсоп жиберишкен. Жерди ур токмокко алып, жапайы мамиле кылуу топурактын күчүн кетирген. Токойлордун кыйрашы, жаан-чачындардын азайышы акырындап Сахараны ушул абалга келтирген. Бул жөнүндө англиялык окумуштуу Ричард Бейкео өз эмгегинде ишенимдүү жазган. «Мындан жетимиш миллион жыл мурда Сахараны дениз каптап турган» – деген көз караш илимде өкүм сүрөт экен. Ушул тарыхый чындыктарды ойлоп отуруп, бу биздин көгүлтүр асмандын астында өзгөрбөгөн,талкаланбаган, жок болбогон эч нерсе жок экенине бир гана керемети күчтүү күн өзү жалгыз күбө сыяктанат.

Күн кылкылдап батып баратканда Сахаранын Эль-Уед шаарынын имараттарынын куполдуу чокулары алыстан

көрүндү. Бул шаар атактуу архитектор Гаганын проектисинде салыныптыр.

– Шаарлардын мүнөзү да айрым учурда адамдарга окшошуп кетет,– деп сөзүн улантты жол ката унчукпай отурган Тахир Бенайша, дүйнөдө баатыр, керен, март, шайыр, назик, кең пейил, сараң шаарлар бар. Биз кирип бараткан Эль-Уедке бир сөз менен мүнөздөмө берсек – бул токтоолуктун шаары. Бул шаардын адамдары ачык мүнөз, ырайымдуу болушат, ошондой эле бул шаардын тарыхында поэзия ардактуу орунду ээлейт. Бул шаарда алжирдин көрүнүктүү революционерлер – коммунисттери төрөлгөн, колуна курал кармап француздук баскынчылар менен күрөшүп, көпчүлүгү баатырдык менен курман болушкан. Азыр бул шаарда 1938-жылдан бери коммунист жана элдик мугалим Барримеид жашайт. Ал өз учурунда француздук баскынчылардын зомбулугуна каршы тамеки өстүргөн алжирлик дыйкандардын көтөрүлүшүнө жетекчилик кылган. Бул күрөш үч жылга (1947–1950) созулуп, ар кандай үстөмдүккө карабай, эзүүчүлөргө тамеки тапшырышкан эмес. Экинчи рабай жеңишке ээ болгон, көтөрүшчүлөр ачка калганына коммунист Бенамуди француз тилинде чыккан «Адамдын укугун коргоо» газетасынын биринчи редактору болгон. Бул газетада курч мүнөздөгү сатиралык макалалар, фельетондор көп жарыяланып, үстөмдүк кылуучу баскынчылардын жанын кашайткан. Бенамуди 1936-жылы түрмөдөгү залимдиктен курман болгон. Үчүнчү коммунист Мухаммед Алианд тирүү кезинде акындардын эмири ардактуу наамга ээ болгон. Ал жыл сайынкы акындардын фестивалында чоң сыйлык алып турган. Ал көпчүлүк дивандарында алжир элинин француздук баскынчыларга жүргүзгөн баатырдык күрөшүн сүрөттөгөн. Ушул шаарда 22 адамдан турган комитети түзүлүп, аны Абдулшайык башкарган, алардын кандуу күрөшү төрт күнгө созулуп, көпчүлүгү окко учуп, ошолордон азыр үчөөсү тирүү экен. Дагы он эки кишиден турган көтөрүлүш болуп, алардын саны кырк сегизге жеткен. Алар капыстан француздардын аскер казармасын басып алышып, чоң ийгиликке жетишкен, алардын колунан 1300 француздук жоокерлер кыйраган.

Эртеси мен күн чыга электе бул шаардын тар көчөлөрүн өзүм аралап жүрдүм, тан эртең менен эшек арабасына жашылчаларын салып алып базарга бара жаткан адамдарды, мектепке шашып бара жаткан уландарды, кыздарды көрдүм.

Бойго жеткен кыздардын бетин жоолук менен чүмкөп, көзүнүн кыйыгы менен өткөн-кеткендерди кылгыра караган кыздарды да кезиктирдим. Мен Алжирге келгенимден бери башымдан ак калпакты түшүрбөй кийип жүрдүм. Бардык жерде менин чоочун экенимди заматта биле коюшуп, карап калышканын көп байкадым. Мен басынып калбай, ансайын сыймыктанып, башымды бийик көтөрө баса берем.

Бул шаардан кетер алдында, күн шашке болгондо базарга бардык. Базарды аралап өтүп, кайра кайтканда үч бурчтуу эски имараттын жанында Тахир Бенайша кылчактап кете албай туруп калды. Көрсө себеби бар экен. Ал 1952-жылы ушул имаратта алтай ай түрмөдө жатып, көрбөгөндү көрүптүр.– Кантсе да көзгө «жылуу» көрүнөт. Бул шаарга келген сайын, сөзсүз бул жерге атайы келем да, көпкө унчукпай турам. Анткени бул имаратта каным төгүлгөн. Кан төгүлгөн жер дайыма ыйык – деп Тахир бизди сынагандай карап койду.

Биз бул адамдын эмне үчүн түнт, кайда болсо ойлуу жүргөн себебин түшүнгөндөй баш ийкедик.

Миң чакырымдан артык сапар тарттык, дагы эле жолдобуз, жетип токтор шаарыбыз Гардай али жердин түбүндө дейт... Жол түгөнбөйт, жол узун... Алжир шаарында жүргөнүмдө мейманкананын короосундагы жайнап өскөн роза гүлдөрүнө суктанып, үй ээлеринен Сахарада роза өсөбү? – деп сурасам, алар ойлонуп турбай, шыдыр эле «Сахаранын өзгөчө роза гүлү бар, аны көрөсүздөр»– деп жооп беришкен. Жол жүргөнүбүзгө эки күн болду, шаарларын аралап, чөлүн тең жарып келе жатабыз, бирок азырынча Сахаранын розасы көзгө көрүнө элек... Биз какыраган чөлдө келе жатканбыз. Алыстан үй кепе, анын жанында турган ар түрдүү машиналарды көрдүк. Тахир Бенайша мага кайрылып: – Сиздер азыр Сахарада өскөн роза гүлдөрүн көрөсүздөр– деди. Ырасында ушул жылан турбас куу чөлдө роза гүлү кантип өссүн? – деп ар ким ойлонушу мүмкүн. Биз машинадан түшүп, эл жамырап турган жакка бет алдык. Бет алдыбызда кыпкызыл түстүү өзгөчө таштар жапылып жатат, биринен бири кооз, биринен бири көрк талашып, күн нурунда көздүн моокумун кандырат. Бул түстүү кооз таштар аптаптын ысыгында кумдун арасынан бөлүнүп чыгып, ушундай кереметке айланат экен! Бул таштарды адамдар адам буту баспаган жерлерден издеп жүрүп, жыйнап келип, ушул хан жолунун боюна тизип коюп сатышат экен... Ушул жолдон

өткөндөр токтошуп, өздөрүнө жаккан бул сейрек учурачу Сахаранын асыл таштарын базарлык катары сатып алышат экен. Биз дагы арасынан өзүбүзгө жаккандын тандап алдык. Өзгөчө биздин тилмечибиз Олег беш-алты килодой сатып алды, ал москвалык досторум жөнөрүмдө атайы сураныпкан, аларды кубантам деди. Ал жерден аттанып, жол узай бергенде Тахир мындай кыска легенда айтып берди: калп, чын экенин билбейм, өз көзүм менен көргөнүм жок, көргөндөрдөн уктум. Сахарада бир-эки жыл катары менен жаан жаабай, кургакчылык өкүм сүрүп, анан адамдар кудайдан үмүтүн үзгөн мезгилде, кайдан, жайдан кара булут асманды каптан, катуу жамгыр төгөт, жаан кээде бир жумага уланат, бул чөлдө көлдөр пайда болот, селдер жүрөт, кумдардын арасынан кылайып тулаң чөптөр өнүп чыгат. Ошондой жаандуу күндөрдө адамдын буту баспаган кумдардын бетинде жалгыз роза гүлү чыгат дейт, ал ар кандай адамдын көзүнө эле көрүнө койбойт, ал ак сүйүүнү эч качан кирдетпеген, махабатты жүрөгүндө таза сактаган гана эркек менен аялга көрүнөт имиш... Ошондой жамгыр өткөндөн кийин сахаралык кыз-келиндер, жигиттер роза гүлүн издеп чыгышат. Сүйүүнү таза сактабагандар канчалык шымалынып издешсе да, буттарынын алдында турган роза гүлдөрүн көрүшпөйт дейт. Ал эми махабаттын лейлилери менен мажнундары аны заматта көрүшөт имиш.

Эх, ушул легенда чын болсо, мен өзүмдүн Лалаханыма тартынбай жамгырдан кийин Сахарада Мажнундай болуп пияда жүрүп, ошол жалгыз өскөн роза гүлүн издер элем, ал сөзсүз мага көрүнмөк, анткени, азиз досум, Лалаханга болгон менин сүйүүм көздүн жашындай ысык жана таза экенин сен билесин го! Бул күндөрү Сахаранын асманын канчалык үмүт менен жамгыр күтүп карасам да, күн бүркөлүп, жамгыр төгө турган түрү жок, эми кантем?...

Биздин машина Сахарада күндүн артынан кубалап жетчүдөй чымын-куюн болот... Тигине, бет мандайдагы кумдуу чөлдөрдө көкмөк тунук көлдөр жайнап көрүнө баштады. Карасаң биринен бири кооз, бири сонун! Акактап, көзүбүз бир ууртам суудан өтүп баратканда, алдыңдан көйкөлгөн көкмөк көл көрүнсө, анда кантип кубанбайсың! Биздин машина канаттуу куштай сызса да, ал көлдөргө эч качан жете албайт! Ал көл эмес, ал жолоочуларды алдаган закым деген! Ал закымга жетебиз деп, бул Сахарада канча адамдар көр болгон, ара жолдо калган мун-зарын айтып, боздоп ыйлаган! Азыр биз дагы ошол закымды такымдап бара жатабыз. Адам түшкүр акылы менен билип турса да, көп учурда кур элеске ишенет, жетемин деп закым кубалайт! Алды тарапта жайкалып жаткан көлдөр эмес, закым экенин билип турсак да, көңүлүбүздүн бир бурчунда, кокус көл болуп жүрбөсүн, көл болуп калсачы – деп ширин кыялга берилебиз. Адам баласы өмүрүндө да ушундай жалган элестерге ишенип, закым кубалап, канча ааламдардан көңүл калып, ишеничи жоголуп, катаал турмуштун караандай чындыгын көрүп, нукура реалист болот.

Айтууга Караганда бул Сахаранын байыркы замандан бери күн көрүп, анын маданиятын өнүктүргөн аборигендер – берберлер болгон. Алар куюндуу чөлдө кажыбас кайрат менен жашаган эр жүрөк калк. Бул жерди арабдар басып алганда да, алар өз тендигин, динин, салтын коргоп, көп жылдар каршылык көрсөткөн. Ушул убакка чейин бербер рассасынан чыккан туарегдердин арасында өз тилин, үрп адатын сактагандар көп дейт. Туарегдер малчылык менен күн көргөн эл. Бир заманда, Сахарада жырткычтар, жапайы айбандар мол кезде алар мергенчилик менен оокат кылышкан дейт. Бара-бара алар түгөнгөндө туарегдердин айласы куруп, мал чарбачылыкка өткөн дейт.

Бирок какыраган чөлдө мал багуу канчалык азап экенин элестетуу кыйын эмес. Кургакчылык жылдарда туарегдер чөлдөн мал оттой турган жайыт издешип, үч-төрт жүз чакырым аралыкты басып өтүүгө мажбур болушкан. Өткөн замандарда туарегдер соодагер кербендерден налог алып, ошонун эсебинен күн көрүшкөн, көп учурда жортуулга чыгышып, каракчылык кылышкан. Сахарадагы каардуу турмуш туарегдердин эркектерин кара мүртөз, эр жүрөк, шамдагай, тунт болууга мажбур кылган. Туарегдердин аялдары бетин жашырбайт, ал эми эркектери он сегиз жаштан тартып куну-туну бетин жоолук менен чумкөп жүрөт, туарегдин көзү гана көрунуш керек. Бул салт кантип пайда болгону тууралуу ар турдуу уламыштар бар. Уламыштын бири мындай мазмунда экен: илгери-илгери заманда туарегдер варгла элине каршы согушка кетет. Аялдары эркектер чоң олжо менен кайтып келет деп, эң жакшы кийимдерин кийишип, бий бийлешип, ырдашып, алардын жолун карашат. Ана келет, мына келет деп көп күн өтөт. Тилекке каршы, эркектер жортуулдан минген төөлөрүнөн ажырап, жөө кайтышат, көпчүлүгү колго тушуп, кул болуп кетишиптир.

Ошондо туарегдик аялдар шүмүрөйгөн эркектердин кебетелерин карап турушуп, жандары ачып, өздөрүнүн жүзүн жашырган жоолуктарын сыйрып алышып: – Силер кайсы бетиңер менен эл-журттун бетин карайсыңар? Мынакей, мындан ары биздин ордубузда жоолук салып жүргүлө – дешип, аларга шарт коюшуп, ошол замандан тартып эркектери жоолук салынып, аялдары жузун жашырбай журуп калышыптыр... Ооба, дүйнөдө канча эл болсо, ошончо салт деп, бекер айтпаса керек билгендер. Туарегдердин жамаатында аялдар өзгөчө орунду ээлейт. Балдардын эң жакын тууганы жана мурасчысы атасы эмес, аялдын бир тууганы эсептелет. Эреже катары туарегдердин эркектери эмес, аялдары кат тааныган, арасынан таланттуу акындар чыгышкан. Туарегдерде дагы бир «ахалы» деген жакшы салт бар экен. Бул оюндун эрежеси боюнча өзүнчө чатыр тигилип, анда кечинде үйлөнө элек кыз, жигиттер топтолушуп, ырдашат. «Ахалы» оюнун күйөөгө тие элек аял башкарып, жаштар чектен чыгып кетпес үчүн катуу көз салат экен. Таң аткыча кыз менен жигиттер алым-сабак ырдашып, күү тартышып, бир-бирине болгон арзууларын, көкүрөк сырларын чыгарып, айрымдары ушул оюнда өздөрүнө өмүрлүк жолдош табышат экен...

Бул кечинде Сахаранын атактуу Туггурт шаарында түнөдүк да, эртеси курма өстүргөн чоң чарбага бардык. Туггуртта элүү миңден ашык эл жашап, аймагында эки жарым миллиондон ашык курма өсөт экен. Туггурт Сахарадагы эң байыркы шаарлардын бири экен, анын маданиятынын таасири бүткүл африкага белгилүү, Сахарада маданият дарыянын багыты менен аныкталат дейт, бул дагы кокустук эмес, анткени суу бар жерде жашоо бар, тиричилик бар жерде адам бар, адам бар, жерде акыл бар, акыл бар жерде маданият бар... Курма чарбасынын башчысы Мухаммед Сихр кырктар чамасындагы орто бойлуу арык чырай киши экен. Ал бизди өтө кичипейил тосуп алып, өзүнүн чакан кабинетинде курманын маанисн, анын өзгөчөлүгү, түшүмү жөнүндө кеңири айтып берди. Курма Сахарада жашагандардын жеген наны, даны болуп эсептелет. Курманын эки жүздөн ашык сорттору бар экен.

Пальманын бир түбүнөн жүз кило түшүм алынат. Бирок курма өтө көп эмгекти талап кылган өсүмдүк. Өз учурунда карап, сугарып туруу керек, бир жеринен «таарынтып» койсоң түшүм бербейт. Курма тигилгенден жети жыл

өткөндөн кийин түшүм алат. Ушул жети жыл бою курманын көчөтүн өтө этияттык менен караш керек экен. Бизди курма өскөн талаага алып барды. Биз курманы шаты коюп терип жаткан дыйкандардын устүнөн чыктык. Бул чарбанын башчысы Хервун Мухаммед бийик курмадан жаш баладай чапчаң түшүп, баарыбыз менен элпек учурашып, анан колдында иштеген феллахтардын иши жөнүндө баяндай башгеп программанын негизинде бул жерге да үйлөр курулуп, көчмөн бедуиндер топтолушуп, чарбада куруптур. Мамлекет трактор, транспорт, суу берди. Бул феллахтардын жаматына мүчө болуп киргендердин ар бири символикалык акы төлөшүүгө милдеттүү. Өткөн жылы курмадан эң жогорку түшүм алып, Алжирдин борборунда болгон көрсөтмөдө алтын медалга ээ болушуптур. Анын карамагында 300 феллах иштейт, бул жамаатты жети кишиден турган совет башкарат. Ал өзү шаты менен көтөрүлүп, курманын кыл чокусунан келген меймандардын ар бирине деглет нур сортунан бирден шак кесип, аларды өтө этияттык менен кагаз идишке ороп жатып:

– Бул курманы үй-бүлөңүздөргө ала барыцыздар, балдарыңыздар, тааныш досторуңар ооз тийсин. Биз алжирликтер француз баскынчыларына каршы күрөш жүргүзуп жаткан мезгилдеги совет элинин чыныгы жардамын жана достугун эч качан унутпайбыз! Азыр америкалык чөйрөлөр «жылдыз согушунун» отун тутантып жатканда биздин ойтилегибиз тынчтык үчүн күрөшкөн совет эли тарабында деди. Сахаранын алыскы чөлүндөгү чала сабатсыз алжир феллахынын дүйнөлүк саясат жөнүндө өз пикирин айтып, биздин өлкөнүн тынчтык саясатын жактаганын укканыбызда, биз абдан сыймыктуу боло түштүк. Анткени жөнөкөй адамдар кандай көз карашта жана динде болбосун, алар чындык кайда экенин түшүнгөнү чоң ийгилик. Ушул айманта азыр деле бир карыя алжир коммунист жашайт имиш. Ал согуштан кийин америкалык империалисттер согуш отун тутантып, бүткүл дүйнөнү багындырууга аракет кылып,дүйнөнүн акниет адамдары баш кошушуп, тынчтык үчүн күрөш жүргүзгөнү баарына маалым. Ошол алжир коммунисти эл арасында үгүт жүргүзүп, чогулуштарда: «Тынчтык согушту жеңет деп жар салчу экен. Андан бери далай заман өттү, дүйнөдө көп өзгөрүштөр болду. Бирок ошол Сахаралык алжир коммунисти азыр да өзүнүн чакырыгы-

нан тайбай: «Тынчтык согушту жеңет! Сталин Трумендн
жеңет!» деп кыйкырып жүрүптүр... Ал Сталиндин өлгөнүнө
да ишенбейт экен... Алжирлик достор ошол коммунисттин
позициясына кандай карайсыз деп мага кайрылышты. Тру-
мен америкалык монополисттердин кызыкчылыгын жан
дили менен жактап, алардын жан жөөкөрү болгон, ал эми
Сталин өзүнүн айрым олуттуу кетирген кемчиликтери-
не карабай жумушчу менен дыйкандар табынын таламын
жан дили менен талашкан, коммунисттик улуу идеал үчүн
бүткүл өмүрүн арнаган көрүнүктүү ишмер. Алжирлик ка-
рыя коммунисттин азыркы күндөгү эски чакырыгын мен эң
туура жана адилет деп эсептеймин, ал кишиге биздин чакан
делегациянын атынан бир туугандык салам айтып койгу-
ла! – дедим. Советтер Союзунун чыныгы досу ошол кишини
өзүн көрүп, колун бекем кыспаганга өкүндүм. Өзүнүн рево-
люциялык идеялдарына ушунчалык бекем ишенген, анын
иш жүзүнө ашышы үчүн ар кандай азапка барган эр жүрөк
адамдар болбосо, бул дүйнө алда канча кунарсыз жана жар-
ды болмок!

Туггурттан Гардайга чейинки алыскы аралыкта көзгө
урунган талаанын көрүнүшү – баягы эле какырап жаткан
кумдуу чөл. Кумдуу чөл да жакшылап карасаң ландшафтын
улам өзгөртүп турат экен. Сахаранын өзүнө жараша тоо-
су, дөбөлөрү, ойдуңдары бар, бирок шаркырап агып жаткан
арыктагы сууну көргөндө, ушундай асыл нерсени эмне үчүн
кор кылышат деп нааразы болгондуктарын укkан жайы-
быз бар. Дагы эле болжогон Гардай кайдасың деп зымырап
жол журуп баратабыз. Деги бул биз барып токтоп, кайта
турган Гардай шаары Сахаранын тубүндө белем? Айлана-
га карасаң кээ бир жерлерде, өзгөчө ойдуңдарда (анткени
мындай жерлерге жамгыр жааганда суулар топтолуп, көлгө
айланып, нымдуулук көпкө сакталат экен) жыш өскөн кур-
малардын бактарын көрөсүң. Азыр курмалардын шагы ий-
илип бышкан кези экен, мөмөлөрү шактарында сапсары бо-
луп бышып, жүзүмдүн шпңгилиндей жер саландап турат.
Арабдардын элдик ырларында курманын образы өтө терен
иштелип, аялзаттын сулуулугу, назиктиги, чыдамдуулугу
менен байланыштырылат экен.

Сахарада кумдар улам жылып, эл жашаган айылдарга
улам жакындап, топурактуу аянттарды жалмап кетүү кор-
кунучу бар экенин биз ушул жолу өз көзүбүз менен көрдүк.
Катуу бороон же шамал жүргөн учурларда кумдун чоң тил-

келери асфальтталган жолду биротоло басып, транспорт
жүрбөй, кыймыл токтоп калган учурлар көп болот. Ошон
үчүн кумдардын жолун тропикалык даректар менен тосу-
шат. Бул көрүнүш өзгөчө эл жашаган айылдар- да көп ке-
зигет.

Биз кечке маал болжогон жерибиз Гардай шаарына же-
тип, бийик дөбөдө турган мейманкана «Рестемидага» жай-
ланыштык. Мейманкана өзүнүн даражасы боюнча биринчи
класс деген атагы бар экен, анда негизинен чет өлкөлүк ту-
ристтер турушат. Кун абдан ысык болгондуктан, мейманка-
нанын ортосундагы үстү ачык короого бассейин курушуп,
ал күнү-түнү иштеп, аптаптан алы кургаган туристтер акча
төлөп киринишет. Бассейиндин суусу көкмөк, билбеген
адам агын суу деп ойлойт. Жок андай эмес, сууну артезиан
кудугунан алышат. Бул мейманкананын ар бир номеринде
ар дайым таза идиште суу даярдалып коюлат. Намаз окуй
турган мусулман турса, даарат алынсын деген максат менен
идишке суу коюлат. Айтууга Караганда, бул мейманкана-
нын имаратын француздар атканага айландырышып, бул
жерде алжирлик патриотторду аябай катуу суракка алып,
залимдик менен сабап, көп учурда өлүм жазасына буюруп,
өкүмдү ушул жерде иш жүзүнө аткарышчу экен...

Гардай төрт тарабынан бөксө төбөлөр менен курчалган
байыркы шаар, анын курулганына жети кылым болуп, ал
көп тарыхый окуяларга күбө болгон дейт. Уламышка кара-
ганда, бул шаардын аты байыркы замандагы эн сулуу жана
акылдуу аялдын ысмы менен байланыштуу дешет.

Бул атактуу шаарга келгендин эртеси бизди атайы Гар-
дай шаарынын сыртындагы суу сактагычка алып барышты.
Азыр анда бир тамчы да суу жок какшып туруптур. Кы-
шында кар мол жаап, жазында эригенде, бул дамбага суу
толот. Ошондо бул суунун бир тамчысын коротпой, адамдар
бөлүштүрүп алып, өздөрүнүн бак-даректарын, жер- жемиш-
терин сугарыш үчүн буруп кетет. Бул дамбанын курулга-
нына көп кылым болуптур, суу талашып, анын жанында
кандуу чатактар көп өткөн. Суу бардык адамга бирдей ак-
сын үчүн, атайы суу өлчөгүч белгилер табылыптыр. Шаарда
негизинен курма, анар, анжир өсөт экен. Мындай агын суу
танкыс жерде жер-жемиш, бак-дарак өстүрүш үчүн канча
эмгек, канча аракет, канча өнөр талап кылынарын элестете-
тип гана көрүү керек!

Алжирлик достор бизди дүйнөгө атагы чыккан Гардайдын базарына алып барды. Тахир Бенайша Гардайдын соодагерлери өтө зыкым болот, алар менен соодалашуу өтө татаал нерсе, анткени, алар бир тыйын кем эч качан товарларын сатпайт, тырышып отура берет деп эскерткен. Ырасында, Гардайдын базарында түрдүү буюмдар көз уялтат. Гардайлыктар ар турдуу килемдерди согуп, негизинен ошонун эсебинен күн көрүшөт экен. Биз базардан арабдын ар түрдүү килемдерин көрдүк, албасак да, баасын сурадык, кандай токулушун билгибиз келди. Айрыкча, биздин сапардаш Алаханум аял эмеспи, «кыздын көзү кызылда» дегенден, килемдердин жанынан такыр жылалбай, улам токтоп, соодагерлерге улам ар түрдүү суроолорду берип жатты. Мындай атактуу чыгыш шаарынан куру кол чыгуу кудайга жакмак беле деп, биз эркектер да көзгө жылуу көрүнгөн буюмдардын жанынан кыя өтө албай, кармалаган учурларыбыз болду. Алыста жол караган тууган-уруктарга, бала-чакаларга атап анча-мынча базарлык алып, ансыз деле саналуу динарыбызды аргасыздан азайтып, «аттиңай, тигинисин акча коротуп алдым бейм» деп ичибизден кейип жүргөндөрүбүз да жок эмес... Ошол күнү Гардайдын элдик зоопаркына бардык. Бул мамлекеттик эмес, жеке менчик ажайыпкана экен. Мамлекет мындай жеке менчик ажайыпкана кармап, жырткычтарды, ар түрдүү жаныбарларды өз каражатына асыраган кишилерге кошумча каражат бөлүп, аларга жардам берет экен. Бул ажайып кананын ээси жетимиштерге жетип калган сакал-муруту сейрек өскөн чал экен. Ал өз колундагы тоту куш, жапаны төө, карышкыр, ар түрдүү жыландар, ташбакалар, ачкемер, кескелдириктер, эчки ж. б. айбанаттарга эркин жасаган мамилесин көрсөттү.

Кечке жуук, кун батууга жарым сааттай калганда, биз Гардайдын жыландай ийри-буйру тар көчөлөрун аралап оттуруп, араб дүйнөсүндөгү атактуу мусулман китепканасына бардык. Ал китепкананын тарыхый мааниси бар экен. Аны курандын a1нкан билерманы, мусулман илиминдеги чон окумуштуу Тифлейш Мухаммед негиздептир. Ал шайыктын учурунда бул китепкананын атагы алыска угулуп, андан сабак алыш үчүн араб өлкөлөрүнөн жүздөгөн шакирттер келишип, андан таалим-тарбия алышкан дейт. Француздар үстөмдүк кылып турганда, бул китепкана жашырын абалда болуп, улуттук патриоттук күрөштүн борборуна айланыптыр. Азыр жаштар үчүн анын эшиги ачык экен, чет

өлкөлүк меймандар дайыма келишип, кызыгуу менен анын эшигин атташат. Ошолордун бири катары биз да китепкананын фонунда кызыгып, ар түрдүү суроо- лорду жаадырдык. Бирок, күн батып бара жаткандыктанбы, алжирлик жолдоштор шаштырып, эмне үчүндүр тынчсыздана баштады. Китепкананын ээлери да улам байкатпай сааттарына карашат. Биз шашылыш кош айтышып, сыртка чыктык. Мындан бир саатча мурда кишилер толгон көчөлөр, базарда соодалашкан соодагерлер көздөн кайым болуптур... Биз таң калдык. Бенайшанын айтуусуна караганда, ибадиттер жаматынын салты боюнча күн батарда эч ким көчөлөрдө топтолушпайт, намаз окуш керек экен. Биз ошол учурга туш келиппиз...

Азиз досум! Алжирлик сапар да карып, эртеге кайра Алжир шаарына, андан ары Ата журтка кайтабыз! Бүгүн айдын он беши экен, ай жаныбар сапсары болуп толукшуп мандайда жылып баратат. Шаар тынч уйкуда. Элүү миңдей эл жашаган шаарда жаштардын үнү, күлкүсү угулбайт. Айлана тыптынч. Ибадиттер жамаатынын салтын бекем кармаган жаштар бир-бири менен жолугушпай, сүйүү жолугушулары аларда болбойбу? Же ушул туюк көчөлөрдө да алар бир-бирине жол табышып, көкүрөк сырларын айтышабы?

Элдин баары катуу уйкуда, а мен болсом сага жазган катымды аяктап, терезеден уктап жаткан Гардай шаарына көз жиберип, эртеңки күндүн атышын күтөм... Эртең алыс жол жүрөбүз. Көрүшкөнчө эсен бол, мүмкүн бул катымдан мурда өзүм жетип барармын...

МЕНИН АЙЫЛЫМ

Ар бир адамдын оңойлук менен эс-кыялынан көтөрүлбөгөн, дайыма көз алдына тартылып, жүрөгүн тызылдатып кусалантткан кереметтүү туулган айылы бар эмеспи! Ошол киндик каны тамган, сенин оюң-күлкүлүү бала чагың өткөн, коён жатагынга чейин жат билген өз айылыңды эч качан унуталбайсың!.. Ал эмес өз айылында бармактайыңдан ысык-суугуңа күйүп, алпештеп өстүргөн апаң жашап турса, башка бирөөгө комсоо көрүнгөн айылың — сен үчүн дуйнөдөгү эң ыйык мекен.

Мейли сансыз театрлуу, оюн-күлкүлүү, көчөлөрү тап-таза, имараттары асман мелжиген эң ажайып шаарда окубагын, жашабагын алыскы тоо арасындагы айылыңды, жайында коктуларына козу-улагы батпай, кулагыңдын кужурун алып мааракан айылыңды өзгөчө сагыныч, жылуу сезим, сыймык менен эстейсиң!

Кээде уйкуң качып, түнү тынчың кеткенде, атаңдын гөрү) ушул ызы-чуулу шаардагы үйдө кыйналып-кыстал-бай туулган айылда эле шофер же тракторист болуп иштеп жүрсөм уйкум да таттуу болмок, мына минтип улам уйку дарысын жутуп, отурмак да эмесмин! — деп айлыңдан окуу издеп кеткениңе кейип-кепчип да аласың. Ошол замат көзүңдү жумсаң, алыскы тоо арасындагы бак-даракка чөмүлгөн айылың элестейт. Ооба, айылыңдагы катар тигилген мырза теректердин жалбыректарынын шуулдаганы, анын астындагы арыкта шылдырап аккан муздак суунун тунук дабышы, ал турмак караңгы түндө сакчылык кылып, улам кулак түрүп, үргөн иттердин үндөрү кулагыңа угулгансыйт. Ошондо сенин жүрөгүңдү кусалантткан түгөнгүс сагыныч кантайт. Сен таң атса эле бардык иштеринди ташстан, жалгыз чемоданыңды көтөрүп, айылды карай чү деп жөнөгүң келет. Бирок эртеси ойгоносуң да, түндөгү бекем убадаңды унутуп, кызматыңа жонөйсүң.

Күндөлүк тиричилик кайрадан башталат!

Сыягы аралыгың туулган айылыңдан улам алыстаган сайын сенин сагынычың да тоо суусундай улам ташкындан, көкүрөгүңдү тепкилей берет бейм!

Ооба, ошондой.

Мындан он беш жыл мурда Москвада окуунун артында жүргөн кезимде бөлмөмдө жалгыз китеп окуп отурамбы, же Чайковский залында Давид Ойстрахтын жүрөктүн кыл тамырларын козгогон кондертин угамбы, же дем алыш күнү шаардын сыртына чыгып, орустун бир ажайып токолорун аралап жүрөмбү, же Монголияга сапарга барып, Гоби чөлүндө жүрөмбү, улам-улам туулган айылымды эстей берем. Эрксизден назик музыка, окуп жаткан китебиң, орус айылы же бозоргон Гоби чөлү сезиминде табышмактуу ассоциация туудурат да, туулган айылыңдын образы көз алдыңа тартылат да, жүрөгүңдө сагыныч өкүм сүрөт. Тез эле туулган айылыңа учуп жеткиң келет, анын боз топурагын кучактап өпкүлөп-өпкүлөп жаткың келет! Копту көргөп карылар туулган жердин топурагы алтын деп бекер айтпаса керек.

Менин айылым — Өсөр.

— Кыргызстандын кайсы бурчунда жайланышкан дейсизби?

— Сиз Ош шаарында болдуңуз беле? Эгер болсоңуз, Оштун батыш жагынан Ноокат жолу кетет. Бул жолду хан жол деп эсептешет. Анткени, ал аркылуу учурунда Александар Македонский, Амир Темур армиялары менен өтүшкөн деген уламыш бар. Албетте, бул эл оозундагы легендалар. Бирок бул жол совет бийлигинин учурунда гана көркүнө келип, элдин жолуна айланды, миңдеген транспорттун жолуна айланды. Бул жол аркылуу Түштүк Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан менен күн сайын байланышып турат. Бул жолдо күн сайын автомобилдер кумурскадай каттайт.

Сиз Кызыл-Кыягабы, Ноокаткабы, жер соорусу Ферганагабы, же атактуу Кокон шаарына баргыңыз келсе, тийиштүү автобуска түшөсүз да, жанагы атактуу жол менен сапар тартасыз.

Сапарыңыз ачылсын.

Тез эле Жапалакты басып өтүп, Узун-Мурун жылгасы менен орлоп зымырап отурасың. Атам заманда жоо жүргөндөр, кыбырап эшек мингендер жолу арбыбай бул жылгага Узун-Мурун деп ат коюшкан экен. Чынында эле, улоосуз адамга бул Узун-Мурун кыбырап жол жүрө бересиң, улам кадам таштай бересиң, бирок, Узун-Мурундун кучагынан суурулуп чыга албайсың. Бала кезде мен да Узун-Мурун менен көп жөө жүргөнмүн, эшекчен жүргөнмүн, арабачан эгин салып жүргөнмүн, оо, жолум арбычу эмес.

Ал эми алдыда төрт дөңгөлөктүү тулпары бар жургунчу Узун-Мурунду ой-капарына албай өтөт да, андан ары Кара-Ташты басып, Ноокаттын атактуу бийик белине туш келет. Ноокаттын бийик бели кар улуу түшкөн жылдары азыр дале жүк, пассажир ташыган шоферлорго ары машакаттуу, ары коркунучтуу жол! Бул белдин чокусуна чыккандан кийин, менин айылыма түз барасың. Кызыл кызыл тоолорду таң калып карап отуруп, менин айылыма зуулдап кирип келгениңерди билбей каласыз!

Онунчу классты бүтүп, айылымдан окуу издеп» кеткениме, жыйырма беш жылдан ашык мезгил өтүптүр. Бул аралыкта, айылыма жылдын түрдүү мезгилинде, түрдүү кырагымда кон келдим.

Түнү келем, күндүзү келем, кышында келем, жайында келем — дайыма Ноокаттын бийик белинен ашканымда көкүрөгүмө кубаныч батпай, элөөрүп кетем. «Мынакей, айылыма аз калды. Кандай болуп калды экен? Эмне өзгөрүштөр болду экен?» — деп жаш баладай туйлап, бүткүл эси дартым айылыма аралашып кетет.

Кыска-Кырколдон автобус атырылып чыгар замат көз алдымда айылымдын бүткүл аймагы, бак-дарагы, дөңсөөлөрү, ойлору, түз талаалары тартыла түшөт! Аркыраган шамал бетке уруп жеңилдей түшөм. Заматта түрдүү эскермелердин кучагында калам, мен үчүн бул айылдын ар бир үйү, ар бир адамы, ар бир дөңсөөсү, ар бир ташы жандуу тарых, айтып бүткүс узун жомок, узун эскермелер.

Менин айылым — менин эскермелерим!

Менин айлым да Совет бийлигинин учурунда көркүнө келди, таанылгыстай өзгөрдү. Таанылгыстай дейсиңби? Ооба, таанылгыстай. Эгерде мындан элүү жыл мурда башка тарапка биздин айылдан кеткен киши бүгүн кайрылып келсе, албетте, таанылбай калмак. Бирок биз кээде адабиятта өтө апыртып жиберген учурларыбыз да болот. Эсимде, согуштан кийин кайсы бир жөндөмдүү жаш акыныбыз (азыр ал эсен-соо, элүүдөн ашып калды) эки-үч жыл башка шаарда окуп, (чаташтырбас үчүн ырдын лирикалык каарманы) өз айылыма келсем баягы мен билген, жашаган чаң баскан боз кыштак жок, анын ордуна заңгыраган имараттар салынган, электр шамы күйгөн, водопровод көрүнгөн кыштакта турат. Кокус башка айылга келип калганмын го деп күмөнсүрөп, эгинге суу жайган күмүш сакал (ал кезде бул эпитет поэзияга көп колдонулчу) дыйкан абасына бул кайсы айыл деп

кайрылат да, аябай уят болот. Көрсө окууга кеткен жаш жигит өз айылына келип, анын өзгөргөнүн көрүп, тааныбай калыптыр. Кийинчерээк өз айылынан адашуу жаш акын дарга адатка айланып, кимиси болсо да өз айылына барат да, адашып кетмей болду. Ал турмак ошол учурда кээ бирлери айылым шаардан айырмасы жок, көчөсү асфальт, түнү ийне жоготуп жиберсең, оңой эле чөптүн арасынан издеп таап аласың, анткени электр шамы күндүзгүдөй (түнкүдөй да эмес) күйүп турат деп ыр жазгандары болду.

Бирок, эл кайдан ишенсин! Согуштан кийинки каат жылдар баарыбызга белгилүү го. Колхозчулар заңгыраган үйлөр салуу эмес, курсактын эптеп-септеп тойгонуна ыраазы болушуп, келечектеги жакшылык күндөргө канаат кылышып, эң татаал шарттарда белди бекем бууп, кайратанып, көп учуру кан жутуп иштешкенин жаап-жашыруу — эл алдындагы, адабият алдындагы кыянатчылык десек болот. Ырас, кээ бир жолдоштор турмуш чындыгы менен искусствонун чындыгынын айырмасы бар деши мүмкүн. Талаш жок, турмушта болгондун бардыгы эле, көзгө урунгандын бардыгы — искусство чындыгына айланбайт. Бирок, ошол эки чындык бир биринен такыр ажырап калган Күкүк менен Зейнеп эмес да. Искусство чындыгынын чындыгы. «Искусстводо, адабиятта сүйүүдөгүдөй эле белгилүү ченемге чейин калп айтууга болот, анан эртеби-кечпи чындыкты айтууга мажбур болосуң» деген орустун улуу акыны А. Твардовскийдин акылман сөзү эске түшөт.

Айылымдан алыстап, адабиятыбыздын узун сөзүнө түшүп кеттим бейм. Ырас, адабий сөздөр ар кандай учурда көңүлгө кылт эте түшкөн түгөнбөс сөздөр да, сөөккө сиңген кесип да.

Айылымдын мурдагы кебетеси кандай экенин, кайдан билейин. «Ыңкыланка чейин ушу биздин Кара-Кегитте саналуу гана үч-төрт үй бар эле» — деп, апам экерип калчу. Угушума караганда биздин айылдыктар мал менеп күн көрүшүп, азыркы Кыр-Кол адырында кыштоолоп, жайлап жүрүшчү экен, ал эми азыркы айылыбызга жаз учурында гана келишип, дандыкка жүгөрү сээп кетишчү экен. Колхоз уюшула баштаганда эл Кыр-Колдон түшүп, үйлөр салыша баштайт, отурукташа баштайт.

«Туулган жердин топурагы алтын» дейт эл макалы. Менимче, туулган жердин топурагы гана алтын эмес, туулган жердин ар бир бурчу, ар бир тереги, арыгы, кең талаасы,

бала кезде коңүлгө сиңген бир өзүнчө ажайып кызык китеп болсо керек. Өмүрүндө кызыгып окуп, учурунда суктанган китептердин көбүнүн баректары акырындап жүрүп эстен чыгат, ал эми туулган айылдын балалык кезде ысык сезимге жуурулган эскерме китебинин алтын баректары жыл өткөн сайын, өмүр өткөн сайын, эстен чыкпаган сүйүүдөй улам эске түшө берет. Ал эми сен жазуучу болсоң, туулган айылдын балалык эскерүүлөрү, окуялары чыгармачылык үчүн бир түгөнбөгөн кенч, мурас. Улуу жазуучулардын, акындардын ар биринин чыгармаларына көз салып көрөсүң, туулган айылдын, жердин түгөнбөс мүрөк суусу шаркырап, китептеринин көркүн ачып турганын байкайсыңар. Ооба, Пушкиндин, Гоголдун, Тургеневдин, Толстойдун, Горькийдин, Шолоховдун, Ауэзовдун чыгармалары дал ушундай.

Менин айылым...

Мен аны кайсы жашымдан тартып билет болдум экен? Эң алгачкы түрмүштүк деталь, түрмүштүк окуя кайсы?

Ал окуяны эч качан унутпайм.

Мен төрттө болсом керек. Так билбейм. Согуштун алды экенин билем. Сыягы же жай, же күз. Анткени, коон дарбыздар ушул мезгилдерде бышат эмеспи.

Атам дайыма эшек минип, базарга кетет. Мен келишин күтүп, үйүбүздүн үстүндөгү дөңсөөдө күтө берем. Айрыкча келери жакындап калганда, түштөн кийин келер жолунан көзүмдү албайм. Атамдын карааны алыстан көрүнгөндө эле чымын-куюн болуп тызылдап чуркайм. Атам ырамтылык кыдыңдаган көк эшегинин алдына өңөрүп алып маңдайымдан сылап, үрпөйгөн чачтарымдан жыттап белине ороп келген табылгаларын бере баштачу. Кээде тойдон, аштан атайы түйүп келген жилиги, аппак канты, мейизи, өрүгү болор эле.

Бул жолу атам базардан (мен үйдө жок элем силерге калп, мага чын) торпоктой дарбыз сатып келиптир. Ооба, ошол дарбыз торпоктой чоң болчу. Алгач дарбызды көргөнүмдө чочуп кеттим. Анан үйүр алып, дарбызды кармалап көрдүм. Кучагым жетмек турсун, боюм тең келген жок. Керели кечке дарбыздын жанында тегеренип ойноп жүрдүм. Үйдөгүлөр да дарбызга таң калышып: — Ой тобоо, ушундай чоң болот экен ээ,— дешип жакаларын кармап жүрүштү. Атам алып келген базарлыгына ыраазы болуп:

— Мырза чөлдүн дарбызы экен. Талашып атып, араң алып калдым. Сатуучуга ашыгыраак баасын айтсам эле,

алыңыз аксакал деп, береке тап кылды, — деп кеп кылып отурду.

Кечинде тууган-уруктар, коңшулар чогулушуп, бул дарбызды союшуп жемек болушканда мен чоң чыр салдым. — Сойбогула, сойбогула! — деп эмнегедир чырылдап дарбызды баса калдым. — Дарбыз ата-энең беле, биз мандайында отурбайбызбы? — деп анан уруша баштаганда, атам мен тарапты алып:

— Кой, байбиче, наристе баланын көңүлүн калтырба. Боорукер бала болот окшойт. — Анан мени жоошутуп (азыр ойлосом алдаган экен): — Сойбойбуз, бул дарбызды дагы чоңойтобуз, — деди.

Мен ишенип калдым, бирок отургандардын түрүн караатамдын алдында отуруп, кантип уктап кеткенимди билбей калыпмын.

Эртеси көзүмдү жыртып эле. — Дарбыз кайда? — деп чыр салдым.

— Дарбыз аркандап койгон жеринен качып кетиптир, — дешти мага. Мен ишене түштүм. Анткени ал дарбыз ардан үзө турган чоң болчу. Бирок, айбанга чыгып эле дарбыздын почокторун көрдүм да: — Дарбызды союп салыпсыңар! — деп кайрадан чыр салдым. Бечара дарбыздын почоктору эле бир чакага толуптур.

Анан бери көп заман өттү, андан бери эмне деген чоң дарбыздар көрбөдүм, татпадым, бирок андай алп дарбыз кезиктирбедим.

Мүмкүн ал дарбыз деле анчалык чоң болбосо керек, мүмкүн ал наристе кездин учкул кыялынан жаралган кыял-дарбыз болуп жүрбөсүн! Мүмкүн ар кандай көркөм чыгарма художниктин учкул кыялынан ал ошол алп дарбыз сымай жаралып жүрбөсүн?..

Экинчи эстен чыкпаган окуя — каргашалуу күн — 22-июнь. Каргашалуу күн эмне үчүндүр эсимде калыптыр. Сыягы, кубаныч, жакшылык адамдын эсинде аз калып, кайгы, өкүнүч, жабыркоо жүрөккө так салып, адамдын эсинде көбүрөөк калат окшойт.

Ал каргашалуу күнү биздин айылда кайсы бир жаш аял (азыр сураштырып көрсөм, Орунбай акенин зайбы экен) дүйнөдөн кайтып, эл дүрбөлөңгө түшүп, ый, өкүрүк катуу болчу. Ал биздин өлүм менен ишибиз барбы, топтолуп алып,

четтерээкте ойноп жүргөнбүз. Күн түш болгондо ый токтоп, элдин өңү кумсарып:

— Уруш башталыптыр, уруш башталыптыр! Герман кол салыптыр. Уруш, уруш! — деген каардуу сөздөр өрттөй эл аралай түштү. Бир жерде адамдар эки топ болуп урушуп жатышкан экен деп мен ойлодум. Биздин Батыш чек арабызда үйлөр, шаарлар өрттөнүп, фашисттик каракчылар 170 дивизия менен капыстан өлкөбүзгө кол салып, дүйнодөгү эң улуу согуш башталганын кайдан билейин!

Бир убакта атам менен апам ээрчишип, үйдү көздөй жөнөштү. Жолдорун тосуп олтурган мага карап да коюшкан жок. Башка учур болсо таарынып чыр салар белем, бул жолу алардын пахтадай кубарган кебетелерин көрүп, унчукпай ээрчип баратам.

«Балам ай, балам ай! Балам эмне болду экен. Герман жактамын деп кат жазбады беле? Эми көргөн күнүбүз эмне болот?» — деп апам безилдеп ыйлап баратат. Атам да бошуп: «Кемпир кайрат кыл, ааламда кырк жыл кыян болсо, бейажал чымын өлбөйт экен» — дейт, бирок өзү да жүүнү бошоп, араң турат.

Анткени, Бакир акем эки жылдан бери өтө алыс жакта — Белоруссиянын кайсы бир жеринде Советтик Армиянын катарында, аскерде болчу. Мөөнөтү бүтүп, ушул күздө келет деп жол карап жүргөнбүз. Ал тургай акемдин үйлөнө турган колуктусу бар эле.

Ошол каргашалуу күндөн тартып айылдагы окуялар-ды, кабарларды жакшы билем. Менимче, алардын баарын тизмелеп жазуунун кажети жок. Бирок, согуш учурундагы айылымдын жалпы картинасын, жалпы атмосферасын жазууга милдеттүүмүн.

Согуш башталар замат, адамдардын кулк-мүнөздөрү, пейилдери жорук-жосундары эмес, айылдын кебете-кешпири өзгөрө түштү. Айыл кандайдыр көңүлсүз болуп, сузга айланды. Алыстагы согуштун каары, шамалы тез эле биздин айылга жетти. Баягы бейпил кездеги шаңдуу күлкүлөр, оюн-тамашалар кан буугандай токтоду. Баарынан да тез эле тандырларга толо-толо нан жабылбай калды, дасторкондордун үрөйү өчүп, берекеси кетти.

Сыягы, эч качан согуш учурундагы ыйларды, өкүрүктөрдү унуталбайм. Биздин кээ бир адабий чыгармаларда, согушка узатууну тойго жөнөткөндөй жеңил-желпи сүрөттөшүп жүрүшөт. Согушка бара жаткандар да шаңдуу,

узаткандар да көңүлү ачык. Билбейм, башка жерде кандай болгонун, ал эми биздин айылдан жигиттерди согушка узаткан ата-энелердин, жеңелердин, эжелердин кара жерди силкинткен ыйларын укканмын. Ошол түгөнбөс ыйларды согуш кезинде көп угуп, биздин балапан жүрөк да бир жолу кара мерез ташка айланып калса керек. Чынында биздин курактын балалык кези кандуу согуштун оор жылдарына туш келди. Биздин шайдоот балалык күн каргашалуу күн менен тык токтоду. Ал эми согуш жүрөктөрүбүзгө эч качан кеткис заардуу тагын салды десем апырткан болбойм.

Согуш бүткөнүнө отуз жылдан ашып бара жатат. Бул мезгилде жаңы муундар өсүп чыкты, согушта курман болгондордун орду толду, эл толду. Бирок ушул күнгө чейин ошол кездеги кара кагаз келгендеги ата-энелердин боздоп ыйлаган ыйлары, өкүрүктөрү кез-кезде кулагыма угулгансыйт да, денем дүрүлдөп чочуп кетем.

Ооба, кара тер басып, чочуп кетем. Ал ыйларды, өксүүлөрдү курман болгондордун ата-энелери тирүү турган-да, жакын туугандары эсен турганда унутууга мүмкүн эмес. Азыр деле айлыма барганда кан майдандан кайтпай калган уулдарынын дарегин сурашкан, мүмкүн тирүү бардыр, барын биле алдыңбы, балам, деп жалбарып сурашкан карылар менен кездешкенимде: «О бул согуштун тагы тугөнбөйт экен го!» — деп ичимен ойлоном.

Санап көрсөм, биздин айылдын ар бир түтүнүнөн жоокер согушка кеткен экен. Кээ биринен экиден-үчтөн кетиптир. Бир эле биздин үйдөн үчөө кан майданга барып, үчөө тең оор жарадар болуп кайтты. Хамза акем ошол согуштун жаратынан майып болду...

Согуш мезгилиндеги ызгаардуу кыштарды, улуу карларды унуталбайм. Азыр андай карлар биздин айылга түшпөйт. Кардын улуулугунан сыртка чыкпай калчубуз, адамдар бир-бири менен катташа албай, там-таштар күрөлбөй калчу. Кекиликтер жем издеп, короолорго жутунуп кирип келчү. Карышкырлар түнү кыр-кырлардан улушуп, эркин аралап жүрүшчү.

Ойлоп көрсөм, азыр деле ошондой улуу карлар түшөт экен, бирок айыл толо алдуу-күчтүү эркектер турганда улуу кар коркунучсуз экен. Алар ар кандай улуу карды күрөшүп опоңой чыйыр салышат экен. Эркектерден карышкырлар да ыйбоо тартышып, айылга жолой алышпайт экен. Көрсө карышкырлар согуш учурунда күч алышат экен, алсыз кары

чалдарга, жаш балдарга, аялдарга кыр көрсөтүшүп, адам-
дардан өч алышат окшойт. Сыягы, карышкырлар согуш бо-
лорун, согушта эр азамат жигиттер бүт кырылсын, ошондо
биз кожоюн болобуз деп тилешет окшойт...

Акемдердин үчөө тең согушта. Кээде баарынан эсен-
сообуз деген үч бурчтуу конвертте кат келип, үйгө батпай
сүйүнүп калабыз. Мен ал каттарды (1944-жылы экинчи
класста окуп калгам) эжелеп окуп берем, апам ал каттардын
ар бирин көкүрөгүнө кысып, эч кимге карматпайт, эң кым-
бат буюмдай сандыгына салып кулпулап коёт. Бул күндөрү
апамдын марттыгы тутуп, сактап жүргөн карындагы майын
ачып, атам экөөбүзгө каттама жасап берет.

Согуш мезгилиндеги каттаманын таттуулугун ай. Азыр
да ошол каттамалардын даамы оозумда, майга бышкан
жыты мурдумда тургансыйт.

Кээде көпкө чейин акемдерден кабар жок, кат жок. Бул
күндөрү биздин үй мүрзөдой. Атамдын да апамдын да эсте-
ри чыгып, эки колу жакасында.

— Абышка, балдардын өмүрүн намазында кудайымдан
жакшылап тилесең? — деп атамдын кулагын койбойт.

Атам карылыгы жеткен, беш убак намазын үзбөй оку-
ган сопу киши эле.

— Байбиче, күндө эле тилеп жатпаймынбы? Сабыр кыл,
кат келип калар — деп, намазы кабыл болбой жаткандай
айыптуудай жооп берет.

Атамдын намазына мурда анчалык көңүл бурчу эмес-
мин, көңүл бурсам да ичимден күлүп тим болчумун. Согуш
учурунда атамдын намазында жаңы кырааттар, жаңы бел-
гилер пайда болду. Атам бул дүйнөнү унутуп, бүткүл дили
менен намазына берилчү. Мага түшүнүксүз сөздөрүн бир
уккулуктуу кылып өзүнчө көпкө окуй берер эле. Анан на-
мазынын аягында чөк түшүп тизелеп отуруп, эки колун бет
маңдайына жайып, күтүлбөгөн жерден кыргызча сүйлөп:
«О, кудурети күчтүү алла! Сенин буйругуңсуз он сегиз миң
ааламда бей ажал чымын кырылбайт. Менин балдарым-
дын өмүрүн сакта, эсен-аман бизге кайтарып бер. Аскерде
жүргөн биздин айылдын балдарынын өмүрүн сакта. Алар-
дын да ата-энелери өзүңдөн тилеп эки колу жакасында. Биз
өндүү пенделериңе ырайым кылып, жер жүзүн канга боё-
гон залим Гитлердин жазасын бер, Азирети Алинин шам-
шар кылычы менен кыя чап каапырды» — деп, дагы көп

сөздөрдү күбүрөп, көзүн жумуп тесписин шашпай тартып
олтура берер эле.

Атамды арт жагынан караган адам үргүлөп уктап жатат
деп ойлошу мүмкүн эле. Жок, атам кайдан уктасын, атам-
дын намазы дайыма ыйлоо менен бүтүп, сакалына ысык көз
жаштары тама берер эле.

Атамдын мындай кескин өзгөрүп, намазында башкача
болуп кеткенине күлүп жүрүп, кийинчерээк өзүм ага бе-
рилип дайыма ышкымды коюп укчу болдум. Антпесем,
атамдын намазынын аяк жагында бүткүл денесин аралап
сезимине кайнаган көкүрөктөн атырылып чыккан улуу ти-
лек, улуу үмүткө ширетилген илеби күчтүү сөздөр — улуу
ыкылас бар эле.

Атам намазынын аягындагы көкүрөк сөздөрүн дайы-
ма өзгөртүп, улам жаңы сөздөр, жаңы кырааттар киргизип
окуур эле.

Мында улуу ыкластуу сөздөр адамдын турмушундагы
эң оор, эң жооптуу мезгилде көкүрөктөн чагылгандай жарк
этип жаралып, адамдардын сезимдерине жарык нур кир-
гизсе керек. Дал ушундай учурда акындарга шык жаралып,
түбөлүккө эсте каларлык сонун ырлар жаралса керек.

Мен түндөсү атамдын намазынын аяк жагындагы улуу
ыкылас менен окуган сөздөрүн өзгөчө берилип тыңшап,
уйкум качып, ойдолоктоп жата берчүмүн. Атамдын ыклас
сөздөрү мага ырдай угулчу. Мүмкүн, келечекте адабиятка
кызыгып, ушул эң машакаттуу кесипти тандап алышыма
атамдын ыкылас сөздөрү түрткү берип, көңүлүмдө сезим ой-
готкондур...

Акемдерден кат кабар жок үйдө сабырыбыз суз, үңкүйүп
отурганда, кээде Орунбай аке салам айтып кирип келчү.

Аны биздин айылдагылар Орунбай большевик дешчү.

Анда эмне үчүн бул четин жыгачтай арык кишиге мын-
дай ат койгонун билчү эмесмин. Көрсө Орунбай аке бар-
мактайдан жетим өсүптүр. Атамдын бир тууган жээни боло
турган. Алты айлыгында энесинин курсагынан түшүп, эне-
си өлүптүр. Адам болбойт ко деп керегеге калпакка салып
иҙип койсо, чырылдап ыйлаган экең. «О, жараткандын ами-
ри! Ушу Орунбай адам болуп, эми бизди башкарып жүрөт»
— деп, атам дайыма жакасын кармап калчу.

Орунбай большевик колхоз уюштуруу кезинде эң мыкты
атка минерлерден болуп, далай байларды кулакка тартып-
тыр. 1937-жылы СССР Жогорку Советине шайлоо болгон-

до биздин районго депутаттыкка кандидат болуп, атактуу учкуч Константин Ефимович Федоров экөө көрсөтүлүптүр. Жолдош Федоров шайлоочуларга жолукканы келгенде Орунбай большевик сөз алып, сүйлөп «Жолдош Федоров! Мен как башымды ташка урган кедейлерденмин. Элдин бары жийиркенип, чочко бакпай койду эле мына ушул колум менен отуз чочко бактым. Алардын баары семиз!», деп трибунада ыйлап жиберген деп азыр да көргөн кишилер кеп кылып калышат.

Жалган-чын экенин билбейм, мүмкүн анча-мынча апыртып да жатышкандыр, бирок, ыраматылык (Орунбай большевик 60-жылдын баш жагында каза болду) элден суурулуп чыккан жалын жүрөк, эч нерседен, эч кимден тартынбаган өрт киши эле. Ал эми өз колу менен колхоздун чочколорун бакканы чын экен.

Ошол Орунбай большевик согуш учурунда биздин айылда бригадир болчу. Ыраматылык такыр жаны тынч албаган, элдин камын ойлогон киши эле. Күн сайын ар бир үйгө кирип, ал-абалын сурап, чал-кемпирлердин көңүлүн көтөрүп, отун-суусуна каралашып турчу. Айылга кара кагаз келген сайын, өзү башында туруп угузуп, колуна таяк кармап «Эсил кайран боорумдан айрылдым!» деп керели кечке ыйлап турар эле.

Кыш жакындап, үшүгөндөн сандалда отурганбыз.

Атамдын, апамдын да сабыры суз, согушта жүргөн балдарын эстешип, капа отурушкан эле.

Орунбай аке салам айтып кирди да ал-абалды айттырбай түшүнүп:

— Эмне үңкүйүп отурасыңар! Бүт эл сүйүнүп жатса, а булардын кебетесин карасаң,— деди сокуга көчүгүн коюп.

Эмне жакшы кабарың бар дегендей биз карап калдык. Ал биздин ойду түшүнгөндөй:

— Жакшы кабар бар. Жолдош Сталиндин сөзүн силерге угузайын деп келдим. Жолдош Сталин (Орунбай аксакал менен бирге жүргөндөй жолдош деп сүйлөйт деп эл артынан күлүп калар эле) Германдын бели сынды, эми биз сөзсүз жеңебиз деп сүйлөптүр. А силер үңүрөйөсүңөр? — деп атама жалт карап. — Анан сизден сүйүнчү алайын деп келдим,— деп сөздү башкага бурду.

— Сүйүнчү сенден айлансын жээн, алагой,— деп апам ого бетер коркуп кетти.

— Түндө түш көрсөм,— деп сөзүн улантты Орунбай аке. — Силердин үйүңөрдө чоң той экен. Үч уулуңуз тең эсенаман келиптир. Балдарыңыз мандайыңызда жаркырап отурат.

— Оозуңа май, айланайын! Айтканың келсин! — деп анан баягы карындагы майын ала баштады.

Угушума Караганда Орунбай аке бирюках келбеген үйгө кирип, согушта кан кечип жүргөн уулдары жөнүндө түш көргөнүн, түшүндө тигил же бул аскер ак боз ат минип, же болбосо улуу дайраны кечип, акпай аркы жээкке өтүп кеткенин айтат экен. Анын бул жакшы тилек менен айткан түштөрүнө айылдагылар көнүп калышты.

Ким болсо да мындай учурда жакшы сөз уккусу келет эмеспи!

Орунбай аке апам чай пиялага койгон сары майдан оозуна салып, тасписин үзбөй тартып отурган атама кайрылды.

— Таяке, сизге акылдашайын деп келдим. Биздин айылга алты түтүн башка элден мейман келет экен. Бүгүн чоңдор айтты. Аларга үй, отун камдагыла,— деди.

— Ашык үйүм, отунум болсо, ала кой,— деди атам калыбын бузбай.

— Жок, сиз түшүнбөй жатасыз. Мынабу Ак теректи отунга кыйратмак болдук.

Атамдын тасписи колунан ыргып кетти.

— Жээним, Ак терекке балта чабам дегендерден эч кими калган жок. Бул жаныбарга кызыр бубам мазар салган. Мен бала кезде ал мына ушундай эле. Атам ыраматылыктын бала кезинде Ак терек ушундай экен. Ак терекке быйыл туура 240 жыл толот. Мындай терекке кантип кол саласыңар?

— Керек болсо терек жыгылат дейт го.

— Жок, жок, мен макул эмесмин. Ак терек элдин көркү, мындай терек Фергана өрөөнүндө жок. Кайда барсаң, Ак тектен болом десем, орусу да, өзбеги да, ногою да айттырбай түшүнөт. А сен кантип, Ак терекке кол саласың а?

Орунбай аке кызууланып кетти.

— Мен кыйратам деп жатыптырмынбы? Эмне кыл дейсиз. Мейман элдер суукка тоңуп өлсүнбү?

Атам унчукпан жок.

Орунбай аке да көпкө отурбай чыгып кетти.

Чынында эле Ак терек биздин айылдын көркү да, сүрү

да болчу. Биз балдар дайыма анын түбүнө барып ойночубуз, жыйырма-отуз баланын кучактары Ак терекке жетчү эмес. Эл түлөө, курмандык кылганда дайыма ушул Ак теректин түбүнө малын алып келип сойчу экен.

Эки үч күндөн кийин Ак терекке балта чабылды. Ошол кездеги үч колхоздун эркектери чогулду. Эч ким биринчи болуп балта чабууга батынышпай турушту. Ошондо Орунбай аке элден суурулуп чыгып:

— Мага бер балтаны, Ак терек эмес, бай-манаптарга балта чапкамын! — дегенде эл чурулдап жиберди.

Орунбай аке күпайкесинин жеңин чечип, жүгүрүп барып Ак терекке балта чапты. Андан кийин карап тургандар чабуулга өтүштү. Ак теректи жүздөгөн адамдар биригишип, үч күндөн кийин кыйратышты. Үч күн бою Ак терекке балта чабылып, үч күн бою Ак терек туш тарабынан араланып жатты. Үч күндөн кийин Ак терек оң жагына кычыр-кычырап ооп, анан тоо кулагандай жерди солкулдатты. Ак теректен алыс турган үйлөр жер титирегендей солкулдашты. Анын узундугу ченемдер менен көрсө, 219 метр, туурасы 12 метр экен.

Мумкун керек болсо терек жыгылар, шаарлар талкан болор, тоолор кулар. Бирок, ошол учурда Ак теректи сактап, отунга башка айла табууга болор эле. Азыр ойлоп көрсөм, Ак терек жалаң эле биздин айылдын эмес, жалпы Ноокаттын көркү экен. Өлкөбүздүн, Кыргызстандын көп жерлеринде болдум. Бирок, ушул убакка чейин Ак теректей алпты көрө элекмин. Ак терек табийгаттын сейрек жараткан эркеси, же болбосо теректердин серкеси болсо керек.

Темиркул Үметалиевдин жалпыга белгилүү «Араванда» деген сегиз саптан турган ажайып лирикалык ыры бар. Мүмкүн анын бул ыры аркылуу биздин Ата журттун кебелбестигин, бекемдигин көрсөткөндүр мүмкүн, ушул ырды жазарына биздин айылдагы Ак терек себепбкер, түртку болгондур. Анткени, акын жаш кезинде Ноокатта комсомолдук кызматта иштеген, сөзсүз ал Ак терекке суктанып, алптыгына таң калгандыр.

Дайыма айлыма келгенимде Ак теректин ордун издеп барам. Бирок, анын орду да жок. Азыркы бактарга, дал мына бу үйлөр турган жерде, кыл учуна көз жетпеген Ак терек бар болчу, биз дагы бул жерге келип, «Ак терек», «Көк терек» деп ойногонбуз десем эч кимиси унчукпайт. Алардын эч кимисинин Ак теректен кабары жок.

Мен Ак теректин болжолдуу ордунда, чылымды бирининин артынан бирин тартып, кыялданып отура берем, кээде күндүн эбак батып, караңгы кирип калганын да сезбей калам.

Ак терек катардагы терек болбосо керек, ал атам айткандай сыйкырдуу терек болсо керек дейм. Учурунда миңдеген чырпыктарды адамдар дарак болсун деп сайышат. Алардын баары эле дарак боло бербейт, кээ бирөөлөрү ошол жылы куурап калат, анан адамдардын керегине жарап, арага кетет. Ал эми Ак теректей феномен, теректердин падышасы, сейрек болот. Ак терек эки жүз жылдык өмүрүндө эмне деген бороондорду, чапкындарды баштан өткөрбөдү. Мүмкүн, анын жанында миңдеген теректер болгондур. Алардын баары куурап, кыйылып, ал ушунчалык жылдарга жашоосун уланткан.

Эч ким жок, караңгылыкта, кыялданып отурам да күтүлбөгөн жерден мына ушундай салыштыруу оюма келет. «Согуштан кийинки биздин адабий турмушта алысты ойлобогон кээ бир сынчылар кылымдар бою баскынчы душмандар менен кылычташып, ушул Ата журтубуз Ала- Тоону сактаймын деп, ошол улуу майданда жараткан улуу эпосубуз «Манаска» Ак теректей кылып балта чабышкан жокпу? Аз жерден Ак теректей кылып «Манасты» кыйратып коюшкан жокпу? Азыр дале кээ бирөөлөр албетте, Ак теректей эмес, бирок адабиятта ага эгер жакшы шарт түзүлсө, мезгили менен бай терек болчу жаш жазуучуларга балта чаап жүрүшкөн жокпу? «Чырпыктан чынар өсөт» — кылымдар бою элдин бул учкул лакабы бекеринен сакталып жүрбөсө керек. Кээде биз адабиятка көрк болор мырза теректи өстүрүүнүн ордуна, адабий токоюбуздун көркүн бузган бака теректерге өтө көп көңүл буруп, жайы-кышы аларды сугарып жүргөнүбүз жокпу?

Канчалык этият мамиле кылба, канчалык сугарба, бака терек мырза терек болбойт.

* * *

Эмне жөнүндө кеп болбосун, бардык ойлор айылым менен байланышат, ошол жакты карай сызат.

Дүйнөдө окуй турган китептер көп. Бирин окусаң ону, жүзү, миңи турат. Онун окуйсуң, жүзүн окуйсуң, дагы окуйсуң, баары бир убакыт, убакыт эмес, өмур жетпейт. Өмүр кыска. Эгерде менин мүмкүнчүлүгүм болсо, бардык

иштерди таштап коюп, сонун китептерди окуп, алардын кызыгына батып отура берер элем. Бекеринен Карл Маркс «Сүйүктүү ишиңиз кайсы?» деп кызы сураганда: «Китептерге кызыгуу» деп жооп бербесе керек. Китептерди окуп анын кызыгына батуу, жаңы китептерди издеп табуу, сатып алуу — бул өзүнчө жаткан кумар эмеспи.

Окуучулук кезде, студент кезде, аспирант кезде убакыты бекер кетирбей, тишти соруп, көп эле китептерди окугансыдым. Бирок башкаларга салыштыра келгенимде азыр да өзүмө ичим күйөт. Мисалы, Маршак жети жашына чейин Пушкиндин бардык чыгармаларын окугандыгын билгенимде менин өлбөгөн төрт шыйрагым калды. Ал эми, Пушкиндей башка дүйнөдө эмне деген алп жазуучулар бар. Китеп ордуна үйүнө сонун килемдерди жыйнаган окумуштуулар да бар. Бирок бул шылтоолор мени актабайт да. Ушулардый кейип-кепчип ойлогонумда, дагы болсо да айылым-айылым, дагы балалыгым эске түшөт да, өзүмдү өзүм сооротуп жеңилдене түшөм.

...Ак терек жыгылгандан кийин Орунбай аке атамдан коркуп, көпкө чейин биздин үйгө келбей калды. Атам ансыз эле отурган-турган жеринде жээнин тилдеп, акмак болбосо, биринчи балта чабабы? Орунбай ким, Ак терек? Кызыталак, көзүмө бир корүнсүн кызыталак, төпөштөп коёюн деп ызырынып жүргөнүн ал сыртынан жакшы билчү. Кантсе да, Орунбай аке бир тууган таекесинен ыйба кылчу.

Кыштын ызгаардуу узун түндөрү ата-энелердин эркеги мен болуп калдым. Чынында эркеги эмес, бул үйдүн колго илинерлик туткасы да өзүм элем. Күндүзү мектепке чуркап барып окуп келем. Жаныбыздагы шахта тарапка барып, ар жерден аңдып жүрүп, кырдан кулаган көмүрлөрдү ала качып, көк желкеме көтөрүп, кыштын күнү муз баскан дарыяны бут кийимчен кечип өтөм. Жаактарым бир-бирине тийбей шакылдап, үйгө жетем да сандалга кирип жаным калат. Сыягы, кыйынчылык жанды чыйратат белем, мүнөздү кайраттуу кылат белем! Мен ошол кезде сегиз-тогузда элем. Суук да тийчи эмес, азыр кичине эле терезеден баш чыгарсам сасык тумоо жаныбар аңдып турат.

Кечки тамак ичилип, атам куптанын окуп бүткөндөн кийин үлпүлдөп күйгөн чыракты сандалдын үстүнө койдуруп:

— Балам, эми башта! — дейт.

Мен ушуну эле күтүп тургандай ыргып туруп текчеге жөнөйм. Биздин үйдө колдон колго өтүп жүрүп, тыштары жыртылган, ортосундагы кээ бир барактары айрылган «Токтогулдун ырлары», «Эр Табылды» жана «Курманбек» эпостору бар эле. Биздин кычыраган узун түндөрүндөгү эр-мегибиз ошол китептер эле. Бул китептердин бардыгы латын алфавитинде болсо да мен тез эле аны өздөштүрүп шар окуп кеттим.

Атам ушулардын ичинен Токтогулдун насыят жана үгүт ырларын көп тыңшар эле. Атамдын Токтогулду өзгөчө ыза-аттоосунун өзүнчө себеби бар экен. Жыйырманчы жылдары Токтогул биздин айылдан Сибирге сүргүнгө кошо барышкан Кадыркул, Исраил деген кишилерге мейманга келгенде, атам отуруштарда бирге болуп, ырдаганын, комуз чертканын укkан экен.

— Током пайгамбардай киши болчу. Отурган жеринде бейжай сөз сүйлөгөндү жактырбайт экен. Баштан өткөргөн азаптарын, көргөндөрүн айтып отурса, денең өлүп, чач тик турат — деп, аппак сакалын сылап, анан апамды жалт карап (ыраматылыктын ошондой адаты бар эле): — Байбиче бул колду Током өзү кармаган — деп, апама азил айтып мактанып калар эле көп учурда.

Кат тааныбаган кишилер китепке өтө ыйык мамиле кылат. Барагында жазуусу бар ар кандай китепти тумардай кылып ыйык сактайт, ак кагазды ыплас жерге коюшпайт.

— Нан менен ак кагаз ыйык болот балам, экөөң тең көздөй этият карма,— деп атам мага дарылдап эскерте берчү.

Эсимде, согуш алдында бир жолу атам базардан сөгүнүп ачуулуу келди. Эшектен түшүп, куржунунан бир китепти сууруп чыкты да, мага сунуп:

— Мынабу китепти жаныңдай сакта. Бул Токомдун китеби,— деди. Мен аның ким дегендей аңкайып карап калдым. — Токтогул кыргыздын ак тандай акыны. Кызыталак, наспайчы нысапсыз Токомдун китебин кор кылып наспай ороп берип отурат. Элдин көзүнчө тилдеп, колунан жулуп алдым! — деп күйүп-бышып сүйлөнгөн.

Ошондон бери Токтогулдун ырлары биздин үйдө урматсый менен сакталып жүрөт.

Атам да, апам да Токтогулдун бул китептеги ырларын бир нече жыл угушкан. Күн сайын кайрадан болбой, тыңшай беришет. Күн сайын окуудан мен жадабайм, улам

окугум келе берет. Токтогулдун туткун ырларын окуганымда дайыма атам да, апам да жашып отурушат. Өзүм да аларга билгизбей коз жашымды китепке калкалап аарчып алам, улам берилип окуй берем.

Кээ бир күнү «Эр Табылдыны» окуп берем. Айрыкча Эр Табылды Чал калмактан жарадар болуп, үңкүрдө арызмунун айтып жаткан жерине келгенимде, апам үнүн чыгарып ыйлай баштайт.

— Менин балдарым да ушинтип жүрүшөт бекен?

— Жинди го, бул. Сенин балдарың кызыл аскер. Командирлери бар. Жалгыз бекен? — Атам ичинде өзү жаны кейип турса да, сыртынан компоюп билдиргиси келбейт.

Бир күнү атам дагы китеп окучу дегенде, «Эне тил» китебимен бир ырды окуп бердим. Атам астейдил укту да:

— Дагы окучу, — деди.

Кайра окудум. Ал төмөнкү ыр эле:

Кышкы кеч
Мунарыктап борошо уруп,
Кар тозоңун уйпалайт.
Бирде жырткыч айбанча улуп,
Жаш балача бирде ыйлайт.
Бирде тамдын үстүн жапкан,
Саманды эски чачкылайт.
Жолоочудай түнгө калган,
Бирде эшикти каккылайт.
Же биздин үй болсочу тың,
Эски, нары көңүлсүз.
Эмне, энёке, туруп калдың,
Терезеде болуп суз,
Же бороондун улуганы
Эзип, көңүл талабы?
Же ийиктин чуркаганы,
Уктаткансып барабы?
Өткөн байкуш бала чакты,
Сен өстүрдүң энеке.
Айдап желге кусалыкты,
Ичели, чыныңканеке?
Ырдап берчи, обон сала
Кучкач уя салганын
Бакан алып жаш кыз бала,
Сууга эртелеп барганын.

Мунарыктап борошо уруп,
Кар тозоңун уйпалайт,
Бирде жырткыч айбанча улуп,
Жаш балача бирде ыйлайт.
Өткөн байкуш бала чакты,
Сен өстүрдүң, энеке,
Айдан-жылга кусалыкты
Ичели, чыныңканеке?

— Жакшы ыр экен, ким жазыптыр? — деди атам тунжураган тынчтыкты бузуп:

— Пушкин,— дедим ырдын үстүндөгү кара тамгаларды окуп.

— Аның кыргызбы? — деди атам ого бетер кызыгып.

— Билбейм, мына бул сакалчан киши экен — деп, китептеги сүрөтүн атама көрсөтүп.

Атам Пушкиндин сүрөтүн улам-улам карап:

— Ким болсо да, Токтогулдай уккулуктуу жазыптыр, — деди да, мунуңдун башка ыры бар бекен?

Мен билбейм дегендей баш чайкадым.

Атамдын ушул сөздөрү дайыма эсиме түшө берет.

Эс тартып, жетилип, жигит болуп Пушкиндин өлбөс-өчпөс ырларын, поэмаларын, алтындай нык прозасын, акылга бай оюн-күлкүгө толо даанышман каттарын улам суктанып, улам кайталап окуп кумарланган учурлар болду. Көрсө, кандуу согуш менен ызгаардуу кыштын узун түнүндө баарыбызды таң калтырган Пушкиндин «Кышкы кечин» атактуу жазуучубуз Узакбай Абдукаимов улуу поэтикалык күчү, эргүү менен өз эне тилине которгон экен. Ошондо эч кимибиз бул ыр котормо экен, котормо деген эмне экенин билгенибиз да жок. Ал бизге эне тилде жаралган кыргыздын бир чоң акынынын ырындай кулакка шыбыр, жүрөккө жагымдуу угулду.

Бул эскерме менин балалыгымдын бешиги болгон айылым жөнүндөгү унутулгус бир этюд сыяктанат ойлоп көрсөм.

1962-1979-жылдар,

МАЗМУНУ

АРМАНДУУ БИЗДИН БАЛАЛЫК.....3
ТҮШТҮК КЫЗЫ.....116
АЛЖИР ЖЕРИНДЕ.....240
МЕНИН АЙЫЛЫМ.....300

Адабий-көркөм басылма

КАМБАРАЛЫ БОБУЛОВ

ТАНДАЛГАН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН
ҮЧ ТОМДУК ЖЫЙНАГЫ

Экинчи том

Повесттер. жол очерки, эссе

Редактору *Садык Алахан*
Сүрөт редактору *Аширбек Досмамбетов*
Тех. редактору *Самат Тиллебаев*
Корректору *Кундуз Дербишалиева*
Компьютердик калыпка салган *Мукай Кадыров*

Литературно-художественное издание

КАМБАРАЛЫ БОБУЛОВ

ИЗБРАННОЕ ПРОЗВЕДЕНИЯ В ТРЁХ ТОМАХ

Второй том

Повести, путевой очерк, эссе

Редактор *Садык Алахан*
Худ. редактор *Аширбек Досмамбетов*
Тех. редактор *Самат Тиллибаев*
Корректор *Кундуз Дербишалиева*
Компьютердик калыпка салган *Мукай Кадыров*



Чебер жазуучу, мыкты акын, чынчыл публицист, атактуу адабиятчы жана белгилүү коомдук ишмер Камбаралы Бобулов 1936-жылы 15-май күнү Ош облусунун Ноокат районундагы Өсөр кыштагында туулган. 1952-жылы орто мектепти бүткөндөн кийин Кыргыз Мамлекеттик университетинин (азыркы Улуттук университеттин) филология факультетинин кыргыз бөлүмүнө келип кирип, 1957-жылы окуну бүткөн соң 1957-1962- жылдары «Ала-Тоо» журналында алгач адабий кызматкер, андан соң искусство жана адабий сын бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт.

1962-жылы К.Бобулов КПСС Борбордук Комитетинин алдындагы Коомдук илимдер Академиясынын адабият Жана искусство-таануу теориясы кафедрасына аспирант болуп кирет. 1963-жылы «Правданын» Кыргызстан боюнча өз кабарчысы болуп иштей баштайт да, 1965-жылы КПСС БКнын Коомдук илимдер Академиясынын аспирантурасынанадан окуусун улантат. Бир жылдан кийин «Кыргыз прозасындагы традиция жана новатордук проблемалары» деген темада диссертациясын ийгиликтүү коргойт.

1966-жылдан 1976-жылга чейин «Кыргызстан пионери» газетасынын редактору, 1976-1986-жылдары Автордук укуктун Бүткүлсоюздук агенттигинин (ВААП) республикалык бөлүмүнүн начальниги болуп иштейт.Адабий сынчылардын эл аралык ассоциациясынын (МАЛК) Кыргызстандан шайланган жападан жалгыз өкүлү болот. 1986-90- жылдары Кыргыз Улуттук илимдер Академиясында жетектөөчү илимий кызматкер болуп эмгектенет да, 1990-жылы Кыр-Кол шайлоо округунан «Легендарлуу парламентке» депутат болуп шайланат. Кийин өмүрүнүн соңуна (2003-жылга) чейин «Кыргыз тили» коомунун төрагасы болуп иштеди.

Камбаралы Бобуловдун аңгемелери, адабий сын макалалары өткөн кылымдын 50-жылдарынын орто ченинен тартып жарыялана баштап, илимпоз калемгердин жарым кылымдык чыгармачылык жана илимий өмүрүндө кыргыз жана орус тилдеринде жыйырмага жакын китептери Бишкектен жана Москвадан басылып чыкты. Айрым чыгармалары, илимий эмгектери чет тилдерине да которулган.